# СЕМЕТЕЙ

*Жусуп Мамайдын айтуусунда*

www.bizdin.kg

# АБЫКЕ МЕНЕН КӨБӨШТҮН МАНАСТЫН АЙЫЛЫН ЧАБЫШЫ. КАНЫКЕЙДИН СЕМЕТЕЙДИ АЛЫП КАЧЫШЫ

Көбү төгүн көбү чын,
Көрүп келген мен эмес,
Күрпүлдөтүп айтабыз,
Көп теңтуштун көөнү үчүн.
Жарымы төгүн жарымы чын,
Жарандардын көөнү үчүн.
Жанында турган киши жок.
Жалганы менен иши жок.
Айтайын бир аз канкордон,
Айтканым жалган болбосо,
Арбактары колдосо.
Хан Жакыптан эр Манас,
Жатуучу белең чалкалап.
Бек ачуусу келгенде,
Бейжинди бузган талкалап.
Кармашалбай душманы,
Кара жанын калкалап.
Бейжинди барып багынтып,
Сурап турган кезинде,
Кытайлардын Коңурбай,
Кеги бардыр ичинде.
Белин бекем байлады,
Камы жок турган беренди,
Айбалта менен жайлады.
Айбалта тийип шилиге,
Көзү оттой жайнады.
Кор болбогон баатырдын,
Шору минтип кайнады.
Кан Коңурдан өлгөнүн,
Кайран эр кордук көргөнүн,
Жарасы жаман зилдеди,
Не кылаарын билбеди.
Жайдары Манас ооруган,
Жаман өлүм тооруган.
Мына ошонун шаарында,
Манастын көзү барында,
Акылман тууган Каныкей,
Койоналы чунагың,
Жар салып көп элге,
Маминтип ашын бердирип,
Мамыга аркан кердирип,
Алдында күтүп камынып,
Ойу менен иш кылып,
Майдын баарын ысытып,
Кыштын баарын бышыртып,
Эркечтин майын эритип,
Аки, бору аралаш,

www.bizdin.kg

Таштын баарын эритип.
Сарайын чакан салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып.
Келген элдин баарысын,
Тамашага кандырып.
Жоругун элден арттырып,
Миң жамбы менен бүттү ээп.
Күмбөзүнө жаздырып,
Манастын баскан мөөрүн,
Окшош кылып ойдуруп.
Күмбөзүнө бастырып,
Кышында тоңсо агарып,
Жайында күйсө карарып.
Манаска кылган чыгымы,
Күмбөзүндө саналып.
Күмбөзүн жакшы бүтүрүп,
Каныкей жүрчү күтүнүп,
Ичине жайын каздырып,
Өлө элек Манас барында,
Ага катырган айкел жашырып,
“Сөөгүн ачып каапырлар,
Өрттөп таштап кетет деп,
Көргөзбөй тирүү адамга,
Кыйаматтык  дос болгон,
Кызыл арстан молдого,
Карыган Бакай абаңа,
Кайнардын кара суусуна,
Көр каздырды ушуга.
Сууну тетири бурдуруп,
Алдында сайды ойдуруп.
Ичин жакшы бекемдеп,
Темир менен кынатып.
Таш менен жакшы шыбатып,
Шамал кирчү бир тешик,
Эки күндүк ыраактан,
Темир менен кадатып,
Кызыл арстан Бакай хан,
Кандай кылган иши деп.
Карылар жүрдү санашып.
Кабыландын өлүгүн,
Катып суугa койот деп,
Калың журт түк бир ойлобойт.
Өлбөй Манас турганда,
Көмүлүп көрү калыптыр,
Алыстан келген нечен бар,
Манастын койгон көрлөрүн,
Көрүп кетсек экен деп.
Эли койуп жанганда,
Сууруп кетсек экен деп,
Күмбөздү жүрөт кайтарып,
Көөнү бузук адамдар,

www.bizdin.kg

Көрүн ачып караса,
Таш болуп Манас калыптыр.
Өлбөйт экен канкор деп,
Жандан тойгон анткор деп.
Өлүмүш болуп көмдүрүп,
Көңүлү бузук адамды,
Сынап жүргөн белем деп,
Калмактан келген канчоо бар,
Кытайдан жүргөн экөө бар.
Качып кетти мобулар,
Кайгылдар качып кетиптир.
Каалаган ойго жетиптир,
Каныкей эми нетитир.
Кадикте иши бүтүптүр,
Өткүр Манас баатырдын,
Өлөргө күнү жетиптир,
Асылым Манас өлгөнү,
Оозунан чыгып көк түтүн,
Бопоростой бур этип.
Калың журт калды чур этип,
Мамык жаздык башында,
Ыйман айтып жарылдап,
Беш арысы кашында:
“Асылым төрөм курдашым,
Акыретке кеттиң деп,
Акым жок сизде кечтим” - деп,
Каныкей турду кашында,
Ардактаган дейилда,
Ак тубардан көшөгө.
Жүзүнө тартып койдуруп,
Тогуз ондой бээ тандап,
Коногуна сойдуруп,
Канкорду сурап келген эл,
Кол жуудуруп кондуруп,
Бейшембинин күнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө,
Кандуу кетти кайран эл,
Ак исламдын дининде,
Ар ким өлөт ошондой,
Жети күндүн биринде.
Эртең менен болгондо,
Алты сан кара топ ногой,
Эл жыйылып толгондо,
Дооронго тоскон сур байлап,
Баарын бирдей кур байлап,
Кыргыздын наркы ушу деп,
Шарыйатта жок эле.
Күнөө болсо мейли деп,
Жаман атты кылат деп.
Дооранын жакшы кылдырып,
Бидийасын өткөрүп,

www.bizdin.kg

Ыскатын токтутуп,
Кыйаматтык дос болгон,
Кызыл арстан молдого,
Жаназасын окутуп.
Молдого кепин бычтырып,
Жуугандарга он бештен,
Бар кийимин жыш кылып,
Бакайга башын карматып,
Баары журтун жардатып.
Акылман тууган Каныкей,
Акылына көндүрүп.
Ак сарайга алпарып,
Көрсөтмө кылып көп элге,
Айкелин анын көмдүрүп,
Түн ичинде байагы,
Кызыл арстан молдого,
Карыган Бакай абаңа,
Караңгыда каздырган,
Кара суунун кудукка,
Катып аны көмдүрүп.
Үстүнөн сууну агызып,
Каныкей көөнү тынды эми.
Хандын кызы Каныкей,
Жалгыз жанга туйгузбай,
Жайынча кызмат кылды эми,
Кайрылбай кетти кайран эр,
Каныкейди үшкүртүп,
Ажы менен молдого,
Бейитке куран түшүртүп,
Бар кызматы бүткөн соң,
Дүрбөгөндү кайтарып.
Беш алты күн өткөн соң,
Абыке, Көбөш, Жакып хан,
Масилет кылып алышып,
Бир семизди сойушуп,
Арага элчи койушуп,
Бирибизге тийсин деп,
Киши салып айттырып.
Арбагы үчүн Манастын,
Назданганда тийбесе,
Зордук кылып алабыз.
Тийбеймин десе долуну,
Тескери чачын жулабыз.
Тезек терчү кылабыз.
Бөлүштүрүп мал-пулун,
Чаап алып тынабыз.
Дешип кепти бүтүрдү.
Арачысы бир киши,
Арага келип кеп айтты:
“Ой, Каныкей байбиче,
Кулак салчы деп айтты,

www.bizdin.kg

Ар кимдин эри өлүүчү,
Артында зайыбы калуучу,
Тиешелүү жесирин,
Тим эле нике кыйуучу.
Баштагы орду былк этпей,
Байбиче болуп калуучу.
Жоготосуң кобуңду,
Кимисине тиесиң.
Ачык айтчы жообуңду,
Баштагыдай Каныкей,
Биле албайсың тобуңду,
Кууп салат үйүңдөн,
Сен табасың жолуңду.
Арачы киши муну айтты,
Анда туруп Каныкей,
Арачыга кеп айтты.
- Арачы киши кайтып бар,
Менин кебим кулдарга,
Төкпөй чачпай айтып бар,
Эки арамдын энеси,
Кайинимдин жеринен,
Жумшап келген күң эле.
Каалабаймын, тийбеймин,
Капа болуп, жүрбөймүн,
Бул кулдарга болбоймун,
Мурутуна сийбеймин.
Өлбөсөм күндү көрөрмүн,
Өлтүрүп койсо өлөрмүн,
Күн тийген жерге жөнөөрмүн”
Арачы киши кайтканы,
Акылман тууган Каныкей,
Алда кандай болот деп,
Артын ойлоп шашканы,
Аракет кылды Каныкей,
Семетейди катканы,.
Ошол кезде Семетей,
Үч жашка чыккан бала эле.
Башынан ойлоп иш кылган,
Каныкей даана жан эле.
Жумуш кылчу казанчы,
Сарытаз деген бар эле.
Бакмага берген ошого,
Семетейди ага эле.
Семетейди асырап,
Сарытаз багып жүрүүчү,
Бакайдан башка жок эле,
Мунун жайын билүүчү.
Аттанып канкор кеткенде,
Чоң  Бейжинди бет алып,
Ыйлап жаткан баланы,
Сатып алган Каныкей,

www.bizdin.kg

Алтын, күмүш зарга алып,
Эркелетип колуна,
Көтөрүп жүрчү карманып,
Манастын уулу ушу деп,
Баары журт жүрчү таңданып,
Күйпүлүрөөк бала эле,
Өсө албаган жан эле,
Балтыр бешик баладай,
Ал-абалы бар эле,
Дагы жакшы кийгизип,
Толуктады аны эле.
Арачы киши кайтканы,
Абыке, Көбөш, Жакыпка,
Каныкей сөзүн айтканы:
“Жеңеге бардым жеме уктум,
Теги жаман кеп уктум,
Өзү жесир тул деди,
Экөөңөрдү кул деди.
Абыке, Көбөш экөөңдү,
Теги эле жаман тилдеди.
Көргөнүм каран түн деди,
Энеңерди Чыйырды,
Жумшап келген “күң” деди,
Абыке, Көбөш эки арам,
Тийишпесин тим деди,
Каалабаймын, тийбейм дейт,
Капа болуп жүрбөйм дейт,
Бул кулдарга болбойм дейт,
Мурутуна сийбейм дейт.
Кабарчы киши мен болуп,
Каныкейге тутулдум,
Айткан кеби мына ушу,
Карызыңардан кутулдум”
Ушул кепти укканы,
Оолугуп Жакып жатпады:
“Эрки менен болобу,
Эртең менен долуну.
Токмоктоп иттей баккыла,
Токтобостон чапкыла”
Абыкеси арданып:
“Сени,- деп оозун карманып,
Долу күңгө кылбасам.
Айылын анын чаап алып,
Казанымды кармасын,
Ачкалыктан зарланып,
Кар болсун жесир Каныкей,
Карды үчүн зарланып,
Үйүмдөн жүрсүн кете албай,
Казан асып зарланып.
Көрбөгөнү көр болсун,
Ошентип жүрүп жан багып”.

www.bizdin.kg

Абыке сөзү бүттү эми,
Көбөш баатыр күүлөнүп,
Көрсөтөм деп сүйлөнүп,
Абыке, Көбөш, Жакып хан,
Ачууланып токтошуп,
Калмакка казат кылчудай,
Мылтыктарын октошуп,
Кылса болот буга деп,
Убада сөзүн токтотуп.
Эч биринде уйку жок,
Үшкүрүшүп муңайып,
Ачуусу менен токтолуп,
Түн ичинде бараргa,
Алыста жоосу жок болуп,
Таң саргарып атты эми,
Тараза жылдыз батты эми,
Баарысы тегиз чогулуп,
Манастын айылын басты эми.
Чыйырды менен Каныкей,
Чын эле жаман шашты эми,
Жер астына ор казып,
Семетейди катчудай,
Кылаарын билип мурунтан,
Айлына жакын келтирбей,
Семетейди Каныкей,
Сарытазга тургузган.
Шексиз кылып койууга,
Кылаарын билип кулдардын,
Семетейди катуу үчүн,
Ор казган болуп тургаңы,
Каныкейдин даанасы.
Эркелетип колуна,
Эрмек кылып сүйгөнү,
Сатып алган баласы,
Семетей башка катылып,
Жесирлер баскан санаасын.
Абыке, Көбөш, Жакып хан,
Өрүштөгү малды алып,
Катарлашкан нарды алып,
Казына күмүш зарды алып,
Катканын билбейт сандалып,
Көрүнө турган малды алып,
Чыйырды менен Каныкей,
Кан какшады зарланып.
Куруган эки катынды,
Өз айынан көчүрүп,
Үстүндөгү ордосун,
Үзүгүн сыйрып чечтирип,
Катарлаган туу-туусун,
Каршы терши бүктөтүп,
Карматып келген нарларга,

www.bizdin.kg

Казына зарын жүктөтүп,
Чыйырды менен Каныкей,
Чымырканып күч кетип,
Ал аңгыча болбоду,
Жакып хан келди жаркылдап,
Үнү катуу баркылдап.
“Айткан сөзгө көнбөйсүң,
Арың кеткен ит долу,
Абыкеме тийбейсиң,
Көңүлүңө сыйбайсың,
Көркүң менен ит долу,
Көбөшүмө тийбейсиң,
Долу сен, кар болоруң билбейсиң,
Кең дүйнөсүн тарытып,
Талкала,- деп долуну”
Жакып хан турду демитип,
Анда туруп Каныкей,
Атасына кеп айтты:
“Атаке баарыбызды тапкансың,
Бала кылып баккансың,
Өлгөн уулуң барында,
Өзүң бек болуп жаткансың,
Кары да болсо атаке,
Чын акылга толо элек.
Манас уулуң өлгөнү,
Толук он күн боло элек.
Манас өлдү сүйүндүң,
Кейибедиң балам деп,
Эки арамың ээрчитип,
Эми келдиң чабам деп,
Мал айдадың чарбакка,
Баарыңды койдум арбакка,
Бирөөң экөө болбой кал,
Бир конушка конбой кал,.
Биз өңдөнүп арман күн,
Асылым Манас өлбөй кал.
Теңдейт деген сөз кана,
Жетим, жесир убалын,
Акыретте көздөп ал.
Энтелеген курган чал,
Эки уулума тийбейт деп,
Айлымды келип камадың,
Хан уулуңдун мал-пулун,
Душмандан бетер таладың,
Абалтан арам иттерге,
Тиймек түгүл сийбеймиң,
Кыларың ишин мурунтан,
Илгертен бери билгенмин”.
Ал аңгыча болбоду,
Жакып хандын ичине,
Жыйылып шайтан толгону,

www.bizdin.kg

Минген атын дыркыратып,
Уландарга чакыртып,
“Муну көрчү Абыке,
Муңайып туруп каласың,
Медер кылып алыптыр,
Кечээ эле тууган баласын.
Тууганы үч жыл боло элек,
Үч жашка анык толо элек,
Телчип басып борбойуп,
Темтеңдеп басып кобо элек,
Чолпондой көзүн жайнатып,
Тунжур куштай талпынып,
Муну тирүү койуш анча эмес.
Кудай кылат ар ишти,
Курчанып белин баса элек,
Кундакта жатып бул жетим,
Кылганы турат бир ишти.
Нөөмөт бербей силерге,
Атасы жүрдү башында,
Өрүпкүгөн жетимди,
Өлтүргүлө жашында.
Бергенин кудай алчу эмес,
Берен болчу неме экен,
Бирди кылбай калчу эмес,
Бул өңдөнгөн чунакты,
Тирүү койуш анча эмес,
Каныкей долу катынга,
Бир кылбагын үч кылгын,
Тил албаган кайратын,
Өз башына күч кылгын”.
Карыйа Жакып кеп айтып,
Кайдасың Көбөш деп айтып,
Өлтүргүн деп баланы,
Катуу үнү чыгып жеме айтып.
Койчу деп мойнун бурган жок,
Токтоо кылып турган жок,
Бөрк ал десе баш кескен,
Бул экөөндөй урган жок,
Жайлагын деп баланы,
Жакыптын жаны тынган жок,
Жаман арам эки айбан,
Койчу деп сабыр кылган жок,
Көбөш менен Абыке,
Бир бастырып жанашып,
Өлтүрөм деп ээ кылбай,
Күң баласын талашып,
Каныкей менен Чыйырды,
Каргай берди жаны ачып.
Эки катын биригип,
Эмгектеген баланы,
Бооруна басып дүм түшүп,

www.bizdin.kg

Талашканын көргөндө,
Калың элге чуу түшүп,
Манастын уулун айайт деп,
Өз элине таарынып,
Жакып хандын көөнүнө,
Айабаган чуу түшүп,
Эрегишип киргенде,
Элин басып жоо түшүп,
Баланы сууруп алышып,
Баатырсынып калышып.
Колунан жулуп алышып,
Комбоосунуп калышып,
Жоо түшүргөн немедей,
Жакып ханга барышып.
Көкбөрү тартып баланы,
Эки арам кетти жарышып,
Жайлады Жакып баланы,
Эки уулуна үйрөтүп,
Күң баласын өлтүрдү,
Көкбөрү кылып сүйрөтүп,
Баланы шейит кылышып,
Баарынын жаны тынышып.
Өлүмдүн иши кор экен,
Жамандын иши чор экен.
Баш билги көзү өткөндө,
Артында калган кор экен.
Каныкей менен Чыйырды,
Кыбыла карап отуруп.
Жаш аралаш кызыл кан,
Көзүн жашка толтуруп.
Манасты ыйлап жоктошуп,
Эки жесир бечара,
Олтурушту окшошуп.
Энеси турду үн кошуп,
«Эсит ботом өлдүң деп.
Акырет кеттиң кулунум,
Айрылды кийген буулумум.
Азабын тарттым маминтип,
Асылым Манас уулумдун.
Талаан койду малыма,
Зар какшатпай энеңди,
Тарта жатчы жаныңа.
Ээ кылбады малыңа,
Эмгекти тирүү тарттырбай,
Энеңди алчы жаныңа!
Эрмек кылып сүйсүн деп,
Баламды койбой колума.
Адамдан капыр карыган чал,
Арманды салдың ойума!
Дүнүйөнү мол алып,
Душмандын көөнү басылды.

www.bizdin.kg

Күйгүздүң отко ботом!- деп».
Энеси ыйлап басылды.
Каныкей турду кан какшап,
Кайырма жака киш ичик.
Желбегей жеңин бош таштап:
«Кайран төрөм артынан,
Кайгырайын көз жаштап,
Артык тууган кан төрөм,
Азелде тагдыр ушу экен.
Муну кимден мен көрөм?
Адамдан капыр атаң бар,
Беш күн өтпөй таланып.
Бек арылбас капам бар,
Берениим төрөм арбагы.
Бечерага болсун жар,
Алалдык менен караны.
Акыры кудай теңшесин.
Аман болсом кесермин,
Үч айбандын эңсесин.
Өлтүрсө өлүп калармын,
Өлбөсөм күндү көрөрмүн.
Кудайга зарым угулса,
Курган чал өчүм алармын».
Каныкей менен Чыйырды,
Кан какшады зар ыйлап.
Карап турган калың журт,
Токтоо кылбай баары ыйлап.
Эки катын журтунда,
Калды эми жан кыйнап.
Уулунун малын жоодой чаап,
Укмушту Жакып баштады.
Улутуп эки зайыпты,
Өз журтуна таштады.
«Эрлигимди билет деп,
Ээси ооганда келет деп,
Кайратымды билер деп.
Карды ачканда келер деп».
Такыр талап малды алган,
«Үч берен» деген эр ошол,
Каныкейди журтуна,
Таштап кеткен жери ошол.
Байыркынын акмагы,
Баласын жоодой чапчу экен.
Бакай баатыр чеп болуп,
Темир тоодо жатчу экен.
Бакай хандын ичине,
Нечен акыл кирүүчү,
Нечен акыл чыгуучу.
Абыке, Көбөш Жакыптын,
Башта эле сырын билүүчү.
Кантти экен деп санады,

www.bizdin.kg

Кайран Бакай көзүнө,
Дүрбүнү алып салды эми.
Пар келтирип тушуна,
Манастын айылын карады.
Үй-үлкүмөт мал-пулдан,
Эч көрүнбөйт карааны.
Айдап кетсе калтырбай,
Караанды Бакай табабы.
Эр Бакайдын санаасы,
Алда канча бөлүнөт.
Эрбеңдеген журтунда,
Эки караан көрүнөт.
Кылган экен буга деп,
Кандуу жаш көздөн төгүлөт.
Кудай кылды кантем деп,
Курган Бакай наалыды.
Эки зайып экенин,
Эми Бакай тааныды.
«Көп кечикпей кетсин деп,
Самаган жерге жетсин деп.
Эки койду бышыртып,
Эки зайып жесин деп.
Эри менен дос элем,
Ант актайын билсин деп.
Эки чанач сүт алып,
Суусаган жерде ичсин деп.
Эки байтал күч алып,
Жөө баспай минип кетсин деп.
Субайдан берер чама жок,
Кандыгы тайган колунан,
Ал Бакайда амал жок.
Ээр токум тарттырып,
Эти-сүтүн Бакайың,
Байталдарга арттырып.
Эки байкуш катынга,
Ичи жаман ачынып.
Туура жолго жанашып,
Душмандарга көрүнбөй,
Бөксө менен желиптир.
«Минип алып жогол деп».
Байталды Бакай бериптир.
Каныкей менен Чыйырды,
Сүттөн жутуп алышып.
Ысыган жүрөк муздадып,
Сүткө суусун канышып.
Эр Манастын мүрзөгө,
Бакай болуп барышып.
Арбагы эбеп жөлөөр деп,
Куран окуп алышып.
Амандашып коштошуп,
Абдан ыйлап боздошуп.

www.bizdin.kg

Эки зайып бир эркек,
Баары кары окшошуп.
Каныкейдин сөзүнө,
Кулак салып токтошуп.
Күмбөзү бийик босого,
Адам барбай ошого.
Төр жагын карап отуруп,
Каныкей ыйлап ошондо.
«Алланын берген сыймыгы,
Асылым Манас өлгөнүң.
Эми айтып атам кыдыртып,
Эл чогултуп көмгөнүм,
Он күн өтпөй артында,
Эми кордук көргөнүм.
Амырына кудайдын,
Айлам барбы көнгөнүм,
Карыган атаң Жакып хан,
Хан төрөм сага кас кылган.
Жаман санаа ниетин,
Калың журтка паш кылган.
Кудай сенин атаңды,
Эрибес боорун таш кылган.
Асылым Манас өлгөнү,
Эл чогулуп көмгөнү.
Артында калган тууганы,
Жыйнап койгон мал-пулун,
Камчыга ченеп бөлгөнү.
Абыке, Көбөш иниңди,
Арамдыгы билинди.
Бел кылып мында мен турам,
Арка кылып кимиңди?
Карыган Бакай досуңдун,
Айласы жогу билинди!
Жердеген жериң кең Талас,
Жеке журтка баш болгон,
Сен элең баатыр эр Манас.
Турган жериң кең Талас,
Сурап журтка баш болгон,
Сен элең өткөн зор Манас.
Асылым кеттиң дүйнөдөн,
Азабың тарттым бүгүн мен.
Арбагың эбеп жөлөөрсүң,
Артыңда калган балаңды.
Алып кетсем эми мен,
Адырда жылкың ала баш,
Аргымак атың аралаш.
Абыке, Көбөш, Жакыптан,
Намысын каалап аларга,
Артыңда калган бала жаш.
Азабым айтам арызданып,
Жаныңа мени ала жат!

www.bizdin.kg

Тоодо жылкы ала баш,
Тобурчак атың аралаш.
Тобурчак кармап минерге,
Тобуңда калган бала баш.
Тозогум айтам арызданып,
Күйгүзбөй мени ала жат.
Сары кызыл аралаш,
Ыраңдап түрдөп сырдаган,
Сарайың калды каңгырап.
Кыргызда төрөм өзүң жок,
Кыйнооңду тартып маминтип,
Каныкей калды жалдырап.
Ак жашыл сырдан аралаш,
Сарайың калды каңгырап.
Жанымда төрөм өзүң жок,
Кара бет калды жалдырап.
Жайкалган Талас бош калды,
Атакелеп ыйларга,
Арканда Семең жаш калды.
Көйкөлгөн Талас бош калды,
Абакелеп ыйларга,
Көтүңдө балаң жаш калды.
Жердеген жериң кең Талас,
Абыке, Көбөш журтка баш.
Ордуңда тагын ээлерге,
Артында калган бала жаш.
Белинен сынды терегим,
Бейжинге барган берeним.
Султан Алмаң, Чубакты,
Бейжинге белек бергениң.
Бектерди белек берип сен,
Же өзүң тирүү келбедиң.
Кайрылып сынган терегим,
Казатка барган берeним.
Кан Музбурчак, Сыргакты,
Казатка белек бергениң.
Бергениңе жараша,
Өзүң аман келбедиң.
Казатка бардың кол менен,
Адам тапкыс жол менен
Айлана кара тоо менен.
Оргуган аппак шор менен.
Капырга таштап колуңду,
Падышам кайгырып келдиң жол менен,
Жайкалып бастың кол жыйнап,
Чактабай арбын мол жыйнап.
Чабам дедиң Бээжинди,
Чарчаттың бекер жан кыйнап.
Чарыйар чаркы барбаган,
Чакташып бенде албаган.
Искендер изин салбаган,

www.bizdin.kg

Илгертен киши албаган.
Байгамбар, сааба жетпеген,
Байыртан киши кирбеген.
Балакеттүү Бейжинге,
Падышам баатыр, бардың сен,
Жапасын тартып balaңдын,
Жанымды кыйнап калдым мен.
Бейжинге бардың жол алып,
Кырылды журтуң суналып,
Кыйла баатыр кыргыздан,
Кыйамат көздөй жол алып.
Башымда күткүн сыймыгым,
Баштан айак шор алып.
Барбай турган Бейжинди,
Падышам кандай чендеген?
Барса келбес Бейжинди,
Башынан кытай жердеген.
Адам ата – Обо эне,
Ошондон бери карата
Адам уулу жеңбеген.
Барамын деп падышам,
Балакетке желдеген.
Ойуң менен кол жыйнап,
Оолуккандай дембе-дем.
Урматына кызыгып,
Улук болуп калгандын,
Тирүү пенде келбеген.
Асылдан тандап кийиндиң,
Арстаным артык билиндиң.
Айдап барып колуңду,
Анжуга барып кийирдиң.
Алтымыш уруу алашты,
Алардын баары ийилди.
Айдап барып арстаным,
Ал Бейжинге кийирди.
Токсон уруу түрк уулу,
Түгөл баарың ийилди.
Токтотпой айдап барысын,
Тозоктуу жолго кийирди.
Башынан киши барбаган,
Барса келбес Бейжинге,
Бардың, баатыр, тил албай.
Айбалта тийип шилиге,
Аманат жандан ажырап,
Азапка салдың мамындай.
Айлыңда кантип мен турам,
Абыке, Көбөш Жакыптын,
Кылганына ар кылбай.
Көтөрүп жүрүп багайын,
Белегиңди кар кылбай.
Өмүрү болсо Семетей,

www.bizdin.kg

Өчүмдү алып берер дейм,
Өзгө элге зар кылбай,
Арканда жалгыз туйагым.
Амандыгын тилеймин,
Акыры алла кудайдан,
Армандуу өлүм айрылттың.
Ак никелүү жубайдан,
Сандаган журттум түрк болду.
Сандалган энең баш болду.
Сакалын жеди карыган чал,
Саңсарларга баш болду.
Тирүүмдө көрдүм ыраат,
Кылганым ага аз болду»!...
Кыйла сөз айтып буркурап,
Чыйырды менен Бакайдын,
Угуп сөөгү зыркырап.
Ал аңгыча угулду,
Ыйлап бала чыркырап.
Баланын үнүн укканы,
Басып Каныш чыкканы.
Курчанып жонго көтөрүп,
Баланы Сарытаз алып келгени.
Каныкейдин алдына,
Сакалы ылдый жаш кетип,
Карыган Бакай басканы.
Төрөсүнүн өлгөнүн,
Кайнатсы билгизип.
Кайран Бакай карыя,
Калмакчы болду бул  жерде.
Төтөлөп жолго киргизип.
Сарытаздын алдына,
Салып Бакай барганы.
Колун сунуп арбайтып,
Баланы Бакай алганы.
Амансыңбы балам деп,
Кучактап Бакай ыктады.
Көзүнөн аккан кандуу жаш,
Жакасын жууп чыктады.
«Семетей балам сенсиң деп
Сагынган карың менмин деп,
Кудай таала туз буйурса,
Чоңойсоң кайтып келгин деп,
Чоң болгондо табарсың,
Жоондон кегиң аларсың.
Жолугушкан жоо болсо,
Айанбай найза салаарсың.
Жетимдик кылып койбосоң,
Жериңди келип табарсың.
Карып калган Бакайдын,
Ошондо көргүн керегин.
Ушу болсун арнаган,

www.bizdin.kg

Балага менин белегим.
Кайра келсе Таласка,
Ушундан таанып алайын.
Чоң кынымды берейин».
Сакал салчу кылаптан,
Кошо суурду жанынан.
Муну алгын Каныш деп,
Каныкейге арнаган.
Төтөлөп жолго киргизип,
Баланы тосуп жүрөрмүн,
Түбөлкү сырын билгизип,
Тирүү болсоң барарсың,
Төркүнүң таап аларсың.
Төрөдөн калган туйакты,
Өз билгиңче багарсың.
Тору этиңе толгондо,
Кең Таласты табарсың.
Минген атың жоорутпа,
Төрөдөн калган туяктын,
Теги эле көөнүн оорутпа.
Киши көзүн салбасын,
Каныкей сөзгө кулак сал,
Кирпил болуп калбасын.
Баланы жаман бакканың,
Өзүңө болор жаман ат.
Баарыңарды тапшырдым,
Кудайыма аманат.
Семетей балам бөрү бол,
Бөрү болбой каман бол,
Бөлүнүштүк аман бол».
Берметтей жашы тизилип,
Ичеги боору эзилип.
Кайран Бакай карыйа
Кайра тартып келди эми.
Минип алып жогол деп,
Эки байтал берди эми.
Амандашып кайткан соң,
Хан Бакай сөзүн айткан соң.
Анда туруп Каныкей,
Сарытазга кеп айтты.
Серпип кашын муну айтты.
Кишиге айтпа сырыңды,
Башында сага бактырдым,
Балага кылып ырымды.
Хан көтөрөм коргонго,
Аман болсо жалгызым,
Асылы анык чыным бу»
Каныштын кеби ырас деп,
Кабыл алды Сарытаз.
Эми эле хандык тийгендей,
Өрүпкүп кетип баратат.

www.bizdin.kg

Бурулуп чыкса тумшуктан,
Түшүп Бакай ал жатат.
Коргондун ханы келди деп,
Тосуп Бакай кеп айтат:
«Сарытаз жакын келгин деп,
Айтамын сөздү билгин деп,
Үч айдан артыгыраак жол,
Темир хандын шаары деп.
Мында туруп нетесиң,
Эртеңден баштап күтүнүп,
Ошол жерге баргын деп.
Алтын, күмүш берейин,
Кеңири малды алгын деп.
Дүкөн ачып, мал жайып,
Соодагер болуп калгын деп.
Жер-жемишти көп салгын,
Ичмек жагын камдагын,
Кулагың салгын Сары аба,
Унутуп сөзүм калбагын.
Көптү көргөн карысың,
Байкап жүргүн сыртынан,
Чоңойсо бала Семетей,
Алгындай болсо намысын,
Эбин тапсаң айткының,
Эли журтту тааныткын.
Ашкере кыйын эр болсо,
Эгин салып жер айдайт.
Куурулу жолу шар болсо,
Куш жайылып куу кармайт.
Куруган жаман ал болсо,
Айылдан чыгып баса албайт.
Асылы дээрлүү жан болсо,
Үйүндө жатып алалбайт.
Байкап жүрүп мүнөзүн,
Болоорун өзүң билесиң.
Эли журтун билгизип,
Эбин таап ийерсиң.
Айткан сөздүн баарысын,
Акылыңа илерсиң.
Атанын мүлкүн алалса,
Чоң коргонго хан болуп,
Сырдаган сарай кирерсиң».
Сарытаз анда кеп айтат:
«Болот, Бакай»- деп айтат.
Башында Манас барында
Дарбазачы мен элем,
Башкарган элин билгиче,
Баш кишиси сен элең.
Хандарга болгон жанаша,
Катарда киши мен элем.
Караанында Манастын,

www.bizdin.kg

Жан сактоом элден кем белем.
Байкап көрсөм Бакай хан,
Табалбай айлам сенделем.
Байкап жүрүп баланы,
Бала жолборс эр болсо,
Кабарын элден мен берем.
Он экиге чыкканда,
Ошондо кабар берермин.
Ушу болот Бакай хан,
Болжолдоп кабар берермин.
Сен да жолун тососуң,
Унутпастан береним».
Муну мындай таштайлы,
Каныкей менен Чыйырды,
Жол басканынан баштайлы.
Кайра тартты Каныкей,
Амандашып алган соң,
Бет алып жолго чыккан соң,
Бакайдын сөзүн уккан соң.
Шакылдата жол жүрүп,
Күн-түн дебей мол жүрүп,
Арадан нечен күн өтүп,
Ай караңгы түн өтүп.
Капа кылбай энесин,
Кара күчкө каткырып.
Чыйырды менен баланы,
Ыктуу жерге жаткызып.
Суулугунан бек кармап,
Байталдарды чалдырып.
Өлмөк болду байталы,
Ташыркап бутун алдырып.
Тирүү киши билбеген,
Түн түшүнө кирбеген.
Жыбырга жатып конгону,
Жолго түшкөн  эсеби,
Бир жарым ай болгону.
Элечек жоолук кирдеди.
Ээн калаасын байагы,
Эки байтал жүрбөдү.
Жүрбөгөн соң таштады,
Жөөлөп жолго баштады.
Беш күндөн кийин мекчейип,
Кайненси баспады.
Асыл тууган Каныкей,
Ичи жаман кайышып,
Кайненесин көтөрүп,
Кабыргасы майышып.
Жөө басып Каныкей,
Сыр билгизбей тайышып.
Буулум тоону кырчылып,
Бутунда кепич жыртылып.

www.bizdin.kg

Согончогун жоорутуп,
Томуктарны оорутуп.
Аркасында Чыйырды,
Арык койдой соолутуп.
Кепичи жок маасычан,
Кейиген экен курган жан.
Жөө басканын сурасаң,
Бир жарым ай күн болуп.
Жоболоң тартып Каныкей,
Темгил ала тер болуп.
Эмгекти тарткан кезинде.
Кечки салкын бешимде.
Эси кетип нес болуп.
Анда бир киши кез болуп,
Жолуккан киши кеп айтат:
«Жолуң болсун деп айтат,
Түзөң качып, түн катып,
Унаа минбей жөө басып,
Кайсы жактан келесиң,
Кайсы жакка барасың.
Айып көрбөй энелер,
Дайыныңды айтып берерсиң».
Атынын башын бурганы.
Аңгеме дүкөн курганы.
Бала туруп алардан,
Абдан дайнын сурады.
Каныкей баштып кеп айтып:
Байкап уккун деп айтып,
Жерибиз Кеңкол чоң Талас.
Элибиз ногой көп алаш.
Алган эрим сурасаң,
Акырет кеткен зор Манас.
Эмгекке тууган кайгымын,
Эр Манас зайыбымын.
Камка тондун тышымын.
Кара хандын кызымын,
Жер түбүнөн көтөрүп,
Эмгегин тартып баланын,
Жедигердин эр Багыш,
Ошого бара жатамын.
Арманым айтсам муң болот.
Куулдаган боз бала,
Сенин айлыңдын башы ким болот.
Дайыныңды мага айткын деп,
Андан кийин кайткын деп».
Баркы менен сурады,
Маанилүү тууган Каныкей,
Баланын дайнын сурады.
Баштап бала кеп айтып,
«Байкап уккун деп айтып,
Камыш эмес жекенсиз,

www.bizdin.kg

Каракан кызы болсоңуз,
Эжеке жакшы келди кебиңиз.
Темиркандын элибиз.
Ошондой дайныбыз,
Каракан болот айлыбыз.
Жүрү эжеке кетели,
Жолдо туруп нетели.
Атка минип алалы,
Айлыбызга баралы.
Темиркан кызы эжеке,
Жолгоо жөө басыпсың,
Эң эле жаман шашыпсың»
Жылуу сыйпап кеп айтып,
“Жүрү эжеке” - деп айтып,
Бала жолду торгоду.
«Эр Багышка кетем»,- деп,
Каныкей асили болбоду:
Төрөм Манас өлгөнү,
Түп бир көөнүм тынган жок.
Төркүндүгү ушубу.
Төрөмө бата кылган жок.
Баатырдын көзү өткөнү,
Байкуш жаным тынган жок.
Аталыгы ушубу,
Арстанга бата кылган жок.
Тирүү болсом жетермин,
Жедигердин эр Багыш,
Ошого кирип кетермин.
Төө тартса дагы барбаймын,
Төркүнгө башым салбаймын”.
Кейибестен кеп айтат:
“Кете бер бала!” - деп – айтат.
Ушул кепти уккан соң,
Атынын башын бурбастан,
Айар кылып турбастан.
Эки этеги далбактап,
Эки буту салпактап,
Атка камчы басты эми.
Каракандын ордого,
Калк жыйылган коргонго,
Бала кирип барды эми.
Шашкан бойдон шашылып,
Бала жетип барды эле,
Салам айтып калды эле.
Чогулган элдер кеп айтты:
«Чогоол өскөн айбанды,
Сабагыла - деп айтты.
Ордого түшүп кирбейсиң,
Эмгекти өзүң тилейсиң.
Ит куугандай чабасың,
Балаага башың саласың».

www.bizdin.kg

Шайтаны ичке толду эле.
Сакчылары баланы,
Сабай турган болду эле.
Бала туруп кеп айтат:
“Баарың уккун – деп айтат.
Ордого шашып мен келдим,
Осол көрбө деп айтат.
Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Бэйжинге барчу бөксө жол,
Ошондо кетип баратсам.
Атым жаман торукту,
Арып, чарчап жөө баскан.
Эки зайып жолукту.
Эси оогандай эндирейт,
Жоо чапкандай сендирейт.
Арып-чарчап болуптур,
Кубарып бети оңуптур.
Ачкалыктын айынан,
Кемпири келет жөтөлүп.
Кемпири менен баланы,
Бир келбеттүү зайып көтөрүп.
Кейпи кетип түн катып,
Келе жатат жөө басып.
Айтып сөздү курадым,
Анын дайнын сурадым.
Келбеттүү зайып кеп айтып:
“Кете бер бала – деп айтты.
Жерим Талас – деп айтты,
Эрим Манас – деп айтты.
Арстаным Манас өлгөн – дейт,
Акыретти көргөн – дейт,
Жазылбады капам – дейт,
Темиркан менин атам – дейт,
Көңүлдөн кетпейт капам – дейт.
Көтөргөн жетим балам – дейт,
Жедигердин эр Багыш,
Ошого бара жатам – дейт.
Жедигерге жетпесем,
Теги эле көөнүм тынбайт – дейт.
Төркүндүн жоктур пайдасы,
Төрөмө бата кылбайт – дейт,
Төө тартса да барбайм – дейт,
Төркүнгө башым салбайм – дейт.
Какшык кылып кеп айтты,
Каныкей атым”, -деп айтты.
Таап келген кишим бул,
Шашып келген ишим бул.
Кабар уктум айактан,
Калп эле ачуу кыласың.
Калк бийлеген Карагын,

www.bizdin.kg

Кутулдумбу тайактан?"
Баладан таппай кылжырды,
Кайран бала маминтип,
Баарысын кепке сындырды.
Баладан кепти угушуп.
Байкас кылып турушуп,
Журт бийлеген Кара хан
Эси кетип далдайып,
Эки колу шалдайып,
Бүткөн бойу чымырап,
Көзүнөн жашы дыбырап.
"Ай караңгы түнү бул,
Атанын арман күнү бул.
Кайраным ботом өлгөнбү?
Акыретти көргөнбү?
Аркасында тууганы,
Малын талап бөлгөнбү?
Кыраандан перзент тапканбы?
Калкалашып баласын,
Жөө көтөрүп качканбы?
Ардактаган кулунум,
Тирүүлөй азап тартканбы?
Эбин таппай эс кетип
Эси оогонда басканбы?»
Турбагыла барыңар,
Кол баштап тогуз тартууну,
Канышка алып барыңар.
Эркелеп өскөн Канышым,
Чымырканган Чыйырды,
Эң эле эстүү киши эле.
Келе калса тил алып,
Баарысын кудай жалгасын.
Түбү бирге кошулат,
Учу бирге жазылат.
Канышыма айтыңар,
Эр Багышка барбасын.
Балама бата кылбайт деп,
Байбиче көөнүнө албасын.
Токтолбостон чабыңар,
Төрөм Манас өлгөнүн,
Эми уктук – деп – айтыңар.
Байбиче өзү сындасын,
Каныкей намыс кылбасын.
Тобуңду бузбай баргыла,
Кол баштап тогуз тартууну,
Канышыма алгыла.
Жоругу жумшак аттарга,
Ээр токум салгыла.
Ылдамыраак жеткиле,
Эртерээк алып келгиле.
Кара хан кебин бурчу эмес,

www.bizdin.kg

Карап мында турчу эмес.
Аттанышты дуу койуп,
Айалдабай чуу койуп.
Тогуз тартуу арнашып,
Минтип айтсак токтойт деп,
Талаадан кебин жайлашып,
Акылдашып алганы.
Аттанганда турчубу?
Канышка жетип барганы.
«Эжеке эсен-аман жүрдүңбү?
Амандашып алганы.
Тим кишиге ыктаган,
Тили оозуна жукпаган,
Кай жумушка бет алса,
Кадоосун чындап мыктаган
Кеп айтканы шар экен.
Эптүү тууган элинде,
Керимкул деген бар экен.
Келе калып кеп айтып:
"Эжекебай – деп айтып,
Жериңден тосуп чыкпадык,
Жездемден кабар укпадык.
Баладан угуп биз кепти,
Баарыбыз минтип сыздадык.
Сиз айтыпсыз, эжеке,
Көтөргөн жетим балам – деп,
Жедигердин эр Багыш
Ошого кетип барам – деп.
Ошол кепти укканда,
Атаңыз жаман шаштырды.
Ичиме бычак салам деп,
кайран баатыр эр жездем,
Өтүп кетип боздотту.
Эси кеткен атаңды,
Элибиз араң токтотту.
Күйүтү болот жесирдин,
Күнөөбүз болсо кечиргин,
Ага тууган жан келди,
Кул баштап тогуз тартуу мал.
Алдыңызга жан келди.
Ээр токум шайлатып,
Минсин деген жоргоңуз,
Дайарланып ал келди.
Көбүрөөк мындан айтууга,
Айбатыңдан коркобуз.
Эжеке сизге инибиз,
Ээрлүү атка миниңиз.
Келсең дагы – кетсең  да,
Калганын өзүң билиңиз".
Кашка тишиң кылайтып,
Каныкей турду муну айтып:

www.bizdin.kg

«Сөзгө кулак салбаймын,
Эрчиткен энем тил алса,
Төркүнгө издеп барбаймын.
Жетимди аман кылсын– деп,
Теңириме зарлаймын.
Керимкул көөнү кайтты эле,
Келбеймин деп Каныкей,
Ошол кепти айтты эле.
келген элдин баарысын,
Чындап жолун торгоду.
Чыйырды буга болбоду,
Каныкей сөзгө кулак сал
Эски сөөктөн жанбайлы.
Эр Багышка барбайлы.
Өлгөн уулум шок эле,
Кол арткан жери жок эле.
Ок аткан жери көп эле.
Өлгөн Манас кулунум,
Өз алдынча зор эле.
Өчөшкөн жери көп эле,
Душман бизге күйөбү?
Жашыраак жетим баламды,
Өлтүрүп койом тим эле.
Атасы башка душманда,
Арызыңды бирөө тергейби?
Алдыңдагы жетимге
Мышыктын боорун бербейби?
Күйүттүү тууган экөөбүз,
Атасы душман жат элде,
Күндү кайдан көрөбүз.
Атасы душман жат элде,
Күйүп жүрүп өлөбүз,
Жакшылык кайдан көрөбүз.
Жанын койбой баланын,
Жыргабай жүрүп өлөбүз».
Чыйырды мындай кеп айтты,
Келгендин баары чуркурап,
“Чын айтасыз”- деп айтты.
Карынын кебин билишип,
Каткырып баары күлүшүп,
Болбостур деп Каныкей,
Жоргого баса минишип,
Тез бастырып желишип,
Темир хандын шаарына,
Эми жетип келишип,
Астына тосуп барышып,
Атынан жулуп алышып.
Кара хан ыйлап буркурап:
«Кайдан келе жатасың,
Жөө басып кулунум.
Кан төрөмдөн айрылып,

www.bizdin.kg

Жөө басып жетем деп,
Сөөгүмдү какшаттың,
Эр Багышка кетем деп.
Энең бычкан тон эмес,
Атаң көргөн жол эмес.
Эр Багышка барганың,
Эгеримде оң эмес».
Кетпегин деп койдуруп,
Төрт-беш бээни сойдуруп,
Баарынын көөнү тынышып.
Мына ошончо мал сойуп,
Өрүлүк өтмөк кылышып,
Семетейди өрмөттөп,
Баланы сөөк кылышып.
Тээк кылып баланы,
Эки кемпир тырышып.
Семетейди бакмакка,
Талдан бешик жондуруп,
Эки жесир бечара,
Айылын башка кондуруп,
Көкүрөктөн зил кетип,
Көңүлүнөн кир кетип.
Жатып калган жери ошол,
Жай-кыш күн өтүп.
Муну мындай таштайлы, Семетейдин эл-жерин,
Билгенинен баштайлы.

www.bizdin.kg

# СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА БАРЫШЫ

Баатыр төрөм өлгөн соң,
Семетейди Жакып хан,
Өлтүрөрүн билген соң.
Жалгыздын жанын калкалап,
Качып келген эмеспи,
Караханды аркалап.
Кегимди кудай берер деп,
Каныкей менен Чыйырды,
Жатып калды чалкалап.
Бакайдын сөзүн ойлонот,
Баланы жакшы баксам деп,
Байбиче ойлоп толгонот.
Астына бакта май төшөп,
Арбак конор бекен деп,
Куйругуна май төшөп,
Курч жүрөктүү болсун деп,
Казы ээритип жал берип,
Кайратына толсун деп,
Капакка салган бал берип.
Кандыра кара чай берип,
Каймакка бышкан нан берип,
Куурдак менен май берип.
Таманын жерге тийгизбей,
Эски кийим кийгизбей.
Эли башка экенин
Энеси жүрдү билгизбей,
Атка минип желгенче,
Арстан эрдин баласы,
Алты жашка келгенче.
Акылдан санаа бөлө элек.
Тайатасы Каракан,
Баланын жүзүн көрө элек.
«Кабылан Манас төрөм- деп.
Канкордон калган туйактын,
Дидарын барып көрөм”-деп.
Таятасы Кара хан
Бótодой болуп буркурап,
Бүткөн бойу зыркырап.
“Семетейди көрсөм”- деп,
Сүйүнгөндөн делбиреп,
Элинин баарын чогултуп,
Элине Каныш жагыптыр.
Алты жашка келгенче,
Жан көрсөтпөй багыптыр.
Жерине Каныш жагыптыр,
Жети жашка келгенче,
Жел тийгизбей багыптыр.
Көрөмүн деп баланы,
Тайатасы барыптыр.

www.bizdin.kg

"Сүйүнгөнүм өтөр- деп
Көзүм тийип кетер"-деп,
Таш айнекти алыптыр.
Жети кабат таш айнек,
Көзүнө дүрбү салыптыр.
Жетим калган чунакты,
Тегерете карады,
Сыныма толду бала деп,
Ичи эзилип барады.
Куш алгырын тапкын деп,
Журтуна кабар салады.
Абдан сынга толуптур,
Аман койсо кудайым,
Ат минер чагы болуптур.
Куп сынына толуптур,
Кудай өзү каласа,
Куш салар чагы болуптур.
«Каныкей балам бектигиң,
Болжолун мага билгизбей.
Ойноп жүрөр кезинде,
Боз жорго атка мингизбей,
Аттын ыгын билбейби.
Атка минип бастырса,
Адам болуп калбайбы.
Алла өзү сактаса,
Ар кимге түйшүк салбайбы»
Семетейди Каракан,
Абдан анык сынады.
Баласы сынга толгон соң,
Көөнү ошондо тынды эми.
Айландыра караса,
Атасынан кем болбойт.
Ушул кезде Семетей,
Борумун байкап карасаң,
Көзү кара көмүрдөй.
Өңү болот темирдей.
Өчөшкөн жоосун жеңгендей.
Алтыга келген жашы бар,
Адам болчу башы бар.
Жетиге келген жашы бар,
Жеткир болчу башы бар.
Сегизинде сеңирдей,
Кекенген жоону жегиндей.
Тогузунда токтолуп,
Ок жыландай октолуп,
Он жашында шок болуп,
Ойротто мындай жок болуп.
Он биринде ат минип,
Өөдө ылдыйды бат билип.
Өзү өткүр түгөнгүр,
Молдо болуп кат билип.

www.bizdin.kg

Табарик менен жаасынды ,
Такыр баарын жат билип.
Эркинче ойноп жүргөндө,
Сарытаз байкап жүрүүчү.
Малын сатып дүкөндө,
Жемишке көзүн салчу эмес.
Серпилип бала барчу эмес.
Жаш баладай себеңдеп,
Соода сатык алчу эмес.
Айтарга ыгын таба албай,
Сарытаз жүрчү кайгыда.
Он экиде куш салып,
Теңтуштардан кутчу алып.
Алтындан кемер курчанып,
Айдай бети нур чалып.
Алыстан көрүп караанын,
Кыз келиндер муңканып.
Күмүштөн кемер курчанып,
Күндөй бети нур чалып.
Жүзүн көргөн Семеңдин,
Жүрөгү күйүп муңканып.
Жоргону жолго салдырып,
Шумкарга өрдөк алдырып.
Кубурлуу тууган чунагың,
Котчуларын күлдүрүп.
Ит агытып, куш салып.
Илбесинин бүлдүрүп,
Эркечтенип ээлигип,
Элкин аттай желигип,
Эрлигин артык теминип.
Элинде ойноп жүргөндө,
Эркинче дооран сүргөндө,
Дүкөндү жыйды Сарытаз.
Асылып буга нетейин,
Алтын күмүш баары таш.
Жыйнап муну нетем деп,
Эркин өскөн Семетей,
Элим алып кетем деп.
Эртеден кечке токойду,
Өчүрөт көмүр сепеңдеп.
Токойдун жүрсөм жанында,
Эби келер бекен деп.
Жыргап ойноп жүргөндө,
Душмандын ичи күйгөндө.
Бадалдуу терек токойго,
Шумкарды шилтеп ийгенде,
Кырголду мычкып шумкары,
Чытырманга киргенде.
Аркасынан бара албай,
Арсайган кызыл тикенден,
Семетей кушун алалбай.

www.bizdin.kg

Эрлигине жараша,
Илгир болгон шумкары.
Эр Семетей чунагың,
Эки жагын караса,
Көп токойду көчүрүп.
Көк түтүндү булатып,
Көмүр кылып өчүрүп.
Көп токойго баш экен,
Көмүр кылчу Таз экен.
Тазды көрө салды эми,
Тайбынбаган Семетей,
Жанына жетип барды эми.
Сарытазга чунагың,
Салам айтып калды эми.
Кайран Тазым кеп айтты,
“Алеки салам” - деп айтты.
Сарытаз жүзүн муңайтты,
Семетей тазга муну айтты:
“Көзү-башы көө болгон,
Көмүргө жеке ээ болгон.
Тикенек бассаң кирбеген
Бутуңдагы чокойго,
Кыргоол алып шумкарым,
Кирди мобу токойго.
Кушка, Тазым барасың,
Коросун айрып аласың,
Эч болбосо сен Тазым,
Шиш кебек кылып канасың.
Тигине токой черинде,
Корозду алып сен өзүң.
Кушумду алып бересиң,
Куш корозду жеди эле,
Курган Таз жүгүр - деди эле,
Таз балага кеп айтып,
Ачуусу келип бек айтып:
«Кушуңду алып берүүчү,
Кулуң барбы?» деп айтат.
Кыргыздан кыраан эр Семең,
Кыйкыра түшүп кеп айтат:
«Көөнүң куунак жай белең?
Кул эмей Тазым бай белең?
Алып бергин кушумду,
Албасаң бирди көрөсүң,
Айбан Таз азыр өлөсүң».
Ачуусу келип калды эле,
Колундагы камчысын,
Оң имерип алды эле.
Кара жанды кашайтты,
Анда туруп Таз айтты,
«Бала сен бейбаш өсүпсүң,
Элирген байкуш эсиң жок.

www.bizdin.kg

Эчтеме менен ишиң жок.
Өкүм кылчу кишиң жок.
Камчыңды колго имерип,
Уруп чаап ийичү,
Уруктуу тууган элиң жок.
Туруктуу Талас жериң жок,
Байкасам балам тегиң жок.
Жериң Талас болучу,
Атаң Манас болучу.
Тууганлуу киши оңучу,
Айтарга сага кеп ушу.
Көтөрбөймүн жемеңди,
Сен жүрөсүң ишенип,
Эжем деп айтып энеңди.
Каныкей менен Чыйырды,
Казына пулга ээ болбой,
Качып келген болучу.
Кара ханды калкалап,
Шашып келген болучу.
Унаа минбей түн катып,
Басып келген болучу.
Арка бел типтик жондорду,
Ашып келген болучу.
Тууганга энең баш ийбей,
Жазып келген болучу.
Өлтүрөрдө тууганың,
Катып келген болучу.
Шамалы жок жел болбойт.
Шыбыры жок кеп болбойт.
Чыйраксынба Семетей,
Жээн деген эл болбойт.
Атаң Манас өлгөндө,
Эки энең кордук көргөндө,
Чоң атаң Жакып малыңды,
Абыке, Көбөш эки уулу,
Олжо кылып бөлгөндө,
Качкан энең эли жок,
Караан кылчу жери жок.
Элдүү киши кептенип,
Сенин ачуу кылар эбиң жок.
Эсиң болсо элиң тап,
Менин мындан башка кебим жок»
Баатыр тууган эр Семең,
Бала жолборс эр немең.
Желкетаздан кеп угуп,
“Жериң Талас” деп угуп.
Ашкере Таздан кеп угуп,
“Атаң Манас” - деп угуп.
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргарып.
Таз кебине арданып,

www.bizdin.kg

Ушул жерде жүрбөйм деп,
Уламдан оозун карманып.
Тууган энем канетсин,
Кудайыма зар ыйлып.
Калган экен жанды алып,
Эки байкуш энекем,
Көргөн экен кордукту.
Көтөргүс булар сандалып,
Билгизбеди бой-бойлоп.
Ичинде Семең муну ойлоп.
Кекеткен эле чапсам деп,
Кең Таласты тапсам деп.
Атам Манас конушун,
Олут кылып жатсам деп.
Атынан түшө калганы,
Кушун колго алганы.
Өзү барып алыптыр,
Таздын айткан бул кеби,
Кудайыма аныктыр.
Кубурлуу тууган Семетей,
Кайгырып үйгө барыптыр.
Короонун чети түз дөңгө,
Барып түштү бешимде.
Астындагы жоргонун,
Ээрин алып ыргытып.
Колундагы шумкардын
Боосун алып ыргытып.
Кабагы карыш түйүлүп,
Ичи күйүп өрт болуп,
“Абыке, Көбөш,Жакып” - деп,
Эки көзү төрт болуп.
Эли жок деп Таз айтып,
Арманы ичте көп болуп.
Өткүр тууган чунактын,
Өңү сары чөп болуп.
Адамдын сөзүн укпады.
Асты наар сызбады.
Үшкүрүгү басылбайт.
Ушул кепти уккалы.
Кынама бешмант кийгени.
Кыргызда жок Каныкей,
Жетимдин сырын билгени.
Атасынын үйүнө,
Акылман тууган Каныкей,
Аста басып киргени.
Хандын кирди үстүнө,
Байкады кандын жүзүнө,
Ойлонгон кебин Каныкей,
Айтты хандын өзүнө.
«Айланайын атаке,
Жетимди кудай уруптур.

www.bizdin.kg

Же бир жактан кабар угуптур.
Үч күн болду атынан,
Үйгө келип түшкөлү.
Күнү-түнү алты күн,
Тамак берсем ичпеди.
Мунайым тартып күлгөн жок,
Муңдуу болуп уйку жок.
Жетимдин көөнү ачылбайт,
Үшкүрүгү басылбайт».
Каныкей айтып ийди эле,
Кара ханга ушул сөз,
Катуу барып тийди эле.
Эс кирип калган балам деп,
Ичинде билип калды эле.
Капа болгон баланы,
Тайатасы билди эле.
Каракан туруп кеп айтат,
Канышым уккун деп айтат:
Кысыр эмди  сойдуруп,
Кыз-келинди көп жыйып.
Баланы жалгыз койдургун,
Үч күндөн бери баладан,
Өзүң минтип жадасаң,
Үй кыздарга кошуп кой.
Балаң ачар бекен кабагын,
Үй шыкаалап карагын».
Каракан мындай айтканы,
Каныкей үйгө кайтканы.
Кысыр эмди сойдуруп.
Кыз сулуусун жыйдырып,
Келиндин баарын келтирип.
Дүрбөгөндү тыйдырып.
Көөкөргө арак куйдуруп,
Тегерек тартып кыз-келин,
Семетейге сундуруп.
Чогулуп турган кыз-келин,
Семетейге карашып.
Көөнү ачылды бекен деп,
Шыкаалап үйдү карашып.
Кыз арак сунса албады.
Кызга көзүн салбады.
Каныкейге Семетей,
Катуу үнү чыгып кеп айтып,
“ Буудай кууруп майлап бер,
Ошону жеймин деп айтып.
Жеткилең тууган Каныкей
Жетимдин көөнүн ачаарга.
Буудай кууруп казанга,
Уучтап эже бергин деп,
Колун сунуп калды эле.
Ошончо куур эже деп,

www.bizdin.kg

Сунуп калды кол тосуп.
Айла менен турады,
Алдап буудай сурады.
Колума салчы эже деп,
Колун сунуп турганы.
Буластаган Каныкей,
Казанга колун салыптыр.
Уучтап алып буудайды,
Жетимге сунуп калыптыр.
Колун ысык буудайга,
Капшыра кармап кеп айтып.
«Эже калкым кайда»,- деп айтып,
Энесинин колун бек кармап.
«Элим кайда»,- деп кармап.
Канча кепти тийгизип,
Калкымды айтып бергин деп,
Буудайга колун күйгүзүп.
Энесинен кеп сурап,
Элим кайда деп сурап.
Семетей анда күлдү эле,
Кабар уккан экен деп,
Каныкей анда билди эле.
Ысык буудай табы өтүп,
Кабарып колу күйдү эле.
Чыдай албай Каныкей,
Чымырканып кеп айтып.
«Чунак жетим» деп айтып.
Койо бер чунак колумду,
Ачсын кудай жолуңду.
Жериң Кеңкол чоң Талас,
Атаң баатыр эр Манас.
Талас деген жериң бар.
Абыке, Көбөш агаң бар.
Элиңден сени тентиткен,
Эки жесир энең бар.
Элди бузуп тараткан,
Эки уулума тийбейт деп,
Энеңди уруп сабаткан,
Жакып хан деген атаң бар.
Чоң атаң Жакып жоо болуп,
Элиңди бузган талкалап.
Семетей сенин айыңдан
Жалгыз жаның калкалап.
Төркүнгө келдим аркалап.
Кайненемди ээрчитип,
Кара күчкө талашып,
Күң баласын өлтүрттүм.
Айтайын атаң өлгөнүн,
Абайлап уккун кулунум.
Абыке, Көбөш арамдын,
Азабынан келгенмин.

www.bizdin.kg

Кудайдан тилеп жаныңды,
Медер кылып жүргөмүн.
Айтканымдан кайтпадым,
Арка мойнуң каткынча.
Ата жытың айтпадым.
Атаң Манас өлгөндө,
Түзөрүм качып, түн катып,
Унаа минбей жөө басып.
Эмгегин тарттым далайын,
Бурумун артык салганым.
Жолборс атаң сарайын,
Чоң Ополдун бойунда,
Кеңкол ата ойунда.
Алмалуу булак шумкар таш,
Ашып түшчү жолунда.
Токсон миң эркеч майына,
Кыш бышыртып бек салдым.
Тогуз кылым өткөнчө,
Козголбосун деп салдым.
Атаң Манас канкордун,
Мөөрүн тамга  бастырдым.
Миң жамбы менен бүттү деп,
Молдолорго жаздырдым.
Атаңдан калган ак ордо,
Алты жүз киши киргенде,
Тар келбеген чак ордо.
Үй маанисин менден ук,
Бекем байкап бейлеп ук.
Төтөгөсүн карасаң,
Төрт эли кундуз жээктүү.
Босогонун баштары,
Сомдогон алтын тээктүү.
Токсон төөнүн таруусу,
Тогуз күнгө жетчү эмес.
Сексен төөнүн күрүчү,
Сегиз күнгө жетчү эмес.
Эшигинин алдынан,
Эл жыйылып кетчү эмес.
Бечел адам кыйкырса,
Төр жагына жетчү эмес.
Төрөсү менен Каныкей,
Төр жагынан кетчү эмес.
Ырасын айтам учурбай,
Үй чоңдугу ушундай.
Ортосунда көп ногой,
Ордо салып атычу.
Эр жагында кырк чоро,
Ат-тону менен жатычу.
Эпчи жакта Тазбаймат,
Казан асып жатычу.
Болуш бий бир жакта,

www.bizdin.kg

Ойун ойлоп жатычу
Манас менен Каныкей,
Тамашага батычу.
Үй тигилүү туручу,
Кең Таластын жолунда,
Кербен үйүн бу күндө,
Абыкеңдин колунда.
Ар ким бизге чоң болгон.
Арстандын көзү жогунда,
Чамгарагы чылк калай,
Санжыргасы бир далай.
Салтанаттуу чоң сарай.
Жел боосу жез чынжырдан.
Бастыргычы дайылдан,
Башкы боосу манаттан.
Айта берсем кеми жок,
Сарамжалы санаттан.
Тышын аппак бордогон,
Ичин кызыл сырдаган.
Манастын үйү башка деп,
Жамакчылар ырдаган.
Чийин жибек чырмаган,
Энең сенин Каныкей,
Үйдү мындай кармаган.
Керегесин көктөбөй,
Сары жез менен тээктеп,
Ак этегин үйүндүн,
Кундуз менен жээктеп.
Тигилсе үйүң дөбөдөй,
Эшигин тосуп туруучу,
Он эки желдет бир малай.
Эркинче басып кирчүэмес,
жылкычы, койчу кем таалай.
Найза, кылыч, мылтыктар,
Атаңдан калган жабдыктар,
Көр Көбөштүн колунда.
Баарысын айтам сайманын,
Ак олпок менен куржунду,
Колуңа кошо кармагын.
Баарын койбой алып кел,
Анык кыргын салып кел».
Ак тамагын кылайтып,
Асыл тууган Каныкей,
Семетейге муну айтып.
Эски арманы козголуп,
Ич күйгөндөн жаш ооруп
Каныкейдин кордугун,
Укканда Семең жал ооруп,
«Каныкей менен Чыйырды,
Кантип көнгөн зордукка,
Кара жанды кашайтты.

www.bizdin.kg

Иттердин кылган кордугу».
Ушуну ойлоп эр Семең,
Мындай деди эр немең,,
Андай болсо эки эне,
Тай сойуп бата алайын.
Тайатама барайын,
Ушул кепти мен угуп,
Кантип чыдап турайын.
Берер бекен тайатам
Кара олпок тонун сурайын.
Туулбай туура чөгөйүн,
Тумшугу жок мен жалгыз,
Бу көрөктү өлөйүн.
Абыке, Көбөш эки агам,
Эрдигин барып көрөйүн.
Көбөштүн көзүн тешпесем.
Көк ала сакал Жакыптын
Көрүнө башын кеспесем.
Асты арманым арылбайт,
Элимди алып тынбасам.
Сөөгүмдү какшатты
Кебиңди байкап сындасам.
Эки арам сенден өлбөсөм,
Тирүүлөй сени көмбөсөм.
Карыган  Жакып какбаш чал,
Кайратыңды көрбөсөм.
Какбаш көзүң ойбосом,
Каныңды ичип тойбосом.
Жилигиңди чакпасам,
Жыпжылма түптүз чаппасам.
Элиңе бүлүк салбасам.
Адам болбой өлөйүн,
Эки энем өчүн албасам,
Ашыкпай жолго салбасам.
Сөөгүмдү какшатты,
Өткөн сөздү сындасам.
Атамдан калган жабдыкты,
Алып колго кармасам».
Он экиде чунактын,
Тиктесе көзү чачырап.
Сен деп оозун кармаса,
Азуулары качырап.
Эки энесин ээрчитип,
Семетей басып калганы.
Касийеттүү атасы,
Караканга барганы.
Бала туруп Семетей,
Бары жумушка жараган.
Падышадан кем  эмес,
Тайатасы Кара хан.
Тайбынбаган Семетей,

www.bizdin.kg

"Тайатаке" -деп айтып,
Телмирип бала кеп айтып,
Тыңшап уккун деп айтып:
«Айланайын тайата,
Түбү бирге кошулат.
Учу бирге жазылат.
Эмгекке жазган эки энем,
Көргөн экен кордукту,
Көөнүм кайдан ачылат.
Азабын угуп олтуруп,
Абдан ичим ачышат.
Элимди издеп барбасам,
Арманым кайдан жазылат.
Жетим өскөн баламын.
Эл четине барамын.
Эгем таала эп көрсө,
Энемдин кегин аламын.
Эки жесир катындын,
Кайгысын угуп отуруп,
Капасына каламын.
Жоого кийсе ок өтпөс,
Отко түшсө чок өтпөс,
Кара олпок тонуң сурадым!»
Жоодурап жетим кеп айтып,
Жообун берчи деп айтып.
Бербеймин деп айталбай,
Перзенттин көөнүн кайтарбай,
Кантер айла табалбай.
Тышта акыл ойлошуп,
Кара хан чыгып эшикте,
Катыны менен кеңешип,
«Кара олпок жайын билүчү элем,
Өлүп кетсем сөөгүмө,
Жаптырсам деп жүрчү элем».
Катыны ханга кеп айтып,
«Кана, өлгөнүң деп айтып.
Башта Манас сурап бербедиң,
Же ошондон бери өлбөдүң.
Өлөмүн деп жүрөсүң,,
Өлүп көрдү көрбөдүм,
Олпокту бергин балага,
Өчөшкөн жоосун жеңүүгө.
Кийип алып жөнөсүн».
Кеңешин түздөп алышып,
Чунак жетим Семеңе,
Олпокту бермек болушуп.
Кара олпок алып кийинип,
Катуу минтип сүйүнүп.
Чыйырды менен Каныкей,
Тайатасы Кара хан,
Алты ай минсе карыбас,

www.bizdin.kg

Боз жорго тулпар ат берип.
Өткүр чунак жетимге,
Тайатасы Кара хан,
Чыйырды менен Каныкей,
Адырмак тоону бет алып,
Бата берип калганы.
Жүрмөк болду аттанып.
Тууган издей Семетей,
Жүз кишидей шаттанып.
Куулжуп чунак кеп айтып,
Кош аман бол деп айтып.
Жүрөр кези болгондо,
Имерилип Каныкей,
Ичине капа толгондо.
Кызыл жүзүн муңайтып,
Кылгырып көздөн жаш кетип.
Каныкей байкуш муну айтып:
«Адамдын кебин уга элек,
Аттанып үйдөн чыга элек.
Жортуп жолго жүрө элек,
Жоонун жайын биле элек.
Тон тоздуруп кийе элек,
Тон кадырын биле элек,
Ат арытып мине элек.
Алыска сапар жүрө элек,
Арып чарчап ат калып,
Ат кадырын биле элек.
Барып кел балам саламат,
Такоолу жок жалгызым.
Тапшырдым кудай аманат.
Ат-тонуңдан ажырап,
Боло көрбө жаман ат.
Кудайым сени колдосун,
Атаң башта кол берген,
Кожо асан болсун жолдошуң.
Бастыргын балам жол болсун,
Басташкан душман кор болсун.
Арбагы колдоп атаңдын,
Айбатың журттан зор болсун
Айткан кептин башы ушул.
Айтылуу Кең-Кол, Таластын
Аркайган бийик таш ушул.
Тайбуруул деген тулпар бар,
Тайында сага арнаган.
Казатка минер ат ушул.
Айланайын кулунум.
Мындан нары сен барсаң,
Жекендүү көлдүн башында,
Шабырлуу көлдүн жатында.
Сан миң бээни байлаган,
Салакалуу атаңды,

www.bizdin.kg

Сандыргасы жайнаган.
Алтын мамы казык бар,
Аны көрүп өтөсүң..
Андан нары жагында,
Төрөм Манас багында.
Төрт көлдүн төмөн жагында,
Бакайдын салган тамында,
Баркөлдүн маңдай жагында.
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө.
Үч кошойдун чатында,
Ала көлдүн башында,
Атаң Манас күмбөзү,
Азыр да турат ушунда.
Ошо жерге барганда,
Аянбай ыйлап түшөрсүң.
Медет сурап арбактан,
Көөнүңдө ишиң бүтөөрсүң.
Оң бөйрөгүң тайанып,
Ойронум атам - деп түшкүн.
Сол бөйрөгүң тайанып,
Султаным атам – деп түшкүн.
Арбагына барганда,
Арманың айтып зарлансаң,
Баргын десе чунагым,
Шамал чыгат күркүрөп,.
Доош чыгып дүрөп,
Күңгүрөнүп калуучу,
Болгон кабар мына ушу.
Андан кийин Семетей,
Кек алган жоого баручу.
Чыкпаса доош күмбөздөн,
Уруксат болбой бул кезден,
Кайтып келгин чунагым.
Андан нары барганда,
Үч Кеңколдун чатында,
Жекендүү көлдүн башында,
Темир тоонун астында,
Бек атаңдын карасы,
Белдүү Бакай абасы.
Кан атаңдын карасы,
Кайратуу Бакай абасы.
Алыскы жоону бет алып,
Мына ошондо жатуучу,
Сенин жолуң тосоттоп,
Дүрбү салып жатуучу.
Астыңдан чыгат чубалып.
Кын көрсөткүн жаныңдан,
Абакең келсе кубанып,
Абаңды таап аласың.
Абыке, Көбөш, Жакыпка,

www.bizdin.kg

Ээрчитип анан барарсың.
Абаңды таппай сен барсаң,
Жалгыз туйак Семетей,
Бир балаага каласың.
Канкордон калган туйагым.
Табалбасаң абаңды,
Калбайсың тирүү сыягы.
Бакай жолуң тоспосо,
Барбагын анда чунагым.
Какшап ыйлап кеп айтам,
Катыга түшсүн деп айтам.
Буркурап бооздоп кеп айтам,
Боло түшсүн деп айтам.
Энеңди таштап кетерсиң,
Эрикпей жүрсөң жалгызым,
Эне журтуң Таласка,
Элүү күндө жетерсиң.
Апаңды таштап кетерсиң,
Ашыкпай жүрсөң кулунум,
Ата журтуң Таласка,
Алтымыш күндө жетерсиң.
Аттанып жолго кирерсиң,
Ат кадырын билерсиң.
Тоорулуп жолго киресиң,
Тон кадырын билерсиң.
Толгонгон энең байкуштун,
Бир айтканын билерсиң.
Элигип жолго кирерсиң,
Эсиң болсо кулунум,
Энеңдин айткан сөзүн билерсиң.
Эсен болгун саламат.
Жүз күнгөчө келерсиң.
Көз жашымды сен көрүп,
Көкүрөккө илерсиң.
Мындан ары барарсың,
Будурмак кара тоо келер,
Бурулуп агып сел келер,
Бугусу калың жер келер.
Бугуну кууп кетерсиң,
Бугуну куусаң жетерсиң ,
Бугу качып toktolор.
Ушундай ишти сен кылсаң,
Муңдуу болгон эки энең
Буркурап жүрүп жок болор.
Тескери агып сел келер,
Текеси калың жер келер.
Текти секи жер келет.
Текени кууп кетерсиң,
Текени куусаң жетерсиң.
Теке качып токтолор,
Ушундай болсо кылганың.

www.bizdin.kg

Теңир жазган эки энең,
Темир хандын шаарында,
Тентип жүрүп жок болор.
Буркурап Каныш көп ыйлап,
Бөксө жол киргин деп ыйлап».
Куруп калган Каныкей,
Улантып сөзүн муну айтат:
«Сак-саламат сен барсаң,
Абаңдын айткан сөздөрүн,
Акылыңа сен алгын.
Учурап Бакай жолукса,
Таластан таалай туз буйурса.
Ботонун белин ашканда,
Кара буура чаткалда,
Каңшар кара таш келет.
Ошол ташты ойдурам,
Атаңдын көзү барында,
Жан кишиге туйдурбай.
Жетимиш нарга жүктөтүп,
Кызыл алтын дүр-дүйнө,
Жаптырып койдургам.
Талас менен арасы,
Жөө кишиге бир күндүк.
Артынан ташты көзөтүп,
Алтының чирип калат деп,
Шамалдын жолун ачтыргам.
Жалгыз сага керек деп,
Алтынды антип каттыргам.
Мурун ачкам эшигин,
Ойдургам таштын тешигин.
Киши билип калат деп,
Оозуна топо төктүрдүм.
Шилбиден сайып өндүрдүм.
Мына ушунун баарысы,
Жалгызым Семей сен үчүн.
Мына үшүнтүп жыйнадым,
Өлүп кетчү жанымды,
Ошондо опсуз кыйнадым.
Айткандын уулу Көкбөрү,
Атаң менен дос болуп,
Алып келген Каралөк,
Айбандан бөлөк ошол Лөк,
Ойлошумча Каралөк,
Калгандыр деймин бек жүдөп.
Иштетип жүрсө билбеймин.
Агытып койуп бош койсо,
Чаткалдын тумшук сеңирде,
Жаткандыр тосуп сени деп.
Айбанда болсо жаныбар,
Адам билбес сыры бар.
Койкойтуп өркөч сеңирдей,

www.bizdin.kg

Жүргөндүр байкуш семирбей.
Кал басып көзүн калгандыр,
Каныкей сөзү жалгандыр.
Каныкей сөзү чын болсо,
Чөгүп жатып алгандыр.
Жатканын көрсөң Каралөк.
Түшпөй өтүп кетпегин,
Арстандан мурас Каралөк,
Амансыңбы сен- дегин.
Каткан алтын зарыңды,
Таап алса арамдар,
Каралөк боздоп жиберет,
Киши албай пулуң бар болсо,
Ооналактап чамынат.
Мойнун созуп койкойтуп,
Салпылдатып өркөчүн,
Тайманбай сени качырат.
Жаныңа кирип келгенде,
Көөнүнө азар бербегин.
Адашып кетип канча жыл,
Ата журт издеп келаткан,
Мен Семетей эр дегин.
Сенин үнүң укканда,
Семетей атың укканда,
Селдей жашы төгүлөт,
Алжып калган Каралөк,
Бууржундай көрүнөт,
Башын салып буркулдап.
Ал Бакайды көздөй жүгүрөт.
Каралөк кайра тартканда,
Куу дөбөт келет арсылдап,
Алгыр тууган Кумайык,
Азуулары карсылдап,
Азыр Кумайык аты жоголуп,
Куу тайган деп айтылат.
Болжолу жок Кумайык
Улуп уңшуп ажылдап,
Кирип келет жакындап,
Бозжоргоңду такымдап.
«Кой, Куутайган жаныбар,
Мен Семетей жалгыз - де.
Семетей атың укканда,
Уулуң келди ээм деп,
Сүйүнчү айтам дегенсип
Күмбөздү карай жүгүрөт.
Күмбөзгө барсаң жалгызым,
Атаң Манас күмбөзүн,
Ар бурумдап салдырдым.
Арка болгон атаңа,
Арстандардын сүрөтүн,
Күмбөзүнө тарттырдым.

www.bizdin.kg

Ак сакалы жайкалган,
Акбозду минип чайпалган,
Алдындагы Бакай хан,
Минген аты койон Боз,
Салынганы байандос.
Аккула менен алпайып,
Этек-жеңи жыйнабай,
Аккөбө менен далбайып.
Аркасында хан атаң,
Жоо жарагы шайманы,
Баары калбай тартылган.
Саадагы кырк кез көрүнөт,
Тоодой Тору аты бар.
Толгомо саптуу камчы алган,
Ээрчиткен тайган ити бар,
Адамдан башка сүрү бар,
Тургандай тирүү түрү бар,
Көргөн жанды кубанткан,
Олуйа заада Кошой хан.
Карыга найза илинүү,
Баатырдыгы белгилүү.
Темир кызыл аты бар,
Көзүнөн  жалын чачырар,
Көргөндө киши жазганар.
Болот калем дөбөтү,
Молдолуктун белгиси.
Атаң менен аталаш,
Сенин Сыргак агаң ал.
Кабыландай баатырлар,
Бейжинде өлгөн урушта.
Бечара энең Каныкей,
Ушулардан айрылып,
Көөнүнү кеткис арман бар.
Алар аман бар болсо,
Тентибейт элек биз мындай.
Төрүндө катар тартылган,
Музбурчак, Агыш, Керкөкүл,
Үрбү, Сынчы, Төштүк ал.
Ал алтоонун артында,
Айрым жалгыз тартылган,
Көккөбө жибек тон кийген,
Көкала тулпар ат минген,
Айдаркан уулу Көкчө хан.
Сол жагында күмбөздүн,
Алтын чырайлуу, нур жүздүү,
Ийриси жок, түз сөздүү,
Жээрде сакал айбаттуу,
Алтын кемер, бото кур,
Сарала тулпар ат минген,
Сап алтындан тон кийген,
Жетимиш эки тил билген.

www.bizdin.kg

Баштап барып атаңды,
Чоң Бейжинге кийирген.
Байгамбар ак, дини ак,
Бейжинде калган алтын так.
Калмактан теңдик талашып,
Батышпай келген ал ошол,
Ал Азизхандын Алмамбет,
Аркасында Алмаңдын
Көктеке дулдул ат минген,
Көпкөк темир тон кийген,
Ач айкырык куу сүрөөн,
Бет алган жагы от күйгөн,
Бендеден белдүү эр эле.
Тогуз жашта кошулуп,
Атаң менен бир жүргөн.
Жоону сайса көп сайган,
Мен сайдым деп айтпаган,
Жолборсум сайды деп сайган.
Эрди сайса ал сайган,
Эрди сайдым деп айтпаган.
Эр Манас сайды деп сайган.
Сундуруп найза тартпаган,
Суу ордуна кан ичкен,
Сумсайып жоодон качпаган.
Балта дөөнүн Чубак хан.
Аркасында Чубактын
Жоо бөрүсү Чубактын
Карткүрөң күлүк  ат минген,
Сүлөөсүн ичик, суусар бөрк,
Берүүчү кыздай кийинген,
Жетимиш түрлүү тил билген.
Ак калпак кыргыз элинде,
Анчалык илим ким билген?!
Хан алдында көп жүргөн.
Тартынбай таамай сүйлөгөн,
Атаңдын түшүн төп жооруп,
Алты сан элге баш болуп.
Бийлик ажың тон кийген.
Кой оозунан чөп албас,
Ал коңур чечен Ажыбай.
Баштан айак атаңдын,
Бар кылган ишин бүт айткан.
Ак кагазга жазгандан,
Ырамандын ырчы уулун,
Сүрөткө кошо тартыргам.
Кулунум булардын,
Арбагына сыйынгын.
Өз өлүгүн атаңдын,
Көз көргүс жерге каттырдым.
Кыз олуйа кең колдоп,
Кыз өлүгүн таптырдым.

www.bizdin.kg

Атаңдан айрып тааныгыс,
Өлүгүн сырдап ал кыздын,
Атаңдын күмбөзүнө жаткырдым.
Мууну бошоп буркурап,
Чыдай албай жаш кетип,
Чыйырды турат зыркырап.
Ал экөөнү көргөндө,
Журттун баары чуркурап.
Анда туруп эр Семең,
Артык тууган эр немең.
Ыргыштап кеп айтып:
«Ыйлаба, Каныш деп айтып,
Адашпай элге барармын.
Атамдан калган журтумду,
Алардын тартып алармын.
Ачуума тийсе чабармын,
Арамдын жайын табармын.
Күн-түнү жок жерлермин,
Тирүү болсом саламат,
Жүз күнгөчө келермин.
Жамандык кылган иттердин
Жазасын колго берермин.
Сен айттың мага насаат кеп,
Бугу менен текени,
Кулжасын кошуп атат деп.
Кубурлуу тууган чунагың,
Кубанычка минтип батат деп.
Ойлоносуң Каныш сен,
Ат өргүтүп жатат деп.
Буруштуу жолдо бугу бар,
Муңканган эрдин муңу бар.
Муңу жок киши баштанып,
Бугуну кантип атайын.
Мусапыр энем сен турсаң,
Бурулуп кайдан жатайын.
Текени көрсөм тектирден,
Текени кантип атайын.
Тентиген энем сен турсаң,
Тербелбей кантип жатайын.
Тескери аккан суу менен ,
Терс айланып басайын.
Теңирим берсе тилекти,
Тентиген эне силерди,
Теке аткандын ордуна,
Тентектен тумар ачайын».
Акылын журттан арттырып,
Амандашып коштошуп.
Нойубаган куу бала,
Жүрүп кетти бастырып.
Айал кылып турбастан,
Алдында атты булкунтуп,

www.bizdin.kg

Жолдун чаңын бургутуп,
Боз жоргону камчылап,
Борбуйдан тери тамчылап,
Арстандын уулу Семетей,
Атырылтып  аргытып,
Арак ичкен немедей,
Адамы жок кашында,
Келе жатат түгөнгүр.
Аскери көп немедей,
Ант ургурду карасаң,,
Абалдуу жолдон кайгы жеп,
Анча-мынча кенебей.
Жоо чыгат деп ойлобой,
Жолдошу көп немедей.
Кара жолдо калкылдап,
Кара олпок тону жалтылдап,
Бала жолборс канкоруң,
Кетип барат шалкылдап.
Жаш Семетей чунагың,
Он экиде жашында,
Тайманбаган убагы,
Кетип барат ар кандай,
Кабыландын баласы,
Кабагын салып зарланбай.
Үчкайыңдан өттү эми,
Жекендүү көлдүн башында,
Шабырлуу көлдүн чатында,
Атасы Манас жайлаган,
Сан миңдеп бээни байлаган,
Алтын мамы казыкты,
Аны көрдү абдан.
Болжолун байкап Семетей,
Каныкейдин кеби деп,
Канкордун жери экен деп,
Кыйалында тааныган,
Андан өтүп басты эми,
Жаш Семетей чунагың,
Жол табалбай азды эми.
Эл табалбай жүргөнү,
Элүү бешче күн болду,
Боз жорго минген тулпары,
Арып чарчап торугуп.
Арада нече конуптур,
Таалайы бар жетимге,
Кудайдын берген насыбы,
Талыкпастан жол жүрүп,
“Таласка жеткен чагыбы,
Абалдаган калың бак,
Ал Манастын багыбы?
Ошол кезде Семетей,
Ополго келген чагыбы”.

www.bizdin.kg

Кең Таласка келди эми,
Кең Таластын ойунан,
Аккан сууну бойунан,
Үчкошойдун чатынан,
Баркөлдүн башкы жагынан,
Атасынын күмбөзүн,
Алыскы жерден көрдү эми.
Закымдай болуп зыркырап,
Урган таштай быркырап,
Шамалдай болуп күркүрөп,
Жакын келип чунагың,
Аттан түшүп ыйлады,
Аманат жанын кыйнады.
«Атам Манас өлгөндө,
Армандуу болуп мен көрбөй,
Жашчылыктын айынан,
Алыска кетип жоголуп,
Араң келдим оңолуп»,
Агартып салган сарайын,
Азаптуу чунак көргөндө,
“Атакелеп” өкүрүп,
Арманын айтып өкүнүп,
Оң бөйрөгүн тайанып,
Ойронум атам деп түштү,
Оодарылып бүк түштү,
Сол бөйрөгүн тайанып,
Султаным атам деп түштү.
Суулугунан кармабай,
Бозжоргону бош таштап,
Болбостон бала бүк түштү.
Олтуруп Семең ыйлады,
Чымындай жанын кыйнады.
«О дүйнө кеткен атам деп,
Атакемдин арбагы,
Тийсин мага батаң деп,
Айтар кебин сыйла» - деп.
Куран окуп арбакка,
Бата кылып алды эми,
Ачкан оозун жумгуча,
Алаканын жыйгыча,
Аны-муну кылгыча,
Агарып турган күмбөздөн,
Шамал чыгып күркүрөп.
Күңгүрөнүп калды эми,
Жаш Семетей чунагың,
Арбактын доошун укканда,
Абдан көөнү сүйүнүп,
Бир кудайга сыйынып,
Атасынын үстүнө,
Чуркап басып кирди эми.
Күмбөзгө кирип караса,

www.bizdin.kg

Атасы Манас кеменгер,
Адамдан башка айлакер,
Алла таала колдогон,
Кан төгүүгө сайапкер,
Аккула минип маңкайып.
Агарып өзү шаңданып,
Тартылуу турган сүрөтү,
Аны ары жагында,
Азиз хандын Алмамбет,
Намыс үчүн Бейжинден,
Анжудан качып келген деп,
Акбалта хандын Чубагы,
Ойундун бири бул дагы,
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган.
Султан Сыргак баатыр шер,
Алмамбет, Чубак, Сыргак деп,
Атанып чыккан баатырлар.
Кылычтарын асынып,
Ал күмбөзгө жазылып,
Тартылыптыр сүрөткө,
Алмамбеттин мингени,
Айсарала бу дагы,
Анын нары жагында,
Музбурчак, Кошой эки шер,
Тартылыптыр бу дагы.
Жаш Семетей чунагың,
Күмбөздөгү сүрөттүн,
Баарысын көрүп алды эми,
Кайта басып бүгүлүп,
Чуркап чыкты жүгүрүп.
"Өлбөй тирүү экен",- деп,
Атакесин көргөндө,
Абдан бала сүйүнүп,
Атын чечип мамыдан,
Баса минип абыдан.
Алысты көздөй жүрдү эми,
Астындагы белестен,
Алмалуубулак, Шумкарташ,
Ашып түшүп ылдыйлап,
Кеңколду көздөй басты эми.
Бөксө жолдо бaратат,
Бөлүнүп бала санаасы,
Жолунан чыкты арсылдап,
Жолбун итти карачы.
Коркуп андан калабы?
Кабыландын баласы,
Үрүп ити кыңшылап,
Артына түштү Семеңдин,
Атасынын Куу тайган,
Билип тоскон келерин.

www.bizdin.kg

Үргөнүнөн жадабай,
Жан жагына карабай,
Жаш Семетей бастырса,
Таанып келди жаныбар.
Илгертен бери Куу тайган
Кумайык деп аталган.
Карыларга наамы бар,
Куу тайган эрчип артынан,
Чаткалга кирип келгенде,
Ээсин жоктоп муң баскан,
Эки көзүн кал баскан,
Чуудаларын чаң баскан.
Атадан калган Каралөк,
Жаткан экен сеңирде,
Ат дүбүртүн укканда,
Каралөк оонап чамынды,
Семетейди билеби?
Кайдан келген киши деп,
Каткан пулду алат деп,
Көбүгүн чачып буркулдап,
Семетейди качырды.
Каныкей айткан байагы,
Каралөгүм экен деп,
Эр Семетей тааныды.
Семетей анда кеп айтты,
Кар болупсуң Каралөк,
Карап жатып сен деди.
Калкын издеп келаткан,
Семетейиң мен деди.
Кубангандан Каралөк,
Ары бери жүгүрдү,
Алда нечен бүгүлдү,
Мойнун жерге салганы,
Болбой ээрчип алганы,
Муну мындай таштайлы,
Бакайдан кепти баштайлы.
Дегдеп тосуп жүрүүчү,
Темир тоодо чалыңыз,
Көптү көргөн Бакайың,
Көрүшкөн жерин айтайын.
Ай аркандап, күн санап,
Он эки жашка чыкты деп,
Сарытаз салса кабарды,
Семетейдин келерин,
Бакай абаң билүүчү,
Көкчолокту минүүчү,
Көзүнө дүрбү шыкаалап,
Күндө карап жүрүчү,
Бакай чалдын тоскону.
Темир тоонун тараша,
Маңдай жагы бөксө жол,

www.bizdin.kg

Баткалашты караса,
Күчү кеткен Бакайдын,
Көзүнөн жашы төгүлөт,
Дүрбү салып олтурса,
Жалгыз караан көрүнөт.
Балам ушул белем деп,
Бакайдын көөнү бөлүнөт.
Ыңгай карап олтурса,
Сымбатына толтуруп,
Минтип Бакай караптыр.
Келе жаткан адамдын,
Минген аты жараптыр,
Дегдеп Бакай болбоду,
Соолуп калган көңүлү,
Өзүнчө ташып толгону.
Көкчолокко дем уруп,
Көкчолок минип желгени,
Көптү көргөн Бакайың,
Салып жетип келгени.
Көрбөсө да Семетей,
Көрүп жүргөн немедей,
Билбесе да Семетей,
Бирге жүргөн немедей,
Салам айтып сактанып.
Салучу куштай таптанып,
«Караанымды көргөндө,
Камчылап атың кыйнадың,
Капасы бар немедей,
Абакем мени көрүп ыйладың,
Бакай анда кеп кылат:
«Бала сен кайдан келдиң”- деп сурайт,
Жоодурап Бакай кеп курайт,
Жүрөгү канча деп сынап,
Бакай ичтен тынады,
Баланы минтип сынады,
Бакайга Семең кеп айтып:
«Байкап уккун деп айтып,
Илгери атам өлүптүр,
Эки энем кордук көрүптүр,
Түйшүктү булар салыптыр,
Мен жетимди калкалап,
Эки карып энекем,
Төркүн издеп барыптыр.
Он эки жашка болгуча,
Сырын айтпай багыптыр.
Эригип атым тердетип,
Адамдардан ээрчитип,
Кызык доорон сүрчү элем,
Ит агытып куш салып,
Эрким менен жүрчү элем.
Ар кайсыдан кеп уктум,

www.bizdin.kg

Атаң Манас деп уктум,
Катын кыздан мен уктум,
Калкы ногой деп уктум.
Элим башка болгон соң,
Анда кантип турам уйалбай,
Энемден ар кыл кеп уктум,
Издеп чыктым тура албай,
Абаке сиздей ак сакалдуу кишини,
Калыс үчүн жараткан.
Биздей атадан калган жетимди,
Намыс үчүн жараткан.
Каныкей канча кеп айткан,
Сизди кабары катуу бек айткан.
Барганда тосот алдыңдан,
Бакай абаң деп айткан,
Билмексен болуп сурайсың,
Бул жерде мени сынайсың,
Кайнардын кара көзүсүң,
Каныкей айткан Бакайдын,
Буруусу жок өзүсүң.».
Минтип айтып салганы,
Анда Бакай кеп айтат:
«Кагылайын Семейим,
Кайгыңды кантип жебейин,
Кайран балам Каныкей,
Сени алып качканда,
Кара хандын шаарына
Караңгыда басканда.
Эки чанач сүт берип,
Эки байтал күч берип,
Орто арыктын ашуудан,
Кынымды белек бергенмин,
Кыным кана көрөйүн,
Бар болсо кыным жаныңда,
Сен экениң билейин,
Семетей балам сен болсоң,
Колуңда жүрүп өлөйүн».
Анда Семең чунагың,
Он экиде чунакка,
Арбак конгон убагы.
Мына аба кының деп,
Жанынан сууруп турганы,
Кынды Бакай көргөндө,
Токтоно албай Бакайың,
Атынан түшүп чуркады.
Бакайыңдын жанына,
Бала басып барганы,
Семетейди кучактап,
Сел болуп жашы буурчактап,
Кабагын бүркөп муңайтат,
Карыйа Бакай муну айтат:

www.bizdin.kg

“Сак-саламат жүрдүңбү?
Сагынганда келдиңби?
Зар болду Бакай билдиңби?
Куп-саламат жүрдүңбү?
Куса кылбай келдиңби?
Кагылайын чырагым.
Кайгымды ичтен чыгардың,
Карааныңды көргөндө,
Чаппай кантип турамын.
Кабарга Тазды жиберип,
Качан келет балам деп,
Тосуп жүргөн убагым.
Жаш баладай талаада,
Жадымда сөздү чыгардым.
Айтпасам ичке сыйа албай,
Ашыгып турган убагым.
Атаң Манас өлгөндө,
Абыке, Көбөш арамдан,
Азапты катуу көргөнмүн.
Араң жүрдүм муңайып,
Мен ал армандуу кезде өлбөдүм.
Атаңдан кийин төө бактым,
Байкуш Бакай жөө жаттым.
Атаң Манас барында,
Жээгинде жүрдүм аралаш.
Жеркесинде каралаш,
Өз билгимче иш кылып,
Билимпоз агам Бакай деп,
Кырк баатыр мага пааналап.
Анттуу досум Манастын,
Айткан кебин сыйладым.
Асыл Семей келет деп,
Аманат жанды кыйнадым.
Көйкөлгөн Кеңкол тоосунда,
Өлгөндө көрдүм жүзүңдү.
Атаң Манас барында,
Аргымак минип дууладым.
Асылым Манас өлгөндө,
Азапты тартып куурадым.
Курдашым Манас барында,
Кур аттан минип дууладым.
Курбалдаш көзү өткөн соң,
Кордукту тартып куурадым.
Темиркандын шаарына,
Тентип кетип сен калдың,
Тентектин тартып кайгысын,
Телмирип Бакай мен калдым.
Кагылайын жалгызым,
Кара хандын шаарына,
Качырып кетти Канышым,
Качып кетип сен калдың.

www.bizdin.kg

Кезек арам колунда,
Кайгырып ыйлап мен калдым.
Баламдын көрсөм жүзүн деп,
Башынан бери зарландым.
Баш коштурган кудайга,
Ыраазымын Семетей,
Калбады ичте арманым".
Бакайга Семең кеп айтып:
«Ыйлаба аба, - деп айтып,
Баатыр сиздей болобу,
Бу кылганың, абаке,
Баланын иши деп айтып,
Капа болбо, аба»,- деп.
Кайратты катуу бек айтып.
Билгизбей бала Бакайга,
Туйунтуп кептен жеме айтып,
Бакайдын жарпы жазылып,
Баласын көргөн Бакайың.
Ич көптүсү басылып,
Семетейди ээрчитип,
Бакайың жүрдү бастырып,
Арстандын уулу Семетей,
Абасы менен табышып,
Ал Семетей, Бакай хан,
Келе жатат жарышып.
Арстандан калган туйак деп,
Бакайдын айыл-апасы,
Атынан жулуп алышып,
Астына килем салышып,
Абдан сөзгө канышып.
Кысыр эмди сойдуруп,
Кыйналып келген балам деп,
Туурамчысын чыкыртып.
Атасы Манас баатырга,
Эт туурап тартуучу,
Бакай хандын чоң чара.
Колунда бар мына ушул,
Кысырактын бар этин,
Алып келип алдына.
Чарасы менен койдуруп,
Тоо мийаз кошуп чык кылып,
Ачуу туздан чык кылып,
Бүтүн баарын койду эми,
Баланын жайын көрмөккө,
Бардашканча билмекке.
Бакайың сынап турду эле,
Бала жолборс Семетей,
Тартынып калбайт кенедей.
Кош колдоп алып сугунуп,
Койбой жеди баарысын,
Колунан бербей намысын,

www.bizdin.kg

Кош кылыптыр тындырып,
Сынаган Бакай карысын.
Карыйа Бакай сынады.
Кайратын көрүп Семеңдин,
Атасынан кем болбойт,
Айланайын балам деп,
Ичинде Бакай тынганы.
Арып келген балам деп,
Жылкы этине тойдуруп,
Эрте уйкусун алсын деп,
Тынч жаткырып койдуруп,
Эртең менен болгондо,
Бакай хандын үйүнө,
Эл жыйылып толгондо,
Дасторкондун үстүндө,
Тамак ичип тойгондо,
Кайран Бакай карыйа,
Айтып сөзүн жарыйа.
Атты алдырып токутуп,
Бар кебин айтып окутуп,
Абыке, Көбөш, Жакыпка,
Бармак болду коркутуп.
Семетей жүрдү бастырып,
Эр Бакайды баш кылып.
Атасы түшүп ойуна,
Семетей көзүн жаш кылып.
Тилегин кудай берген кул,
Тиктегенин көргөн кул,
Тилегенин колуна,
Тирүүсүндө келген кул.
Төрөдөн калган туйактын,
Уксаң жайы мына бул.
Тилегин кудай берген соң,
Жакып хандын үйүнө,
Жакындашып келген соң,
Бакай мындай кеп айтат:
«Балам сен ушунда турчу, деп айтат,
Абал мен мурун барайын,
Атаңдан кабар алайын,
Сагынып сага зар бекен,
Зардаптураак киши эле,
Же арамдыгы бар бекен?».
Семеңе айтып иш дайынын,
Семетейди тургузуп,
Бакайың желип кетти бургутуп.
Жалгыз кетип калды эле,
Жакып хандын үйүнө,
Жакын жетип барды эле,
Каныкейдин кеткенин,
Бакайдан Жакып көрүүчү,
Ошол чактан ушул чак,

www.bizdin.kg

Ат бастырып келе элек,
Жакыптын көзүн көрө элек.
Бир бастырып келе элек,
Биригип тамак иче элек.
Баласы келген Бакайың,
Бастырып келген атайын.
Салам айтып Жакыпка,
Барган жерин айтайын.
-Жүз көрүшүп сүйлөшпөй,
Өткөрдүк далай заманды.
Көрбөгөнүм көп болду,
Жакып хан эсен-аманбы?
Бербейсиңби сүйүнчү,
Таап келдим balaңды,
Семетей келди сени издеп,
Эми баскын санааңды.
Манастан калган Семейим,
Бала жолборс беренм.
Алыстан келип калыптыр,
Эп көргөнүң барсыңбы?
Өлгөн бала келди деп,
Терс көргөнүң барсыңбы?
Саар кетип кеч келди,
Сагынганың барсыңбы?
Сайышаар бала келди деп,
Камынганың барсыңбы?
Бул сөздү айтып Бакайың,
Эшигине барды эми,
Жакып хандын ошондо,
Ачуусу жаман келди эми,
Жакыптын өңү бузулуп,
Жан алчудай жутунуп:
«Келинимди кетирип,
Сен жүрөсүң кутуруп,
Мага сүйүнчү бергин деп,
Балаңды алып келдим деп,
Мага дартты өткөздүң.
Баламды башка өстүрдүң,
Каныкейди кетирдиң,
Караканга жеткирдиң.
Бузуктугуң мындан көп,
Душмандыгың андан көп,
Издеп балам келгендир.
Атам бар деп эшитип,
Алып келгин баламды.
Талаага таштап келипсиң,
Ылдамыраак ээрчитип,
Долу энем кылган бул иш деп,
Жүргөндүр балам убайда,
Манастан туйак калган соң,
Арманым барбы кудайга».

www.bizdin.kg

Бакайга сырын билдирбей,
Кейимиш болуп кеп айтып,
Турба Бакай бастыргын,
Баламды алып келгин деп,
Кытмыр Жакып калганы.
Эшикке чыгып Бакайың,
Атын чечип мамыдан,
Арам сезип жаңыдан,
Көкчолок минип толгонуп,
Көөнүндө күмөн ойлонуп,
Кабакка атын каңтарып,
Көрүнбөй барып Бакайың,
Туурдугун аңтарып,
Көптү көргөн Бакайың,
Кебин тыңшап калыптыр.
Жакып хан айтты бул кепти,
Семетейдин башына,
Салмак болду дүмөктү:
«Ой, Бакдөөлөт байбиче,
Мен айтайын кеп уккун,
Пейлиңди салып бек уккун,
Атамдын малын алам деп,
Семетей келди деп уктум,
Жетимдин көзүн жойбосок,
Эшиктен төргө өтүүчү,
Эки уулуңду байбиче,
Ээрлебей минүүчү,
Төрөдөн калган ал чунак,
Түбүбүзгө жетүүчү,
Чоң түйшүктү салуучу,
Жоодой талап алуучу,
Үй-үлкүмөт, мал-пулду,
Жерине алып баруучу,
Жыргап жаткан уулуңду,
Жылас кылып салуучу.
Көөкөрдөгү аракты,
Көк чыныга куйасың,
Темир тоодо чеп болгон,
Бели катуу эр эле,
Бакайга жазбай сунасың.
Ал Манастын уулу болгон соң.
Жалындап күйгөн өрт болот,
Анын көзүн жойбосок,
Жакшылыкка жете албай,
Балдардын көзү төрт болот.
Кытайдан келген сыр чыны,
Тийсе болот суу чайка,
Аракка кошуп уу чайка,
Удан арбын куйа көр,
Семетейге суна көр».
Элди эшикти каратып,

www.bizdin.kg

Келеби деп жардатып,
«Тийсе болот» уулардан,
Аракка кошуп чайкатып,
Жакып хан турду айарлап,
Ууну ошентип дайардап.
Белендеп койуп кынаптап,
Кылайын деп ушуга,
Аарчып койгон пийаздай,
Ал Бакдөөлөт байбиче,
Чайкабады тырышып,
Жакып хан менен урушуп:
«Калың журтка уйат -деп,
Как баш каапыр оңбой кал,
Баланы кантип кыйат -деп,
Ичкенде балам өлөт деп,
Жашында кордук көрөт» деп,
Бакдөөлөт ыйлап турду эле,
Уруп сабап коркутуп,
Ыйласа Жакып болбоду,
Ууну чайкап толкутуп.
Жонуңду айра чабам деп,
Карыганда жолго салам деп,
Келип калган эби ошол,
Тыңшап турган Бакайың.
Тыңшап уккан кеби ошол,
Ошол замат эр Бакай,
Кайра басты бүгүлүп,
Атын көздөй жүгүрүп.
Атына басып барды эми,
Атын минип Бакайың,
Аркадагы Семеңе,
Салып жетип келди эми,
Көргөн-билген сөздөрүн,
Баарын айтып берди эми,
Семетей балам жүрү деп,
Кайра жөнөп калды эми.
“Оо, балам, чоң атаңа барабыз,
Ак көөнү болсо атаңдын,
Абдан көрүп алабыз,
Бузуку көөнү бар болсо,
Мууздап аны алабыз.
Сен экөөбүз түшкөн соң,
Бир чыныга суу келет,
Бир чыныга уу келет,
Сууну мага сунганда,
Мен жутуп ийем мурчуйуп,
Сыр чыныга уу келсе,
Төрдө отурган чоң атаң.
Жакып ханга сунгунуң,
Ичпеймин десе Жакып хан,
Ит айакка куйгунуң”

www.bizdin.kg

Муну айтып Бакайың,
Семетейди ээрчитип,
Жакып хан карай кетишти,
Ат дүбүртүн укканда,
Жакып хан чыкты эшикке:
«Айланайын, кулунум,
Алыс жерге сен кетип,
Айламды таппай курудум,
Чоңойдуңбу балам деп,
Чоочун жерге кетирип,
Долу энең каапыр арам деп,
Эч канчалык киши эмес,
Эсен келдиң мага деп,
Айланайын балам деп,
Алыс жерге кетирип,
Акылсыз энең арам деп,
Мени издеп балам келген соң.
Басылды эми санаам деп,
Балам сенин айыңдан,
Башта жүрдүм убайда,
Жалгызым өзүң келген соң,
Арманым барбы кудайга.
Арстандан калган туйагым,
О дүйнө кетер убагым,
Балам үйгө кирсин деп.
Баштап Бакай киргин деп,
Эшик ачып киргизип.
Эркин баатыр Семеңе,
Эзилишип көрүштү,
Арамдык кепти кылайтпай,
Айлана аргиз сыр айтпай,
Семетейге уу бериш,
Арчып койгон пийаздай,
Бакай менен Семейиң,
Үйүнө кирип отурду.
Кирип келип Жакып хан,
Тиктесе көзүн жыртайтып,
Тим эле ачуу кылгансып:
«Ой, Бакдөөлөт байбиче,
Аңкап келген балама,
Алып келгин арак ,-деп,
Ылдамыраак сунгунуң,
Уктуң эле байа эле.
Куйдуң беле белендеп,
Бакайга мурун сунгун,- деп,
Сыр чыныга аракты,
«Семетейге куйгун»-  деп,
Жакып хан айтты мындай кеп.
Көк чыныны көтөрүп,
Бакай ханга сунду эли,
Көк чыны колго тийди эле.

www.bizdin.kg

Шилтеп Бакай ийди эле.
Ал Бакдөөлөт байбиче,
Сыр чыныны суна албай,
Бөйпөлөктөп турду эле,
Чыдай албай Бакдөөлөт,
Бөлөк чыны сунду эле,
“Чунак куйту балама,
Сыр чыныга куйгунуң,
Арам күңдүн, каапыр ай,
Бул эмине кылышы,
Ыраа көрбөй турабы?
Балама атасынын чынысын,
Сыр чыныга бергин”, -деп,
Семетейди алдады эле,
Коркконунан Бакдөөлөт,
Чынысын алып калтылдап,
Баланы карап жалжылдап,
Кооп турду титиреп,
Бүткөн бойу дүркүрөп,
Басалбай кемпир бүжүрөп,
Араң өйдө турду эле,
Колуна алып Семетей,
Билбегенсип кенедей.
Тура калып күлдү эле,
Ооз тийип бергин деп,
Жакып ханга сунду эле.
Арамза Жакып ошондо:
“Атаң Манас өлгөлү,
Мен ачуудан калганмын,
Карылык жолун издедим,
Кайраттуу тамак ичпедим”.
Ыйламсырап кеп айтып,
Ыраазымын Семетей,
Иче кой, балам, деп айтып,
Жакып хан башын чайкады.
Кыраакы бала Семетей,
Чыныдагы аракты.
Кайнаганын байкады.
Жакасынан бек кармап:
“Жалгызыңдын көөнү үчүн,
Ооз тийип бергин деп,
Сизден мурун мен ичсем,
Кусуруң уруп кетер деп,
Ич, атаке, ичкин”- деп.
Аракты сунуп чайкалтып,
Чыныдан арак төгүлүп,
Сакалына тийди эле,
Тийген жерде сакалы,
Шыр-шыр этип күйдү эле.
Сизден мурун ичпейм деп,
Итке куйуп берди эле.

www.bizdin.kg

Тумшугу ууга тийгенде,
Иттин оозу ырсайып,
Тумшугу менен жер сайып,
Бүдөөгө келбей өлдү эле.
Муну Семең көрдү эле.
Ыргып тура калды эми,
Жүгүнө жыйган Аколпок,
Тээп сууруп алды эми,
Куржунду дагы алгын деп,
Бакайың айтып калды эми,
Олпок менен куржунду,
Колуна алып эр Семең,
Ачуусу келген эр немең,
Катарланган эшиктен,
Катуу ачып эшигин,
Ачуу менен чыкты эле,
Тастар боосу үзүлүп,
Бута атым жерге түштү эле,
Манастын уулу чунагың,
Мына ошондой күчтүү эле.
Атка минип алкынтып,
Ачуусу келип жулкунтуп,
Арыкта сууну толкунтуп,
Атасы кары Жакыпты,
Айбаты менен коркутуп:
“Атаке Жакып оңбой кал.
Эгерим эки болбой кал.
Уу  ичкин деп зордойсуң,
Бейажал уудан өлбөймүн,
Дидарыңды көрбөймүн,
Атамдан көрбөй пайда деп,
Абыке, Көбөш кайда деп,
Эки уулуңду ээрчитип,
Эр болсоң мени жайла деп.
Эми чыктым чоң ата,
Дал он эки жашымда,
Мага кылган кастыгың,
Өзүңдүн тийер башыңа”.
Бул сөздү айтып чунагың,
Атынын башын оң тартып,
Абыке көздөй жол тартып,
Күлүктүн башын оң тартып,
Көбөштү көздөй жол тартып.
Жүр абаке бастыр деп,
Эңкейиш тартып келиши,
Тез бастырып желишип,
Минген атын тердетип,
Туура жолго киргени,
Абыке, Көбөш айлына,
Жакын жетип келгени.
Жакындап  жолго келгени,

www.bizdin.kg

Карыйа Бакай кеп айтат:
“Кагылайын Семейим,
Кайгыңды кантип жебейин?
Айланайын Семейим,
Азапты минтип жебейин?
Сен ушундай туруп тур,
Мен бир барып келейин,
Абыке, Көбөш агаңдын,
Маани-жайын билейин,
Сагынып сага зар бекен,
Сайышар бала келет деп,
Камынганы бар бекен,
Эрте кетип кеч келдиң,
Эстеген тууган бар бекен,
Эрте өлгөн бала келди деп,
Демиккен тууган бар бекен,
Как өзөнгө чыкканы,
Кайың эмес тал бекен.
Капкайдан келген бала деп,
Кас кылчу тууган бар бекен,
Эриккен бала келди деп,
Эп көргөн тууган бар бекен.
Издеп келсең көрө албай,
Атакең Жакып өңдөнүп,
Жек көргөн тууган бар бекен?”
Бар кебин айтып окутуп,
Желип кетти ургутуп,
Абыке, Көбөш айлына.
Эшигинин алдына,
Барып Бакай чакырды:
“Абыке, Көбөш барбы?”- деп,
Аттуу  туруп бакырды,
Жаткан экен эки хан,
Бири ордо атышып.
Бири чатыраш менен чатышып,
Эчтеме менен иши жок,
Барбы жокпу деп айтып,
Жооп берген киши жок.
Көп чогулуп Көбөштү,
Бий кылыптыр босого,
Күркүрөгөн айбанга,
Адам жакпайт ошого.
Эшикте турган балага,
Абыке барбы деп айтты,
Бакай мындай кеп айтты.
Күлүп бала кирди эле,
Бала кирип күлгөндө,
Эмне үчүн күлдүң деп,
Көпчүлүк айтып ийди эле,
Бала анда кеп айтты:
“Аттуу туруп бир кары,

www.bizdin.kg

Абыке барбы бул жерде,
Чакыр бери деп айтты,
Аттуу туруп чакырган,
Ал карыга күлөмүн".
Акылга дыкан Абыке,
Айтканда аны билди эле.
Аттуу мени чакырган,
Башка эмес, Бакай деп,
Эшикти көздөй жүрдү эле,
Эшикке чыгып Абыке,
Бакайга салам берди эле.
Бакайдын үнүн угуптур,
Көбөш  баатыр туйуптур.
Бакай эмне келди деп,
Көр Көбөшү күүлөнүп,
Эшикке басып чыгыптыр,
Абыке чыгып кеп айтат:
"Аксакал аба деп айтат,
Айланайын абаке,
Бир жактан кабар алдыңбы,
Ал үчүн келип калдыңбы?
Аксакал Бакай карыйа,
Аман-эсен барсыңбы?"
Анда Бакай кеп айтат:
"Абыке, Көбөш хансыңбы,
Аман-эсен барсыңбы?
Семетей келди сени издеп,
Сүйүнгөнүң барсыңбы?
Эрте өлгөн бала келди деп,
Күйүнгөнүң барсыңбы?
Саар кетип кеч келди,
Сагынганың барсыңбы?
Сайышаар бала келди деп,
Камынганың барсыңбы?
Манастан калган туйак деп,
Тутка кылчуң барсыңбы?"
Бакай айтты бул кепти,
Көр Көбөшү күүлөнүп,
Салмак болду дүмөктү.
Көбөш баатыр күүлөнүп,
Көрсөтөм деп сүйлөнүп:
"Карыганыңда сен Бакай,
Калыпты таап келесиң,
Азыр бирди көрөсүң,
Семетейди келди деп,
Кандай айтып келесиң?
Карыганыңда тим жүрбөй,
Бизди сынап көрөсүң.
Семетей деген ким эле,
Нечактан бери жоголсо.
Келди деп айтып сен Бакай,

www.bizdin.kg

Тийишесиң тим эле”.
Деп жулунуп көркө бөш,
Бакан алып жүгүрүп,
Бакайды башка салганы,
Бакайдын башы жарылып,
Атынан түшүп калганы.
Куйка тери салаңдап,
Эки көзү алаңдап,
Бир кудайга сыйынып,
Олтура калды Бакайың.
Ал аңгыча болбоду,
Абыке келди алкылдап,
Бакайдын башын көргөндө,
Көбөшкө карап баркылдап:
“Көзүр Көбүш сүйлөйсүң,
Көзүң чыкса билбейсиң,
Акмак Көбөш сүйлөйсүң,
Арың кетсе билбейсиң,
Арам чунак айбан ит,
Айткан сөзгө кирбейсиң.
Айланайын, абаке,
Баарыбыз бирге тууганбыз,
Кудай урсун Көбөштү,
Ынтымак кылса абаке,
Кудай берет дөөлөттү.
Акмактын кылган ишине,
Албагын аба көөнүңө,
Башым тартуу абаке,
Байкасаң сенин өзүңө,
Баш айрылса абаке,
Бөрк ичинде болуучу,
Колу сынса абаке,
Жең ичинде болуучу”.
Абыке айтып жай сөздү,
Абакеси Бакайды,
Үйгө алып барып киргизди.
Башынын канын жуудуруп,
Бакайдын башын тазалап,
Ак даки менен буудуруп.
Чай кайнатып бал берди,
Баарын тегиз май берди.
Тамактын баарын май кылып,
Бакайдын көөнүн жай кылып,
Чайды ичип болгондо,
Бакай майга тойгондо,
Абыке айтты бул сөздү,
Акылдан чыккан куу сөздү:
“Акылман мууган Каныкей,
Алтымыш арып бул билген,
Алты уруу инсан тил билген,
Арибина  салгандыр,

www.bizdin.kg

Өлдү деген Семетей,
Тирүү келип калгандыр.
Келди дедиң Семетей,
Келсе келип калгандыр.
Бастыргын аба, турбагын,
Семетейди алып кел,
Жалгыздан калган туйакты,
Тууган кылып алалы,
Душманга бирге туралы,
Алтымыш бээни сойойун,
Алты сан аргын ногойго,
Хан көтөрүп койойун,
Акылдан кайгы жойулуп,
Алып келгин баланы,
Жалгыз эси чыгат деп,
Айланайын абаке.
Элдер укса уйат деп.
Балама жакшы сөз айт деп,
Ичинде кайгы болбосун,
Жандатып койсоң куу сөздү,
Имерилбей койбосун.
Как ушуну укканда.
Бакай анда кеп айтат:
“Абыке, балам деп айтат,
Көрүнүштө карааны.
Атасынча бар экен,
Анткен менен, Абыке,
Күйпүл өскөн бала экен,
Ичинде турат зардабы,
Жетим өскөн иниңдин,
Көп жогураак дарманы.
Иниңдин жайы ал экен,
Жүргүнүң десем болбоду,
Жүрөгү тайкы жан экен”.
Бакай атын минип бургутуп,
Көкчолок менен оргутуп,
Арт  жакта калган Семеңе,
Салып жетип барды эле,
Анда Семей муну айтат,
Агартып тишин кылайтат:
“Кагылайын абаке,
Эрте кетип кеч келдиң,
Эриккени бар бекен,
Эрте өлгөн бала келди деп,
Демиккени бар бекен?
Саар кетип кеч келдиң,
Сагынганы бар бекен?
Сайышаар бала келди деп,
Камынганы бар бекен,
Илгертен бери булардын,
Ойлогону арамдык”.

www.bizdin.kg

Анда Бакай кеп айтат,
Наалып туруп муң айтат:
“Арстаным Манас барында,
Ошол кезде өлбөдүм,
Акыретти көрбөдүм,
Жетим келер бекен деп,
Дегдеп тосуп жүргөнмүн,
Көр Көбөштөн мен өзүм,
Өзүнчө кордук көргөнүм,
Абыке сөзүн жайлады,
Байкушта арман калбады,
Абыке угуп сүйүндү,
Көбөш угуп күйүндү,
Көбөш сөзүн байлады,
Карып калган абаңды,
Кол бакан менен жайлады.
Анда барып мен айттым,
Семетей келди деп айттым.
Кечигип калган ишим бул,
Таап келген сөзүм бул.
Айланайын кулунум,
Айткан сөздү уккунуң,
Анткен менен Абыке,
Астыман шашып жүгүрдү.
Азыраак гана иш үчүн,
Алдыма келип бүгүлдү,
Арстандык кылып Семетей,
Абыке менен Көбөшкө,
Астили сырың айтпагын,
Балалык кылып шашпагын,
Балтыр эти толсун деп,
Балам, сени сактадым”.
Семетей минди атына,
Бакай кирди алдына,
Бакай менен Семетей,
Бир бастырып жанашып,
Барып түштү ордого.
Абыке менен Көбөштүн,
Эл чогулган короого,
Абыке келип алынып.
Айланайын жалгыз деп.
Семетейге жалынып,
Атынан жулуп алышып,
Алдына килем салышып,
Баары дүрбөп барышып,
Бала менен көрүшүп,
Семетейдин бетинен,
Бирден-бирден өбүшүп,
Абыке менен Көбөшкө.
Арстандын уулу Семетей,
Көрүшкөн жери мына ушу.

www.bizdin.kg

Семетейди көргөндө,
Көр Көбөштүн жүрөгү,
Чыгып кете жаздады,
Эскиси түшүп эсине,
Көбөш көзүн жаштады.
Каныкейге кылган дат,
Как ошол жерде көрүндү,
Көзүнүн жашы төгүлдү,
Кайгырып кылган ишине,
Көкүрөк сөөгү бөлүндү,
Абыке сөзгө кирди эми:
“Айланайын, Семей ,- деп,
Азыр кайгы жебе,- деп,
Сак-саламат келдиңби,
Санааңа бизди алдыңбы,
Эсен-аман келдиңби,
Эсиңе бизди алдыңбы,
Издеп келип калдыңбы?
Ырахмат, Семей өзүңө,
Ыраазы болдук биз  сенин ,
Издеп келген өзүңө.
Кечээ кирип жатыпсың,
Семетей бала түшүмө”.
Көбөш менен Абыке,
Көрүнө кылды жарамат,
Өлтүрдүк деген Семетей,
Келип калды саламат.
Семетей турду серпилип,
Абыке менен Көбөшкө,
Алайа карап тиктелип,
Ал кайратын көргөндө,
Абыке, Көбөш апкаарып,
Корккондугу билинип,
Кол куушуруп ийилип,
Анда Семең кеп айтат:
“Абаке, Көбөш деп айтат,
Алда сенин азабың,
Энеме салган казабың.
Энемди сабап сыздатып,
Буркуратып ыйлатып,
Кылбаган ишиң калдыбы,
Тууганмын десең өзүң бил,
Душманмын десең кошуун жый,
Атышаар болсоң атка мин,
Анте албасаң өзүң бил”.
Анда Абыке бүгүлдү,
Семетейдин астына,
Кол куушуруп жүгүндү:
“Айланайын, Семейим,
Азапты минтип жебейин,
Жалган айтсам оңбойун,

www.bizdin.kg

Жаза сөз өтсө мен жактан,
Жаннаттын жүзүн көрбөйүн.
Арамдык кылсам өлөйүн,
Алланын жүзүн көрбөйүн,
Таза шумкар баласы,
Карды тойо жем жебейт,
Хан зааданын баласы,
Кандай жумуш болсо да,
Капа болуп кирдебейт.
Ак шумкардын баласы,
Ашөпкө тойуп жем жебейт,
Арстан эрдин баласы.
Аркандай ишти көрсө да,
Анча эле көөнү кирдебейт.
Арстаным Семе ат тартуу,
Абыке агаң баш тартуу,
Атаңдан калган ордону,
Жасатайын жаңыдан,
Айланайын жалгызым,
Сөзүмдү укчу абыдан,
Устаны жыйып алдырып,
Сарайыңды салдырып,
Кызыл гүлдү жайнатып,
Булбул кушту сайратып,
Ар бир түрдүү гүл салып,
Адам көрсүн таң калып.
Айланайын семетей,
Асылдык кылсаң кечерсиң,
Асылдык кылбай сен койсоң,
Агаңдын башын кесерсиң,
Туйгундук кылсаң кечерсиң,
Туйгундук кылбай сен койсоң.
Тууганың башын кесерсиң.
Кудай жалгыз ,куран чын,
Кулунум Семей өзүң бил”.
Анда Семең муну айтат:
“Абыке, Көбөш сен экөөң,
Сарайды жакшы салдырчы,
Устаңды жыйып алдырчы,
Жаңырып чыксын күн тартып.
Жашыл гүлдөн сыр тартып,
Кызыл гүлдү жайнат,- деп,
Булбул кушту сайрат,- деп.
Бир айда бүтүп болсун,- деп,
Эки айда көчүп келем,- деп,
Аппак көөнүң бар болсо,
Туугандыгың билем,- деп,
Душмандыгың бар болсо,
Маани жайың көрөм»,- деп.
Семетей айтты мындай кеп,
Анда Абыке кеп айтып:

www.bizdin.kg

“Арстаным Семей ,- деп айтып,
Макул Семе сөзүңө,
Сарайды жакшы салдырам,
Устаны жыйып алдырам,
Теректи такыр кыйдырам,
Устаны койбой жыйдырам,
Кызыл сыр менен сырдатып,
Нечен түрдүү кырдатып,
Тышын аппак бордотуп,
Сарайды жакшы салайын.
Көз уйалып жаткыдай,
Көргөн элдин баарысы.
Даңаза кылып кайткындай,
Семетей чунак көчүп кел,
Манас турган жер ушул”.
Ушуну айтып Абыке,
Семетейдей чунакты,
Ээрчитип алып жүргөнү,
Ак сарайга киргизип,
Көрпө, килем салды эми,
Дастаркон жайдырып,
Кант, мейизин койдуруп,
Самоордон чайды куйдуруп,
Ак чайнекке демдетип,
Суусунуна чунактын,
Кымыз алып келди эми,
Бакай менен Семеңге,
Конок кылып бермекке,
Кысырдан кармап сойдуруп,
Кемегесин ойдуруп,
Казы, учаны бышыртып,
Ачуу туздан чык кылып,
Астына алып койду эми,
Бакай менен Семетей,
Этти жешип болгондо.
Бата дуба кылышып,
Дасторконду жыйышып,
Аттарды отко койушуп,
Жатып уктап калды эми.
Муну мындай таштайлы,
Семетейдин туурга,
Конушунан баштайлы.

www.bizdin.kg

# СЕМЕТЕЙДИН АТА КОНУШУНА ЭЭ БОЛУШУ, КЫРК ЧОРОНУН КЫРЫЛЫШЫ

Ал аңгыча болбоду,
Таң саргарып атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Ойдо кулун чуркурап,
Кара каш торгой чулдурап,
Жан-жаныбар кыбырап,
Жанында торгой быжырап,
Бак-дарактар шуулдап,
Жандардын баары тыбырап,
Асмандагы жылдыздар,
Кыбыла көздөй зыркырап.
Намаз маалы болгондо,
Бакай Семей ойгонуп,
Ордунан турду толгонуп.
Колун суга салышып,
Кол дааратын алышып,
Бутун суга салышып,
Бут дааратын алышып.
Агып жаткан арыктан,
Адал даарат алышып,
Жайнамазын салдырып,
Экөө сүннөт, экөө парз.
Эгем талаа бендеден,
Өтпөй турган кыйын карыз.
Төрт ирекет багымдат,
Төптөп окуп алды эми,
Намазды окуп болгон соң,
«Табарикти» жат айтып,
«Жаасын» деген сүрөөнү.
Таң калгыдай бат айтып,
Дурутун окуп кошо айтып,
Алакан жайып кол ачып,
Атасы өткөн Манаска,
Арбагы азыр Таласта,
Арнап бата кылды эми.
Бата дуба кылган соң,
Бармак менен сыдыртып,
Сөөмөй менен кыдыртып,
Теспе тартып отуруп,
Оозуна ыйман толтуруп,
Алланы ойлоп жат кылып,
Жайын намазын жыйды эми,
Ал аңгыча камынып,
Алдына келип алдырап,
Аларга чайын берди эми,
Куурдак менен май берип,
Стакан менен чай берип,
Ашыкпай туруп берендер,

www.bizdin.kg

Аш-тамагын жай ичип,
Мейман кылып аларга,
Каз эритип май койгон,
Кандыра кара чай койгон,
Каркыттаган көөкөрдүн,
Жибектен боосун чалдырган,
Ысык арак кошпостон,
Муздагынан алдырган.
Ысыган жүрөк кубанып,
Суусундарын кандырган,
Кымызын кошуп ичишип,
Капакка салган балды жеп,
Каймакка бышкан нанды жеп.
Алып келген тамактын,
Бирин койбой баарын жеп.
“Эми алып келбегин,
Курсак тойду болду деп,
Атамдан калган жабдыктар,
Кайда экен келсин”,- деп,
Дасторконун жыйганда,
Абыке турду алдырап,
Балага кылып кызматы,
Тил байланып жалдырап.
Анда калган Аккелте,
Олпок менен Сур жебе,
Айбалта менен Сырнайза,
Ачалбарс кылыч, булдурсун,
Алдына алып келди эми,
Жаш Семетей чунакка,
Жабдыкты такыр берди эми,
Жарактын баарын алган соң,
Жалгыздын көөнү тунган соң,
Керүүдөн атты алдырып,
Үстүн токум салдырып,
Жылкыны барып көрөм деп,
Айылдан бала бастырып.
Абыкенин айлынан,
Ат чабымдай ыраакта,
Жаткан жылкы буларда,
Бала жолборс Семейиң,
Ошондо келип караса,
Он эки катар тай чабым,
Алардын тарткан желеси,
Бул түгөнгүр мүлк экен,
Атамдын калган дүйнөсү,
Алты сан араң жылкы экен.
Жайы-кышы Кеңколдо,
Кыбырабай турчу экен,
Чекесинен субайды,
Жылкычы кармап минчү экен,
“Семетейдин аты”- деп,

www.bizdin.kg

Манастын көзү барында,
Арнап койгон Буурултай,
Аны Бакай билчү экен:
“Семетей балам келгин деп,
Аралап жылкы киргин деп,
Арнаган атаң Буурултай,
Он беш асый бул кезде,
Кармап аны мингин”,- деп,
Окшош жылкы кызыл сур,
Буруп калган жери жок.
Баары буурул кызыл сур,
Тааный албай буурулду,
Карыган Бакай карап тур,
Баары тегиз жуушаган,
Семизинен нык болуп,
Жылкынын баары сулаган,
Аралап жүрүп буурулду,
Тааныбады булардан,
Тааный албай буурулду,
Таап мине албай болду таң,
Дагы айтты бир сөздү.
Карыган Бакай абаң чал:
- Аттардын баарын айдайлы,
Желеге барып кармайлы,
Шек берер бекен Тайбуурул,
Мына ошондо кармайлы.
Аттардын баарын айдады,
Он эки катар тай чабым,
Желеге барып камады,
- Субайдан тоодо калдыбы?-деп,
Семетей сурап калганы,
Семетей менен абаңа,
Кошулуп бирге бастырган,
Абыкеси айтканы:
- Субайдын баары ушу деп,
Сыртта жылкы калган жок,-
Абыке айтып салганы,
Укуруктап, койгулап,
Аттардын баарын айдады,
Он эки катар тай чабым
Желеге айдап камады,
Кыргыздын баары дүбүрөп,
Чогулушуп барганы,
Куйругун салып сыртына,
Кызыл буурул бир жылкы,
Кыл тийгизбей жебеге,
Аттап кетип калганы.
Кыл муруту былк этип,
Мыйыгында күлдү эми,
Тайбуурул ушул экен деп,
Карыган Бакай билди эми,

www.bizdin.kg

“Куржунду балам ачкын деп,
Аккуланын боолугун,
Андан издеп тапкын”,- деп.
Куржунду бала ачыптыр,
Томолоктоп чын түрүп,
Боолукту булар катыптыр.
Жибектен кылган боолугу,
Катылуу бойдон жатыптыр,
Кайындан кылган укурук,
Боолукту байлап башына,
Жаш Семетей басыптыр,
Бурулуп Буурул кеткиче,
Боолукту салып мойнуна,
Боолук менен укурук,
Сабы Семей колунда,
Октоло түшүп жалт койуп,
Карыган Бакай жүгүрүп,
Жетип барды ушуга.
Атадан калган ээр токум,
Аккуланын ноктосун,
Анталап баатыр көтөрүп,
Абыке келди ашыгып,
Тандап жылкы кармаган,
Азар түмөн жылкыдан,
Таанybай булар калбаган,
Сыртынан сынап байкашып,
Тайбуурулду кармаган,
Аккуланын ноктосун,
Буурулдун катты башына,
Чоң келбей, нокто чак келди,
Кылган ишин оң кылган,
Кудай талаа ал элди.
Имерилип Буурул ат.
Семетейди жыттады,
Жытын алып Семеңдин,
Жыттаган соң ыктады.
Алдынкы кашы карк алтын,
Кийинки кашы чылк күмүш
Эки каптал эн темир,
Эптеп кылган ак каңгы ээр,
Тайбуурулга чак каңгы ээр,
Жонуна чыңдап мыктады,
Айат окуп Курандан,
Үстүнө Семең чыкканы,
Башын булгап кылт бербей,
Ылоолук кылып жалт бербей,
Көлбүгүп Буурул басканы,
Буурулду минип зоңкойуп,
Сырнайза колдо койкойуп.
Бала жолборс Семетей,
Ач арстандай шаңданып,

www.bizdin.kg

Ач албастай, жанда байланып,
Айбалта белге илинип,
Булдурсун колго карманып,
Атып жүрсө Аккелте,
Аманат жандын эрмеги.
Асынып жүрсө Аккелте,
Айдалынын жөлөгү,
Асынып алды жонуна,
Олтурду Манас ордуна,
Төрөдөн калган белеги,
Түбүндө мунун тиет го,
Бар кыргызга кереги.
Аркасын карап кылчайып,
Абыкеге анда айтты:
- Абыке, Көбөш агам, - деп,
Азапты көргөн силерден,
Каныкейге барам, - деп,
Ак сакал бизге нак калыс,
Касиеттүү абам, - деп,
Агартып салган калааны,
Абдан жакшы салдыр,- деп,
Эки айда кайтып келемин,
Сарайың бүтсө киремин,
Сарайды жакшы жасасаң,
Туугандыгың билемин.
Ошону айтып Семетей,
Аккелтени асынып,
Ашыккан жүрөк басылып,
Ак олпокту кийинип,
А, кудай деп сүйүнүп,
Абыке менен Көбөшкө,
Айтып кетер сөзү бул:
- Атамдан калган жабдыктын,
Алдым койбой мен бирин,
Кылсаң дагы кылбасаң,
Кызматыңды өзүң бил,
Бакайга салган казабың,
Энеме салган азабың,
Айтпай койсом чыкпас,- деп,
Көкүрөктүн кирин.
Атам Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Өткөрбөйүн күн арадан,
Душмандан бетер таладың.
Асылым энем Каныкей
Ажалыңдан кечерби,
Каныкейден сурайын,
Чыйырды менен Каныкей,
Кайгы тарткан убайым,
Кайтарып кезек келтирди,
Кагылайын кудайым.

www.bizdin.kg

Кайтып келсем Таласка,
Калың ногой көп журтун,
Хан болуп өзүм сурайын,
Жамандыкты ойлобой,
Жакшылыкка турайын.
Жакшы болсоң Абыке,
Жасоолго башчы кылайын,
Баккан энем Каныкей,
Жаныңды сурап калайын,
Жамандык көңүл ойлосоң,
Жаадыга салып туурайын.
Кайтып барып мен мындан,
Каракандын шарына,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ошону алам мен Семең,
Катын алып, мал бериш,
Муруntан калган нарк экен,
Кастаганды алуучу,
Атадан калган шарт экен.
Чачыкейдей сулууну,
Ала турган эри бар,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Баары журтка сын кожо.
Чачыкей өңдүү сулууну,
Чынкожодой ханыңдан,
Чыңыртып тартып аламын.
Чындап тийсе жиниме,
Элин чаап таратам".
Жаш Семетей чунагың,
Айтып сөзүн болду эми.
Анда Абыке кеп айтып,
Кеп айтканда муну айтып:
- Астыңда кызмат кылайын,
Ызаат кылып турайын,
Сага жамандык ойлосом,
Жаным барып тынайын,
Каршылык кылса ногойдун,
Кайрып мойнун кыйайын,
Атаңдын кунун кубалап,
Алыска сен барсаң,
Алтысы кара ногойду,
Айдап жолго салайын,
Аман болсо Абыке,
Астына баштап барайын.
Ажал жетип өлгөнчө,
Алдыңда бирге турайын.
Кудай жалгыз, Куран чын,
Убада кылган сөзүм бул,
Урматтуу Семей өзүң бил.
Ушул кебин укканда,
Буурулдун башын бурду эми,

www.bizdin.kg

Абасы Бакай ээрчитип,
Артынан жүрдү чунагы,
Жекендүү көлдө басты эми,
Шабырлуу көлдү ачты эми.
Алакөлдүн ойунан,
Атасынын күмбөзүн,
Ак чокудан бек салган,
Алты кылым өткөнчө,
Турар бекен деп салган,
Ал күмбөзгө келгенде,
Аттан түшүп алышып,
Акбоз бээни чалышып,
Кардына канжар салышып,
Карыптарга таратып.
Куран окуп арбакка,
Бата дуба кылышып.
Кайтып атка минди эми,
Кара жолго кирди эми,
Андан ары барганда,
Атасы Манас жайлаган,
Сан миңдеп бээни байлаган,
Алтын мамы казык бар,
Буралган шибер жайык жер,
Как ошого барды эми.
Ошол жерди көргөндө,
Карыйа Бакай кеп айтып:
- Кабылан Семе деп айтып,
Атаң Манас башында,
Абаң Бакай кашында.
Байлап жүргөн жер эле,
Жазыла тартып коо учу,
Жалпы ногой эл эле,
Атаң Манас барында,
Карыган Бакай жанында,
Калк жайлаган жер эле,
Кайкалап калкың конуучу,
Калың ногой эл эле.
Кайсы экени билинбей,
Мал каптаган жер эле.
Бай, жардысы билинбей,
Балырлап жаткан эл эле.
Беш жүздөн бээни байлатып,
Эшикке киши шайлатып,
Эки жүз киши аттанчу,
Эки жүз киши түшүүчү.
Жетиден саба кымызды,
Бир түшкөн киши ичүүчү,
Бир сабага ачытып,
Сары бээден ылгатып,
Сабасын кызыл ыштатып,
Арак тартып кыйлатып,

www.bizdin.kg

Атаң Манас ичүүчү,
Алымсынбай аларга,
Кысырдан тандап сойдуруп,
Көөкөргө арак куйдуруп,
Атарын таптап байлашып,
Асынар мылтык шайлатып.
Жоо-жарагын белендеп,
Жүрчү булар камдашып,
Атаңды душман жеңген жок,
Маңдайлашып кармашып.
Алтымыш бээни сойдуруп,
Алыстагы Бейжинге,
Барармын деп жол сурап,
Барбаска ногой чыкканда,
Жез сурнайын бакыртып,
Жеткилең бала арстанды,
Жети хан элин чакыртып,
Жети кан келип болгондо,
Жер кылкылдап толгондо,
Казатка жүргөн жер ошол,
Кайран жайлоо бел ошол.
Карыган Бакай абасы,
Айтып болду кепти эми,
Кечикпей белге конду эми,
Эртең менен болгондо,
Аттарды токуп минди эми.
Ат айабай жүрдү эми,
Арага нечен конду эми,
Атасы Манас киринчү,
Алласына сыйынчу,
Кайнар булак болду эми,
Ал булакка жакындап,
Салып кирип келди эми,
Каныкей айткан булак деп,
Касиеттүү абаке,
Сен билесиң башынан,
Жайын айтчы мага деп.
Баштап Бакай кеп айтып:
“Байкагын балам деп айтып,
Башында булак шар эле,
Ысык булак ал эле,
Эр сыйынып өтүүчү,
Киши кетпес жер эле.
Сыйынбаган бенденин,
Катындын бири келбеген.
Капыр элде булакка,
Тартынып адам кирбеген.
Так Сулайман пайгамбар,
Ошонун бардыр тушунда,
Атаң Манас сыйынчу,
Зыйарат кылып ушуга.

www.bizdin.kg

Куурап калган чынары,
Арстан Манас атаңдын,
Бейжинге барар тушунда,
Сен жетимди калкалап,
Энең качып кеткенде,
Келип конгон ушуга,
Көрбөдүм уктум имиштен,
Бүрдөп чынар чыкты деп,
Бир бутагы бүрдөбөй,
Куурап турат мунун деп,
Аттуу адам буга барбайт,
Аттан түшүп жүрү деп,
Түштү булар артынан,
Түйшүктү алла буларга,
Арбын салган башынан.
Аттардын кармап чылбырын,
Мойнуна салып камчысын,
Тегеренип сыйынды.
Айтылуу булак тамчысын,
Бешимде келди кеч болду,
Шек бербей булак нес болду,
Үч ача бүрдөп бөлүнгөн,
Экөө бүрдөп бирөө куу,
Көрүшсө чынарына ушу,
Бакай башын булгады,
Ага кудайлап ыйлады.
Шылдырап чынар дуу берип,
Шамал чыккан немедей,
Жалбырагы шуулдады.
Куу бутагы козголбой,
Бүрдөгөнгө окшобой.
Бутактары саргарды,
Көргөндө булар таң калды,
Тилекти кудай берер деп,
Жакаларын кармады.
Жашырбайт билген сырларын,
Жайып Бакай салганы.
- Семетей балам, кулак сал,
Айткан сөзүм нак ушул,
Куурады чынар башында,
Кор болду атаң каапырга,
Ошондон бери куураган,
Козголгон ушул чагында.
Көгөрө элек жакында,
Бирөө өнбөй куу турат,
Кор кылат сени да бир күн,
Курчалган душман акырда,
Экөө болсо жолдошуң,
Бирөө тунук ак ниет,
Бирөө кара болот го,
Өнбөдү чынар шек берип,

www.bizdin.kg

Чынында кастык кылат го,
Жүргүнүң балам кетели,
Мында туруп нетели”.
Ат айабай жүрдү эми,
Арага нече конду эле,
Алыстагы шаарга,
Абасы Бакай Семеңе,
Айла берген насиби.
Ар кайсы жерден болду эми,
Алтымыш күндүк Таластан,
Отуз беш күндө келди эми.
Айылга келди жакындап,
Айнектей түздө закымдап.
Эртеден кечке Каныкей,
Эрикпей күндү саначу,
Кеч курундап калганда,
Караңгы күүгүм болгуча,
Кастарлап жолду карачу,
Хан баласы Каныкей,
Бакай менен Семеңдин,
Келатканын көрдү эми.
Эли журтун чакырып.
Эшикке киши дайардап,
Сумсайа басып Каныкей,
Эшикке чыгып турду эми.
Кабылан Бакай Семетей,
Жоргонун чаңын бургутуп,
Атынын башын жулкунтуп,
Артынан чаңын бургутуп,
Даңканын буттан чачтырып,
Мингени жорго булардын,
Калкылдата бастырып,
Эшигине келди эми.
Аттарын барып алдырып,
Мамыга аса байлатып,
Сары улагын таптырып,
Садагасын чаптырып.
Ак боз бээни алдырып,
Кардына канжар салдырып,
Айылдагы иттерге,
Сүйрөтүп берди жардырып.
Чоң куржунун ачтырып,
Кыпкызыл сары алтындан,
Садага кылды чачтырып.
Карыптарга талатып,
Кара хан элин жардатып.
Бар кийимин Семеңдин,
Кедейлерге карматып.
Он экиде чунакты,
Эли келип жардашып.
Кандай жылкы сонун деп.

www.bizdin.kg

Тайбуурулду карашып.
Ак сарайга киргизип,
Дасторконун жайдырып,
Кант, мейизди койдуруп,
Чайды берди буларга,
Каныкей туруп кеп айтып:
- Бакай сындуу баба элең,
Пайгамбардай аба элең.
Аман эсен келдиңби?
Сак-саламат жүрдүңбү?
Саргарды Каныш билдиңби?
Эсен-аман жүрдүңбү?
Эриккенде келдиңби?
Эл-журтту сагынып,
Эрикти каныш билдиңби?
Элиңде аман барсыңбы?
Эл башкарган хансыңбы?
Же башкарганга элиңди,
Карчылык тартып калдыңбы?
Ит агытып куш салып,
Эркинче ойноп Семетей,
Токойдон келип аш ичпей,
Үч күнү жатты короодо,
Кокустан киши жиберип,
Сен кордукту мага салдыңбы?
Атайлап балаң барганда,
Сен коркутуп кегиң алдыңбы?
Айлыңдан киши жиберип,
Астыртан кабар алдыңбы?
Абакелеп барганда,
Алардан кегиң алдыңбы?
Же айарлык кылып алдаса,
Ак көңүл болуп аксакал,
Алдатып ийип калдыңбы?
Арстандан калган белегим,
Артыкча тийди керегиң,
Канкордон калган белегим,
Ар качан тийди керегиң.
Кагылайын Семейим,
Кайран жерди көрөйүн,
Атаң Манас өлгөндө,
Абаңдын көрдүм пайдасын,
Артыңда жаман туугандын,
Азабын тарттым дүйнө шум,
Атаңды Жакып көрдүңбү?
Алдап койсо келдиңби?
Абыке, Көбөш көрдүңбү?
Күлүп койсо келдиңби,
Атаңдан калган жабдыкты,
Эрдик менен алдыңбы?
Азып жүрүп келдим деп,

www.bizdin.kg

Аркаңдагы энеңди,
Жаман атты кылдыңбы?
Жоого керек жаракты,
Тоодой кылып талапты.
Токмоктотуп энеңди,
Тартып алган агаңды,
Кандай кылып сен алдың.
Эмне кылдың аларды,
Аман-эсен саламат,
Асырап алып келдиңби?
Ак сакал Бакай абаңды,
Канкордун көрүп жарагын,
Эми бастым санаамды”
Анда Семең кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат:
- Жакып ханды жайладым,
Жашымда жерди майладым,
Аракка кошуп уу куйган,
Сакалы ылдый куйултуп,
Мен как баш чалды кардадым.
Абыке, менен Көбөштү,
Өлтүргөнү алдадым,
Атамдан калган жабдыктын,
Бирин койбой мен алдым,
Ушак малын көрбөдүм,
Бодолорун аралап,
Жылкыларын айдадым.
Он эки катар тай чабым,
Ошондо тарткан желеси,
Бузулбай азыр бар экен.
Атамдан калган керээзи,
Аралап жүрүп жылкыдан,
Буурулдан бөлүп тандадым,
Ушул эмей кайсы деп,
Буурул атты кармадым.
Атакемдин күмбөзгө,
Андан кийин мен бардым,
Сарайды жакшы салсын деп,
Жашыл сырдан гүл тартып,
Жайы менен болсун деп,
Жаңырып чыксын үн тартып,
Эки айда көчүп келем деп,
Ошогочо бүтпөсө
Башыңды кесип салам деп,
Кызматка салып мен келдим,
Абыке жаман карганды,
Садага болуп айланды.
Күүлөнө албай Көбөшү,
Көмүктө жатып калганы.
Жардады баары чогулуп,
Жалпы ногой балдары.

www.bizdin.kg

Жыйылып келди калбастан,
Кемпири менен чалдары.
Ардактады Абыке,
Арстан калган баланды,
Алардан калган кастык жок,
Энеке баскын санааңды.
Азапты тарткан энеке,
Сарайды жакшы жасаса.
Абыке менен Көбөштүн,
Ажалын сенден сураймын.
Абыке, Көбөш нурланды,
Алда нече карганды.
Албарстыдай жалбарды,
Жалынса да кете албай,
Жакшы  кептен өтө албай,
Таштап келдим аларды.
Атам Жакып тил албай,
Уу берди мага уйалбай,
Жазалап аны таштадым,
Ээрчитип алып абамды,
Андан кийин жандым мен.
Эскерип Семең келет деп,
Эсиме албай калдым мен,
Абыке, Көбөш ыйлады,
Эл чогулган жыйында,
Сырын айтып чогууда,
Алдыга келип жыгылды.
Каныкей анда кеп айтты:
- Айланайын кулунум,
Атадан калган чырагым,
Алардын салган алдамы,
Абыке менен Көбөштүн,
Кылбаган иши калбады.
Өлгүчө кеткис сыр болду,
Өлүгү батпай атаңдын,
Өз алдынча чыр болду.
Алтындан кылган бешикти,
Балта менен чабам деп,
Балчайып кирип көр Көбөш.
Ичиндеги баланы,
Мээсин жара чабам деп,
Ботодой боздоп ыйладым,
Чымындай жанды кыйнадым,
Чыркыратып баламды,
Колумдан сууруп алганы,
Сүйүнчүлөп как башка,
Баланы алып барганы,
Өлбөй туруп көтөрдүм,
Өнөрү болсо жалгандын,
Алардан кантип кечейин,
Ал экөөнү кеч десең,

www.bizdin.kg

Кулунум акыретке кетейин,
Акыры бала катышпа,
Өлтүрүп канын татыйын,
Зардаптуу жүрөк басайын,
Көзүн ойуп тешейин,
Кечирин алып кесейин.
Келберсиген бектерди,
Кесири болсо көрөйүн.
Өлбөй калчу бенде жок,
Ошон үчүн өлөйүн,
Кечкин дедиң аларды,
Кантип кечип койойун.
Таштабаймын балам деп,
Алар алдап сени жиберди.
Алар акыры табат балээни,
Дагы чыкса кыйыгы,
Кыйамат кылба Семетей,
Анан ырайым шапкат менде жок,
Айап койчу кенедей.
Анда Семең кеп айтат:
- Айланайын энеке,
Алдымда минген бууданым,
Абыке, Көбөш тууганым,
Абыке антын ал бузса,
Анда карап турбаймын.
Көбөштүн көзүн тешкиниң,
Абыке башын кескиниң.
Сурабаймын какы,
Көрүнөө канын ичкиниң,
Туугандык кылса Абыке,
Туйгунум ылгап сындаса,
Тулпарын тандап кармаса,
Шайтан кирип ичине,
Каргаша болуп калбаса.
Алып берем мен анда,
Агалык тузум актаса.
Тийбеймин десем болбоймун,
Тийгизбей сени койбоймун.
Сен тиешелүү жесирсиң,
Албай кантип ал койсун,
Ата ордуна карманган,
Аксакал агам ал болсун.
Козголтпойм Манас олутун,
Олтуруп такта хан болсун.
Болбой бала мойнуду,
Мойнуп мойнун толгоду.
Көөнүндө кебин бүт айтып.
Эр Семетей токтолду.
- Үй көчүрүп баралы,
Армандуу ногой көп журтту.
Өрүшүбүзгө салалы.

www.bizdin.kg

Жаш Семетей чунактан,
Ошол кебин укканда,
Тайатасы Кара хан,
Кырк элүү бээни сойдуруп,
Эли журтун жыйдырып,
Баштап колун көтөрүп,
Бата берип Семеңе,
Баргын балам жол болсун,
Басташкан душман кор болсун.
Башында Манас кол берген,
Баабединин Ак эшен,
Дубана пирим так эшен.
Кааус кыйас Колдосун,
Копгун Семе жол болсун,
Башында атаң кол берген,
Атаңа ачык жол берен.
Кылганын кудай оң көргөн,
Кожо Асан болсун жолдошуң.
Элдин баары дүркүрөп,
Бата берди күркүрөп.
Атакең Манас баатырдын,
Мен элем балам кайны деп,
Мен элем балам кайны деп,
Тууган энең Каныкей,
Менин кызым болуучу,
Эр Манастын зайыбы деп,
Тууганың жүрөт алам деп,
Калсын алар кайгы жеп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Болсун балам зайыбың деп,
Каймураска жетебиз,
Канкордон калган туйактан,
Калың салып малын жеп,
Темирхан менен Шаатемир,
Экөө менин иним деп,
Башынан бери бар ишин,
Өзүм жалгыз билем деп.
Тойдун камын кылгының,
Каныкей балам тургун деп.
Бакай ырас келиптир,
Кудай мага бериптир.
Айткандан жанбайт Каракан,
Кийитке аркан кериптир.
Каныкей Бакай кеңешип,
Өзү берген Кара олпок,
Түшүп берген Бозжорго,
Көтөрүп олпок тон алып,
Жетелеп тулпар ат алып,
Кудалашты мына булар.
Караканга курчалып,
Олпок менен тулпарын,
Алып келип бергенге,

www.bizdin.kg

Ага ини хандар кубанып.
Кыздын баары кылаңдап.
Келиндин баары чогулуп,
Боз балдары жыйылып,
Ак сакал кары чал келип,
Абышка, кемпир ал келип.
Кары жаш дебестен,
Калбай тирүү жан келип,
Чачыкей сулуу инсандан,
Таалайына бар келип.
Ашыгып калган балам деп,
Алыска сапар калат деп,
Жети күн тартып той курап,
Молдого нике кыйдырып,
Көөнүндө ишин кылдырып.
Каныкей менен Бакай хан,
Чоң куржунду ачтырып,
Кызыл алтын тылладан,
Кырк миң тылла алтынды,
Караканга тапшырып,
Шаатемирдин жалгыз кыз,
Жасап жүргөн үйү бар,
Үйдүн жайы мамындай,
Байкап баарын билип ал,
Чамгарагы чылк калай,
Желбоосу жез чынжырдан,
Жагына күмүш кармаган,
Мындай үйдү баштатан,
Көрүп бенде канбаган.
Жибектен чийин чырмаган,
Керегесин кырдаган.
Уугунун боосу манаттан,
Жыгачы кызыл сырдаган.
Бастыргычы дейилда,
Төрт эли кундуз кармаган.
Төтөгөнүн этеги,
Камка менен жээктеп.
Керегесин көктөбөй,
Сары жез менен тээктеп.
Босого башы сом алтын,
Боруму артык чоң сарай.
Ичин жашыл сырдаган,
Тышын аппак бордогон.
Корунуп далай азамат,
Жанына жакын барбаган.
Боорлорун болжоп мурунтан,
Каракан кызын камдаган.
Armансыз болуп жан өтпөйт,
Ушу дүйнө жалгандан.
Казан айак кармайт деп,
Кимдин көзүн карайт деп,

www.bizdin.kg

Кырк кенезек кырк уулу,
Кул, күңү деп арнаган,
Алтымыш нарга жүк кылып,
Сарамжалы шайлаган,
Төр миң беш жүз жылкыны,
Энчиге бөлүп айдаган.
Мына минтип кара хан,
Жесирдин көөнүн жайлаган.
Колуна мылтык карматып,
Кошундарга жардатып,
Бир жүз токсон кишини,
Кошуп берди Каракан.
Энчи малын айдатып,
Жеткирип силер келгиле,
Жетимдин көөнү тынсын.
Калбасын менден көңүлү?
Канышым шүгүр кылсын.
Жол керегин дайардап,
Бүткөрүптүр Каракан,
Алтымыш күндүк тамагын,
Жол керегин камдаган.
Кыргый сөөк кымча бел,
Кырмызы көйнөк, тасма бел,
Келеңкөр чачпай, кең соору,
Кош каркыра олоң чач,
Орто бойлу алма баш,
Кырдуу мурун кыйгач каш,
Келбеттүү сулуу Каныкей,
Буулумдан ичик кийинип,
Бир кудайга сыйынып,
Алтымыш нарды жетелеп,
Кең-колдун жолун төтөлөп,
“Аман болгун ата” - деп,
Кара жолго кирди эми.
Манастын уулу эр Семең,
Бала жолборс эр немең,
Канкордун уулу эр Семең,
Кайгырбаган эр немең,
Баласын Бакай ээрчитип,
Жаш козудай телчитип,
Кара жолду калкылдап,
Кетип барат шалкылдап,
Мингени жорго алкылдап.
Саагагы алтын, күмүштөн,
Күнгө келсе жалтылдап.
Күмүштөй болуп сакалы,
Абакеңдин жаркылдап,
Алдындагы Бозжорго ат,
Туйагын жерге мылгытып
Тумарын көккө ыргытып,
Баладай жалы былкылдап,

www.bizdin.kg

Кулжадай башы кылтылдап,
Кундуздай жүнү жылтылдап,
Асаба колдо калкылдап.
Абаң Бакай жол баштап,
Кетип барат шалкылдап.
Күндүз жөнөп түн катып,
Күнүгө ашуун бел ашып.
Отуз беш күн болгондо,
Күнү-түнү санаты,
Алтымыш бешке толгондо,
Таласка келди ошондо.
Кең Таластын ойунда.
Алакөлдүн бойунда,
Арстаның Манас күмбөзгө,
Ошого жетип келди эми,
Бура тартып барышып,
Арбакка атаң сыйынып,
Ак боз бээни чалышып.
Куран окуп арбакка,
Бата дуба кылышып.
Көчүп өттү ошондо,
Накай күндүн эсеби,
Отуз алты толгондо,
Канкордун сайган багына,
Кабылан эрдин тамына,
Төрткөлдүн төмөн жагында,
Төрөмдүн сайган багында,
Ошого жакын барганда,
Жамандык менен көз ачкан,
Ажал жетип өзүнө,
Көр Көбөшү күүлөнүп,
Жамандык кирди эсине.
Абыкеге туйдурбай,
Агасына сыр кылбай,
Жерди терең каздырып,
Өзүнүн бойун жашырып.
Унчукпай мылтык колго алып,
Дарыга кошуп ок алып,
Көбөш баатыр жатты эле,
Тосуп жолун камданып,
Тосту Көбөш уйалбай,
Бастырып келет Семетей,
Жоо чыгат деп ойлонбой.
Жолдошу көп немедей,
Жар түбүнө жашынган,
Көбөшкө жакын барганда,
Дабыш алып кылк берип,
Тайбуурул үркүп баспады.
Таалайы бар жетимди,
Алла таала сактады.
Тосуп жаткан Көбөшүн,

www.bizdin.kg

Так ошондо атканы.
Октой болуп Тайбуурул,
Октос берип түйүлүп,
Ордун салып аттады,
Үстүндөгү Семетей,
Учуп кете жаздады.
Арам өлгүр кантет деп,
Буурулду башка чапканы,
Чапкан камчы тарта элек,
Кылчайып артын караса,
Чачылып топо жатканы,
Ок тийгендей көрүндү,
Куйкум чыгып ороодон,
Семетей көөнү бөлүндү,
Көргөндө муну Семетей,
Көр Көбөштүн иши деп,
Абыке менен Көбөшкө,
Абдан ичи ачынып,
Кайраты толук оңбогур,
Ордого келди бастырып.
Абыке, Көбөш кам кылып,
Сарайды жакшы салдырып,
Ичине килем жайдырып,
Каныкей, Бакай, Семеңди,
Астын тосуп бүгүлүп.
Хан баласы Каныкей:
- Көрсөтпөгүн арамды,
Көрбөймүн деп буларды,
Көкбөрү тартты башында,
Таап алган баламды.
Унчукпас мылтык ок атып,
Оңолбогон кесек ит,
Ичиме салдың малалды.
Көбөштүн көзүн ойдурду,
Терисин тирүү сойдурду,
Абыкени аймады,
Жакып ханды жалмады,
Каныкейдин ичинде,
Эми арман калбады.
Атадан калган кырк чоро,
Астынан тосуп Семеңдин,
Арбак сыйлап барбады,
Семетей келип Букардан,
Өч алп кектүү туугандан.
Ээ болгондо Таласка,
Сыйынып жатып калганда,
Атасы азиз Манаска,
Кырк чоросу атамдын,
Арбагын сыйлап алдымдан.
Өздөрү тосуп келер деп,
Чоң Букардан Семетей,

www.bizdin.kg

Чачыкейди алып барганда,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Мамындай деди кыркына:
- Абыке, Көбөш аларга,
Сен бирөөнө тийгин деп,
Арачы киши мен болдум,
Каныкейге барган иш.
Көңүлүндө калган бейм,
Ошол үчүн Каныкей,
Чачыкейди өзүнө,
Келин кылып калган бейм.
Бекер турсам болобу,
Бир чатакты салсам - дейм, -
Деп ойлонуп бузук кул,
Жан кишиге угузбай,
Хан Бакайга туйгузбай,
Карыйа Кыргыл баштаган,
Өлгөндүн изин бастырып,
Чоро кылган балдардан,
Чыбыт, Кочкор эки арам,
Адыбай, Көлбай төрт арам.
Аларга жолдош отуз беш.
Чакырып алды Чынкожо,
Дасторкон салып алдына.
Кырк чоронун баарына.
Кеңеш салды аларга:
- Кармалдың чоро балаага,
Карандай доомат жалаага,
Жакшылыктын баарысы,
Бекерге кетти талаага.
Чыбыт, Кочкор сен экөөң,
Адыбай, Көлбай - бул төртөөң,
Карыйабыз Кыргыл чал,
Мен  силерге карасам,
Жүрөсүңөр кам кылбай.
Кечээ Манас өлгөндө,
Абыке, Көбөш ал экөө,
Каныкейди алсак деп,
Арага мени салганда,
Тийбеймин деди Каныкей,
Айтып келдим буларга.
Абыке, Көбөш, Жакып хан,
Дегеле жаман арданды,
Сени деп оозун карманды.
Арадан бир күн өткөрбөй,
Манастын айылын талады.
Семетей деп биле албай,
Көкбөрү тартты баланы,
Анда кеги бир калды,
Кыргыл баштап кырк чоро,
Былк этпей жатып алганың,

www.bizdin.kg

Көбөшкө болуп көмөкчү,
Көбүрөөк олжо сен алдың,
Андан кала бергенде,
Куу сакал Бакай карыны,
Четке кагып таштадың.
Бекер жүрбөй куу сакал,
Күн эсептеп ай санап,
Көрдүңөр эле жатканын.
Букардан келсе Семетей,
Жолунан тосуп тапканын,
Ээрчитип алып далбактап,
Элди аралап чапканын.
Алып келип баланы,
Абыке, Көбөш, Жакыптын,
Амалын мунун тапканын.
Уу берди сага Жакып деп.
Бузуп сөздү айтканын,
Үйрөтүп акыл балага,
Жайа салып жай айтып,
Абыке, Көбөш аларга,
Жоо куралын кийгенин,
Тайбуурул кармап мингенин,
Бурулбастан Бакайың,
Букарага чейин киргенин,
Баарысы Бакай акылы,
Семетей бокту билеби,
Чачыкей алып келгенин,
Каныкейге үйрөтүп,
Билбемиш болуп Бакайың,
Абыке, Көбөш, Жакыпты,
Жалмап жутуп ийгенин.
Бул отурган кырк чоро,
Эчтемени билбейсиң,
Баш көтөрдү куу сакал,
Баарың көргө киресиң.
Айылыңды Жакып таласа,
Кошо келген чоролор,
Аз келгенсип анысы,
Койду деп сага жолобой.
Жакшылык түбү кылбайт деп,
Бузуп айтат ошондой.
Куйткулап жүрүп Бакайың,
Түбүңө жетет тим койбой,
Долу катын Каныкей.
Жок жерден жабат балээни,
Жоготпосоң чорону,
Мени жогот балам деп,
Чырды салат калбаны.
Өчөшкөн толуп аларга,
Семетей кырып салбайбы,
Баарыңдын ишиң бүткөн соң.

www.bizdin.kg

Байпак сакал Бакайың,
Эми көөнүм тынды дебейби.
Семетейден өлсөңөр,
Силерди бирөө тергейби,
Чоң атасы Жакып хан,
Абыке, Көбөш агага,
Муйубаган Семетей,
Муйушабы силерге,
Кара мүртөз балага,
Каныкей, Бакай үйрөтүп,
Өлтүртүп койот жөн эле.
Көптөп акыл табалы,
Көрүнүп турган бул ишке.
Кабылан Манас барында,
Кайраттуу болдуң баарыңар,
Абыке, Көбөш тушунда,
Билгини колго алдыңар.
Бүгүн билги Бакайда,
Балакетке калдыңар.
Кыргыл билет, мен билем,
Кызыл көз болгон Бакайдын,
Ичи заар болуучу.
Туйгузбай айтып жылма кеп,
Сөзү заар болуучу,
Какчаңдаган Каныкей,
Өзү заар болуучу,
Каныкей, Бакай ал болсо,
Семетей заар болуучу.
Баарыбызды чогултуп,
Түбүндө аман койбойт бу.
Абыке, Көбөш, Жакыпка,
Алдап туруп жасатып,
Ичин кызыл сырдатып,
Тышын аппак бордотуп,
Жаңыртып алып сарайын,
Кара мүртөз Семетей,
Билмексен болуп калганын,
Кемпирлер берди сазайын.
Чыбыт, Кочкор экөөңө,
Адыбай, Көлбай төртөөңөр,
Ак сакал карың Кыргылды,
Кырк чоро сенин баарыңды,
Чакырып келдим бул жерге,
Кеңеш кебим салууга..
Тойобу адам өмүргө,
Кыйабы өзүн өлүмгө.
Каныкей, Бакай, Чыйырды,
Бизге жапчу балээни,
Түйүп койду көңүлгө,
Астында силер кетсеңер,
Кутулар жерге кетсеңер,

www.bizdin.kg

Мен барамын артыңдан.
Башка жакка кетели,
Мында туруп нетели.
Короодон чыгып кулжуңдап,
Койгулашсак балага,
Өлтүрүп  таштап Семетей,
Көмдүрбөй таштайт талаага.
Чогулушсак бир жерге,
Кайта келип көрөбүз,
Жеткирсе бизди санаага.
Туруп берсек кулуйуп.
Кулакты кесет мулуйтуп.
Боорду жарып өт алат,
Көрүнө чукуп көздү алат.
Жоруга жотоң талатат,
Тарпыңды жолго таштатат.
Бакай менен Каныкей,
Жилигиңди чактырат,
Жилкиниңди катырат.
Арканга байлап астырат
Азабыңды тарттырат.
Каныкей өзү жакыр күң,
Күн бербейт бизге катыгүн,
Чымырканган Чыйырды,
Чырды таап жок жерден,
Айттырат сырыңды.
Күндө бирден чогултуп,
Күрпүлдөгөн Семетей,
Таап турат ыгыңды.
Көп жашаган карың бар,
Жаңы өспүрүм жашың бар,
Калбайт тирүү жаныңар,
Тилимди алсаң баарыңар,
Качып жолго салыңар.
Менин айтканым байкап алыңар,
Семетей барса аркаңдан,
Жөөт кебин салуучу,
Жайкап айтып баруучу,
Буулум тонун жабуучу,
Буурул атын тартуучу.
Бийлик сенде болсун деп,
Бири-бирден айтуучу,
Кошо келсең Таласка,
Билмексен болуп жатуучу.
Каныкей, Бакай, Чыйырды,
Кар жилигиң чагуучу.
Козголбой жатып тынч өлгөн,
Козголуп чыксаң Таластан,
Өлтүрөм десе күйүгүп,
Таласка кайта келбегин".
Чынкожо кебин укканы,

www.bizdin.kg

Эшикке баары чыкканы,
Төрт-бештен болуп кужулдап,
Бузуктун кебин мактады.
Асили бузук арамдар,
Кутулар жолун таппады.
Биз ошентип калдык деп,
Же бирөө барып айтпады.
Балакеттер чогулуп,
Шайтандын изин басканы.
Катын-калач, бүлөгө,
Туйдурбады бирөөнө,
Качмакчы болду кырк чоро,
Кечке чейин камынып,
Туйгузбастан көп элге,
Түнүндө жолго салганы,
Бирден тулпар байлануу,
Манастан бери карата,
Баарысы тегиз камдалуу.
Жем баштыгы манаттан,
Жем үзүлбөй баары атан,
Урушка минчү аттарын,
Кындырдай кылып жараткан.
Качыптыр күндө чоролор,
Калбай бири Таластан.
Эртең менен болгондо,
Көрөбүз деп Семеңди,
Эл жыйылып толгондо,
Каныкей анда кеп айтат,
Күлдүр менен Камбарды,
Келтир мында деп айтат.
Бейжинде калган алтын так,
Калмакка жетпей теңдиги,
Пайгамбар ак, дини ак,
Мелтиреген тозоктон,
Бойумду азат кылам деп.
Качып келген ошол чак,
Хан Алмамбет султандан,
Калган эле бир туйак,
Гүлчоро эле өз аты,
Балта дөөнүн Чубагы,
Баатыр эле бу дагы,
Артында калган атагы.
Канчоро деген чырагы.
Сегиз жашка келет бу,
Эрке бала сыйагы.
Семетейдин артынан,
Ээрчип басар убагы.
Атасына караса,
Кар кылуучу жан эмес.
Мен багайын аларды,
Күлдүр менен Камбаржан,

www.bizdin.kg

Ала келсин балдарды.
Падышам Бейжин барганда,
Эсенхан кызы Бирмыскал,
Айжаңжуң кызы Бурулча,
Тартууга муну алганда,
Алып келип сулууну,
Эл ортого салганда,
Кошой айткан ошондо,
Алмамбет баштап кол келди,
Алла таала жол берди.
Талабыңа ылайык,
Алдыңа сулуу кыз келди.
Жоголду Чубак кыргында,
Жок болду үч ай чынында.
Кармап келди Чубагың,
Кырк жаңжундун баласын,
Кырда жүргөн чагында.
Тартууга келди эки кыз,
Бул экөөнүн багына,
Эки сулуу кыз келди,
Кыргыз, сенин алдыңа,
Алмамбет менен Чубакка,
Күч көрсөткөн буларга,
Берсек кызды белендеп,
Кошой айткан ошондо,
Кошойдун кебин бурган жок,
Токтотуп кыргыз турган жок.
Кыйшык айтып сөз болбойт,
Кылган кепте жалган жок.
Кытайдан алып сулууну,
Өткөндөрдө арман жок,
Бейжинде жатып журт сурап,
Бойунда болгон катындар,
Үзүктөй калпак Шууту кул.
Баш кылып беш жүз кишиге,
Жибериптир баатырлар,
Шууту кул келген жол баштап,
Беш жүзчө киши кол баштап,
Бойуна жеткен кезинде.
Кең Таластын башына,
Чүйдүн жумшак сазында,
Келип түштү айылга.
Кытайдан сулуу алгандар,
Учураган кесирге.
Астынан тосуп мен бардым,
Жардатып жыйнап элди алдым,
Үч күн өтпөй төрөдү.
Экөө тең эркек балдары.
Балдарды алып колума,
Эмгегин салып оозантпай,
Эмчегимди салганмын,

www.bizdin.kg

Эки түгөй баланы,
Эгиз кылып алганмын,
Алмамбеттин катыны,
Аш кайнам тууду алдында,
Эр Чубак зайыбы Бурулча,
Кийин тууду артында.
Мурункусу аксакал,
Казак кыргыз наркында,
Кытайдан келген сулуудан,
Туулган балдар кыйындан.
Эмчегимде ак сүттү,
Аларга кудай буйурган.
Күлчоро эмген эмчектен,
Аппак сүтүм чууруган.
Канчоро эмген эмчектен,
Тамчылап каным куйулган.
Ак сакалга айтпадым,
Ат койуп бер деп баспадым.
Бирөөнүн атын "гүл" дедим,
Бирөөнүн атын "Кан" дедим.
Эмчектен чыккан нерсеге,
Жараша атын тергедим,
Күлдүргө бердим Күл уулду,
Камбарга бердим Кан уулду,
Ал экөөнүн энеси,
Топосун кудай Таластан,
Бейжинден айдап буйурду.
Балдарын карап сүйгөн жок,
Башка жактан күмөн жок,
Жандары кетип калышты,
Ааламдан кайта жанышты.
Алла талла кылат го,
Тагдырында ар ишти,
Үзүктөй калпак Шууту кул,
Сүйүнчү айтып барышты.
Кубанышып эки хан,
Кубангандан Шуутуга.
Алты ай чоң шаардын,
Улуктугун бергени.
Ошондон бери карата,
Алтайдан казак кеткен жок,
Башка жакка жан келип,
Ал шаарды адам күткөн жок.
Ал эки бала жолдош деп,
Ойлоп жүрөм көөнүм ток.
Алыска кетти кырк чоро,
Күлдүр менен Камбарды,
Чакыргын десем унчуктай,
Киминдин бардыр зардабың..
Каныкей айтып салганы,
Качкан менен иши жок,

www.bizdin.kg

Жооп берген киши жок,
Кырк чоро келип турбайт деп,
Семетей көөнү жанган от.
Кабар болду аңгыча,
Качыптыр чоро баарынча.
Масейилде изи бар,
Кырк чоронун баарысы,
Эр бүлөөсүн калтырбай,
Алып кеткен киши бар,
Кабар алдык айактан,
Ат изин көрүп бел жактан.
Күүлөнүп Семең аттанды.,
Кырк чорону кубалап
Кеңколдо кыргыз эл жаткан,
Ашкере тулпар Буурулду,
Чоросу качты дегенде,
Заманасы куурулду.
Алдындагы Буурулду,
Борбойдон тери чууруду.
Азелде кудай чорого,
Кочкордон упурак буйурду.
Жете барды эр Семең,
Бала жолборс эр немең,
Топ экен деп жазганбай,
Сурап андан сөз албай,
Чоронун баары камалды.
Сундуруп найза сала албай,
Аңгыча барып Семетей,
Атасы башка душмандай,
Одураңдап кетпеди.
Барып көрдү Семетей,
Атасы Манас бир жүргөн,
Оорукта жатчу бектерди,
Семетей айтты бул кепти:
- Айланайын агалар,
Аркаңдан келди балаңар.
Кай тарапка бет алып,
Кайгуулдап жөнөп калдыңар,
Кармашаар бизге жоо барбы?
Капталдап басар тоо барбы?
Кечээ эле келдим мен араң,
Көңүлүңөр калдыбы?
Кургак жерден бирөөнү,
Катырып камчы салдыбы?
Андай кылба агалар.
Абыке менен Көбөшчө,
Мен боло албай калдымбы?
Ажыбайдын Керменбай,
Төрт жашарда бала экен,
Түп тутуп ошол калыптыр.
Өлгөнүң небак өлүпсүң,

www.bizdin.kg

Артында уулу калыпсың.
Өлбөй тирүү жүргөнүң,
Өлгөндөн калган балдарын,
Түп көтөрө алыпсың,
Түгөл жөнөп калыпсың.
Көбөштү көргө киргизди,
Абыкени аймады,
Жакып ханды жалмады.
Биздин кантип койсун деп,
Көөнүңөргө алыпсың.
Көөнүм башка болгондо,
Коркпой туруп ошондо,
Бүтүрөт элем ишиңер.
Калбайт эле сиздерде,
Ошондо тирүү кишиңер.
Балалык менден өткөндүр,
Абакелер агалар,
Ачууңардан кечиңер.
Куйрук керек коноорго,
Чалгын керек учаарга.
Сиздер кетип калганда,
Куйругум келте конорго.
Чалгыным кетик учаарга.
Алсыратпа агалар,
Жетиле элек жаш чакта,
Ырчы уул менен Бозуулду,
Ишин билген деп угам.
Адыбай, Көлбай экөөңсүң,
Шууту менен Мажыке,
Башкарган киши деп угам,
Чыбыт, Кочкор экөөңдү,
Айрыкча кебим угат деп,
Айтып турам алтооңду.
Жандапсыңар жакшы эле,
Ушул алтооң башында.
Абыке, Жакып, Көбөштү,
Семетей кылса жакшылык,
Каныкей, Бакай, Чыйырды,
Кантип  тирүү койсун деп,
Көөнүңөргө албаңар,
Буурулду тарттым мынакей,
Бирөөң муну алыңар.
Буулумду жайдым абалар,
Бирөөңөр кие салыңар.
Иниңерди боз кылбай,
Кең Таласка барыңар.
Бирге турат бул жерде,
Кыргыл абам чалыңар.
Кырктын башы эр экен,
Ордун бере салыңар.
Атаңардын олутун,

www.bizdin.kg

Козголбой ээлеп калыңар,
Таласка кайта кетели,
Каныкей менен Бакайга,
Дайынын айтып жетели".
Деп ошентип кайран шер,
Буурулга жаап буулумду.
Туура тартып турду эле,
"Оодарылып бул дүйнө,
Ордунда турбайт деги эле.
Ошондой кылып үйрөткөн,
Абыке, Көбөш силерге.
Тамырын кыйса теректин,
Чарбактап башы өнөбү?
Абыке, Көбөш иштерин,
Сиздерден аны көрөмбү:
Көп турбайлы талаада,
Жүр, агалар жөнөйлү".
Деп Семетей айтканда,
Жүр деп кошо жүрө албай,
Буурулду бирөө мине албай,
Буулумду бирөө кийе албай,
Адыбай, Көлбай  эки арам,
Чыбыт, Кочкор төрт арам,
Кыргыл кары беш арам,
Кеңешели биздер деп,
Семетейден сурады.
- Эртеңкиче эрикпей,
Кеңешиңди кылгын деп,
Кетиш менен туруштун,
Кебин кылбай кечке эле,
Ордого барган мезгилде,
Кыла турган кызматың,
Кошо бүтүр кеңешти, -
Семетей мындай дегенде,
Бөлүндү суунун жээкте,
Акмазардын тээгинде,
Тегеректеп олтуруп,
Кеңеш кебин салышты:
- Алпарган менен Семетей,
Бакай менен Каныкей,
Чымындай жанды койобу.
Чаары турат көзүндө,
Анткен менен Семетей,
Чалгырты турат сөзүндө.
Өлтүрбөс болсо Семетей,
Атын тартпай, тон жаппайт,
Айдап барбай түз эле,
Бош кишини атынан,
Атаганы жакшы эмес,
Айдап барып Семетей,
Бириндетип сойбойбу.

www.bizdin.kg

Билгизбей бизди кырбайбы,
Семетей карап турбайбы,
Бакай менен Каныкей,
Билген ишин кылбайбы.
Жалгыз бирден өлгөнчө,
Өлтүрүп ийсе Семетей,
Чогубуз менен өлөлү,
Бир чуңкурду көрөлү.
Өлтүрбөсө Семетей,
Бара түшүп нарылап,
Хан Коңурга жөнөйлү.
Каңгайдагы калмакка,
Аралашып кетели.
Дегеле Семетейден безели,
Кыйамы менен кырк чоро,
Бизди өлтүрчү күндөрдүн,
Келе берет кезеги.
Кыргыл чал мындай дегени:
- Атаңа малай башында,
Өзүңө малай азырча,
Кайра барып Бакайга,
Кыла албайбыз малайлык,
Деп ошентип айталы,-
Деп  сүйлөштү кырк чоро,
Чогулушуп кашаттан,
Түшүп келди ошондо,
Абалардын кеңеши,
Жакшы канып келди деп,
Семетей турат күлүңдөп,
Семетей күлсө оштонуп,
Чоролор жандан түңүлөт,
Келген жерде Кыргыл чал,
Кеңешин туура айталбай,
Сылап сыйпап айтканда,
Көр Көбөштүн тушунда,
Күүлөнүп көнгөн Адыбай,
Ачууланып тутулуп,
Чапанын тетир кымтынып,
Жашы отузга чыкканча,
Сакалы жок мултуйуп:
- Кой кебиңди Кыргыл сен,
Оң-тескери жөөлүбөй,
Орунсуз кепти дөөрүбөй,
Ук  кебимди Семетей,
Атыңды тартып, тонуңду жаап,
Торгодуң жолду ченебей.
Мени менен беш киши,
Атымдан айтып санадың
Ак жериң жок кенедей.
Бакай кандай айтат деп.
Басып жүрсө балпайып,

www.bizdin.kg

Кыргыл чалга уйат,
Семетей берген кызмат деп,
Кылып жүргөн мага уйат,
Жетим келип элди алып,
Жетилип келип жерди алып,
Жесирлер келип үйдү алып,
Какбаш Бакай журт бийлеп,
Хан Абыке, эр Көбөш,
Кара жерге кирди деп,
Кантип тирүү жүрөлү,-
Адыбай мындай дегенде,
Кыргыл кары баш болуп,
Адыбай ырас айтат деп.
Чуркураша кетти эле,
Чуркурашып кеткенде,
Чоголдук кылбай Семетей,
Серпилип койбой кебелбей:
- Андай эмес агалар,
Айлыңарга барыңар.
Абалкыдай эл бийлеп,
Аксакал болуп калыңар.
Аксакал Бакай башынан,
Бийлеп жүргөн ханыңар.
Абыке, Көбөш тушунда,
Кар болуптур бир далай,
Бир көтөрүп салыңар,
Жайылган мал, тиккен үй,
Таласта калды барыңар.
Аста сүйлөп бек таштап,
Карап калды эр Семең,
Семетей токтоп калганда,
Күрпүлдөп Көлбай бек айтты,
Көңүл калар кепти айтты:
- Агаңа кылбай жакшылык,
Атаңа кылбай ырайым,
Уу берди мага Жакып деп,
Көбөш башка чапты деп,
Чагыштырса Бакай чал,
Бакайдын кебин сүйлөдүң,
Ошобу элге күйгөнүң.
Малыңдан бөлө качпадык,
Уктап жаттың үйүңдө,
Тушуңа мылтык атпадык,
Коңурбайга барабыз,
Ошол жакты кастадык.
Кастадыкка келгенде,
Жанындагы калгандар,
Жалпы ырас дегенде,
Жайылы кармап Семетей,
Жагалданып жаш арстан,
Бастыр кайра дегенде,

www.bizdin.kg

Кылычын алды кыйласы,
Канжар алды кыйласы,
Кыйалын көрүп иттердин,
Кыркын такыр жалмады.
Турабы кыйып жан албай,
Кырк чорону жайлады,
Кылычка канын майлады.
Кырылгырдын аттарын,
Кылкылдатап айдады.
Арнап күмбөз салдырып,
Бел-белден киши алдырды.
Кырк чоро өлдү шейит деп,
Кат жазып нуска калтырды.
Кырк чоронун бейит деп,
Жазылуу анда кат калды.
Кырк чоро өлгөн жери деп,
Аккочкор мазар ат калды.
Күлчоро менен Канчоро,
Эки бала жаш калды.
Карап көрсө балдарды,
Өңү бышкан темирдей,
Көзү байан чекирдей,
Карап көрсө Семетей.
Керекке келчү немедей,
Таштап атпай бул экөөн,
Артынды Баатыр ээринбей.
Семетейди карасаң,
Он экиде түгөнгүр,
Бойу кара сеңирдей.
Койбоду тирүү жандарды.
Артыныптыр Семетей,
Куржундап алып жандарды,
Артылтып, аргытып,
Арстандан калган чунагы,
Кеңколуна барыптыр.
Жалгыз кетип бат келди,
Какчы байтал иттерди
Бирин койбой жеп келди.
Бул кылганы Семеңдин,
Калың журтка эп келди.
Көргөн адам таң калды,
Бакайга айтып бабырап,
Бар кебин салып бажырап:
- Артынан кууп бардым мен,
Айланайын абаке,
Алдына түшүп калдым мен,
Канчалык кылдым далалат,
Койойун деп саламат,
Өчпөйт экен бизден деп,
Чоро деген жаман ат,
Кыйылып баары болбоду,

www.bizdin.kg

Кыйлага Семең торгоду,
Кыйыгына тийгенде,
Кызыталак чородон,
Кылайтып тирүү койбодум,
Кырып баарын жайладым,
Кылычты канга майладым.
Алып келдим жанагы,
Күлдүр менен Камбардын,
Эки эркек балдарын.
Каныкей айтты балдардын,
Туулган эне-атасын,
Канын төксөм балдардын,
Кечпейт деп Алла катасын,
Кагылайын абаке,
Как ушундай кылат деп.
Көөнүң калып калбасын.
Каныкей канча кеп айткан,
Атаңдан калган чоро бар,
Алдыңдан тосот деп айткан,
Өзүңдөн башка караан жок.
Өзгөлөр келип калган жок.
Буурулду тарттым алдына,
Болбой койду өздөрү.
Чородо арман калган жок.
Күмбөзүн жакшы салдырдым,
Жайын терең каздырып,
Баарын жерге тапшырып,
Абыке, Көбөш өлдү го,
Өз алдынча кас кылып.
Жолдош кылып алайын,
Эки жетим чунактын,
Эр сайышка маш кылып,
Байкап көрсөм балдарды,
Болучудай көрүнөт.
Бул замандын балбаны,
Кең көкүрөк, сом далы,
Туткандын чыгар далдалы.
Ээрчисе экөө чоңойуп,
Семеңдин жоктур арманы.
Каныкей, абам экөөңөр,
Талап кылган байагы,
Балдарды алып келдим - деп.
Каныкей көрүп кеп айтып:
- Болуптур, балам, - деп айтып,
Канчорону өлтүрүп,
Койосуңбу, - деп айтып,
Чоңойгондо Канчоро,
Каныңды сенин төгөт го.
Каапырга кармап берет го,
Душманга сырың айтат го,
Көкүлдөн кармап тартат го,

www.bizdin.kg

Эмчегимден кан чыккан,
Оозуна салсам ошого.
Каныкей кеби бүттү эми,
Семетей туруп кеп айткан:
- Катын туруп Каныкей,
Жакып ханды жалмадың,,
Абыкени аймадың,,
Көбөштү көргө киргиздиң,
Айткан сөзгө тил албай,
Катындыгың билгиздиң,
Арамдык кылат өлтүр деп,
Жаш балага тийгиздиң.
Экөөнү бирдей өлтүрүп,
Жаны тынсын балдардын,
Садага кылып жаш жанга,
Өлтүрөсүң бир жанды.
Ачуусу келип Семетей,
Өлтүрсөң мына балдар деп,
Бурула басып калганы,
Өлтүрүүчү Каныкей,
Өлтүрбөс болуп калганбы?
Жана балдар бул экөө,
Той берем деп ушуга,
Эр Семетей камданды,
Хан Манастын журтуна,
Чачыкейдин чоң үйүн,
Түшүрдү барып ушуга.
Тегереги төрт кулач,
Ашык келди журтуна.
Каныкей туруп кеп айткан:
- Койгун балам, конбогун,
Атаң конду кандуу журт,
Кеңколдо талаа нечен бар,
Сен конушка жайлуу журт,
Атам конгон кандуу журт,
Баласы консо жайлуу журт,
Атамдын журту сакталып,
Үй тиге албай арамдар,
Калган экен ушул журт,
Деп Семетей болбостон,
Сыркоргондун оозуна,
Жанаша үйүн кондурду,
Сексен бээни ылгатып,
Келген элге сойдурду.
Той берди эки балага,
Тон берди бычып аларга.
Эрегишип беттешип,
Эр сайышып олжо алган,
Илгеркинин наркында.
Эки бала эңишип,
Сайышып мөрөй алсын деп,

www.bizdin.kg

Семетей айтты артында,
Шыгай менен Жакып хан
Тууган эмес бул экөө,
Түбү кыргыз туушкан,
Аккойон биздин карындаш,
Теңдеши жок сулуудан,
Гүлчоро менен Канчоро,
Алмамбет менен Чубактан,
Эки шерден туулган,
Кимиси сайып эр чыкса,
Алып берем ушуну.
Армансыз болсун балдар деп,
Эр Семетей баатырың,
Айтты кептин сонунун.
Угуп турат Чынкожо,
Унчуга албай түгөнгүр.
Кара баштуу кишини,
Байгеге сайып койгонго,
Нарксызданып калганы.
Сайышты баатыр балбандар,
Он жашында болжолдо,
Абыкенин Актелки,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Көр Көбөштүн Суртелки,
Чубактын уулу Канчоро,
Минип алып бул экөө,
Колуна найза кармашып,
Көп ногой турат жардашып.
Эрегишип беттешип,
Эми кирди жаш балдар,
Күч ортосун чектешип.
Бир беттешип алышып,
Найзаларын кагышып,
Билегинен кармашып,
Эки бала жарышып,
Кечке чейин эңишип.
Аттарын басып демитип,
Ала албады бир-бирин,
Семетей желип барганы,
Чылбырынан кармады,
Жүргүлө балдар деп,
Ак ордого алпарды.
Бирөөнө-бирөө кыйсын деп,
Ортого киши салганы.
Ак сакалдар чогулуп.
Эшикке койду балдарды.
Ортосуна алышты,
Күлчоро деген зардалды,
- Катын алсын абаң дейт,
Катын алып берем деп,
Абаң сенин камың жейт.

www.bizdin.kg

Ногойдон сулуу жакпаса,
Орустан алып берем дейт.
Орустан сулуу болбосо,
Ооганга барам кыз тандап.
Бүтүрбөсөм бул ишти,
Тура албаймын бул жерде.
Уруштан коркуп кылчаңдап,
Кыргызда сулуу болбосо,
Кытайга барам кыз тандап,
Кырылышып кетүүдөн,
Мен коркпоймун кылчаңдап.
Кандай сулуу аласың,
Жообуңду айткын Күлүстөн.
Күлчоро туруп кеп айтты:
- Мен албаймын катын деп айтты,
Алдында кызмат көрсөтпөй,
Мен кимди аламын,- деп айтты.
Ак сакалдар болбоду,
Алуучуңду айткын деп,
Болбой алдын торгоду.
Кулун чоро дебесе,
Абакем намыс кылбаса,
Алып берсин Аккойон,
Кудай нике буйурса,
Күлчоро кебин укканы,
Эшикке чыгып кеткин деп,
Калыстын кеби чыкканы.
Күлчоро чыкты эшикке,
Канчоро жүргөн эшикте,
Булардын кебин укпады,
Канчорону киргизди,
Катын алуу жөнүндө,
Канчалык сөздү тийгизди.
“Алсын десе абакем,
Аккойонду алам”- деп.
А да сырын билгизди,
Күлчорону чакырып,
Кайтып үйгө киргизди.
Алсын десе Семетей,
Сен экөөңдү тең катын,
Бириңдин кебиң угалбай,
Аккойонду талаштың.
Адегиче Канчоро,
Арсаңдап күлүп жиберди:
- Мурунтан кыргыз наркы деп,
Катын алып үйлөмөк,
Ата-баба шарты экен.
Аш кайнамдай алдында,
Туулган экен Күлчоро,
Ага болду Күлүстөн.
Күлчоро алсын мен кечем.

www.bizdin.kg

Канчоро кеби ырас деп,
Калк кабыл алыптыр,
Уккан кебин эл-журту,
Семетейге салыптыр.
Семетей укту кабарды,
Ойуна алды Семетей,
Ортого киши салаарды.
Арачыга дегени:
- Чынкожо тууган агам деп,
Бабам менен бир тууган.
Мен дагы ага бала деп,
Алмамбет уулу Күлчоро,
Анык хандын тукуму.
Ушуга берсин Чынкожо,
Аккойондой сулууну".
Арачы киши басканы,
Чынкожого айтканы,
Ачуусу келип Чынкожо,
Алды-аркасын ойлобой,
Капалуу сөздү баштады:
- Кар кылып мен хан башым,
Кулга кызды беремби?
Абыке менен Көбөштөй,
Көрөбү мени Семетей,
Бокту жесе аз жесин,
Тойгуча жебей ченебей".
Сүйлөнүп койду Чынкожо,
Оң сөзү жок кенедей.
Арачы киши кайтканы,
Чынкожо кебин айтканы,
Чынкожо кебин укканда,
Ачуусу келди арбайып,
Эр Семетей арстан:
- Күлчоро менен Канчоро,
Чакыр бери кел деди,
Арага киши мен салсам,
Чынкожо кызын бербеди,
Зордук кылып келүүгө,
Келеби алың бил, - деди.
Күлчоро күлүп кеп баштап,
Күлүмсүрөп эп баштап:
- Өзүңдөн күтүп талапты,
Мен жүрөмүн - деп баштап,
Уруксат берсең абаке,
Өзүм эле барайын,
Өлбөй тирүү турганда,
Тең болбой кантип калайын.
Ойноп жүргөн жеринен,
Жетелеп келип алайын.
Ырас айтты булар деп,
Ээрчип баспай ак коен,

www.bizdin.kg

Кыздан көөнү калар, деп,
Семетей айтты мындай кеп:
-Бар эмесе баатырлар,
Куру келбей алып кел,
Чынкожонун көөнүнө,
Анык кирди салып кел,
Эки жигит ээрчишип,
Ойноп жүргөн Аккойон,
Он беш кызды ээрчитип,
Абыке, Көбөш тушунда,
Гүлчоро менен Аккойон,
Бирге окуп жүрүүчү,
Бир мектепте ушунда.
Куранды бирге окуган,
Ошондон бери карата,
Аккойон менен Күлчоро,
Ашыктык күйүт тең тартып,
Ичине кайгы токуган,
Ойногон болуп кылаңдап,
Күлчоро менен Канчоро,
Кыздарга барды жакындап.
Калыйча деген бар экен,
Кара жаак жан экен.
Канчоро менен экөөнүн,
Илгертен сөзү бар экен.
Гүлчоро келип кеп баштап,
Аккойон уккун деп баштап:
- Семетей абам канетсин,
Сени алып берем деп,
Агаңа киши жиберди.
Түз сөзүн кылбай Чынкожо,
Айабай боктоп тилдеди.
Алы келсе Гүлчоро,
Аккойон мага карындаш,
Алып келгин сен- деди.
Гүлчоро кебин укканда,
Калыйча кыз желдеди,:
- Кыз туулганда энеден,
Күйөөгө тийчү шарт экен.
Кыз чакырып, баш алмак,
Кыргыздан калган нарк экен.
Жаманатты иш эмес,
Мурункунун салты экен.
Көңүлү сүйсө бир-бирин,
Көрүнө ээрчип барчу экен.
Гүлчоро келсе сени деп,
Канчоро келсе мени деп.
Калбасын көөнү биздерден,
Экөө бирдей кайгы жеп.
Ээрчип алып баралы,
Элге бүлүк салалы.

www.bizdin.kg

Эрге тийбей айла жок,
Биз башкага кантип баралы.
Калыйча кебин алганы.
Аккойон менен Калыйча,
Ээрчишип жолго салганы.
Эки кызды ээрчитип,
Эки баатыр жаш бала,
Эр Семетей баатырдын,
Ордосуна барганы.
Кыргыздан берен балдарга,
Кылымдын баары таң калды.
Кыздардын кетип калганы,
Чынкожо кабар алганы.
Чынкожо кайдан иймени,
Арага киши жиберди.
- Хан баласы Гүлчоро,
Бербеймин деп Аккойон,
Ээрчип кетип түгөнгүр,
Кара жүз болдум мен деди.
Жандырып бергин кыздарды,
Жакшылык жакка ыктайлы.
Той чачылоо түшүрүп,
Беришели ыктайлуу.
Бир жылы кылгын уруксат,
Камынайын күтүнүп,
Калкын укса жаманат,
Аңгычакты кудайым,
Сактасын өзү саламат.
Жыл акыры болгуча,
Мен багайын аманат.
Чынкожо кебин укканы,
Эр Семеңдин айтканы:
- Андай болсо Чынкожо,
Жакшы камын кылсын деп.
Айабай калың мал алсын,
Алтын, күмүш зар алсын,
Тигип берчү ордосун,
Келтирип жакшы камдасын.
Кечиктирип күн өтүп,
Кыйыгыма ал тийсе,
Кейишти тартып калбасын.
Кыздарды анда барсын деп,
Чачыкейди айткын деп,
Жиберди баатыр Семетей,
Алып кетти кыздарды,
Канчоро менен Гүлчоро
Жүрөгү жаман сыздады.
Баш кошултуп жууркнга,
Кумардан булар чыкпады.

www.bizdin.kg

# ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ДҮМӨГҮ, АЙЧҮРӨКТҮН АРГАСЫ

«Кыш өтүп жазга жакындап,
Калың ногой бузулуп,
Жайлоого көчтү шалкылдап,
Чынкожо көчпөй калыптыр.
Ойлогону жамандык,
Баруучу жери аныктыр.
Айгырын бычып ат кылып,
Кочкорун бычып ирик кылып,
Жол керегин бүт кылып,
Эл  жайлоого көчкөндө,
Күн батыш көздөй чет алып,
Жети-Сууну бет алып.
Жыл он эки ай болгондо.
Жедигердин Толтойго,
Жетип айыл конду эми,
Карындашым Аккоен
Адамда жок сулуудан,
Тартуу кылып кол сурап,
Алайын аскер ушундан»,-
Муну ойлонуп Чынкожо,
Эр Толтойго барыптыр,
Айтып кебин салыптыр.
Кыз кабарын укканда,
Кызыгып калды эр Толтой.
Короосу менен кой айдап,
Үйрү менен жылкы айдап.
Өрүлүк өтмөк кылды эми,
- Алыстан келди Чынкожо,
Мага айыл болом деп,
Айтып келдиң кызыңды,
Билип кылдың ишиңди.
Бар го сенин бир тектүүң,
Күйгүзгөн башта ичиңди.
Алыстан келдиң айлыма,
Ат мингени келдиңби?
Жакын конуш сен болуп,
Тон кийгени келдиңби?
Ат мингени сен келсең,
Төрт канаттуу Каралат,
Көргөн бенде жаратат.
Беттешип калсаң душманга,
Учуп жүрсөң асманда,
Ал душманды жадатат.
Муну мингин жан досум,
Келген жери Каралат,
Кайыптан түбү таралат.
Периден башка жан минбейт,
Бүтүн баары окшошот.
Ошондон түштү колума,

www.bizdin.kg

Келгенден бери колума,
Ээр токум мен салып,
Мингеним жок жонуна.
Тон кийгени сен келсең,
Алтындан кылган зор олпок,
Атагы бар чоң олпок,
Муну кийгин Чынкожо.
Мундай айтып турду эле:
Шыгайдын уулу Чынкожо:
- Ат мингени келбедим,
Тон кийгени келбедим,
Манастын уулу Семетей,
Кайындап жүргөн катынын,
Алып алды колумдан,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Алдырып ийип сулууну,
Кайгысын тартып калыпмын,
Аз келгенсип анысы,
Арага киши салышы,
Колума муну берсин деп,
Бербеймин десем болбостон,
Карындашым Аккойон,
Тартып кетип калышы,
Кайгыны салды ичиме,
Чыдабадым ишине,
Тууган издеп маана издеп,
Көчүп келдим ичиңе".
Ушу кепти айтты эле.
Жедигердин Толтойу,
Нары ойлонуп толгонуп,
Санаасында ойлонуп,
Бери ойлоп толгонуп
Мээсинде жоктоп ойлонуп.
Масилетти  чыгарды:
- Манастын уулу Семетей,
Акун хандай кайны бар,
Ала турган ошонун,
Айчүрөктөй зайыбы бар,
Атасы Манас башында,
Миң төөгө жүктөп чай берип,
Түгөнгүс алтын зар берип,
Бел куда болгон жайы бар.
Акун хан шаарын чабабыз,
Айдай болгон Чүрөктү,
Ашкере тартып алабыз.
Арстан Семетей чунакка,
Артыкча кордук салабыз,
Эртең менен болгондо,
Элимдин баарын жыйнайын,
Тар көчөгө салайын,
Тамашага канайын.

www.bizdin.kg

Кылыч чабар кылдатын,
Кыдырата ылгайын.
Мылтык атар мыктуусун,
Айбалта чабар ыктуусун,
Баарын байкап алгын,- деп.
Мындайча айтып турду эми.
Эртең менен болгондо,
Элдин баарын жыйдырып,
Тар көчөгө салдырып,
Жедигердин Толтойу,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кылыч чабар кылдатын,
Мылтык атар мыктуусун,
Айбалта чабар ыктуусун,
Найза сайар беренин,
Тили тактан чеченин,
Баарын байкап алды эми,
Айды катка салды эми,
Ай эсебин алды эми,
Күндү катка салды эми,
Күн эсебин алды эми.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Толтойго качып барганда,
Төрт канаттуу Каралат,
Толтойдон сурап алганы,
Жедигердин Толтойго,
Карындаш берип сөөктөшүп,
Аз келгенсип анысы,
Акыреттик дос болуп,
Толтойдон барып жол сурап,
Он эки түмөн кол сурап,
Канкордун уулу чунактан,
Ала турган зайыбы бар,
Акун хандай кайны бар.
Кара саат канкордун,
Катынын тартып алалы,
Мусулман капыр журтуна,
Аралап жүргүс кылалы.
Ошондой деп Чынкожо,
Эр Толтойду ээрчитип,
Он эки түмөн кол алып,
Акун хандын  шаарына,
Кирип бармак болду эле,
Жедигердин Толтойу,
Мындай айтып турду эле:
- Элебей кылган доо жаман,
Эндирип ийген жоо жаман,
Кабар салып баралы,
Кадиксиз болуп жаналы.
Акун хан жооп бербесе,
Ак калаасын балкалап,

www.bizdin.kg

Айанбай бузуп талкалап,
Айыпка Чүрөк алалы.
Шыгайдын уулу Чынкожо:
- Макул болот, эп болот,
Ушул айткан кеңешиң.
Мага жаккан кеп болот.
Кабарга кимдер барат деп,
Кандайча киши жарайт деп,
Кара тилдүү Карабай,
Кайнап ичтен туйду эле,
Кабарды өзүм кылам”- деп,
Торала  мойун айгырын,
Томукка басып алды эми,
Ойнотуп жөнөп калды эми.
Акун хандын шаарына,
Түгөнгүр жетип барды эми:
- Дабыр, дабыр, дабыр таш,
Дарбаза түбү темир таш,
Дарбаза тоскон Карасарт,
Дарбазаңды кайра тарт,
Акун хандай ханыңа,
Айта турган арызым бар,
Сүйлөй турган сөзүм бар.
Акун хандап айкырып,
Айабай бекем бакырып,
Кирип барды чакырып.
Кебезден кылган пахтада,
Алтындан кылган тактада,
Жаткан экен Акун хан.
Карабай доошун укканда,
Ажалым менин жеттиби?
Амалым эми кеттиби?
Жоом кайдан келди деп,
Бул жолборс кайдан жетти деп.
Эки кепиш эндекей,
Жалаң чапан желбегей,
Чыгып келди Акун хан,
Ой, Акун хан деп айтып,
Ойлонуп туруп кеп айтып.
Ээ, Акун хан деп айтып,
Эстеп туруп кеп айтып,
Жедигердин Толтойу,
Жер майышкан көп колу,
Жети түмөн кол болду,
Жети курчап алууга,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Алты түмөн кол менен,
А дагы келет жол менен,
Алакандай шаарыңды,
Алты курчап алууга.
Айдай  болгон Чүрөктү,

www.bizdin.kg

Ашкере тартуу кылсын дейт
Ашкере тартуу кылбаса,
Атышар жерге чыксын дейт.
Күндөй болгон Чүрөктү,
Көрүнө тартуу кылсын дейт,
Көрүнө тартуу кылбаса,
Урушаар жообун берсин дейт.
Кара сууну бурам дейт,
Кайра байлап турам дейт.
Короого байтал жуушатпай,
Койунга бала уктатпай,
Жердин жүзүн ачтырбай,
Жерге эгин чачтырбай.
Сасык камал кылам дейт,
Күндөй болгон Чүрөктү,
Бул себептүү алам, - дейт.
Айткан кебин укканда,
Азыр турган Акун хан,
Айабай ачуу келди эми:
- Карма кулду, карма деп,
Кардын жарып салгын деп,
Мен эр Толтойдун элинен,
Эр өлтүрүп келдимби?
Айдай болгон Чүрөктү,
Ашкере тартуу кылгыдай,
Эски доого калдымбы?
Чынкожонун элинен,
Жылкы тийип алдымбы?
Күндөй болгон Чүрөктү,
Көрүнө тартуу кылгыдай,
Чыныгы доого калдымбы?
Арам гана акмак кул,
Арибин көр, өзүн көр,
Айтып турган сөзүн көр.
Эшектей кардын эшкин деп,
Эшикке алып чыккын,- деп,
Буйрук кылды зор ханы,
Желдеттери жабылып
Эшектей кардын эшерде,
Эшикке чыгып кесерде,
Өзү эндес кул экен,
Торуала мойун айгырын,
Томукка басып алды эми.
Ойнотуп чыга берди эми.
Чынкожого барды эле:
- Айланайын Чынкожо,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Тегерете көргөнмүн,
Акундун кызы Чүрөктөй,
Мындай сулуу көрбөдүм.
Жүзүм жесе Чүрөктүн,

www.bizdin.kg

Жүрөгүнөн көрүнөт.
Коон жесе Чүрөктүн,
Колкосунан көрүнөт.
Өрүк жесе Чүрөктүн,
Өпкөсүнөн көрүнөт.
Кашын көрсөң Чүрөктүн,
Асманда жаңы айга окшош.
Кабактагы сууну көр,
Бетин көрсөң Чүрөктүн,
Сыр чыныдай сууга окшош.
Ушу кепти укканда,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Туралбады эр Кожо.
Алтын боолуу ак туйгун,
Алтын боосун чечти эми,
Айды көздөй сызды эми.
Күмүш боолуу Каралат,
Күмүш боосун чечти эми,
Күндү көздөй сызды эми.
Асман менен булуттун,
Арасына барды эми.
Айланмасы алты атар,
Алты атып өттү эми.
Алтын ооз сур жебе,
Муну тартып атты эми.
Анда Акун хан ойлонуп:
- Чынкожо, Толтой астынан,
Уруш баштап чыкпасам,
Эки дөөнү албасам.
Күндөй болгон баламды,
Күйгүзүп кармап бергинче,
Күнүгө уруш салбасам,
Күчүм келсе албасам".
Ушундай деп Акун хан,
Аскерин атка мингизип,
Акун хандын аскери,
Алдынан тосуп урушуп.
Карагай найза алышып,
Как жүрөккө малышып,
Маңдайлашып барышып
Балталашып салышып.
Карагай найза өңөрүп.
Каршылашып аскерлер,
Бир-бирден чыкпай жекеге,
Аралашты  майданда.
Айбалта тийди чекеге,
Акун хандын аскерден,
Алтымыш тай азамат,
Аттанып кетти мекеге.
Эки хандын калың кол,
Айрылышып калды эми.

www.bizdin.kg

Жайнап жаткан тынч элге,
Жаман бүлүк салды эми.
Жаздын күнү болгондо,
Жерге эгин салдырбай,
Кыштын күнү  болгондо,
Талаадан отун алдырбай.
Күздүн күнү болгондо,
Куйруктуу токту жедирбей,
Хан Акундун элине,
Кордукту кылды мамындай.
Чыдай албай Акун хан,
Эки сапар беттешти
Эл ортосун чектешти,
Талашканы Айчүрөк,
Бирин-бири кектешти.
Алыстан келип жол тартып,
Чынкожо алып кете албай,
Ачуусу келип кырданып,
Чыгарып Акун бере албай.
Эки хандын калың кол,
Урушуп жатты дем албай.
Уруш болбойт кечке эле,
Ортого түшүп кеп албай.
Акун хандын баласы,
Асыл тукум Ажыбай,
Байдын уулу Термечик,
Баш билгиси Түмөнбай,
Карала аттуу Алыбек,
Алардан чыгар канча кеп.
Айчүрөктү чакыртып.
Орто жерге алды дейт,
Акун ханга кеп баштап:
- Айдай болгон Чүрөктү.
Берелиби деп таштап,
Эр жигиттер кырылса,
Эркинче бактар кыйылса,
Албай койбойт окшонот,
Чынкожо, Толтой бир турса.
Түмөнбай кебин укканы,
Түгөнүп калган Акун хан,
Каңырыктап сыздады.
“Карагай жаргак боосу бар,
Карындашың Чүрөктүн,
Арылгыс жаман доосу бар.
Айбалта кылыч эгешип,
Ар качан кызмат кылуучу,
Ал менин менен кеңешип.
Кечээ тумшуктун жолун тосконд о,
Баары журттан озгондо,
Коңурбай менен Жолойдун,
Миң төөлүү чайын алганда,

www.bizdin.kg

Сары колду чапканда,
Санжыргалуу калчанын,
Сан топосун жыйганда,
Кашкардагы калдайдын,
Кармап башын кескенде,
Кандабай тонун чечкенде,
Кароолун чаап кайтканда,
Ополдун тоосун айланып,
Үргөнүч көздөй басканда,
Кийик атып аңуулап,
Тоону басып кадуулап,
Чүрөктү тапты ушунда.
Ошондо келди зор Манас,
Кең Үргөнүчкө ушунда,
Көп дүйнөсүн айабай.
Дүнүйөгө карабай,
Бел куда болуп ал кеткен,
Акырет кеткен чоң Манас.
Аз күндөн бери сурасам,
Баатыр Манас өлгөндө,
Аркасында тууганы,
Атадан калган мал-пулун,
Камчыга ченеп бөлгөнү,
Чыйырды менен Каныкей,
Көбөштөн кордук көргөндө,
Сарытазга бактырып,
Семетейди каткан дейт.
Мечиттен тапкан баланы,
Эркелетип баккан дейт.
Эси жок арам эки айбан,
Семетей эми кандай деп,
Колундагы баланы,
Колкосун алып каккан дейт,
Көкбөрү кылып тарткан дейт.
Өлтүрдүк деп душманды,
Көкүрөгүн баскан дейт.
Баланы алып Сарытаздан,
Каныкей байкуш бет алып,
Караканга качган дейт.
Темир хандын шаарына,
Тентип барып баккан дейт.
Жетим өсүп жетилген,
Эрдиги артык кемиген,
Тентек чыкты деп уктум,
Манастын уулу Семетей.
Темир кийген душманын,
Жеңип чыкты деп уктум.
Ээрди түйрүк кең курсак,
Кең көкүрөк шум дагы,
Желмогуз чыкты деп уктум,
Калтырбай баарын мен уктум.

www.bizdin.kg

Калган кебин дагы уктум.
Жакып ханды жалмаптыр,
Абыкесин аймаптыр,
Көбөшүн көргө киргизип,
Көкжалдыгын билгизип.
Кырк чоросун кырды дейт
Кырып койуп тынды дейт.
Кыйыгына тийгендин,
Кыйнап жанын кыйды дейт.
Айтканына жетет дейт,
Арактан бетер суусунга,
Адамдын канын ичет дейт.
Кечээ Көкөтөйдүн ашында,
Каапыр менен мусулман,
Чогулушкан ушунда.
Каныкей кургур ошондо,
Шымды тартуу кылганда,
Көңүлү эрип чыдабай,
Касиеттүү хан Кошой,
Бата берген ушуга.
Каапыр менен мусулман,
Батасынан бүткөн го,
Бей ажал иштен ал өлбөйт,
Беттешип эч ким тең келбейт.
Чүрөктү берсең Толтойго,
Семетей келсе эмне дейт.
Айчүрөктү тартуу кылам деп
Айтканыңар кандай кеп".
Акун хан баарын жемелеп,
Буркан-шаркан түштү дейт.
Мындай ишти мурунтан,
Билбейт эле Ажыбай,
Уккан эмес Түмөнбай,
Байдын уулу Термечик,
Карала аттуу Калыбек,
Баарысы бирдей жер карап.
Жаркылдап күлдү Айчүрөк,
Тиши бермет ак маңдай:
"Жоопту өзүм берейин.
Чынкожо менен Толтойго,
Жол тартпасам өлөйүн.
Аларга тартуу болгуча,
Капыр менен мусулман,
Кыдырып журтун көрөйүн,
Асмандап учуп жөнөйүн".
Айчүрөктүн учканын,
Көргөн эмес билчү эмес,
Учам деген кандай сөз,
Баарысы калды таңданып.
Айласын өзүң тапкын деп.
Айчүрөккө жалбарып.

www.bizdin.kg

Аларга айла кылууга,
Айчүрөк калды камынып,
Акун хандын элинде,
Элчибек деген эптүү бар,
Эл чогулса жыйынга,
Ортого түшчү кептүү бар.
Эркелеп өскөн Айчүрөк:
- Элчибек акем келсин, - деп
Эргип калдым эң жаман,
Кеп салып мага берсин- деп.
Эки келин жиберди.
Бири өзүнүн келини,
Бири кызы Сүйөркан.
Сүйөркан барып кеп айтып:
- Атакебай, - деп айтып,
Эжекем Чүрөк келсин дейт,
Чакырып калды, - деп айтып,
Астыңа келдим чакырып,
Учат окшойт эжекем,
Асманды көздөй сызылып.
Сүйөркан кебин укканы,
Элчибек басып чыкканы.
Акун хандын шаарында,
Жанаша эки дарбаза,
Бири кызыл, бири ак,
Жанаша турчу ошол чак.
Кызылда хандын өзү бар,
Калкка айтчу сөзү бар,
Агында Чүрөк жатуучу,
Кыркы келин кыркы кыз,
Сексен киши жолдошу,
Тамашага батуучу,
Жалаң кыздан жалчысы.
Казан аскан он келин,
Айчүрөккө кызматкер,
Ошолордун баарысы.
Элчибек келди бүгүлүп,
Көргөндө Чүрөк сүйүнүп,
Алдынан тосту абанын,
Өзү чыгып жүгүрүп.
Ээрчитип келип абасын,
Ээн үйүнө киргизип,
Эркин өскөн Карабек,
Жаңы кийим кийгизип,
Элчибек көөнүн жайлады,
Жакшы тамак бергизип.
- Айланайын абаке,
Толтойго барып келгиниң,
Пайдаңды маа тийгизип,
Чынкожого айтып кел,
Алардын сырын тартып кел,

www.bizdin.kg

Жүрө бербей ал жерде,
Эртеңден калбай кайтып кел.
Кудай кылсын жолуң шар,
Жалган жазык дебестен.
Жан алуучу Толтойго,
Жалганга айтар сөзүм бар,
Кызыр болсун жолдошуң,
Бул сапар сөздүн баарысы,
Жалган болсун өзүң бил,
Жиберди Чүрөк келдим де,
Эрдигин Толтой билдим де.
Чынкожо эрим болсун дейт,
Толтой жээним болсун дейт.
Үргөнүчтө туруп нетем мен,
Жетисуу жерим болсун дейт.
Бербеймин дейт акун хан,
Кетемин дейт Айчүрөк,
Жалган кепти көп айткын,
Жандатып сөздү дагы айткын,
Токсон күн кылсын уруксат,
Тойдун камын кылайын,
Токтомун угуп сен кайткын.
Элчибек деген карысы,
Чүрөктүн кебин укканда,
Куушурулду далысы.
Элчибек мындай ойлонду,
Жалган кепти кылбаган,
Сөзүмдүн чыкса кыйыгы,
Абийиримден тайгылып,
Кетемби деп намысы,
Барбаймын деп айта албай,
Айчүрөк көөнүн кайтарбай.
Эшикке чыкты Элчибек,
Толтойду көздөй жайма-жай.
Турган экен эшикте,
Эстүү киши Түмөнбай:
- Элчи аба кайда барасың,
Энтеңдей басып калыпсың,
Темтеңдей басып калыпсың,
Кубулуп өңүң келипсиң,
Акылыңдан таныпсың,
Эми кайда барасың?
Бери келчи балам деп,
Сага айтайын бир кепти,
Карындашың Айчүрөк,
Салмак болду дүмөктү,
Эр Толтойго баргын дейт,
Чынкожо жообун алгын дейт.
Чын айтпаган асили,
Жасама айтып баргын дейт.
Шашып чыккан ишим бул,

www.bizdin.kg

Бара турган кишим бул.
Басып калдым камынып,
Барбай койор айла жок.
Бай жумшаса тартынып.
Түмөнбай: - Токто аба, деп,
Дагы кебиң чала деп,
Айчүрөк толук айтпаптыр,
Анык сырын сага деп,
Алысыраак жер болсо,
Ат минбей кантип барасың?
Жөө элчиге сен барсаң,
Чынкожо, Толтой баатырды,
Жолборсту кайдан табасың?
Ашыгып калсаң кокустан,
Жолдошту кайдан табасың?
Шеги жок кулду жайлайлы,
Белди бекем байлайлы.
Шек алдырбай аларга,
Күн узартып туралы.
Белдүү төрө Семеңе,
Айтпасак деле кабарды,
Айчүрөк өзү барбайбы?
Чакырып келе калбайбы.
Баатырдын уулу канкоруң,
Беттешсе жоосун албайбы?
Жеңдирип ийсе Толтойго,
Жемеси жок жанбайбы.
Узарталы күн санын,
Кызга болжоп айларды.
Кыргыздан кыраан семетей,
Өктөсүнө калбайлы.
Сени менен элчи аба,
Мен дагы бирге барайын,
Сабыр кылгын абаке,
Жаман кийим табайын.
Акимдикке кийинген,
Ал кийимин таштады.
Дайар турган аттардан,
Эки жылкы тапканы.
Элчибек менен Түмөнбай,
Чынкожо менен Толтойго,
Элчиликке басканы.
Жалгыз көөлү тегирмен,
Тармалсаздын сеңирден,
Элчибек кары Түмөнбай,
Өтүп кетти бул жерден.
Атайын чыгып ыраакка ,
Айалдап булар тура албай,
Алдында минген аттары,
Айлантып башын бура албай,
Айчүрөктөй сулууга,

www.bizdin.kg

Ашкере кызмат кылсак деп,
Душманга басып бел байлап,
Кандай десек болор деп.
Талаадан курап сөз жайлап.
Чынкожо Толтой эки бек,
Акун хандын шаарынан,
Элчиликке келдик деп,
Акун хан бизди билбеди,
Айчүрөк сизге жиберди.
Келген кебин угузуп,
Элчибек сөзгө киргени:
-Айчүрөк кайып жан эле,
Өзү акылман бала эле,
Карылык менен Акун хан,
Мени бербей тырышкан.
Байкабай туруп Акун хан
Кыргын тапты уруштан.
Токсон күн кылсын уруксат,
Ашыгыш болсо сиз жактан,
Ашыкпаса Чынкожо,
Алты ай кылсын уруксат.
Абдан камдап чыгам дейт,
Тийчү эрим Чынкожо,
Толтой менин жээним дейт.
Астыңа мени жиберип,
Айтчу ушул кебим дейт.
Алты айга чейин ашыкпай,
Уруксат мага берсин дейт.
Тойдун камын кыламын,
Толуктап камдап турамын.
Тоодой Толтой баатырды,
Жээн кылып аламын.
Шамалы жок жел болбойт,
Шыбыры жок кеп болбойт.
Чынкожо, Толтой сындууга,
Теңтуш болбой иш болбойт.
Алдыңа келген ишим бул,
Айтып келген сөзүм бул".
Абдан угуп Чынкожо,
Алтынды, жезди айрыды,
Акылда сөзүн курады,
Эмне үчүн Айчүрөк,
Алты ай мөөнөт сурады.
Алыскы жерден эр издеп,
Барар бекен кыйалы.
Толкундап Толтой күүлөндү,
Чынкожого сүйлөндү:
"Чынкожо кебиң курусун,
Кылып турган жумушуң.
Өзү жүрүп эр издеп,
Тийчү Чүрөк жан эмес.

www.bizdin.kg

Айткан сөзүн бузгундай,
Каранын кызы деги эмес.
Тойдун камын кылам деп,
Өтүнүп келсе өзүңө,
Мол айтканың сөз эмес,
Баштап келсе Бейжинден
Кытайлардын Коңурбай,
А дагы мага тең эмес.
Алганы сулуу Чачыкей,
Аламын деп Чүрөктү,
Семетей мында келчү эмес.
Бааша болсоң Чынкожо,
Элчинин сөзүн кабыл кыл,
Байатан айттым Чүрөктүн,
Абдан уксаң жайы бул.
Элчибекти жиберип,
Алдыңа Чүрөк ал келсе.
Өзүңдүн келип алдыңа,
Уруксат алты ай бер десе,
Алты ай кетиш ыраак го,
Токсон күнү ырас го,
Токсон күндүн ичинде,
Кыйла камын кылат го.
Айткан кебим мына бул,
Калганын билгин, Чынкожо.
Толтойдун кебин укканы,
Каралды кылган Толтойдун,
Кайрып кебин бузбады:
- Токсон күн ырас болсун,- деп-
Чынкожо айтып турганы,
Түмөнбай ойлоп кеп салып:
- Чынкожо, Толтой жезде деп,
Бир тууганы мен элем,
Карыдан абам Элчибек,
Айчүрөк өзү айтпаса,
Канткенде сизге келдик деп,
Токсон күн десек кыскартып,
Тойдун эби келбес деп.
"Көрбөсөң ыраак алты айды,
Берсеңиз бизге милдет деп,
Камынсын сулуу Айчүрөк,
Калтырбай бүтүн камын жеп,
Тилегин кабыл кылаарсыз,
Алты айлыкка макул деп".
Шыгайдын уулу Чынкожо:
- Элчибек менен Түмөнбай,
Келипсиңер алдыма,
Элебей неге уруштуң.
Байкабай өзүң арыңа.
Алдыңа келсе кечкин деп,
Хан атаңдын кунунан.

www.bizdin.kg

Айтышат экен карыйа,
Мен ыраазы бек болдум,
Ушунча келдиң алдыма,
Беш айдан ашып кетпесин.
Алты айга күнүң жетпесин,
Дүнүйөнүн кээри жок,
Бүлүк салып элине,
Айчүрөк камын жебесин.
Ыраак көрүп алты айды,
Ашыгып калды дебесин.
Көңүлүмдүн кири жок,
Көөдөктүгүм чын билсе.
Айткан сөздүн кеми жок,
Арстандыгым ал билсе,
Беш айдын жүзү болгондо,
Алтын калаа шаарына,
Аскерим чубап ал кирсин.
Отуз келин, отуз кыз,
Алдымдан тоссун элбиреп.
Баатыр жездем келет деп,
Кыздар кылса кызматты,
Жыргатамын баарысын.
Вазир кылып көтөрөм,
Элчиге келген мына бу,
Элчибек абам карысын.
Көөнүн ачып кош кылам,
Күлдү журттун баарысын,
Май агызам калаадан,
Сүт агызам бир жактан,
Түндүктөн айды көрсөтөм,
Түтүктөн сууну ичиртип,
Той жарагын мен камдап,
Түгөнгүс алтын зар камдап,
Өлүп кетсем арман жок,
Айчүрөктү чын кармап.
Жанып барып элиңе,
Жакшылык камын кылып бак.
Түмөнбай кай иним келипсиң,
Түбөлүгүн көрүпсүң.
Чоң түйшүктү билипсиң.
Оң келген ишиң сен экен,
Чүрөк колго тийгенде,
Төрт канаттуу Каралат,
Такымыңа илипсиң,
Баатырлар минчү тулпарды,
Баса токуп минипсиң,
Канчалык душман келсе да,
Качпай турган колуң бар.
Майышпай туруп эр сайчу,
Баатыр Толтой зоруң бар.
Чынкожонун сөзү бул,

www.bizdin.kg

Айчүрөккө айтып бар”.
Чынкожо кеби бүттү эми,
Күн болжолу эсеби,
Төрт айдан ашып кетти эми.
Түмөнбайды ээрчитип,
Элчибек кайра кетти эми.
Элчибек келди анталап,
Ашыгып айтып Чүрөккө,
Баштан айак сөз баштап:
- Бардым балам Чүрөгүм,
Айдан ашык келтирдик,
Мөөнөт күндүн сүрөбүн,
Чынкожо кеби мына бу,
«Айчүрөк сени алганда,
Мени вазир кылам дейт,
Жетисуунун элинде,
Баашалык кылып турам дейт.
Төрт канаттуу Карала ат,
Түмөнбайга берем дейт.
Селкинчек тээп ойноорго,
Жибектен аркан керем дейт.
Беш айга камы бүтпөсө,
Алтын шаар калаага,
Аскер менен кирем дейт”.
Кылып келген ишим бу,
Угуп келген кебим бу,
Анда Чүрөк муну айтып,
Агартып тишин кылайтып:
- Чынкожо күйөө болгондо,
Ханга вазири болдум деп,
Калдыңбы аба тойунуп.
Ишенгенден жибердим,
Айткан сөзүн туйунуп,
Анда такыр айла жок,
Аллам койсо буйуруп,
Алыскы жерге барамбы,
Азаптан качпай бой уруп,
Чынкожо колду жайласам,
Толтойдун колун байласам,
Чыны вазир болосуң,
Как ошондо сен абам,
Күн чыгышта Бейжинде,
Күллүү кытай элине,
Күн батышта Испанга,
Түрк уулу кыргыз баатырга,
Орто Азийа, Түркстан,
Аралаймын баарысын,
Алптарын сынап жактырып,
Алып келем баарысын.
Алып берем колуңа,
Как ошондо намысың,

www.bizdin.kg

Элине батпай ар кимге,
Түтүн такап жан сактап,
Чынкожо  жайы мына бул.
Толтой мага тең болбойт,
Аккойондон өтүнүп,
Ал Толтой мага эр болбойт.
Келип калса бул жерге,
Арстандын уулу Семетей,
Адам уулу тең болбойт.
Абаке киши укпасын,
Талаага сөзүм чыкпасын.
Айтып сөзүн бүтүрүп,
Асылдан берип бар кийимин,
Элчибекти кетирип.
Алыскы жерди самаган,
Кара бетти карасаң,
Кыздардын баарын чакыртып
Келиндин баарын келтирип,
Акыл насаат кеп айтып,
Мунун баарын бекитип.
Айчүрөк айтты мындай кеп:
- Айчүрөк мында барбы деп,
Чакырып калса хан атам.
Көрбөдүк деп айтыңар,
Кай кеткенин билбедик,
Көптөн бери көрбөдүк,
Мындан башка кеп кылба,
Сөз кылба да унчукпа.
Калыйманга айтканы,
Кеткенимде ыраакка,
Шек албасын бир киши.
Калыйман жакын сиңдиси,
Кыздардан чыккан билгичи,
Калыйманды ордуна,
Алтын такка мингизди,
Акундун кызы Айчүрөк,
Кайыптыгын билгизди.
Дааналыгы көрүндү,
Аккуу кебин кийинди,
Бир кудайга сыйынды,
Айат окуп курандан,
Алласына жалынды.
Жакасын муунта бек кармап,
Учууга Чүрөк камынды.
Канатын күнгө каккылап,
Куйругун  жерге чапкылап,
Күндөй нуру жалтылдап.,
Көтөрүлдү чоң ак куу.
Асманды көздөй калкылдап.
Акундун учуп шаарынан
Асманга жакын барганда,

www.bizdin.kg

Булуттун чыкты үстүнө,
Саамай чачын сыдырып,
Аскарлуу тоону кыдырып,
Бир кудайга сыйынып,
Күн чыгыш көздөй бет алып,
Ойлоду муну эске алып,
Кытайды көздөй чет алып.
Бир жагынан учса да,
Бир жагынан ойлоду:
Багыштын уулу эр Толтой,
Башында барган кытайга,
Азапты кыйла тарттырган.
Калмак менен кытайга.
Кеги бар Толтой шерде деп,
Эң алдында барайын,
Хан Коңурбай эрге деп.
Аскалуу бийик Алатоо,
Ортосунда коосу жок.
Баары тегиз бирдей тоо,
Асманда келет калкылдап,
Алдынкы жерден көрүндү,
Кызыл мунар жалтылдап.
Ушул белем Бейжин деп,
Ылдыйлап түштү жакындап.
Кызыл мизден жасалган,
Көөнөрүп сырын дат алган,
Салтанаттуу ордо экен.
Ал ордонун оозунда,
Дамбал кийбей жылаңач,
Өзү калмак молдо экен.
Кытай эмес калмак деп,
Мында туруш кандай деп,
Өзү молдо Айчүрөк,
Дүнүйөнүн баарысын,
Билип турат ал Чүрөк.
“Адашып жолдон калыпмын,
Лахасанын шаары», - деп
Жана айланды Айчүрөк,
Көзүнөн жашы дыбырап,
Күн багыт көздөй бет алып,
Тептегиз тоону кыдырат.
Ар жагы деңиз жээги жок,
Алыс учуп бендеси,
Өтүп кетер жери жок.
Балык кармап көп жүрөт,
Ар бир жерде топ-топ жан.
Шамал жакка айланып,
Кыдырып учту Айчүрөк.
Келе жатса асманда,
Сурча жылкы көп жүрөт.
Катын кыздан кеп уккан,

www.bizdin.kg

Эр Семетей жылкысы,
Кара буурул деп уккан.
Кыз-келинден кеп уккан,
Эр Семетей жылкысы,
Кызыл буурул деп уккан.
Жылкыга учуп жетем деп,
Асманда келет энтеңдеп.
Күн ысыкта шалпылдап,
Куйругунан чаң чыгып,
Көрүнбөй көзгө закымдап,
Келип калды ошондо,
Бир күзгүдөй шаарга жакындап.
Хан Манастын сарайы,
Бүтүн сырдан деди эле.
Сырдын нуру күзгүдөй,
Көрүндү белем мага деп.
Ылдыйлап түшүп ушуга,
Барайынчы жана деп.
Булуттун түштү алдына,
Узата салган чоң ордо,
Узунга кеткен кең көчө,
Айран болду ал Чүрөк,
Ошол шаарды көргөндө.
Жолборс менен шерлерден,
Айбандан чыккан эрлерден,
Айкелин таштан катырган.
Там бойлотуп жаткырган,
Кээ бирөөнү карасаң,
Төрт айактап бастырган,
Күйгүзгөн топо очокко,
Алтындан казан астырган.
Аралап кирсе шаарга
Акыл кетип аздыккан.
Алгандай эмес көрүндү.
Ага чыкса кас душман.
Чоң кылычтар ийилген,
Чоң мылтыктар билинген.
Сейрегирээк багы бар,
Көркөм сулуу тигилген.
Бийик салган тамы бар,
Тегерете айлантып.
Токтотуп койгон көлү бар,
Асманда жүрүп азгашып,
Бейжинге келген чени бар.
Жасалма айбан шерлери,
Эмгичекти дагы бар.
Инсанга керек болуучу,
Жок нерсе мында табылаар.
Издегени баатыр шер,
Өтүп кеткен чагы бар.
Эгизден көргөн байагы,

www.bizdin.kg

Ээн жылкы кабылар.
Баары сурча бурулуп,
Жүрүптүр суугa чубуруп.
Асманда Чүрөк муну ойлоп,
Семетей таппай муну ойлоп,
"Кечээ атасы Манас өлгөндө,
Абыке, Көбөш агасы,
Атадан калган дүйнөсүн,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Айгырын сурдан салганбы,
Буурулдан башка бурулуп,
Сурап болуп калганбы?
Же болбосо канча күн,
Менин уккан кебим жалганбы?"
Тиктеп көзүн айырбай,
Жылкыга жакын барганы,
Жылкыга келген кези экен,
Алп Коңурбай балбаны,
Бейжинде бектин зардалы,
Белдүү калча балбаны.
Тору айгырдын жалындай,
Аркасында айдары.
Тартылуу жондо калканы,
Катылышкан жоо болсо,
Чыккындай анын талканы.
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Көрүнөт өзгө түгөнгүр,
Бүкүлү тоо жылгандай.
Мурду тоонун кыр таштай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Кабагы кашат жабындай,
Сакалы саадак кабындай.
Көзү аскардын жалындай,
Жакшы чыккан муруту,
Чоң балтанын сабындай,
Бүткөн бойу мунардай,
Колу буту чынардай.
Маңдайына калчанын,
Чыдап бенде тура албай,
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай.
Салкыны сырттын желиндей,
Салышчу душман жоо болсо,
Киргендей ага эринбей.
Садага барча бычактай,
Жыгачтан түркүн илинген,
Айдарлуу баатыр эр Коңур,
Алптыгы анын билинген.
Чок табылгы жайлаган,
Жоо дегенде шайланган.

www.bizdin.kg

Жайы-кышы Кара атты,
Кадага асып байлаган.
Каканга келген жоо болсо,
Кара жерди майлаган,
Кыйын чыккан бул калча,
Кызыл чок кытай журтуна,
Очогор мылтык асынып,
Ок өтпөс олпок жамынып.
Жылкыга келген кези экен,
Колунда найза солкулдап.
Жанында кылыч жаркылдап,
Алаңкер жаа сур жебе,
Оң жагында жалтылдап,
Башында чакан бөркү бар,
Жаркыны күнгө тартылат,
Башында жабар дөңсөө таш,
Падышадан башкага,
Баркы болбой курган таш.
Көзү көрдү Чүрөктү,
Азыркысы башы жаш.
Сакалы аппак болуптур,
Жетимишке калчанын,
Жетип жашы толуптур.
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар неме экен,
Соолуп калган түгөнгүр,
Каапырлыгы болбосо,
Тийип алчу  неме экен,
Ошону баштап барамбы,
Толтойдун өчүн алсамбы,
Чынкожо баштап барсамбы,
Чындап кыргын салсамбы,
Чыныгы өчүм алсамбы?
Кең Бейжинди жердеген,
Алп Коңурбай эр экен.
“Качып барып кара бет,
Каапырга тийди дээр бекен”.
Мындан өтүп жөнөйүн,
Издегеним Семетей,
Кабыл кылган кудайым,
Аны да барып көрөйүн,
Шамалды көздөй чет алып,
Күн батыш көздөй бет алып,
Көктү көздөй айланып,
Көөнүндө Чүрөк жайланып,
Шайаңдын өттү үстүнөн.
Бүтүн калмак байлары,
Түгөл жатат жайлары.
Адамдын көзүн талдырат,
Жайнап жаткан малдары.
Күн батыш көздөй ыңгайлап,

www.bizdin.kg

Алтайды көздөй айланды.
Алтай менен айланып,
Ар жагы менен учуптур,
Алматынын ойунда,
Аккан суунун бойунда.
Музбурчактын Аккуба,
Келген экен ойунга,
Ит агытып куш салып,
Ителгисин кукулап,
Асмандан Чүрөк көрүптүр
Кандай жүргөн киши деп,
Көңүлүн ага бөлүптүр.
Абдан Чүрөк байкаса,
Тотугуп өңү боло элек,
Он бешке жашы толо элек,
Ойноо бала секелек,
Балалык кыйал кете элек.
Оң далысы кең экен,
Оролуна  келгенде,
Ойротту бузар неме экен.
Азыр күчү толо элек,
Эр сайышып жекеден,
Эңишер чагы боло элек.
Сол далысы кең экен,
Зоңкойуп бойу жетилсе,
Солду бузар эр экен.
Балалыгы болбосо,
Тийип алчу неме экен.
«Баш бербей барып кара бет,
Балага тийди дээр бекен».
Балалык айып ага койуп,
Башын буруп толгонуп,
Алматыдан кайра учуп,
Асмандан келе жатканда,
Жетөгүздүн ойунда,
Ысыккөлдүн бойунда,
Ак калпак кыргыз тобунда,
Кезигип калды Айчүрөк,
Кулэтендин Агышка.
Токсонго жашы толуптур,
Бырыш басып чекесин,
Өпкөдөй өңү соолуптур.
Карыса да эр Агыш,
Короонун чыгып четине,
Олтурган экен дөбөнүн,
Оңолбогур бетинде.
Кууш айак кең көөдөн,
Мындайды Чүрөк көрбөгөн.
Калдайдын уулу капырдан,
Хан Коңурбай баатырдан,
Алда канча өйдө экен,

www.bizdin.kg

Кийгени жибек торко экен,
Кебетеси турушу.
Адамдан чыккан зор экен.
Токсонго жашы чыкса да,
Эңкейип далы кетпеген,
Кетпеген саба кептенген,
Эр мүчөлүү эме экен.
Көкөтөйдүн ашында,
Манжулардын Нескара,
Чыгары мунун эп экен.
Баштап барсам Агышты,
Балакет Толтой, Чынкожо.
Ийинге сийер эр экен.
«Ары жок Чүрөк кара бет,
Эр табылбай бендеден,
Аппак сакал кызыл көз,
Карыга тийди дээр бекен.
Издегеним Семетей,
Таппай туруп ошону,
Менин эр сынашым оң бекен,
Мен ымыркай жаш чакта,
Ал Семетей жок чакта,
Атам Акун айкөл шер,
Бирин бири сүйүшүп,
Жок балага күйүшүп,
Кудалашкан кеп экен.
Мен кара бет Чүрөктүн,
Маңдайымда шор экен.
Баатырдын уулу жалгызды,
Суу ичинде жалбызды,
Табышым менин эп экен.
Ойлогонум ар кимди,
Обу жок бекер кеп экен».
Муну ойлоп Айчүрөк,
Мындан кайтып учту эле,
Асман ылдый сыдырып,
Алатоо бойлоп кыдырып,
Анжийан менен Ташкенди.
Аралап учуп бул кыркып,
Карабуура Чаткалды,
Кайра айланып чыкты эле,
Асманда жүрүп ой бойлоп,
Ар күнү көп ойлоп,
Семетейди таба албай,
Тентип жүрөт бой-бойлоп.
Тунарык тартып көрүнүп,
Тумандын чети сөгүлүп.
Ак чуудаң тартып көрүнүп,
Асмандын чети сөгүлүп.
Алласына сыйынып,
Айчүрөк жашы төгүлүп.

www.bizdin.kg

Ак булуттун ичинде,
Абайлап байкап турду эле.
Башы ашуу, чети төр,
Ишенбесең калайык,
Эми издеп барып көр,
Өзөнгө бүткөн сазын көр,
Өрдөгүн көр, казын көр,
Суу бойлоп бүткөн сазын көр.
Суучулдук менен казын көр.
Кайың талы аралаш,
Баарысы өнгөн чамалаш,
Табылгы менен шылбысы,
Ыргай менен кожогат,
Четин менен сөксөөлү,
Аралашып бир чыгат.
Төө куйрук арча чамалаш,
Койгондой кошуп аралаш,
Жапа өрүк жийдеси,
Алууча жаңгак мистеси,
Кызылчасы кыйырында,
Кыйын көрдү бул жерди,
Кыз Чүрөк сулуу чынында,
Тескейинин баарысы,
Жайкалган шибер ыраңы,
Тоо бөксөдөн өткөндө,
Карагай толкуп буралды.
Үч күндүк жерге угулуп,
Сайраган булбул чуулары.
Кайберен койдой жайылган,
Кай жерден келип жыйылган,
Кыйан жеген кемерке,
Жемиштин баары тыгылган,
Кыйын көрдү бул жерди,
Бүткүл дүйнө кылымдан,
Төрткөлдүн төмөн жагында,
Төрөмдүн тиккен багында,
Баркөлдүн маңдай жагында,
Бакайдын салган тамында,
Кайнардын кара көзүндө,
Как чынардын өзүндө,
Кеңколдун чаты кошууда,
Тигилүү сарай ушунда.
Аппак болгон ак сарай,
Абдан көрүп алды эми,
Асмандага Айчүрөк,
Издеп келген Семеңди,
Ошол жерден тапты эле.
Акун хандын шаарына,
Чынкожо Толтой барганда,
Тышка киши чыгарбай,
Камап шаарды алганда.

www.bizdin.kg

Элчибекти жиберди.
Айттырып сөздү жалганга.
Уруксаат сурап Айчүрөк,
Беш ай мезгил алганга.
Тартуруга кармап берет деп,
Качып келген жар издеп,
Семетейди ал издеп.
Семеңди көрүп алды эми,
Жердеген жери Талас деп,
Атасы Манас баатырдын,
Уккан экен укмуштан.
Баатыр Манас өлгөндө,
Эл чогулуп жыйылып,
Алып барып көмгөндө,
Мекеден келген беш ажы,
Кетмен менен ойдуруп,
Үйүнүн ичин кең кылып,
Алты күнү эрикпей,
Казмак кылып ойдуруп,
Жер көөлөтүп койдуруп,
Ак саргыл бээни сойдуруп,
Кызыл тилла чачтырып,
Кыйамат жолун ачтырып.
Дооранга беш жүз сур байлап
Баарын бирдей кур байлап,
Бакайга башын карматып,
Баары журтун жардатып,
Сарамжалын бүт кылып,
Жуугандарга баарсын,
Он бештен кийим жыш кылып.
Элди айран калтырып,
Ат чаптырып чаңдатып.
Ак куланы алпарып,
Арстанга атап чалдырып,
Ооз омуртка айдарын,
Сарайына султандын,
Босогого бастырып,
Миң жамбы менен бүттү деп,
Күмбөзүнө жаздырып,
Ойлонуп Каныш олтуруп,
Жума күнү койдуруп,.
Акундун кызы Айчүрөк,
Карылардан көп уккан,
Катында болсо Каныкей,
Катуу кызмат кылды деп.
Хандын кызы Айчүрөк
Ак сакалдан кеп уккан,
Зайып да болсо Каныкей,
Салттуу кызмат кылды деп,
Койонаалы баланы,
Кабарчыга жиберип,

www.bizdin.kg

Үртүк чаап ат берип,
Мөөр басып кат берип.
Анжийандын астында,
Намангендин үстүндө,
Кызыл арстан молдого,
Кыйаматтык дос экен.
Койонаалы баланы,
Кабарчы кылып жиберип,
Кең Кашкардын нар жагы,
Кебезтоонун бер жагы,
Чоңөзөндүн белинен,
Килботосун чалдырган,
Жиберип киши атайы,
Нарга жүктөп алдырып,
Төрө Манас сарайын,
Даңаза кылып салдырып.
Эр Семетей баатырдын,
Атасынын сарайын,
Кылботодон бек салган.
Кишинин баары өлгүчө,
Жети кылым өткүчө,
Турар бекен деп салган.
Арстан Семей баатырдын,
Атасынын сарайын,
Ак чокудан бек салган.
Адамдын баары өлгөнчө,
Алты кылым өткүчө,
Турар бекен деп салган.
Сарайын жакшы салдырып,
Ошондо көргөн эрендер,
Даңазага калтырып.
Андан мурун сарай жок,
Акундун кызы Айчүрөк.
Уккан экен укмуштан.
“Сарайы болсо ушу деп,
Талас болсо ушу деп,
Асмандан көрүп Айчүрөк,
Кайнатам Манас баатырдын,
Үстүнөн учуп бек болуп,
Арбагына чет болуп,
Кантип учум өтөм”- дейт.
Ала-Тоо башын айланып,
Ар жагы менен учту эми,
Алмалуу булак Шумкарташ,
Ашып учуп түштү эми.
Төркөлдүн төмөн жагында,
Төрөмдүн тиккен багында,
Кайнардын кара көзүндө,
Кан чынардын өзүндө.
Өзөндүү булак сазында,
Өрдөк менен каз аңдып,

www.bizdin.kg

Кең Таластын бойунда,
Алакөлдүн ойунда.
Жүргөн экен Семетей.
Андан алып илдирип,
Мындан алып илдирип,
Тынчтык бербей кайыпка,
Илбесинди бүлдүрүп,
Буурул ат белин ийиптир,
Каз өрдөктү көп алып,
Канатын жерге чийилтип,
Ит агытып куш салып,
Илбесинди көп алып.
Эки чоро ээрчитип,
Жаш кулундай телчитип,
Жүргөн экен Семетей.
Эрикпеген эр жигит,
Жолдошу көп немедей,
Жүз кишиге кенебей.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асманда туруп сынады,
Манастын улу Семетей,
Бастырат экен ишенип,
Эрдигинен кенебей.
Чынкожо менен Толтойдон,
Барып кегим алабы?
Буда кандай неме деп,
Тиктеп турду Айчүрөк,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен.
Сол далысы кең экен,
Солду бузар эр экен.
Издебей турган шер бекен,
Тийбей турган эр бекен?
Кең көкүрөк, сом далы,
Келе жаткан Семетей.
Туруп душман бет албас,
Бул замандын балбаны.
Жанындагы балдары,
Туткандын чыгар далдалы,
Ажыдаардай түрү бар.
Арстандай сүрү бар,
Көмүрдөй кара көзү бар,
Өткүр болчу өзү бар.
Он сегиз менен он тогуз,
Ортосунда жашы бар,
Ханга ылайык каш бар,
Байга ылайык башы бар,
Байкап турат алыстан,
Балбан болчу кейпи бар,
Калың элди башкарып,
Сардар болчу кейпи бар,

www.bizdin.kg

Жылдыздай көзү жалтылдап,
Минген аты Буурул кылкылдап,
Семетейди көргөндө,
Тер агып бойдон чыпылдап.
Нурланып жүзү айдарлуу,
Асманда жүрүп Айчүрөк,
Тегеренип айланып.
Бар сайманы күмүштөн,
Башын тартпай ар иштен.
Жанына кылыч байлаган,
Жандашса жоону жайлаган.
Белине балта байлаган,
Беттешкен жоону жайлаган.
Асаба бар колунда,
Калканы бар жонунда.
Чарайна белде тартылуу,
Ийинде туулга артылуу.
Кисепчеси сары жез,
Семетейге болду кез.
Аты да бар бир тоодой,
Атышканды куткарбай.
Анча-мынча адамды,
Ат, тону менен жуткундай.
Өзү да бар бир тоодой,
Өчөшкөнүн куткарбай.
Өжөрлөнсө кишинин,
Өзүн бүтүн жуткундай.
Кыл мурутун чыйратып,
Кулагына салыптыр.
Эки бала ээрчитип,
Эл кыдырып жүрүптүр.
Ит агытып куш салып,
Жер кыдырып жүрүптүр.
Үстүндө кийген ак күбө,
Өз бойуна чак күбө.
Кыргагын алтын чордогон,
Жибек менен тордогон.
Тийишкен бенде оңбогон,
Алты атар огун сологон.
Акыректе кош калта,
Жети атар огун сологон,
Желкесинде беш калта,
Бадана тон кийинген,
Бир кудайга сыйынган.
Баладан мындай көргөн жок,
Кара башта кыйындан,
Чыкса чыгып калгандыр,
Жер жүзүндө кылымдан.
Нурланып беттен кан тамган,
Күмүштөн кемер курчанган,
Күндөй бетин нур чалган,

www.bizdin.kg

Алтындан кемер курчанган,
Аксаргыл тартып нурланган.
Арстан туулган бала экен,
Алышкан жоосу муң канган,
Абайласа түгөнгүр,
Акылы менен журт алган.
Кабаттап темир тон кийген,
Кызылдан Буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Агарып тиши кашкайган.
Айчүрөк карайт маңдайда,
Такалып сөзгө илинбейт,
Шамал чыгат таңдайдан,
Бет алса душман чекеге,
Чыккандай жалгыз жекеге.
Аны менен кездешкен.
Кеткидей узап мекеге,
Үстүндө кийген буулумдун,
Үпчүлүгү бир тогуз,
Атадан калган ак олпок,
Топчулугу бир тогуз.
Толкуну көлдүн шарындай,
Көзү көөрүк жалындай.
Жер жаанды кыдырса,
Мындай бенде табылбай.
Орто бойлуу кара көз,
Семетейге болду кез.
Тегерек бойлуу кызыл көз,
Айчүрөк болду буга кез,
Колуна камчы кармаган,
Кол салышкан душмандан,
Коркуп кайра жанбаган,
Кокустан келип тийишкен,
Кордук көрбөй калбаган,
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган,
Жолборстон алган мүнөзү,
Жолборсу Манас баатырдан
Ошондон калган мүнөзү.
Түгөнгүрдү карасаң,
Түшүнө кирсе коркот жан,
Кармагандан кан чыккан,
Карагандан жан чыккан,
Баатырдык эмей неткени,
Бала кезден ал чыккан,
Барып кирген көрүнө,
Байкабай буга кас чыккан,
Бала толду сынына,
Астындагы Буурул ат,
Чабына батпай суурулат.
Алты ай минсе арыбас,

www.bizdin.kg

Алтымыш асый болгуча,
Азуусун сөйкөп карыбас.
Кулжа көөдөн тайган төш,
Жети айга минсе чаалыкпас.
Айбандан асыл мал экен,
Арстандын калып оорагы,
Арбак кончу жан экен.
Жанындагы Гүлчоро,
Чоро аты болбосо,
Төрөсү Семей баатырдын,
Төрт эли өйдө бала экен.
Кол салышкан душманга,
Козголбос жайы бар экен.
Өчөшкөнүн соо койбой,
Өлтүрчү неме экен.
Ырайым шапкат андан жок,
Ырасын айтса ушул кеп,
Канчорону карады,
Карабай Чүрөк калбады,
Балбандыгы көрүнүп,
Көөнүмө бу да жарады.
Абдан байкап турду эми,
Ат, тону менен Семеңди,
Жолдошу чоро эрлерди,
Буурул ат үч адам,
Төртөө тең сынга толду эми.
Бала жолборс Семетей,
Бастырып үйгө келди эми.
Кермесине ат толуп,
Эл каганаттап калыптыр.
Өйүз-бүйүз эки ордо,
Көрүнө тигип салыптыр.
Маңдай жагы боз секи,
Барып түштү Айчүрөк:
“Эр Семетей баатырдын,
Келбетин кантип көрөм деп,
Канкордун уулу чунакка,
Кабарды кантип берем деп,
Кайтып барсам шаарга,
Чынкожодон өлөм деп,
Мундашпай мындан кеткенде,
Толтойдон кордук көрөм деп,
Мага эже болучу,
Эрке катын Чачыкей,
Жайын билсем”- деп ойлоп,
Карап турду Айчүрөк.
Бешим маалы болгондо,
Эрке катын Чачыкей,
Ордодон чыкты маңкайып,
Ак кулжадай даңкайып,
Эки жагын каранып,

www.bizdin.kg

Карчыгадай таранып,
Кызгалдактай кылактап,
Асталай басып булактап.
Көк кепиш бутта кыйчылдап,
Көрөгөч көзү жылтылдап,
Басып чыкты суйкайып,
Элечек башта койкойуп.
Алтындан кылган чоң сөйкө,
Акыректе жаркылдап.
Шурудан таккан чач мончок,
Майсооруда шаркылдап.
Серүүн булак бакчага,
Басып барды Чачыкей,
Жеңин жерге сүйрөгөн,
Желбегей басып үйрөнгөн,
Алтынга бойун шыбаган,
Талдай бели буралган,
Чачыкейди Айчүрөк,
Көрүп туруп кубанган,
Эр Семетей баатырдын,
Мурунку зайыбы ушу деп,
Өзү ургаачы эмеспи,
Азыр муңумду айтайын,
Акылдашып эжеме,
Андан кийин  кайтайын,
Он бештеги кыз болуп,
Оолжуй басып барды эле
Пери кызындай көрүндү,
Чачыкей көрдү Чүрөктү,
Жүрөгү кетти кабынан,
Билеги кетти сабынан,
Ырп этерге алы жок,
Айласы кетти абыдан.
Акундун кызы Айчүрөк,
Арка чачын булайтып,
Ак тамагын кылайтып,
Астына келип муну айтып.
Басып келди жанына:
- Шаатемир кызы Чачыкей,
Эжеке аман-эсен жүрдүңбү?
Эрмекке бала сүйдүңбү?
Эсен-аман жүрдүңбү?
Эркек бала сүйдүңбү?
Карагай найза жыйышып,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Багыштан баатыр эр Толтой,
Хан Семетей баатырга,
Чындап жаман тийишип,
Арага элчи салышып,
Акылдашып алышып,
Асманда мунар боз болуп,

www.bizdin.kg

Жедигердин Толтойго,
Катын берип дос болуп,
Толтойдон барып жол сурап,
Он эки түмөн кол сурап
Шаарымды сабады,
Жайы-кышы камады.
Жазда эгин салдырбай,
Күздө аштык алдырбай,
Куйруктуу токту жедирбей,
Элимди муңдуу кылганда,
Айчүрөк тартуу бергин деп,
Акунду камап турганда,
Качып келдим аркалап.
Чымындай жаным калкалап.
Калаамды бузду талкалап.
Качып келдим аркалап,
Кара жаным калкалап.
Эр Семетей баатырың,
Элди бузган жакырың,
Ардануучу балабы?
Аташканы Айчүрөк,
Талашып барып алабы?
Же Толтойго бузук салабы?
Толгонуп келген Чүрөктү,
Тобунан сууруп алабы?
Же кылган иши чалабы?
Тарттырып ийип Чүрөктү,
Талаада өзү калабы?
Намысы жок балабы,
Сулуу кызды алууга,
Жок бекен анын талабы?
Күңү болуп калат деп,
Күйүткө мени салат деп,
Күйөөмдү сурап жатат деп,
Көңүлүңө албагын.
Ак ордоңду оңдойун,
Көчкөндө төөң комдойун,
Жалган айтсам оңбойун,
Кырк жылы кызмат кылайын,
Кырк жылда карып өлөрсүң,
Кыйамат жүзүн көрөрсүң..
Арка чачын булайтып,
Ак жүздөрүн кылайтып,
Карап койуп кубарып,
Чачыкей турду муну айтып:
- Кызылды кийген тоңорбу?
Кызда сендей болорбу?
Атасынын төрүндө,
Эр издеген оңорбу?
Күлгүндү кийген тоңорбу?
Жашта сендей болорбу?

www.bizdin.kg

Атасынын төрүндө,
Күйөө издеген оңорбу?
Тийерине эр таппай,
Сийерине жер таппай,
Эр албаган эси күң,,
Кашка таман кески күң,
Чачың куудай болгуча,
Тишиң буудай болгуча,
Акун хандын төрүндө,
Көп олтуруп зак болгон,
Саамайың куудан ак болгон,
Сенин жайың укканмын,
Керүүгө казан аскан күң,,
Кербенчи жолун тоскон күң,
Жолго казан аскан күң,
Жолоочу жолун тоскон күң,.
Сени төрөм албай деп,
Сени алып нетет деп,
Не мураска жетет деп,
Алты айчалык Үргөнүчтөн,
Арсыздан бетер түн катып,
Атка минбей жөө басып,
Атаңдай болгон төрөмө,
Эр үчүн келдиң түн катып,
Жети айчалык Үргөнүчтөн,
Желдеттен бетер түн катып,
Энеңдей болгон биздерге.
Эр үчүн келдиң үн катып.
Энең укса тыйбайбы?
Элиң элик кылбайбы?
Атаң укса тыйбайбы,
Айлың элик кылбайбы?
Аташканы Чачыкей.
Сулуулугу сымбаты,
Арзан менен кымбаты,
Чүрөк сенден кем бекен?
Эр Семетей баатырды,
Издеп тийди дээр бекен,
Анда киши салгыдай,
Арачы киши мен бекен?
Эр Семетей баатырың,
Сени алчу неме эмес,
Аташканы Чачыкей,
Айчүрөк, сенден кем эмес.
Атай көтөк ит уксун,
Кабыргада бит уксун,
Кайта басты кагынып,
Буулумдан кылган чоң ичик,
Буластата жамынып,
Акундун кызы айчүрөк,
Уйалгандан өлбөдү,

www.bizdin.kg

Өлүп жерге кирбеди.
Өлбөй тирүү калбады,
Таманын жерден тарталбай,
Көзүнүн жашын арта албай.
Күнүлүгү билинип,
Туруп калды шалпайып,
Эрке катын Чачыкей,
Эшиктен кирди эңкейип,
Үйгө кирди үшкүрүп.
Таза чыккан Чачыкей,
Жаман болду бузулуп.
Мага кесел тийди деп,
Эрке катын чачыкей,
Аңкоосуп айтты озунуп,
Төшөк сал деп жаткырып,
Эр Семетей баатырың,
Сары улакты алдырып,
Садагасын кактырып,
Өпкөсүн алып чаптырып.
Эл чогулуп дүрбөдү,
Чачыкейден башка адам,
Айчүрөктү көрбөдү,
Ал аңгыча болбоду,
Гүлчоро менен Канчоро,
Кеңколдун башы көлмөдө,
Жаткан экен жылкыда.
Эр Семетей баатырдын,
Амандыгын билем деп.
Амандашып келем деп,
Эсендигин билсек деп,
Учурашып кетсек деп,
Салам айтып жарк этип,
Күлүп балдар шарк этип.
Семетейдин үйүнө,
Кирип келди шаңк этип.
Кырданып жаткан канкоруң,
Жанынан тойгон анткоруң,
Эр Семетей баатырың,
Эргип туруп муну айтып:
Чубактын уулу Канчоро,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Атамдан калган Акшумкар,
Этине келген чагы бар,
Сала турган табы бар,
Эркин жатып көлдөрдө,
Өрдөк менен каздардын,
Эби келген чагы экен.
Эртең Таласты бойлоп куш салам,
Бүгүндөн калбай кайтып бар,
Кабарды катуу салып бар,
Жылкычыга айтып бар.

www.bizdin.kg

Атамдан калган Көкбуудан,
Аткан октой кутурган.
Көөнүң Чоро таптап мин.
Көөнүң Чоро байлап мин,
Эртеңден калбай эрте кел,
Эки тулпар минип кел,
Эртең келсе Гүлчоро,
Кара жол менен чабарсың,
Кара суудан табарсың.
Эртеңден калбай эрте кел,
Эрте туруп сар кел".
Баатыр семең айтты эле,
Байкап уккан Гүлчоро,
Жылкыны көздөй кайтты эле.
Күүгүм кире күн бата,
Элдин баары жуп жата,
Алтындан кылган такага,
Мамыктан кылган пахтага,
Семетей менен Чачыкей,
Айкалышып жатты эле,
Аркар менен кулжадай,
Бото менен ингендей,
Мойун алышып жатты эле.
Тараза жылдыз батканда,
Таң агарып атканда,
Эрке катын Чачыкей,
Ордунан турду оолжуп,
Айчүрөктөн коопсуп,
Кечээ көргөн Айчүрөк,
Кетти бекен ордунан,
Же турат бекен ордунда?
Муну ойлоп Чачыкей,
Басып барды шартылдап,
Алтындан кылган чоң сөйкө,
Акыректе жаркылдап.
Акундун кызы Айчүрөк,
Турган экен ордунда,
Арка чачын булайтып
Ак тамагын кылайтып.
Тосуп чыкты муну айтып,
Тозокту салчу ичине,
Толуп жаткан муңду айтып:
- Айланайын эжеке,
Маани жайым айтайын,
Кабар салып кайтайын.
Эр семетей баатырың,
Тайбуурул атын минеби?
Жоодон коркпос эр болсо,
Чүрөктүн жайын билеби?
Чынкожо менен Толтойдон,
Айчүрөк тартып алабы?

www.bizdin.kg

Айчүрөк берип Толтойго,
Таласта жатып алабы?
Же намысы жок балабы?
Айтчы эжеке кебиңди,
Таппайсыңбы эбимди?-
Айчүрөк муну айтканда,
Эрке катын Чачыкей,
Акылынан шашканда.
Кармап алды билектен,
- Жүз кубулган кара бет,
Калпты таап келгениң,
Башынан көргөн жер беле,
Же көз байлоочу сер беле?
Шайтандан келген элчиби,
Койнунда турган күйөөсүн,
Өлбөй туруп берчүбү?
Сени үйгө сүйрөп барайын,
Үй кызматка салайын,-
Деп, Чачыкей зиркилдеп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Мындай арип ким билет?
Коргошундай көйкөлүп
Колдон чыкты Айчүрөк,
Ичиндеги бар кебин,
Козгоп чыкты Айчүрөк:
- Эрке катын Чачыкей,
Эр Семетей баатырды,
Көргөнүң бүгүн түн болор
Кабыл болсо тилегим,
Сага көрсөткөн киши ким болор,
Кайберен чилтен кеп айткан.
Ушу бүгүн Семетей,
Кең Таластын ойуна,
Ашмуранын бойуна,
Акшумкар салат деп айткан,
Үйдө калса  сеники,
Кудай таала буйурса.
Талаага чыкса меники.
Кара жолдун бойунда,
Бир көрүүгө сонунда,
Ак була болуп болуп буралып,
Алты түрдүү кубулуп.
Үч көрүнүп көзүнө,
Сыр көрсөтүп өзүнө,
Жолунда жатып калбасам,
Була деп буруп алганда,
Канжыгага чалганда,
Колундагы шумкарын,
Эбин таап албасам.
Акшумкар издеп аңыртып,
Азапка башын салбасам.

www.bizdin.kg

Андан айла болбосо,
Кара суунун көлчөктөн,
Туура кечип өткөндө,
Ак балыктай кылтылдап,
Алтындай болуп жылтылдап,
Үч көрүнүп көзүнө,
Сыр көрүнүп өзүнө,
Кылкылдап ойун салбасам.
Балык деп басып алганда,
Канжыгага чалганда,
Колдон шумкар албасам,
Боосунан мыктап кармасам,
Элине бүлүк салбасам,
Эр Семетей баатырды,
Элиртип кетип калбасам.
Андан айла болбосо,
Өрдөк көлдөн өткөндө,
Эр Семетей баатырың,
Куш салаар маалы кеткенде,
Жекендүү көлдүн жээгинде,
Кошулган камыш тээгине,
Шабырлуу көлдүн чатында,
Аккуу болуп жатпасам,
Башымды көлгө малбасам,
Балырды сууруп албасам,
Куукуулап оттоп калбасам,
Куп мүшкүлдү салбасам,
Куу деп кушун салганда,
Шумкардын боосун кармасам,
Кармап алып шумкарын,
Алып кетип калбасам,
Сала турган шумкарын,
Эр Толтойго салдырып,
Ала турган Чүрөктү,
Чынкожого алдырып,
Жер жүзүндө адамга,
Аралап жүргүс кылбасам,
Айчүрөк болбой өлөйүн,
Аллада буйрук ушу экен,
Азапты минтип көрөйүн.
Туубай тууна чөгөйүн,
Тумшугу жок мен бейбак,
Бул көрөкчө өлөйүн.
А, колдогу Кожо эшен,
Кол бергеним Ак эшен,
Дубана пирим нак эшен.
Колдогун мени деп айтып,
Алардан медет тилесе,
Деп ошентип Айчүрөк,
Аккуу кебин кийди эми.
Ак түтүн болуп бузулуп.

www.bizdin.kg

Асманды көздөй созулуп,
Көк түтүн болуп бузулуп,
Көктү көздөй сүзүлүп.
Көздөн кайым болду эми,
Эрке катын Чачыкей,
Эсин таппай сандалып,
Айчүрөккө таң калып.
Алда кандай болот деп,
Акыл ойлонуп саргарып,
Алаканын шак койуп:
“Атаны кокуй арман деп,
Көчүгүн жерге лак койуп,
Өзү келген долуну,
Ач билектен албаган,
Ашканачы кылбаган.
Атаны арман күн болду,
Ой караңгы түн болду.
Ай, менден сөөлөт кетти деп,
Кесирим башка жетти”- деп,
Туруп калды Чачыкей.
Үйдү көздөй басты эми,
Кетпей калар бекен деп,
Кесел чындап тийди деп,
Кеп айтпастан жатты эми,
Акундун кызы Айчүрөк,
Асмандап учуп алды эми
Абдан шамал салды эми,
Канатын көккө каккылап,
Куйругун көккө чапкылап,
Көтөрүлгөн Айчүрөк,
Кукулдап учуп калды эми,
Куйун шамал салды эми.
Шыкылдаган Айчүрөк,
Шыпылдап учуп калды эми,
Шыбырган шамал салды эми,
Бөксөнүн башы мөндүрлөп,
Жаканын башы жамгырлап,
Асманда булут тундуруп,
Сегиз сай мөндүр куйдуруп.
Аш бышымга күн жаады,
Ачылып кетти жарк этип.
Караса көзгө илинбей,
Каран калган Айчүрөк,
Кай кеткени билинбей,
Акундун кызы Айчүрөк,
Көздөн кайым болгондо,
Баатырдын уулу эр Семең,
Бала жолборс эр немең,
Чукуранып ойгонуп,
Чочуп кетип толгонуп,
Саламын деп шумкарды,

www.bizdin.kg

Чабамын деп тулпарды,
Кечигип калсам мен бүгүн,
Талаага конуп калам деп.
Каргаша жолдон табам деп,
Күндүн мурду кызара,
Ыргып тура калды эми.
Аптабаны колго алып,
Ак жыландай толгонуп,
Эшикке чыгып ийилип.
Карды көрдү Семетей,
Капасы жок сүйүнүп.
Колун суугa салды эми,
Кол даaратын алды эми.
Жүзүн суугa салды эми,
Жүз даaратын алды эми,
Бутун суугa салды эми
Бут даaратын алды эми.
Кайра кирип үйүнө,
Жай намазын жайды эми,
Экөө сүннөт, экөө парз,
Кудай таала кудурет.
Өткөрбөй турган кыйын карыз,
Төрт ирекет багымдат,
Төп-төп окуп алды эми.
Төрөнүн уулу Семетей,
Атын колго алды эми,
Асталай басып барды эми.
“Мен Семетей болголу,
Акшумкар колго конгону,
Мындай сонор болбоду.
Көрүп туруп ошону,
Салбай койсо кушуну,
Семетей анда болобу?
Деп көк жалың кулуңдөп,
Тайбуурулдай күлүккө,
Жолборстон үртүк чаптырып,
Жибектен кежим тактырып,
Алтын менен саптаган,
Пил терисин каптаган,
Чымын тийсе кыңк эткен.
Камчы менен чапканда,
Мылтык аткан немедей,
Тоо жаңырып зыңк эткен,
Алтындан кылган доолбас,
Кайра байлап капшырып,
Канжыгага тапшырып.
Алдыңкы кашы карк алтын,
Кийинки кашы чылт күмүш,
Эки каптал эн темир,
Эптеп кылган ак каңгы,
Тайбуурулга чак каңгы.

www.bizdin.kg

Баса токуп алды эми.
Ак олпок тонун кийинип,
А, кудайлап сүйүнүп,
Топчулугу бир тогуз,
Топчуланып алды эми.
Үпчүлүгү бир тогуз,
Үпчүлөнүп алды эми,
Шумкарды колго кондуруп,
Толгомо саптуу чоң камчы,
Сол колуна алды эми.
Атын чечип мамыдан,
Сүйүнгөн Семең абыдан.
Куймалуу таман үзөңгү,
Теппей ыргып минди эми,
Бастырып жөнөй бererде,
Ушул үйдөн Чачыкей,
Чыдай албай чыкты эми:
- Бүгүн жортпой эртең жорт,
Эки чоро ала жорт,
Түндө жатып түш көрдүм.
Түшүмдө кыйын иш көрдүм,
Шаңшыбас күндө Акшумкар,
Бүгүн шаңшып жатыптыр.
Кебез боосун тытыптыр,
Кетмекчи болуп жатыптыр.
Жалгыз жортпой эртең жорт,
Жан жолдошуң ала жорт.
- Койо бер долу, койо бер,
Түшүң түлкү богу деп,
Өзүң менин богум деп,
Жолума каршы болот деп,
Шаңшып жатса Акшумкар,
Уйалаш үнүн уккандыр,
Ошо үчүн чыккандыр,
Семетей мындай дегенде,
Чылбырына чырмалып,
Олоңуна оролуп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Бастырбай жатып алды эми.
Манастын уулу Семетей,
Катуу ачуусу келди эми.
Каныкейдин көк торпок,
Эки энеге тел торпок,
Сайга жазып кердирген,
Чеберлерге тердирген,
Он экиден өрдүргөн,
Чоң камчы колго имерип,
Сооруну көздөй жиберип.
Кол көтөрүп чапты эле,
Калдыркан ала көйнөгү,
Кат-катынан бөлүнүп,

www.bizdin.kg

Кара каны төгүлүп,
Ташка ойногон улактай,
Жантайа түшүп калды эми.
“Барганыңдан келбей кал,
Базарың үйүң көрбөй кал,
Кеткениңден келбей кал,
Кербен үйүн көрбөй кал.
Жедигер алсын кушуңду,
Жеңилтпесин ишиңди.
Эр Толтой алсын атыңды,
Чынкожо алсын катынды».
Деп Чачыкей карганда,
Каргышын ага арнады,
Карап туруп калганы,
Кой каргышы бөрүгө,
Катын каргышы эрине,
Жетпейт деп эл айткандай,
Эр Семетей баатырың,
Тайбуурул менен дуу койуп,
Шайбырына төндүрүп,
Басыгына көндүрүп,
Жүрүп кетти балкылдап,
Нары жакты карай шалкылдап.
Чарайнасы жаркылдап.
Куш салучу жерине,
Жетип барды Семетей.
Акундун кызы Айчүрөк,
Асмандан байкап көрдү эми.
Эр Семетей баатырдын,
Кара көздөн нур чалган,
Чырайынан кан тамган,
Кыз-келин көрсө нур жүзүн,
Чын акылдан бек шанган.
Дүмөктүү кыйын бала экен,
Кызматы менен журт алган,
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну суунун шарындай,
Жер жүзүндө бендеден,
Мындай неме табылбай,
Ысыгы жайдын аптаптай,
Суугу сырттын шамалдай.
Качырганы жолборстой,
Кармаганы илбирстей.
Курчтугун көрсөң албарстай,
Кеңдигин көрсөң Таластай.
Эрдигин байкап карасаң,
Атасы өткөн Манастай,
Маңдайына карасаң,
Кара кашка тынардай.
“Жоргону минип шалкылдап
Бадана кийип жаркылдап,

www.bizdin.kg

Жүрөр күнүм бар бекен,
Жаш Семетей баатырга,
Тийер күнүм бар бекен.
Буурул ат минип булкулдап,
Сырнайза колдо жаркылдап,
Манастын уулу Семетей,
Барар күнү бар бекен.
Бендеден буруу сулуудан,
Буулум кийген Чүрөктү,
Алар күнү бар бекен".
Мына ушундай ойлонуп,
Асманда жүрүп Айчүрөк,
Семетей көрүп бой-бойлоп.
Нечен түрдүү ой ойлоп.
Жаш Семетей төрөнү,
Ажыдаарга чын болжоп
Манастын уулу Семетей,
Жанында жолдош киши жок.
Бастырып жүрөт кенебей,
Ал аңгыча болбоду,
Гүлчоро менен Канчоро,
Актелки менен Сурtелки,
Тулпар атты минишип,
Эңкейиш тартып киришип:
"Ойго тиккен чатыр жок,
Ойноп жатар катын жок,
Кырга тиккен чатыр жок,
Кызыгып жатар катын жок.
Абамдын аркасынан баралы,
Эриккенди жазалы,
Эрмектешип кайталы,
Жалгыз жүргөн абама,
Какмачы болуп берели,
Кайтып үйгө келели".
Эки чоро кеңешип,
Үзөңгү бутта кагышып,
Ак ордонун жанына,
Ал Семеңдин айлына,
Жетип келди жарышып.
Ат дүбүртүн укканда,
Үйдө жаткан Чачыкей,
Ордодон чыкты тырышып.
Ордодон өтө бергенде,
Чачыкей чыгып чакырып:
- Кештелүү калпак, кең шалбар,
Кеңешим айтар жаш балдар,
Кебимди угуп алыңар.
Саймалуу калпак, кең шалбар,
Санаам айтар жаш балдар,
Зарымды угуп алыңар.
Атыңдын башын бура тур,

www.bizdin.kg

Арыз айтам уга тур,
Тизгиндин башын иле тур,
Сөз айтамын тура тур.
Кайрылып карап Гүлчоро,
Атынын башын бурду эми,
Айалдап бир аз турду эми,
Канчоросу муну айтат:
- Чакырбай күндө Чачыкей,
Бүгүн не себептен чакырды?
Абамдын катуу ачуусу келгенби?
Катуу уруп салганбы?
Бек ачуусу келгенби?
Бекем тилдеп салганбы?
Же бир жактан кабар алганбы?
Эрке жеңем Чачыкей,
Чымырканып калганбы?
Чачыкей келип муну айтты,
Серпип кашын муңайтты:
- Эр Семетей баатырың,
Куш салаар маалы өткөндө
Ак ордо көздөй кайтканда,
Жекендүү көлдүн жээгинде,
Кошулган камыш тээгинде,
Шабырлуу көлдүн чатында,
Укурук мойун чоң ак куу,
Башын көлгө салуучу,
Балырды сууруп алуучу,
Кукулдап оттоп калуучу.
Как ошону көргөндө,
Ак шумкарын салам дээр,
Кууну алдырып алам дээр,
Ак шумкар кушун салбасын,
Армандуу болуп калбасын,
Ак була жолдон албасын,
Буларга көзүн салбасын.
Була  деп буруп байланып,
Муңдуу болуп калбасын.
Кара суудa балыкты,
Балык деп басып албасын,
Канжыгага чалбасын,
Эрке жеңең Чачыкей,
Убалына калбасын?
Салдырбасың шумкарын,
Бастырбасың балыкты,
Алдырбасың буларды.
Ушу кепке жарасаң,
Жаратканың Аккойон,
Аны алып беремин,
Аны алып бербесем,
Жанга  өргө тикпесем,
Айтканымды кылбасам,

www.bizdin.kg

Антип санаам тынбасам.
Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Ак курандын каты урсун,
Аккелтенин даты урсун,
Ушу кеп азыр арыз болсун,
Айтканымды кылбасам,
Кыйаматта карыз болсун,
Аман бол уулу жол болсун,
Ишиңди кудай оңдосун".
Гүлчоро менен Канчоро,
Аттарга камчы басты эми,
Семетейге жетсек деп,
Артынан жөнөп шашты эми.
Кара суунун бойуна,
Жекендүү көлдүн ойуна,
Семетейге жакындап,
Жетип барды ушунда.
Ат чабымдай алдында,
Жете барды гүлчоро,
Эшик эндүү ак була,
Семетейдин алдында,
Кара жолдун чаңында,
Жаткан экен бурулуп.
Жалт-жулт этип нурланып,
Алты түрлүү кубулуп,
Түшө калып ала албай,
Өзөндө жаткан өрдөктү,
Акшумкар кошун сала албай.
Кайраттары чакырып,
Балдарды карап бакырып:
- Алмамбет уулу Гүлчоро,
Чубактын уулу Канчоро,
Акжолтой тууган абакең,
Ак була таптым алдыдан,
Аттан түшүп ала көр,
Анжийандан астынан,
Намагендин үстүнөн,
Көтөрмөчү соодагер,
Түн катып түндө өткөнбү?
Көкчөнүн уулу Үмүтөй,
Айылын көздөй кеткенби?
Такалуу аттын изин чал,
Түшпөй өткөн сарт болсо,
Артынан кууп жолго сал.
Кубалап жете барайын,
Такыр таап алайын
Үмүтөй менден бай бекен,
Көөнү ачык жай бекен?
Менин айдатар ирким аз бекен,
Соодагер бизге кас бекен?

www.bizdin.kg

Сары жоргом жок бекен,
Үмүтөй менден ток бекен?
Кечээ атам Манас өлгөндө,
Атамдан калган Ак олпок
Абыкеде калганда,
Букара өскөн арамдар,
Булайтып кийип салыптыр.
Тышы кетип жыртылып.
Кыргагынан кырчылып,
Ичи кетип тешилип,
Калган экен Ак олпок.
Түшүп алгын буланы,
Балбандарга бурдуруп
Каныкейди башына,
Каратып койуп турдуруп,
Басмалатып кийели,
Учмактуу жеңең Чачыкей,
Уз экенин билели,
Чак эткендей сөздөнгөн,
Чагылгандай көздөнгөн,
Шай колдогон Гүлчоро,
Буланы көрүп бурулуп.
Жоо качырган немедей,
Гүлчоро калды кенебей,
Муңайып өңү кубулуп:
- Өрдөккө кушуң салбастан,
Алдырып өрдөк канбастан,
Жүрүптүрсүң абаке,
Жайнап жаткан өрдөккө
Салбай кушту турабы?
Бизди кудай урабы:
Ак була керек сага болсо,
Ак булаңды жайайын,
Алтымыш алар жорго айдап,
Анжийанга кирейин.
Алтымыш кулач ак була,
Алып келип берейин.
Жетимиш жээрде  жорго айдап,
Жеркен базар жетейин.
Жетимиш кулач ак була,
Алып келип берейин.
Эр Семетей баатырың,
Сары жибек танап боосунан,
Шумкарды тартып алды эми
Кызыл жибек боосунан,
Бутунан тартып калды эми.
Түрдөп  кылган томого,
Жулуп баштан алды эми.
Торгойдой болгон шумкарын,
Таманга кагып калды эми.
Акшумкар асманга эргип учту эле,

www.bizdin.kg

Алтындан кылган доолбас,
Эр Семетей баатырың,
Карс дедире какты эми.
Шабырда жаткан көп өрдөк,
Жайнап учуп качты эми.
Семетей менен Канчоро,
Акшумкардын артынан,
Кубанып карап калды эми.
Алмамбеттин Гүлчоро,
Эшик эндүү ак була,
Эңкейип  жерден алды эми,
Казылуу жаткан ороого,
Чалкасынан салды эми.
Тегирмендей кара таш,
Тегеретип үстүнө,
Бек бекитип салды эми.
Семетейдин артынан,
Салып жетип барды эми.
Эр Семетей баатырың,
Чүрөктөй өрдөк бала каз,
Чүрөгү менен алдырып.
Балапан өрдөк бала каз,
Баркыратып алдырып,
Кара сууну айланып,
Алтоо өрдөк, алтоо каз,
Аны алып байланып.
Тайбуурулду тер кылып,
Багалегин кер кылып:
«Алмамбеттин Гүлчоро,
Чором кара сууну көлчөктөн,
Туура кечип алалы.
Өзөндү бойлоп куш салып,
Өрдөк казын алалы.
Өрдөк жүнүн жулдуруп.
Куш жаздыкка салалы».
Деп, кыйкырып Семетей,
Кара суунун көлчөктөн,
Туура кечип өттү эми,
Суу бойуна түштү эми.
Алтоо сүннөт, төртөө парз,
Он ирекет бешимде,
Оңдоп окуп алмакка,
Колун сууга салды эми,
Кол дааратын алды эми.
Жүзүн сууга салды эми
Жүз дааратын алды эми.
Даарат алып жатканда,
Алдынан өттү бир балык,
Канатынын үстүндө,
Карала сыйа каты бар,
Как төбөнүн үстүндө,

www.bizdin.kg

Бармак басым жеринде,
Алтындан сырмак меңи бар.
Имерилип өттү эле,
Семетей муну көрдү эле,
Тиктеп туруп калды эле,
- Ат жабдыгың күмүштөн,
Айланайын, Гүлүстөн,
Мен көргөндү көрдүңбү,
Мен туйганды туйдуңбу?
Алдымдан өттү ак балык,
Канатынын үстүндө,
Карала сыйа каты бар.
Как төбөнүн үстүндө
Бармак басым жеринде,
Алтындан сырмак меңи бар.
Мен Семетей болголу,
Мындай балык көрбөдүм.
Айланайын, Гүлчоро,
Сууга айанбай киргинин,
Сууда жаткан балыкты,
Ууртуна колуң салгының,
Тилинен кармап алгының,
Канжыгыга чалгының,
Үйдө калган долуга,
Камчы чаптым сооруга,
Алып барып тартуу кылгының, -
Мындай айтып турду эле
Муну уккан да Гүлчоро,
Турчу беле кабылан.
Анжийандан алдырган,
Андан келген ак өтүк,
Ийи айдай бек өтүк.
Сууга жанбай кирди эми,
Суунун түбүн тепкилеп,
Билмексен болуп турду эми.
Көп айанбай кирди эми,
Көлдүн башын тепкилеп,
Көрмөксөн болуп турду эми.
- Жан абаке кана?- деп,
Карамыш болуп турду эми,
“Арам гана акмак кул.
Арбын көр, антын көр,
Кылып турган дартын көр”.
Манастын уулу Семетей,
Сууда жаткан балыкты,
Көк шилиден алды эми,
Тышка ыргытып ийди эле,
Канчоро муну карма деп,
Канжыгага байла деп,
Чубактын уулу Канчоро,
Турчу беле эр чоро.

www.bizdin.kg

Жалама темир миспичак,
Жанынан сууруп алды эми,
Кардын жарып салды эми.
Сууга ыргытып жиберди:
-Айланайын абаке,
Кирген балык турбайбы,
Жеген киши өлбөйбү!
Муну укканда тим болуп,
Манастын уулу эр Семең,
Дарс окуган эр немең,
Алтоо сүннөт, төртөө парз,
Кудай таала кудурет,
Өтпөй турган кыйын карыз,
Он ирекет бешимде,
Оңдоп окуп алды эле,
Өзөндү бойлоп жүрдү эми,
Жекендүү көлдүн жээгинде,
Шабырлуу көлдүн четинде,
Укурук мойун чоң ак куу,
Куйругу менен кум сабап,
Канаты менен жер сабап,
Куукулдап оттоп калыптыр.
Муну көрүп Гүлчоро:
- Айланайын абаке,
Кечке чейин сен салдың,
Кечиндеси мен салам.
Мага бер, - деп шумкарды,
Бекем сурап турду эми.
Бербеймин деп айта албай,
Берендин көөнүн кайтарбай,
Берип койду шумкарды.
Колунан алып шумкарды,
Койо берип тулпарды,
Тура тартып качты эми,
Актелкини камчылап,
Кара жанын кашайтты.
Эр Семетей баатырдын,
Катуу ачуусу келди эми.
Качканын билди эми.
Бек ачуусу келди эми,
Бербесин атын билди эми.
“Арам гана акмак кул,
Арибин көр, антын көр,
Кылып турган дартын көр,
Көгүчкөндөй мойнуңду
Толгоп үзүп албасам,
Көрүнөө майып кылбасам,
Кекиликтей мойнуңду,
Кедери толгоп албасам,
Кеткис майып кылбасам”.
Деп, кыйкырып оолугуп,

www.bizdin.kg

Артынан кууп калды эми,
Ашкере күлүк Тайбуурул,
Алты арыштап жетти эле.
Азели кыйын Гүлчоро,
Арстандын жайын билди эле,
Кайра тартып турду эле:
- Айланайын абаке,
Ат чаптырып көрбөпсүң,
Же куш салдырып көрбөпсүң,
Кудай урсун абаке,
Колума куш кондуруп көрбөпмүн,
Актелкиң менен куруп кал,
Оозу катуу мал экен,
Ойду дөңдү билбеген,
Ала качма жан экен,
Омогу жок жылкы экен,
Ала качты кантейин,
Арыптык кылсам абаке,
Акыретке кетейин.
Кырды дөңдү билбеген,
Кыйгачтаган жылкы экен.
Кызып кетти кантейин,
Кыйарлык кылсам абаке,
Кыйаматка кетейин.
Шумкарды ала качып нетейин,
Не мураска жетейин.
Анттуу сөздү кылганда,
Бек ачуусу жазылды
Ардыкканы басылды.
Кайра тартып жөнөдү:
- Жолумдан чыккан аккууга,
Салбай койсом шумкарды,
Кудай мында урбайбы?
Айланайын абаке,
Мекеден келген куу окшойт,
Беш баласы бар окшойт.
Убалы бизге жетпесин,
Кесири уруп кетпесин,
Семетей анда кеп айтып,
Ачуусу келип бек айтып,
Гүлүстөн тууган чорого,
Күлбүй туруп жеме айтып:
- Катуу ачуум келгенде,
Хан Жакыпты жайладым,
Кара жерди майладым,
Канын ичип жалмадым.
Абдан ачуум келгенде,
Абыкени аймадым,
Көбөштү көргө киргиздим,
Экөөнү бирде жайладым.
Кыйын ачуум келгенде,

www.bizdin.kg

Кырк чорону кыйраттым,
Канын төгүп алардын,
Катын-кызын ыйлаттым.
Канакей, убалы жеткени,
Кесир уруп кеткени,
Канакей, канкоруң өлүп кеткени?"
Гүлчоронун колунан,
Шумкарды суурул алды эми,
Узун боосун чыгарып.
Кыска боосун чечти эми,.
Жагоодон ылдый басты эле.
Тамандан өйдө какты эле.
Сыр чакчада насыбай,
Кашка тишке куйду эле.
Мурчуйуп тиктеп турду эми,
Шумкар кууну алды эле.
Сүйүнүп Семең калды эле:
- Бачымыраак ажырат,
Мойнун кыйып салбасын.
Бөөдө өлүп калбасын.
Аман-эсен ак кууну,
Ажыратып алалы,
Ак тайлактай өңөрүп,
Чачыкейге баралы.
Алып барып мамык кылалы,
Жаш учурган шумкарга,
Кырлап алып салалы.
Гүлүстөн тууган Гүлчоро,
Барбаймын деп айта албай,
Семетей көөнү кайтарбай,
Ак кууну көздөй ат койду.
Чамгарактуу алтын боо,
Жыйнай кармап алыптыр.
Гүлчоро жетип канаттан,
Сермеп кармай аларда,
Асмандан учуп калыптыр.
Кукулдаган чоң ак куу,
Кукулдап учуп калды эле,
Куйун шамал салды эле,
Шыңкылдаган чоң ак куу,
Шыпылдап учуп калды эле,
Шыбыргак шамал салды эле.
Бөксөнүн башы мөндүрлөп,
Жаканын баары жамгырлап,
Чапкын бороон болду эле.
Асмандан булут тутулуп,
Алты сай мөндүр куйдуруп,
Атышып асман булуттар,
Айабай кулак тундуруп.
Аш бышымча күн жаады,
Ачылып кетти чайыттай.

www.bizdin.kg

Караса көзгө илинбейт,
Каран калган чоң ак куу,
Кай кеткени билинбей.
Тиктесе көзгө илинбей
Түгөнүп калган чоң ак куу,
Туманда кетип билинбей.
Эр Семетей канкоруң,
Гүлчорону жемелеп,
Көктү карап бөпөлөп,
Көтөрүп алып шумкарды,
Чоң ак куу кетти көкөлөп.
Акшумкардан ажырап,
Асманды карап бөпөлөп,
Аккуу алып шумкарды,
Асмандап кетти көкөлөп.
Алмамбеттин Гүлчоро,
Адырга чапты төтөлөп.
Канчоро кетти кандырга,
Шумкарын кууга алдырды,
Кубулуп жүргөн каапырга,
Гүлчоролоп чакырды,
Ич күйгөндөн бакырды:
- Бүгүн Чоро үч кылдың,
Айагында күч кылдың,
Ак була көрдүм албадың,,
Алып барып орго салдың..
Балыкты көрдүң баспадың,,
Баса калып албадың..
Куунун жолун тосподуң.
Эртең менен Чачыкей,
Бастырбай мени торгоду,
Тил албайсың чоролор,
Чачыкей толгоп койгонбу.
Айта койгун шумкарды,
Арытпагын тулпарды.
Карыдан насаат көп уктум,
Шарыйаттан бек уктум.
Калгандардан кеп уктум,
Канча сонун мен уктум.
Көп эле уктум куу сөздү,
Мындай сөздү укпадым.
Акшумкар колдон кеткени,
Ажалымдын жеткени,
Тайбуурул арып өлгөнчө,
Семетей карып өлгөнчө,
Ак шумкар издеп көрбөсөм,
Жолунда жүрүп өлбөсөм.
Туубай туна чөгөйүн,
Тумшугу жок курган жан,
Бу көрөкчө өлөйүн.
Эр Семетей баатырдын

www.bizdin.kg

Ачуусунун келгени,
Эми билди Гүлчоро.
Чачыкейден кеп укпай,
Аккуунун жайын бек укпай,
Сурап алып куурабай,
Куунун жайы кандай деп,
Баш-айагын сурабай.
Байкоосуз келген жаш бала,
Өпкө оозуна капталды:
- Айланайын абаке,
Көрүп туруп айтпасам,
Көр азабын тартайын,
Ак куунун сырын билбесем,
Жесырдаш болуп жүрбөсөм,
Билбей туруп абаке,
Мен кайсыны болбоп айтайын,
Алты казды кактайын,
Акшумкардын азабын,
Бир күнү минтип тартайын.
- Айланайын, Гүлчоро,
Каралды кылган Канчоро,
Артымда жүрсөң сан колдой,
Астымда жүрсөң миң колдой.
Талаага чыксам акжолтой,
Ак шумкар колдон кетти деп,
Арызымды кимге айтайын.
Акшумкар качып кетти деп,
Уйалбай кантип кайтайын.
Бүгүндөн калбай кайтып бар,
Эрке катын Чачыкей,
Саламымды айтып бар.
Кетерин билген шумкардын,
Келерин айтып берсин де,
Качарын билген шумкардын,
Кармарын айтып берсин де.
Качарын айтып берсин де,
Качарын билген шумкардын.
Кармарын айтып бербесе,
Кетерин билген шумкардын,
Келерин айтып бербесе,
Жергенин сары талаада,
Сары абама жетип бар,
Бүгүндөн калбай келсин де.
Айттырып берсин кушумду,
Илгери кылсын ишимди.
Айтпай койсо кушумду,
Чачын кыркып алгыла,
Бетинтилип салгыла,
Чолок байтал кылгыла.
Кементайды кийгизип,
Кер байталга мингизип,

www.bizdin.kg

Шаатемир кандын колуна,
Эртеңден калбай салгыла.
Сары абам турсун Таласта,
Кудайыма сыйынып,
Эртеңден калбай эртелеп,
Шумкардын жообун эрте бер.
Муну уккан Гүлчоро,
Туруучу беле Канчоро.
Эки чоро дуу койуп,
Жетип барды Кеңколго.
Эрке катын Чачыкей,
Эшикке чыкты эндиреп,
Эси оогондой сендиреп,
Эки чоро келатат,
Семетей жок жанында,
Кууга кушун салды деп,
Жалгыз не үчүн калды деп,
Тиктеп калды мелтиреп.
Арка чачын кылайтып,
Тосуп чыкты муну айтып:
- Жаныңда өрдөк көп жүрөт,
Өрдөккө шумкар салдыңбы?
Суусасаң кымыз ичип ал,
Суусунуңду кандырып,
Андан кийин жолго сал.
-Кымызыңды ичпеймин,
Ал сөзүңө кирбеймин,
Абам мени жиберди,
Ак шумкарды издеймин.
Ак кууга кушуң салба деп,
Айтпадыңбы барба деп,
Ак кууга салып кушуңду,
Азабын тартып калба деп.
Арытпагын абамдын.
Астындагы тулпарын,
Айтып бергин шумкарын.
Чородон угуп кабарды,
Чачыкей муну айтты эми:
- Талаада эркек сен болсоң,
Үйдөгү зайып мен болсом,
Талаада качкан шумкарды,
Таап бергин дегениң,
Мени тамаша кылып келгениң,
Эркек кушун билүүчү,
Катын ишин билүүчү,
Уксаң бала кеп ушу.
Каарданып Чачыкей,
Кайра басып кенебей,
Толгомо саптуу камчыны,
Толгой кармап имерип,
Кайта баскан долуну,

www.bizdin.kg

Капталга тартып жиберип.
Бүлдүргөн ала көйнөгү,
Тал-талынан бөлүндү.
Бети менен жыгылып,
Берметтей жашы төгүлдү,
Кулачтай болгон кара чач,
Колуна кармап алыптыр,
Карсылдатып сулууну,
Гүлчоро сабап калыптыр.
Торпок тойдун каным жан,
Өзү  ыктуу баарыдан,
Гүлчородой баатырдын,
Камчысын кармап алыптыр.
Чындап тилек кылганда,
Айтып бергин деп кыстап,
Ага дагы болбоду.
Айылбашы Сары хан,
Бу да келди жанына:
«Көргөнүң болсо айтып бер,
Билгениң болсо айтып бер".
Колдон кармап коборду,
Буга дагы болбоду,
"Бетимди көрбөс Сарытаз,
Берметтүү колдон кармайт деп,
Жүзүмдү көрбөс Сарытаз,
Жүрмөлүү колдон кармайт деп,
Талаада качкан шумкарды,
Үйдөгү катын билеби?"
Мына ушуну укканда,
Айылбашы Сарытаз,
Абдан ачуу келди эми,
А да тилдеп калды эми:
- Төрт казыкты каккыла.
Төрт тарапка кергиле,
Койчубатып өткөрүп,
Бетин тилип салгыла.
Чачын кыркып алгыла
Тел торпокко мингизип,
Темиркандын шаарына,
Тентитип айдап ийгиле!
Төрт казыкты кагарда,
Төрт тарапка керерде,
Эжекеси Каныкей:
- Көргөнүң болсо айтып бер,
Билгениң болсо айтып бер.
Кечээ Темир хандын шаарынан,
Келдик эле башында,
Кер жорго минип шалкылдап,
Кездеме ичик жаркылдап,
Эми кантип кетесиң,
Кер байталды минип шалпылдап.

www.bizdin.kg

Кементай кийип салпылдап,
Шаатемир хандын шаарынан,
Келдиң эле сен долу,
Сур жорго минип шалкылдап,
Суусар кийип жаркылдап,
Суктантып элди шартылдап,
Эми кантип кетесиң,
Сур байтал минип шалпылдап.
Суусар ичик эми жок,
Сен коркутуп жаткындай,
Семетей өңдүү эриң жок,
Гүлчоро турат кайышып,
Айтпай койор эбиң жок,
Айтып бергин,- деп айтты.
Айласы кетип Чачыкей,
Айтып берди билгенин,
Акундун кызы Айчүрөк,
Эки катар келгенин:
- Кечээ күнү кечинде,
Кечки салкын бешимде,
Акундун кызы Айчүрөк,
Жүрөк эле залкайып,
Айчүрөк мага үч келди
Айтпайын десем мен бейбак,
Аманат жанга күч келди,-
Ачынып калган Чачыкей,
Айанбай каргап айтканы:
-Барганыңдан келбей кал,
Базар үйүң көрбөй кал,
Кеткениңден келбей кал,
Кербен үйүң көрбөй кал,
Эр Толтой ойсун бооруңду,
Бай Коңур сойсун сооруңду.
Мурадил алсын найзаңды,
Кара жер көрсүн пайдаңды.
Чынкожо кессин башыңды,
Жедигер алсын өтүңдү,
Өлгөнчө көрбөйм бетиңди-
Деп ошентип Чачыкей,
Акшумкар дайынын айтты мындай,
«Катындан каргыш жетбейт» деп,
«Кой каргышы бөрүгөжетпейт»-деп,
Гүлчоро айтып чуу койуп,
Семетей көздөй жөнөдү.
Гүлчоро келе жатканын,
Алыста жаткан Семетей,
Мурун байкап алыптыр.
Аңгыча Күлүс жетти эле,
Күлүстөн чоро келдиңби,
Акшумкар жообун алдыңбы?
Ойнуңду койуп чыныңды айт,

www.bizdin.kg

Ойнобой, бышык сырыңды айт.
Шылдыңды койуп кебиңди айт,
Сынап көрбөй жөнүңдү айт,
Деп Семетей кеп сурайт.
Анда ашыгып Чоро кеп сүйлөйт,
Кеп сүйлөсө деп сүйлөйт:
- Аба, сага сүйүнчү
Душманга болсун күйүнчү,
Айтканымды түшүнчү.
Сымбаттуу сулуу сеники,
Суурулган күлүк меники,
Айтылуу сулуу сеники,
Ашкере күлүк меники.
Алыстан барып кеп уктум,
Акшумкарды Айчүрөк,
Алып кетти деп уктум,
Чүрөктүн жайын айтайын,
Көбүк кардай эти бар,
Кызыл кандай бети бар,
Калемдей кара кашы бар,
Кундуздай сулуу чачы бар
Берметтей таза тиши бар,
Журттан артык иши бар.
Ургаачыдан шок деген,
Укмушта андай жок деген,
Көп кишиден шок деген,
Көргөндөр мындай жок деген.
Перизаттай мелтиреп,
Нур кызындай мөлтүрөп,
Эки айактуу бендеден,
Табылбас асыл неме дейт.
Ак куу болуп кубулуп,
Асмандап асыл учат дейт,
Ак балык болуп жылат дейт.
Алла таала буйурса,
Аташканын Чүрөктү,
Абакем барып алат дейт.
Бүгүн барсак алабыз,
Бүгүндөн калсак абаке,
Чынкожого алдырып,
Армандуу болуп калабыз.
Аны Семең укканда,
Атасы Манас канкордун,
Арбагын айтып чакырып
А, кудайлап жалынып,
Жакасын кармап сүйүнүп,
Жаратканга сыйынып,
Акундун кызы Чүрөктү,
Көрбөй туруп кубанып,
Чоролорду ээрчитип,
Хан Бакай менен Каныкей,

www.bizdin.kg

Ал  экөөнө барды дейт.
Муну мындай таштайлы,
Айчүрөктү Семетей,
Алганынан баштайлы.

www.bizdin.kg

# СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨКТҮ АЛЫШЫ

Кыргыз, ногой элинен,
Жыргалдуу Кеңкол жеринен,
Кайнардын кара көзүнөн,
Как чынардын өзүнөн.
Төрткөлдүн төмөн жагынан,
Төрөмдүн сайган багынан,
Баркөлдүн маңдай жагынан,
Бакайдын салган тамынан,
Жекендүү көлдүн ойунан,
Жергенин сары талаадан,
Аз олуйа Баркөлдүн,
Кыз олуйа Кеңколдон,
Алакөлдүн кашынан,
Айдын көлдүн сазынан.
Акшумкарын качырып,
Акбелести ашырып,
Алыскы жерден кеп угуп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Алып кетти деп угуп.
Аркасынан шумкарга,
Барамын деп дем уруп.
Канча күндө барам деп,
Хан абасы Бакайдан,
Жолду сурап кеп уруп,
Жолду айткын барам деп,
Карабет Чүрөк долудан.
Шумкардын жообун алам деп,
Акшумкардан айрылып,
Куру кантип калам деп.
Өлбөй тирүү болгондо,
Бир кабарын табам деп,
Ырас болсо алганы,
Чүрөктүн шаарын чабам деп.
Төтөлөп айтып жолго сал,
Карыган Бакай абам деп.
Минтип айтып турганда,
Бу дүнүйө жалганда,
Көрбөгөн жан арманда.
Бакай кантип токтосун,
Жолду сурап атканда.
Чымырканып кеп айтат,
- Чырагым, уккун - деп айтат,-
Курдашым Манас барында,
Көрбөгөндү көргөмүн.
Же ошол кезде өлбөдүм,
Алла башка салган соң,
Абыкенин тушунда,
Ар жорукка көнгөнмүн.
Асылым Манас өлгөндө,

www.bizdin.kg

Ар кайсыны көргөнмүн.
Өзүң бойго жеткени,
Эч жамандык көрбөдүм.
Көз жаздыкта калбаса,
Барбаган жерим калбады.
Курдашымдын тушунда,
Ошондо кудай албады.
Жол маанисин менден ук,
Менден уксаң, бейлеп  ук,
Калет келсе кантейин,
Атаңдын көрү дүйнө бок.
Агарбас сакал чагымда,
Болуп турган табымда,
Саадагым кырк кез экенде,
Эмне деген жакшы эле.
Өзүм баштап барганга.
Ал кездеги чагым жок,
Баштап барар алым жок,
Мына минтип бок дүйнө,
Арманды салдың ичке чок.
Ашыкпай жүрсөң чырагым,
Алтымыш күндө барарсың,
Аман болсо чырагым,
Душмандан кегиң аларсың.
Эрикпей жүрсөң чырагым,
Элүү күндө барарсың,
Эсен болсоң жалгызым,
Душмандан кегиң аларсың,
Ойлонгон жолдун азабын,
Оолуккан чунак баласың.
Эми түшүп жатпады,
Жолдун баарын каттады.
Каныкей канча кеп айтып:
Балам уккун деп айтып,
- Атаң Манас барында,
Алмамбет, Чубак жанында,
Бакай абаң алдында,
Кең кашкарга барганда.
Тумшуктун жолун тоскондо,
Баары журттан озгондо.
Коңурбай менен Жолойдун,
Миң төөдө чайын алганда.
Кебез тоону айланып,
Чоң Үргөнүчкө барганда.
Кийик уулап талаадан,
Таап келген Акун хан.
Кызынын аты Айчүрөк,
Сен бойумда бар элең,
Белкуда болгон атакең,
Кудалашкан жайың бар.
Акун хан деген кайның бар,

www.bizdin.kg

Кулдук уруп Алмамбет,
Кудалашкан чагы бар.
Аллам буйурса аларсың,
Айчүрөктөй зайыбың бар.
Тор этине толсун деп,
Менин айтпай жүргөн жайым бар.
Чынкожо, Толтой деп айтат,
Айчүрөктү алам деп,
Чынкожо колу барган бейм,
Акун хан кары киши эле,
Чын эле шашып  калган бейм.
Чымырканып Айчүрөк,
Анан издеп чыккан бейм.
Саамай чачын сыдырып,
Тоонун башын кыдырып,
Келип кабар салган бейм.
Айталбай сага чын сөзүн,
Кушуңду алып барган бейм,
Алтымыш күнү жол жүрсөң,
Акундун шаарын табарсың,
Кекенген жоого барарсың,
Кездешсең башын аларсың.
Аллам ачсын жолуңду,
Жабдып жолго салайын,-
Деп ошентип Каныкей,
Казынанын ачкычын,
Алып чыгып үйүнөн,
Асталай басып Каныкей,
Казынага барышы.
Алып келди буйумун,
Ачтырды тилип куржунун.
Сыйга кийер сын тонун,
Сууруп алып берди эми,
Жакасы   алтын, жеңи жез,
Эки кабат ичи бөз,
Тышы көркөм буулумдан,
Он эки катар топчулук,
Топчуланып бекиткен.
Барандын огу батпаган,
Манастан калган ак олпок,
Тышыңан кийип ал деди,
Каныкей алып берди эми.
Кандагайы Семеңдин,
Анысы мындай жасалган:
Чоң Ополдо көп теке,
Экитишти багылага бар.
Мергенге тандап аттырып,
Чылгый тери жагында,
Аки берип ийлетип,
Алтымыштай балбанга
Анжийанга киргизип,

www.bizdin.kg

Алма кабык алдырып,
Жайы-кышы малмага,
Жеткилең абдан салдырып.
Хан баласы Каныкей.
Жатып алып ичтеген,
Аруукеси баш болуп,
Алтымыш келин котчу алып,
Үч айдын күнү токсон күн,
Эрикпестен тиштеген.
Кашка тиши жойулган,
Кара көзү ойулган.
Бутка кийчү бул шымын,
Кыдыр Алла буйурган.
Кармап тартса кандагай,
Аргамчыдай чойулган,
Койо берсе кандагай,
Муштумдай болуп жыйылган.
Отко салса чок өтпөс,
Мылтык атса ок өтпөс,
Милте жакса чок өтпөс.
Чапса кылыч кеспеген,
Найза сайса тешпеген.
Каныкей алып бергени,
Камдагай бутка шымданып,
Алтындан кылган чоң кемер,
Арстан белге курчанып,
- Гүлчоро менен Канчоро,
Эки балам келгин, - деп,-
Атаңардын белеги,
Каныкей азыр берем деп,
Хан Чубактын тону эле,
Муну балам кийгин,- деп.
Темирден кылган күрөөкү,
Чынжырдан кылган зоотун,
Бутуна кийчү кандагай,
Такыр берди тапшырып.
Жоо-жарактан эч калбай.
Алмамбеттин белегин,
Акылга тыкан асылын,
Белекке койгон нерсесин,
Кийин көрөт Гүлчоро,
Ал буйумдун керегин,
Жакасын алтын жеңи жез,
Арка этеги кызыл миз,
Эки каптал ак күмүш,
Ал тонду кийген адамга,
Арзан эмес мүшкүл иш.
Азиз хандын доорунда
Мына ошонун шаарында,
Өзүнүн көзү барында,
Падышалык чен тонун,

www.bizdin.kg

Балама белек болсун деп,
Падышага тапшырган.
Муну алгын колуңа,
Абакеңдин алдында.
Аллага атаң сыйынган,
Азимде турпак атаңа,
Ал Бейжинден буйурган.
Сай сагызган тилине,
Кырк эки тилдин баарысын,
Дуба менен жашырган.
Муну жегин Гүлчоро.
Алтын кемер, бото кур,
Алты айланат белиңден.
Абайлап балам кулак сал,
Энеңдин айткан кебине.
Куржунун алгын атаңдын,
Өзүң ачып карагын,
Атаңдан калган белектер,
Баары ошонун ичинде,
Муну алгын колуңа,-
Аманат кылган эрлердин,
Белектерин тапшырды.
- Семетей балам сенсиң деп,
Ак сүтүн берген менмин деп,
Ак батамды берейин,
Аман-эсен келгин деп,
Абалтан кудай силерди,
Душман үчүн жараткан.
Улуу атаң сенин  хан Мамай.
Өз атаң сенин зор Манас,
Жердеген жери чоң Талас.
Намысыңды бек талаш,
Үргөнүчтүн жери сом деген,
Агын суусу чоң деген,
Тууганым экен жакын деп.
Чынкожо көөнүн караба.
Чынкожонун бузугу,
Толтойго кара санаба.
Жаман айтып сөз кылбай,
Кеп кеңешиң сала жүр.
Жаныңда эки балага,
Баргын балам саламат,
Кудайыма аманат.
Ат-тонуңдан айрылып,
Боло көрбө жаманат.
Жолуңда сонун жерлер бар,
Кайберендин кени бар.
Кайыбына тийбегин,
Жерди көрүп кызыгып,
Жатып алып жүрбөгүн.
Уктап жаткан шаарга,

www.bizdin.kg

Түн ичинде кирбегин,
Атаңа болор жаманат,
Жетимиш пирге кол берген,
Жети ирет Кызыр жол берген,
Атакең Манас колдосун,
Кожо Асан болсун жолдошуң.
Алтымыш пирге кол берген,
Алты ирет кызыр жол берген,
А дүйнө кеткен атаңдын,
Арбагы сени колдосун!
Атаң менен дос болгон,
Ак эшен болсун жолдошуң!-
Деп ошентип Каныкей,
Колун жайып кобурап,
Ак батасын берди эле.
Каныкейден бата алып,
Хан Бакайдан кат алып,
Жолдун баарын жат алып,
Бала жолборс Семетей,
Бармак болду аттанып.
Кас душманга шаттанып.
Манаттан кылган көрпөчө,
Кош басмайыл тарттырып,
Жоргого кошун арттырып,
Алаштан тандан Семетей,
Он төрт күлүк ат алып.
Абакеси Бакайдан,
Алдына барып бата алып.
Ичин кызыл сырдаган,
Тышын аппак бордогон,
Жүрмөк болду чунагың,
Каныкейдин ордодон.
Илгертеден бер жакка,
Ишин кудай оңдогон.
Жоготкон жогу шумкары,
Жоого минген тулпары,
Качырганы шумкары,
Казатка минген тулпары,
Айдаганы он төрт ат,
Арка кылган бир Буурул,
Ишенгени эки уул,
Издегени Акшумкар,
Асынганы Аккелте,
Эңсегени Айчүрөк,
Жоболоң тартып жок издеп,
Жоголуп кеткен кушту издеп
Ат арытып тон жыртып,
Ала качкан кызды издеп,
Аттанып чыкты Семетей,
Муну мындай койуңуз,
Ат эсебин алыңыз,

www.bizdin.kg

Калдуу кызыл жалдуу көк,
Тумарлуу кызыл Турнакөк,
Токтонбайдын Торала,
Токо бийдин Бозала,
Текечинин Темиркөк
Тердебеген Көкала.
Тору кыз берген Карасур,
Чачыкейдин Койтору,
Байбиченин Боз жорго,
Бакай хандын Сурчолок,
Сары хандын Туучунак,
Ажыбайдын Карткүрөң,
Алмамбеттин Сарала,
Каныкейдин Кашка аргымак,
Абыкенин Актелки,
Көр Көбөштүн Суртелки.
Азык арткан Акборчук,
Кош жүктөгөнү төрт жорго,
Азык алган алты бээ,
Алты жууркан, беш мамык
Аны арткан Айбанбоз.
Шоошактын башын чалбаган,
Чуңкурга келсе аттаган,
Жекендин башын чалбаган,
Жейренге жетпей калбаган,
Күрүчүн күрдүк айдаган,
Күлүктөрүн карасаң,
Күрүчкө жемдеп байлаган,
Күндө жарак шайлаган,
Арпасын күздүк айдаган,
Аттарына карасаң,
Арпага жемдеп байлаган,
Айда жарак шайлаган.
Атышкан жоосун жайлаган.
Алты айга минсе талбаган.
Аттарынын баарысы,
Алтымыш асый болгуча,
Азуусун сөйкөп карыбаган,
Жети айга минсе талбаган,
Жетимиш асый болгуча,
Тилдигин сөйкөп карыбаган,
Караңгыда калт этпес,
Башка чапса жалт этпес,
Алаштан чыккан он төрт ат,
Күлүктөрүн айдатып,
Кош колоңун тарттырып,
Муну салып алдына,
Канкордун уулу чунагын,
Анда туруп муну айтып:
- Касийеттүү абам деп,
Каныкей эне, апам деп,

www.bizdin.kg

Хан болсун азыр Таласка,
Сары хандай абам,- деп.
Манастын уулу Семетей,
Каролуу жалгыз Гүлчоро,
Жанында баатыр Канчоро,
Гүлчоро менен Канчоро,
Экөө бирдей эр чоро,
Баатыр тууган Семетей,
Он төрт күлүк ат менен,
Жүрмөк болду Кеңколдон,
Алла өзү билбесе,
Айтканым жалган болбосо,
Айтайын бир аз канкордун,
Арбактары колдосо.
Канкордун уулу эр Семең,
Кайгырбаган эр немең,
Жолборстун уулу эр Семең,
Бала жолборс эр немең.
Жетим калып жетилген.
Эркин өсүп керилген,
Эрдиги артык теминген,
Темир хандын шаарына,
Тентип барып чоң болгон,
Ат көтөргүс зор болгон,
Кас санаган душманы,
Качып жүрүп кор болгон.
Кайраты артык кабылан,
Бастырмак болду абдан,
Кам кечесин бүтүрүп,
Аттарынын баарысын,
Куйундай кылып түйүлтүп,
Алты сан аргын көп алач,
Булардан чыкты бөлүнүп,
Сурнай үнү бек чыгып,
Добулбасын карс уруп,
Доолбасын карс уруп,
Ак асаба кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Нөөкөрү бутта чойкойуп,
Сырнайза колдо койкойуп,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап.
Аккелте жондо жаркырап,
Канчоросу ат айдап,
Аттын баарын катуу айдап,
Айалдабай бат айдап.
Гүлчоросу кош алып,
Көргөн адам таң калып,
Көк жалдар жүрдү жол  тартып,
Көк жалда жүргөн жеринен,
Тополоң уйуп жол чаңдап,

www.bizdin.kg

Бөкөйдүн бөксө чөл менен,
Бөрү жүрбөс жол менен ,
Казылган кара шор менен,
Карышкыр жүрбөс бел менен,
Жөнөп кетти калдайып.
Кара тулаң чөп келсе,
Чалдырбай жүрүп олтуруп,
Кара булак суу келсе,
Каптырбай жүрүп олтуруп,
Оргуган аппак шор менен,
Он төрт күндүк жол менен,
Айлана кара тоо менен,
Акыл таппас жол менен,
Арыбастан жол жүрдү.
Күнү түнү алтымыш,
Санаты ошондой күндөрдө,
Аттан түшпөй мол жүрдү,
Тутумдашкан кара тоо,
Тоо түгөнүп түз болду,
Жол айрылып үч болду,
Күндү санап алмагы,
Семетейге күч болду.
Санап көрсө Семетей,
Санаты кыркча күн болду,
Toктогон жерде чунактын,
Күн кеч кирди түн болду.
Кайта артын санады.
Бакайдын катын карады,
Алаштан чыккан он төрт ат,
Сүмбөдөй болуп жарады.
Чыккан күндүн баарысын,
Эсеп кылып санады.
Бакайдын жолу болуптур,
Кат эсепке толуптур.
Тоо түгөнүп сай болуп,
Семетейдин ичкени,
Жеркендин кызыл  чай болуп.
Жегени аппак май болуп,
Ат арыктап  тай болуп.
Баатырдын уулу чунагың?,
Жер сонунун көрүптүр,
Түн уйкусун бөлүптүр,
Бакасы чардап көлүндө,
Булбулу сайрап чөлүндө,
Булагы агып ташыган,
Булбулу сайрап таңшыган,
Муңдуу бенде жашыган,
Күкүгү сайрап таңшыган,
Күмүшү арзан ташынан,
Күкүктүн үнүн укканда.
Күйүттү бенде жашыган,

www.bizdin.kg

Бетеге белден булаган.
Бедесине карасаң,
Ат боорунан жиреген,
Жарылып тулаң булаган,
Жылгадан суусу куйулган,
Жыттаса жыты бураган,
Өрүгү чирип көк болгон,
Өзөнү булак саз болгон,
Булагы менен көлүнө,
Өрдөк менен каз толгон.
Текчеден гүлү ачылган,
Жемиши жерде чачылган,
Жойлогон жери доңуздун,
Кемегедей казылган.
Төшүнө кайып жайылган,
Кай бирден келип жыйылган,
Чөптүү жерге капташса,
Капталдан келип жиреген,
Кайыңы көктү тиреген,
Чырпыгы бар чынардай,
Чынары бар мунардай,
Чымчыктары улардай,
Чымчыктардын үнүнө,
Чыдап бенде тура албай,
Талдары бар түркүктөй,
Таранчысы өрдөктөй,
Жалган айтып койбосом.
Бүркүттөрү үзүктөй,
Чычкандары күчүктөй,
Жекендери челектей,
Балтырганы билектей,
Маралдарын карасаң,
Мала кашка инектей,
Ор койону улактай.
Куландары кунандай.
Кунандарын карасаң,
Куруп салган дубалдай.
Кескелдирик жойлосо,
Кере кулач жыландай,
Жыландары жойлосо,
Жылдырып аркан тарткандай.
Жерди көрдү аркандай,
Жергелүү бенде конгудай,
Желени тартып койгудай.
Үйдү тигип салгыдай,
Семетей төрө чунагың,
Жерди көрдү ар кандай,
Кетип барат канкоруң,
Кабагын салып зарланбай,
Адеме төрө көкжалың,
Атынын башын бурганы,

www.bizdin.kg

Аркасын карап кылчайып,
Чорого айтып турганы:
- Кештелүү калпак кең шалбар,
Кеңешим айтам жаш балдар,
Саймалуу калпак көк шалбар,
Санаамды айтам жаш балдар,
Алты күнү болгунча,
Ат сергитип алалы,
Анан Чүрөк баралы,
Жети күнү болгуча,
Бой сергитип алалы,
Жетип Чүрөк баралы.
Жеткилек тууган Чүрөктөн,
Шумкардын жообун алалы.
Жолукса Толтой, Чынкожо,
Айанбай найза салалы,
Атабыз Манас болгон соң,
Айанып кантип калалы.
Уурданып барганда,
Уктап жаткан шаарды,
Уйалбай чаап алганда,
Атага наалат жетпейби.
Абийирибиз кетпейби.-
Чоролорго кеп айтып,
Кошту түшүр деп айтып,
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Төбөсү бийик чоң чатыр,
Танаптарын тарттырып,
Жез бурама казыгын,
Жерге мыктап productions
Кермелерин чойдуруп,
Кемегесин ойдуруп,
Кер байталдан сойдуруп,
Аттын барын кермеге,
Алып келип астырып,
Кемегесин каздырып,
Көмкөрмөлүү казанын
Алып келип астырып,
Арчадан кылган чөмүчүн,
Эт котортуп бастырып,
Эки чоро бир төрө,
Жата турсун белесте,
Муну мындай койуңуз,
Эми Чүрөктөн кабар алыңыз.
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда.
Абанын жели зыркырап,
Үйдөгү кулун чуркурап.
Асмандагы жылдыздар,
Кезеги менен бир кырып.
Камыштын башы шуудурап,

www.bizdin.kg

Кара каш торгой чулдурап.
Чөптүн башы куудурап,
Теректин башы дирилдеп.
Жандын баары кыбырап,
Намаз маалы болгондо.
Чүрөк турду кашкайып,
Алмадай бети тастайып,
Колун сууга салды эми.
Кол дааратын алды эми,
Бутун сууга салды эми.
Бут даааратын алды эми,
Экөө сүннөт, экөө парз,
Кудай таала кудурет,
Өтпөй турган кыйын карз.
Өзүң көргөн багымдат,
Өткөрбөй окуп алды эми.
Кайкалаган кара бет,
Кырк кызга жетип барды эми.
Кара бет барып кеп айтат,
Улуусунуп деп айтат:
- Кел эжекелер, – деп айтат,
Кичүүсүнүп кеп айтат,
Ой курдаштар деп айтат,-
Түндө жатып түш көрдүм.
Бир ажайып иш көрдүм,
Байланды буудан мамыга,
Тартынбай жерди кемирди,
Байлоодон туруп семирди.
Бул эмне болуучу!
Бул түшүмдү жоруучу!
Буудайык конду туурума,
Булбул-булбул конду талыма.
Сайрабай бойум эриди,
Бул эмне болуучу?
Бул түшүмдү жоручу?
Көсө куйрук көк даңгыт,
Көчөнүн ичин жойлоду.
Көргөн иттер кыңшыды,
Бул эмне болуучу?
Бул түшүмдү жоручу.
Кара чаар кабылан.
Калаанын ичин жойлоду,
Карс этип иттер каппады.
Бул эмне болуучу?
Бул түшүмдү жоручу?
Ажыдаардай ак жылан,
Айбаттанып келгенде,
Асман менен тең болду,
Аргыган шамал жел болду.
Кара чаар сур жылан,
Күчүркөнүп келгенде.

www.bizdin.kg

Кара тоо менен тең болду,
Какшаган шамал жел болду.
Калаадагы биздин эл,
Карап туруп дал болду.
Күндүн көзүн чүмкөдү,
Күн көрсөтпөй бүркөдү.
Кандуу суулар бүгүлдү,
Калаадагы биздин эл,
Кара жандан түңүлдү,
Бул эмне болуучу?
Бул түшүмдү жоруучу?
Жедигердин Толтойу,
Жер майышкан көп колдун,
Жетимиш жорго ат алып,
Жергелей тартып жүгүндү.
Желек төшөп бүгүлдү,
Катын-балам алсын деп.
Кара жаным калсың деп,
Жан соогалап жүгүндү.
Амал кылып турушту,
Алты күндөй урушту,
Көктөн арбап түшүрдү,
Душмандын ишин бүтүрдү.
Бул эмне болуучу?
Бул түшүмдү жоруучу?
Минтип айтып калганда,
Ошондо болбой арманда.
Отуз келин, отуз кыз,
Ойротто жок Калыйман.
Кыркы келин, кыркы кыз,
Кымбат баасы Калыйман.
Эки колу боорунда,
Эжеси Чүрөк жанында.
Ийни салык мойну кез,
Издеп тапкын кара көз.
Жумуру жылан ак шак-шак,
Кирсиз тиши бар аппак.
Кош каркыра олоң чач,
Орто бойлуу алма баш.
Кырдуу мурун кара көз,
Кызыл беттүү кыйгач каш.
Эжеке Чүрөк деп айтып,
Эптүүсүнүп кеп айтып.
Апаке Чүрөк деп айтып,
Аңкосунуп кеп айтып.
- Мен жоруймун түшүңдү,
Оңдосун кудай ишиңди.
Кудай колго бериптир,
Ашык болгон кишиңди.
Байлантса буудан мамыга,
Тартынбай жерди кемирсе,

www.bizdin.kg

Байлоодо туруп семирсе,
Булчуңу бука мойнундай,
Буурул ат келе турганы.
Мунун несин айтасың,
Буудайык консо тууруңа,
Булбул консо талыңа.
Талпынбай күндү бүркөсө,
Арка жүнү ак бедер,
Акшумкар турат колунда,
Анын несин айтасың.
Булбул өңдүү эр жезден,
Семетей келе тургандыр.
Мунун несин айтасың,
Көсө куйрук көк даңкыт.
Көчөнүн ичин жойлосо,
Көргөн иттер кыңшыса,
Күлгөнү кыздын үнүдөй,
Гүлчоро келе тургандыр.
Анын несин айтасың,
Кара чаар кабылаң,
Калаанын ичин жойлосо,
Карс этип иттер каппаса,
Кандуу кылыч жалдуу шер,
Канчоро келе тургандыр,
Ажыдаар ак жылан,
Асман менен тең болсо,
Аргымак шамал жел болсо,
Анын баарын сен көрсөң,
Келе турган эр жездем.
Ажыдаардан кем беле,
Толтой менен Чынкожо,
Жүгүнтпөй турган эр беле?
Кара чаар сур жылан,
Карданып келгенде,
Кара тоо менен тең болсо,
Какшаган шамал жел болсо,
Калаадагы биздин эл,
Карап туруп дал болсо,
Семетей жездем булардан,
Кайсы убакта кем эле.
Беттешкен жоого жездекем,
Жыландан сүрү кем беле.
Канкордун уулу хан жездем,
Мен уккамын карыдан,
Эрди түйрүк кең курсак,
Ногойлордун баарынан.
Темир хандын шаарынан,
Тентип барып келгели.
Тентек чыкты деп уктум,
Темир кийген душманын,
Жеңип чыкты деп уктум,

www.bizdin.kg

Келе турган хан жездем.
Жолун тосуп баралы,
Азык-түлүк алалы.
Астынан тосуп калалы,
Келе турган жолуна,
Кең Үргөнчтүн бойуна,
Дайар болуп калалы.
Калыймандан кеп келди,
Кара бет Чүрөк баш болуп.
Катын-кызга эп келди,
Ак чатырын бүктөшүп,
Ак дөнөнгө жүктөшүп,
Көк чатырын бүктөшүп,
Көк дөнөнгө жүктөшүп,
Кол чатырды колго алып,
Коногуна жорго алып,
Түштүгүнө бээ алып.
Түндүгүнө кара бет,
Сүт бото тайлак төө алып,
Калаадан арак алдырып,
Каркытган көөкөрүн,
Жибектен боосун чалдырып,
Кол куржунга салдырып,
Кагаз-кагаз чай алып,
Капакка салып бал алып,
Каймакка бышкан нан алып,
Сары мейиз кишмиштин,
Сабактарын тердирип,
Шекер-шербет кыйын аш,
Дайындатып бердирип.
Чаначка кымыз алдырып,
Күчүү жанып калат деп,
Күч ала туурап салдырып,
Ак кыйанын ойуна,
Чоң Үркөнүчтүн бойуна,
Манастын улуу чунактын,
Келе турган жолуна,
Өлөң айтып жеңишип,
Селкинчегин тебишип,
Чатыраш ойноп даң салып,
Чай кайнатып бал салып,
Казыга кошуп жал салып.
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда Айчүрөк.
Шаардан чыкты бөлүнүп,
Жаркыны күндөй көрүнүп.
Канкордун уулу келет деп,
Чатырды тигип белендеп.
Чалкалаган кара бет,
Кең Үркөнүчтүн бойунда.
Жата турсун ойунда,

www.bizdin.kg

Муну мындай койуңуз,
Белесте калган канкордон,
Кайтып кабар угуңуз.
Таң агарып көрүнүп,
Тараза жылдыз бөлүнүп,
Талаада шамал аркырап.
Асмандагы жылдыздар,
Кыбыла көздөй бир карап.
Камыштын башы шуудурап,
Кара каш торгой чулдурап.
Теректин башы дыбырап,
Жандын баары кыбырап.
Капчыгайы коолдоп,
Карагайы шуулдап.
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда.
Манастын уулу эр Семең,
Дарс окуган эр Семей,
Чукуранып ойгонуп,
Оң жагына толгонуп.
Жанындагы эки кул,
Кошо турду ойгонуп.
Дааратка суусун дайарлап,
Аптаваны колго алып.
Артык төрө көк жалың,
Ак жыландай толгонуп,
Колун сууга салды эми,
Кол даааратын алды эми.
Бутун сууга салды эми,
Бут даааратын алды эми.
Мекеден келген беш ажы,
Белек берген жай намаз,
Кең талаага жаздырып,
Жай намаз бетин ачтырып.
Экөө сүнөт, экөө парз,
Эгем таала пендеден,
Өтпөй турган кыйын карыз,
Төрт ирекет багымдат,
Төптөп окуп алды эми,
Мекеден келген ак теспе,
Седептен кылган чоң тесме,
Жанынан сууруп алды эми.
Бармак менен кыдырып,
Сөөмөй менен сыдырып.
Мелтиреп тартып олтуруп,
Оозуна ыйман толтуруп.
«Куп-у-валла-ад» Куранды.
Куп жасаган ыймандын,
«Табаретти» жат айтып,
«Йаасын» деген сүрөөнү.
Таң калгандай бат айтып,

www.bizdin.kg

Дуруту нийет кааданы.
Ага кошуп бирге айтып,
Арбагы азыр Таласка.
Оомийин деп кол жайды,
Атасы өткөн Манаска.
Отуз үч миң асааба,
Мурунку өткөн көп жарга,
Төрт чарыйар пайгамбар,
О дүйнө кеткен көп жандар,
Арбагына алардын.
Бата кылып алды эми,
Теспени жанга салды эми.
Кермеден атты алдырып,
Керүү жерге чалдырып.
Аркандан атты алдырды,
Адырлуу жерге чалдырды.
Кара суудан каптырып,
Кара шибер туланга.
Кайсаңдата чалдырып,
Кылычты кыйа байланып,
Сырнайзаны тайанып,
Илбирстей басып айарлап.
Чоролор калды чатырда,
Аш тамакты дайардап.
Көрөмүн деп элести,
Көкжал Семей баатырың,
Бет алып басты белести.
Чыгып барды чунагың.
Көк кайкынын башына,
Көчүгүн койуп олтурду,
Көмүркөйдөй ташына.
Үркөнүчтү туура карады,
Үйдөн чыккан күндөрүн,
Эсеп кылып санады.
Кең Үркөнүч туман болуптур,
Тунарыктап алыптыр.
Кып-кызыл болуп боз түшүп,
Мунарыктап алыптыр.
Топурак учуп тосоңдоп,
Күн көрүнбөй калыптыр.
Ала карга сагызган,
Айланганы билинбейт.
Каран калган Үркөнүчтү,
Караса көзгө илинбейт.
Тополоң уйуп тос түшүп,
Топурак уйуп боз түшүп.
Мунарыктап алыптыр,
Мына ушинтип калыптыр.
Жомок айтам эрмекке,
Дүрбү салды көрмөккө.
Эрчиткени эки кул,

www.bizdin.kg

Эрлик төрөң кылмакка.
Эки чоро ээрчитип,
Тел козудай телчитип.
Чунактын дүрбү салганы,
Оолжуп карап калганы,
Дүрбүнүн жайын менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук,
Атасы Манас өлгөндө,
Каныкей азап көргөндө.
Абыке, Көбөш эки арам,
Манастан калган дүйнөнү,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Берeним энем Каныкей,
Белдемчинин бүгүшкө,
Бекем катып капшырган.
Берени Семейтеге тапшырган,
Мекеден келген беш ажы.
Белек берген чоң дүрбү,
Бедерлүү алтын ак дүрбү.
Жоого барса салсын деп,
Жоонун ченин алсын деп.
Казатка барса салсын деп,
Капырдын ченин алсын деп.
Ичи өрттөй кызарган,
Тартып койсо чоң дүрбү.
Кулач карыш узарган,
Айнектин оозу кирдейт деп,
Алыскы жерге жүрбөйт деп,
Ак кадеге орогон.
Алыскы жоого жорогон,
Атын уккан душмандар.
Айдыңын угуп кологон,
Тегерегин тегиздеп.
Кылган экен коороп,
Жакут менен учтатып.
Кобул салып чаптырган,
Алтын менен күмүштү.
Аркы терки кактырган,
Адам сат пендеси.
Абайлап туруп жактырган,
Алтын ооз чоң дүрбү.
Алты бурап жеткирген,
Жеткиргенде бурoосун.
Алты күндүк жерлерди,
Алты аркан бойу келтирген.
Жезден ооз чоң дүрбү,
Жети бурап жеткирген.
Жети күндүк жерлерди,
Жети аркан бойу келтирген.
Кере кулач кез бойу,
Кетмек ооз чоң дүрбү.

www.bizdin.kg

Алтын ооз дүрбүнү,
Айта берсе түгөнгүс,
Асыл таштан орноткон,
Айнеги сынып калат деп.
Алтын менен чордоткон,
Бой тумар ча кабы бар.
Болоттон кылган сабы бар,
Болжолу жок чоң дүрбү.
Кармай кылып сабынан,
Суурup алып кабынан,
Кармап алып колуна,
Кынабына толтуруп,
Кыңкайа тартып олтуруп,
Оңдоп кармап имерип,
Ополду көздөй жиберип,
Тегеретип имерип,
Деңизди көздөй жиберип,
Кара көзгө салды эми.
Канкордун улуу чунагың,
Кайкалап карап калды эми.
Карараган шаар калың бак,
Кароологон алма шак.
Түнөргөн шаар түмөн бак,
Түмпүйүп жаткан алма шак,
Карарып турган калаадан,
Бер жагында талаадан.
Бер жакка чыкты бир топ жан,
Жаш Семетей чунагың,
Тааный албай болду таң,
Андан бери караса.
Аккыйанын жонунда,
Алмалуунун ойунда.
Аккан суунун бойунда,
Агарып чатыр көрүнөт.
Асманда түтүн бөлүнөт,
Ак абай ат пуштап,
Айалдын аты көрүнөт.
Кызыл-тазыл куш баш ээр,
Кыздын аты көрүнөт.
Кыз экенин билди эле,
Кымтыйа түшүп күлдү эле.
Гүлчоро менен Канчоро,
Күлгөнүн байкап турду эле,
Гүлчоросу кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат:
- Азап таркан немедей,
Арсаң этип күлбөгөн.
Күлгөнүн адам билбеген,
Күйүт тарткан немедей.
Күлүмсүрүп күлбөгөн,
Күлгөнүн бенде көрбөгөн.

www.bizdin.kg

Эмнени көрдү деп,
Не себептен күлдү,- деп.
Жүр төрөмө баралы,
Кебин сурап алалы.
Угуп сөзгө каналы.
Эки чоро жүгүрүп,
Жаны калбай сүйүнүп,
Жаш баладай күйүгүп.
Өөдө карап бышылдап,
Жетти жакын кышылдап.
Гүлчоро кайдан айанды,
Абакеси Семейдин,
Оң ийнин басып тайанды,
Гүлчоросу кеп айтат:
- Айланайын абаке,
Күйүт тарткан немедей.
Сен күлүмсүрөп күлбөгөн,
Күлгөнүң бенде көрбөгөн.
Эмне үчүн күлдүң деп,
Эминени көрдүң деп,
Не көрүнөт көзүңө,
Кулак салчы сөзүмө,
Эмне көрдүң абаке,
Батыраак айтчы өзүмө.
Ошондой айтып калганда.
Буу дүнүйө жалганда,
Көрбөгөн жан арманда,
Абасы туруп кеп айтат,
Кеп айтканда нени айтат:
- Кештелүү калпак кең чалбар,
Кеңешим айтам жаш балдар.
Саймалуу калпак кең шалбар,
Санаамды айтам жаш балдар.
Саган айтам сыр деди.
Маңдайдагы тетиги,
Карарып жаткан калың бак,
Кароолонгон алма шак,
Кадымтен хандын шаары окшойт,
Түнөргөн шаар түмөн бак,
Түмбүйүп жаткан алма шак.
Түптүү хандын шаары окшойт,
Карасам көзгө илинбейт.
Ала карга сагызган,
Айланганы билинбейт.
Карараган шаар калаадан,
Бер жагындан талаадан.
Шаардан чыкты бир топ жан,
Жаркын күндөй көрүнүп,
Жаш Семетей абакең,
Тааный албай болдум таң,
Темир кийген жообу деп.

www.bizdin.kg

Теңдешер киши бизби деп,
Телегей кийген кызбы деп,
Теңтуш Чүрөк узбу деп.
Андан бери карасам,
Аккан суунун бойунда,
Агарып чатыр көрүнөт.
Асманда түтүн бөлүнөт,
Абайлап байкап карасам,
Ак абайы ат Буштан,
Айалдын аты көрүнөт.
Кызыл-тазыл куш баш ээр,
Кыздын аты көрүнөт.
Кимиң барсаң анын бар,
Бир кишилик алың бар.
Ат-матыңа көз болуп,
Бириң мында калыңар.
Бириң чалгын чалыңар.
Ылдам барып эрте кел,
Ким экенин билип кел.
Толтойдун колу болбосун,
Жол тостуруп койбосун.
Чынкожо колу болбосун,
Чындап кудай урбасын.
Душман болуп көрүнсө,
Сундур найза тарпагын,
Сумсайтып жоодон качпагын,
Жоо бөрүсү чунактар,
Манастан башка айтпагын.
Канчоросу кеп айтат:
-Канкорум аба деп айтат,
Мен ат жанында калайын,
Айгайлаган жоо болсо,
Айанбай найза салайын.
Кыңшылап айтар кебим жок,
Кыз-келинге эбим жок.
Шойкондуу оозум шок эле,
Мындайга эбим жок эле.
Кыз-келиндин ичинде,
Чукугандай кеп тапкан,
Гүлчоро байкуш эптүү эле.
Гүлчоросу кеп айтат:
- Чалгынды өзүм чалайын,
Чалбай кантип калайын.
Көрүнүп турган Үркөнүчкө,
Көз ачканча барайын.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Азабым болсо көрөйүн.
Жумшадың абам ардактап,
Алыскы жолго жөнөйүн.
Абыкенин Актелки,
Айагы мукур сээри бас,

www.bizdin.kg

Аркасы жок ит эле.
Агын катуу суу болсо,
Агып өлүп жүрбөйүн.
Ашуусу бийик тоо болсо,
Учуп өлүп жүрбөйүн,
Буурулду берчи минейин,
Бул жолумду билейин,
Буулумду берчи кийейин.
Тостуруп койгон жоо болсо,
Ылаачындай тийейин.
Бербеймин деп айта албай,
Баланын көөнүн кайтарбай,
Бербесе көөнү калат деп,
Жумшаса тиктеп алат деп,
Буурулду берди мингин деп,
Буулумду берди кийгин деп.
Буурулду сурап мингенде,
Буулумду сурап кийгенде,
Топчулугу бир тогуз,
Топчуланып алганда.
Чороңдо арман калабы,
Бул дүнүйө жалганда.
Алдынкы кашы карк алтын,
Кийинки кашы чылк күмүш,
Эки каптал эн темир,
Эптеп калган ак каңкы ээр,
Тай буурулга чак каңкы ээр.
Качкан элик жоо кулу,
Тай буурулга токулду.
Куйушканы куйма алтын,
Куйуштуруп токуган.
Олоңдору оймо алтын,
Ойуштуруп токуган.
Көмөлдүрүк баары алтын,
Тумар часы сары алты.
Күнгө келсе жалтылдап,
Жагоолору сап алтын.
Куйма таман үзөнгү,
Теппей чуркап минди эле.
Бура тартып калганда,
Бул дүнүйө жалганда.
Караган киши оңгундай,
Кара саат баланы
Карактап алса тунгундай,
“Кагылайын карагым,
Карагым мени карагын.
Ат арытып мине элек,
Ат кадырын биле элек.
Тон тоздуруп кийе элек,
Тон кадырын биле элек.
Кыйгактуу найза ала элек,

www.bizdin.kg

Кыйкырып жоого тийе элек.
Жабдыктын жайын биле элек,
Жаландап жоого тийе элек.
-Атамдан калган ай балта,
Анын жайын айтайын.
Бурма темир сом балта,
Буруп соккон ай балта.
Жонуна темир кырдаган,
Жомокчулар ырдаган.
Тийген жери ырбаган,
Алжайгандан мал жайган.
Башка чапкан адамы,
Жакында өөдө болбогон.
Көк темирден сомдогон,
Суугатына чыдабай.
Көлдүн суусу соолуган,
Көөрүгүнө чыдабай,
Көп букалар сойулган.
Көмүрүнө чыдабай,
Көөнө токой жойулган.
Чапканына чыдабай,
Чандан уста кырылган.
Ашаганда машаган,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Жайы кышы дебестен,
Жатып алып жасаган,
Сыртына алтын жөгөргөн.
Жолу күнү болгондо,
Жоболоңду Ажыбай,
Кокуйлап жүрүп өңөргөн.
Муну ал деп колуна,
Муну берди чунакка.
Атамдан калган Сырнайза,
Анын жайын айтайын.
Уңгусу болот учу курч,
Учуна салган кара курч.
Чекеси болот теги курч,
Жээгине салган кызыл курч.
Учу ак болоттон сыйдасы,
Сабы ак карагай куймасы,
Көк болоттон сыйдасы,
Көк карагай куймасы,
Чиркейдин тумшугунан кураткан,
Чочконун сийдигине сугарткан.
Он эки түрлүү кырдаган,
Отуз түрлүү сырдаган,
Колдон тайма болот деп,
Коло менен чырмаган.
Кыштын күнү болгондо,
Колу үшүп кетет деп,
Кой макмал менен каптаган.

www.bizdin.kg

Ташка сайса жанбаган,
Талкан кылбай калбаган,
Көгүчкөндүн канатын,
Сыйрып алып эптеген.
Жара желим токтотуп,
Жибек менен чырмаган.
Муну ал деп колуна,
Муну берди чунакка.
Атамдан калган Ачалбарс,
Анын жайын айтайын,
Бейиштен чыккан төрт кылыч,
Азирети Аалыга.
Зулпукарды колуна,
Ал кармап жүргөн башында.
Камкам менен Замзамды,
Иштетиптир пайгамбар.
Сулатма деген кылычын,
Сактап койгон Манаска.
Ай түбүндө Айкожо,
Өмүрлүк өлбөй турууга,
Бата берген пайгамбар.
“Эр Манаска тапшыр”, деп
Берген экен ушуга.
Көөдөнгө урса баш жарган,
Жыгачка урса таш жарган,
Чапканын кеспей калбаган,
Эки миздүү испийан,
Эки жакка шилтесе,
Эки жүздөн баш алган.
Кынабына салганда,
Жети карыш кыскарган.
Кынынан суурганда,
Кырк арышча узарган.
Уруштуу күнү узарган,
Учу өрттөй кызарган.
Сабындагы сары алтын,
Пайнектери баары алтын.
Темиринен башкасы,
Буруусу жок бүт алтын,
Ортосу калың өткүр мис,
Учу ыңгай мойну түз.
Муну берди чунакка.
- Атамдан калган Аккелте,
Анын жайын айтайын.
Абу Назыр Замандан,
Мисирден калап алдырган.
Ак Мустапа Мухаммед,
Арстан эрге тийсин деп.
Аманатка калтырган.
Оозу орустун оруму,
Түбү Кытайдын кызыл кырымы.

www.bizdin.kg

Кароолу тажал, огу жал,
Түтүнү менен түбү Испан.
Бургулап ичин түздөгөн,
Аткан огу жөн учпай,
Ажалдуу жанды издеген.
Чагараак ооз алма баш,
Ыңгай туура ылгабас,
Тушак чаксасы эн темир,
Тийген жери бир сеңир,
Кароолу адам башындай,
Огу сайдын ташындай.
Асынып жүрсөң ак келте,
Айдалынын айнеги,
Атып жүрсөк ак келте,
Аманат жандын эрмеги.
Муну ал деп колуна,
Муну берди чунакка.
- Атамдан калган булдурсун,
Жапса кулак тундурсун.
Анын жайын айтайын.
Алты эркеч терисин,
Сайлуу жерге кердирген.
Какырлуу жерге чойдуруп,
Жетимиштен өрдүргөн.
Чокусуна чок койгон,
Түшкүнүнүн учуна,
Сомдоп карыш ок койгон.
Алаканын бек кылган,
Душманды көздөй кез эткен,
Пил терисин каптаган,
Кан ыргайга саптаган.
Булдүргө такчуу жерине,
Бургу салып көзөткөн.
Абышканын көк торпок,
Эки энеге тел торпок,
Күдөр кылган ак кайыш,
Чайан түйүп тактырган,
Балбандар, алп жаткырган.
Муну ал деп чунакка,
Муну берди колуна.
Тийген жери тилилүү,
Кара саат баланын,
Ортонуна илинүү.
- Атамдан калган Ак олпок.
Анын жайын айтайын.
Була салып булаткан,
Буудайык хандан сураткан,
Алтын менен күмүштү,
Аркы-терки сулаткан.
Ичине темир чаптаган,
Тышкы бети баары түк,

www.bizdin.kg

Парбар тери каптаган.
Келтенин огу кечпеген,
Барандын огу батпаган.
Жебенин огу өтпөгөн,
Жээгине алтын кадаган.
Акыректе чоң калта,
Алты атаар огун сологон.
Атасы башка көп душман,
Айдыюын угуп кологон.
Үстүндөгү Ак олпок,
Аны чечип берди эле.
- Астыюдагы Буурулдун ,
Абдан жайын айтайын.
Кечээ баса элек тоону ашканда,
Маңгыттын журтун чапканда.
Маңгыттан барып жылкы алып,
Барандын кыз, келинин ыйлатып.
Калаасын бузуп кыйратып,
Айдап калың олжо алып,
Жылкыны айдап келгенде,
Баштап келген ошону.
Бөлтөк жүн келген кер байтал,
Оттоп жүрүп талаадан,
Ээрчитип келген Тайбуурул,
Атасы тоонун тобурчак,
Энеси чөлдүн музбурчак
Канаттуу тулпар Буурул ат,
Ойдо тууп кумда өскөн,
Кулжа менен бирге өскөн,
Тоодо туруп ойдо өскөн,
Кулан менен бирге өскөн.
Боор эти арадай,
Кош туйагы чарадай,
Азуулары болоттой,
Чаткайагы колоттой.
Кашка тиши кадоодой,
Кызыл тили бүлөөдөй,
Жал куйругу түбектей,
Жарашыгын карасаң.
Сымга тарткан күбөктөй,
Жараганы кабыктай,
Жалдын үстү жабыктай,
Секиргени бүргөдөй,
Семиргени сүмбөдөй.
Кең соорусу келишкен,
Кебездей болгон көкүлү,
Көзүнө ченеп керткендей.
Жанбашынын кошкону,
Казан асса турандай.
Караан калган Тайбуурул,
Үркөнчтөн суусун бургандай.

www.bizdin.kg

Сопол куйрук сом туйак,
Сокмоктуу күлүк Тайбуурул.
Аркар айак кул жасан,
Бото борбуй кең соору,
Булчуңу бука мойнундай.
Буура көкүл орок баш,
Бука мойун марал баш.
Карды салык тайган төш,
Өркөчү бийик сери пас,
Өөдөгө салса чарчабас.
Туйагында тура жок,
Жүрөгүндө кара жок.
Дулдул мойун Тайбуурул,
Тууган бээнин дайны жок.
Арка буту жез билек,
Тутам шыйрак чаалыкпас.
Аңга келсе аттагын,
Алтымыш асый болгунча,
Азуусун сөйкөп карыбас,
Алты айга минсе арыбас.-
Муну мин деп чунакка,
Түшүп берди Буурулду.
- Алты кат тердик бир желдик,
Алты бүктөп капшырдым.
Алты жол кысыр жол берген,
А дүйнө кеткен атамдын,
Арбагына тапшырдым.
Жети кат тердик бир желдик,
Жети бүктөп капшырдым.
Жети жол Кызыр жол берген,
Жетимиш пирге кол берген,
Дегенин кудай оң көргөн,
Акырет кеткен атамдын,
Арбагына тапшырдым.
Баргын чоро эрте кел,
Мен кумар болдум Чүрөккө.
Айбалта илгин билекке,
Буурул аттан сен айрып,
Буластаган абаңды,
Темтеңдетип салбагын.
Чегип бирөө сураса,
Сырыңды айтып койбогун.
Жаш Күлүстөн абаңды,
Ажыратып Буурулдан,
Календер кылып салбагын".
Абасы бата бергенде,
Жөнөп кетти бөлүнүп,
Чоң ополдой көрүнүп,
Буурул менен балкылдап,
Чарайнасы жаркылдап.
Кара темир ооздук,

www.bizdin.kg

Көмөкөйдө карсылдап.
Бастырганда Тайбуурул,
Ак көбүктөп суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып.
Керүүлөй тартып жөнөдү,
Колтугунан суу чыгып,
Куйругунан чуу чыгып.
Салып чыкты белеске,
Эки жагын каранып.
Койго тийчү бөрүдөй,
Оозу мурдун жаланып.
Жетти барып Гүлүстөн,
Ак инектин белине,
Саладай кайгы жеринен,
Аша койуп кадуулап.
Астындагы Буурулду,
Абайы менен жабуулап.
Ооздук чайнап, көз жайнап,
Кологой тартып баш чайкап,
Таноосунун түтүнү,
Куйундай болуп бурулуп.
Чаап бара жатканда,
Жолдун чаңы уйулгуп,
Жол билбеген жаш бала,
Көрбөгөн жолун боз бала,
Улуу жолдун тоомунан,
Аккыйыанын ойунан.
Эңкейип карап калды эми,
Энтелеген чунагың.
Эки көзүң салды эми.
Айкын сала сары түз,
Аңдап байкап алды эми.
Ат жыгылар аңы жок,
Бур этерге чаңы жок.
Суур казган ийин жок,
Буурусун чийген чийин жок,
Кыйан жеген кемер жок,
Жер казыгы теги жок.
Гүлүстөн тууган чунактын,
Чаппай турган жайы жок,
Астындагы Буурулдун,
Агып кетер майы жок.
Азык кылар чайы жок,
Карап турар алы жок.
Карап көрсө чоронун,
Кой деп айтар байы жок.
Кырс этерге ташы жок,
Улуу жолго кирди эми.
“Байа абакем муну мактады.
Жетелеп суудан сугарып,
Канчоро байкуш таптады,

www.bizdin.kg

Мактаганы чын болсо,
Айанбай жоого тийейин.
Күлүктүгү чын болсо,
Беттешкенден чегинбей,
Беттешип барып көрөйүн".
Ойуна чоро муну алып,
Толгомо саптуу камчыны,
Толгой кармап имерип,
Тоодой болгон Буурулду,
Томукка тартып жиберип,
Тийген жери кан болуп,
Чыргалай түшүп бүгүлүп.
Томуктан аккан канына,
Карга, кузгун тойунуп.
Камчыны тартып алганда,
Чыргалай түшүп оңолуп,
Кабактын чаңы бөлүнүп,
Борбуй эти сөгүлүп.
Кабак ачып көргөнчө,
Эч карааны көрүнбөй,
Кара карга сагызган,
Канчалык калды билинбей.
Ачып көздү жумганча,
Алыска кетти билинбей.
Ала карга сагызган,
Аркада калды көрүнбөй.
Кулжадай көзүн кызартып,
Кулач кез мойнун узартып.
Кумай-кумай жер келсе,
Кулачтап арыш узартып.
Аркардай көзүн кызартып,
Адыр-адыр жер келсе,
Арымдап арыш узартып.
Эликтей бутун сайылтып,
Эңиширээк жер келсе,
Эки этегин жайылтып.
Балыктай оозун ачылтып,
Баладай болгон ак көбүк,
Омуроого чачылтып.
Кундуздай жүнү жылтылдап,
Кулжадай башы кылтылдап,
Төрт айактан чыккан от,
Чакмак таштай жылтылдап,
Аткан таңдай суурулуп,
Аркардай таңы көрүнүп,
Урду десе таш эмес,
Учту десе куш эмес.
Урган таштай зыркырап,
Учкан куштай дыркырап,
Шалпылдаган касасы.
Карчытына жабышып.

www.bizdin.kg

Канаттуу менен жарышып,
Кара саат баланын,
Ээрге көтү жабышып,
Учуп кетчү немедей,
Учкан куш менен жарышып,
Кара кайыш боз тизгин,
Эки колдо карышып.
Айагы менен тик түшүп,
Казандай болгон кара таш,
Төрт бөлүнүп жик түшүп,
Казанбактай төрт туйак,
Кара жерди казылтып,
Кара темир ооздук,
Көмөкөйгө басылтып.
Жолдун чаңы казылтып,
Аркадан туман жазылтып,
Жолум үйдөй ак көбүк,
Жол бойуна чачылтып.
Көк кепич бутта чойкойуп,
Асаба колдо койкойуп.
Туулгасы башта жаркылдап,
Боз кисе жанда шалкылдап.
Атагы чыккан ак келте,
Оң ийинде жаркылдап.
Элирген чунак чоронун,
Эки жагын караса,
Эки көзү алаңдап,
Ээн калган жер экен,
Ээси коркуп алаңдап.
Барган сайын күч алып,
Буурул ат барат жалаңдап.
Маңдайында багы бар,
Айбанда болсо жаны бар.
Кулагында шамы бар,
Куйундан бүткөн жаны бар.
Ушул кезде Гүлчоро,
Он экинин өзүнө,
Чыгаар-чыкпас жашы бар.
Олжо кылса болгундай,
Ушу жарак бакисин,
Талап алса тунгундай,
Кара саат баланы,
Карактап алса болгундай.
Доолбас жанда кыңгырап
Айбалта белде шыңгырап.
Буурул менен алкылдап,
Теңгедей болгон кашкасы,
Маңдайында жаркылдап.
Алыстан көргөн Үркөнчкө,
Жетип барды жакындап.
Абамдын көргөн кызы кайда деп,

www.bizdin.kg

Ээрдин-мурдун жаланып,
Гүлүстөн тууган чунагың,
Эки жагын каранып,
Кирип келди чоң суу га,
Кез болду дайра ушуга.
Кечпей койбойт Гүлчоро,
Кез келген соң тушуна.
Муну мындай койуңуз,
Кыздардан кабар алыңыз.
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда Айчүрөк,
Кыркы келин, кыркы кыз,
Кымбат баасы Айчүрөк.
Кыздардан алып бөлүнүп,
Селкинчек куруп көрүнүп.
Терекке басып барышып,
Жип арканды салышып,
Селкинчек тээп калышып.
Теректин башын бурушуп,
Аркы-терки турушуп.
Талдын башын бурушуп,
Маңдай-тескей турушуп,
Акийнегин айтышып,
Беттешип тамам кайтышып.
Ойун салып ойнобой,
Айчүрөктөн башкасы.
Келе жаткан баланы,
Ким экенин болжобой.
Суудан кантип кечет деп,
Алыстан келген жаш бала.
Сүйлөшпөй кантип кетет деп,
Кийимдерин чоң кийип,
Алты түрлүү тон кийип.
Калтырбай үйгө баарысын,
Кабат-кабат мол кийип.
Суусар, кундуз бөрктөрү
Сымбаты сонун көрктөрү.
Кол артканы Бурулкан,
Жандап баскан Кашымжан,
Туура басып ээрчитип,
Тел козудай телчитип.
Карап Чүрөк калды эми,
Алмамбет улуу Гүлчоро,
Арстан баатыр эр Чоро,
Кайра тартпас өлүмдөн,
Кайраты бар шер чоро.
Суу га көзүн салды эми,
Үркөнч деген суу болгон,
Үстү көбүк буу болгон,
Уккан жанга дуу болгон,
Агыны катуу коо болгон.

www.bizdin.kg

Арkы бетин карасаң,
Ысыккөлдөй жылтылдап,
Берки бетин карасаң,
Кош дайрадай мелтиреп.
Чымылдак тартып жез найдан,
Чымыроонду кең найдын,
Сурнай тартып жез найдан,
Суу акпаган кең сайдан,
Суулар агып кошулуп,
Башынан мөңгү бузулуп.
Бөйрөгүнөн туура суу,
Бөйдө кирип кошулуп.
Чыбрын түлкү жойлобой,
Чындап кирген Үркөнчкө,
Чылбыр салса бойлобой,
Адырын түлкү жойлобой,
Абадан кирген Үркөнчкө,
Аркан салса бойлобой.
Талдын башы коройуп,
Жайнап кеткен Аралда,
Аттай болгон балыктар,
Өлүгү жатат torойуп.
Токойдун баары кылкылдап,
Суу толуп сайга былчылдап.
Карап туруп чоронун,
Кара бойу калчылдап.
Жик түшүп түрлүү бөлүнүп,
Жайнай түшүп көйкөлүп,
Жаналгычтай көрүнүп,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Күкүк болуп сүйлөнүп,
Алда нече түрлөнүп,
Ар буланып күүлөнүп,
Адам болуп сүйлөнүп,
Тоо жаңырып күүлөнүп.
Торгойдон бетер сүйлөнүп,
Чөйрөсү менен тал агып,
Үстү менен сал агып,
Жаш балаты карагай,
Башы көтүн карабай
Тамыры менен суурулуп,
Жарга келип урунуп.
Жардын боору туурулуп,
Үйдөй болгон боз чалма,
Сууга түшүп журулуп.
Ошону Чоро көргөндө,
Заманасы курулуп,
Агыны катуу шар агып,
Ар жыгачтын баары агып,
Арча менен тал агып,
Ак көбүктөп кар агып.

www.bizdin.kg

Бөлүнүп аккан жерлери,
Бута атым жерге жар болуп,
Эшилип тийген жерлери,
Эшик төрчө жар болуп.
Барып тийген жерлери,
Үч найза бойу жар болуп,
Кечерге пенде зар болуп,
Муну көргөн адамдын,
Кең дүйнөсү тар болуп,
Кечүү таппай зар болуп,
Жалган айтып койбосом,
Кесердин үстү кан болуп,
Башынан мөңгү бузулуп,
Кар эрип суулар сызылып.
Бөйрөгүнөн туура суу,
Буда келип кошулуп.
Карагай, кайың тал агып,
Ар жыгачтын баары агып.
Түбү менен сал агып,
Көп жыгачтын баарысы,
Түрмөгү менен чөп агып.
Үзүктөй болгон кара таш,
Суу түбүндө калдырап,
От күйгөндөй жалындап,
Эңкейип жерин карасаң,
Тундуруп кулак шарылдап.
Маңдай жаккы адырга,
Жаба койуп шыркырап.
Жаман кирип алыптыр,
Жар четине ак көбүк,
Жара койуп салыптыр.
Бурулуп тийген жеринде,
Муз туруштук бере албай,
Муңдуу киши жанына,
Муну көрүп тура албай.
Жайылып аккан жерлерге,
Жар туруштук бере албай,
Жашык адам жанына,
Жакындап барып тура албай.
Башына зарыл иш түшсө,
Жанына бенде келе албай.
Акчамалап ылайлап,
Аңдыган киши кудайлап.
Көбүктөнүп ылайлап,
Көргөн киши кудайлап.
Жардын боору ойулуп,
Жармадай болуп койулуп.
Тегеренип оң агып,
Деңизден канча чоң агып.
Имерилип оң агып,
Иледен канча чоң агып,

www.bizdin.kg

Агыны катуу күркүрөп,
Адамдын бойу дүркүрөп.
Кабарын уккан кербендер,
Калаадан чыкпай тыйылып.
Каттап бенде кечкисиз,
Канатуу учуп жеткисиз.
Абайлап байкап караса,
Алакандай арал жок,
Аркыраган чоң суунун,
Киргенинде карал жок.
Тегерете караса,
Теңгедей болгон арал жок,
Теңир урган бул суунун,
Акканында карал жок,
Өйүз-бүйүз кыдырып,
Кечүү сураар киши жок.
Семетей менен Канчоро,
Гүлчоро менен иши жок.
Ай караңгы түн көрсүн,
Аркырап аккан чоң сууну,
Мындан башка ким көрсүн.
Айбалта алып ыктуусуп,
Абакемдин жанында.
Канчородон мыктуусуп,
Мында келдим тыңдуусуп,
Канчородон кырдуусуп,
Суудан кантип өтөм - деп,
Уйалбай кантип кетем - деп.
“Бардыңбы десе” абама,
Не деп жооп айтам - деп,
Барбай койсом билер - деп,
Пайгамбар аны колдогон,
Байа берген батасы,
Мага кайдан тийер - деп.
Кечпей койсом билер - деп,
Кесиретүү абамдын,
Кечээ берген батасы,
Мага кайдан тийер деп.
Аны ойлонуп Гүлчоро,
Өйүз жагын карады.
Кызды көрүп түгөнгүр,
Көзү оттой жайнады.
Акундун кызы Айчүрөк,
Акбоз бээни сойдуруп,
Кашкардан келген чайдоосту,
Каршы-терши койдуруп.
Отуз келин, отуз кыз,
Ортосунда Айчүрөк.
Ойундун башы кызыл кыз,
Ордодон чыккан узун кыз.
Топтун башы Толгонай,

www.bizdin.kg

Ойундун башы Ойсалкын.
Хандын кызы Калыйман,
Кайкалаган сулуудан,
Кылайтып белги табылбайт,
Беденде мүчө муунунан.
Бектин кызы Бегимжан,
Мелтиреген сулуудан.
Мелжебей бенде өтөбү,
Менменсинген ушундан.
Көгүчкөндөй көрктүүдөн,
Көк сүлөөсүн бөрктүүдөн,
Атилес көйнөк Алымжан,
Карабайдын Касиет,
Кашка тууган кара бет.
Ар жоругу көп кыздан,
Башка тууган кара бет.
Шоруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай.
Акылбектин Акбермет,
Ажыкенин кыз Шербет.
Кадыкенин Кашымжан,
Ар кылганы бачым жан,
Бу да уста Бурулча,
Бурула баскан Калыйча.
Ошолордун ичинде,
Аштыкчынын кир мойун,
Алды каткан Бирмойун.
А дагы келип калыптыр,
Сугатчынын Сугалак,
Суудан балык кубалап,
Бул дагы келип калыптыр.
Сымбаттуу тууган Тынымкан,
Сүлөөсүн бөрктүү Жүзүмкан,
Көрктүү сулуу Урумкан,
Мурунку көп сулуудан.
Бир далай кыз аз болуп,
Борумун байкап карасаң,
Келгени келген каз болуп.
Жар башында жарданып,
Кантип кечет экен деп,
Жаш балага таңданып,
Кайра тартат бекен деп,
Карады кыздар шаңданып.
Кайра тартып кете албай,
Катын-кыздан арданып,
Кылчайып артын карабай,
Кылча жанын айабай,
Кызды көргүн түгөнгүр,
Кылчаңдап туруп ала албай,
Кылт этип суугa кирди эми,
Кайрылып артын карабай,

www.bizdin.kg

Кара жанын айабай.
Кайраттуу тууган Гүлчоро,
Кабыландай эр Чоро,
Калкып суута кирди эми,
Суута кирди чуратып,
Жардын башын уратып,
Таш ургандай чулп этип,
Кирген жерде жоголуп.
Сүрдүгө түшүп оңолуп,
Ооздукту буратып,
Кирген жерде жок болду,
Сүрдүгө түшүп токтолду.
Көк болотун дат алган,
Көсөм болгон сойулгур,
Ак болоттон дат алган,
Арам өлгүр сойулгур,
Сүзүп барат ыргыштап,
Суу үстүндө кыйкаштап.
Кайыптан беле Тайбуурул,
Суу түбүндө чөкпөгөн,
Кайык беле Тайбуурул,
Туура сүзүп ыргыган,
Балык беле Тайбуурул,
Муз келсе суудан чураган,
Буудандыгын билгенде,
Букардын ханы сураган.
Акчасына чыдабай,
Алты шаары Букардын,
Алым салып жыйнаган,
Акы бер деп кыйнаган.
Аллага күчү жетпеген,
Абакем минип алганда,
Качан пенде эптеген.
Суудан чыкты кылк этип,
Алтын така күмүш мык,
Төрт айакта жылт этип,
Булгаары тердик, көн желдик,
Бурчунан суусу шорголоп.
Арам өлгөн Тайбуурул,
Бута атып жерге жорголоп.
Маңкаң – маңкаң бастырып,
Жолдун четин каздырып.
Жолум үйдөй ак көбүк,
Жол үстүндө чачтырып.
Суудан чыкты кылчылдап,
Сары жаргак камдагай,
Багалеги былчылдап.
Жорголой басып бүрүштөп,
Барган сайын жүрүштөп,
Жасанган экен жинди кул,
Бар сайманын күмүштөп.

www.bizdin.kg

Караган киши оңгундай,
Кара саат баланы,
Карактап алса тунгундай.
Астын карап ыкчамдап,
Аркасын карап кылчаңдап.
Кулагын типтик көтөрүп,
Куйругун жерге чубалтып,
Казандай соору көмөрүп,
Карыскандай бели түйүлүп,
Жал куйругу шүйүлүп,
Кыз, келиндин барысы,
Жалдырап жандан түңүлүп.
Эшигине кыз чыкпай,
Чатырына үйүлүп.
Гүлчорону көргөндө,
Кыздардын баары дүркүрөп.
Чыдай албай бейбактар,
Дамбалга сийип бүркүрөп,
Сакчы койгон сары кыз,
Кабарчы койгон кара кыз.
Кайра чуркап калды эле.
“Чакыр таштан бүлөөңбү?
Же болбосо эжеке,
Чакырып келген күйөөңбү?
Айтса кептин изини,
Акшумкардын артынан,
Таластан келген кишиби?
Атынын мойну алчактайт,
Айбандан түркүн миниптир.
Саадактын мойну чапчактай,
Жыгачтын түркүн илиптир.
Кызыл Буурул ат минген,
Кыл-куйругун шарт түйгөн.
Кыргоол жүндүү, кыз үндүү,
Кызыл чырай нур жүздүү,
Кызыл чийкил жаш бала,
Кирип келди мынаке.
Ишенбесең сен өзүң,
Эшикке чыгып кара, эже.
Акундун кызы кара бет,
Келиндин баарын кекетип,
Кыздын баарын бекитип,
“Шыбыр-күбүр кылганың,
Шыңкылдашып күлгөнүң,
Мени шылдың кылганың.
Эбиреген кара бет,
Эбиребей ээгиң бас,
Жабыраган кара бет,
Жабырабай жаагың бас.
Семейтей андай жан эмес,
Жеңил жигит ал эмес,

www.bizdin.kg

Жетип келчү бала эмес,
Ал Семетей болгондо,
Эжекең Чүрөк оңчу эмес”-
Деп ушинтип Айчүрөк,
Басып чыкты суйкайып.
Көк сүлөөсүн, кундуз бөрк,
Чекесинде кыйшайып,
Аркасында Акылай,
Атлес көйнөк шоодурап.
Аркардай көзү жоодурап,
Жез коомуздай шаңкылдап,
Мас болгондой шалкылдап.
Топтогон кыздын жанына,
Гүлчоро жетти жакындап.
- Чоочун бала экенсиң,
Жолуң болсун чырагым.
Кайдан келген баласың,
Кызыл Буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйүп.
Алыс жерден чыгыпсың,
Тал бойуңду карасам,
Солкулдаган чырпыксың.
Куба жүлүн жаш бала,
Кай калаага барасың,
Кандай курган баласың,
Ал-жайыңды айта кой,
Арманда өлүп каласың,
Аралап кирсең өлөсүң,
Атайын кордук көрөсүң,
Жогуңду айтып байан кыл,
Кайсы жакта жүрөсүң,
Адеби жок жаш бала,
Хандын кызы жаныңда,
Кыткылыктап күлөсүң.
Акундун кызы Айчүрөк,
Бар ачуусу тишинде,
Кежет бүркөп башында.
Карегим жол жүрүпсүң,
Ишиңди айт,
Башчы болгон кишиңди айт.
Акундун кызы Айчүрөк,
Астынан адам өтпөгөн,
Асили тирүү кетпеген,
Ак жүзүн көргөн адамзат,
Көрсөм деп кайра дегдеген.
Калча чоро сандан көп,
Кайсынысы болосуң,
Энтелебей карагын,
Бачымраак сүйлө, -деп,
Акылай минтип айтканда,
Атынын башын бурду эми,

www.bizdin.kg

Мындай айтып турду эми:
- Качкын десең качкынмын,
Катын-кызга калганда,
Кандуу кара карышкырмын.
Хандан келген элчимин,
Кайгуулдан келген ченчимин,
Эмне десең ошомун,
Кандуу кара жошомун.
Өз көтүңдө кабар жок,
Кайсы десең ошомун".
Тура калып токтолуп,
Мелтиреген Бегимжан,
Койнуна колун салды эле,
Короздой болгон мойнуна,
Колун арта калды эми.
Ийик баштай ак эмчек,
Имере кармап алды эми.
Мына ушуну көргөндө,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ардангандан өлбөдү,
Өлүп жерге кирбеди,
Өлбөй тирүү калбады.
Аркар чачын булайтып,
Ак тамагын кылайтып,
Ачуусу келип ачылып,
Айтканына ачынып.
Алтын мейиз ширин сөз,
Асталай айтып чачылып,
"Кызды көрүп кылтылдап,
Кыргыйек куштай шыпылдап,
Адепсиз өскөн кутуруп,
Кызды көрүп жутунуп,
Койнуна колуң саласың,
Кандай бейбаш баласың,
Бул жоругуң койбосоң,
Бир балаага каласың..
Атамдын аты Акун хан,
Кароолчусу башында,
Хандын кызы кашында.
Жумарымбек болуп жашыңда,
Өлүп кетпе чунагым.
Жооптуу болуп башчыңча,
Бөөдө өлүп каласың.
Акылың кыска жаш бала,
Азапка башың саласың.
Эркин сүйлөп өзүң шок,
Эрмек кылаар кишиң жок.
Бейбаш сүйлөп өзүң шок,
Бейпай кылаар кишиң жок.
Кандай жүргөн баласың,
Маныңды айтып байан кыл,

www.bizdin.kg

Кайсы жакка барасың?
Гүлчоро туруп кеп айтат,
Как ушундай деп айтат,
Кеп айтканда нени айтат,
Жашырбай ачык деги айтат:
-Кечээ балырлуу көлдүн башынан,
Ала көлдүн кашынан,
Жекендүү көлдүн сазынан,
Акшумкарды качырып,
Суроо салып келемин,
Акшумкардын бир четин,
Чүрөк сенден көрөмүн.
Айчүрөк артык жеңесиң,
Акшумкар жообун бересиң..
Анда Чүрөк кеп айтат,
Адепсиз бала деп айтат:
- Шумкар деген эмине,
Жеңе деген эмине.
Сөзүңдү айткын тим эле,
Жолоочу болсоң жол мына,
Базарчы болсоң мал мына,
Базар болсоң үй мына,
Байланган бейбак мен мына.
Сенин өзүң ким эле,
Мен сөз сураймын тим эле.
Түп атаңды түрүп айт,
Түп атасын билбеген,
Түпсүз кулдар болуучу.
Теги атаңды терип айт,
Тегин анын ачып айт.
Теги, атасын билбеген,
Тексиз кулдар болуучу.
Тегиң байкап билейин,
Чоң атаңдын өзүн айт.
Как эле кара көзүн айт,
Элиңдеги жакшыны,
Атам деп атын сатпай айт,
Атаң тектүү эр болсо,
Жашырып айтып не пайда.
Ат сурамак сымбаттан,
Эр сурамак келбеттен,
Сөз сурамак өрмөттөн.
Көп эле койуп ортого,
Күйгүлтүк Чүрөк таштады.
Гүлүстөн тууган Гүлчоро,
Айтып кебин таштады.
Тамашаны таштады:
- Жеңе, көрбөгөнсүп кеп айтпа,
Кантер экен деп айтпа,
Кечээ кең Таластын бойунан,
Алакөлдүн ойунан,

www.bizdin.kg

Акбула болуп бурулуп.
Аккуу болуп кубулуп,
Акчабак болуп кылтылдап,
Кара сууда жылтылдап,
Үч көрүнүп көзүмө,
Сыр көрүндүң өзүмө.
Акшумкар салган кол ошо,
Аттанып чыгып артыңдан.
Алып кеткен шумкарды,
Издеп келген жол ошо.
Тегимди тергеп сөз сурап,
Мени тексиз киши дедиңби,
Тегимден кайгы жедиңби.
Калкымдан казып кеп сурап.
Мени калксыз киши дедиңби,
Калкымдан кайгы жедиңби.
Жерибиз Кеңкол чоң Талас,
Калкыбыз ногой зор Манас.
Чоң атабыз Бөйөнкан,
Бөйөнкандан Чайанкан,
Чайанкандан Каракан,
Каракандан тараган.
Кадырлуу тууган Орозду,
Ороздунун он уулу,
Улуу уулу Жакып хан,
Кадырлуу Жакып баласы,
Жайдары тууган эр Манас,
Эр Манастын баласы,
Жетим калып жетилген,
Ак болотту кетилген,
Эр Семетей баатырың.
Мен Семетейдин иниси ,
Сен теңсинбес кара бет,
Иниси эмей кимиси.
Пайгамбар ак диним ак,
Бейжинде калган алтын так,
Мелтиреген тозоктон,
Бойуңду азат кылам деп,
Качып келген ушул чак.
Бейжинде калган алтын так,
Азизхандын Алмамбет,
Алтын тажы чок белбоо,
Азизхандын тукуму,
Аныктап билгин ушуну,
Абакем аламын деп аттанды,
Айчүрөк сендей сулууну.
Акшумкардын артынан,
Айчүрөк сенин дартыңдан,
Азык алган алты бээ,
Кош жүктөгөн төрт жорго,
Коштогонум он төрт ат,

www.bizdin.kg

Аттанып чыктык үч бекзат,
Арчатору бууданга,
Айактап кебез байланып,
Он төрт күлүк айдатып,
Бүгүндөн калбай барам деп,
Айчүрөк сени табам деп,
Аттанып чыкты үйдөн шат,
Душманга болсун күйүнчү,
Жеңе сага сүйүнчү.
Анда Чүрөк кеп айтат:
- Апей көтөк не дейсиң,,
Кан кускан бала деп айтат,
Семетей теңи мен эмес,
Менин теңим сен эмес.
Аташкан күйөм Чынкожо,
Семетейден кем эмес.
Жетелөөгө төөм бар,
Куда болуп аташкан,
Чынкожо деген күйөөм бар.
Алтындан соккон эрим бар,
Аламын деп талашкан,
Жедигердин байагы,
Эр Толтой деген жээним бар.
Эр Толтой сенден кем эмес,
Тайэжеси Чүрөктү,
Тарттырып ийчү неме эмес.
Толтойдон кордук көрөсүң,
Чынкожодон өлөсүң.
Артыңда калың колуң жок,
Айчүрөк алар жолуң жок.
Ушул жерден кайтып кет,
Семетей аттуу абаңа,
Бул сөзүмдүн баарысын,
Төкпөй-чачпай айтып кет”.
Анда Чоро кеп айтат:
- Акундун кызы Айчүрөк,
Бул сөзүңдү ит уксун,
Ит укпаса ким уксун?
Толтой менен Чын кожо,
Ак шумкар берсеөю салабы?
Аташканы Чүрөктү,
Тарттырып ийип абакем,
Кур талаада калабы?
Атканын жазбас мерген эр,
Айтканы кабыл келген эр.
Чапканы жанбас балбан эр,
Далайга кыргын салган эр,
Ак келте огун атканда,
Ачуу үнү чыкканда,
Кулагына батканда,
Катуу айкырса абакем,

www.bizdin.kg

Токточу Толтой алыбы?
Шыгайдын улуу Чынкожо,
Чыдай турган жаныбы?
Уйалбайт ултан бетиби?
Уруштурган күчүбү.
Ушул кепти жеңеке,
Абакем угуп калбасын,
Калкыңа дүрбөөю салбасын.
Акун хандын төрүнөн,
Сени ач билектен албасын.
Астымдагы Буурулга,
Кыр аркага салбасын.
Эрке жеңем Чачыкей,
Ашканага киргизип,
Ашканачы кылбасын”.
Гүлчоро муну айтканда,
“Кызыл тумшук куу тумшук,
Кандай курган бала” деп,
Кылган иши чала деп,
Катын кыздын баарысы,
Каткырып күлүп калды эми.
Муну мындай койуптур,
Белестеги төрөнүн,
Мелжемдүү кебин угуп тур.
Өзүң көргөн чоң дүрбү,
Чагарагын имерип,
Ченеп көзгө жиберип,
Оңдоп кармап имерип.
Ополду көздөй жиберип;
Оң көзүнө салды эми.
Оолжуп карап  калды эми,
Арстан тууган Гүлчоро,
Дайраны кечип барганын,
Катын кыздын ичине,
Аралап Чоро калганын,
Бектин кызы Бегимжан,
Койнуна колун салганын,
Короздой болгон мойнуна,
Колун артып калганын,
Көрүп калды канкоруң.
Ичи ачышып бакырып,
Саап бууданга така уруп,
Канчоролоп чакырып,
Ашыккандай кеп айтып,
Аттарды току деп айтып.
“Акжолтой тууган Гүлчоро,
Айчүрөк таап алганбы?
Айчүрөк Чоро биригип,
Абасын тосуп калганбы?
Урушпай жолго салалы,
Чынкожо менен Толтойду.

www.bizdin.kg

Мурун алып катынды,
Уйат кылып салалы.
Акшумкар качса колумдан,
Айчүрөк чыкса жолумдан,
Алдырып ийсем Толтойго,
Чором маңдайга бүткөн шорумда.
Жүрү чором баралы,
Ордодон чыккан кыз менен,
Ойноп кумар каналы.
Акундун кызы Чүрөктү,
Сүйсө кудай, алалы".
Минтип айтып Семетей,
Абыкенин Актелги,
Алып келип токутуп,
Алыстан жүрүп канкоруң,
Чынкожону коркутуп.
Он төрт атты жайылтып,
Канчорого айдатып,
Асаба колдо калкылдап,
Мылтыгы жондо жаркылдап.
Маңдай жагын карасаң,
Алтындай көкүл башында,
Асманды көздөй кылкылдап,
Баатырың жүрдү буластап,
Адегиче болбоду,
Өзү көргөн Үркөнчкө,
Канкоруң менен Канчоро,
Жетип келди жакындап.
Сууну келип караса,
Жар түбүн тулку жойлобой,
Кечемин деген адамзат,
Өлүмдөн башка ойлобой.
Адырын түлкү жойлобой,
Аркан салса бойлобой.
Дайраны көргөн адамзат,
Акпаймын деп ойлобой,
Сурнай тартып жез найдан,
Суу акпаган кең сайдан.
Суулар келип кошулуп,
Башынан мөңгү бузулуп.
Айагынан сары суу,
Агып келип кошулуп,
Агыны катуу күркүрөп,
Адамдын бойу дүркүрөп.
Жүрөгү жок адамдар,
Дамбалга сийип бүркүрөп.
Четтери аппак кар болуп,
Тийген жери жар болуп,
Кечүү таппай зар болуп,
Муну көргөн адамдын,
Кең дүйнөсү тар болуп,

www.bizdin.kg

Бара түшүп бурулуп,
Жайнай түшүп түйүлүп,
Агын менен толкундан,
Чаң чыккандай көрүнүп,
Жаткан уйдай балыктар,
Суу үстүндө көрүнүп.
Көрүп турган пенденин,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Жаткан экен чоң Үркөнч,
Жалаңкычтай көрүнүп.
Ушу сууну көргөндө,
Чубактын улуу Канчоро,
Келгенине өкүнүп.
Бастыра албай сандалып,
Абакелеп жалбарып,
Бүгүн мында жаталы,
Кечүүнү мыктап чалалы,
Кечүүдөн кабар алалы.
Акундун кызы Чүрөккө,
Эртең кечип баралы,
Же болбосо абаке,
Кийимдин баарын чечели,
Ат жайдактап кечели,
Агыны катуу чоң дайра,
Агызбай койбойт акыры.
Канчоро аны айтканда,
Абасы туруп кеп айтат:
- Суу болгон кийим коргоочу,
Суудан коркуп туруучу,
Жаш бала кечкен дайрадан,
Кечпеймин деп качканың,
Акылыңдан шашканың.
Атанын арман күн болду,
Ай караңгы түн болду,
Аллага салып ишиңди,
Тобокел кылып жүрө бер,
Ажал жетип күн бүтсө,
Киргизбей койбойт кара жер.
Маңдай жакта жутунуп,
Гүлчоро карап турбайбы,
Дайрадан коркуп кечпесем,
Абаңды кудай урбайбы.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кара бет шылдың кылбайбы.
Чүрөккө шылдың болгончо,
Суу түбүнө чөгөйүн,
Ой тумшугу жок Канчоро,
Бул көрөктүү өлөйүн.
Ажалың жетип күн бүтсө,
Алла–талаа көрөт деп,
Аманатын берейин.

www.bizdin.kg

Азелде тагдыр ушу болсо,
Аллам өзү жар болсо,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Айнектей жүзүн көрөйүн.
Жаратканга жалынып,
Жалгай көр кудай деп айтып,
Шаймерденим колдо деп,
Жарыйалап бек айтып.
Аттардын баарын сабады,
Агын сууга камады.
Кайра тартып качпады,
Бакай хандын Сур чолук,
Эркештей болуп баштады,
Суудан коркуп Канчоро,
Жүрөгү чыгаар жаздады.
Манастын уулу эр Семең,
Сууга кирди чуратып,
Жардын башын уратып,
Кирген жерде жоголуп,
Сүрдүгө түшүп оңолуп,
Багалеги малынып,
Баабединге жалынып,
Этек-жеңи малынып,
Эшендерге жалынып.
Колдо кудай, колдо деп,
Кол бергеним жөндө деп,
Атакем Манас оңдо деп,
Ооп бара жатканда,
Актелки сууга батканда,
Алла кирип оозуна,
Кожо кирип сөзүнө,
Качан тобо кылчу эле,
Кожону көрсө урчу эле,
Ойлонуп тобо кылчу эмес,
Олуйа көрсө урчу эмес,
Жакып ханды жалмаган,
Абыкени аймаган,
Көбөштү көргө киргизген,
Көк жалдыгын билгизген.
Колдоочусу эрчиген,
Төрө Манас тукуму,
Барган сайын өрчүгөн.
Өткүр Манас тукуму,
Ак болоттун укулу,
Арак менен бозону,
Аралата ашаган.
Жыйырма беште жашаган,
Мындан мурун чунагың,
Алыскы сапар жүрө элек,
Сап бууданга мине элек,
Агыны катуу дайрага,

www.bizdin.kg

Жан айабай кире элек.
Дубана келсе бурбаган,
Туруп салам кылбаган,
Кожону көрсө коппогон,
Коп салам кылбаган,
Кожо келсе сай салган.
Колу бутун байлаган.
Дубана, кожо көргөндө,
Карсылдатып айдаган.
Олуйа көрсө уруучу,
Омсойуп карап туруучу,
Дубана келсе уруучу,
Кашкайып карап туруучу,
Кара мүртөз түгөнгүр,
Качан тобо кылуучу.
Тобо чыгып оозунан,
Жалын чыгып көзүнөн.
Күлгүн санап күүлөнүп.
Гүлчорого сүйлөнүп,
Буурулду самап булкуйуп,
Мууздап кулду салам деп.
Гүлчорого булкунуп,
Кечүү чалып келбейт деп,
Өзү келген Чүрөктү,
Келди деп жообун бербейт деп.
Кечип чыксам дайрадан,
Кекилектей мойнунду,
Кедери толгоп албасам.
Кеткис майып кылбасам,
Көмүлбөй чыксам дайрадан,
Көгүчкөндөй мойнуңду,
Көтүңө толгоп албасам,
Көрүнө майып кылбасам,
Семетей атым курусун.
Алдымда Буурул атым жок,
Алладан башка дартым жок,
Абайлабай өткөрдүм,
Атаңдын көрү дүүйө бок.
Айдаганым он төрт ат,
Бир Буурулча болгон жок,
Алдымдагы Канчоро,
Гүлчорочо болгон жок.
Деп Манастын уулу эр Семең,
Бала жолборс эр немең,
Арманын айтып турду эле,
Сууну пири Илийас,
Чылбырынан алды эле.
Суудан сүйрөп калды эле,
Өйүзгө кыздын баарысы,
Жар башында жалдырап,
Чач мончогу шалдырап,

www.bizdin.kg

Айчүрөктөн кеп сурап,
Айта койчу деп сурап:
- Семетей деген ушул бу?
Сен алып келген Акшумкар,
Как ушунун кушу бу,
Чын Кожо деген кеп экен?
Жездем баатыр бек экен,
Жетик тууган неме экен,
Жеткилең баатыр эр экен,
Ушул жерде турганда,
Акылдуу эжем Айчүрөк,
Сенин тийбеймин дээриң эпекен.
Кыздын баары күлүшүп,
Семетейди көрүшүп.
Кызыгышып бейбактар
Ыштанына сийишип.
Айлыбыз бирге болсо деп,
Манастын уулу Семетей.
Алган жерим болсо деп,
Аз гана ойлоп күлсөк деп.
Элибиз бирге жүрсөк деп,
Эртели-кеч күлсөк деп.
Кыздардын баары шаттанып,
Семетейге таңданып,
Кыздардын баары мелтиреп,
Мас болгондой эндиреп.
Эси оогондой делбиреп,
Ошо кезде Канкоруң,
Эки ийнин мүрүгө,
Эки киши коңгудай,
Эки бетин карасам,
Эки даңгыт тойгундай.
Толкуну көлдүн шарындай,
Кеңдигин көрсөң Таластай,
Келбетин көрсөң Манастай,
Качырганы жолборстой.
Кармаганы илбирстей,
Ысыгы жайдын аптадай,
Суугу сырттын шамалдай,
Түрүн көрсөң канкоруң,
Качырып чыккан камандай.
Маңдайына карасаң,
Кара кашка тынардай,
Бүткөн бойун карасаң,
Солкулдаган чынардай.
Оң бүйрөгү солк этсе,
Ойроттуу бузуп салгындай.
Душмандын бели сынгандай,
Туугандын көзү тынгандай,
Катын кыздын баарысы,
Бетине чыдап тура албай,

www.bizdin.kg

Баатырдын уулу канкоруң,
Суудан чыкты жарк этип.
Ителги куштай барк этип,
Күлүгүн санап күүлөнүп,
Келбетин көрүп Семеңдин,
Кыйын ачуу келгенин,
Кыраан Чүрөк билди эми,
Бекем ачуу келгенин,
Беймак Чүрөк билди эми,
Чатырга басып келди эми.
Келиндин баарын кекетип,
Кыздын баарын бекитип,
Манастын уулу Семетей,
Карарса кайра жанбаган,
Качырганын койбогон,
Канкор неме деди эле.
Өз-жат дебей чуу салган,
Анткор неме деди эле.
Жаш кемирчек баласын,
Бөөдө майып кылбасын,
Жолго өзүм чыгам деп,
Жооптуу өзүм кылам деп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Астынан чыкты кашкайып,
Алмадай бети таскайып.
Суусар ичик кемчет бөрк,
Оң чекеде кыйшайып,
Ашкере сулуу Айчүрөк,
Чыкты эшикке суйкайып,
Ак кочкордой муңкайып,
Аккулжадай даңкайып.
Бүткөн бойдо өөнү жок,
Сөөгү сонун залкайып,
Келбети сонун пендеден,
Жаралып жерге бир келди,
Экинчи кайра келбеген,
Астынан чыкты Семеңдин.
Ал аңгыча болбоду,
Арстан төрө жолборсу.
Жетип келди жакындап,
Күнгүрөнүп күүлөнүп,
Гүлчорого сүйлөнүп:
- Намысыңдан өлбөйсүң,
Кайта кабар бербейсиң,
Ардангандан өлбөйсүн,
Айтып жооп бербейсиң.
Жолдуу качан чаласың?
Жооптуу качан аласың.?
Жоболоңдуу баласың,
Жолдо жүргөн кыз болсо,
Солкулдап ойноп каласың.

www.bizdin.kg

Теги жүрүп түгөнгүр,
Абаңды бир балээге саласың.,
Кечүүнү качан чаласың?
Кепти качан аласың?
Кесирлүү чунак баласың,
Бозуп жүргөн кыз болсо,
Болкулдап ойноп каласың.
Хан Акундун шаарына,
Качан кабар саласың?
Селкинчек тепкен кыз болсо,
Селкилдеп ойноп каласың..
Сендей эсир бала жок,
Сени кудай урат го.
Ара жолдон ашканың,
Акылдан бөлөк шашканың,
Көтөрүп койгон үйүң жок,
Көңүлдүү табар жериң жок.
Хандан уккан кебиң жок,
Кадырлап турган жайың жок.
Кайнатып койгон чайың жок,
Айылга койду сойдуруп,
Бышырып турган кишиң жок.
Белен кылган ишиң жок,
Акун хандын долусу,
Бизден кутулуп кетер иши жок.
Жүрү чором кетели,
Мында туруп нетели.
Семетей муну айтканда,
Анда Чүрөк кеп айтат:
- Адаш мейман тура тур,
Арыз айтамын уга тур,
Атыңдын башын бура тур,
Азыраак сабыр кыла тур,
Жез ичинде коло жок,
Семетей сенин бул жерде,
Жеме кылаар кишиң жок.
Алдыңдан тосоор ногой жок,
Атаң Манас кабылан,
Урумду чаап олжо алган,
Ортосун бузуп жол салган,
Орустан алым көп алган,
Алдыңдан тосуп келгендей,
Ай сайын алым бергендей,
Оңкогой мурун чуңкур көз,
Орустун калкы мында жок.
Алты шаар Анжийан,
Айак жагы Самаркан,
Туурасы Ташкен, Наманган,
Ортосу Кокон, Маргалаң,
Анжийандын Сынчыбек,
Айда алым бергендей,

www.bizdin.kg

Анын журту мында жок.
Аттанып чыгып алышкан,
Бирин-бирин жабышкан,
Күрөшкөндө чалышкан,
Алдыңды тосуп келгендей,
Кабарың угуп алыстан,
Кыргыздын журту мында жок.
Өлөңүн айтып жаңырган,
Обонун кошуп жаңырткан,
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Иленин суусун бойлогон,
Кол кушуруп кой сойуп,
Тоскундай казак мында жок.
Лоп дайрасын жер деген,
Сан карасын айдаган,
Сасык айран, көк курут,
Нойгуттун эли мында жок.
Тартынбайбыз айтуудан,
Кол астында киши жок.
Бул жерде турган биздерге,
Ачуу кылаар ишим жок.
Жолго минген он төрт ат,
Жолугаарың эр Толтой,
Асынганың Аккелте,
Атышаарың Чынкожо.
Чүрөк муну айтканда,
Семетей кайра тартарда,
Кабылан тууган Гүлчоро,
Кармай алып чылбырдан:
- Айланайын абаке,
Аташканың Айчүрөк,
Астында турат мынаке.
Кагылайын абаке,
Каалаганың Айчүрөк,
Кашында турат мынаке.
Качырганың Акшумкар,
Казатка минген көп тулпар,
Издегениң Айчүрөк,
Ишенгениң бир кудай,
Асынганың Ак келте,
Атышаарың Чынкожо.
Аңсаганың Айчүрөк,
Алдында туура чыккан соң,
Кимге кабар салайын,
Кимди издеп табайын.
Качырган кушуң колуңда,
Кастарлуу жеңем жолуңда.
Акшумкар таптым салып кет,
Айчүрөк таптым алып кет.
Сулуулугу сымбаты,

www.bizdin.kg

Арзан менен кымбаты,
Чачыкейче болбосо,
Көңүлүгө толбосо,
Албаймын деп айтып кет.
Каалаган күйөө алсын деп,
Акун ханга айтып кет.
Гүлчоро муну айтканда,
Айтканың кудай оңдоду,
Айтып кебин торгоду:
- Жыргап жаткан жеримден,
Жыргалдуу ногой элимден.
Жылас Чүрөк козгойсуң,
Козгогонго жараша,
Кол куушуруп тоспойсуң.
Ойноп жаткан жеримден,
Ордолуу ногой элимден,
Ойрон Чүрөк козгойсуң,
Козгогонго жараша,
Кол алып не тоспойсуң?
Төрөңүз муну айтканда,
Анда Чүрөк муну айтат:
«Жолоочу киши жол менен,
Чоочун киши сый менен,
Адам уккус кепти айтып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Аласа жарым деп айтып,
Менин Толтой аттуу жээним бар,
Чынкожо аттуу эрим бар,
Сенин тийише турган эмнең бар?
Манастын уулу чунагың,
Чынкожо, Толтой дегенде,
Чындап ачуу келди эми,
Шыпылдап сүйлөй берди эми,
Абдан ачуу келди эми,
айкырып сүйлөй берди эми:
«Акундун кызы Айчүрөк,
Акшумкар берчи кетемин,
Айчүрөк алып нетемин,
Айчүрөк сени алганда,
Кай мураска жетемин,
Жолго казан аскан күн,
Жолоочу жолун тоскон күн,
Керүүгө казан аскан күн,
Кербенчи жолун тоскон күн,
Тиши буудай болгунча,
Чачы куудай болгунча,
Ак тасма камчы сыдырып,
Эр издейсиң кыдырып,
Саамайың куудай ак болгон,
Акун хандын төрүндө,
Көп отуруп дат болгон,

www.bizdin.kg

Шумкарым берчи, кетемин,
Сени алып нетемин,
Не мураска жетемин!
Анда Чүрөк муну айтат:
- Кетмек түгүл кете кой,
Кетмек түгүл Кеңколго,
Бүгүндөн калбай жете кой!
Кары десең кары де,
Калы дебе Чүрөктү.
Карыдан качсаң сен төрө,
Мен Чынкожонун зайыбымын,
Кант атаң Манас жашында,
Бакай абам башында,
Кең Кашкарды чапканда,
Көп олжого батканда,
Алтын тактын үстүндө,
Акун хан атам жатканда,
Касийетин көргөндө,
Кашкардан алган олжону,
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Алтымыш эки нар айдап,
Ак куржунга зар алып,
Алтымыш кызыл жоро айдап,
Башына кебез байлатып,
Сенин атаң хан Манас,
Бел куда болгон жери бар;
Ошондон бери келбедиң,
Алдыңда турган Чүрөктүн,
Карый турган эби бар!
Хан атаң менен Акун хан,
Кудалашкан кеби бар,
А дүйнө кеткен атаңдын,
Арбагын сыйлап жүргөнмүн,
Менин Чынкожо, Толтой жээним бар,
Кашыңдагы Чүрөктүн,
Карый турган эби бар!
Алты пирге кол берген,
Алты жол Кызыр жол берген,
Дегенин кудай оң көргөн,
Кайнатам Манас баатырдын,
Кадырын сыйлап күйгөнмүн;
Жети пирге кол берген,
Жети жол кызыр жол берген,
А дүйнө кеткен атаңдын,
Арбагын сыйлап жүргөнмүн,
Хан атаң Манас өлгөндө,
Каныкей азап көргөндө,
Темирхандын шаарына,
Тентип кетип сен калдың,
Телмирип Чүрөк мен калдым;
Тайатаңдын колуна

www.bizdin.kg

Жашыңда кетип сен калдың,
Жалдырап Чүрөк мен калдым!
Кары деп айтып сындыруу,
Мен бейбактын шорубу?!
Карыганча саргарган,
Айткан сөзгө байланган,
Кара бет Чүрөк менденби?
Же кайным деп издеп келбеген,
Кадырлуу төрөм сенденби?!
Жашыңда турдум жаш калып,
Сен келбедиң мени издеп,
Анан карап жата албай,
Кыдырып учтум сени издеп.
Чынкожо, Толтой - эки дөө,
Ат чаптырып, тай сойуп,
Ак никесин кыйат деп,
Саа шашканымдан келгенмин,
Жабылбас менин эмгегим,
Оор сөзүңдү кой, төрөм,
Акшумкарың ала кой,
Азыр табы, сала кой,
Аралашып беттешпей,
Чынкожо менен Толтойдон,
Абдан коркуп калыпсың,
Кара күчкө сактанып,
Карбаластап басканың -
Акылыңдан шашканың,
Сыргак жел менен сыдырып,
Сыр дайраны кыдырып,
Сени сынап келгенмин,
Арстаным, айткын сырыңды,
Сыр айтсам сөзүм чыным бу.
Абадагы жол менен,
Асталай учуп келгенмин,
Сенин ажыкыздык ишиңди,
Айлыңда туруп билгенмин.
Сага тийип нетемин,
Не мураска жетемин.
Ажы кыздык сен кылсаң,
Алуучу күйөөм Чынкожо,
Азыр эми кетемин.
Жедигердин Толтойу,
Жер майышкан колу бар,
Жети суу толгон эли бар,
Толтой деген жээним бар,
Кимге карап турамын.
Кете берсең бул жерден,
Менин кемип калаар кимим бар?
Кезекти кудай жеткизсе,
Келтирип кегип алдырар,
Акшумкарың мынакей,

www.bizdin.kg

Арстаным кетсең жолуң шар,
Алдыңдагы Чүрөктүн,
Айта турган арзым ал.
Айтканымдын баары чын,
Асмандап жүрүп кыдырдым,
Тийериме эр таппай,
Сени өзүм барып жактырдым,
Айтарга кепке пас болдум,
Атаңдын сыйлап арбагын,
Чынкожо менен Толтойго,
Өчүгүшкөн кас болдум.
Укканда муну башында,
Кара хандын шаарында,
Качып жүрөт деп уктум,
Каралуу энең Каныкей,
Калдыр шымың көтүнө,
Катып жүрөт деп уктум.
Чыгарбайын айбыңды,
Көрүп келдим кечээ мен,
Бука мойун, дөң маңдай,
Кыска мойун тулга баш,
Эки айактуу кара баш,
Мурун алган зайбыңды,
Көрүп келдим кечээ мен,
Эр Көкчө улуу Үмөтөй,
Калмак менен Кытайдан,
Кайнап чыккан эр экен,
Кара кулак шер экен.
Ошого тийбей жүргөнмүн,
Канкор сени күйгөмүн,
Сенин кебиң ошондой,
Айтарыңды билгенмин.
Хан Коңурбай чоң Калча,
Алтын найлуу жез канжа,
Туура тиштеп ошондо,
Суудан жылкы сугарып,
Субайын бөлүп чыгарып,
Көөкөрчө кылган чоң күпсөр,
Көт жагында шалп этип,
Жуурканына жамынып,
Бурканына жалынып.
Жаткан иттей кашы бар,
Жанказандай башы бар,
Турган экен чоң Калча,
Ошого тийбей жүргөнмүн.
Канкор сени күйгөнмүн,
Семетей сенин ошондо,
Айтарыңды билгенмин.
Асманда жүрүп алдырап,
Жерди тиктеп жалдырап,
Атаң Манас болбосо,

www.bizdin.kg

Канкор сени ким билет?
Айтып сөзүн тамамдап,
Бура тартып басты эле,
Гүлүстөн тууган Гүлчоро,
Тили таттуу ширин аш,
Айта турган сөзү так:
- Койчу, аба, кебиңди,
Катын менен урушуп,
Талаадан кантип кайтасың?
Кала берген жериңде,
Калың кара ногойго,
Кайсы жоопту айтасың?
Бура тартып кылчайып,-
- Урматтуу жеңе тура тур,
Ишенген кишим сен болсоң,
Издеген кишиң мен болсом.
Кайраттуу  жоого келгендей,
Ээн таалада кантесиң?
Семетей менен урушуп,
Арбын сөздү айтасың.
Көөнүң калган немедей,
Булкунуп кайра тартасың.
Өзүң күйгөн Манастын,
Атагы чыккан Таластын,
Абакебиз Бакай хан,
Энекебиз Каныкей,
Калың кара көп ногой,
Жанында турган көп кызга,
Урушуп кайтып кеттим деп,
Кандай жооп айтасың?
Муңайып Чүрөк муну айтат,
Мундуу сөзүн чубалтат:
- Түгөнүп калган канкоруң,
Тууттан калдың – деп айтат,-
Суук селкин кеп айтат,
Мындай ыза болгунча,
Кошулбай кордук көрөйүн.
Бу  жорукка көнгүнчө,
Эл жатардын астында,
Бир кишиге билгизбей,
Жан кишиге туйгузбай,
Ак эшиктүү коргонго,
Хан атам салган ордого,
Жатып кетсем болбойбу.
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетти,
Гүлчоро мындай дегени:
- Койчу жеңе кебиңди,
Ак калпак кыргыз элимде,
Акмакта мындай жок эле.
Ачуусуна чыдабай,

www.bizdin.kg

Абыкедей абасы,
Айлантпай сойгон шок эле,
Негизин айтсам түшүнгөн,
Акылы кыйла ток эле.
Ачууңду сурап турамын,
Азыркы кечкин сен жеңе.
Семетей калды жыгылып,
Гүлүстөндүн кебине.
Көргөзүп түптөн козгогон,
Көндү Чүрөк кебине.
Жараштырып ал экөөң,
Жанындагы Гүлчоро,
Жайлады сөзүн теги эле.
Ногойдон чыккан он төрт ат,
Айдаганы булардын,
Дөнөн төөсү аралаш,
Кыздардын камы ал эле,
Жатаркы ашын ичкен соң,
Жамандыктан кайтышып,
Жакшылык сөзү бүткөн соң,
Акундун салган коргонго,
Ак эшиктин ордого,
Арстандар кирип кетти эле.
Жайлуу жерге жетишип,
Сыр түйүнүн чечишип,
Мурунку өткөн залдарлуу,
Карынан булар кетишип.
Анткор Семей, Айчүрөк,
Ортодон кыйла сөз өтүп,
Биринен бири шекшинип,
Алыстан келген канкор деп,
Арнаган малын сойдуруп,
Чарчап келген суусап деп,
Арактан мыктап куйдуруп,
Кардыкканда кант берип,
Капакка салып бал берип,
Каймакка бышкан нан берип,
Кандыра кара чай берип,
Казы кертип, жал берип,
Канча түрлүү аш берип,
Алма шекер-бал берип,
Бар тамагын жай берип.
Конок камы бүткөн соң,
Козголду Семең ойлонуп.
Адими асыл Чүрөктүн,
Сыйнатын көрдүм мен бүгүн,
Ак нике кыйып алсам деп,
Көңүлүмдө жүргөнүм,
Билбедим мурун немемдин,
Айтпай жүргөн шашырын,
Деп Семетей айтканда,

www.bizdin.kg

Айчүрөк туруп ойлонуп,
Акылымда толгонуп,
Кыз Чүрөк туруп ойлонуп,
Кыйалында толгонуп,
Жоготкон жогу шумкары,
Жоого минген тулпары.
Кырчылды кийген буулуму,
Кыраан эрдин кулуну,
Кыйналтып койдум ушуну,
Түн уйкусун бөлүптүр,
Күнү-түн жол басып,
Жол азабын көрүптүр.
“Найзанын көркү желектир,
Катындын көркү эркектир”.
Эркек менен катынга,
Махабат оту керектир.
Бейнике жатсам койнуна,
Убалы болор мойнума.
Кабар кылсам белем деп,
Кожо менен молдого.
Деп ошентип турганда,
Гүлчоро күлүп кеп айтат,
Күлүмсүрөп муну айтат:
- Айланайын абаке,
Алыстан келдиң бул жерге,
Асынганың Аккелте.
Аңсаганың Айчүрөк,
Айбалта илдиң билеке.
Кумар болдуң Чүрөккө,
Айта албай турсаң керектир,
Оту күйгөн Чүрөктүн,
Көңүлү түшүп жаткандыр.
Көк кашка сулуу Чүрөктүн,
Кожо-молдо жолдо жок,
Менден кыйын молдо жок,
Жашырбаймын бар кепти,
Жалтанбаймын оозум шок.
Айчүрөк менен абакем,
Ал экөөңдүн көөнү ток.
Канчоро менен Гүлчоро,
Кайгырып ичтен болот жок,
Гүлчоро айтып ийди эле,
Канчоро арбап күлдү эле.
Акундун кызы Айчүрөк,
Алардын дартын билди эле.
Гүлчоро болду молдосу,
Канчоро баатыр жолдошу.
Күбөөчү нечени,
Арачы болду чечени,
Нике кыйып баш байлап,
Эрди катын болуучу.

www.bizdin.kg

Тамаша менен таң атып,
Күндүн мурду ачыла,
Жердин жүзү чачыла.
Намазга турду камынып,
Келди булар кезеги,
Акундун кызы Айчүрөк,
Желбегей желек жамынып,
Кызыл өңү бозоруп,
Ант ичкенге окшонуп.
Олжооркогон кара бет,
Басалбай калган окшонуп,
Аптабасын белендеп,
Эр дааратын бүтүрүп,
Намаздан жанды Семетей,
Чайчылаары белендеп.
Аш тамагын келтирди,
Көөнүндө иштин камы жок,
Сарамжалын бүтүрдү.
Камдыгында даба жок,
Хан баласы Чүрөктүн,
Кылганында чала жок.
Дасторкондо олтуруп,
Даамды койуп ортого,
Эже-сиңди кыздарга,
Кеп баштады ошондо.
Гүлчоро нике кыйды эле,
Алтындан кылган тактыга,
Кебезден кылган пахтага.
Жуурканына жайдырган,
Жибектен кылган тубарга,
Калды бекен арманы.
Кыз-күйөдөн аларда,
Баатырдын уулу эр Семең,
Бала жолборс эр немең,
Арак ичип мас болгон,
Көп ногойго баш болгон.
Жыйырма беште жаш болгон,
Салынып төшөк бүткөнчө,
Араңдан–араң токтолгон.
Алардын иши ушундай,
Ырасын айтсак учурбай,
Тартынбай чунак кенедей,
Таамайлап шилтеп ченебей,
Он эки карыш олжогой,
Оозу түбүн байкабай.
Салды Семең болжобой,
Жашы кыркка чыкканча,
Күйүп жүргөн Айчүрөк,
Түк көрбөгөн кара бет.
Түндүк бойу түйүлүп,
Түпкүчтөй бели ийилип.

www.bizdin.kg

Болжолу жок жапдыкты,
БолжобойСемең кийирип.
Чычалактай кара кан,
Чычаңы ылдый куйулуп.
Канкордун уулу чунагың,
Таң  атканча жүз кылып.
Такалган жерин түз кылып.
Кетирип тарпын күч кылып,
Таамайлап урса токмокту,
Талаада малды козголтту.
Мойнуна колун салыптыр,
Бутун  белге алыптыр,
Корк-тарк этип кеткенде,
Короодо койлор жата албай,
Үркүп кетип калыптыр.
Түгөнгүрдүн түйшүгү,
Эч бир жанга окшобой.
Тарк-турк этип үн чыкса,
Талаада жылкы оттобой,
Тулпарлар жерди тепкилеп,
Табышынан токтобой.
Тамаша менен таң атты,
Кызарып жерге күн чыкты,.
- Ургачы кудай кылган соң,
Эрге тийбей айла жок.
Эркек бала болгон соң,
Катын албай айла жок.
Жашыңдан өтүп кеткенде,
Катын эрде пайда жок.
Ушундай күйөө табылса,
Кыздар сенде арман жок.
Айчүрөк эми кеп айтат,
Балдарга жаккан эп айтат:
Жалгыз көздүн карасы,
Гүлчоро менен Канчоро,
Алмамбет менен Чубактын,
Эки хандын баласы.
Жашы он төрттө балдардын,
Берендигин карачы?
Берендигин билгенде,
Эрчитип жүргөн абасы,
Катын алып үй тигип,
Каралды коңшу болорго,
Боло элек экен чамасы.
Баш кошойун экөөнө,
Басылсын булар санасы,
Өлсөң кунуң алчу мен,
Сатсам пулуң алчу мен.
Жакшылык менен жамандык,
Өз ойумча салчу мен,
Гүлчоро менен Канчоро силерге,

www.bizdin.kg

Калыйман менен Бегимжан.
Эки кызды беремин.
Киминң улуу ким кичүү,
Көрбөсөм кайдан мен билем,
Хандын кызы Калыйман.
Улуурагың аны ал,
Бектин кызы Бегимжан
Кичүүрөгүң бириң ал.
Капаланбай ал кыздар,
Кубанды белем курган жан.
Кабагын ачпай муңайды,
Аты чыкпай кур калган.
Чүрөк менен төрөңдү,
Тирүүдө бенде көрөбү?
Төрө Семей баатырдын,
Гүлчоро менен Канчоро,
Аркасында жөлөгү.
- Айланайын чоролор,
Кагылайын караандар ,
Кыргыздан чыккан кыраандар.
Кыла турган ишиң бар,
Байкап балдар угуп  ал.
Күн-түнү жок өксүтпөй,
Мөөнөт менен көз салып,
Ак эшикке туруңар.
Жеңеңер берген кыздарга,
Бүгүн нике кыйыңар.
Душманды жеңсе талкалап,
Тойду ошондо кылыңар.
Кыйнабайлы бул элди,
Кылар иштин ыгы бар.
Кайгуулдап жүрүп кыз алсаң,
Кабылан балдар ойлончу,
Киминде арман кир калар?
Мындай айтты Семетей,
Муну мындай таштайлы,
Гүлчоро менен Толтойдун Беттешкенинен баштайлы.
Чынкожо, Толтой баш кошуп,
Элинде жыйын курганы.

www.bizdin.kg

# ГҮЛЧОРО МЕНЕН ТОЛТОЙДУН АЛГАЧКЫ БЕТТЕШҮҮСҮ

"Күнү толуп калды – деп,
Жиберели элчи"– деп,
Чыдап жаны турбады.
Эли-журтун жыйнашып,
Чеченден чечен ылгашып.
Акун ханга жиберди,
Калдайган кара кат жазып,
Айагына мөөр басып:
"Айткан сөздөн танбаса,
Акун хан жооп берсин – деп,
Алдадым десе бултактап,
Атышар жерге келсин – деп.
Алдаса эми Акун хан,
Карала тулпар минебиз,
Алтын эшик калаасын,
Аралап бузуп киребиз.
Каз, өрдөктү кан кылган,
Карчыгадай тийебиз.
Үч күн ичи жооп берсин,
Үч күндө жооп болбосо,
Үйүнө баса барабыз,
Ардактаган Чүрөгүн,
Ач билектен алабыз.
Ат аркага салабыз,
Антип эбин табабыз.
Аны менен тим койбой,
Чаап малын алабыз!
Жакшылыкты санаса,
Түпкүлүгүн караса,
Кол куушуруп, кой сойуп,
Кудалыкка келебиз.
Ал ыраазы болгуча,
Айдап малды беребиз".
Тандалган чечен Жаманак,
Таңшыган булбул Саламат.
Арада конуп жол баспай,
Акун ханга келиптир,
Жол азабын көп тартпай.
Алыстан келген элчини,
Кайгуулга келген ченчини,
Жасоолдор баштап кириптир.
Саламат менен Жаманак,
Салам айтып Акунга,
Салып башын ийиптир.
Элчиге келген Саламат,
Кеп салганы шар экен.
Жаактууга башынан,
Жаак бербеген кара жаак,
Чечендин бири ал экен:

www.bizdin.kg

- Акун хандай теңизим,
Ат көтөргүс семизим.
Ар тарабы келишкен,
Атактуу хандын бирисиң.
Сенин кызың, Айчүрөк,
Бөтөнчө сулуу бала – дейт.
Кулдук уруп Чынкожо,
Кудалашып алам – дейт.
Ханымдын берген каты бул,
Кудалыкка кандайсың?
Ызаатташып кетүүгө,
Тууралыкка кандайсың?
Хан Толтойдун каары бул,
Кайсы бирин тандайсың?
Жумган көзүн ача элек,
Сунган бутун тарта элек.
Сөөлөттүү Акун ханыңыз,
Карылык дартын тарта элек,
Башын өйдө көтөрүп,
Карс дегиче жөтөлүп.
Агартып тишин кылайтат,
Саламатка муну айтат:
- Биздин элдин ичинде,
Эки эстүү бала бар,
Ошого кеңеш салыңар.
Биринин аты Ажыбай,
Биринин аты Түмөнбай,
Жоопту алардан алыңар.
Берем десе ал экөө,
Бербе дээрге киши жок,
Бербеймин десе ал экөө,
Өзгөнүн өтөр мизи жок.
Акун хан айтып бул сөзүн,
Бир баланы чаптырып,
Элчилерге бет кылды,
Эки эренди таптырып.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Катты алып окушуп,
Ичиндеги көп сөздү,
Көңүлүнө токушуп.
Ажыбай туруп кеп айтат,
Мына мындай деп айтат:
- Эртең, Бозучуктун сеңирге,
Экөөбүз жетип барабыз.
Келишсин Толтой, Чынкожо,
Кеңешти мыктап салабыз.
Берер болсок Чүрөктү,
Берер жообун айтабыз.
Бербес болсок Чүрөктү,
Белсенишчү жерлерди,
Белгилешип кайтабыз,-

www.bizdin.kg

Аны угуп элчилер,
Аттанышып кайтты эле,
Ажыбай, Акун кептерин,
Чынкожо менен Толтойго,
Төкпөй-чачпай айтты эле.
Ал күнү күн батыптыр,
Жайланып кошун жатыптыр.
Молдо торгой тил безеп,
Таң саргарып атыптыр.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Элчиликке барды дейт.
Кошо барган жолдошу,
Термечик менен Калыбек,
Урматтап атын алды дейт,
Бозучуктун сеңирде,
Жедигердин чегинде,
Чынкожо, Толтой төрт адам,
Ажыбай, Түмөн төрт адам,
Маңдайлашып олтурду.
Эки жактан сегиз жан,
Найзага желек аштады,
Чынкожо сөзүн баштады:
- Жедигердин элинен,
Жер майышкан кол келди.
Кулдук уруп мен үчүн,
Эр Толтойдой зор келди.
Айчүрөктөй сулууга,
Айдаган калың мол келди.
Анык жооп бересиң,
Айчүрөктөн мант берип,
Алдаганы оор келди!
Аны угуп Ажыбай,
Айтты кебин мамындай:
- Кечээ Манас барында,
Алмамбет, Чубак жанында,
Коңурбай менен Жолойдон,
Олжологон миң нарды,
Тизмеги менен жардатып,
Ал нарынын үстүнө,
Алтын, күмүш зар артып,
Канча каптал чай артып,
Алмамбеттин Сарала,
Башына кебез байлатып,
Айчүрөккө каадалап,
Бел куда болуп кетти эле.
Тегерекке дүйнөсүн,
Төгүп суудай септи эле.
Анын уулу Семетей,
Алп чыкты – деп уктум.
Өз-жат дебей дүмөктү,
Салып чыкты – деп уктум.

www.bizdin.kg

Теминип ушул түгөнгүр,
Тентек чыкты – деп уктум.
Темир кийген душманын,
Тепсеп чыкты – деп уктум.
Кара сууга кан куйган,
Канкор чыкты – деп уктум.
Айабаган тууганын,
Анткор чыкты – деп уктум.
Анын жообун алсакпы,
Армансыз болуп калсакпы?
Чынкожо анда кеп айтат,
Чымырканып бек айтат:
- Кечээ Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө.
Манастан калган көп дүйнө,
Абыке, Көбөш, Жакып хан,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Сыр бешикти талкалап,
Көкбөрү тартып барчалап,
Өлтүрө турган болгондо,
Бакай берген далдалап,
Эки чанач сүт менен,
Эки байтал күч менен,
Кара хандын шаарына,
Качып кеткен Каныкей,
Семетейди калкалап.
Бөлүнгөндү бөрү жеп,
Бөрүнүн богу болгондур.
Какжайган сөөгүн кажыр жеп,
Кажырдын богу болгондур.
Өлгөн эчак Манастын,
Арбагынан коркосуң,
Куйругун эчак кум баскан,
Тентегинен коркосуң,
Эр Толтой менин өзүмдөй,
Эренден эмне коркпойсуң,?!
Анда Ажыбай кеп айтат,
Ачууланбай эп айтат:
- Андай болсо Чынкожом,
Айчүрөктү алдыңа,
Алып келем – деп айтат.
Түмөнбай анда муну айтат,
Түрүлтүп өңүн кубартат:
- Тийем десе Чүрөктү,
Тийбе дээр киши жок.
Тийбеймин десе Чүрөктү,
Тийгин дээр киши жок.
Эрксиз кызды бергидей,
Эр өлтүрүп мен сага,
Күнкор болуп калдымбы?
Нар өлтүрүп мен сага,

www.bizdin.kg

Пулкор болуп калдымбы?!
Күңгөй кара, күн жарык,
Не билгенди билейин.
Не көргөндү көрөйүн,
Көз көрүнө зордукка,
Көнгүчөктү өлөйүн!
Ажыбай менен Түмөнбай,
Айтып жолго кирди эле,
Төрт канаттуу Кара атты,
Чынкожо тартып минди эле.
Узатпастан экөөнү,
Кууп жете барды эле.
Катуу сүйлөп, бек айтып,
Бастырбай матап калды эле:
- Арка тиреп Акунга,
Бел байлаган Ажыбай,
Беренсинген өзүнчө,
Бели катуу Түмөнбай.
Берер болсоң Чүрөктү,
Берем деген жообуңду айт.
Бербес болсоң Чүрөктү,
Бербеймин – деп,– анан кайт!
Маалкатпай мант берип,
Абыдан кебиң ачып кет.
Алакандай мөөрүңдү,
Ак кагазга басып кет!
Анда Ажыбай кеп айтат,
Карганып катуу бек айтат:
- Жолборс изден кайтчуубу,
Эр сөзүнөн танчуубу?
Эсимди кудай алыптыр,
Мөөрүм үйдө калыптыр.
Эртең Бозучуктун сеңирге,
Айчүрөк алып келбесем,
Төбөсү ачык көк урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Макул болуп Чынкожо,
Ажыбайдын антына,
“Кебиңден тансаң сойдум” – деп,
Кекетип жанды артына.
Акундун кызы Айчүрөк,
Арылбаган доо болуп,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ит, мышыктай жоо болуп.
Атырылтып ат койду,
Алчактаган тулпардын,
Баскан жери коо болду.
Акун хандын ордого,
Түмөнбай мурун келди дейт.
Аттан түшүп энтелеп,
Айтып салам берди дейт:

www.bizdin.kg

- Атактуу Акун теңизим,
Ат көтөргүс семизим.
Чынкожо, Толтой эрлерге,
Элчиге барып келишим.
Чынкожонун Карала ат,
Ажыкем минмек болуптур.
Акун хан сенин шаарыңды,
Ажыбай билмек болуптур.
Жалгыз кызың Чүрөктү,
Бозучуктун сеңирде,
Чынкожо менен Толтойго,
Кармап бермек болуптур.
Аны укканда Акун хан,
Арданып өңү бузулду.
Ак сакалы бириндеп,
Ачуудан тери сызылды.
Ал аңгыча Ажыбай,
Аста кирип эшиктен,
Ара жерге кысылды.
“Түмөнбайдын айтканы,
Чынбы, Ажыбай, жалганбы?
Жалган болбой чын болсо,
Табамын акыр айлаңды!”
Жаактууга жай бербес,
Жалтанбаган Ажыбай.
Акун хандан тайманбай,
Айкырык салып муну айтат,
Акун хан өңүн кубартат:
- Калтыраган, куу какбаш,
Калтырабай тим отур!
Үрпөңдөгөн, куу какбаш,
Үрпөңдөбөй тим отур!
Сербеңдеген, куу какбаш,
Сербеңдебей тим отур!
Бозучуктун сеңирге,
Кайнаган калың кол келди,
Жер жайнатып мол келди.
Айчүрөктү айасаң,,
Акун хан сенин элиңе,
Арылбаган шор келди.
Ардактаган Чүрөктү,
Билсең бүгүн, Акун хан,
Чынкожо менен Толтойго,
Кармап бериш оң келди!
Ойлонгунуң,  Акун хан,
Бүгүн түпсүз ордосуң.
Айасаң Чүрөк кызыңды,
Кайнаган кара шордосуң!
Чыгып андан кеткидей,
Эшик тапчы, Акун хан,
Чыгарып андан кетейин.

www.bizdin.kg

Кирип чыкпай койгудай,
Тешик тапчы, Акун хан,
Киргизип ага кетейин!
Ажыбайдан каккы жеп,
Акун хан башы тел болду.
Калкылдаган калайык,
Кайнап, ташып сел болду.
Капчыгайга урунган,
Кара бороон жел болду.
Аны көрүп Түмөнбай,
Айчүрөккө чапканы,
Куйрук улаш Ажыбай,
Кубалап аны барганы.
Аттан түшпөй кыйкырып,
Ак ордонун сыртынан,
Түмөнбай доош салганы:
-Ай,Айчүрөк, кулунум,
-Ардактаган буулумум,
Үйдө болсоң бери чык.
Өзүңө айтам билгизип,
Алып келген кебимди ук!
Күлүмсүрөп кашкайып,
Күндөй бети нур чалып.
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү.
Айчүрөк чыкты кериле,
Ак маралдай маңкайып.
Кашкайа карап күлгөндө,
Кабагынан ай жарып.
Ажыбайдан жашырбай,
Айтып өттү Түмөнбай.
Чынкожого Ажымдын,
Убада берген болжолун.
Бозучуктун сеңирге,
Алып барып Чүрөктү,
Чынкожо менен Толтойго,
Кармап бермек болгонун.
Акылы артык Айчүрөк,
Ак тотудай кулпунуп,
Күлө карап кеп айтат:
- Ажыке, айтчы – деп айтат,-
Карындашың Чүрөктү
Чынкожо менен Толтойго
Бермек болуп келдиңби?
Ойлонуп артың, сөз кылбай,
Өз билгиңче иш кылсаң,
Табамын бир күн эбиңди!
Ажыбай анда кеп айтат:
- Айчүрөк, укчу – деп айтат,-
Алды менен шаарыңа,
Азар түмөн кол келди,

www.bizdin.kg

Аз келбеди, мол келди.
Алты атар мылтык ийнинде,
Албарстан кылыч кабында,
Апкаарып адам туралгыс,
Ал Чынкожо жанында.
Атса атып салгыдай,
Чапса чаап салгыдай.
Кейпин көрүп чочконун,
Кеп менен алдын тосконум.
Жайыңды айтып, Айчүрөк,
Карганып араң кутулдум.
Эр көөнүңө жараса,
Тийбейт деген эмине?
Эр көөнүңө жакпаса,
Асмандап учуп, Айчүрөк,
Кетпейт деген эмине?
Самаганың Семетей,
Жетпейт деген эмине?"
Анда Чүрөк кеп айтат:
- Аттуу турбай, агалар,
Чай ичкиле - деп айтат,-
Ыгы келсе андайдын,
Ылайыгын көрөрбүз.
Ыктуу болсо жумушуң,
Ата менен аганын,
Айтканына көнөрбүз.
Алдыда Чүрөк жол баштап,
Эшикти ачып калды дейт.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Ордодон көрүп кызыкты,
Акыл, эстен танды дейт.
Ортосунда ордонун
Байлануу турат он төрт ат.
Он төртү бирдей күлүк ат.
Он төрт аттын ичинде,
Көргөндө салты башкача,
Кежимден жабуу жабылган,
Жембаштыгы манаттан,
Такта соору тайган төш,
Тамдай болгон Буурул ат,
Ал ырыстуу эрдин малы экен.
Канаты экен, жаны экен,
Көргөн сайын канбастай,
Касиети бар экен.
Кара байыр казан ат,
Теңдеши жок так экен.
Жоболоңдуу жорукта,
Жоого минчү ат экен.
Он төрт аттын айагы,
Жаа мойундуу Туучунак.
Туйагында тура жок,

www.bizdin.kg

Жүрөгүндө кара жок,
Телегейи тептегиз,
Байлоодо турат он төрт ат.
Баарысында чала жок,
Байкаган киши билгендей.
Башкача аттар келишкен,
Күлүктүктө даба жок.
Ички тамга киргенде,
Айчүрөк турду муну айтып:
- Көкүл менен саамайым,
Аргын менен ногойдон,
Арстан чыккан ошондон,
Асыл төрө паанайым.
Көкүрөгүң соо болсо,
Көзүңдү ачып өйдө бол.
Хан атамдын калаасын,
Ажыкем билмек болуптур,
Чынкожонун Аласын,
Алып минмек болуптур.
Бозучуктун сеңирде,
Болжолдуу тумшук жеринде,
Чынкожо менен Толтойго,
Айчүрөктү алпарып,
Кармап бермек болуптур.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Үйгө али кире элек.
Үйдө жаткан кишинин,
Ким экенин биле элек.
Ачылып эшик калганда,
Ажыбай башын салыптыр.
Ал үйдөгү эрлердин,
Эркин жаткан шерлердин,
Караанын көрүп калыптыр.
Аптыгып калган Ажыбай,
Буларды ойго алыптыр.
Койондой окшош эки уул,
Телегейи тегиз уул.
Көзгө сүрдүү көрүнөт,
Желмогузбу теги бул?
Кыздардын бери жагында,
Келбээрсип булар отурган,
Керебет алтын тагында,
Алардан ары төр жакта,
Ажыдаардай айбаты,
Арстандан бирөө көрүндү.
Көрө замат Ажыбай,
Көңүлү жаман бөлүндү.
Айбатынан айбыгып,
Кара жандан түңүлөт.
Ажары анын башкача,
Айдай болгон бир сүрөт.

www.bizdin.kg

Кыйа салып караса,
Кызыл чийкил нурлуу жүз,
Туура карап Ажыбай,
Көрө албады нурун түз.
Алтындан кемер курчанган,
Албырып бети нур чалган.
Мусурканып мур жанган,
Муздай темир курчанган.
Мостойунку бул эрен,
Эки жигит котчу алган.
Семетей келип болгонун,
Ажыбай билет ал кайдан?
Үйгө киши киргизбей,
Эшикке чыкты Семетей.
Ээрчип чыкты кош чоро,
Жоо жарагын белендей.
Айбатынан Семеңдин,
Аңтарылып көз жайнап,
Күрмөөгө келбей кызыл тил,
Таштагандай бек байлап.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Аста басып кедеңдеп,
Аттарын минип кайтышты,
Артын карап элеңдеп.
Семетей туруп кеп айтат:
- Ой, жигиттер – деп айтат.-
Мен укканды уктуңбу?
Мен туйганды туйдуңбу?
Айчүрөктүн сөзүнө,
Акылыңды бурдуңбу?
Бозучуктун сеңирге,
Ажыбай менен Чынкожо,
Болжошуп келген турбайбы.
Кимиң барсаң, аның бар,
Бириң мында калыңар,
Бир кишилик алың бар.
Бирөөң чалгын чалыңар,
Чалгын чалып баруучуң,
Тайбуурулду минип бар.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыгып калса жолуңдан,
Ичин жарып, итке сал.
Канын төгүп башын ал,
Жүрөк канын тамызбай,
Ичип алып, жолго сал!
Канчоросу калтылдап,
Күлүстөн туулган Гүлчоро,
Күлүмсүрөп жаркылдап,
Күзгүдөй көзү жалтылдап:
- Бар десең, аба барайын,
Барбай кантип калайын?

www.bizdin.kg

Жолукса Толтой, Чынкожо
Жообу эмне алайын.
Түрү суук болушса,
Тирүү койбой сойойун.
Хан атам Манас болгон соң,
Сойбой кантип койойун?
Буурулдун эки күндүк эти бар,
Тиктелип жүнү бириндеп,
Тери калган жери бар.
Абыкенин Актелки,
Абыдан сууту каныптыр.
Как ошону минсемби?
Кайгуулга келген жан болсо,
Каршылашкан хан болсо.
Карсылдашкан эр болсо,
Найза сайар шер болсо,
Тайманбай турган жан болсо,
Тамашага батсамбы?
Мингени күлүк ат болсо,
Олжолоп аны кайтсамбы?
Анда Семең муну айтат,
Айчүрөктүн алдында,
Агартып тишин кылайтат:
- Азелден кудай ак жасап,
Атаң келген дин үчүн.
Каалап келген ак динди,
Калпа, султан, пир үчүн.
Таштап келген тактасын,
Акыреттин камы үчүн.
Айтылат иши ар жерде,
Какандыктын ханы үчүн.
Түгөнбөйт анын жомогу,
Туйунтуп айтса эл үчүн.
Басташкан байлап, белин бек,
Ата конуш жер үчүн.
Сен ошол, Алмамбеттин уулусуң,
Бүгүн сага берейин,
Алдымда минген Буурулум.
Арстаным чоро, кийип ал,
Барандын огу батпаган,
Атакемдин буулумун.
Абайлап сөзгө кулак сал,
Акылман чоро кулунум.
Аттанып чыксаң акжолтой,
Аркамда жүрсөң сан колдой.
Арка кылган эки уул,
Алдымда турсаң миң колдой.
Аттан арман кылбагын,
Аттангын, чором, турбагын.
Байлоодо жүргөн бабында,
Баарысы чабар табында.

www.bizdin.kg

Он төрт күлүк ат келди,
Баары тулпар мал келди,
Аралап бүгүн турасың,
Атасы башка жат элди.
Канчоро жатып албасын,
Жайлоого атты айдасын.
Асыл жеңең Айчүрөк,
Азык-түлүк камдасын.
Кас санаган душмандар,
Кагылышсаң кан болсун,
Өнөгүң элде даң болсун.
Алдыңдагы Тайбуурул,
Атагы чыккан хан Буурул,
Кадууга чапсаң чаалыкпас,
Канчалык чапсаң арыбас,
Өөдө-ылдый ылгабас,
Өркөчү бийик, сээри пас,
Тутам шыйрак, жез билек,
Тунук тулпар Буурул ат.
Ката сайып жаралуу,
Калганга болсоң табалуу,
Калтырбай сени талаага,
Алып келет абаңа.
Өлүп калсаң сөөгүңдү,
Таштап атпайт арага.
Он беш асый болгуча,
Өзү айбан болсо да,
Антын актап, тоо сактап,
Мени күйгөн Тайбуурул.
Ишенгеним эки уул,
Арка кылган бир Буурул.
Азырынча Гүлүстөн,
Ал Буурулду минип тур.
Кандай барсаң андай бар,
Жоо жарактын баарын ал.
Жолукса Толтой, Чынкожо,
Жобунтуп ага кайгы сал!
Жообун абаң бергенде,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Кобурлуу тууган чунагың,
Мыйыгында күлүнүп,
Башкасына карабай,
Буурулду көздөй жүгүрүп.
Куйушканын узартып,
Чап олоңун кыскартып.
Качкан элик чокулуу,
Алдыңкы кашы карк алтын,
Атадан калган акканкы ээр,
Тайбуурулга токунду.
Аттанып чорoң жүрөрдө,
Арстан Семең муну айтат,

www.bizdin.kg

Садагасын кактырып,
Чоролорун жубантат:
- Алыска жүрөр Гүлчоро,
Адамдан артык эр чоро.
Өлбөй жүрсөң жолдошуң,
Тирүү жүрсөң колдошуң.
Канчоро, камда садага,
Гүлчорого жол болсун!
Абасы анча айтканда,
Канчоро карап турабы?
Алек-далек жүгүрүп,
Арстандай бели бүгүлүп.
Кечиктирбей бу дагы,
Дайарланды заматта.
Садагага чабарга,
Сары башыл улагы,
Анын арты жагынан,
Айлана чаап энтелеп,
Алып келди айдатып,
Мала кашка уй менен,
Ак боз бээни жетелеп.
Арстаның Семетей,
Атасы айкөл Манастын,
Арбагына жалынып,
Анын атап жолуна,
Ак боз бээни чалдырып,
Мала кашка уйду ал,
Элге тирүү талатып,
Кескилетип алдырып.
Сары улакты Гүлүскө,
Садагага кактырып.
Ак жолуна чороңдун,
Алтындан жолдук чачтырып.
Курун салып мойнуна,
Бата берип барылдап,
Бала жолборс Семетей,
Турганда минтип бакылдап.
Атасынын колдоочу,
Өлбөгөндө жолдошу,
Ошолордун баарысы,
Көрүнүп көзгө ашкере,
Келип турду жакындап.
Опол тоодой зор Манас,
Мингени анын Аккула
Маңдайда кызыл меңи бар,
Жыланайлак, жыланбаш,
Суулугунда бир бала.
Эки түгөй сур бөжөк,
Эки үзөңгүгө жабышып.
Куйругун көккө көтөргөн,
Кара чаар жолборстор,

www.bizdin.kg

Эки жанда кабышып.
Камчы саптай ак жылан,
Үч курчалып белине,
Кулактан башы артылып,
Тилинен күйүп өрт чыгып,
Көзүнөн жалын от чыгып,
Кошулуптур чорого,
Бир ажыдаар бу чыгып.
Бермети беттен төгүлгөн,
Бешене жарык көрүнгөн,
Саамай чачы бириндеп,
Салынып жерге желбиреп.
Шөкүлө башка кийинген,
Өңү анардай кызыл кыз,
Өзү жандан узун кыз,
Учкаша минип артына,
Баратты ийин артылып.
Алтымыш кулжа бөлүнүп,
Эки жакта көрүнүп.
Булар да өттү дапдайын,
Сүрөттөй көзгө тартылып.
Кабылан, жылан, жолборсу,
Суркойон бала жолдошу,
Кыз олуйа колдошу.
Аркасында көп экен,
Алтымыш түркүн жөлөгү.
Төрө Манас баатырдын,
Тукумунун өбөгү.
Кош болуп мындан Семетей,
Гүлчорону аттантты,
Сайарына колуна,
Сырнайзаны карматты.
Чабарына Ачалбарс,
Айбалтаны байлатты.
Атарына Аккелте,
Ай далыга шайлатты.
Жарактын баарын жам кылып,
Чоронун көөнүн жайлантты.
Бастырарда Гүлчоро,
Баатыр Семең дагы айтты:
- Касташкан душман жоолордон,
Калдайган бийик тоолордон,
Кармашчу Толтой, Чынкожо,
Каңгайдан келчү жоолордон.
Тайманбастан, Гүлчоро,
Качырып найза салгының.
Кабыргасын кыйратып,
Кара боорун жаргының.
Жолдошу чоро бул болсо,
Жолборсу кандай кылат – деп,
Жүрөгү чыгып кабынан,

www.bizdin.kg

Түнүлсүн чочуп жанынан.
Атын уккан байагы,
Бозурчуктун сеңирге,
Болжолдуу жолдун чегине,
Тармалсаздын ойуна,
Талдуу суунун бойуна,
Жалгыз жаман тегирмен,
Душмандын келер жолуна,
Азыр болгун ушуга.
Аттан түшүп жатпагын,
Уктап кокус калбагын.
Түшүп аттан уктайм – деп,-
Түйшүктү башка салбагын.
Абаңдын айткан акылын,
Абайлап, чором, аңдагын.
Унутпастан кунт койуп,
Кулагыңда кармагын.
Батасын алып Семеңдин,
Тонун кийип берендин.
Бар жарагын асынып,
Шай колдогон эрендин.
Күчү артып күүлөнүп,
Күлүп кетти Гүлчоро,
Атырылып жолборстой,
Жүрүп кетти Гүлчоро.
Бозурчуктун сеңирге,
Талдуу суунун бойуна,
Барып жетип Гүлчоро,
“Болжолдуу сеңир жери – деп, -
Абамдын айткан кеби – деп,-
Кас санашкан душмандын,
Кан болор келди эби –деп.
Жолун тосуп турайын,
Жолукса Толтой, Чынкожо.
Жыпжылма түптүз кылайын.
Кызыл канын агызып,
Кылдай мойнун кыйайын.
Ажалым жетсе өлөйүн,
Азабым болсо көрөйүн.
Атактуу Толтой жолукса,
Найзалашып көрөйүн.
Чынкожо мага кез болсо,
Башын кесип жөнөйүн”.
Алып учуп жүрөгү,
Гүлчоронун дегдептир.
Айланып сеңир тумшуктан,
Аттын изин караса,
Анда пенде келбептир.
“Келер бекен булар – деп,-
Таң аткыча турам деп,
Таң аткыча келбесе,

www.bizdin.kg

Таап алып бир киши,
Келгеним кабар кылам”- деп.
Ийе тартып Буурулду,
Тизгинин кайра каңтарып,
Акканкы башын кучактап,
Уктады көзүн аңтарып.
Кыйладан бери Гүлчороң,
Кыз-келиндин жанында.
Кызык уйку ала элек,
Кыйналып келген жол тартып,
Абыдан ардык чыга элек.
Үзөңгүгө тамандап,
Сырнайзасын кучактап,
Акканкыга баш койуп,
Калды чороң кана уктап
Муну койо туруңуз,
Сактап жаткан байагы.
Толтой менен Чынкожо,
Ошондон кабар угуңуз.
Ажыбай менен Түмөнбай,
Аттанып алар кеткенде,
Чынкожо менен эр Толтой.
Кошунуна жеткенде,
Чынкожо туруп кеп айтат,
- Э, досум Толтой – деп айтат.
Балбандык күчтө чыңалдың,
Баатырдык даңкың чыгардың.
Мени менен дос болуп,
Мелжемдүү жерде сыналдың.
Арка болуп өзүмө,
Антташкан сөздөн чыга алдың!
Айкырып сен турганда,
Ар ишти өзүм кыла алдым.
Ажыбайды коркутуп,
Жүрөгүн каптан чыгардым.
Бирок дагы сөзүндө,
Тетири турат булардын.
Жумуштан койбой чаланы,
Бүгүн чалгын чалалы.
Кандай болуп жаткандыр,
Айчүрөктүн абалы?
Андан кабар алалы,
Абдан билип абалын,
Анан кайра жаналы -
Деп, Чынкожо айтканда,
Баш ийкеп Толтой калганы.
Арты-алдын ойлобой,
Арам нээт чубуттун ,
Алдаганын болжобой,
Көөдөгүнө салганы.
“Чүрөктөн кабар алам”- деп,

www.bizdin.kg

Бастырып жолго чалганы.
Толтойдун жайын менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук.
Каардуу Толтой баатырдын,
Абдан жайын ээлеп ук.
Кара сакал, балбан эр,
Калмактан олжо алган эр.
Катылышкан душманын,
Кан кылып, мээсин жайган эр.
Качырганын кайсаган,
Касташканы калбаган.
Чыккан эмес калмактан,
Каш кайтарар эч бир жан.
Жеңилбес баатыр Толтойду
Эңишип пенде чыкпаган.
Алым алып, мал алып,
Кызыл дилде зар алып,
Кызылбаштын Контукчу,
Индыстан менен Иранды,
Былк эттирбей коркутчу.
Алым берип сандалып,
Жанын багып турушчу.
Толтой менен салышып,
Контукчу өлгөн болучу.
Контукчуну сойгон – деп,
Өлгөнчө алар коркушчу.
Индыстан менен Ирандан,
Эч бир пенде албаган,
Эрегишкен эчендин,
Эдебин берип жалмаган.
Кызыл сакал, балбан эр.
Кырымды чаап алган эр.
Кырым менен Урумга,
Кызыл тумшук, көк көздүү,
Кыжылдаган көп элге,
Кыргынды далай салган эр.
Калың жоодон качпастан,
Каш кайтарган албан эр.
Хан Манастын тушунда,
Чынмачынга барам – деп,-
Чын ачуум келсе меники,
Чоң Бээжинди алам- деп.
Талап кылган ойу бар,
Кайда барса акжолтой,
Кутургурдун жолу бар.
Шай колдогон Семеңе,
Шашып Толтой катылып,
Кыйын болду чакылып.
Түбүндө жүрүп түгөнгүр,
Чынкожонун көөнү – деп,
Мерт болгону эмгиче,

www.bizdin.kg

Элде жүрөт айтылып.
Күндү эсептеп эр Толтой,
Чынкожого кеп салды,
Мына мындай олчоңдой:
- Ажыбай менен Түмөнбай,
Келбей калды бүгүн – деп,
Чынкожо, турат ойумда,
Мына мындай күмөн кеп.
Токсон күн мөөнөт алганда,
Акундун кызы Айчүрөк,
Аккуу болуп учкан бейм,
Ак булуттуу асманга?
Же болбосо Чүрөктү,
Калмактан калдай алганбы?
Же болбосо Айчүрөк,
Казакка кабар салганбы?
Же болбосо Айчүрөк,
Катагандын хан Кошой,
Анын уулу Жалгызек,
Ага кабар салганбы?
Баштап келип калганбы?
Же болбосо Чынкожо,
Менин, ойлогон ойум жалганбы?
Туйунбадың, тим болдуң,
Же Ажыбай алдап салганбы?
Арстан Манас бел куда,
Болгон башта деди эле,
Же ага кабар салганбы?
Баштап келип калганбы?
Жетим калган Семетей,
Жерин таап алганбы?
Жесир калган Каныкей,
Элин таап алганбы?
Аселде оозун чайкаган,
Ак сакалын жайкаган.
Адамдан ашкан кеменгер,
Акылман Бакай айлакер,
Бегин таап алганбы?
Акундун кызы Айчүрөк,
Ошол Манас тукуму,
Белсинип чыккан Семетей,
Белин таап алганбы?
Таап келген эрлерди,
Күтүп булар калганбы?
Же болбосо Чынкожо,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Айткан кеби жалганбы?
Алыстан киши келтирип,
Бел байлашып алганбы:
Бек ишенип аларга,
Бекинип жатып калганбы?

www.bizdin.kg

Бек ачуум келди меники,
Белгилүү сеңир урчукка,
Аттанып өзүм барсамбы?
Андан чалгын чалсамбы?
Мына ошентип эр Толтой,
Суркойонду токутуп,
Сырнайзасын курчутуп.
Кылычы жанда кыңгырап,
Кетелек белде дыңгырап.
Кытайча кызыл доолбас,
Чымын тийсе зыңгырап.
Суркойон минип болкойуп,
Сырнайза колдо койкойуп.
Айбалта белге асылып,
Көк жеке бутта чойкойуп.
Асынып мылтык мурчанып ,
Муздай темир курчанып.
Өрттөй көзү кызарып,
Куудай мойну узарып.
Кызыталак зор Толтой,
Өзү жөнөп калганы.
Чар тарапка көз салып,
Чалгынды өзү чалганы.
Алдындагы Суркойон,
Арыштай басып элеңдеп,
Белсенип чыккан эр Толтой,
Белин байлап бекемдеп.
Ченчиге келген жоо болсо,
Чымындай жаны чыркырап,
Чыкпас жайга кетер – деп.
Эсирген Толтой келатат,
Эрегишкен жоо болсо,
Эки чайнап жесем – деп.
Андан эч бир кообу жок,
Ойгоно турган ойу жок.
Сырнайзаны кучактап,
Акканкыга баш койуп,
Коңурук тартып Гүлчоро,
Уктап жатат мас болуп.
Астында Буурул аты бар.
Асманда тийген айы бар.
Айдын жарык мезгили,
Он эки, он үч чагы бар.
Багыштын уулу эр Толтой,
Гүлчоронун жанына,
Келе жаткан жайы бар.
Өнүт алып куу Толтой,
Көлөкө менен жарыктын,
Ортосунда келатат.
Өпкөсү батпай көөдөнгө,
Толтосунда келатат.

www.bizdin.kg

Көрүп калды Буурул ат,
Мына ошону жаныбар.
Көрөрү менен Тайбуурул,
Кошкурук атып калганы.
Таттуу уйкудан Гүлчоро,
Умачтай көзүн ачканы.
Көрүнбөй көзгө эч караан,
Уйкуга кайра батканы.
Алдындагы Тайбуурул,
Турбай туйлап, жер чапчып,
Октос берип басканы.
"Арам өлгүр кантет"- деп,
Ачуусу менен Гүлчоро,
Көзүн бардап ачканы.
Бет маңдайын караса,
Бир тоо жылып келатат.
Тообу десе кишидей,
Тоорулуп, өңүп келатат.
Көрөрү менен чороңдун,
Көзү умачтай ачылды.
Найзасын алып колуна,
Тайбуурулду теминип,
"Манастап" бала бакырды.
Тоодой болгон Толтойду,
Тоо экен - деп жазганбай,
Томуктай кызыл жаш бала,
Токтобостон качырды.
Хан Коңурдан качпаган,
Калың жоодон шашпаган.
Кайран баатыр Толтойуң,
Канчаны жерге жаздаган.
Сыймыгы учуп башынан,
Айрылып атак-даңкынан,
Катуу шашып баладан,
Капысынан качырган.
Айтарына сөз таппай,
Басарына жол таппай.
Ашыгып Толтой бурулуп,
Суркойондун санына,
Сокмоктуу камчы урулуп.
Акыл-эстен айрылып,
Алактап катуу шашыптыр.
Ажыдаар көрө калгандай
Артына Толтой качыптыр.
Качырганда турчубу,
Кайраты өткүр жаш бала,
Кандим эмес боз бала,
Болжолдуу жерин биле албай,
Болжоп найза сайа албай,
"Кара бойу тоодой –деп, -
Кандай болсо андай – деп,-

www.bizdin.kg

Бир жерине Сырнайза
Тийсе учу жарар”- деп,
Энтелеген түгөнгүр,
Эндекей найза алыптыр,
Эң эле катуу сайыптыр.
Шай колдогон баланын,
Шашкалаң сайган найзасы,
Оң бөйрөгүн аралап,
Көбүк этин жаралап,
Мүчүлүш араң жеткени,
Тоодой болгон Толтойго.
Толук найза жетпеди.
Көмөлөнбөй Толтойуң,
Кутулуп аман кеткени.
Алдындагы Суркойон,
Алып барат ашыгып.
Аркасында Тайбуурул,
Араандай оозу ачылып.
Төрт айагы тийген жер,
Кемегедей казылып.
Аркасынан чыккан чаң,
Жөө тумандай жазылып.
Тизгин менен иши жок,
Тигилип чороң октолду.
Чалынып колу тизгинге,
Буйдалып Буурул токтолду.
Кыраан Толтой баатырың,
Кылчайып артын карабай,
Караганга жарабай,
Карчыттан канын койултуп,
Качып барат талаалай.
“Карасын кайдан көрдүм – деп,-
Бир беттешпей өлдүм – деп.-
Чынкожо тилин алам - деп,-
Тирүүлөй кордук көрдүм”- деп.
Суркойон менен балактап,
Жаралуу болгон Толтойдун,
Эси кетип салактап.
Күрө тонун жыйа албай,
Эки этеги далактап.
“Кайдасың- деп, -Чынкожо”,
Айкырып Толтой алактап.
Койонсур менен койгулап,
Колго кирди шалактап.
Чалынган колун Буурулдун,
Бошотуп минип атына.
Шай колдогон Гүлчоро,
Шашып калган Толтойдун
Сайа түштү артынан.
Ар кандай кызык угасың,
Алардан жомок айтылса.

www.bizdin.kg

Баатыр болбой, шер болбойт,
Башы өлүмдөн тартылса.
Болсо да бала Гүлчоро,
Башын тартпай жөнөдү.
Кандим болгон баатырча,
Азыраак токтоо  кылалбай,
Толтой качты катынча.
Дагы турат талабы,
"Тоодой болгон кишини,
Томолотуп жыксам – деп,-
Топого башын тыксам- деп,-
Кылычтап башын кессем- деп, -
Кыпкызыл канын ичсем- деп,-
Абакем менен Чүрөккө,
Кыз-келиндин алдында,
Кызматым айта жетсем"-деп.
Кыз эсине түшкөндө,
Кыйалын өзү болжобой,
Аба эсине түшкөндө,
Алды-артын ойлобой.
Алдындагы Буурулду,
Атырылтып аргытып,
Артынан чаңын баргытып.
Алдындагы Толтойго,
Эми кууп жетерде,
Эңкейтип сайып кетерде.
Кайнаган калың көп элге,
Селдей болгон аскерге,
Тумандай болгон топ элге,
Жер сойулган аскерге,
Жедигердин Толтойу,
Желип кирип барганы,
Өксүп Гүлүс калганы.
Өкүрүгү Толтойдун,
Уккандын баарын чочутту.
Качышы анын кан болуп,
Калайыкты коркутту.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Акылынан шашканы.
Толтойдун чыгып алдынан,
Чылбырынан алганы:
- Сүргөндөй бирөө камчылап,
Суркойон тулпар күлүктү.
Эрдигиңен айрылып,
Салганың кандай түйшүктү?
Эл укса муну эмне дейт,
Өкүрүп Толтой не болдуң?
Карабай качып артыңа,
Өкүнүп, Толтой, не болдуң?
Кол сынса да кокустан,
Жең ичинде болучу.

www.bizdin.kg

Баш жарылса бирөөдөн,
Бөрк ичинде болучу.
Өлбөй туруп өкүргөн,
Баатыр кантип оңучу?!
Жерге кирген Толтойум,
Жеңилдик жайың мына ушу!
Ар канча кууган болсо да,
Аста келсең болбойбу?
Айдап келген колго бу,
Сыр бербесең болбойбу?
Өлсөң башың өлбөйбү,
Өксөбөй келсең болбойбу?
Жаның чыгып жатса да,
Өкүрбөй келсең болбойбу?
Качканыңды көргөндө,
Кайнап жаткан жедигер,
Кантип тосуп токтотом,
Качып берсе калың эл?!
Жаман сөз ачуу, жан татты,
Жарасынан Толтойдун,
Жабышып өпкө кан катты.
Алып барып түшүрүп,
Эл ичинде кыйыны,
Айлакерлер жыйылды.
Кантемир дары бар эле,
Найза тийген жарага,
Кашкулак өтү дары эле.
Кырма кызыл дарысын,
Келтирди койбой баарысын.
Кантемирди эзилтип,
Хан Толтой баатыр төрөнүн,
Жарасын көрдү чечинтип.
Кайнатма кара дарыны,
Тышынан чаап шыбады.
Ороп-чулгап жаткырып,
Оолак үйгө бактырып.
Сары улагын таптырып,
Садагасын кактырып.
Улуу бешим болгондо,
Ооруган жери басылып.
Ордунан турду эр Толтой,
Чайыттай көзү ачылып.
Көптү көрүп жашаган,
Көптүн башын ашаган.
Жел тобурчак ат минген,
Темир калкан тон кийген.
Журт башкарган жашынан,
Эл башкарган башынан.
Ак сакалдуу карысы,
Байтеке деген вазири:
- Толтой, аман барсыңбы,

www.bizdin.kg

Намыссыз тууган жансыңбы?
Анча коркуп качкыдай,
Акылыңан шашкыдай,
Не көрүндү көзүңө,
Не билинди өзүңө?
Калдаңдап качып хан башың,
Кандай жорук баштадың?
Эрдикти кайда таштадың?
Анда Толтой кеп айтат:
- Чалгынга бардым – деп айтат,-
Акун хандын шаарында,
Мени кууп чыккандай,
Карчытка найза тыккандай,
Колу жоону бар беле?
Жоого чыгар беттешип,
Күч ортосун чектешип,
Найза сайар кектешип,
Болук уулу бар беле?
Мындан мурда барганда,
Андай шумдук жок эле.
Бүгүн барып карасам,
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн,
Кызыл чийкил жаш бала,
Он беш менен он төрткө,
Чыгар-чыкпас баштанат.
Башкача сүрдүү бакырат,
“Манастап” ураан чакырат.
Кандай жан – деп – карасам,
Эки түгөй сур бөжөк,
Үзөңгүгө  жабышып,
Кара чаар кабылан,
Капталында жарышып,
Жылаңайлак жаш бала,
Жылоодон алып жетелеп,
Учкаша минген кызыл кыз,
Көрүндү башы чекелеп,
Айбыкканым ошондон,
Абаке, али кете элек.
Отуз кулжа он бештен,
Эки жакта бөлүнүп.
Көсө куйрук көк даңгыт,
Көт жагында көрүнүп.
Жаман чуркап алыптыр,
Ошонун баары дабырап,
Ошолорду көргөндө,
Токтоно албай мен качтым,
Акылыман ажырап.
Карчыттан урган найзасы,
Кабыргамды аралап,
Тоодой болгон мен кулду,

www.bizdin.kg

Томуктай бала жаралап.
Эс акылым жыйа албай,
Качып бердим талаалап.
Өөдөсүнө калганда,
Өксүтүп атын Суркойон,
Элди көздөй бет алып,
Араӊ келдим чамалап.
Чалгын чалам жалгыз - деп,
Чактабай жаман кутурдум.
Сур бууданым болбосо,
Тирүү кайдан кутулдум?!
Ушул болду көргөнүм,
Уйатыман өлгөнүм!
Анда вазир кеп айтат,
Уккандарды муӊайтат:
- Бул көргөнүӊ жалгандыр,
Бул көргөнүӊ чын болсо,
Астына анын мингени,
Кызыл Буурул ат болсо,
Качырып найза сайганы,
Кызыл чийкил жаш болсо,
Капарга албай кас жоону,
Уктап атчан мас болсо,
Оӊуна келген олжосу,
Ал төрөсү эмес чоросу.
Көптү көргөн Айчүрөк,
Көкөлөп учуп баргандыр?
Канкор Манас тукуму,
Көкжалга кабар салгандыр?
Кошун тартып күркүрөп,
Кудалап келип калгандыр?
Кайгуулга чыгып чоросу,
Хан Толтой сени сайгандыр?
Өлгөн сайын өөрчүүчү,
Өткүр Манас тукуму.
Түгөнгөн сайын түтөөчү,
Түгөнгүр Манас тукуму,
Туйгун келип калгандыр?
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Качырып найза салгандыр,
Кабыргаӊды жаргандыр?
Аныгын абдан билели,
Ошолордон болбосун.
Жедигердин ушул доо ,
Тукумун үзүп койбосун.
Ушул жерден кайталы,
Тигил жерде эл-журтка,
«Акун хан кызы Чүрөктү,
Бербеди»- деп айталы.
Байтекедей карт вазир,
Ушунча айтса насаатты,

www.bizdin.kg

Чынкожо буга болбоду.
Айласы кеткен Байтеке,
Аңылдаган ал итке,
Алдында болгон көп иштен,
Айтып сөзүн козгоду:
- Кечээ Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Болгон ишти айтайын,
Бар элем мен башында.
Кытайлардын Коңурбай,
Мааникер сурап бир келген.
Алтын менен Күмүштү ,
Артык айтып ал кирген.
Мааникерди бербесе,
Калың элди кырам- деп,-
Айагына чыгам- деп,
Алп Коңурбай, Нескара,
Калмак менен кытайдын,
Калтырбай баарын жыйам- деп.-
Кара кыргыз калкына,
Кылгылыкты кылам – деп,
Эки курдай мал сойсо,
Эт тарттырбай жеп кеткен.
Башкара албай Бокмурун,
Баса албай кордугун,
Баарысынан эс кеткен.
Улуктун баары чогулуп,
Ай тегерек отуруп,
Ошондо кайта кеңешкен.
Кошой анда кеп айткан,
“Кокуй, балдар, - деп айткан.-
Жакыптын уулу канкорду,
Кабылан Манас анткорду,
Чакыргын, - десем – болбодуң,-
Чакырбай кана оңгонуң?!
Айткын, - десем- болбодуң,-
Айттырбай кана оңгонуң?!
Таласа этти мейли го,
Талап кетсе таптакыр,
Айылыңды, малыңды
Анда кайсы болгонуң?!
Маанайы бийик адамдан,
Манас менен ойнобо.
Бокмурун малга чиренип,
Байлыкты артык болжобо.
Адамдан малды артык – деп,-
Өзүңдү өзүң кордобо.
Колдун кири байлыгын,
Кыргын болуп сойлобо.
Адам болбой мал болбойт,
Малыңа сен зордобо!

www.bizdin.kg

Манас мында келбесе,
Башкарып ал бербесе,
Берилбей калат бул ашың,
Аман калбайт соо башың!"
Хан Кошойдун ал кебин,
Хандын баары эп көргөн.
Бербеген күлүк Мааникер,
Каз тулпарды мингизип,
Манаттан тонду кийгизип.
Жайма көкүл Айдарды,
Чакырууга жиберген.
Алып баруучу кагазын,
Өзү айтып чийдирген,
Абаң Кошой билерман.
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникер минип булкунтуп,
Талдуу токой жер келсе,
Так түйүлтүп олтуруп,
Терең, бийик коо келсе,
Терең, эндүү аң келсе,
Тик түйүлтүп отуруп
Улуу бешим мезгилде,
Самарканда Манастын,
Салынуу турган ордого,
Барган экен ошондо.
Сарытаздан кеп угуп,
Зaары күч Манас – деп угуп,-
Бара албай калган жаш Айдар.
Жакшылык болсо күсөгөн,
Жамандык болсо түзөгүн,
Каныкейге жолугуп.
Буластаган Каныкей,
Болжолдуу ишке данакер.
"Айдар келди чакырып.
Алдында турат Мааникер,
Айтып келген даты бул,
Алып келген каты бул.
Айкөл Манас эр Бакай,
Ачып кепти жообун бер"
Каныкей андай дегенде,
Манас кыйла күүлөнүп,
Өөдө-төмөн сүйлөнүп.
Акыры болуп бараса,
Айкырыкты салыптыр,
Ажыдаарча сүрдөнүп.
Кырк чоро тегиз камынып,
Окшош кызыл жамынып.
Келген экен түн катып,
Ач арстандай чамынып.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Алдынан тосуп келди эле.

www.bizdin.kg

Аттан түшүп Манаска,
Кол куушуруп жүгүнүп,
Кош колдоп салам берди эле.
Божураган бул акмак,
Анан мындай деди эле:
“Каңгайлардын Коңурбай,
Мааникер сурап келиптир.
Мааникер бербей мен койсом,
Кырк казанды талкалап,
Кырк бээнин этин жеп кетти.
Калайыктын баарысын,
Кандап кырам – деп кетти,-
Атты алсын десемби,
Ашты анан берсемби?”
Анда Манас кеп айткан,
Ачууланып бек айткан:
“Ой, куураган Бокмурун,
Мааникер берем дегиче,
Манас өлдү десеңчи!
Калдайган калың алашты,
Жерге көмдүм десеңчи!
Кечээ Ийрижардын башында,
Кырымкандын ашында,
Алты жүз аттан бир чыккан,
Мааникер күлүк болучу.
Тууражардын башында,
Турумкандын ашында,
Тогуз жүз аттан бир чыккан,
Мааникер күлүк болучу.
Мааникер атты бербегин,
Манасты өлдү дебегин.
Калың алаш турганда,
Хан Коңурбай баатырдан,
Кайгырып кам жебегин!”
Мына ошентип эр Манас,
Эл четинде токтолгон.
Кырк чоронун арбагы
Кызарып күйгөн от болгон.
Кылкандай тегиз кырк кашка,
Кылыгы журттан бир башка.
Кырк чоронун баарына,
Кызыл манат кийгизген.
Жарактантып баарысын,
Жалпы боз ат мингизген.
Каш кайтарган адамды
Кара жерге киргизген.
Кылтыратып кылымды,
Кыйындыгын билгизген.
Кыргыз, калмак бөлүн – деп,-
Кыйкырып ал угузган.
Баш бербеген адамды,

www.bizdin.kg

Бадыратып ургузган.
Эки бөлүп, элди ал
Эки жакка тургузган.
Калмак менен кытайдын,
Калтырбай баарын айдаган.
Кетечинин Ийрижар,
Келтирип баарын камаган.
Ошондо мен Манастай,
Ойротту бузар көрбөдүм.
Толкундаса үйөрлөп,
Тоону бузар көрбөдүм.
Аш башкарып эр Манас,
Ат чабылат - деп айткан,-
Күлүгүң болсо чубат – деп, -
Кыргыз менен калмакка,
Кыйкырып Манас тең айткан.
Кыңк эткен адам болбогон,
Кыйыгына тийгендер,
Кыйылып башы оңбогон.
Кыраан баатыр Манастан,
Кылымда адам озбогон.
Чубатканда күлүктү,
Алты миңче ат болгон.
Катар-катар тизилип,
Каркырадай сап болгон.
Мааникерди чаппа – деп,-
Калың калмак шарт койгон.
Аткарып шартын эр Манас,
Аларга да жол койгон.
Ашка келген ошондо,
Бир жүз кырк төрт тайпа экен.
Көбүнөн көп, аздан аз,
Бир миң беш жүз киши ылгап,
Жаш Айдарды кылып баш ,
Булар кеткен ат айдап.
Ат кеткен соң эр Манас,
Ат башындай алтынды,
Куржунга салып чак кылды.
Чыккан аттын байгеси,
Кырк миң дилде алтын - деп,-
Кыйкыртып журтка даңк кылды.
Жүз он атка байгени
Ошондо сайды мен көрдүм,
Ошол өңдүү канкорду,
Андан бери көрбөдүм.
Кой башындай алтынды,
Кол куржунга байлатып,
Кошундун баарын жардатып.
Эки балбан күрөшкө,
Эки жактан чыксын – деп,-
Кимиси чыкса байгеге,

www.bizdin.kg

Алтынды ошол алсын- деп,-
Кыргыз менен каңгайга,
Кыйкырып Манас жар салган.
Каңгайлардан Ороңгу,
Келип түшкөн балбанга.
Кыргыздан чыгар киши жок,
Калтырашып калың журт,
Камалып жарда калганда,
Жаалуу Манас кеп айткан,
Жалтанбай Кошой зардалга.
Сенден башка киши жок,
Өзүң чык, аба, балбанга.
Чыкпай Кошой койо албай,
Манас айтып салганда.
Катагандын хан Кошой,
Кындыйтып белин буунуп,
Ошондо түшкөн майданга.
Кетечинин кең сазга,
Капыр менен мусулман,
Шыкалыша жык толуп,
Кейип Кошой турганда,
Кийерге шымы жок болуп.
Хан Манастын катыны,
Каныкей тигип кам кылган,
Ажыбайды жиберип,
Кандагайды алдырган.
Кабылан Кошой кийгенде,
Тизесинен келгенде,
Жакыптын уулу Манастын,
Кармаганы шамдагай,
Чечтирип алып чойгондо,
Хан Кошойго чак келген.
Каныкей тиккен кандагай.
Баркырап Кошой кеп кылган,
Манаска кебин эп кылган.
Балам Манас, садага,
Бул буйумду ким кылган?
Анда Манас каткырып,
Келиниң, аба, - деп салган,-
Олуйа Кошой карыдан,
Ошондо Каныш бата алган.
Кыргыз, калмак кошулуп,
Батага ал кол жайган.
Ушул келген Семетей,
Кыргыз менен калмактын,
Батасынан бүткөн го,
Кабылан Манас баатырдай,
Атасынан бүткөн го.
Ороңгу менен Кошой алп,
Бел кармашып күрөшкөн.
Этек-жеңин түрүшкөн,

www.bizdin.kg

Өйдө-төмөн сүрүшкөн.
Ороңгу кармап көтөрсө,
Хан Кошой силкип түшүргөн.
Так көтөрүп Ороңгу,
Жерден үзүп алганда,
Тарс дегиче чалкадан,
Талпактай жерге чабарда,
Калкамандын Кара атын,
Камчылап Манас калганы.
“Карма, Кошой, карма- деп,-
Кайратың сенин кайда”- деп,-
Качырып кирип барганы.
Кайраттанып ошондо,
Кайран балбан хан Кошой,
Ороңгуну чандайтып,
Чалкасынан салганда,
Башка тээп тургузбай,
Аттап кетип калганда.
Калың калмак ат койуп,
Калдырашып чуркурап,
“Балбанга чыкмак бар эле,
Башка тепмек жок эле.
Аттаганы кандай”- деп,-
Кирип келген чукулдап.
Жаасы катуу шер Манас,
Жалаң болот испаны,
Жанынан сууруп алганда,
Калың калмак тим болгон.
“Кап, сени”, - деп арманда,
Калмак, кытай эки уруу,
Айтылса тили миң буруу,
Орус, бараң төрт уруу,
Окшобойт тили көп буруу.
Дагы Манас жар салган,
Жөө күрөшкө чыгууну.
Кытайлардын Нескара,
Чыгамын – деп октолгон.
Алаштын калың ичинен,
Ага чыгар жок болгон.
Жүз көрүшүп той тойлоп,
Келин-кыз менен бирге ойноп.
Кеткен экен эр Агыш,
Бүткөн бойу тарамыш.
Темир өзөк, таш жүрөк,
Чыканактай ач билек,
Чыгарган аны балбанга,
Нескарадай зардалга.
Бел кармашып, силкишип,
Тизеден жерге киришип.
Бирин бири жыга албай,
Багалчеги кайышып.

www.bizdin.kg

Эр Агыш менен Нескара,
Эрегишип тайышып.
Күлкүдөн Агыш токтобой,
Нескарага жабышып.
Кыз-келин менен жаткандай,
Айкалышып канышып.
Аны көрүп алп Манас,
Ачууланып калганы.
Калкамандын кара атын,
Камчыланып барганы.
Эр Агышты келтирип,
Май куйрукка салганы.
Манас салган оңобу,
Чымырканбай койобу?
Кайрат жыйнап, бел байлап,
Карууланбай болобу?
Эр Агыш ичтен чалды эле,
Көтөрүп жерден алды эле.
Нескараны чандайтып,
Чалкасынан салды эле.
Нескаранын башынан,
Аттап кеткен эр Агыш.
Башка тээп тургузбай,
Таштап кеткен эр Агыш.
Козголуп калмак чур кылган,
Коңурбай баштап чыр кылган.
Чырына Манас болбогон,
Тийишкени сойлогон.
Кошой менен эр Агыш,
Байгени алып тойлогон.
Жөө балбандар алды- деп,-
Аттуу эңиш калды – деп,
Кыйкырып Манас жар салган,
Эр эңишке чыккын – деп.
Ошондо чыккан Коңурбай,
Алгара минип койкойуп,
Көк темир менен курчанып,
Опол тоодой зоңкойуп.
Коңурбай жайын менден ук,
Менден уксаң бейлеп ук.
Ал Коңурбай каапырдын,
Айлакерин элеп ук.
Бирди койуп жүздү алган,
Жалгыз жүрүп миңди алган.
Тентек чыккан Коңурбай,
Тең келбеген эч бир жан.
Кытайларды элебей,
Бучкагына теңебей.
Барба десе кенебей,
Аскер алып ченебей.
Чоң Бейжинге кол салган,

www.bizdin.kg

Чогуусуна жол салган.
Падыша болуп так минип,
Эсен хандан журт алган.
Ким чыгат буга эми- деп,
Калайык карап калганда,
Кайран баатыр хан Кошой,
Манасты чык,- деп салганда,
Аккула кеткен байгеге,
Атым жок,- деп турду эле,
Байкабагам мен мурун,
Датым көп,- деп турду эле.
Ажыбай анда кеп айткан,
Айдар кандын тобунан,
Кызылжээрде, Кылкүрөң,
Ат көрдүм сага деп айткан.
Армандуу турган алп Манас,
Ат кабарын укканда,
Ээси ким – деп сурабай,
Өзү барган тутканга.
Байлоодо турган жээрдени,
Чечип алып жайма-жай,
Жетелеп бара жатканда,
Эч нерсеге карабай,
Азиз хандын Алмамбет,
Ажыбайды чакыртып,
Алмамбет андан сураган.
Сайышка минер атымды,
Алып кеткен тууради,
Тиги жагалданган жалкы шер,
Жаалысы катуу кайраттуу эр,
Айтчы Ажыбай ким болот,
Алп туулган баатыр эр?
Ажыбай анда: “Манас – дейт,-
Таанысыдың аны ырас”- дейт.
Ажыбайга Алмамбет,
Анда туруп мындай дейт.
“Элүүдөн ашып асыйы,
Өрү калган чагы эле.
Чаппаса камчы баспаган,
Сал камчыраак мал эле.
Ат айасам болбостур,
Алаштын эли оңбостур.
Өпкөлөтө теминип,
Өөдө-ылдый желдирсин.
Баса минип арстаның,
Колтугун ачып кердирсин.
Андан кийин Манасың,
Кол кармашып, ал кирсин”.
Алгара минип Коңурбай,
Кылжээрде минип эр Манас,
Карсылдашып сайышты,

www.bizdin.kg

Карап турду калтырап,
Калың калмак, көп алаш.
Качырып найза сайышып,
Бир беттешип алышып.
Бура тартып булт койду.
Алгара кыйын мал экен,
Кылжээрде дагы кылт берди,
Тулпарлыгы бар экен.
Хан Коңурдан эр Манас,
Кайра тартар шер эмес.
Андан артык болбосо,
Алптыгы андан кем эмес.
Кайра тартып эр Манас,
Кылжээрдени бурганда,
Хан Коңурбай капырга,
Капталга найза тыкканда,
Каңтара салып жыкканда.
Коңурдун көзү жалдырап,
Калмак менен кытайлар,
Калды катуу алдырап.
Коңурбай кыйын жан экен,
Кыйын жигит ал экен.
Темир чынжыр зым менен,
Байланып алчу неме экен.
Ажыратпай атынан,
Тартып калды Коңурду,
Чынжыры анын чатынан.
Өлбөсө да Коңурдун,
Кызыл өңү кубулду.
Сайганга эсеп болду – деп,
Кыргыздын эли чубурду.
Кара боорун кан кылбай,
Алдырса да байгени,
Аман калды Коңурбай.
Сенин атаң эр Багыш,
Соога, баатыр, соогалап,
Алдына кирип барганда,
Кой башындай алтынды,
Кармата берген зор Манас.
Калбастан теги жоокалап,
Кылга байлап жамбы аткан,
Жамбыны да ашкере,
Мерген Манас өзү аткан.
Нескара өзү сынчы экен,
Айдаркандын Көкчөсүн,
Дуңчулукка чыгарган.
Кыргыз, кытай, калмактын
Алптары тегиз сыналган.
Алты хандын ичинен,
Айкөл Манас жараган.
Ал өңдөнгөн мыктыны,

www.bizdin.kg

Мен көрбөдүм адамдан.
Ат келер кези болордо,
Көксазга эл толгондо.
Эл ортосун как жарып,
Ат сүрөгөн ошондо.
Чоң Жолой аты Ачбуудан,
Манастын аты Аккула,
Чагарак суулук өтүшпөй,
Жанаша келген утурга.
Ойлобостон убалын,
Окугандай дубасын,
Канжардап тилип соорусун,
Өткөрүп кеткен Куласын.
Кызыл алтын кырк миң сом,
Чоң куржунга салдырган.
Байгесин ал Куланын,
Чоң Жолойго алдырган.
Алдырганга арданып,
Арстан Манас чыр салган.
Алың келсе алгын- деп,
Алың мага келбесе,
Аңылдабай жөн Манас,
Аңырайып калгын- деп,
Бастырып Жолой калганда,
Жандай түшүп эр Манас,
Жаагын айра чапканга,
Элебей да, кенебей,
Куйултуп канын ченебей.
Бейжинди көздөй бет алып,
Сыздырып Жолой кеткени.
Мааникер менен кубалап,
Артынан Манас жеткени.
Ажыбай бар жанында,
Найзаны алып колуна,
Жолойдун сайган жонуна.
Жыгылып Жолой калганда,
Аны таштап эр Манас,
Ачбуудандай тулпарды,
Ашып белди кетерде,
Аккелте менен бир койуп,
Аны окко учурган.
Бууданга барып келгиче,
Бурула берип токойго,
Буйткалап Жолой кутулган.
Бүгүнкү келген Семетей,
Батадан бүткөн бала эле.
Арбактуу алп Манастай,
Атадан бүткөн бала эле.
Акундун кызы Чүрөккө,
Башында Манас куда эле.
Анын уулу Семетей,

www.bizdin.kg

Келиптир бизге удаа эле.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Алуучу эри келген соң,
Катылышпай кан төгүп,
Кайтканыбыз биздин оң.
Манастын уулу Семетей,
Оңой-олтоң эр эмес.
Оңойлук менен адамга,
Оодарылар бел эмес.
Гүлчоро менен Канчоро,
Эр Толтой сенден кем эмес.
Кашыңдагы Чынкожо,
Жөн эле жүрөт күүлөнүп,
Ал эч бирөөнө тең эмес.
Барсак барып көрөрбүз,
Ат изинен билербиз.
Келген болсо көкжалдар,
Ийинге тегиз сийербиз.
Манастын уулу Семеңдин,
Кызыл Буурул аты бар,
Тулпардан күлүк салты бар.
Он беш асый болгуча,
Чоңойуп Семең толгуча,
Түк кишиге көрүнбөй,
Тоодо жүргөн жаныбар.
Кулагында шамы бар,
Куйундан бүткөн жаныбар.
Кере баскан жерлери,
Керегедей аң болот.
Кайра баскан жерлери,
Кашаты бийик жар болот.
Эп келсе, балдар, койгула,
Эсиңер менен болгула.
Эрегишип калп эле,
Элди кырып салбагын.
Эр Толтой менен Чынкожо,
Ойлонгун иштин ар жагын".
Вазирдин угуп айтканын,
Эр Толтой анда кеп айтат:
- Ой, Чынкожо кайнагам.
Ырас айтат карт вазир,
Кайталыбы- деп айтат,-
Кечээ Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Эр Багыштын жанында,
Эркечтенип ат минген,
Эрке бала мен элем.
Жин жыттанып бээ сойуп,
Эт бышырган сен элең.
Мактанасың сен бүгүн,
Манаска качан тең элең?

www.bizdin.kg

Айчүрөк алып нетесиң,
Кай мураска жетесиң:
Тилимди алсаң барбагын,
Бекер калба салбагын!
Чынкожо анда кеп айтат,
Кашын серпип бек айтат:
- Баатырлар ачкан жол ушу,
Баласы эмес Манаска,
Балта чапкан кол ушу!
Эрендер ачкан жол ушу,
Эр Семетей тургайлык,
Манас менен башынан,
Салышта жүргөн кол ушу!
Сен эрке болсоң болгонсуң,
Эл кыдырып көнгөнсүң.
Жасоол болуп ал ашка,
Эт бышырып жүргөмүн.
Май болот буулум жибек- деп,-
Эски кийим кийгенмин,
Сен ошондо көрүпсүң!
Кайтар болсоң айта  сал.
Аккойондун үстүнө,
Ага кошуп малымды ал,
Ок тиштешип антташкан,
Осол Толтой антыңды ал!
Чынкожону сак койбой,
Кардын жарып сууга сал.
Байтеке, денем таштабай,
Башымды кесип өзүң ал!"
Антын Толтой ала албай,
Кайтып артка жаналбай
Аккойондой айалдын,
Кадырынан боло албай.
Чынкожонун чыр салган,
Кандап кардын жаралбай.
Алдастаган эр Толтой,
"Аттангын"- деп акырды
Жедигердин көп колун,
Жер жайнатып жапырды.
Байтеке вазир, Саламат,
Кошулуп ага Жаманак.
Бөлүнүп элден беш берен,
Бозучуктун сеңирге,
Из чалып жете келишти.
Тайбуурулдун изинен,
Семетейдин келгенин,
Анык билип сезишти.
"Койгун десе болбойт- деп,
Бадырек Толтой оңбойт – деп.
Чынкожону чыңыртып,
Кардын жарып сойбойт"- деп.

www.bizdin.kg

Байтеке вазир муну айтат,
Калың элди муңайтат:
- Көрдүңөрбү мына бу,
Күлүктүн изи турбайбы.
Кере баскан жерлери,
Кемегедей жар болгон.
Кайра баскан жерлери,
Каңтарылып аң болгон.
Катылышсак канкорго.
Каныбыз бөөдө төгүлөт,
Баатыр Толтой бул жерге,
Башыбыз биздин көмүлөт!
Мына ушинтип Байтеке,
Ажалдан мурда жан берди.
Хан Толтойду кайгыртып,
Карайлатты бүт элди.
Муну мындай таштайлы,
Чынкожо менен Толтойдун,
Өлүмүнөн баштайлы.
Толтойду сайып ала албай,
Же аралап топко баралбай.

www.bizdin.kg

# ЧЫНКОЖО МЕНЕН ТОЛТОЙДУН ӨЛҮМҮ

Арманда калган Гүлүстөн,
Жарыла жаздап буулугуп,
Ардыгып ыза күйүттөн,
Өзүн өзү жемелеп,
Мындай ойлоп күйүккөн.
“Жарагымда жаман жок,
Минген атта өөн жок.
Колумда туруп Жойболот,
Кутказып ийдим душманды.
Эми айлам не болот?!
Касиреттүү абамдын,
Кечинде берген батасы,
Тийбей калган окшонот.
Катып колум мурдума,
Хан абама мен барсам,
Кайда менде бет болот.
Баш байланып бара албай,
Батага сайып жоо албай,
Катарга башым жеткенде,
Кадамым минтип катарбы?!”
Муну ойлоп чунагың,
Аралай түшүп четинен,
Эңип бир жан алыптыр.
Сүйлөтүп андан кеп угуп,
Аныктап кепке каныптыр.
Андан кийин Гүлчоро,
Башын кесип ошонун,
Байланып жөнөп калыптыр.
Түн ичинде дуу койуп,
Ак эшиктүү коргонго,
Айчүрөктүн ордого,
Күн тийер мезгил болгондо,
Салып барды ошого:
- Айланайын, абаке,
Минбеймин – десем – болбойсуң,
Жайдак ооз Буурулуң,
Жайлай албай курудум.
Кийбеймин - десем- болбойсуң,
Аколпоктой буулумуң,
Анык мага чоң келип,
Күрмөлө албай курудум!
Бетиме келди жалгыз жан,
Айбатына болуп таң.
Кепке, сөзгө жарабай,
Апкаарып кетип жүрөгүм,
Ашыгып кетип билегим,
Астынан найза сундурдум.
Атам Манас чакырып,
Айкырып кирдим жапырып.

www.bizdin.kg

Тоодой болгон баатырды,
Кутказып ийип курудум.
Кармап алып бир жанды,
Айттырып сөздү мен уктум.
Башкарганы ал элдин,
Чынкожо, Толтой баатыр – дейт.
Баатырлары ал элдин,
Карала аттуу Саламат,
Кайраттуусу Жаманак,
Жекеге чыгар эрен- дейт.
Эртеңки күнү болгондо,
Акун хандын шаарына,
Кошуун курап, кол жыйнап,
Селдей кылып, эр айдап,
Эр Толтой мында келет – дейт.
Таап келген ишим бул,
Айтып келген кебим бул.
Жолго барган чороңдун,
Жооп берер сөзү бул.
Гүлчоро кебин айтканы,
Канкоруң эми жатпады.
Ок, тулпарын белендеп
"Жолунан тосуп барам- деп,
Жолукса Толтой, Чынкожо
Башын кесип алам"- деп,
Эки чоро кол алып,
Ок-дарысын мол алып.
Төрө Семей баатырың
Бозучук көздөй жол алып.
Абыкенин Актелки,
Аны минип Гүлчоро,
Көбөш хандын Суртелки,
Муну минип Канчоро,
Абасынын жөлөгү,
Канчоро менен Гүлчоро,
Ээрчип булар жөнөдү.
Бозучуктун сеңирге,
Үркөрдөй болгон үч берен,
Күн шашке мезгилде,
Көк белеске келди эле.
Минген аты жарады,
Дүрбү салып мабулар,
Алды жагын карады.
Жетисуу толгон жедигер,
Жер жүзүндө кыбырап,
Желек, туусун көтөрүп,
Жөлөнүп булар келатат.
Манастан калган кайрама,
Оң-тетири кайратып.
Жайнап жаткан аскерди,
Жана айланып карашып.

www.bizdin.kg

Гүлүстөн  эр Гүлчоро,
Түндө калган кур жемсөө,
Оттой күйүп жаны ачып.
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин чоктошуп.
Ооз отунун дарысын,
Тырмак менен талкалап,
Камынып булар калышты,
Аттары сууган бүт жарап.
- Өрөпкүтпөй душманды,
Ичине салып бушманды.
Карала атын атам- деп,
Канчоро баатыр күүлөндү.
Семетей анда кеп айтат:
- Ашыкпа, чором,- деп айтат.
Найзалашып эр сайбай,
Экөөнү катар бир сайбай,
Ок атыш наркта жок деген.
Кетсе да айлаң түгөнүп,
Атпа мылтык ок деген.
Олутсуз сөздү айтпагын,
Оозуңа келсе бок жеген!
Канкор Семең сүйлөнүп,
Канчорону кой деген.
Кылкылдатып сеңирге,
Көк ала желек туу жайды.
Жайылган тууну көрүштү,
Каз канаттап калың кол,
Катарлашып турушту.
Баштамак болду жедигер,
Балакеттүү жумушту.
Ортого коймок болушту,
Обур-добур урушту.
Көк ала желек желпинген,
Эр Толтойдун желеги.
Эми тийер элине,
Эрендердин кереги.
Белин чыңдап буунуп,
Даарат алып жуунуп,
Дайарданды баатырлар.
“Жетисуу толгон жедигер,
Жар салышты чыксын – деп,
Жаманакка эриңер”.
Козголуп элден термелип,
Чолок чаар ат минип,
Жаманак элден бөлүндү.
Аркасынан Саламат,
Ат салып ал да көрүндү.
Туйгун тууган Гүлчоро,
Ат салып чыкты жекелеп.
Жылкыны бирге куушкан,

www.bizdin.kg

Кыргыз, кытай дебестен,
Бир чоңойгон туушкан.
Чубактын уулу Канчоро,
Бул дагы жүрөт чекелеп.
Баатыр тууган Жаманак,
Балтыры жоон эр жигит,
Көк найзасын өңөрдү,
Күчүнө чиреп көгөрдү.
Бала жолборс Гүлчоро,
Өзү балбан эр чоро.
Өчөшкөндү өткөрбөс,
Өзү жолборс шер чоро.
Кара түпөк чоң найза,
Кармаганы колунда,
Качырып бу да жөнөдү.
Жаманактын найзасын,
Жеткизбей баатыр Гүлчоро,
Кол балта менен чапты эле,
Шамдагай туулган түгөнгүр.
Кара түпөк найзаны,
Как боорунан какты эле.
Гүлүстөн тууган чородон
Күчтүү найза жеткени,
Эрдемсинген Жаманак
Камгактай учуп кеткени.
Жаманак аттан жыгылып,
Топого башы тыгылып.
Жараткан жалгыз кудайга,
Гүлчоро өзү сыйынып.
Токтонуп калды жаш арстан,
Ат койуп кирип баруудан,
Араңдан зорго тыйынып.
Жекеге келген Саламат,
Беттеше албай качты эле,
Чекелеп келген Канчоро,
Беш секиртпей жетти эле.
“Көк күрмөнүн этеги,
Көмкөрмө ээр кашы - деп,-
Көтөндүн бүрмө чети - деп,-
Көмөлөнөр кези” - деп,-
Күркүрөтүп найзасын
Күчү менен сунганы,
Күүлөнүп барып урганы.
Карала аттуу Саламат
Каргадай учуп жеткени.
Качырбастан Гүлчоро
Караладай күлүктү,
Чылбырдан кармай жеткени.
Жедигердин эки эрин,
Канчоро менен Гүлчоро
Жалмады баатыр шерлерин.

www.bizdin.kg

Жетик тууган кеменгер,
Жекеден сайып эки эр.
Желип чыга бергенде,
Жардап турган калың кол
Желмогуздан кутулду,
Берендерге кылалы,
Жедигер түрү бузулду.
Сабын, түзөп, мыкамдап,
Кайтадан тизди кошунду.
Жазбай сайар мыктууну,
Бир сап кылып алды эле.
Мылтык атар ыктуусун,
Жазбай атар мыктуусун,
Жан айабас тыңдуусун,
Бир сап кылып бөлдү эле.
Бир катарга салды эле,
Чокмор чабар ыктууну,
Чокуга чабар мыктууну,
Бир катарга бөлдү эле.
Көк сойулун көтөргөн,
Көктү карап жөтөлгөн,
Көк ала сакал карысын,
Керекке келбес баарысын,
Бир сап кылып алды эле.
Жанына кылыч байланган,
Кан ичүүгө шайланган,
Бөрк ал десе, баш алган,
Суу ич десе, кан ичкен,
Суу ордуна кан кечкен.
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган,
Миңди көрсө шашпаган,
Көп экен – деп жазганбай,
Көөнүнчө жумуш баштаган,
Көй кашканын баарысын,
Бир сап кылып алды эми.
Баш сапка элин бөлүнтүп,
Бузук пейлин көрүнтүп.
Аттарынын баарысын,
Куйругун жерге шүйүлтүп.
Жедигер минтип камданды,
Көргөн жандын баарысын,
Асыл жандан түңүлтүп.
Аларды көрүп эр Семең
Кенебеген эр немең.
Каарланып турганда,
Гүлчоросу кеп айтат:
- Айланайын, абаке,
Жоого көзүң сал - деди,-
Чынкожо менен Толтойду,
Өзүң көздөп ал – дед,-

www.bizdin.kg

Жан жолдошум Канчоро
Аны алып жаныма,
Калкылдаган көп колго,
Аралап мен чыгайын.
Абалым келсе, абаке,
Көтөргөн туусун жыгайын!-
Күркүрөгөн Гүлчоро,
Карарган катуу Канчоро,
Аралап кирип кеткени,
Карапайым көп колго.
Тууну тууга урушту,
Туу көтөргөн жедигер,
Туу такандап турушту.
Карсылдаган найзага.
Тарсылдаган мылтыкка,
Бапылдаган сурнайга,
Мээ ачып, кулак тунушту.
Күнү-түнү он беш күн.
Ушундай уруш кылышты.
Сабын бузуп найзалап,
Башка уруп балталап.
Кагылышкан найзадан,
Башка урулган балтадан.
Чокулаган чомоктон,
Күркүрөгөн көп октон,
Кырчылдашкан кылычтан,
Айбат, сүрөөн кылышкан.
Мына ушундай туруштан,
Четтей түшүп караса,
Көрүнөт көзгө, о, чиркин,
Бир киши өлбөй калгандай,
Ушунча болгон жумуштан!
Канчоро менен Гүлчоро
Кайнап жаткан жедигер,
Кайта айланып тийди эле,
Күнү-түнү он беш күн,
Жана уруш кылды эле.
Эңкейиште эр сайып,
Экөөнү катар тең сайып.
Суу ордуна кан агып,
Аттары жүрбөй калды эле.
Четке чыгып караса,
Канчоро менен Гүлчоро
Эрдигине жараша,
Жуушаган койдой болуптур.
Жедигер мындай оңуптур!
Соотторду четине,
Ок кадалып бетине.
Олпокту чечип күбүшүп,
Тушарга чейин ок түшүп.
Ойулбаптыр жедигер,

www.bizdin.kg

Көптүгүнөн бүк түшүп.
Гүлчоро менен Канчоро,
Абасын эске алыптыр,
Чекенелеп чегинип,
Семетейге барыптыр.
Чынкожо, Толтой биригип
Аны камап алыптыр.
Карала менен канаттуу,
Чынкожо көктөн октоптур.
Тунартып көзүн ачтырбай,
Толтой жерден чоктоптур.
Аколпокко ок деген,
Уй түгүндөй орноптур.
Камаарабас Семетей,
Муну, капарга алып койбоптур.
Аны көрүп Гүлчоро
Ичи жаман ачынып.
Ызырынып айкырып,
“Манастап” ураан чакырып.
Семетейдин жанына,
Салып жетип барды эле.
Өкүргөндөн бакырып,
Өрүктүн башын жапырып.
Жедигердин эр Толтой,
Жерден атып мылтыктап,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Асмандан атып ок чыңдап.
Жебенин огу зыркырап,
Койчагыр огу дыркырап.
Очогор үнү күркүрөп,
Уккандын бойу дүркүрөп.
Жан айабай Гүлчоро,
Кирип келди күркүрөп.
Кожо, кызыр жанында
Колдоп жүргөн немеси.
Эми келе жатат – деп,
Баабедини башында,
Баштап жүргөн немеси.
Жана келе жатат – деп,
Гүлчорону көргөндө,
Алты куржун ок-дары,
Оң жагына байланып.
Аркар өтпөс Ала-Тоо,
Чынкожо кетти айланып.
Семетей октон кутулуп:
- Азамат жыйдым, эр жыйдым
Гүлчорочо болгон жок.
Аргымак жыйдым, ат жыйдым
Тайбуурулча болгон жок.
Аркаң тийип, Гүлчором,
Эми араң кутулдум,

www.bizdin.kg

Атышынан куугундун
Чынкожо көктөн октоду,
Толтой жерден чоктоду.
Тунарып көзүм тумандап,
Аталбай колум токтолду.
Гүлчоро анда кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
- Он атканда бир атпай,
Ооруң барбы, Семетей?
Бир Манастын тукуму,
Атакемдин арбагын,
Ааламга кеткен атагын,
Аныктан билгин ушуну!
Асынып жүргсөң  Аккелте,
Ай далынын белеги.
Атып жүрсөң Аккелте,
Аманат жандын эрмеги.
Атпасаң жоого Аккелте,
Анда неге кереги?!-
Деп, ошентип Гүлчоро
Ачууланып токтолду.
Аттан түшүп силкинип,
Аккелтени октоду.
Аколпокту жамынып,
Атакеси Манастын,
Арбагына жалынып.
Жалгыз жолдун Чаарарча,
Илгертеден бар арча.
Чаарарчанын белеске,
Тайбуурулду жетелеп,
Чыгып келди кезеңге.
Качкан бойдон Чынкожо,
Алатоо башын айланып,
Келген экен барынча,
Ок-дарысын камданып.
Булуттун чыгып үстүнө,
Адам бакпай жүзүнө.
Зыркыратып ок атып,
Эки ооздуу кол жебе,
Кере чойуп ал тартып.
Анын огу жаадырган,
Сараласын Алмаңдын,
Мойундан таарып кетти эле.
Алаңгир жаа, сур жебе,
Каныкейдин аргымак,
Белин таарып кетти эле.
Жети атар огу зыркырап,
Жебенин огу чуркурап.
Очогордон үн чыгып,
Он төрт аттан чуу чыгып.
Ажыбайдын Карткүрөң,

www.bizdin.kg

Каны агып жан чыгып.
Өңкөй күлүк аттардан,
Онду атып өлтүрдү,
Ошондой ишин бүтүрдү.
Аттардын баарын сойгондо,
Каары ичине толгондо,
Чынкожо мындай ойлонду:
“Баабедини жанында
Баштап жүргөн немеси,
Эми келип калбасын.
Кожо, кызыр жанында,
Колдоп жүргөн немеси,
Жана келип калбасын”.
Арка бөлбөс Алатоо,
Чынкожо учуп ал жете,
Көрүнүп калды элестеп,
Томуктай болгон ак чеке.
Кол саадакка ок салып,
Куржунун байлап бекемдеп.
“Солкулдаган чороңду,
Соо койбой сойсом экен”-деп.
Астына салып булутту,
Үстү менен чебердеп,
“Гүлчоро башын жесем”- деп.
Алты атар огун жаадырып,
Амалын анын тапсам – деп.
Как чекеге атсам”- деп,
Байкап келет чекелеп.
Алты атарын алты атып,
Алеңгир жаа, сур жебе
Кошо тартса Чынкожо,
Жети атарын жети атып,
Желмогуздай сур жебе
Кошо тартса Чынкожо,
Беттеп адам тура албайт,
Мылтык аткан ошого.
Баатыр туулган Гүлчоро,
Балбандыгы бир канча.
Кыраан туулган баатырдын,
Кыйындыгы ушунча.
Аккелтени колго алып,
Айабай чыңдап ок салып.
Сүмбө уруп, үч тартып,
Сүр куйрук менен бир тартып.
Соолуп калган түгөнгүр,
Айагында күч тартып.
Алдындагы тулпардын,
Жалына оозун артылтып,
Кирпик кагып ирмебей,
Тирүүлүгү билинбей,
Тиктеп турса Гүлчоро,

www.bizdin.kg

Булутта жүрөт Чынкожо,
Кароолго түк илинбей.
Бөлүнүп булут сөгүлдү,
Арам өлгөн Чынкожо,
Бир карааны көрүндү.
Көрүнгөндө түгөнгүр,
Ошондо каны төгүлдү.
Чагарак ооз Алмабаш,
Ыңай туура ылгабас.
Атадан калган Аккелте,
Ак келтеден чок кетти,
Аккелтеден ок кетти.
Бир жак канат мүрүдөн,
Үзүлүп чыгып калкылдап,
Өйдө учалбай Карала ат,
Жерди көздөй самсаалап,
Түшкөнү калды Чынкожо,
Сарапча ташка жакындап.
“Келдиңби колго акыр” - деп,
Канчоро чуркап баратат.
Канчоро үнүн укканда,
Катуу шашып Семетей,
Ал баратат далбактап.
Тайбуурулду койгулап,
Гүлчоро барат барбактап.
Чын жанына күч келип,
Өмүрү анын акырлап.
Семетейге жакындап,
Болжурап барат Чынкожо,
Туугандыгын аныктап,
Кожурап барат Чынкожо:
- Жаңырыктуу кыйадан,
Жалгыз элең уйадан.
Жалгызым баатыр Семетей,
Канымды сенден суранам!
Элик баспас кыйадан,
Элкин элең уйадан.
Эр Семетей баатырым,
Канымды сенден суранам!
Алдыңдан кыйа баспайын,
Арканаң кылап айтпайын.
Айтканыңды кылайын,
Чапсаң мойнум сунайын.
Эми мындан калганын,
Өзүң билгин, чунагым!
Өзүңө кылсам жамандык,
Төбөсү ачык көк урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Суу бүтпөгөн чөл урсун!
Толкуган дайра, көл урсун!
Тообомон жансам эгерде,

www.bizdin.kg

Токсонуң сенин мени урсун!
Буларды айтып Чынкожо,
Карганган бойдон шакылдап,
Семейге келди жакындап.
Албарстыдай жалынып,
Мойнуна курун салынып.
Ыйлап турду буркурап,
Чөк түшүп ага багынып.
Ала көөдөн эр Семең.
Ачык жолу шар немең.
Арамдык менен иши жок,
Эли, журтум дегенде,
Эрдигинин чеги жок.
Ак көңүл кайран эрендин,
Арамдыктан шеги жок.
Жер жүзүндө пендеден,
Мындай берен теги жок.
Чынкожо сөзүн укканда,
Бүткөн бойу тердеди.
Чын өкүндү деп ойлоп:
- Каныңан кечтим, кел – деди.
Билсең болду азганың,
Жанымда тура бер- деди.
Арам ойлуу Чынкожо,
Ар качан иши чыр Кожо,
Агарбас көөнү сыр Кожо,
Арамдык ойго батканы,
Акырын жылып билгизбей,
Ал Семең көздөй басканы.
Жакындап жетип алган соң,
Жашырып турган балтасын,
Алды колго чапканы.
Ал аңгыча Гүлчоро,
Ашыгып жетип барганы.
Кечиргенин Семеңдин,
Гүлүстөн билип алганы.
Камындырбай Кожону,
Колдон бекем кармады:
- Айланайын, абаке,
Акылың терең, манеке.
Өзү келген Чынкожо,
Өзгө мени дебеспи.
Ага болсо өзүңө,
Маа кайнага эмеспи.
Көрбөгөнү көп болгон,
Учурашып алайын.
Кучакташып көрүшүп,
Кумарга мен канайын -
Деп, ошентип жаркылдап,
Кара күчкө каркылдап.
Барып жетип бир аттап,

www.bizdin.kg

Мойундан арта кучактап,
Сол колун ага артканда,
Ийинден алып тартканда,
Биле албай ырас, жалганын,
Чынкожо ойлоп жатканда.
Гүлүстөн аста кынтайып,
Этектин учун каңтарды.
Сабы алтын, мизи курч,
Сууруп алып шамшарды,
Чынкожонун кардына,
Күчөп тыгып жиберди.
Толгоп, толгоп жана да,
Кезерип туруп нидерди.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кокуйлап жерге жыгылды.
Кан ичкенди ким көргөн,
Мына мындай кыйынды?
Ошол үчүн түгөнгөр,
Кырып, жойгон кылымды!
Колкосун сууруп кол салып,
Жүрөгүн жарып кан алып,
Ичин жарып, өт алып.
Бөйрөк майын кошо алып,
Мөлтүлдөпүп сугунуп,
Чынкожодон өч алып.
Канын ичип тойгондо,
Канкор чороң сойгондо
Семетей айтты ошондо:
- Күнөөсүн кечсем мен анын,
Канжарлап жарып ичипсиң,
Калтырбай ичте бар канын.
Өзүңө жакса маа жакпайт,
Куу тумшук, ушу лкылганың!
Эр Гүлүстөн түгөнгүр,
Абасын карап күлдү эле,
Мындай айтып ийди эле:
- Абаке, менин кубатым.
Чынкожоңо ич ооруп,
Чыдай албай турасың.
Чыныгы тууган сеники,
Чындашар душман меники.
Аталаш тууган сеники.
Атышар душман меники.
Айтпасам эстеп койбойсуң,
Аташкан жарың алам – деп,-
Азапка салган кимиси?
Арылтпасаң мындайды,
Абаке, теги тынчыбайт,
Ак калпак кыргыз эли ичи!
Жүлүнгө сайып Гүлчоро,
Жүйөөлүү сөзгө келгенде,

www.bizdin.kg

Кептин учу жыйылып,
Семетейге тийгенде,
- Болду, чором, болду, – деп,
Басылып калды Семетей,
 Жүйөгө мойун ийгенде.
Каарданып Канчоро,
Казабы катуу кармады.
Бугу ичине чогулган,
Булкундуруп батпады.
Семетейден сурабай,
Гүлчорого карабай,
Буттай темир курчанып,
Туулга кийип башына,
Карманып балта колуна,
Ызырынып, айкырып,
Ачуудан көзү чачырап,
Оозун ачып жумганда,
Азуулары качырап.
Чарайна тартып белине,
Душмандан өчүң алууга,
Качырып тийип Толтойго,
Калбаны катуу салууга.
Куйма таман үзөңгү,
Теппей туруп минди эле.
Чынкожонун Карала ат,
Тизгинин колго илди эле.
Жер сойулуп кылкылдап,
Найзанын учу жылтылдап.
Ат куйругу былкылдап,
Асаба көктө калкылдап,
Жедигерге Канчоро,
Кирип барды жакындап.
Каары катуу Канчоро,
Мас болгон нардай күркүрөп.
Канчорону көргөндө,
Кан кусту калың, жедигер,
Кара бойу дүркүрөп:
- Жетисуу толгон жедигер,
Алдыма менин келдиңер.
Көрсөтпөйүн жериңди,
Кошпойун бир да элиңди! –
 Деп, сүйлөнүп Канчоро,
Бузду жаман пейлини.
Канчоро жайы ушундай,
 Канаттуу карга качырбай,
Айлантып камап, көп колду,
Жалгыз киши бастырбай.
Найза сайар мыктуусун,
Балта чабар ыктуусун.
Кылыч чабар кыйынын,
Кыбыратпай кыйырын.

www.bizdin.kg

Очогорун октотпой,
Милтелерин чоктотпой
Кыйган талдай сулатып,
Мылтык атар мергенин,
Тарттырбай маша кыйратып.
Балтасы бар колунда,
Баары уруш жолунда.
Менменсиген баатырын,
Башка чаап аттан кулатып.
Жедигерди дүргүтүп,
Үркkөн койдой сүрүлтүп.
Алдындагы Каралат,
Аркадан чаңын түрүлтүп.
Карылуусун какшатып,
Кабаттап темир кийгенин,
Калтырбай жерге жаздантып.
Сооттуусун сойлотуп,
Олпоктуусун онтотуп.
Каршы келген немесин,
Кара жерге баштантып.
Оң-тескери кыйратып.
Ага-ини туугандын,
Көзүнүн жашын чубалтып.
Алдына тирүү жан койбой,
Аймап кетип баратат.
Утур келген адамды,
Жалмап кетип баратат.
Таратып таандай саптарын,
Таптап кетип баратат.
Кыйамына келгенди,
Кырк-отуздан сулатып,
Сабын бузуп талкалап,
Семетейге аркалап,
Гүлчорого сүйөнүп,
Жаман кирди Канчоро,
Желегин жерге кулатып.
Жагалданып күүлөнүп,
Канчалык кырса Канчоро,
Кара таандай Толтойдун,
Калың колу суйулбайт.
Кырып жойуп жүрсө да,
Качып эми чубурбайт.
Качууга алы жок болуп,
Толтойдон коркуп токтолуп.
Калба менен калың журт,
Камоодо калган окшонуп.
Жаман кирди Канчоро,
Карала атты камчылап,
Борбуйдан тери тамчылап.
“Эрдигимди көрсүн –деп,
Эркексиген Толтойдун,

www.bizdin.kg

Эми айласы кетсин" – деп.
Атакеси Чубактан,
Атайын калган асыл мүлк,
Асынган ай далыга.
Көп эл куштар болушкан,
Көкчыбык деген даңкына.
Көкчыбыкка ок салып,
Күрс дедире бир атып.
Түтүнү баштан арылбай,
Удаа-удаа он атып.
Сабын бузбай кошундун,
Он, он бештен сулатып.
Кыйрына келсе жаа тартып,
Кыйамына келгенде,
Кырк-отузун кулатып.
Кызыл канын жошултуп,
Кыргын салды буларга.
Жан айабай Канчоро,
Жаман кирди буларга.
"Жетисуу толгон жедигер,
Жалгыз эмес барың кел!
Испан менен Индыстан,
Кошуп баарын чабам – деп,
Жолукса Толтой коркпостон,
Жолдо жайын табам" – деп.
Найза колдо зыңгырап,
Мас болгон нардай күркүрөп,
Кетелек белде кеңгиреп,
Жаралуу болгон камандай,
Жан ачуусу чын, келип.
Түкүрүнүп колуна,
Ылдамдап жеңин түрүнүп.
Карала аттын канаттуу,
Аркадан чаңын сүрүлтүп.
Алты катар аң келсе,
Арыктан бетер түйүлтүп.
Канчоро катуу киргенде,
Калың кара жедигер,
Калды жандан түңүлүп.
Кайырдин туулган Канчоро,
Камандан жазбас мүнөзү.
Жаман келди каарданып,
Кан төкчүдөй кыйазы.
Кыйгактуу найза жапырып,
"Манастап" ураан чакырып:
"Камоодо турган жедигер,
Кайда качат элиңер?!" –
Деп, Канчоро жулкунуп,
Кармаганы Ачалбарс,
Кайсаганы ач жолборс.
Колго алганы чоң балта,

www.bizdin.kg

Жолугушкан соо болбос.
Эрге белек Сырнайза,
Алып колго сурданса.
Чыдап турар жери жок,
Кара ташты ал сайса,
Калмак, кытай, жедигер
Чогулуп баары туу жайса,
Токтоо кылар жери жок.
Толкуну көлдүн шарындай,
Салкыны сырттын желиндей.
Качырганы илбирстей,
Атасы баатыр Чубактай,
Көп экен –деп шашпаган,
Калың жоодон качпаган.
Өзү көрктүү, сулуу кул,
Өңгөгө салат, муңду бул.
Башы көрктүү, сулуу кул,
Башкага салат, муңду бул.
Болжоп туруп, кеп кылган,
Болбосо түк бир унчукпас,
Туура келсе, кеп кылган,
Болбосо күн-түн унчукпас.
Ачып оозун күлбөгөн,
Адам уулу болгону
Мунун ачык сырын билбеген.
Арсаңдап тишин кашкайтып,
Ар кайда күлүп жүрбөгөн.
Анда-мында олжооркоп,
Араңдан зорго сүйлөгөн.
“Баарысынан бул жаман,
Аман болсун журт” –деген.
Карала атты каар менен,
Томукка тартып жиберип,
Толгомо саптуу Ачалбарс,
Колуна кармап имерип.
Алдындагы Каралат,
Ооздук тиштеп нидерип.
Түрү суук кылчылдап,
Канчоро барып киргенде,
Кан агып жер былчылдап.
Билегин өөдө түрүнгөн,
Баатырдыгы билинген.
Алдындагы Карала ат,
Так аттап аңдан түйүлгөн.
Калың колго киргенде,
Качырып барып тийгенде,
Өрдөктөй мойну узарып,
Өрттөй көзү кызарып.
Какайып атка чалкалап,
Кайда калың топ болсо,
Качырып аны талкалап.

www.bizdin.kg

Албарс менен кайсалап,
Астына басып айдады,
Утур келген алдына,
Тирүү пенде калбады.
Түпкүлүктүү жедигер,
Жетпей турат дарманы.
Канчоронун көп өттү,
Ошол элге залдары!
Башка чаап балбанын,
Баарын жерге жаздантып,
Бакисин койбой зарлантып.
Келгенине зар кылып,
Көбүнүн оозун кармантып.
Чыгарбай канкор тыш жакка,
Имерип тийген жаандай,
Ителги тийген таандай.
Боз сеңирди айлантып,
Шыдыр ылдый чубуртуп,
Кырылган кой шекилдүү,
Кырып жүрөт Канчоро,
Жон-жон ылдый жойултуп.
Кылычтан канын куйултуп,
Колун айдап чубуртуп.
Койдой кылып үркүтүп,
Жойуп жүрөт, Канчоро.
Жүзүнө баккан киши жок,
Туура келип ошого.
Чыдай албай түгөнгүр,
Чымырканып чоң Толтой,
Кабаттап темир соот кийип,
Суркойондой ат минип.
Эрдик кылып желигип,
Эр көкүрөк демигип.
Түпөктүү найза колго алып,
Тундуруп кулак чуу салып.
Айбалта белге байланып,
Имерип кылыч карманып.
Эки жагын каранып,
Ээрди, мурдун жаланып.
Бет алганды кыйраткан,
Белдүү чочко эр Толтой.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир мынча.
Өлөмүн деп ойлобой,
Өз ойун ченеп болжобой.
Найзаны кармап сундуруп,
Найзасынын учунан,
Жалындаган от чыгып.
Таноосунан буу чыгып,
Алдында минген тулпардын,
Колтугунан суу чыгып.

www.bizdin.kg

Аркасынан Толтойдун,
Тополоң уйуп чаң чыгып.
Тоодой болгон түгөнгүр,
Томуктай болгон чоронун,
Каршы алдынан ал чыгып.
Карагандан кан чыгып,
Кармагандан жан чыгып.
Ажыдаардай чамынып,
Үстүнө темир жамынып.
Алдындагы Суркойон,
Кулжадай төшү салынып.
Араандай оозу ачылып,
Ак көбүгү чачылып.
Айкыргандан бакырып,
“Багыштап” ураан чакырып.
Тоодой болгон түгөнгүр,
Топко кирди аралап,
Канчорону качырып.
Качырганда турчубу,
Толтойду кудай урганы,
Көк найзаны күүлөнтүп,
Эр Канчоро баатырга,
Имере кармап булгады.
Тоо экен – деп – жазганбай,
Балалык кылып апкаарбай.
Баатыр туулган Канчоро,
Бара жатат жазганбай.
Найзалашып, алышып,
Бир беттеше жарышып.
Найзанын кыйрап саптары,
Куру кол болуп калышып.
Тобокел кылып Канчоро,
Чойунбашты колго алды.
Тийген жерде чойунбаш,
Талкан болот кара таш.
- Эрдемсиген эр Толтой,
Мыкты болсоң көзүңдү ач.
Эрдик кылсаң сен Толтой,
Кезектешип келерсиң,
Кезекти мурда берерсиң.
Коркуп калса жүрөгүң,
Мен өзүм туруп беремин!
Канчоро кебин укканда,
Кара тоодой Толтойдун,
Каары катуу кармады.
Калканды кармап колуна,
Түпөгүн такап найзанын,
Акканкынын бооруна,
Айбат менен турду эле.
Жазганган жок Канчоро,
Жааган күндөй карарып,

www.bizdin.kg

Жан айабай урду эле.
Баатыр экен ал Толтой,
Кыймыл этпей, кыңк этпей,
Ээрден ооп, былк этпей,
Суркойондун үстүндө,
Сомдоп койгон түркүктөй,
Солк этпестен турду эле.
Өтө түшүп Канчоро,
Каралат оозун бурду эле.
Козголуп Толтой болгуча,
Кош колдоп жана урду эле.
Мындайда карап турчу эмес,
Эгеште эки чапчу эмес.
Эки чабыш жеткенде,
Үч чабышка турчу экен.
Жана айланып Канчоро,
Жан айабай бакырып,
“Манастап” ураан чакырып.
Толтойго жетип барганда,
Карала ат тура калганда,
Үзөңгүгө тамандап,
Ээрдин тиштеп качырып,
Катуу чапты жапшырып.
Жедигердин Толтойун,
Жиберейин – деп – азыр,
Жер алдына тапшырып.
Мына ошентип жана да,
Как төбөгө салганда,
Калбоочудай көрүндү,
Толтой тирүү жалганда.
Ачылып көзү жумулуп,
Нымыгып бойу жуурулуп.
Алдындагы Суркойон,
Чаңдан чыкты суурулуп.
Алла насип кылган ат,
Так өзүнө буйуруп.
Алып чыкты Суркойон,
Арасынан бой уруп.
Жан айабай Канчоро,
Жаман чапкан болсо да,
- Саламат чыкты эр Толтой.
Чабууга ага кез келип,
Бир чапканда чорону,
Карала ат чыкты бош желип.
Канчорого карабай,
Карала атты кармоого,
Толтой кетти желигип.
Балааны башка салганда,
Жалпайып жатып калганда.
Алдынан чыгып Гүлчоро,
Чоң Буурулга камчы уруп,

www.bizdin.kg

“А дүйнө кеткен атамдын,
Арбагы азыр колдо” – деп,
Канчорону кутказып,
Алуу учун бой уруп.
Салып бара жатканда,
Алдына кирип Карала ат,
Алактап качып алыптыр.
Арт жагынан салактап,
Толтой кууп калыптыр.
Утур келген Карала ат,
Чылбыры колго тийгени.
Жетелеп алып, дуу койуп,
Канчоронун жанына,
Салып жетип кирди эле:
- Канчоро, аман барсынбы,
Сак-саламат калдынбы?
Зардалым баатыр, барсыңбы,
Залкайып аман калдыңбы?
Канчоро туруп муну айтат,
Кыйраган найза сабынын,
Уңгусуна тайанып:
“Кетип кала жаздадым,
Толтойдон тоодой балта жеп,
Акыреттен жай алып!”
Каралды болуп Гүлчоро,
Каралатты карматты,
Канчорого: “Мингин” – деп.
Ал аңгыча айкырып,
Алп Толтой баатырың,
Аларды келди бастырып.
Ат дүбүртүн укканда,
Айгай сүрөөн чыкканда.
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Алдынан тосуп чыкты эми.
Гүлчоронун көгөргөн,
Ачуусунан түн безип,
Кайратынан карарган,
Кара бойдон тер кетип.
Эки көзү от жанган,
Ирмебей кирпик таш тешип.
Бастырганда атынан,
Кара куйун, чаң чыгып.
Аркасынан эрендин,
Айдар кара жал чыгып.
Эки жолборс кабышып,
Карсылдап тиши ал чыгып.
Жылаңач кызыл дубана,
Чылбырынан жетелеп,
Кызыр болуп жолдошу,
Кылып кызмат энтелеп.
Эки түгөй сур бөжөк,

www.bizdin.kg

Үзөңгүгө асылып.
Отуздан кулжа оң солдо,
Жандай чуркап басылып.
Боз ала чаар чоң жылан
Гүлүстөндүн куруна,
Үч оролуп алыптыр.
Колдоочусу Манастын,
Баары колдоп калыптыр.
Аккула минген аты бар,
Арстан Манас салты бар.
Ал чорону жетелеп,
Жандап алган чагы бар.
Колдоочусу чоронун,
Айтыла элек дагы бар.
Олуйа Кошой жанында,
Эки окшош сулуу кыз,
Кол куушуруп алдында.
Анын аркы жагында,
Алмамбет, Чубак эки шер,
Жаандан ашкан кеменгер.
Сыргак болуп жолдошу,
Көрүнө чыкты колдоочу.
Көп экен – деп – жазганып
Көсөм Толтой качкан жок.
Жаш баланын жанына,
Жабыркатып салды от.
Тосуп чыгып алдынан,
Баатыр Толтой атып топ.
Керип, чойуп жаа тартып,
Мылтык кезеп, ок атып.
Аз келгенсип анысы,
Сундуруп найза чунайтып.
“Чоросун сайып нетейин,
Семетейди Буурулдан,
Көмө сайып кетейин.
Аңтара сайып кулатып,
Чынкожо өчүн алайын.
Акундун кызы Чүрөктү,
Тартып алып жанайын.
Баатырсынган канкордун,
Башын кесип чалайын.
Кайра кетпей бул бойдон,
Кеңколго чейин барайын.
Баабедини колдогон,
Баланын башын кесейин.
Чымырканган Семеңдин,
Чын түбүнө жетейин.
Антымды ушул кылбасам,
Адам болбой кетейин!” –
Деп, ойлонуп эр Толтой,
Кор болом – деп – ойлобой.

www.bizdin.kg

Комсоо көрүп баланы,
Колдобой пири койгондой.
Качырып Толтой жөнөдү,
Маңдайлашып калганда,
Колдоочуну көргөндө,
Апкаарып алар сүрүнөн,
Жүрөгү чыгып өлбөдү.
Алдындагы Суркоен,
Ооздук тиштеп, көз жайнап.
Ооздукка кошо тил чайнап,
Ала качып алкылдап,
Жаалы кетип шалкылдап.
Төрт айактан чыккан от,
Чакмак таштай жаркылдап.
Учкан куштай закымдап,
Урган таштай зыркырап.
Гүлчорого эр Толтой,
Жетип барды жакындап.
Чабайын – деп – баланы,
Аманат жандын жайын таап.
Каршы алдына барганда,
Качырып найза сайганда,
Кимдер кайрат кыла алат,
Бул өңдөнгөн балбанга?
Балбандыгы бар Толтой,
Баатыр, күчтүү, шер Толтой.
Жалгыз турса карааны,
Сан миң кара көп колдой.
Гүлчоро андан кем эмес,
Өзүн тууган акжолтой.
Көк найзаны көрсөтүп,
Күркүрөтө сунду эле.
Томуктай кызыл баланы,
Көөдөндөн нары урду эле,
Күркүрөгөн эр Толтой,
Өтө берип турду эле.
Чылбыр бойу ыраакка,
Учуп барып түштү эле.
Багыштын уулу эр Толтой,
Мына ушундай күчтүү эле.
Гүлчоро баатыр өзү жаш,
Атка кыйын, минет маш.
Сайган найза тарткыча,
Кармап атты алгыча,
Карала атты койгулап,
Канчоро барды аңгыча.
Жандай чуркап атына,
Гүлчоро минди жабыша.
“Шай колдогон атакем,
Кубат бер – деп – өзүмө”,
Коморуп найза алды эле.

www.bizdin.kg

Тоодой толкун шары бар,
Толтойго жазбай салды эле.
Көк түпөк кызыл найзасын,
Көөдөнгө сайып мылгытып,
Көмө саймак нээтинде,
Эр Толтойду ыргытып.
Баатыр Толтой былк этпей,
Ээрден көчүк кылт этпей.
Эчтемени элебей,
Эрдиги артык кенебей.
Канчоро келип капталдан,
А, дагы найза урду эле.
Бит чакканча көрбөстөн,
Кайкайып карап турду эле.
Эки бала көгөрүп,
Эки найза өңөрүп.
Бири тартып, бири сайып,
Экөө бирдей тең сайып.
Кетти айласы Толтойдун,
Ачылып оозу ырсайып.
Эки чоро баладан,
Эми Толтой нетиптир,
Чочуп жаны Толтойдун,
Толгонууга жетиптир.
Ал аңгыча артынан,
Актелки менен аргытып,
Качырып катуу каргытып.
Ашыккандан Семетей,
Артынан жөнөп калганы.
Оорлоп аны Актелки,
Самагандай баспады.
Олбуй-солбуй камчы уруп
Семетей жаман шашканы:
- Катыгүн, чором, неттиң – деп,
Кайратың кайда кетти?! – деп
Алыстан Семең айтканы,
Семетей үнүн укканда,
Толтойдун эси чыкканы.
Шашып калган Толтойго,
Гүлчоро найза урганы.
Эрен тууган Толтой да,
Кайрып найза булгады.
Бой бербестен Гүлчоро,
Толтойдун урган найзасын,
Улай учтан кармады.
Кармаганда найзаны,
Куту качкан Толтойдун,
Колунан сууруп алганы.
Айтылып калды ушундай,
Гүлчоронун жомогу.
Урпактарга эрдигин,

www.bizdin.kg

Угузбасак болобу?
Найзасы колдон кеткенде,
Чын ажалы жеткенде.
Качып берди Толтойуң,
Каны агарын сезгенде.
Тороп алдын тогошор,
Толтойдо эми каруу жок,
Эрен Гүлүс Толтойдун,
Эрдигине салды от.
Кагыша албай кайрылып,
Эрдигинен айрылып.
Куру кол калып эр Толтой,
Кор болуп жаман шер Толтой,
Атынын башын буруптур,
Айабай камчы уруптур.
Балта алар шайы жок,
Башка чабар алы жок.
Үч беренге өкүргөн,
Далбас урар дайны жок.
Кылыч сууруп кынынан,
Кырчылдашар чагы жок.
Мылтык чоктоп, ок атар,
Милтесинде дары жок.
Колундагы найзасын,
Сууруп алган немеңдин,
Үрөйүн көрүп берендин,
Оролмо тоону бет алып,
Суркойон куйрук булгалап,
Булактап качып жөнөдү.
Кабылан Толтой качканын,
Калкынын баары көргөнү.
“Падышабыз качты – деп,
Баш кишибиз өлдү – деп.
Ким бет келип чыга алат,
Бул өңдөнгөн эрге – деп? –
Кары-жашы биригип,
Кайталы эми жерге” – деп.
Жедигер качты чубуруп,
Эр Толтойдун артынан,
Чоро кетти буулугуп.
Канчородой баатырдын,
Каары жаман ашыптыр,
Алдындагы атына,
Айабай камчы басыптыр.
Тоссо калың жедигер,
Токтоо берип болбоду.
Караңгыда бөрүдөй,
Качкан элди сойгону.
Кылычтан каны тамчылап,
Кызыл ала чаң чыгат.
Канчоронун каарына,

www.bizdin.kg

Калар эмес жан чыдап.
Эңкейиште эр сайып,
Экөөнү бирдей тең сайып.
Жүзүн сайып жүдөтүп,
Миңин сайып түгөтүп.
Таамай миңге толгондо,
Бирден оңко тургузуп.
Карала атты камчылап,
Калктын ичин чулгутуп,
Канжардын мизи калбады,
Кылычын сууруп алганы.
Кыйындын баарын кыйратып,
Кыргынды катуу салганы.
Ошол үчүн булардын,
Айтылып калды дастаны.
Канчоро менен Гүлчоро,
Кан ичме атка калганы.
Кылычта миз калбады,
Найзада уч калбады.
Такыр тайак сыйактуу,
Дайар сойул болуптур.
Такат кылбай ачууга,
Такыр элди сойуптур.
Жедигер ичи бузулуп,
Жез кемпирдин жети уулу,
Чорого жардам болуптур.
Жедигердин элинен,
"Манастап" ураан чуу чыкты.
Жедигерден бөлүнүп,
Жети баатыр уул чыкты.
Жеринде булар эр экен,
Теңдеши жок шер экен.
Толтойдун көзү жоголсо,
Журт башкарат дээр экен.
Муруntан кыргыз элдери,
Бирин бири кайсашып,
Ыркы кетип ыдырап,
Алсызды алдуу айсашып,
Кырылып келген кеп экен.
Жетисуу кетер жери жок,
Эл кайгысы көп эле.
Жез кемпирдин жети уулу,
Өз жеринде шок эле.
Бөлүнүп булар чыкканда,
Эл токтоду тим эле.
Камандай бойун күүлөшүп,
Канчоро менен сүйлөшүп.
Колду жайлап түшүрдү,
Колдун ишин бүтүрдү
Элди жайлап түшүрдү,
Элдин ишин бүтүрдү.

www.bizdin.kg

Качып кеткен байагы,
Эр Толтойдон түңүлдү.
Элдин баары зыркырап,
“Кошулуп кетер бекен” – деп,
Эр Толтойго чуркурап.
Кызматын көргөн Толтойдун,
Кыйланын жашы чубурат.
Сыйынышып кудайга,
Жыйылышып эл турат.
Жез кемпирдин жети уулу,
Жедигер элин башкарат,
Андан мурда Семетей,
Жерин качан көрүптүр?
Барбай туруп ал жерге,
Элин качан көрүптүр?
Жетисууну жети айрып,
Жез кемпирдин жети уулун,
Хан көтөрүп койуптур.
Толтойдон үмүт кылышып,
Кыйлалары туруптур.
Толтойдун качып кеткенин,
Кара бет Чүрөк баш болуп,
Катын-кыз баары угуптур.
Кайра качкан эр Толтой,
Байланган башы шер Толтой.
Баладан качып баратып:
“Жердин, суунун Желпиниш,
Ошого качып кетсемби?
Жалгызкөздөй баатырга,
Арзымды айтып жетсемби?
Алатоо башын кыдырып,
Анжийан кирип кетсемби?
Айланып тоонун этегин,
Ташкенден ашып жол басып,
Аралап токой, бел ашып,
Индыстан кирип кетсемби?
Куткарбаса түгөнгүр,
Деңизге кирип кетсемби?
Бээжинге кетчү беш жолго,
Аны көздөй качсамбы?
Белдүү Коңур калчага,
Арыз, абалым айтсамбы?
Алдымдагы Суркойон,
Ал калчага тартсамбы?
Кайра айланып жетсемби,
Кашкарга кирип кетсемби?
Калтырбады айакка,
Каршылашчу бектерди”. –
Деп, ошентип ойунда,
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланта санады,

www.bizdin.kg

Бараарга жер таппады.
Эрдигинен ажырап,
Акылынан шашканы.
Акырында Толтойуң,
Акун хан көздөй качканы.
Өөдө-өөдө жер келсе,
Өксүтүп кетет Суркойон,
Эңиш ылдый жер келсе,
Эми жетет, Тайбуурул.
Капталы катуу жер келсе,
Караансыз кетет, Суркойон.
Кара шагыл кум келсе,
Анда жетет, Тайбуурул.
Тоонун баары бүттү эле,
Түз талаага түштү эле.
Акун хан жакшы киши эле,
Тоодой Толтой баатырдын,
Ойуна ушул түштү эле:
“Арачалап койор – деп,
Алы келсе сурар –деп,
Сураганга бербесе,
Сөөгүмдү жууп көмөр” – деп.
Жумган көзүн ачпастан,
Ойлогондон кайтпастан,
Акун хан көздөй качты эле.
Аркасынан удаалаш,
Кууп келет куткарбай,
Алмамбет уулу ач арстан.
Асмандап учуп Айчүрөк,
Аларды көрүп алыптыр.
Желпинген келин-кыздарга,
Жетип кабар салыптыр:
“Жалпы кыздар тургула,
Жол бойуна баргыла,
Жолун тосуп калгыла.
Качып келет хан Толтой,
Аны шылдың кылгыла!”
Жоодурашкан келин-кыз,
Жол бойуна барыптыр.
Там башына чыгышып,
Тамаша кебин кылышып,
Кыңшылашып күлүшүп,
Кыналыша турушуп.
Кыйа тартып ортодон,
Өтүп Толтой кетерде,
Каткырышып катын-кыз,
Катуу кылды келеке:
- Топоңдоп Толтой качпай кал,
Тоомун – деп – элге айтпай кал!
Какшаттың эле калкты,
Кара жерге батпай кал!

www.bizdin.kg

Серектеп атың чаппай кал,
Гүлчородон качпай кал!
Кирпидей эми түйүлүп,
Кирээрге тешик таппай кал!
Хан жездебиз Семетей,
Каныңды кечер эр эмес.
Карааның тоодой болсо да,
Семетейге тең эмес.
Капырай, Толтой, не болдуң,
Кайраттан тайып жер болдуң.
Гүлчородон жеңилип,
Эмнеңе эми шер болдуң?!
Кыздардын кебин укканда,
Толтой калып пушманга.
Айабай жаман арданып,
Келеке, шылдың укканга.
Оңолуп артын караса,
Чоң ополдой эр эмес,
Ал Семетей теги эмес,
Эми билип эр Толтой,
Оңдоп атын бурду эми,
Оро-пара турду эми,
Кайрып атын бурду эми,
Карап артын турду эми.
Каба кармап сабынан,
Кылычын сууруп кабынан.
Урушууга шайланды,
Кечип кара жанынан.
Жете келген Гүлчоро,
“Токтогун” – деп бакырды.
Намыстанып Толтой да,
Гүлчорону качырды.
Маңдайлаша калышып,
Кылычташып чабышып.
Кылычтын баарын кыйратып,
Балтаны колго алышып.
Балта менен салышып,
Балтанын сабын сындырып,
Найзаны колго алышып.
Күркүрөтө сунушуп,
Муштап найза урушуп.
Тийгизбей найза кагышып,
Тик качырып сайышып.
Беттешип булар жанышып,
Бакырышып кыйкырып,
Баатырлар найза сайышып.
Колдо жарак бүткөндө,
Которуп жарак алышып.
Жарактын баарын сулатып,
Ок өтпөс олпок тондордун,
Жип аркагын булатып.

www.bizdin.kg

Тополоң, жерди чаң кылып,
Дөңсөө жерди түз кылып.
Ойдуң жерди дөң кылып,
Кезектешип турушуп,
Кезек менен урушуп.
Кездемдин боосун чубалтып,
Кезенип найза чунайтып.
Кез келген жан корккундай,
Кыйкырса кулак тундуруп.
Уйуткан темир чойунбаш,
Алты канат үйдөй бар.
Үшкүрүп бекем кармашып,
Ырайым шапкат анда жок,
Өлүм жагын карашып.
Күзгү кирген букадай,
Ирмебей кирпик марашып.
Азаматтар тынбастан,
Бирин бири карашып.
Тамаша кылып тургандар,
Түңүлдү жандан жадашып.
Күнү- түнү дем албай,
Оодарышып жанашып.
Жакасынан кармашып,
Бардык күчүн арнашып.
Баатырлар уруш салыптыр,
Баары журт айран калыптыр.
Жакалашты бир кезде,
Жанаша атын бурушуп.
Тарткылашып тырышып,
Колдорунан чойушуп,
Акактап булар солушуп.
Айанбастан эңишип,
Үзөңгүлөп тебишип,
Ажырап кайра келишип,
Аттары менен демитип.
Аттары солуп жүрө албай,
Тизеден жерге батканда,
Жарагын таштап талаага,
Бет алыша басканда.
Олпокторду чечишип,
Чукулдашып келишип.
Кемерди сала беришип,
Батмандап бекем кармашып,
Бардык күчүн арнашып.
Орто белден алышып,
Салмак салып тырышып.
Көтөрүлбөй тайышып,
Көпкөк болуп демигип,
Сызылды бойдон тер кетип.
Жуурулуп эттен суу агып,
Тумандап көзү тунарып,

www.bizdin.kg

Булак болуп суу агып.
Жарадар болгон эр Толтой,
Жаман уруш салганы.
Чыдай албай Гүлчоро,
Чыгуучудай далдалы.
Жалжылдап жаны карарды,
Сурданып өңү агарды.
Оң чекеде кыйшайып,
Баса кийген кундуз бөрк,
Басып келди ошондо,
Падыша кызы Айчүрөк:
- Бала жолборс не болдуң?
Кайратың кайда жоголду?!
Аны укканда Гүлчоро,
Арданып катуу чыйралып,
Далысынан суу чыгып,
Оозунан көбүк, буу чыгып.
Каарынан катуу Гүлчоро,
Катын-кыздан чуу чыгып.
Келиндин баары эндиреп,
Кыздардын баары кылактап,
Кырмызы көйнөк буластап,
Кыйкырыгы таш жарып,
Гүлчоро кирди кайтадан,
Бакырыгы баш жарып.
Ал аңгыча көрүнүп,
Семетей келет алыстан,
Түңүлдү Толтой эми чын,
Жаны аман калыштан.
“Акун ханга баргызбай,
Ажалым менин жетеби?
Алдыман чыкпай арачы,
Амалым менин кетеби?
Балакеттүү Гүлчоро,
Башымды менин кесеби?!”
Муну ойлонуп Толтойдун,
Акылы баштан кеткени,
Кетпегенде неткени?
Колу бошоп шалдырап,
Дарманы кетип далдырап.
“Канкордун уулу Семетей,
Капталга канжар урбасын,
Бөөдө майып кылбасын.
Өпкөмдү суурун албасын,
Бүтүп күнүм калбасын!”;
Кыйалында муну ойлоп,
Калчылдап калды эр Толтой.
Кача турган баштанып,
Бултаңдап калды шер Толтой.
Аны Гүлүс билди эле,
Эки буттун ортого,

www.bizdin.kg

Эрен чалып кирди эле.
Чаткайактан көтөрүп,
Чалкасынан урду эле.
Чабандес тууган чунагы?,
Чалкадан түшкөн Толтойдун,
Көөдөнүнө минди эле.
Так ошол кез Семетей:
- Койгун, чором, койгун – деп,
Айтып келет далай кеп. –
Барып сурап калсам – деп,
Жетпей келет Айчүрөк.
Айчүрөк менен Семетей,
Алыстан жетип келгиче,
“Койгун, баатыр кечкиниң”
 Сурадык канын дегиче”,
Сууруп алып шамшарды,
Ооз омуртка айдарга,
Оңдоп кармап имерди.
Опол тоодой Толтойду,
О дүйнө көздөй жиберди.
Канжардап чоро сойгондо,
Канын ичип тойгондо,
Канкор келип ошондо:
“Кайраным, Толтой – деп – өксүп,
Жолборсу келип бек өксүп.
Жолдошум,   Толтой – деп –өксүп,
Өлтүрбөй турган эр эле,
Өчтүү кылдың, Гүлчоро!
Кетирбей турган эр эле,
Кектүү кылдын, Гүлчоро!
Жалгыз ооз жайын сурабай,
Жалкы билдиң, Гүлчоро!
Жамандыгы жок эле,
Жайын билбей, Гүлчоро,
Жаштыгыңа жеңдирип,
Жанын кыйып бекерге,
Жай таптырдың, Гүлчоро!
Чынкожо бузуп байкушту,
Булганып калган кеп эле.
Караан болуп калкыма,
Калганы тирүү эп эле!
Жакыны эле Багыш хан,
Атам айкөл Манастын.
Жедигер элиң, калын, журт,
Жеринди качан талаштым?
Шайтандын кирип тилине,
Сырттаным, неге адаштың?
Өкүнгөн менен Толтойду,
Тирилтип алар айла жок.
Жаш Гүлчоро баланы,
Жекиген менен пайда жок”.

www.bizdin.kg

Атагы артык эр Семең,
Артынан камды көргөнү,
Ак кепиндеп жуудуруп,
Ак шайы менен буудуруп,
Артыкча кылып зыйнатын,
“Агам – деп – өзү көмгөнү.
Өлбөй тирүү мен турсам,
Көкөтөйдөн ашырам.
Көбүрөөк болот тамаша,
Көкө абамдын ашынан.
Быйыл туруп келер күз,
Ошондон тартып камынам”. –
Деп, ошентип Семетей,
Бек кайгырды баатырга.
Күңгүрөнүп канкоруң,
Көп кайгырды баатырга.
Катын, кыздын ичинде,
Жатып алар айла жок.
Алты жыл жатса бул жерде,
Тамактан башка олжо жок.
Ошондой күндүн биринде,
Жөн туралбай Гүлчоро,
Сүйлөп калды оозу шок:
“Сулууну алсаң, сен алдың,
Суурулган күлүк ортодо.
Чүрөктү алсаң, сен алдың
Чүмбөттүү күлүк ортодо.
Кимибизге бересиң,
Суркойон күлүк олжону?”
Кыйышып бирөөң ал десе,
Талашып балдар болбоду.
Кеңеш менен иш кылып,
Келбеттүү сулуу кызды алган.
Гүлчоро менен Канчоро,
Калыйман менен Бегимжан,
Эки сулуу узду алган.
Кызды аларда кызганбай,
Ат аларда талашып,
Бирине бири түс салган.
Көбөйгөн сайын аз болуп,
Күйгүзөт напси шум жалган!
Балдарга Семең кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
“Башында минген атыңар,
Актелки менен Суртелки.
Мен көрөмүн силерди,
Кош көзүмдөй бир келки.
Суркойонду талашып,
Суук, селкин болбогун.
Кимге тийген упаасы,
Бок дүнүйө олжонун?

www.bizdin.kg

Талашкан менен тарп болуп,
Болосуң акыр далбаса.
Андан көрө салалы,
Жарыш кылып тамаша.
Баш байгеси жарыштын,
Суркойон болсун талашкан.
Экинчи байге көктө учкан,
Каралат болсун канатчан.
Биринчи болуп келгениң,,
Суркойонду алгының.
Экинчи болуп келгениң,
Каралат минип калгының.
Чыгаралык, чоролор,
Көңүлдүн бугун, кумарын,
Жарышкыла экөөңөр,
Туу болуп мен турайын.
Эки чоро күйүгүп,
Энтелеп атка жүгүрүп.
Ээр токумун сүйрөшүп,
Ашыгышып дүрбөшүп.
Аттарын токуп минишип
Боз сеңирге барышты.
Биринен бири озууга,
Топулдашып жарышты.
Эки тизгин кагышып,
Келе жатат жанаша.
Чоролордун жарышы,
Элге болду тамаша.
Суулуктагы чагарак,
Тепетең болуп баратат.
Басыңкырап баатырлар,
Тулпарларын сабашат.
Актелки менен Суртелки,
Кара тер болуп арышты.
Боз сеңирге чоролор,
Чукулдап жетип барышты.
Калыс карап экөөнө,
Кара көзүн ирмебей,
“Озор экен кими” –деп,
Карап турду Семетей.
Кайчы кулак кыйчалыш,
Алдыда келет Гүлчоро.
Кайчы кулак кыйчалыш,
Артта келет Канчоро.
Алалыкты билбеген,
Ак көңүлдүү Семетей.
Канчоронун ичинде,
Кек каларын элебей.
Чычыркайдай чылбырды,
Ыргытты бейм жанаша.
Илгир болгон Гүлүстөн,

www.bizdin.kg

Эрдигине жараша,
Учун жерге түшүрбөй,
Илип кетти караса.
“Гүлчорону Семетей,
Менден артык көрөт – деп.
Суркойондун чылбырын,
Ага ыргытып берет” – деп.
Ат үчүн ошол таарынып,
Канчоро көөнүн иритет.
Семетей менен Гүлчоро,
Аны кийин билишет.
Алты ай жатып, күн бүтүп,
Күн айланып, түн бүтүп .
Келди кышка айланып,
Жайкы жакшы күн бүтүп.
Акун хандын шаарына,
Жаккан отун өчүрүп.
Арстан Семең жөнөдү,
Айчүрөктү көчүрүп.
Кондуруп колго шумкарды
Туйлатып минип тулпарды.
Кечип Үргөнч баш болгон,
Канча дайра, сууларды.
Каракалпак, түркмөндөр,
Кастарлап каршы алышты.
Тажик менен испанга,
Конок болуп жанышты.
Өрлүк менен тартууга,
Алтын, күмүш алышты.
Качырган колдон кушту алып,
Айчүрөктөй кызды алып,
Душманга салып күйүттү.
Доско айтып сүйүнчү
Арбын олжо алышты,
Таласка келип калышты.
Жоготуп жоосун жеңген соң,
Таласка кайтып келген соң.
Хандардын баары баш ийип,
Тизгинди ага берген соң.
Манастын уулу Семетей,
Мына мындай кеп айтат,
Ырыс алды ынтымак,
Элге жаккан эп айтат:
- Атам менин эр Манас,
Жердеген жери кең Талас.
Алп көкүрөк, ак калпак,
Элдеген эл ар алаш.
Атам менин барында,
Олтурганда тагында.
Акылчы болуп хан Бакай,
Турганында жанында.

Кыргыз, казак аталаш,
Он төрт хан эли аралаш.
Тойун бирге тойлошуп,
Атага бирге берип аш.
Казатка бирге барышкан,
Кандарын бирге агызган,
Атам Манас өлгөндө,
Абыке, Көбөш болуп хан,
Элдин көөнү ооруптур,
Туш келди жакка тозуптур.
Алды-алдына ар кими,
Айрылып хан болуптур.
Алты бөлбөй алашты,
Айрыбай кыргыз, казакты.
Он төрт хан эли баш кошуп,
Бололу бирге, – деп айтты.
Чачылган эл жыйналып,
Үзүлгөнү уланып.
Таралганы куралып,
Кучакташып кубанып.
Хан көтөрүп Семенди,
Кен Таласта тойлоду.
Ынтымак, ырыс, береке
Эл ичине орноду.
Ал аңгыча жаз болуп,
Кар, муз эрип жаш болуп.
Арпа менен Алайга,
Алажууку, Үчташка,
Күркүрөп көчүп жөнөдү,
Гүлчоро менен Канчоро,
Элге журтка баш болуп.
Келиндин тандап сулуусун,
Жигиттин тандап мыктуусун.
Кырк жупка санын толтурат,
Кыдырата кондурат.
Жибек менен чынжырдан,
Кермеге аркан чойдурат.
Кырк байталды байлатып,
Кымызга арнап салдырат.
Алты бакан, селкинчек,
Асмандатып салдырат.
Кумалак ойноп, ордо атып,
Жигиттер черин кандырат.
Жамгырчы, Бакай, Каныкей,
Самаркандын сыртында,
Жайыт алып конушат.
Береги Белсаз, Кырчында,
Көч тартып күздө сарказак.
Кең-Колдо болот кышында,
Келберсиген көп ногой.
Кудай менен иши жок,

www.bizdin.kg

Жыргалга батып жатышат,
Куурал тарткан киши жок.
Айкөлдүн уулу Семетей,
Эч нерсени кенебей,
Ойноп, күлүп шапар тээп,
Кызык кылат ченебей.
Сабага кымыз ачытат,
Чыкканча үркөр жеринен,
Ууз кымызга канышат.
Капилет басып буларды,
Тамашага батышат.
Гүлчоро менен Канчоро,
Жайлоодо дуулап жатышат.
Жаткандын болот жайдагы,
Артында болот айдагы.
Калмактардын Коңурбай,
Кыргызга салат калбаны.
Муну мындай таштайлы,
Токтосарттын дүйнөкор,
Саткындыгын баштайлы.
Калмактардын Коңурбай,
Карып чачы агарды.

www.bizdin.kg

# ТОКТОСАРТТЫН САТКЫНДЫГЫ, КОҢУРБАЙДЫН ЧАБУУЛУ

Хан Манас ага калтырган,
Кастыгы күчөп карарды.
Кербендерден кеп угуп,
Кеменгер Манас эркеси
Кеңколдо жатат – деп угуп,
Соодагерден кеп угуп,
Султан Манас тукуму,
Сонундап жатат – деп угуп.
Баргандардан кеп угуп,
Баатыр Манас тукуму,
Падыша болду – деп угуп.
Чынкожо менен Толтойду,
Семетей сойду –деп угуп.
Акундун кызы Чүрөктү,
Семетей алды – деп угуп.
Семетейдин калтырбай,
Теги жайын бүт угуп.
Жин ургандай кутуруп,
Батпай бугу тутулуп.
Алгараны мойундап,
Көк кутусун койундап.
Күн батыш көздөй жөнөдү,
Куйтулук менен кулуңдап.
“Беш-Балыкка барсам–деп,
Анын жолун чалсам –деп.
Анда кербен көп өтөт,
Аныктап кабар алсам –деп.
Соодагерди тапсам – деп,
Сатып аны алсам – деп.
Семетейге жиберип,
Сырына анын кансам”– деп,
Алгара менен чайпалып,
Каспанда жаткан залкайып,
Келе жатат Коңурбай
Кербезденип чалкайып.
Кара чоктуу калмакка,
Калка болгон, чоң төрө.
Кызыл чок кытай журтуна,
Арка болгон, чоң төрө.
Баштан жүргөн камынып,
“Ылат-манат колдо” – деп,–
Ырас ага жалынып.
Арам өлгөн кутургур,
Атырайган түгөнгүр.
Ач арстандай чамынып,
Чарайнасын тартынып.
Ок, дарысын артынып.
Ополдой болгон түгөнгүр,
Кара тоо башын айланып,

www.bizdin.kg

Каары катуу чоң баатыр,
Бешбалык келди шайланып.
Бешбалыкта жүргөндө,
Улуктук өкүм сүргөндө,
Утур чыкты Токтосарт,
Ошол кезде бир күндө,
Кең Кашкардын четинен,
Артыш деген жеринен.
Аралап жүрсө эркинче,
Жети кыраан элинен.
Тоскоолу жок сарт эле,
Коңурбайдын алдынан,
Чыгып калды шарт эле.
Хан Коңур келип көрүшүп,
Амандашып турушуп.
Айабай кеңеш кылышып,
Акылдашып олтуруп,
Хан Коңурбай кеп айтат:
- Ой, Токтосарт – деп айтат.
Кабылан Манас өлгөнү,
Сен бардыңбы айлына?
Жети кыраан жер толгон,
Жетөө менен дос болгон,
Жетик тууган эр элең.
Ачык жолуң шар болгон,
Асманда жылдыз боз элен,
Манас менен дос элен.
Ар кайда барсаң жолуң шар,
Соодагерден ыктуу элең
Кайда жүрсөң шашпаган,
Мына ушундай мыкты элен,.
Бээжинге келсең жол ачык,
Бараңга барсаң тоспогон,
Жапанга барсаң. тийбеген,
Кыргызга барсаң, сыйлаган,
Кылымда сендей болбогон.
Ушул сапар бир кызмат,
Кылып берсең – деп турам.
Бээжинде жатып кеп уктум,
Пейлимди салып бек уктум.
Манастын уулу Семетей,
Бекер жатат – деп уктум.
Сонун кепти дагы уктум,
Соолуп калган Семетей,
Сонун жатат – деп уктум.
Атасы Манас элимди,
Алганы келип башында,
Өлтүрсөм деймин ошону,
Көп өөрчүтпөй жашында.
Кылганын ойлоп кыргыздын,
Кыйналып турам азыр да!

www.bizdin.kg

Семетейге барып кел,
Өзүң кабар алып кел.
Кыштай жүрүп Таласта,
Жазында кайтып жанып кел.
Өзүңдү күтүп жатайын,
Камданып турса Семетей,
Катышпай ага кайтайын.
Камсыз болсо Семетей,
Как төбөдөн басайын.
Токтосарт анда кеп айтат:
- Бара албаймын – деп айтат.
Антташып койгон дос элем,
Акыретке барганда,
Анда кантем – деп айтат.
Коңурбай анда кеп айтат:
- Койгун, Токо,– деп айтат.
Сенин ачык, жолун шар,
Мусулмандык каадаңда,
Бата деген ишиң бар.
Бата кылып, өзүң бар,
Баарынын жайын билесиң
Айтып кабар өзүң сал.
Барар болсоң алыска,
Жарар болсоң. намыска,
Алтымыш нарды комдойун,
Айры өркөчтөн кошпойун.
Ком жыгачы баары жез,
Сарамжалың болсун тез.
Сага салган бир кеңеш.
Алып барчу кишинин,
Аш-азыгы өзүмдөн.
Алтын, күмүш, каухарды
Айабаймын өзүңөн.
Кош көрбөсө көңүлүң,
Казынадан соода алгын.
Торгун, жибек, далымбу,
Аркагы жибек кырмызы,
Асылдан тандап сен алгын.
Бирин тандан өзүң ал,
Андан кийин жолго сал.
Соода кылып бараарсын,
Семетейди табарсың.
Жолго чыгар күнүңдө,
Учурашып жанарсың.
Нардын кебин укканда,
Алтын, күмүш, гезмалдын,
Алардын аты чыкканда,
Бармакчы болду Токтосарт.
Сегиз күнү күтүнүп,
Кемкерчисин бүтүрүп.
Сакалы ылдый көгөртүп,

www.bizdin.kg

Насыбайын түкүрүп.
Жол кереги бүтүптүр,
Аттанар кези жетиптир,
Эми Токоң нетиптир?
"Алтын менен күмүштүн,
Абалтан наркы окшош – деп,
Гезмал алсам, баа кошсом,
Баары жерде өтөт" – деп.
Арбын алып гезмалдан,
Эртең, менен Токтосарт,
Хан Коңурбай баатырга,
Кирип барса басып шарт.
Топтоголок камырды,
Топ табакка толтурган.
Чөптү кошуп чөкүлөп,
Коңурбай жеп олтурган.
Кирери менен тамактын,
Мурунга жыты өрдөгөн.
Айран калды Токтосарт,
Ал өңдөнгөн тамакты,
Андан мурда көрбөгөн.
Ашпоздору белен деп,
Ага да сунду табагын.
Алганча Токоң сурады:
- Бул эмине тамагың?
Хан Коңурбай кеп айтат.
- Жегин муну – деп айтат,
Уксаң, Током, бул өзү,
Индыстандан келиптир,
Чочбара деген аш экен,
Бул тамакты жасоого,
Бешбалыктык маш экен.
Бүгүн көрдүм мен – деди,
Тойгуча сиз да жең, – деди
Жешип булар тамакты,
Бошотушуп айакты.
Ат мактоого барышты,
Коңурбай менен Токтосарт,
Бир акырга байланган,
Алгара менен качырга,
Атайлап көзүн салышты.
Атайын көргөн бу качыр,
Өзү мада куу качыр.
Чечип аны Коңурбай:
- Сырын билсең Токтобай,
Сын аты болот кербендин,
Сүйгөндүктөн дос санап,
Чын сүйүп сага бергеним.
Качырым бердим алгының,
Үстү сылык жаныбар,
Жолго минип баргының.

www.bizdin.kg

Аман барсаң Кеңколго,
Кайра тартсаң чоң, жолго.
Пайдасы тийет ошондо.
Бешбалык менен Таластын.
Арасы алыс, жер ыраак,
Минсең өзүң чарчабай,
Алып келет кар кылбай.
Кара топо, баткак суу,
Оонатып алсаң, сууту ошо.
Сегиз күнгө барбастан,
Алты күнгө калбастан,
Жеткизет сени как ошо.
Алгарамдан өөдө эле,
Өзү кичик мал үчүн,
Начарлык жери ошо эле.
Камынып жатса Семетей,
Камынбай жатсын кенебей.
Кандай болсун, Токтосарт,
Кабар бергин кечикпей .
Токтосарт менен Коңурбай,
Кол алышып бекемдеп.
Жөнөп кетти кайран сарт,
"Семетейге жетем" – деп.
Катарлап нарды чиркетип,
Уланбайдан жөнөгөн.
Сайапу менен Дабанчын,
Карашаар, Көрлүүдөн,
Катар өтүп Токтосарт,
Башабегин өрдөгөн.
Күчөр менен Кызылды,
Катар басып ушуну.
Бай менен басып Аксууну,
Артып Ачал тумшукту,
Чоң Кашкарга түштү эми.
Чоң Кашкар жери кең эле,
Токтосартка караштуу,
Жыйырма төрт дүкөн бар эле.
Бар дүкөнү жык толгон,
Ичи бүткүл мал эле.
Мал-пулдарын эсептеп,
Андан нары өттү эле.
Эркечтамды кылаалап,
Улуучат менен аралап,
Сымкана мекен кыдырып,
Анжыйан, Кокон, Маргалаң,
Аманшоро, Наманген,
Аралап өттү бул элден.
Алты ай кыштай жол басып,
Чын курандын айында,
Чоң Таласка ал келген.
Чогулган экен ал жерге,

www.bizdin.kg

Бүткүл ногой жан пендең.
Жайлоону карай бет алып,
Көчкөнү жаткан кези экен.
Токтосарттын чыкканы,
Суусамыр деген бел экен.
Аны Кашкар жолу дээр экен.
Алыстан келген Токтосарт,
Белге чыгып ошол кез,
Турнабай алып колуна,
Туш келтирип Семеңдин,
Жыйылган айыл тобуна.
Караса Токоң алыстан,
Калкылдап ногой толуптур.
Кара кыргыз калың журт,
Каршы-терши конуптур.
Ашып түшүп жолунан,
Орун алды Токтосарт,
Аккан суунун бойунан.
Кат жазып киши жиберди,
Канкор Семей баатырга.
Кара кыргыз көп журтка,
Хан болуп жаткан капырга.
Кат алпарган бир киши,
Элчи катты алпарат.
Сактаган эшик сакчысы,
Семетейди табышты,
Алыстан келген кишинин,
Кабарын айтып барышты.
Буйрук болуп ханынан,
Келген катты алышты.
Өзү молдо шар экен,
Семетей жайы ал экен.
Катты ачып окуса,
Каңгайдан келген элчи эмес,
Же кайгуулдан келген ченчи эмес.
Соодагердин аты бар,
Жазган салам каты бар.
“Каныкей менен Бакайды,
Чакырып алып келгин” – деп,
Буйрук кылды байагы,
Хан Семетей жашыңар.
Бакай менен Каныштты,
Баштап келди баргандар.
Семетей айтты кат жайын,
Салам айтып жазганын.
Кабылан Бакай камынып:
- Ой, Семетей баатырым,
Асманда жылдыз боз эле,
Салам жазган Токтосарт,
Атаң Манас көкжалга,
Акыреттик дос эле.

www.bizdin.kg

Жети кыраан болгонго,
Ал Токомду жиберип,
Уруштуу күнү керек – деп,
Нерсе керек алчу эле.
Кашкардын үстүн Артыштан,
Карманган ал досу эле.
Жети кыраан болгонго,
Аралап Токоң жойлогон,
Тосуп киши койбогон,
Токоңдун жайы бул эле.
Түгөнгүс дүйнө зар менен,
Жоо жарагын эң  кенен.
Көргөзбөй каткан башкага,
Атаң Манас ал берен,
Ушул Токтосарт менен,
Көөнүн тапсаң, муну сен,
Таап берет баарын тең.
Каныкей кошуп кеп сүйлөйт:
- Жалгызым, Семең, – деп сүйлөйт.
Атаң көзү барында,
Кыргын салган Кырымга,
Уруш салган Урумга.
Кызылкыйа бел ашкан,
Кытайды барып бир чапкан.
Ойурма артуу бел ашкан,
Орусту барып бир чапкан,
Түгөнгүс олжо мал тапкан.
Жети кыраан болгонго,
Жеткилең, атан жойлоду.
Англис менен баранга,
Барбагандай болжолу.
Өзү барбай хан атаң
Токтосартты жойлотту.
Сан дүйнөнү топтотту,
Алдырып келген дүйнөсүн,
Асыл буйум буруудан,
Каттырып койгон ошону.
Атаңдан артып баратат,
Азыркы сенин дүмөгүн.
Аман болсоң, жалгызым,
Өлгөнчө доор сүрөсүң.
Токтосартты тосуп ал,
Кызыгын анын көрөсүң!
Бакай менен Каныкей,
Жайын айтты Токоңдун.
Кол куушуруп алдына,
Бармак болуп ошонун.
“Алты сан кара, көп ногой,
Кара кыргыз элине,
Эр бүлөсү калбастан,
Келсин баары” – деди эле.

www.bizdin.kg

Суусамыр менен Коргондун,
Орто жери үч күндүк,
Көчүп барчу жол эле.
Семетей колу арыштуу,
Мына ушундай чоң эле.
Ойноктогон түгөнгүр,
Ойуна келген иш үчүн,
Алыстан келген атайлап,
Айтылуу тиги киши үчүн.
Кызмат кылат экен деп,
Кыйалын тапсак биз үчүн.
Кычырып келген кыргызды,
Коо кылып жолго тизиптир.
Өйүз-бүйүз турган эл,
Үч күндүк жерге жетиптир.
Хандын кызы Каныкей,
Касиеттүү жан эле.
Ал Каныкей жасаган,
Атасы Манас олтурчу,
Бир килеми бар эле.
Жер жүзүндө кымылдап,
Ачып канат ирмеген.
Чоң, кичине дебестен,
Бирден жүнүн ылгаган.
Жыйналган ошол жүндөрдөн,
Токулган ушул чоң килем,
Артык эле кыйладан.
Алдырып келип килемди,
Кепичин буттан чечтирбей,
Таманын жерге тийгизбей,
Алып келди Токоңду,
Манастын жогун билгизбей.
Урматына кыргыздын,
Токтосарт жашын имерди.
Үн жетер жерге келгенде,
Өкүрүп Токоң жиберди.
Өзү баатыр, сом даалы,
Бойу узун далдагай,
Кара сакал, бото көз,
Бакырып келет Токтосарт,
“Баатырым” –деп, үн баспай.
Каныкейдин үйүнө,
Алып келип түшүрдү.
Урмат кылып Семетей,
Токоң жакшы күтүлдү.
Токтосарт куран окуду,
Калың кыргыз кол жайып,
Батасы тийсин мунун –деп,
Баатырга карай жол алып.
Бата дуба бүткөн соң,
Токтосарт чыгып талаага,

www.bizdin.kg

Ак чатырын тиктирди,
Семетейдин айлына.
“Кабылан Манас досумдун,
Казаасы жетти каапырдан,
Хан Коңурбай баатырдан.
Кантип келип бата окуйм,
Качып жүрсө Каныкей.
Эр жеткен соң сен өзүң,
Эми келдим, Семетей,
Айаш атаң токтоду,
Арамдык жок кенедей.
Ачык айткын сырыңды,
Ал кылып берем берелдей.
Анда Семең, муну айтат,
Агартып тишин кылайтат:
- Атам өлдү, мен калдым,
Тентип кетип Букарга,
Он эки жыл сандалдым.
Кайта келип чоңойуп,
Касиеттүү атамдын,
Салган ордо, сайган бак,
Сапырылып кетерде,
Салышып жүрүп колго алдым.
Асылым атам барында,
Бел куда болгон Чүрөктү,
Чынкожо менен Толтойдон,
Талашып намыс мен алдым.
Жез кемпирдин жети уулун,
Хан көтөрдүм ал элге.
Алп Жамгырчы, хан Бакай,
Карып калган кезинде,
Кар болбой үйдө жатсын –деп,
Гүлчоро менен Канчоро,
Хан көтөрдүм бу жерге.
Атам айкөл барында,
Бир жүрүпсүз жанында.
Жабдыгы менен зарларын,
Айаш атаң билет – деп,
Жайын уктум анын да.
Камсыз болом – деп – турам,
Абаке, сенин барыңда.
Ала көөдөн Семетей,
Арамдыгын элебей.
Айтып берди бар сырын,
Токтосартка ченебей!
Токтосарт туруп ордунан,
Олтурган көрпө соорундан:
“Айланайын, Семетей,
Жарабаган кепти айтпай,
Жалганы жок чынды айттың.
Жашырбастан чунагым,

www.bizdin.kg

Ичиндеги сырды айттың.
Атайын издеп алыстан,
Ат арытып келгенге,
Абалыңды сен айттың.
Кер сары болгон абаңдын,
Кетирип шайын муңайттың!
Өлгөнү чын атандын,
Көмгөнү чын энеңдин.
Он эки жылда чоңойдуң,
Тентип жүрүп, береним.
Атайын бата окууга,
Арстаным жоктоп Манасты,
Агып жашым мен келдим.
Муну айтып Токтосарт,
Көзүнүн жашы бурчактайт.
Сагынышкан немедей,
Сакалы ылдый жаш кетип,
Ыйлаган болуп солкулдайт.
Жанындагы жоолугун,
Суурул алды колуна.
Белендеп койгон башынан,
Мыйаздын чылап суусуна.
Болбосо мунун боору таш,
Көзүнөн чыкпайт андай жаш.
Мейитип сөзгө калп ыйлап,
Токтосарт күрс-күрс жөтөлдү.
Билдирбестен сыр алып,
Семетей көөнүн көтөрдү.
Туйгун экен Токтосарт,
Күнүгө чыгып талаага,
Ар бир жердин бетинен,
Атасынын көп дүйнө,
Тапшыра берди четинен,
Мурун өзү бекиткен.
Кырк күн өтүп арадан,
Кыргыз эли чубуруп,
Айдап малын чогултуп,
Жайлоого көчүп жөнөдү.
Ак калпак кыргыз ал кезде,
Анык толгон кези экен.
Кара малды санга албай,
Каркып толгон кези экен.
Жамгырчы, Бакай, Каныкей
Самаркандын сыртына,
Көчтү Белсаз, Кырчынга.
“Жайлоого чыксак түтөк – деп,
Күздөөдө чымын күчөйт” – деп.
Чай кайнатып, бал чайкап,
Ортобөксө, Белсазда,
Жатат экен ушунда.
Аз болгондо миң киши,

www.bizdin.kg

Айтканынан чыкпаган,
Алып калат Семетей.
Бойунда бар катын жок,
Жаш баладан такыр жок.
Жалпайтып тиккен чатыр жок,
Жагалданган сайрандап,
Жалганда мындай баатыр жок.
Келин менен уулдан,
Сөөктөрүндө мууну жок.
Сөөлөтүндө Семеңдин,
Сөз кыларга буруу жок.
Кийерге кийим олпок жок,
Атарга мылтык, жаасы жок.
Сайарга найза жана жок,
Чабарга балта, кылыч жок.
Жыйналуу жатат тетиги,
Сыр коргондун ичинде,
Жоо жарагы бары топ.
Кастарлап минген Буурулду,
Жайлоого салып жиберген.
Тандап калган коңшусу,
Кара кыргыз көп элден,
Кырк келинчек, кырк уулду,
Коңшу кылып имерген.
Жибек менен чынжырдан,
Жыйып аркан салдырган,
Селкинчек тээп жатышкан.
Өйүз-бүйүз коо кылып,
Айылды сонун кондурган.
Сыр коргондун оозүнда,
Чачыкейдин үйү бар.
Тармалсаздын бойунда,
Айчүрөктүн үйү бар.
Ортосунда эки үйдүн,
Кырк жигиттин айлы бар.
Тунгуч курсак байталдан,
Ылгап кыркты ал алган.
Сексенди бөлүп саандан,
Санаты артык жаандан,
Асманга үркөр чыкканча,
Кымызына ал канган.
Козголуп үркөр болгондо,
Чоң казанга кайнатып,
Тарттырат арак ошондо.
Саанчы менен бакмачы,
Келбейт жакын айылга.
Кара кыргыз элде жок,
Кенедей кайгы баарында.
Токтосарт бирге короолош,
Ошентип жаткан чагында.
Айчүрөктүн үйүнөн,

www.bizdin.kg

Алып Семең жылган жок.
Чачыкейдин үйүнө,
Жыла басып барган жок.
Токтосарттай "абадан",
Аслы күмөн кылган жок.
Жайлоого кыргыз кеткенде,
Жакада Семең бир өзү,
Калгандыгын билгенде,
Токтосарт андан суранат,
"Кайтайын"– деп элиме.
Алтымыш нарды айдатып,
Айабай малды жүктөтүп.
"Жыртышы – деп – досуңдун".
Буулумдарды бүктөтүп.
Кара кыргак, ак күбөң,
Канча кымбат асылды,
Катарлап баарын койдурду.
Кайдан алган Семетей,
Көргөн киши таң калды.
Жети кыраан болгон журт,
Жер жүзүнө толгон журт.
Жеткилең Манас тукуму,
Жетик кылган ушуну.
Өрттөнгөн Манас тукуму,
Өткүр кылган ушуну,
Дем албай келип меймандар,
Берип жатат баарынан.
Алып келген алтоо бар,
Алып кетчү жетөө бар.
Жүктөп келген жетөө бар,
Кийип кетчүү бирөө бар.
Жети кыраан ичинде,
Болгон экен жолу шар.
Такыр асыл буйумду,
Табылган дүйнө мамыңдай.
Алдына койгон Токондун,
Хан Семетей жайма-жай.
Анда Токоң кеп айтат:
- Кабылан Манас тукуму,
Каңкорум укчу – деп айтат.
Айкөлүм Манас барында,
Айаш атаң жанында,
Жашырбаган кабылан,
Ойлогонун акылда.
Катпаймын дүйнөм айап мен,
Баатырдын уулу Семеңден.
Керектүүңдү такыр айт,
Кем-керчиңди койбой айт.
Үйгө эле эмес талаага,
Чатак кылса чуу салчу,
Жети кыраан балага,

www.bizdin.kg

Ылайыктуу нерсеңди айт.
Арсаңдап күлүп Семетей,
Агартып тишин кылайтат:
- Айланайын, абаке,
Азелде асыл буйумдан,
Кара чай чыгат кытайдан.
Макошан деген аты бар,
Дүнүйөдө даңкы бар.
Жети кыраан элине,
Жетсе анын баркы бар.
Табылса жүздөн ар айда,
Берип турсаң кандай ал?
Муну угуп кумсаңдап,
Кабагын бүркөп муңайып,
Капаланып сурданып,
Муруту кетип кырданып,
Булкунуп Токоң муну айтат:
- Букарга барып чоң болуп,
Иранда жүрүп кор болуп.
Көзүң кичик болупсуң,
Жетим өсүп чоңойуп!
Жүз каптал деген эмине?
Элүү киши чакырсаң,
Түгөнүп калат бир демде!
Эшигиңдин алдына,
Ай сайын келет бир миңден,
Бир тыйын сенден албаймын,
Күдөрүң үзбө сен менден!
Мактанган жок Токтосарт,
Баарысы ырас бул сөзү,
Кең Кашкардын коосунда,
Биринде ондон олтурган,
Ичин малга толтурган,
Жыйырма төрт дүкөнү,
Келе берет ошондон.
Кербенчи жолдон кетеби,
Бере берсе Токтосарт,
Бербейби Семең нечени?
Бааша кылган сооданын,
Пайдасын Токоң билгени.
Ал өңдөнүп баашалар,
Талашып баасын жүрөбү?
Уйалгандан Семетей,
Унчукпады, тим болду,
Алтымыш нарга мал артып,
Алтын, күмүш дагы артып,
Жаңыдан кылып достукту,
Семетейге кол артып.
Жетелетип төөлөрүн,
Токто абаң чыкты жол тартып.
Суусамырдын белине,

www.bizdin.kg

Семетей келди узатып.
Коштошуп булар бөлүндү,
Кучакташып кол тартып.
Ашып түштү белести,
Суусамырдын ашуусун,
Кашкардын жолу демекти.
Кашкарды көздөй бет алып,
Кыргыздан Токоң, чет алып.
Агып жаткан дайра бар,
Нуркаптын суусу дечү эле.
Алтымыш нарга бир башчы,
Элинен ылгап чыгарды,
Тапшырып иштин баарысын.
"Үргөнүчтөн кечип өткүн – деп,
Чынаачага жеткин – деп.
Карачы менен Пышабур,
Аралап Ооган кеткин – деп.
Индыстанга баргын – деп,
Киргит, Дөбөбел ашуу,
Кайра айланып жигиттер,
Каргалыкка келгин – деп.
Кундуз, маржан, жакуттан,
Булгун, кемчет асылдан,
Мой менен таштын баарынан,
Жүктөп келгин абыдан.
Жеркендин жери өзү туз,
Хотендин жери кеңири,
Сагынбагын, төөчүлөр,
Түндүк жактан элиңди.
Кат жиберем бир кезде,
Как ошондо келгин – деп.
Пайда менен зыйаны,
Канчалык болуп кетсе да,
Кайгым жок анда менин" – деп.
Төөчүлөрдү түштүккө,
Түздөп жолго салыптыр.
Токтосарттын колунда,
Куу качыры калыптыр.
Коңурбай берген куу качыр,
Өзү тулпар бул качыр.
Кумтуланып сыртынан,
Капшыра байлап белбоосун,
Жайып Токоң келатат,
Куу качырдын ал оозун.
Сызып кетсе куу качыр,
Сырттын шамал, желиндей.
Сызып келет Токтосарт,
Жалгыздык кылып эринбей.
Чалчык кара суу келсе,
Чаңдаган кара шор болсо,
Күл төгүлгөн жер болсо,

www.bizdin.kg

Күртүлдөгөн шор болсо,
Токумун алып үстүнөн,
Токтоп Токоң оонатат,
Чөп чалдырбай качырга,
Нан жедирип баратат.
Жайнап көзү алактап,
Канаттуу менен жарышып,
Калдайып Токоң, баратат.
Алдына минген Куу качыр,
Ал Токоңо жарашат.
Наманген менен Коконду,
Анжиан менен Улуу-Чат,
Аралап Токоң сабалап,
Учкан куштай баратат.
Минген жорго качыры,
Жери майда адыры.
Артыш, Маралбашыдан,
Тумшук менен Чыландан,
Айкөл, Аксуу, Байлардан,
Жам, Кызыл, Күчөр калаадан,
Башабегим, Көрлүдөн,
Карашаар, Дабанчын,
Сайапу кумдуу шорунан,
Салып жүрүп олтуруп,
Уланбай да эшиктен,
Жамбылга кирчү тешиктен,
Барып кирди Токтосарт.
Сакчылар эшик карашкан,
Токтосартты тоскон жок
(Минген качыр таанымал,
Ал Токоңдо жарашкан.)
Алоокенин чоң уулу,
Атактуу баатыр эр Коңур,
Намыс үчүн жаралган.
Токтосарт келди дегенде,
Айтып кабар бергенде,
“Азыр мында келсин”– деп,
Жиберди киши бир демде.
Алыстан келген Токтосарт,
Түшпөй качыр үстүнөн,
Барып түштү бир үйгө.
Чычаң сөөгү коройуп,
Эти кетип жооруптур,
Олтура албай Токто абаң,
Кыйшалактап туруптур.
Кылчайа карап келгенге,
Кепти мындай уруптур:
“Коңур болбой комур бол,
Калдай болбой катып кал!
Кыргызың менен кырылып,
Баарың жерге батып кал!

www.bizdin.kg

Семетей менен чирип кал,
Качырын менен куруп кал!
Араң келдим алыстан,
Кутулдумбу карыздан?!
Токтосарт атка конгону,
Соодагер өзүм болгону,
Мындай кордук болбоду.
Айткан сөздү кылам –деп,
Чычаң сөөгүм коройду,
Чыгып башка соройду.
Жаталбай атам моминтип,
Мындай кордук болорбу?” –
Деп, ошентип Токтосарт,
Жатып алды коңулга.
Кабарга келген кишиси,
Барып айтты Коңурга.
“Жай алып Током жатсын” – деп,
Жайына койуп ушунда.
Алдына келди чоң Коңур,
Күн чыгыштын тушунда.
Күркүрөп Коңур киргенде,
Козголбой Токоң ордунда.
Колун сунуп көрүшүп,
Эсен сөзүн сурашып,
Эрмектешип бир далай,
Алтындан зембил көтөрүп,
Он эки желдет, бир малай.
Олтургузуп Токоңду,
Алып кетти борборго,
Зыйнатын кылып жайма-жай.
Кебин айтты эми ал,
Оро-пара бет маңдай:
- Бардым, баатыр эр Коңур,
Барсам өзүм, жатыптыр
Семетей деген оңбогур.
Эли көчтү калбастан,
Эркин жайлоо салкынга.
Семетей калды кырк үйлүү,
Салынган коргон алкымда.
Сулуунун баарын калтырды,
Канчасы болсо калкында.
Эр жигит деген ыктуудан,
Ойунга мыкты шыктуудан,
Ылгап калды кырк киши.
Айчүрөктүн ордосу,
Айылдын берки башында,
Окчун экен бир иши.
Бир жарым ай мен турдум,
Чачыкейдин үйүнө,
Жок экен анын кириши.
Найза, кылыч, жабдыктар,

www.bizdin.kg

Ок өтпөс кийим олпоктор,
Коргондо экен жыйылуу.
Колунда жок кийими,
Эсиргени Семеңдин,
Мына ушундан билинди.
Селкинчек салып айылга,
Эч нерсе албай ойуна,
Бейкамдыгын мындан бил,
Тайбуурул жок колунда.
Жамандык мага болот – деп,
Эч нерсе албай ойуна,
Жылкыдан тандап жүз байтал,
Алып калды сойууга.
Качан барсаң сен Коңур,
Канкорду бекер табасың.
Кандуу душман канкордон,
Капкачанкы кегиңди,
Өз билгенче аласың.
Убара болбой башкага,
Айчүрөктүн үйүнөн,
Ар качан барсаң табасың.
Эндегей жаткан эренди,
Элебей жаткан беренди,
Ээн үйдөн табасын.
Эрмектешсең, канкорго,
Эриккен суусун канасың. –
Деп, ошентип Токтосарт,
Көргөнүн айтты баарын жат.
Хан Коңурбай кеп баштап:
- Алып баргын Кеңколго,
Азыр, Током,– деп баштап.
Жыгылса душман меники,
Жыйылса олжо сеники.
Эңкейсе душман меники,
Элинде олжо сеники.
Эзелтен берки көп пайдаң?,
Алсаң келди эмики.
Бабырап Током күүлөнүп,
Баштады кебин сүйлөнүп:
Бадирек, Коңур, оңбойсуң,
Минтип жүрсөң сойлойсуң.
Пайда таппай темтеңдеп,
Басып жүргөн ойлойсуң.
Жер жүзүндө жаралган,
Жети кыраан элинде,
Кээси кургак, кээси суу,
Күн көргөн адам жеринде.
Алтын, күмүш, зарым бар,
Кайсы жерге мен барсам,
Сага окшогон ханым бар.
Барбасам да кол баштап,

www.bizdin.kg

Мага пайда табылар!
Чычаң сөөгүм коройуп,
Чыгып калды соройуп.
Олтуралбай тик туруп,
Жатып калдым торойуп.
Баштап барар колуңду,
Байкачы, кайсы алым бар?
Алп Коңур тилиң алам – деп,
Адамзаттан болдум кар!
Асили адам кор болсо,
Айабайт экен падыша.
Менин жаным кыйналды,
Сага болсо тамаша.
Эндегей экен Семетей,
Барганыма жараша.
Мага зыйан, пайда жок,
Бириңди бириң чапсаң да.
Өлбөсөм жыргап жүрөмүн,
Өзүм батар жер калса! –
Деп, ушинтип Токтосарт,
Эр Коңурга айтканы.
Кабыл алып айтканын,
Хан Коңур кайра тартканы.
Мындай болду уксаңыз,
Камынып анын жатканы.
Мурунку кытай өнөрүн,
Ал кезде пенде көргөнбү?
Өкүмүнө кишинин,
От түтүнү көнгөнбү?
Топодон салган мунар бар,
Ичинде ийри жол менен,
Үстүнөн чыгар иши бар.
Оргуштап көккө созулган,
Жаккан оттун ышы бар.
Эсен хан менен Коңурбай,
Ал түтүндү жумшашып,
Кабарлашар белги бар.
Кишиден кабар жумшабай,
Түтүндөн белги жибериш,
Салты экен баштатан,
Коңурбайдын жерлиги ал.
Түтүндөн кабар салыптыр,
Түп Бейжинде Эсенхан,
Ошондон кабар алыптыр.
Коңурбайдын айтканы,
Куп болбой качан калыптыр?
Каардуу баатыр эрлерди,
Кайраты толук шерлерди.
Калдай менен бектерди,
Калк башкарган эрлерди.
Калтырбай баарын Бейжинге,

www.bizdin.kg

Жыйнап келип Эсенхан,
Эр Коңурга жиберди.
Отуз эки алпы бар,
Эр Коңурбай зор калча,
Ошончолук салты бар.
Кармашчу жоону көргөндө,
Калтылдап кайдан тартынар?
Касташканды кыйраткан,
Катын, кызын ыйлаткан.
Кармашарга жоо болсо,
Канын төгүп сулаткан.
Бээжинде жатып Эсенхан,
Куру койбой түнөөнү,
Бейжинден аскер чубаткан.
Эр Коңур мындай тапшырган:
- Бүгүн аскер жаткан жер,
Эртең бекер калбасын.
Бээжинге пенде калтырбай,
Менден кабар болгуча,
Бер жакты көздөй айдасын.
Мен кеттим ыраак батышка,
Эми калган иштерди,
Ханым Эсен жайласын!
Баштап алып баатырын,
Жанынан тойгон жакырын.
Семетей көздөй жол тартты,
Алп Коңурбай капырың.
Эр Коңурбай жүргөн кез,
Эрте жайдын баш жагы,
Айагы экен Кулжанын,
Ай эсеби баштагы.
Отуз эки алп менен,
Арбын аскер баштады.
Жанында жүргөн жакырлар,
Жай билген канча капыр бар.
Кар жааса аттын башына,
Куйругуна күн тамбайт.
Мына ушундай баатырлар,
Баскан жери Коңурдун,
Чыгыштан батыш созулган.
Жерден туман оргуса,
Булутка чыгып кошулган.
Ар качандан бир качан,
Аркыраган шамал, жел,
Кыбыла жактан созулган.
Кыбыла жаккы кырчоодон,
Кылайтып булут кетирбей,
Сыдырым шамал, желаргы,
Астынан утур салганы.
Калмак, кытай аралаш,
Айдап калың кошунду,

www.bizdin.kg

Кеңколго жөнөп алганы.
Эки күнү жол жүрүп,
Күнү-түнү болгондо,
Бээ саамга күндү койдуруп,
Батышка киши бастырбай,
Айдап жүргөн кошунун,
Өрүүн кылып жаткырбай.
Чыгышты көздөй басканды,
“Чын эле жолуң шар – деди.
Кандай барсаң андай бар,
Кай жерде болсо жумушун,
Калтырбай баарын бүтөп ал.
Күн батышка баспа – деп,
Күүгүмдө өтүп кетпесин,
Күлдү кытай байка” – деп.
Кытай түмөн кыргыздын,
Арасы жаман бузулду.
Адам уулу болгондун,
Айласы минтип кысылды.
Баштап алып кытайды,
Алп Коңурбай сызылды!
Жайдын ысык күнүндө,
Теклимекен чөлүндө,
Суусу какшып соолуган,
Ным калбаган көлүндө,
Күзгө жакын барыптыр,
Суусамырдын белине.
“Жайчыларың келгин – деп,
Жаадырып күндү бергин –деп.
Шабырап жамгыр куйсун – деп,
Жели жок болсун билсең– деп.
Жерге жамгыр куйсун” – деп.
Кылайып булут калбасын,
Жаап күнү ачылса,
Асманда булут чачылса,
Сөзүн бурар киши жок,
Ал Коңурбай баатырга.
Нескара деген бар экен,
Эл башкарган хан экен.
Коңурбайга курбалдаш,
Өзү баатыр жан экен.
Тору айгыр менен алкылдап,
Тоодой болгон Нескара,
Алп Коңурбай кошуна,
Жетип келди жакындап:
- Ээ, Коңурбай, не болдуң?
Эсиң кайда жоголдуң?
Кокуй күн, Коңур, не болду?
Кетирип колдун айласын,
Кордуктуу күнгө не койдуң?!
Кошунуң кытай эл болсо,

www.bizdin.kg

Кошулган калмак бар болсо.
Алдында ашуу бел болсо,
Ак чалмалуу жер болсо.
Буту ичке, колу узун,
Аргымак жайы ал болсо.
Айнектей талаа түздөрдө,
Айкындан өскөн эл болсо.
Күн жаадырып бел аш – деп,
Болобу, баатыр, кеп ушу?!
Нескара кебин укканы,
Эр Коңурбай баатырдын,
Күнгүрөп үнү чыкканы:
- Зор Мурадил, кайда –деп,
Чоңдоруңдан калба–деп.
Эр Мурадил, кайда –деп,
Эрлериңден калба – деп.
Нескара баатыр келиптир,
Эли-журттан кайгы жеп.
- Байкаңарчы, баатырлар,
Айтайын сөздү дагы – деп.
Кекенип келдиң Кеңколго,
Кыргыздан кыраан Семетей,
Кыйратабыз аны – деп.
Адамзат жаралып,
Жер жүзүнө таралып.
Акылы толуп адамдар,
Орун кылып, шаар салып.
Периге пенде кошулуп,
Бээжиндин шаарын күтүнгөн.
Отуз беш кылым алдында,
Ошол шаарды бүтүргөн.
Ошонун ачып эшигин,
Ойротто пенде кирбеген.
Кыргыздын кирди Манасы,
Кызыңды алды карачы!
Тартып алды шаарыңды,
Талкалады баарыңды.
Койбой бузду шаарыңды,
Куп жүдөттү баарыңды!
Кол куушурган кутулду,
Каны суудай жошулуп,
Кордукту көргөн кыргыздан,
Кытай, калмак кошулуп.
Калмак менен кытайдын,
Канын төктү кыргыздар.
Орус менен оогандын,
Шаарын бузду кыргыздар.
Ат жетер жерге жан койбой,
Баарын бузду кыргыздар.
Өткөн күндү ойлодум,
Жетчү кезди болжодум.

www.bizdin.kg

Keңколго келип калдык го,
Уккан кепте болжолун.
Кашкардын жолу кең  деген,
Кашкар жактан барганда,
Ашып түшчү Таласка,
Суусамыр деген бел деген.
Суусамырдын бели ушу,
Кыргыз деген эл ушу.
Калың кыргыз башкарган,
Хан Семетей эр ушу.
Айдалып жүрүп калың журт,
Келген жери мына ушу.
Абайлагын, арстандар,
Айта турган кеп ушу.
Бакай бар кыргыз элинде,
Баспаган жери калбаган,
Дүнүйөнүн жээгинде.
Белине таңуу медери,
Бул кыргыздын элине.
Кабылан Бакай билет – деп,
Канча күндөн бер жакка,
Калдайтып туман түшүрбөй,
Кыбыладан булутту,
Кураштырдым үзүлтпөй.
Бүгүн келдиң Кенколго,
Келгениң алыс жер болсо.
Кегиңди алар кезиң го,
Кеңири кыргыз эл болсо.
Беттешериң баатырлар,
Айкөлдүн уулу шер болсо.
Көрбөгөнмүн, уккан кеп,
Кыдырып жүргөн жер жүзүн,
Соодагерден чыккан кеп.
Алтайдын айак жагында,
Күнөстүү күңгөй бетинде,
Андан кала бергенде,
Чоң Кеңколдун ичинде,
Калдыркан ала жалбырак,
Ат туйагы тийгенде,
Жез дообулбастай шаңгырап,
Уну катуу угулат,
Ошол чөптөн үн чыгат.
Эми жатам ой кылып,
Эл туйгузбай алсак–деп.
Эр Семетей сардарды,
Ошол чөптү жашытып,
Андан кийин барсакпы?
Эр Коңур кебин укканы,
Эч текеден кабарсыз,
Элинен булар чыкканы.
Бул кабарды укканда,

www.bizdin.kg

Өлүмдү кабыл алышы.
Өлөбүз– деп баарысы,
Кырылып кетсек баарыбыз,
Кызыталак Коңурдун,
Тийет – деп – кимге намысы.
Куушурулуп далысы,
Куп жүдөдү баарысы,
Өңүнүн чыгып сарысы.
Өлүм бизге чукул – деп,
Бузулуп өңү калышты.
Алдыртан бизге сөз кылып,
Угузбаптыр, бадирек.
Барабыз деп Кеңколго,
Туйгузбаптыр бадирек.
Башкарбаган Коңурдун,
Башынан ойун ким билет?
Аттарын кылдап минишип,
Кабаттап темир кийишип.
Калкандарын кармашып,
Кылычтарын кайрашып.
Айбалтаны эгешип,
Найзанын учун бүлөшүп.
Басып түштү Кеңколго,
Басалек мойнок бел ашып.
Айдын он беш кези экен,
Асмандан тиет жарык ай,
Капкайдан бери көрүнүп,
Кен-Колдун ичи түз экен.
Ат арытып, тон тозуп,
Азаптуу калча эр Коңур,
Кеңколго жеткен кези экен.
Келе жатат Коңурбай,
Аркасында миң сандап,
Калың аскер колу бар.
Түп Бейжинде кытайдын,
Уругун төккөн кору бар.
Катылышкан кытайга,
Кандай пенде болсо да,
Маңдайында шору бар.
Дүйнөнүн көбүн ал ээлейт,
Бастырбай койсо жолу тар.
Албан түркүн эли бар,
Атактуу Бейжин шаары бар.
Калмагы бар, сарты бар,
Канча түрдүү калкы бар.
Хайнан деген жери бар,
Кайнаган кытай эли бар.
Ал Хайнанды ээлеген,
Канаттуунун кени бар.
Ошондон бери карата,
Айдалып келген чени бар.

www.bizdin.kg

Урум менен кытайдын,
Ортосунда бели бар.
Амирдин улуу чоң суусу,
Чек ортосу жери бар.
Бир чекеси кытайдын,
Мына ушу жерде дагы бар.
Калмагы көп айакта,
Кара кытай калкы көп,
Дүнүйөгө дүң кылып,
Кабар берип калтырбай,
Айдаган экен быйакка.
Шаңданган Жолой баатыр бар,
Сандаган кытай капырлар.
Дүнүйөнүн төрт бурчун,
Тең жарымын ээлеген,
Түгөнгүс кытай эли бар.
Ошо колдун үстүндө,
Отуз эки алпы бар.
Ошончо кошун кол жыйнап,
Ат арытып, жан кыйнап.
Адамдан асыл эр Коңур,
Таласка келген чагы бар.
Коңур ашкан Суусамыр,
Которулуп кеткен жок,
Ушу бүгүн дагы бар.
Байыркынын жомогун,
Байкап барың билип ал.
Көптүгүн көрсөң кытайдын,
Жан сактабай калган журт,
Казып көргө кирип ал.
Эрегишип келген жоо,
Эр Манастын уулу ал.
Келе берсин Кеңколго,
Кежебе курсак тулпарлар.
Кекейте тартып чоң жолдо,
Кепти жеткен башкага,
Келели эми Кеңколго.
Манастан калган коргону,
Башкарып өзү чоң болуп,

www.bizdin.kg

# ГҮЛЧОРОНУН ЧАЛГЫНЫ

Салдырган муну болжолу.
Бузулган эмес чекеси,
Аталып коргон болгону.
Тоодон тоого кыдыртып,
Албарстан кенди алдырган.
Чабуучу метин , чотторун,
Ал албарска малдырган.
Тегереги кырк кулач,
Жерди казып ойдурган.
Кыналтып таштан кыш кылып,
Казган жерин толтурган.
Борпоң, ташты күйгүзүп,
Аки менен бор кылган.
Аралаштырып ошого,
Сайдын көпкөк кумунан,
Ылай салган ортого,
Жуурутуп келип ушундан.
Калыңдыгы коргондун,
Жыйырма кулач төш жары,
Бийиктиги коргондун,
Отуз беш кулач төш жары.
Бузуп пенде өтпөгөн,
Мына ушундай салганы,
Талаада аткан кайыптан,
Аңга түшкөн арыктан.
Согумга сойгон бододон,
Тарамыш болгон жеринен,
Калтырбай баарын жыйнаган.
Күнгө жайып кургатып,
Тегирменге тарттырып,
Тарамышты ун кылган.
Сырештен желим алдырып,
Чарага куйуп чалдырып,
Сыртына шыбак тарттырып,
Салакасын арттырып.
Отуз түрдүү сырдатып,
Булуңдарын кырдатып.
Бенденин баары чогулса,
“Бир топурак чыкпайт”- деп.
Көргөндүн баары сындашып.
Атадан калган коргонду,
Жамакчылар ырдашып.
Айкөлдөн калган ал коргон,
Семетей баатыр ээ болгон.
Келин-кыздын ичинде,
Кеңколдо жаткан кенебей,
Жер жүзүндө душманды,
Бучкагына теңебей.
Кайтартып аскер тышынан,

www.bizdin.kg

Каратып койгон немедей.
Ушундай бейкут бир күнү,
Айчүрөк туруп кеп айтат:
- Ардактуу, төрөм,- деп айтат.
Алганың сенин Чачыкей,
Эрке катын дечү эле.
Эркелиги чын эле.
Эшиктен кирсе эндиреп,
Садага кагып, бээ сойгон,
Көз менен көргөн кеп эле.
Мени алып келгени,
Жолобос болдуң теги эле,
Барып келгин баатыр,- деп,
Ар качандан бир качан,
Акылы жетик кайран уз,
Айтты кебин түздөн-түз.
Элирген кайран эр Семең,
Эркектик кылса коржоңдоп,
Жемелеп тилдеп таштоочу.
Желигип калса кокустан,
Желбегей жолду баштоочу.
Эрдик кылса көгөрүп,
Наспай тартып жөтөлүп,
Басып үйдөн чыкчу эмес,
Жаздыктан башын көтөрүп.
Эми келген кези экен,
Айчүрөктөн кеп келип.
Ал Семеңдей баатырга,
Айткан сөзү эп келип.
Айчүрөктүн айтканын,
Кабыл алам деп келип.
Чачыкейдин үйүнө,
Жаткан экен ал келип.
Жай алып баатыр жатыптыр,
Чачыкейди бооруна,
Жапшыра бекем басыптыр.
Кылычты кынга катыптыр,
Кызматы журттан ашыптыр.
Түн ортосу болгуча,
Терин абдан чачыптыр.
Муздак сууга киринип,
Чыйрыгып бойу калтырап,
Чын уйкуга батыптыр.
Алкымдагы айылда,
Айчүрөк иши дайын да.
Жатса келбей уйкусу,
Абдан батты кайгыга.
Кара тер бойдон сызылып,
Бул өңдөнгөн ысыкта.
Камыгып көөнү бузулуп,
Таноосунан дем чыкпай,

www.bizdin.kg

Көкүрөгү кысылып.
Асмандан тийген ай жарык,
Чырак үйдө жагылып,
Үйдүн ичи жапжарык.
Күндүзгүдөй жарылып,
Жата албастан Айчүрөк,
Жаратканга жалынып.
Кайра байлап сарпоштоп,
Башына жоолук салынып.
“Тим эле туруп үйүмдө,
Кандай болуп калдым”–деп,
Акыл ойлоп камыгып.
Байкал көрсө Айчүрөк,
Башкача ысык дем келет,
Эр таноосу өңдөнөт,
Ат буусундай көрүнөт.
Баатыр Семең канкордун,
Басташкан жери көп эле,
Кол арткан жери жок эле,
Кошун келип калганбы?
Аскер курап, кол жайкап,
Душман келип калганбы?
Байрак сайып, туу тиктеп,
Баатыр келип калганбы?
Байыркыны эске алып,
Балбан келип калганбы?
Баары журтка кайгыны,
Салган келип калганбы?
Балбан, калкы аралаш,
Баарын бирдей башкарган,
Сардар келип калганбы?
Атышканын мант кылган,
Алптан келип калганбы?
Же болбосо Айчүрөк,
Ойлогонуң жалганбы?
Айалдык кылып ашыкпай,
Жүк бурчунда абдыра,
Оозун ачып Айчүрөк,
Аккуу кебин алыптыр.
Алтын үстөл, керебет,
Үстүнө жайа салыптыр.
Үстүнө кийди куу кебин,
Өзүнөн башка киши жок,
Ким билет мунун кийгенин?
Курч бычагын колго алып,
Кыйгач кармап көтөрүп,
Асталай басып Айчүрөк,
Капшытына келиптир.
Жара тартып чий, туурдук,
Шыкаалап көзүн салыптыр.
Басып келип тешикке,

www.bizdin.kg

Көз жиберсе эшикке,
Сопол куйрук, сом туйак,
Сонун иштер эшикте.
Ашыгып Чүрөк кеткени,
Ашыкпаса неткени?
Чамгарактын үстүнө,
Урулуп чыгып чабактай,
Түндүк жабуу кийизин,
Тулга кылып жамынып
Көз жиберип караса,
Түрү суук келген жоо,
Кытайлыгы таанылып.
Алдында турган Айчүрөк,
Куу кебин кийди камынып.
Он эки түрлүү сүрөткө,
Ойунча Чүрөк кирет, дейт.
Аккуу болуп учкандан,
Андан башка сүрөтүн,
Адам уулу билбейт, дейт.
Кандай сүрөт кирди экен,
Муну, кандай адам билди экен?
Айтор, аралап чыгып аскерден,
Абайлап көзүн жиберсе,
Артына анын көз жетпейт.
Ашыгышта айтууга,
Ал жумушка сөз жетпейт.
Айыл жакты бет алса,
Айыл аруу, жол ачык.
Жалгыз үйүн Чүрөктүн,
Курчаган аскер кол алып.
Түлкүдөй изин жашырып,
Кындырдай бели бүгүлүп,
Тулпардай чачы шүйүлүп.
Басканын адам билбеген
Оолжуган Айчүрөк,
Ордону карай жүгүрүп.
Ордого жете барыптыр,
Ордого башын салыптыр.
Көз жиберип караса,
Кебезден кылган пахтада,
Керебет алтын тактада,
Тектирде жаткан кулжадай,
Эжеси менен төрөсү,
Мойун алышып калыптыр!
Булаакы өскөн Чачыкей,
Түндүгүн тартып чүмкөбөй.
Же кайра тартып ачпастан,
Жаткан экен ушундай
Асмандан тийип ай жарык
Май куйуп, билик салбаган.
Үйүндө чырак ал жарып,

www.bizdin.kg

Ийне түшсө жалтылдып,
Үйдүн ичи жапжарык.
Керебеттин жанына,
Басып Чүрөк ал барып.
Төрөсү канкор Семеңди,
Кенебеген немеңди,
Керебетте уктаган,
Келберсиген эренди,
Ойготойун деп ойлоп,
Колун сунуп баратып,
Ойуна Чүрөк бул келди.
Кыйаматка барганда,
Кудай казы болгондо
Пайгамбар шапат кылганда,
Эрдин көөнүн оорутса,
Күнөө деген катынга.
«Жоо келди» - деп - ойготсом,
Түйшүк тарткан төрөм го,
Көөнү калар ошондо".
Ичкелик кылып сөз кылбай,
Кылчайып артын карады.
Кара таандай калкылдап,
Айчүрөктүн ордосун,
Камап калмак калганы.
Кайраттанып Айчүрөк,
Канкоруна барганы.
Кылса да канча кайратты,
Дагы ойгото албады.
Эки кирип элеңдеп,
Үчүнчүгө калганы,
Ойуна муну алганы.
Букардын кеңир жеринде,
Каракандын элинде,
Эжем менен канкорум,
Чүкө ойногон кезинде,
Таа конуп калса сакасы,
Таталакай деп айтып,
Талашып алып кетчү эле,
Талабына жетчү эле,
Тамашага батчу эле.
Ойготойун эжемди,
Эжем өзү ойготор,
Эл башкарган эренди.
Чачыкейдин жанына,
Басып Чүрөк келгени.
Ачылуу жаткан колунун,
Билегинен кармады.
Ойготойун муну - деп,
Тартып бери калганы.
Уктабай жаткан Чачыкей,
Кирген менен чыкканын,

www.bizdin.kg

Билип жаткан Чачыкей.
Аркырап уруш салганы,
Ар деп беттен алганы:
- Чын үч айга толгондо,
Жибересиң төрөңдү.
Чыдабастан бир түнү,
Үч ирет келип үстүмө,
Уруптур кудай төбөңдү!
Уйалбастан ойготуп,
Келесиңби сен - деди?
Эр сурап, төрөм чуу кылып,
Бардымбы сага мен? – деди.
Айтканын Чүрөк элебей:
- Сен жатасың, эжеке,
Эч нерсени кенебей,
Төрөңдүн көзү бар болсо,
Талашабыз экөөбүз,
Айрылып калсак төрөдөн,
Тамашаны көрөбүз,
Ар жорукка көнөбүз!
Эр талашты койуп тур,
Асылым, эжем, угуп тур.
Семетей өлсө кокустан,
Кымыз ичкен суусунга,
Кызыл шайы бутунда,
Багалеги балпаңдап,
Кең кийген кыргыз журтунда,
Бир күндө жүздөн эр чыгат,
Арачы киши көп чыгат
Тийгиниң - деп – ушуга.
Ошол күндү көргөнчө,
Айла кылып багалы,
Бөөдө арман өлгөнчө!
Кошун келип кол жайкап,
Коргонду басты, билбейсиң,
Кой, эжеке, бери кел,
Камап жаткан те көптү,
Эжеке, сен ким дейсиң?-
Деп, ошентип Айчүрөк,
Колунан кармап тарты эле,
Коркпогондо неткени,
Короондо кошун дегенде.
Козголуп жүрөк кеткени.
Үстү көйнөк дамбалсыз,
Эсинен чыгып чечкени,
Кооп басып жөнөдү.
Баш жагында чатылуу,
Желек кийим асылуу.
Эңкейип кармап Айчүрөк,
Эжесине жапканы.
Караанын элдин көрсөтүп,

www.bizdin.kg

Башбактырып эжесин,
Эшикти аста ачканы,
Бу болду анан айтканы:
- Аруу экен коргон жак,
Эжеке, кайрат кылып бак.
Эр төрөнү ойготуп,
Чоң коргонго кирип бак!
Дүнүйөгө караба,
Напси салат балаага!-
Деп, ошентип Айчүрөк,
Чыгып кетти талаага.
Тескей менен жүгүрүп,
Тизеси менен бүгүлүп.
Айаккы үйдөн кириптир,
Кирген үйдүн баарысын,
Ойготуп Чүрөк ийиптир.
- Малың менен куруп кал,
Дүнүйөң менен чирип кал,
Көп табасың дүйнөнү,
Тирүү калса чымын жан.
Кийимиңе караба,
Кечигип калып алам – деп,
Башыңды салба балаага.
Баарысы калса ал калсын,
Баш, көзүңдөн садага!
Күңгөй ылдый чуркады,
Ойгонгону алдында,
Кооп эли чубады.
Ашыкпаган эптүүсү,
Жүрөгү бар мыктуусу,
Эрди-катын ыктуусу,
Эл ичинде тыңдуусу,
Дамбалын араң кийиптир
Көйнөгүн кийген киши жок.
Кордукту көрдүк дегенде,
Дүйнө менен иши жок.
Койон жүрөк коркогу,
Кокус манап чоркогу.
Абийирин кармап ала албай,
Төшөгүнөн копкону.
Жайнап жаткан кыргызга,
Алп Коңурбай, Нескара,
Ал Мурадил, Ороккыр,
Ушундай катуу салды от!
Коргонду көздөй жүгүрүп,
Коржоңдогон андан көп.
Кубулуп барып чубашып,
Коргонго кирип кетишти.
Кырк үч катын санаты,
Семетей көздүн карасы.
Эркек, катын аралаш,

www.bizdin.kg

Бардыгы сексен эки жан,
Саламат кетти чамасы.
Башында бирге баштаган,
Баатыр Манас баласы.
Каалгасын кынашып,
Шүгүр кылып кудайга,
Коргонго кирди чогулуп,
Мына булар карачы!
Аз эмес баатыр дүйнөсү,
Ал коргонго жыйнаган.
Базарга сатчу катындай,
Баарысы кооз кийинсе,
Бир күнү бештен которсо,
Беш маал бөлүп тамакты,
Балдарына ичирсе,
Жеткидей экен дүйнөсү.
Жүз жылдан өмүр кечирсе,
Аш, кийимден камы жок,
Камдалуу экен баарысы,
Бабырашып чогулуп,
Коргонго кирип алышты.
Ал коргондун ичинде,
Жеткилең туулган эр Манас,
Жети көлдү жасаткан.
Жеринен таштан куратып,
Бурматаш деген сеңирден,
Жер түбүнөн суу алып,
Ар бир көлдүн сууларын,
Жети хандын элине,
Бир жылдан жетет дедирген.
Көлдүн жайы ушундай,
Ырасын айтса учурбай.
Жасалган көлдүн тешигин,
Каныкей менен Бакайдан,
Башка жан түк билчү эмес.
Жарылып түбү калат – деп,
Азыраак байлап суу койуп,
Ушундайча адатты,
Каныкей, Бакай берчү эмес.
Абадан күндүн ысыгы,
Көлдөгү суугa түшүптүр.
Балырлап суулар нур байлап,
Байкасаң жээгин шор байлап,
Чай кайнатып, бал салса,
Татып суудан шор кайнап,
Ич өтмө кесел жайылып,
Чычкактады баарысы.
Алыстан келген Коңурбай,
Коргонго камап алышы.
Жасалгалуу кырк эки үй,
Жанына тикти чатырды.

www.bizdin.kg

Жайнап жаткан кыргыздын,
Жанына кордук батырды.
Конок кылып, кой сойуп,
Кол куушуруп тоскондой,
Алп Коңурбай баатырга,
Жасалгалуу кырк эки үй,
Кыргыз эли тапшырды.
Алп Коңурбай, Нескара,
Артынан келген аскерин,
Ар тарапка бөлүнтүп,
Күлдүрөтүп топ артып,
Күчүн күүлүү көрүнтүп.
Камоодо калган Семеңдин,
Кайгыдан көөнүн бөлүнтүп.
Бирин миңден топтогон,
Кеңколдун өйүз-бүйүзүн,
Калмак кытай аскердин,
Тобурчагы оттогон.
Кылымда мындай жоо болбойт,
Кыраанды камап октогон.
Муну мындай койуңуз,
Тоодон жаткан Гүлүстөн,
Андан кабар угуңуз.
Баатыр Бакай билген жок,
Канчородо күмөн жок.
Бир жума болду тынч албай,
Гүлчородо уйку жок.
Жай өтүп күзгө чукулдап,
Жайлоодон жанган кези экен.
Балтыры тартып балкылдап,
Алып учуп жүрөгү,
Тынчтык бербей лакылдап.
Кирпикке кирпик жетишпей,
Көзү катты уйкудан.
Чыдабады Гүлүстөн,
Күмөн алып шумдуктан.
Эрте туруп ээлигип,
Таң азандан жээлигип.
Жылкычылап чакырып,
Жээлигип жүрүп шашылып,
“Тулпарларды карма – деп,
Тобун бузбай айда - деп.
Ардактаган төрт тулпар,
Мамыга аны байла”- деп.
Ишенгени Тайбуурул,
Эркечтей болгон Суркойон,
Төрт канаттуу Карала,
Бакай хандын Бозжорго,
Бул төртөөнү айдатты,
Бир демде аны карматты.
Уруштуу күнү аттарга,

www.bizdin.kg

Куйрук берип, май берип,
Кындырдай кылып жараткан.
Жем баштыгы манаттан,
Жем үзүлбөй ар аттан.
Тулку бойу күймөлүү,
Туйагынан башкасы,
Баары күмүш түймөлүү.
Барандын огу батпаган,
Жебенин огу жетпеген.
Сайса найза тешпеген,
Чапса кылыч кеспеген.
Кара бойу капталуу,
Олпок менен чапталуу.
Качкан элик чокулуу,
Арстандан калган акканды ээр,
Тайбуурулга токулуу.
Жараганы кабыктай,
Жалдын үстү жабыктай.
Семиргени сүмбөдөй,
Секиргени бүргөдөй.
Нечен жылдан бер жакка,
Бекер жаткан тулпарлар.
Семирип баспай калбаган,
Эти агып арбыйып,
Же арыктап булар калбаган,
Ардактап эрен Гүлчоро,
Аттарды сонун таптаган.
Кыштын күнү болгондо.
Эл кыштоого конгондо,
Семетей, Бакай, Каныкей,
Эр Гүлүстөн, Канчоро,
Сойулган ушак малдардан,
Койдун майын татпаган.
Казатка минчү аттардын,
Азыгы үчүн сактаган.
Сары арпаны түктөгөн,
Балтыр атка жүктөгөн.
Салышарга жоо келсе,
Сайып баарын бүктөгөн.
Жер чымырап көгөрүп,
Чырпык бүрдөп, гүл жайнап,
Жан-жаныбар кыбырап,
Жаз белгиси келгенде,
Жылкынын алды тууганда,
Саадырып сүтүн ушунда,
Эртең менен төрт атка,
Сүттү берчү суусунга.
Кулун өпкө күйүкпөс,
Аттардын жайы ушундай.
Жагоо деген жабдыгы,
Гүлчородон башка жан,

www.bizdin.kg

Мурун муну таттыбы?
Тилине салып койо берет,
Эркин басып ат жүрөт.
Эркинче тулаң чөп жебей,
Ээрдине каньк толтуруп,
Каба суудан ал ичпей,
Мууну бошоп кеткиче,
Күндүн табы өткөнчө,
Көзү канып уктабай,
Жуушап аттар тынч албай.
Байлангандай бабында,
Баарысы чабар табында.
Алты жигит ээрчитти,
Арстан чоро жанына.
Кысырдан тандап алдырып,
Кымыздан байлап артынып.
Ээрчиткен алты жигитке,
Азык-түлүк буйумун,
Атайлап баарын тапшырып.
Үчташ жайлоо жеринен,
Гүлчоро чыкты бастырып.
Гүлешендин токойун,
Гүлли кара ушак мал,
Баары келген ошого.
Мал башкарган баш билги,
Канчоро байкуш ошондо.
Барып жетти Гүлчоро,
Күүгүм кире короого.
Гүлчорону көргөндө,
Бүткөн бойу делбиреп,
Жүгүрүп чоро элбиреп.
Эки жеңин бош таштап,
Кементайын жамынып,
Тамаша кылып Гүлүскө,
Сойул алып камынып.
"Кулду кармап муузда"- деп,
Канчоро чыкты чамынып.
"Кантип калган чунак- деп,
Кан ичме баатыр койгун"- деп.
Арсаңдап күлүп Гүлчоро,
Камчысын кармап имерип,
Камчы менен сойулду,
Каршы-терши жиберип.
Камчылашып алышты..
Карап турган калайык,
Тамашага каныпты.
Каткырышып кайтадан,
Кучакташып көрүштү.
Сагынышкан чунактар,
Бирин бири өбүштү.
Жылкынын этин сагынган,

www.bizdin.kg

Кысырдан сойду Канчоро.
Териштирип тек жайын,
Кепке болду Канчоро:
- Малды таштап талаага,
Энтеңдеген чунак кул,
Башыңды салып балаага,
Кайсы жакка барасың?
Кармашчу душман бар өңдүү,
Беймаал кезде неликтен,
Карматып тулпар аласың?
Гүлүстөн анда кеп айтат:
- Чоро элек башында,
Ээрчип жүрдүк абамды,
Сегизден бери жашында.
Эл башкарган эрлерге,
Эрикпей абам жан кылды.
Эрегишкен эрлерди,
Жер жаздантып нан кылды.
Алты хан элин чогултуп,
Үчтөн энчи бердим – деп,
Экөөбүздү хан кылды.
Чогулган кыргыз бул элге,
Чоңойтуп бизди зал кылды.
Орукта калган канкорго,
Ойу терең анткорго,
Ошого барып келсек – деп,
Алы жайын билсек – деп,
Алдыңа келдим ушул кеп.
Канчоро күлүп кеп айтып:
- Куп Гүлүсүм, - деп – айтып,
Дегеле ырас келишиң,
Кеңешти жакшы беришиң.
Төрөгө биздер барабыз,
Чөгөлөп салам кыларбыз.
Арак ичип, мас болгон,
Буулугуп акыл аз болгон.
Төрөм турса токмоктоп,
Ошондо кандай кыларбыз?
Эл жүрсө бизди каным – деп,
Семетей жүрөт кулум- деп.
Алдына арып токмок жеп,
Болбойлук элге шылдың кеп.
Тандап алган айлында,
Ак өргөлүү уулу көп.
Азыркысы күн ысык,
Кечки салкын түшкөндө,
Тоо бөксөлөп баралык.
Абам Бакай карыны,
Жолдош кылып алалык.
Ооруктагы төрөнүн,
Сыйын жеке биз көрбөй,

www.bizdin.kg

Карып калган абакем,
Бирге барып ал көрсүн,
Ал көрбөсө ким көрсүн?
Канчородон кеп келди,
Гүлүстөнгө эп келди,
Желигип жолго салышты,
Канча күн жүрдү арада,
Эсебин кимдер алышты?
Эр Бакайдын айлына,
Кечинде жетип барышты.
Алыстан келген хандарын,
Алдынан тосуп алышты.
Көрпө килем салышты,
Алп Жамгырчы, Каныкей,
Абакеси эр Бакай,
Кысырактан жарышты.
Кызыгына батышты,
Конок болуп эки дөө,
Аксакалдын үйүнө,
Баса барып жатышты.
Бар кебин баштап бабырап,
Бакай ханга айтышты.
Карыйа Бакай кеп айтат:
- Ой, балдарым, - деп айтат.
Ардактап баккан ат болсо,
Айылга ээси минүчү.
Ардактап тиккен тон болсо,
Айт күнүндө кийүчү.
Тулпарларды мингиле,
Каруу жарак илгиле.
Ээрчитип келген балдарды,
Жандырып элге ийгиле.
Он сегизде Байтайлак,
Ат бактырып алалы.
Баатырдын уулу чунакка,
Бастырып биздер баралы.
Эсендигин сурашып,
Амандашып жаналы.
Жаңы акыл кеп болсо,
Айттырып сөзгө каналы.
Орукта жаткан төрөдөн,
Олуттуу кеңеш табалы.
Оолуккан чунак жалгыздын,
Ойлонгон кебин угалы.
Олуттуу кеби болбосо,
Ойлонгон иши жок болсо,
Ойун, күлкү ал жерде,
Сыйын көрүп жаналы.
Бакай хандан кеп келди,
Баарысына эп келди.
Ээрчип келген жигиттер,

www.bizdin.kg

Элине жанып кеткени.
Айгырларга жүктөтпөй,
Кымыздарын артынып,
Жоого тийчү немедей,
Чарайнасын тартынып,
Куулжуган чунактар,
Короодон чыкты бастырып.
Ээрчиткени Байтайлак,
Бакай ханды баш кылып,
Кысыракты жетелеп,
Орукта жаткан төрөнү,
Көрөбүз – деп, энтелеп.
Убайлуу күнгө кез болду,
Өзүнчө келип темтелеп.
Ашмакчы буткул жеринен,
Айтылуу Манас канкоруң,
Эр Алмамбет баатырды,
Тосуп барып сынаган,
Ботомойнок белинен.
Алдыда белдүү Канчоро,
Бек кайраттуу ал чоро,
Каралат менен калдайып,
Белестен чыкты дардайып.
Көөдөнүнчө чыкканда,
Кеңколдо жаткан көп элди,
Көрө салып таң калып,
Түрү суук көргөнгө,
Кайра тартып жалтанып.
“Э, кокуй”, - деп , ат койуп,
Бура тартты жалт койуп.
Гүлчоро бар артында,
Түрө кармап этектен,
Гүлүстөн баатыр тартканда,
Атынан түшүп жалп этип,
Жыгылды жерге далп этип:
- Калдаңдаган, чунак кул,
Кандай шумдук жумуш бу?
Ойноор жерде ойнобой,
Беймаал ойун табасың,
Эминени сен көрдүң,
Айтчы кептин карасын?!
- Айланайын, Гүлүс, ай,
Билгенге кыйын бул иш, ай!
Атадан калган Кеңколдун,
Кеңколго салган коргондун,
Карааны кыйла бар эле,
Көрүнүп турчу ал эле.
Үй-үлкүмөт, мал-пулдун,
Эч көрүнбөй карааны,
Кайсы экени билинбейт,
Камап душман алганбы?!

www.bizdin.kg

Муну айтып Канчоро,
Көргөнүн байан кылганы.
- Эмне дейсиң, чунак – деп,
Энтеңдеген улак- деп?
Эчтеме көрбөй жалт койсоң,
Элиң укса уйат!- деп.
Бура тартып ал төртөө,
Жерлик Талас башынан,
Баарысына дайын го,
Адам батар ташынан.
Орун алды мобулар,
Бөксөнүн өөдө жагынан.
Аттарын байлап тектирге,
Сыр билгизбей эч кимге,
Барып түштү бир жерге.
Үстү жаккы кыраңга,
Басып чыкты баатырлар.
Кеңколдун жайын уксаңар,
Мына мындай айтылар.
Тескейи жазык туландуу,
Кол салаасы коктулар.
Кубулжуган ыраңдуу,
Кирген топоз, буканын,
Башын кашыр жари жок.
Казык тагып, мал байлар,
Томуктай болгон ташы жок.
Үстүндө кырчак, куму жок,
Туйуктанар тоосу жок,
Же капчыгай, бийик зоосу жок.
Өзөгү кайың, тал болгон,
Буткул-буткул булуң саз,
Агыны кара суу болгон.
Ал кара суу сазына,
Өрдөгү учса, каз конгон.
Шилби, четин, ыргайы,
Табылгы, терек аралаш,
Сайып адам койгондой,
Алма менен кожогат,
Алача, өрүк, жийдеси,
Ошол жерде чоңойгон,
Жаңгагы жерге жыйылып,
Ой, чуңкурга жык толгон.
Кайыбы топ-топ жыгылып,
Бир топтон атат төрт, бешти,
Кездешсе мерген кабылып,
Бөксөсү арча, төө куйрук,
Кудай таала туш кылган,
Ырысына жер буйруп.
Жандоонун баары карагай,
Жер тизмеги мамындай.
Жерден чыгып жыбылжып,

www.bizdin.kg

Өзөнү дайра суу болгон,
Коколору кырында,
Адам бойу чоңойгон.
Аттуу киши мааналайт,
Жаан күнү чынында.
Көлөкөлөп отурду,
Коконун барып жанына.
Кабылан Бакай кеменгер,
Калктан ашкан айлакер.
Таш дүрбүнү колго алып,
Таамай салып ал карап,
Дүрбү салып шыкаалап.
Кылчайып карап жанына,
Кызык кепти ал салат:
- Баатыр Манас барында,
Биз барбаган жер жок- деп,
Биз албаган эл жок- деп.
Андан кийин Семетей,
Эч душманды элебей,
Эрдиги артык ченебей.
Калган экен ок атпай,
Эки душман эстелбей.
Ангилис, бараң барбадык,
Аралап уруш салбадык.
Бул көрүнгөн көп душман,
Ал экөөнө окшобойт.
Абдан карап таанышка,
Көзүмдүн жашы токтобойт.
Айтып аны токтолуп,
Опколжуп Бакай козголуп:
- Капырай, балдар, байкагын,
Каардуу калча келгенби?
Байкап көрсөм бул элди,
Бүткөн бойу үпчүлүү,
Аркасы жырык этеги,
Капталынан топчулуу,
Кытай журту болбосун,
Ошол өңдүү көрүнөт,
Абайласам болжолу.
Буттарында кийими,
Баары кебез, кендирден,
Шала кулак тебетей,
Баштарына кийинген.
Жемишти көрсө жайылган,
Жер бетине жабылган.
Тамырын чөптүн суурган,
Табак камыр жуурган.
Кабар алсак болот ко,
Кытай окшойт ушундан.
Акыл жаштан болучу,
Асыл таштан болучу.

www.bizdin.kg

Калган кептин кеңешин,
Силердей жаштар кылучу.
Карган абаң мен айтсам,
Каардуу калча жооң ушу!
Кечээ чоң Бейжинге барганда,
Кеңдемеде чоң бутун,
Талкалап баарын салганда.
Ошондо кеги калды эле,
Арылбаган жалганда.
Чыкпаган окшойт арманы,
Манастын башын жарганга.
Келген окшойт бул жерге,
Кейишти салчу чоң калча!-
Деп, ошентип Бакай хан,
Кебин айтып токтолду.
Канчоро баатыр күүлөнүп,
Катуу жаман сүйлөнүп,
Тегеле жаман октолду:
- Жыргалдуу Бейжин жерине,
Жыргап жаткан элине,
Абакем өзүң баш болуп,
Аттанып силер бардыңар.
Алтын шаар калаасын,
Анда тартып алдыңар.
Алыстан сапар жол тартып,
Арып-ачып келиптир.
Каны тарткан калчаны,
Кудай колго бериптир.
Уйга таккан чүлүктү,
Бул өңдөнгөн бүрүктү.
Катардагы дөөлөрүн,
Ат көтөргүс жөөлөрүн.
Айдап жүрүп кыралы,
Кырып салып тыналы!
Качырып барып тийели,
Ата журттан, Кеңколдон,
Айдап муну ийели.
Ылаачындай тийели,
Жин-шайтандай буларды,
Кырып жойуп ийели!
Баатыр Манас башында,
Алмамбет, Чубак кашында,
Теңдеше албай кыйратып,
Шаарын берген тушунда.
Айдабай шайтан не болдук,
Шашып келсе ушунда?!
Жарагым бар колумда,
Жалтаныш жок ойумда.
Баарына жалгыз жараймын,
Мага теңгел киши жок,
Те, калың калмак тобунда!

www.bizdin.kg

Канчоро аны айтканда,
Гүлчоро мындай айтат кеп:
- Токтой турчу баатыр – деп!
Кылганың сенин, кеп эмес,
Эр Коңурбай болгондо,
Теңдешер душман теги эмес.
Кытайда арбын алптар бар,
Калмакта канча баатыр бар.
Аттанып барып бул жерден,
Ал жерде өлгөн баатырлар!
Ал ошондой бош болсо,
Атаң Чубак эр кана?!
Алмамбет, Сыргак шер кана?
Арстан Манас бел кана?!
Айлананды ойлонуп,
Акыры түбүн сен сана!
Каардуу Коңур эр ошол,
Баарын салган балаага.
Көмдүрбөй сөөгүн таштаткан,
Эндекей сары талаага!
Каарына алса чоң Туңша,
Каптап кетчү чоң балаа.
Казаптанса Коңурбай,
Каарына кылат ким дабаа?!
Алактап бекер сүйлөйсүң,
Акылың жок сен бала.
Карылардан мен уккам,
Ашыкма Чубак – деп уккам.
Энтелеп Чубак барганда,
Каткаландын кыз Сайкал,
Көмө сайып калганда,
Минген атын тутултуп,
Алмамбет барган кутултуп.
Сен ошонун уулусуң,
Бекер кайрат кылышың.
Асили түбү ишке ашпайт,
Тилдешпей кылган урушуң.
Тымызын барып тил албай,
Бүтөт кандай жумушуң?!
Анда Бакай муну айтат:
- Гүлүстөн, жарайт айтканың,
Балдар, сөзүм байкагын.
Кылдыр-кулдур сүйлөшүп,
Кытайдын тилин билчүң, ким?
Калдыр-кулдур сүйлөшүп,
Калмактын тилин билчүң, ким?
Тетиги, кайнап жаткан калың кол,
Кабар айтып барчуң, ким?
Гүлүстөн туруп кеп айтат,
Күлүмсүрөп муну айтат:
- Сенин атаң Чубактай,

www.bizdin.kg

Менин атам Алмамбет,
Ала көөдөк жан эмес
Башында кытай ханы эле,
Арбак конгон жан эле.
Жазасын берген канчанын,
Белдүү туулган жан эле.
Периден молдо алдырып,
Кырк эки тилди жыйнатып,
Сай сагызган тилине,
Дуба кылып байлатып.
Балама белек болсун – деп,
Ошону кеткен карматып.
Өгөйлүк кылбай Арууке,
Белдемчинин бүгүшкө,
Бекем тигип капшырган.
Баласына берем – деп,
Сактап жүрүп Каныкей,
Мен чунакка тапшырган.
Кытай, калмак тилдерин,
Кыйын билем баарысын.
Манжу, шибе тилдерин,
Канык билем баарысын.
Ооган, орус тилдерин,
Өзүндөй билем баарысын.
Айтканда жыйып баарысын,
Кырк эки уруу тил билем,
Аралап кирип ал элге,
Айттырып сөзүн мен билем.
- Билсең баатыр баргын - деп,
Бакай айтып салганы.
Мурунку эрдин даңкына,
Айткан менен сөз жетпейт,
Чыны менен калпына.
Эр Гүлчоро баатырдын,
Кол куржуну жанында.
Үйдө жүрсө Гүлчоро,
Оң жагынан кетчү эмес.
Түндөсүндө Гүлчоро,
Төшөгүнүн башында.
Аттанып чыкса талаага,
Канжыгага байлануу.
Отурса да сийгени,
Бир желдетке кармалуу.
Ардактаган куржуну,
Бүгүн канжыгада байлануу.
"Не катат муну бүжүрөп,
Алмамбеттин чен тону,
Мына ушунда белем"- деп,
Эл-журт жүргөн күбүрөп.
Андай эмес Гүлчоро,
Жети кыраан элинин,

www.bizdin.kg

Жети түрдүү кийимин,
Артынып жүрчү белендеп.
Абасы Бакай айтканда,
“Калмак, кытай белем- деп,
Чечип алып куржунун,
Сууруп алып кийимин,
Кара бойу үпчүлүү,
Капталынан топчулуу,
Алып кийди кийимин.
Кебезден өтүк кийинип,
Эгесине сыйынып,
Кеп чачты башка салганы,
Шала кулак малакай,
Башына кийип алганы,
Калмак болуп калганы.
Олпогу жок жонунда,
Айбалта жок колунда.
Жамандык болот экен- деп,
Жалтаныш жок ойунда.
Атадан калган Акшамшар,
Эндекей ичтен байланып,
Эр Гүлчоро шайланып.
Өзү көргөн жер менен,
Жыла басып жел менен,
Кирип кетти жол менен.
Кабылан баатыр Гүлүстөн,
Карагайдан өткөнү,
Карагайдын четинде,
Оттоп жаткан аттарга,
Элеңдеп барып жеткени.
Ар кайда аттар топ-топтон,
Алды беш жүз, арты жүз,
Айанттарда жайылган.
Көрдү баатыр Гүлүстөн,
Бир жерди жууркан чачылган.
Отун жыйнап жаткансып,
Тезек терип жүргөнсүп,
Эптеп чоро баскансыйт.
Жерден алып салганда,
Түшүп калат артынан.
Түшкөнүнө карабай,
Терген болуп абыдан,
Антип–минтип түгөнгүр,
Аттардын жетти жанына.
Черүүсү окшойт калмактын
Азамат окшойт жалгыз жан.
Ат баккан жерден табылды,
Калмагынча ийилип,
Салам айтып калганы.
Салам айтып барса да
Калмак алик албады.

www.bizdin.kg

Саламдын алик ордуна,
Бул болду калмак айтканы:
- Жаныма жакын жолобой,
Айткын кебиң ыраактан.
Улугубуз кеп айткан,
Саламга алик алба – деп,
Ушуну чындап бек айткан.
Экөөң турсаң бир жерде,
Башка адам келсе жаныңа,
Таанbacksасаң экөөң тең,
Кылычтап аны жайла – деп.
Мен жалгызмын, билбеймин,
Эгер болсо жолдошум,
Тааныбаса ал дагы,
Төгөт эле каныңды,
Алат эле жаныңды.
Өлтүрөт бекер өзүңдү,
Ойом сенин көзүңдү.
Жаныма келбей бат жогол,
Эгер уксаң сөзүмдү!
Калмак кебин бүтүрдү,
Алмамбеттин Гүлчоро,
Кара баштуу бендеден,
Кашка туулган эр чоро.
Тили таттуу, боору таш,
Калмакча сүйлөп калдырап,
Айтты мындай балдырап:
- Укчу баатыр, кебимди,
Ушу сага келишим,
Өлө турган жеримби?
Зилим кытай эли элем,
Жалгыз чейрек жер менен,
Күн кечирип сей менен,
Жалгыз эшек мал менен,
Жан бага албай нанга зар,
Жаман турмуш көрчү элем.
Көк-сак айдап эр-катын,
Тиричилик кылчу элем.
Өткөн күндүн биринде,
Чолок мылтык асынып,
Элдер дүрбөп шашылып,
Сары кийип баарысы,
Кең көкүрөк далысы,
Чокмор алып барышты,
Казатка жүрүп калышты.
Аттуу жүрүп нан жешти,
Түшүп калса барчасы,
Карабай таштап кетишти.
Аскер эркин карды ток,
Түйшүк менен кээри жок.
Жыргайт экен ушул – деп,

www.bizdin.kg

Ойума бул кеткени.
Кош айдап жүрсөм телмирип,
Мылтык алып эл келди.
Ана-мына дебеди,
Үстүмө кийим тон берди,
Колума дары, ок берди.
Буруттун элин чабабыз,
Бекерден мал табабыз.
Ойума кеткен ошондо,
Чоң кудай мага нак берди.
Ошол жолку урушта,
Түшүп бурут колуна,
Кул болдум минтип шорума!
Ошондон бери карата,
Бул буруттун элдери,
Орун берип оңдурбайт,
Уктатып уйку кандырбайт.
Жумшап жаным тындырбайт,
Жүз, колумду жуудурбайт.
Отун терип келгин- деп,
Чай кайнаткын болгун – деп,
Так шайымды кетирет.
Таалайга ушул иш болуп,
Мурункудан кийинки,
Түйшүгүм менин күч болуп.
Келген жерим, элимди,
Сагынып жүрөм нес болуп.
Күн өтүп кетип баратат,
Таң атып, кайра кеч болуп!-
Деп ошентип Гүлчоро,
Жашуучудай болду эле.
Көп аттарды баккан жан,
Көрүп туруп чорону,
Акылы айран болду таң.
Ал аңгыча камынып,
Арстан туулган Гүлүстөн,
Калмакча кылып кааданы,
Анжийандын ак куурма,
Жез чылымга салды эми.
Кырып алып жер куугa,
Буркуратып сорду эми.
Найын кагып арытып,
Тамекисин жаңыртып.
Жер куу чагып тутантып,
Кош колдоп суна берди эми,
Үстүнөн түтүн чубалтып.
Чылым сунуп тартышып,
Ичинде сырын айтышып:
- Нескаранын элимин,
Эң эле мурун келипмин.
Кеңкол деген жер экен,

www.bizdin.kg

Кыргыз деген эл экен.
Кара кыргыз улугу,
Семетей деген эр экен.
Сан миң аскер кол менен,
Чапканы келдик ошону.
Мен миң кишинин башымын,
Өтөсүн алып атынын,
Ат бактырып тоо-ташта,
Карагайда жатамын.
Өлбөй тирүү мен барсам,
Үйүңө салам айтамын.
Жанашалаш отуруп,
Билип чоро алганы.
Туйгузбастан тигинин,
Алкымынан кармады.
Кайсы жактан чыкты экен,
Жаны кетип калганы.
Сүйрөп барып кабакка,
Черге тыгып салганы.
Үстүндөгү бар киймин,
Сыйрып тоноп алганы.
Кебин угуп ал абдан,
Киймин кийип жаңыдан,
Асталай басып Гүлүстөн,
Эр Бакайга барганы.
Бакай менен Канчоро,
Кум кайрак таштан бүлөө алып,
Кылычты кармап эгешип,
Жаткан экен белесте,
Найзанын учун бүлөшүп.
Жанына жакын барганда,
Бута атымча калганда,
Канчоронун көзүнө,
Келаткан калмак көрүндү.
Көрө салып Канчоро,
Жүрөгү чыгып кабынан,
Найзасын кармап сабынан,
Сайамын деп жүгүрдү,
Ашыккандан абыдан.
- Энтеңдеген чунак кул,
Энтеңдебей шүк отур!
Темтеңдеген чунак кул,
Темтеңдебей тынч отур!
Балакет басып алдыбы,
Көзүң агып калдыбы:
Таанибайсың мени,- деп,
Гүлүстөн айтып салганы.
Таанып алып Гүлүстү,
Туруп калды Канчоро.
Барган, көргөн баарысын,
Айта салды Гүлчоро:

www.bizdin.kg

- Калмак экен билдим- деп,
Абам колго түшкөндө,
Кайсы бет менен Канчоро,
Аралайт элең элди – деп.
Таалайыбыз бар окшойт,
Абам тирүү өңдөнөт.
Коргонго кирип алганбы,
Корголоп жаны калганбы?
Же болбосо, абаке,
Менин ойлогонум жалганбы?
Келген душман манжудан,
Калбаган окшойт эч бир жан.
Дагы эле келип жаткансыйт,
Топ-топ болуп аркадан.
Кандай жумуш кылабыз,
Кандай уруш салабыз?-
Деп, ошентип Гүлчоро,
Көргөндүн баарын билгизди.
- «Акыл жаштан эмеспи,
Асыл таштан эмеспи»,
Карыган абаң не кылат?
Калганын, балдар билгин- деп,
Бакай турду эпеңдеп.
Канчоросу оолугуп:
- Манжу болсо келген жоо,
Кыйкырып барып тиели.
Кыйындык кылса каңгайлар,
Кылычташып көрөлү.
Ажал жетсе кудайдан,
Аралашып өлөлү.
Коркконсуп жатсак кыр-кырда,
Тирүү кайдан көрөлү,
Коргондо калган төрөнү?
Аш-азыгы бар болсо,
Сууну кайдан табат?- деп,
Канчоро айтты мындай кеп.
Гүлүстөн анда кеп айтып:
- Койгун, баатыр кебиңди,
Ит уксун муну - деп айтып.
Абамдын камын кылбагын,
Ойлонуп акыл кылайтып.
Билип жүрөм мен баштан,
Көл жарылып калат- деп,
Абам менен энемдин,
Байлап сууну койгонун.
Байкап угуп сөзүмдү,
Баатырым өзүң ойлогун.
Дагы үч ай жетет го,
Ойлоп көрсөм болжолун.
Экөөбүз мында турабыз,
Жайында жатат он төрт хан.

www.bizdin.kg

Кабар кылсак хандарга,
Кайраты толук жандарга.
Эп келсе ушул кеңешим,
Касиеттүү абама,
Убадалуу күн болжоп,
Байтайлакты жиберсек.
Бадирек тиктеп, туу сайып,
Бадирек жоого биз тийсек.
Бекер жатпай аңгыча,
Азы-көбүн бул элдин,
Аралап жүрүп биз келсек.
Болот, балдар болот - деп,
Карсылдап Бакай күлдү эле.
Гүлчоро баатыр кат жазып,
Он сегиз күн болжолун,
Ошол катка бек жазып.
- Ушул сапар келбеген,
Ушаландың – деп жазып.
Калтырбай колуң айдап кел,
Канкордун көөнүн жайлап кел,
Түк койбой элиң айдап кел,
Түгөнгүр көөнүн жайлап кел!
Он сегиз күндөн калба- деп,
Ойлобой жатып алба,- деп.
Катын тамам кылганда,
Кабылан Бакай чоң мөөрүн,
Айагына бек басып,
Бозжорго тулпар ат берип,
Туруп калды калгандар,
Байтайлакты атказып.
Бала баатыр Байтайлак,
Колуна хандык кат кармап,
Мине турган алыска,
Бозжоргодой ат тандап.
“Кандай барып келем- деп,
Кантип кабар кылам”- деп.
Жалгыз ооз абал билдирбей,
Бура тартып аттанып,
Жүрүп кетти дыр койуп,
Жолдошу анын бир барчу,
Жүз кишидей шаттанып.
Барар жери чунактын,
Күн батышы Испанда,
Күн чыгышы Кытайда.
Он төрт хан элин сурасаң,
Орто жери ушунда,
Өзү жалгыз күүлөнүп,
Бастырды бала кенебей.
Жоргонун башын чулгутуп,
Артынан чаңын бургутуп.
Болушунча камчылап,

www.bizdin.kg

Алдындагы жоргону,
Кара терге жуурултуп,
Боз бала кетти ыраакка,
Кандим болгон канкорлор,
Жата албайт бекер быйакта.
Эр Гүлүстөн турбады,
Белин бекем бууганы.
Кыны жок шамшар байланып,
Кытайга кетти шайланып.
Кечке чейин жөө басып,
Коңурбай турчу чатырга,
Кечинде жетти айланып.
Камыштын чыккан түбүнөн,
Жалгыз булак кара суу,
Таттуу анын суусу – деп,
Хандар иччү суу экен.
Айчүрөктүн ордосу,
Ага жакын жерде экен.
Алп Коңурбай, чоң төрө,
Адырайган, зор төрө,
Өзү тажаал, куу төрө,
Падышалык чатырын,
Басса пилге жүктөтүп,
Алып келип заңкайтып,
Айкын талаа Кеңколго,
Тигип салган кези экен.
Карылардын макалы,
Кайсы укмушун айталы?
Жансызда камыш чоң болгон,
Жандууда балык зор болгон.
Гүлчоро баатыр ошондо,
Камыштын кирип ичине,
Көз жиберип чатырга,
Токтолуп калды кичине.
Атасы баатыр Алмамбет,
Калтырып кеткен мураска,
Тутамга толбос жалгыз ооз,
Таң калгандай сырты кооз.
Жети кабат таш дүрбү,
Он эки таштан орноткон,
Отуз күндүк жол болсо,
Он бута атым келтирген.
Ачууланып тиктесе,
Утур келген адамдын.
Жүрөгүн жарып өлтүргөн.
Бой тумар чалыш кабы бар,
Болжолу жок дүрбүнүн
Болоттон кылган сабы бар.
Болумдуу тууган Гүлчоро,
Сууруп алган чагы бар.
Чатырга салды элеңдеп,

www.bizdin.kg

"Кирер жери бар болсо,
Жазасын түндө берем" - деп.
Чүпүрөк тышы көрүнсө,
Ичи темир тор экен.
Жалгыз эмес темир тор,
Үч кабаттап эштирген,
Темир аркан ошону,
Сыртынан тартып салыптыр.
Киремин деген ушуга,
Гүлчоронун шору экен!
Ууктарын бекиткен,
Коргошун коло аралаш.
Жаткан уйдай коргошун,
Сом темирди кынаткан,
Кыйырынан таштап сулаткан.
Тик көтөргөн жыгачын,
Ал темирге улаткан.
Таманы жынжыр беш кабат,
Так ушундай чатырга,
Таакат кылып ким барат?
Жети катар эшиктүү,
Киши кирер тешиктүү.
Хандар менен ашпоздун,
Ортосунда көшөгө,
Ошол кездин балбаны,
Бой урса араң чыккандай,
Өтөмүн деп ошого.
Чай кайнатып нан берген,
Ашпозу турат бир жакта.
Алты бөлмө ал чатыр,
Баарысында бир эшик.
Алты түрдүү жаракты,
Оңдоп кармап тептегиз,
Өңкөй чокмор кармаган,
Одурайган балбандар,
Он айланып алыптыр.
Көрүп муну Гүлүстөн,
Күмөндөнүп калыптыр.
Так ошол кезде алдынан,
Колуна нөгөй көтөрүп,
Чыгып чайчы чатырдан,
Камырабай ал чайчы,
Булакка нөгөй батырган.
Жармашып чоро шыйракка,
Шыйрагынан көтөрүп,
Башын сууга малганы.
Сүйрөп кирип камышка,
Өлтүрө койуп кийимин,
Өзү кийип алганы.
Айла менен жайлады,
Жылаңачтап чечтирип,

www.bizdin.kg

Сырткы киймин алганы.
Буту-колун бек байлап,
Сууга таштап салганы.
Чайчынын киймин бүт кийди,
Колуна кармап нөгөйдү,
Асталай басып жетти эми.
Эшиктен кире берерде,
Эми чоро ойлонуп:
“Акылымды алдырып,
Ашыгып калган экенмин.
Жалгыздыгы курусун,
Шашылып калган экенмин.
Койондон окшош сырдаган,
Он эки сандык бар эле.
Ойлобопмун мен мурун,
Канты кайда, чай кайда?
Наны кайда, бал кайда?
Ачык сурап мен билип,
Анан муну сойбопмун.
Аларды анык билгенде,
Чай ордуна уу чылап,
Хандардын баарын жоймокмун.
Эми муну оңор жок,
Буйруганы болор”- деп,
Алты эшиктен өттү эле.
Ал чатырдын төрүндө,
Ашканага жетти эле.
Түтүнү жок, жалын чок,
Түгөнгүрдүн оту бар.
Чайын асты ушуга,
Коңурдун туура тушунда.
Жыйын ачып сөз сүйлөп,
Коңурбай жатат ушунда.
Анын ушул иштерин,
Жөн бир киши билбеген.
Үч миңче башчы болгондун,
Бир да бирөө үстүнө,
Өзүнчө басып кирбеген.
Коңурбайдын кеби бул:
- Азыр болгун, каңгайлар,
Кордук көрөр жериң бул!
Кеңкол деген жер ушул,
Каардуу кыргыз эл ушул.
Каарланса Семетей,
Каныңды төгөр жер ушул!
Камоодо калды коргондо,
Канымет анда болгонго.
Ойуңа алгын каңгайлар,
Оңой жоо- деп- ойлонбо
Чылабанын тукуму,
Чырга тууган ушуну.

www.bizdin.kg

Соорандыктын өз уулу,
Согушка тууган нак ушул.
Алмамбет азган Бейжинден,
Качып кетип элиңен.
Баштап барып кыргызды,
Ушул бурут элинен,
Тартып алып калааңды,
Так шайыңды кетирген!
Тартууга бердик эки кыз,
Танбай сөздү угуңуз.
Эсен хан кызы Бирмыскал,
Өзү алган Алмамбет.
Ошондон калган бир тукум,
Гүлчоро деген карабет.
Кайраты толук жан деген,
Он эки уруу тил билчү,
Өтө эле шум ал деген!
Атканын жазбас мерген – дейт,
Чапканын жазбас балбан – дейт.
Сайганын койбос сардар – дейт,
Сан жылкыңды бир алган,
Салтанаттуу Толтойду,
Он төрт, он беш жашында,
Томкоро сайып алган- дейт.
Чынкожону сойгон- дейт,
Канын ичип тойгон –дейт.
Өжөрлөнсө алат – дейт,
Өчөшсө түйшүк салат – дейт.
Айлакерлик, кеменгер,
Баарысын жалгыз алган – дейт,
Өткүр чыгып Гүлчоро,
Бакай бекер калган –дейт!
Азыр болгуп баарыңар,
Каран менен ханыңар.
Эндегей минтип жүргөндө,
Эбиңди табат билип ал!
Билинбей кирсе тешиктен,
Кирип калса эшиктен,
Байрак сайып, туу жайбай,
Баарыңар жатып калдыңар.
Күмөндүү киши көрүнсө,
Саламга алик албаңар.
Жакшы сөз айтса көрүшүп,
Жалпаңдашып калбаңар!
Бир жерде турса эки адам,
Башкадан келсе бир адам,
Таанбасаң, экөөң тең,
Кылычтап башын жайлаңар.
Коңурбайдын бул сөзүн,
Түк унутуп калбаңар!
Калдайдын уулу чоң Коңур,

www.bizdin.kg

Каардуу баатыр оңбогур.
Айтып жатат ант ургур,
Ар кандай сөздү кутургур!
Аңгыча болбой камынып, -
Чайнектен булоо буркурап,
Чоргосунан чыркырап,
Чайы кайнап чыкты эле,
Гүлчорону көрсөңөр,
Мына ушундай мыкты эле.
Чайын таап алам – деп,
Сандыкка ачкыч салыптыр.
Көрбөгөн мурун чунагың,
Нанды кармап калыптыр.
Оозу хандар сөзүндө,
Өрттөнүп өлгөн Коңурбай,
Көзү аны чалыптыр:
«Айтпадымбы байа эле:
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Чайчы болуп алганбы?
Чайчыбызды өлтүрүп,
Чатырга кирип калганбы?
Анык чайчы ал болсо,
Ажалы жетип калганбы?
Азыр болгун жанга - деп,
Ар кандай нерсе керекти,
Жаза кармап калба - деп,
Тапшырдым эле башында,
Укпай чайчы калганбы?
Тамтаңдап калды байатан,
Тааный албай чай, нанды.
Баргының, желдет, бар - деди,
Кылычтап башын ал - деди!
Кызыталакты өлтүрүп,
Кабакка сүйрөп сал»- деди!
Адамдын кулак, мурдунан,
Тумар кылып тагынган.
Кан ичме десе күлүңдөп,
Сүйүнүп баары жабылган.
Тура калып жөнөдү,
Он эки желдет жанынан.
Солк этип койбой эр чоро,
Зоңкойуп өөдө болду эле.
Аскарлуу тоодой чоң чоро,
Ашыкпай өөдө болду эле.
Көрө салып чорону,
Кокуйлап Коңур ошондо,
Мууну анын бошонду:
«Айтпадымбы байа эле,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен.
Сол далысы кең экен,

www.bizdin.kg

Соорунду бузар эр экен.
Кең көкүрөк, сом далы,
Өзү балбан неме экен.
Ажыдаар ооз, жалын көз,
Жазы маңдай, жайык төш,
Кан төгүүчү неме экен!
Турбагыла камынып,
Туткунда, баарың, жабылып!»-
Деп Коңурбай калчасы,
Катарда балбан канчасы,
Үксөйдү башка чыккан чач,
Үйдөй болгон чойун баш.
Он эки канат ордодой,
Чокморлорун булгалап.
Ордунан копту балбандар,
Жанаша турган сардарлар.
Как ошону кергенде,
Кишиде кантип жан калар?
Карап турат түгөнгүр,
Жалгызмын – деп – тайманбай,
Ушундай учур маалда,
Гүлчоро эмес кара таш,
Тура алабы зарланбай?!»
"Чуркап жете барсам –деп,
Буурул сакал калчаны,
Мууздап кардын жарсам"–деп.
Жете барар жери жок,
Ортодо турат балбандар,
Кайта кетер алы жок,
Кандай кылар айла жок.
Так ошондо кылт этип,
Акыл ага табылган.
Алты катар чатырга
Жалгыз чырак жагылган.
Кыны жок жалаң шамшарын,
Толгой тартып жеңине,
Сабынан бекем кармады.
Туткасы алтын, сары жез,
Жагылуу турган чыракты,
Качырып барып салганы.
Чачылып чырак түн түшүп,
Калмагыңча калдырап,
Манжуларча балдырап,
Кытайыңча кылдырап,
Эр Гүлчоро кулдурап.
"Карма,– десе,– карма",– деп,
Кармоочунун бири ал.
"Өлтүр,– десе,– өлтүр", – деп,
Өлтүрчүнүн бири ал.
Ошентип жүрүп бултаңдап,
Эшикке чыкты эр сардар.

www.bizdin.kg

"Эми кантип кетем –деп,
Бурма таштан, жез ноого,
Бурулбай барып жетем"
Токтобой мында чебердеп,
Аралап камыш серeңдеп.
Жете барды жез ноого,
Кереметтүү зор калча,
Келер замат билиптир,
Алтымыш уруу кытайдан,
Бирден киши ылгатып,
Кайтартып ноону койуптур.
Жапа жемиш, чөп чардан,
Жыйнап алган алардан.
Кырк-элүүдөй адамы,
Колуна чөкү кармаган.
Кужурашып сүйлөшүп,
Курсагынын камын жеп,
Кыжылдашып жатканда,
Коржоңдоп чоро барганы,
Тогуз, ону арыкта,
Топтошуп туруп алганы.
Жогортон келген улуктай,
Ошондо буйрук салганы:
"Ишенимдүү киши- деп,
Бүтүрөт булар ишти- деп.
Кайтартып койсо арыкты,
Бадыректер оңбойсуң,
Бекер ашка кыныксаң,
Бейкут өлүп сойлойсуң!
Бүгүн келди бир нөөмөт,
Эртең кайдан келет – деп,
Кызыталак иттердин,
Кылган иши кандайдыр,
Анык өзүм көрөм"- деп.
Көргөн болуп жанашып,
Ачуусу келип жан ачып.
Бакай абаң айткандай,
Темирден кылган капкасын,
Тартып алып түгөнгүр,
Алысыраак ыргытып,
Карап калды түгөнгүр.
"Гүлчоро кылган иши – деп,
Билип калсын абам – деп,
Камтый кармап беш-алтоон,
Сууга салып жиберди.
Суу кескилеп албас – деп,
Таратып көлгө салбас – деп.
Бешөө кирсе экөө сак,
Көлдүн суусу калар – деп.
Гүлчоро кылган экен – деп,
Арстан туулган, абакем,

www.bizdin.kg

Көңүлүнө алар”- деп.
Камыш менен аралап,
Качып кетти бааналап.
Таңга жакын болгондо,
Эр Бакайга барганы.
Кобурлуу тууган чунагын,
Кобурап кебин салганы...
Муну мындай таштайлы,
Сыр коргонго Коңурбай,
Кол салганын баштайлы
Кабылан туулган Гүлчоро,
Калайман салып Коңурга,

www.bizdin.kg

# ГҮЛЧОРО МЕНЕН КАНЧОРОНУН КАЙРАТЫ, КЫРГЫЗДАРДЫН КОЛ КУРАШЫ

Качып кайра кеткенде.
Каардуу калча Коңурбай,
Айгайды катуу салганы,
Алптарынын баарысын,
Азыр жыйып алганы.
Бүткөн бойу дирилдеп,
Сакалы кетип бириндеп,
Чырды мыктап баштады.
Ана-мына дебестен,
Чатырды жүргөн күзөтүп,
Алтымыштай балбандын,
Башын кесип таштады.
«Ангүштүн  уулу Кытан алп,
Карагер минген Казан алп,
Манжудан чыккан Мангүш алп,
Калмактардын Каман алп,
Тукуму болсо келишсин,
Кол эсебин беришсин!
Алтымыш алптын ордуна,
Башчы болуп кетишсин!
Кечеги келген бурутту,
Киргизип ийип чатырга,
Эмне деген кылык бу?
Минтип жүрсөң калмактар,
Бейжинге аман кетпейсиң,
Жериңе такыр жетпейсиң!
Ушул кылган айбыңа,
Семетей кармап бересиң.
Аны кылбайт экенсиң,
Кызыкты менден көрөсүң,
Кырылып баарың өлөсүң!» —
Деп, өкүрүп калганда,
Хандардын баары калтырап,
Тик карабай жалдырап.
Балбандын баары бүжүрөп,
“Бурхун, өзүң, колдо” – деп,
Ичтеринен күбүрөп.
Эч аргасын таба албай.
Эсин жыйып ала албай
“Буруттан мурун бул Коңур,
Түпкө жетет экен – деп.
Түгөтүп кетсе өз колун,
Бул жалгыз кайда кетет?” – деп,
Сайхын дешип баш уруп,
Кеп кыла албай турганда.
Манжунун ханы Нескара,
Желбегей чапан жамынып,
Жок жерден акыл табылып.

www.bizdin.kg

Ач жолборстой чамынып,
Акырайып калганы,
Айтып кебин салганы:
- Кызыталак буруттун,
Балбанын байлап алчууң кел.
Балакетти башына,
Барып такыр салчууң, кел.
Очогор атчуу чоңун кел,
Чойунбаш чапчуу зоруң кел!
Жебеге мыкты эриң кел,
Желмогуздай бурутту,
Жеп алуучу шериң кел.
Мылтыкка кыйын мыктууң кел,
Найзага чебер ыктууң кел.
Жазайыл атчуу мерген кел,
Жаага огун керген кел.
Койчагыр атчууң калбай кел,
Койгулашчу балбан кел.
Басташканын майданда,
Башын кесип алган кел!
Коргонун бузуп Манастын,
Өчүргүн атын Таластын!
Семетейди байлап кел,
Айчүрөгүн алып кел,
Ат көтүнө салып кел!
Дүмөктүү катын Чүрөктү,
Хан Коңурга алып бер!
Карап турбай, бол – деди,
Аттансын азыр кол! – деди,
Сый алып, бизден оң! – деди.
Хандан өкүм болгону,
Кара таандай калың кол,
Тегеректеп коргонду,
Он айланып толгону.
Чокморчулар алдында,
Балтачандар жанында.
Найзачылар соңунда,
Укмуштуу курал колунда.
Дүрдүгүп катуу жүрүштү,
Хандары айткан жумушту,
Бүтүрө коймок ойунда.
“Кызыталак буруттун,
Коргонун чагып салалы.
Байлап келип төрөсүн,
Коңурдан сыйлык алалы!
Айчүрөгүн  учурбай,
Аккуу кылып кубултпай,
Аны кармап алалы!” –
Деп, ойлонуп жакырлар,
Жандан тойгон капырлар,
Коргонго барды жабылып.

www.bizdin.kg

"Бузуп кирип кетем" – деп ,
Үйдөй болгон чойунбаш,
Күүлөп колго алышты,
Күрсүлдөтүп салышты.
Балтачандар барышты,
Барсылдатып чабышты.
Тийгенде чокмор чак этип,
Айбалтасы шак этип,
Чойунга тийген немедей,
Каңгып кайра жанышты.
Айкөлүң салган коргонду,
Бузамын – деп – ойлогон,
Кайдан келген акмак бу?
Аңгычакты болбоду,
Алты миңдей балбаны,
Дарбазага барганы,
Барганда кайра жанбады.
Жандан тойгон каапырлар,
Коло менен чойундан,
Уйутуп салган эшикти,
Чокмор менен салганы.
Киште ойногон Семеңдин,
Кулак-мээсин жарганы.
Ошондо серпилип карап Семетей,
Жанындагы балдарга:
"Чапкылатпай эшикти,
Ээлеп алып тешикти,
Аңгыратпай айдап ий,
Эшиктеги эшекти!"
Дегенде эрен Семетей,
Эригип жаткан балдарга,
Эрмек эми табылды,
Баары турбай жабылды.
Эшиктеги жакырлар,
Ажалдуу окко кабылды.
Чыдай албай баргандар,
Кайра качты жайыла,
Мылтыктын үнү чыкканда
Аркадагы калмактар,
От койушуп калышты,
Очогорго жабыла.
Коргонго оозун каратты,
Маша колдоп баары атты.
Кыргызга кылча зыйан жок,
Ортодоку аскердин,
Үч миңин өзү кыйратты.
Ошол кезде карасаң,
Көрөт элең сен муну,
Атылып мылтык тарсылдап
Очогор үнү карсылдап.
Жебелер учуп зыркырап,

www.bizdin.kg

Угулуп үнү чыркырап
Койчагыр огу бадырап,
Жазайыл огу коргонго,
Түшүп жатты дабырап.
Күнү-түнү токтобой,
Жер жайнаган чок болду
Бүткөндөн бери кара жер,
Мындай атыш жок болду.
Түтүн болуп дүнүйө,
Тумчугуп араң токтолду.
Ошол кезде Семетей,
Ордунан араң козголду.
Коргондун чыгып кырына,
Карап турду эр Семең,
Калмактын салган чырына.
Абайлап Семең караса,
Арзан жоо эмес чынында.
Жан шериги баатырдын,
Айчүрөк бар жанында:
- Ой, Чүрөк, бери кел – деди,
Ылдамыраак камынып,
Учуп чыккын сен – деди.
Кабылан Бакай, Жамгырчы,
Гүлчоро менен Канчоро,
Аларга кабар бер – деди.
Тепсетпей Талас жеримди,
Тебөөрүн кылбай элимди.
Нескара, Уушаң, Мурадил,
Коңурбайын баш кылып,
Кармап келсин эрини,
Орундатсын  кебимди.
Буудан Буурул атыма,
Токуп келсин  ээримди!
Атамдын кегин алайын,
Айдап жерден салайын.
Коңурбайын баш кылып,
Калмактардын баатырын,
Алмамбет, Чубак эрендин,
Музбурчак, Сыргак берендин,
Көзөл Көкчө жездемдин,
Жолуна курман чалайын.
Эби келген кези экен,
Мен кумардан чыгайын!
Көпкөн курсак басылсын,
Көрүп туруп баарысын,
Абамдын чери жазылсын,
Энемдин көөнү ачылсын!
Кыргыздын тынсын санаасы,
Кыргызга пайда тийгизсин,
Кыраан Манас баласы!
Уч, Айчүрөк, турбагын,

www.bizdin.kg

Канатыңды ыргагын,-
Деп, Семетей калганда,
Бул дүнүйө жалганда,
Кайраты толук Семеңдин,
Кашында болбой арманда.
Бакай баштап төрт берен
Кеңеш кылып жатканда
Айчүрөк келип калганы.
Нур чагылып асманда,
Кылымда мындай ким болгон?
Түгөнүп калган Айчүрөк
Келгени канча жыл болгон.
Жамгырчы менен Бакайга,
Көрүнбөй жүргөн келини
Көзүнөн караан учканда,
Өзү басып келгенби?
Көшөгө кылып бетине
Кайын иниси балдарды,
Кабатына олтуруп,
Чүрөк сүйлөп кеп баштайт,
Акырын айтып бек таштайт:
- Келген душман каңгайлык,
Алп Коңурбай баштаган.
Коргонго кирип кутулдук,
Семетей баштап жалпы аман.
Атанын жыйган мал-мүлкү,
Аркасын көрүп турабыз.
Сасып кетти көл бүткөн,
Кысталып суудан турабыз
Ак куу кебим кийем – деп
Айланып чыгып асманга,
Аксакал абам карыга,
Айтып кабар берем – деп,
Ок жедим кандуу чалгынга.
Кереметтүү зор калча,
Учарымды билиптир.
Шыпшайдар уулу Кожожаш
Мергенди ала келиптир.
Түндөсү өтөр жолума,
Булуттун үстү бетине,
Жылдыздын асты ойуна,
Буктурма койуп салыптыр.
Болжоп тарткан жаасы бар,
Учуп келе жатканда,
Кез болуп калдым курган жан.
Кашка куйрук түбүнөн,
Таарып өттү тарткан жаа.
Эңкейип алдым колума,
Түшүп кетсе куйругун,
Келбейт го ишим оңуна?!
Ок жаа тарткан эмеспи,

www.bizdin.kg

Жандырып кайра соңунда.
Алмалуубулак, Шумкарташ,
Ашып учуп келатсам,
Жаркылдап жарык бөлүнөт,
Жакындап келип карасам,
Карааны абам көрүнөт.
Түшүп көрдүм силерди,
Эл башкарган бийлерди
Семетейдин айтканын,
Ийне жибин калтырбай,
Айчүрөк айтты аларга.
Эр Гүлүстөн камынып:
- Каны дары кытайдын,
Сууну байлап жин бердим.
Кадыр жам болгун андан, – деп,
Кабарды айтып салганы.
Тамагын кырып хан Бакай,
Кепти баштап калганы:
- Чүрөк, асыл келиним,
Мындан нары сен менден,
Качпай жүрө бергиниң.
Келген жоонун кабарын,
Гүлчорону жиберип,
Эки жолу билгенмин.
Басып жаткан Кеңколду,
Калмак, кытай жоо экен.
Катылып келген өзүнчө,
Каардуу калча Коңурбай,
Байагы Каңгайдан келген тоо экен.
Айтышында Гүлчоро,
Жарактары кыл экен.
Балбанынын мингени,
Кылыч тумшук  пил экен.
Ээрчитип келген колдору,
Эбегейсиз көп экен.
Азыктын камын кылышпай,
Жегени такыр чөп экен.
Тегин карап олтурса,
Алакандай кыргызды,
Тепсеп кетчү неме экен!
Ушул жагын болжолдоп,
Жалгыз кирип бара албай,
Жакырдан өчтү ала албай.
Олтурган ушул белесте,
Жатып калдым мамындай.
Он төрт ханды чакырып,
Байтайлакты жибердим.
Жакында келип калышар,
Узакка кетпей Айчүрөк,
Кыргыз да салгылашып калышар.
Кандай уруш салабыз,

www.bizdin.kg

Кандай арга кылабыз?
Ойлоп, балдар, көргүлө,
Орундуу акыл бергиле,-
Бакай айтып салганы.
Атасындай желиккен,
Канча жылдан бер жакка,
Казатка барбай эриккен.
Кадырлуу Чубак баласы,
Канчоро айткан кеп экен:
- Аркадан кол келгиче,
Бизге көмөк бергиче,
Элебей жатсак бул жерде,
Эби жок душман көп экен,
Эндегей жаткан кыргызды,
Четинен алып кирбейби?
Жат душман элди айайбы?
Көк ичеги балдарды,
Көксөө болгон чалдарды.
Ойротто жок уздарды,
Оймок ооз кыздарды.
Келеңгир чачпак келинди,
Онду тууган баатырдан,
Очок ээси кемпирди.
Тал чыбыктай жаштарды,
Такыр кырып ийбейби?
Ичегисин чубалтып,
Итке салып бербейби?
Макул келсе силерге,
Гүлчоро менен экөөбүз,
Күн алыстап баралы.
Көңүлү бузук душманга,
Көп түйшүктү салалы.
Аркадан кол келгиче,
Манжу менен калмакты,
Маңбаш кылып туралы.
Кол киргенде кирербиз,
Коондой ичин тилербиз
Жан аманат турганда,
Коргондо жаткан абама,
Ат жеткирип берербиз,-
Деп, Канчоро калганда,
Абаң Бакай карысы,
Айчүрөк, Гүлүс баарысы,
“Акылга сыйат ушу” – деп,
Башын ийкеп калышы.
Эр Гүлүстөн айтты эми:
- Жеңеке, турба, кайт – деди.
Ушундай кылсак болобу,
Абама өзүң айт – деди.
Ак калпак кыргыз элиң бар,
Акырет кеткен атаңдын,

www.bizdin.kg

Арбагы азыр мында бар.
Кабылан Бакай абам бар,
Алп Жамгырчы карыӊ бар.
Андан кала бергенде,
Артында чороӊ биздер бар.
Өлбөй тирүү турганда,
Өрөпкүгөн душманды,
Уу сепкендей кылабыз.
Уйпалап салып тынабыз,
Кеӊколду тартып алабыз
Кесиреттүү душманга,
Кеткисиз балаа салабыз.
Эсирген жүржүт Коӊурдун,
Эсебин эптеп табабыз.
Элөөрүгөн иттердин,
Эшектей кардын жарабыз.
Агызып канын жайабыз,
Эртеде өткөн эрлердин,
Алмамбет, Чубак шерлердин,
Эми кегин алабыз.
Абама айтып барарсыз,-
Хан Бакайдан кеп угуп,
Кеп ушундай – деп угуп.
Токтолуп калды Айчүрөк,
Калканы жонго артылып,
Айбалта жанга байланып,
Ачалбарс колго карманып.
Сыр найзасын зыӊкыйтып,
Каралатты кындыйтып.
Туулгасын жаркытып,
Асабасын жайылтып.
Каарын салып жүзүнө,
Канчоро баатыр аттанды,
- Мен кеттим – деп, жар салды.
- Кармап алып калам – деп,
Гүлчоро чуркап калганы.
Карабай кетти Канчоро,
Каардуу баатыр эр чоро.
Ашкере болдук бүгүн – деп,
Бакай абаӊ, Гүлүстөн,
Басып чыгып белеске,
Барып булар караса,
Күүлөнүп алган Канчоро,
“Манастап” ураан чакырып,
Кымылдаган кытайга,
Кирип барды качырып.
Сүрдүгүп кеткен киши жок,
Канчородон дайын жок,
Кайып болду ошондо,
Топ ичи болуп жалын, чок.
Эртеси күнү кечинде,

www.bizdin.kg

Кечки бешим кезинде.
Каралат чыкты жалтылдап,
Канатын күүлөп закымдап.
Оттоп калды түгөнгүр,
Бөксөлөп келип жакындап.
Эр Гүлүстөн күйүгүп,
Жаралуу аркар куугандай,
Этегин өйдө түрүнүп.
Эңиш тартып энтеңдеп,
Жетип барып караса,
Кол балтаны тайанып,
Эси ооп, шай кетип,
Таноосунан тер кетип,
Турган экен Канчоро
Оозунан көбүк кан агып.
Карала атты чылбырдан,
Кармады барып Гүлүсүң.
Кандай айтып түгөтөт,
Канкорлордун жумушун?
Өйдө карай ат менен,
Тепетең бирге жүрүшүн
Кызыл гүлдүн суусунан,
Сагасанын гүлүнөн,
Ичтен ага бергени.
Камдап алган дарысын,
Жыттатып ага ийгени.
Кан жыттанып демикпей,
Жаш көкүрөк баарысы,
Жандай чуркап ат менен,
Ал Бакайга барышы.
Келе элек Бакай кошуна,
Келе жаткан ушунда.
Келатып Бакай кеп салып:
- Тургузба, балам, – деп салып.
Жакын келип кабылан,
Эми түшүр, балам, – деп.
Аттан жерге түшүрүп,
Үстүнөн олпок чечтирип.
Колун салып мойнуна,
Кош колдоп Бакай жетелеп,
Чечип алган олпокту,
Ок өтпөгөн чоң тонду,
Кармап силкип салыптыр.
Мүдүрүлүп темтеңдеп,
Минтип чоро калыптыр.
Эңкейип алдын караса,
Олпокко келген жабышып,
Ок тушарга барыптыр.
Коло менен миси бар.
Коргошун бар, чойун бар,
Алты атар огу андан көп,

www.bizdin.kg

Жебенин огу мындан көп,
Көп жыйылып калыптыр.
Көтөрүп олпок, чоң тонду,
Ат жанына барыптыр.
Аңгыча Бакай кеп айтты:
- Турбагын, балам, – деп айтты.
Доолбасты алгының,
Сийдигин тосо калгының.
Ат сийдиги толду эле,
Эми Бакай нетти эле?
Гүлчоро, Бакай тең сийип,
Ат ишмегин кесишип,
Сийдикке кошуп, тез эзип,
Жезден  найды  сундуруп,
Ат тери менен сийдикти.
Най менен ага жуткузуп.
Сагаса гүлүн жыттатып,
Таштады муну жаткызып,
“Жараат түшсө ичине,
Жылдыз такта болгондо,
Жан берет – деп тим эле.
Жарааты тышта болгондо,
Тилге келет эми эле”.
Кайран Бакай кабылан,
Как ушундай деди эле.
Түн ортосу болгондо,
Оозунан көбүк буу кетип,
Кан аралаш суу кетип.
Чекесинен тер кетип,
Титиреп бойдон ал кетип.
Башын чайкап бир далай,
Ачты көзүн жарк этип.
Эсендигин сурады,
Гүлүстөн чоро барк этип.
Көшүгөндөй күлүңдөп,
Канчоро баатыр күдүңдөп,
Баштады кебин күңгүрөп:
- “Ар качандан бир качан,
 Ат кардыгын тарттым “– деп.
Жаным эсен болсо да,
Сүйүнбөдүм ага мен,
Табылбай мага минер ат,
Жаным тирүү болсо да,
Болуп келдим элден кем!
Качырып барып тийгенде,
Мен Канчоро киргенде,
Кашыма келген бир жан жок,
Кача берди калмактар,
Ара жолду кең кылып,
Ача берди калмактар.
Эркин туулган курган баш,

www.bizdin.kg

Эрдик эмей неткеним?
Дөбөдөй болгон чатырга,
Чапкан бойдон жеткеним.
Манастын атын укканда,
Аттанган белем ушунда.
Көрбөгөнмүн укканмын,
Кундуздай Кара ат минген,
Кабаттап темир соот кийген.
Чарайнасын тартынган,
Ок-дарысын артынган.
Белине кылыч байланган.
Жоо дегенде шайланган.
Колуна балта кармаган,
Капташа түшсө тар жерде,
Козголбой жүрөк калбаган.
Алдында атын булкунтуп,
Алдыман чыкты бир адам.
Буурул сакал киши экен,
Байкасам өзү чоң балбан.
Коңур эмей кайсы – деп,
Беттештимби буга – деп.
Алдымдагы Каралат,
Айабай камчы бир салдым.
Айанып туруп калбастан,
Чоң балтаны колго алдым.
Качырып барып чапканда,
Алдындагы Кара аты,
Жазгырып ордун салды эле,
Арам өлгөн Каралат,
Кетенчиктеп түз баспай,
Тартып туйак алды эле.
Өзүнө тийбей балтамды,
Өксүтүп аты салды эле.
Таамай чаап алганда,
Чороңдо арман бар беле?
Ар канча кыйын болсо да,
Атына тийсе чоң балта,
Айрылса аттан чоң калча,
Өлбөсө да түгөнгүр,
Өлүмчө болуп калды эле.
Балтам тийген кара жер,
Аңтарылып ор болду.
Мына минтип чороңо,
Ат кордугу чоң болду!” –
Деп, ошентип Канчоро,
Үшкүрүнүп убайда,
Жалгады кебин далайга:
“Коркуп калган чоң калча,
Андан кийин келген жок.
Бендеби – деп,– бейлебей,
Аны мен кадигиме алгам жок.

www.bizdin.kg

Айтсам баштан кыдыртып,
Чороңдо арман калган жок.
Сооттуусун сойлоттум,
Олпоктуусун онтоттум.
Кылычтуусун кыйраттым,
Найзалуусун сулаттым.
Мылтыктуусун бөлүнттүм,
Суудай канын төгүлттүм.
Көк түпөк кызыл найзамды,
Көп эле жанга мылгыттым.
Бетиме туура келгенин,
Көгүчкөндөй ыргыттым.
Карылуусун кулаттым,
Кан агызып сулаттым.
Эңкейиште эр сайдым,
Экөөнү катар бир сайдым.
Кечээ, жедигердин тобунда,
Эр Толтойдун колунда,
Сен экөөбүз бар элек.
Кыштын суук чилдеде,
Кыргын салып кошунга,
Кан төгүп жүрүп тынч албай,
Кылычта мизде курч калбай.
Балтанын кесер мизи жок,
Бир көрдүм эле ошондо.
Бүгүн жайдын толугу,
Тамыздын түшкөн кези экен.
Кан катып жарак-жабдыкка,
Өтпөс болчу иш экен.
Найзамдын көрсөң учу жок,
Темири жок тоголок.
Кылычымдын мизи жок,
Балтанын мизде курчу жок.
Түгөнүп калат турбайбы,
Куржун башы толгон ок!
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү ар жерде.
Муруттарын сербейтип,
Эр өлүгү көп жерде.
Жүзүн сайып жүдөттүм,
Тобун бөлүп тараттым.
Оңко турган кишиден,
Он бирдин алдым санатын.
Ошонгочо кеткен жок,
Тулку бойдон кайратым.
Куру кол болуп калганда,
Аркамды көздөй мен тарттым.
Бет маңдайга келгенин,
Менменсиген эрлерин.
Желкесинен кармадым,
Сүзүштүрүп жайладым.

www.bizdin.kg

Чуулап кирип турганда,
Мен акылдан танбадым.
Көзүмдү ачып карасам,
Абам менен Гүлчоро,
Качан келип калды -  деп,
Как ушуга таң калдым.
Аттын шайы жогунан,
Ал үчүн кылган арманым!
Асманда учуп жоо алган,
Катындын иши турбайбы?
Беттешип сайып эр алган,
Баатырдын иши турбайбы?
Айланып жүрүп октогон,
Атышып жоону чоктогон,
Ажыздын иши турбайбы?
Айбалта чапса өксүткөн,
Азаматты өкүнткөн,
Аттын иши турбайбы?
Алдындагы Канчоро,
Чаптырбай кетсе душманы,
Ал үчүн арман кылбайбы?!”
Барып кайра келгенин,
Баштан айак кеп салды.
Көңүлдөгү зардабын,
Эр Канчоро деп салды.
Уктабай Гүлүс толгонуп,
Таң атканча ойлонуп.
Эртең менен эртелеп,
Суркойонду жетелеп.
“Соолуп калган кытайга,
Барамын”- деп энтелеп.
Жоо кийимин кийинип,
Атасынан калган жаа,
Оң ийинге илинип.
Бастырып чыкса ак жолтой,
Баатырдыгы билинип.
“Семетей сындуу абама,
Канчоронун артында,
Кызматым жакпай калганда,
Кесиреттүү абамдын,
Батасы кайдан тиет – деп,
Барбай койсом бааналап,
Кереминде билет – деп.
Келин менен кемпирге,
Темененин баркы бар.
Канчородон өйдөрөөк,
Тумшугу жок меники,
Хан абама жарачу,
Ошончолук баркым бар”. –
Деп ойлонуп Гүлчоро,
Жүрмөк болду ошондо.

www.bizdin.kg

Канчоро туруп кеп баштап,
Акырын сүйлөп, бош таштап:
- Акылга, баатыр, ушул иш,
Душманга кыйын мүшкүл иш.
Эндегей жатсак элебей,
Ээн жаткан кыргыздын,
Четинен талап кирбейби?
Тоо-тоодо жаткан көп малга,
Ойу менин тийбейби?
Ач кыйкырык угулса,
Чоң баатыры кез келбей,
Чогулган аскер, букара,
Кылычтан каны куйулса,
Олжо алууну ойлойбу?
Байлануу баш болбойбу?
Акылбы, баатыр, момунум,
Айткан сөздү ойлойлу.
- Чын айтасың баатыр – деп,
Бул айтканың акыл – деп.
Барып мен бир келейин,
Байкап тургун, баатыр, – деп.
Бастыра берди Гүлүстөн,
Күндөн бетер күркүрөп.
Көргөндүн бойу дүркүрөп,
Оозунан көбүк буу чыгып, -
Көзүнөн жалын чуу чыгып.
Суркойонду чуратып,
“Манастап” ураан чакырып.
Айанбады түгөнгүр,
Абдан чындап бакырып.
Барып тийди кытайдын,
Бир четинен жапырып.
Аралап кирип жоголду,
Туш келген кайдан соо болду?
Бетине келген кор болду,
Беттешкен бенде жок болду.
Чоролордун бири – деп,
Чоң баатырлар келген жок.
Чогууда жүрсө аралап,
Чоролордо арман жок.
Чогулган кангай журтуна,
Чок төгүп чоро салды от!
Алынча жүрүп аралап,
Абалын жоонун чамалап.
Айдап жүрөт кытайды,
Ителгидей сабалап.
Кылычтын каны тамчылап,
Кайсы жакка бет алса,
Как алдынан чуу чыгат.
Эки түнү, үч күнү,
Санаты беш күн урушту.

www.bizdin.kg

Кандай адам кыла алат,
Салмактуу мындай жумушту?
Эрдик эмей эмине,
Беш күнү чыдап турушу?
Найзасында учу жок,
Балтасында курчу жок.
Кылычында миз калбай,
Өтөр айла болбоду,
Оңдоп чапса эч кандай.
Жакындатпай жанына,
Жаа тартып олтуруп,
Кырк-элүүдөн бир окто,
Кыйласын сыйпап өлтүрүп.
Жаанын огу түгөнүп,
Аманат жанга күч келип.
Тоону көздөй бет алды,
Эр Гүлчоро түз желип.
Ок, дарысы жоктугун,
Ошондо билип калышты.
Аламандап чуу койуп,
Ат жарышып барышты.
Балта чапкан шамдагай,
Найза сайар ылганды.
Кармаган кылыч тыңдары,
Эр Гүлчоро баатырга,
Ээрчип жүрүп чуу салды.
Уруп, сабап, талкалап,
Качып чыкты Гүлчоро,
Жалгыз жанын калкалап.
Байкап турган алыстан,
Бакай менен Канчоро,
Сур койон чыкты элирип,
Көпчүлүктөн жээлигип.
Башын жерге салбастан,
Үзүп чөптү албастан,
Келе жатат жорголоп.
Келе жатып кээ-кээде,
Текирең таскак ал салат.
Эр Канчоро турбады,
Эми да кайрат кылганы.
Кара бойу сак эмес,
Талкаланган түгөнгүр.
Ылдый карап энтеңдеп,
Этегин кайра түрүндү.
Эр Гүлчоро алдынан,
Ал Канчоро жүгүрдү.
Жете барып караса,
Калган экен Гүлүстөн,
Ээрден көчүк кыйшайып.
Үзөңгүдөн бут тайып,
Оң колун сунуп артына,

www.bizdin.kg

Куйушкандан кармаптыр.
Ыйык жалдан бек кармап,
Сол колу менен алыптыр.
Капталга түшүп атынын,
Салаңдап башы калыптыр.
Жете барган Канчоро,
“Эрге темир жөлөк” – деп,
Айбалтанын уңгусуң,
Колтугунан киргизип,
Темир менен көтөрүп,
Ээрге оңдоп мингизип.
Бирге өскөн түгөнгүр,
Алып келди жетелеп.
Туугандыгын билгизип,
Алмамбет уулу чорону,
Эки, үч күндүн алдында,
Эр Гүлчоро не кылса,
Канчоро кылды аны да.
Илгеркинин заманы,
Эскерип көрчү аларды.
Он күнгө кысас кетпеген,
Отуз күнгө жетпеген,
Ошондой экен абалы.
Күнү, түнү алты күн,
Көбүрөөк жүрүп калганы.
Таң агарып сүргөндө,
Эсине келди балбаны.
Эс алышып олтуруп
Күн эсебин алганы.
Он сегиз күндүк санаты,
Анда толуп калганы.
Жатар мезгил болгондо,
Жагып отту койгондо.
Дүбүртү аттын тапылдап,
Угулду бейм ошондо.
Гүлүстөн чоро эр экен,
Ар өнөрү бар экен.
Жерден кабар алуучу,
Тыңшап кулак салуучу,
Дагы өнөрү бар экен.
Жата калып кырынан,
Туруп ыргып ордунан:
“Келе жатат эки адам,
Анык байкап тыңшасам.
Боз жоргонун табышы,
Миң жылкы алса душмандан,
Жалгыз жылкы изи жок.
Тарпый басчу Жалманбоз,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Келе жатат окшонот”.
Аш кайнамдай турушту,

www.bizdin.kg

Арзан бүттү жумушу.
Жалгызек менен Байтайлак,
Салам айтып турушу.
- Болдубу, балам, жолуң,– деп,
Келдиби, балам, колуң? – деп,
Бакай абаң сурады.
- Айланайын, атаке,
Он төрт хан эли бүт келди.
Кылым кыргыз калкына,
Жан кыйналып күч келди.
Эки хан мунда турат го,
Эл башкарган мыктылар,
Эр жигитин жыйат го.
Жез кемпирдин жети уулу,
Жедигердин көп колу,
Жер жайнатып бүт келди.
Жалгызек турат алдыңда,
Калбай такыр эл келди.
Үмүтөй чекке кетиптир,
Алымбай уулу Бердике,
Аскерин айдап ал келди.
Аскердин алды келди – деп,
Айтканы сага желдим – деп
Үйгө барып саламат,
Учурашып келдим, – деп.
Байтайлак жана салды кеп:
- Калбай кыргыз жан келди,
Кайраты толук карыйа,
Жүз жыйырма төрт жашаган,
Өмүрүмдүн акыры,
Бул урушту көрөм – деп,
Алп Жамгырчы хан келди.
Айтып өттү баарысын,
Бакай баатыр баласы.
Алды-артында тууган жок,
Ал чечекейдин карасы.
Баласын көрүп саламат,
Басылды Бакай санаасы.
Түн ортосу оогондо,
Айдап алып казакты,
Эр Бердике ал барды.
Бердикени көргөндө,
Бакай абаң, кеп салды:
- Канчоро, Гүлүс, Жалгызек,
Угуп тургун – деп салды.
Калмак арбын, кыргыз аз,
Калайман уруш салыштан,
Ойлонуп барың ыраак кач.
Хан Коңурбай калчага,
Буктурма тузак койолу,
Бир бирден эптеп сойолу.

www.bizdin.kg

Эрежени шылтоолоп,
Жер бергин – деп – ыктоолоп,
Кат жазалы Коңурга,
Бердике эптүү неме эле,
Атказалы Коңурга.
Оңой жеңип алам–деп,
Ойлоп калып Коңурбай,
Жерди берсе биздерге,
Оңунан иштин келгени,
Мунум кандай сиздерге?
Кабыл көрүп баарысы,
Белен Гүлүс кат жазды.
Төрт киши берип кошчуга,
Өзү менен беш кылып,
Бердикени атказды
Бирин бири сыйлаган,
Илгеркинин жумушу.
Жоо болсо да сыйлашкан,
Артык экен бир иши,
“Буруттан элчи келди” – деп,
Сактаган эшик сакчылар,
Кабар айтып кириши.
“Мурадилди баргын” -деп,
Элчини тосуп келгин – деп.
Өзүм менен тең эле,
Качан менден кем эле?
Акырет кеткен зор Манас,
Жол жосунун кылгын” – деп,
Коңурбай жумшап салганы,
Алып келип элчини,
Таза үйгө түшүрүп,
Тазалантып жуунтуп,
Жакшы кийим кийгизип,
Пери уулундай кулпунтуп.
Ээрчитип келди Мурадил,
Элчилерди чубуртуп.
Хан үстүнө киргизип,
Хандыгын булар билгизип.
Орундук койуп беришип,
Чай, тамакка тойушуп.
Идиштерин жыйганда,
Хандык жолун кылганда,
Алымбайдын Бердике,
Катты сунду ушунда.
Хандан келген чоң катты,
Элчиден Коңур алышы.
Алты табак алтынды,
Ошол замат Коңурбай,
Садага кылып салышы.
Каптап койгон тышынан,
Калтасын жыртып айрышы.

www.bizdin.kg

Каттын кебин укканы,
Айагына чыкканы.
Гүлүстөн чоро кат жазган,
Көп жазбаган аз жазган:
“Жулмалашып, чукушпай,
Эр сайышып, беттешип,
Урушалы – деп жазган.
Мурун Кеңкол биздеги,
Камоодо турат төрөбүз,
Бүгүн Кеңкол сиздики.
Калың кыргыз балдары,
Кырда калдык барыбыз,
Эп келсе жерден бериңиз,
Түзгө түшсүн элибиз.
Семетейди алам – деп,
Чоң Бейжинден келдиңиз.
Берсең дагы бербесең,
Калганын өзүң билиңиз.
Зарыктырып таштабай,
Катка жооп бериңиз”.
Жазган катты укканда,
Айагына чыкканда,
Одурайган чоң Коңур,
Ой жүгүртүп оңбогур:
“Ажалы айдап келгенби?
Бурутту бурхун бергенби?
Өз жерине ээ болбой,
Жер сурап менден келгенби?
Кырда жатса кыргыздар,
Кыйын эле эмгеги.
Семетейи жок болсо,
Калган кыргыз чекчейип,
Түзгө түшүп топтолсо,
Карыган Бакай чал болсо,
Гүлчоро менен Канчоро,
Машыкпаган жан болсо.
Эбине келген кеп экен,
Жер беришим эп экен.
Өзүнчө келип кыргыздар,
Колума түшөр жер экен.
Гүлчородон шегим бар,
Отуз эки алпым бар.
Бир кишиге тең келер,
Эми эмнеден кемим бар?”
Башканы ойлоп турбастан,
Бакайдан күмөн кылбастан,
Анда Коңур кат жазды,
Айалдабай бат жазды.
Сүйлөп ооз ачпады,
Элчилерди атказды:
“Сүйлөчү ушул кат – деди,

www.bizdin.kg

Элиңе жеткин бат" – деди.
Жандырып жообу келгенге,
Садага бериш наркта жок.
Калтасын жыртып кагазын,
Бейлеп баатыр окуду.
Эр Коңурбай кат жазган:
"Ырас сөзүң деп жазган,
Мурун Кеңкол сеники,
Бүгүн Кеңкол меники,
Мунуңда төгүн буруу жок.
Үч түрлүү шартты мен койом,
Койуучу шартым мына ушул.
Эртең  менен болгондо,
Найзалар жерге сайылат.
Асабалар жыгылат.
Мылтыктын баарын бай тигип,
Аркасына жыйылат.
Он төрт хандын элисиң,
Чубап өтүп бересиң.
Сынап калам элиңди,
Санап калам бегиңди.
Семетейден башканды,
Бенде экен – деп, бейлебейм,
Адамбы – деп – элебейм,
Бучкагыма теңебейм!
Тескейине өтөсүң,
Күңгөйгө кайра кечпейсиң!
Экинчиси бул экен.
Курдашым Манас салдырган,
Ташынан чаап там кылган,
Кеңколдун күңгөй жагында,
Сыр коргонуң ал экен.
Ал коргондун ичинде,
Канкор Семең бар экен.
Күңгөй жагын бербеймин,
Үчүнчүсү бул экен".
Катты окуп алышты,
Айабай кепке канышты.
Ошо күнү кечкече,
Түн ортосу өткүчө,
Калбай келди баары хан,
Кат жазып булар чакырган.
Эртең менен эртерээк,
Эл турбастан эртелеп.
Эр Гүлчоро баатырың,
Кайкыга чыкса энтелеп.
Найзалар жерге сайылган,
Туунун баары жыгылган,
Бай тигип мылтык жыйылган.
Он төрт жерден коо койгон,
Он төрт ханга жол койгон.

www.bizdin.kg

Айтканынан Коңурдун,
Эр Гүлчоро жөн койгон.
«Айалдап аскер турба – деп,
Аттанып баарың чуба – деп.
Козголбой колум турба – деп,
Дуу койуп баарың чуба» – деп.
Айдап алып жөнөдү,
"Буруттун колу келет" – деп,
Алп Коңурбай көргөнү.
Сынчысы экен Нескара,
Чакырып алды жанына.
Мунардын чыкты башына,
Он төрт жерден коо койгон,
Чатырдын наркы астына.
Кыргыздын эли чубуруп,
Өтүп жатат ушунда.
Чубап аскер өткөн соң,
Өтүп такыр бүткөн соң,
Алды чыгып аскердин,
Чатырларын тиккен соң,
Алп Коңурбай кеп сурайт:
"Э, Нескара,– деп сурайт.
Не көрүндү көзүңө?
Не билинди өзүңө?
Жашырбастан, баатырым,
Байан кылчы өзүмө.
Кара кыргыз калкында,
Каш кайтарчу бар бекен?
Кыргыз, казак журтунда,
Баш кайтарчу бар бекен?
Баатыры анын ким экен?
Балбандары канча экен?!
Баарын айтчы деди эле",–
Нескара туруп кеп сүйлөп,
Кеп сүйлөсө деп сүйлөп:
"Кечээ, Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын кашында,
Алпты сынап өткөрдүм,
Кабылан Манас баатырды,
Алты хандан тең көрдүм.
Ал өңдөнгөн жумушту,
Андан кийин көрбөдүм.
Ушу  бүгүн кыргыздан,
Андай ишти бир көрдүм!
Эр Гүлчоро жалгызбы?
Көп чоробу, бириби?
Коңурбай жооп бергин"– деп,
Коңурбайдан сурады.
Мына ушуну укканда,
Калдайдын уулу капырдын,
Калк башкарган баатырдын,

www.bizdin.kg

Боконо сөөгү болк этип,
Ыргып кете жаздады,
Үзүлүп жүрөк болк этип:
“Э, капырай, Нескара,
Кечээ, Көкөтөйдүн ашында,
Көкжал төрө Манасты,
Алты хандын элинен,
Алты сапар көрдүм – деп,
Айттың эле ошондо.
Тең келе албай баарыбыз,
Теңдикти бердик ошого.
Бул да шумдук бир кеп го,
Бир Гүлчоро көп десең,
Он төрт жерден көрүнүп,
Өттү бирдей төп десең!
Экөө эмес бир эле,
Алмамбеттин уулу эле.
Алмамбеттей сээрчиби?
Же эл айланар ченчиби?!
Асили кытай уругу,
Абайласаң тегини!” –
Деп, ошентип Коңурбай,
Нескара баатыр сынчысы,
Айтканына кошулбай,
“Жалгыз десем, көп болсо,
Көп эле десем, бир болсо.
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Киши билбес шер го ошо!
Алда кандай болот – деп,
Нескара жаза карабайт,
Көрүнгөнү ырас” – деп,
Кала берди о жерде,
Өзүнчө Коңур күңгүрөп.
Тескейге чыгып калың журт,
Чатырларын тигишти.
Гүлүстөн көкжал баатырың
Эркечтей Сурду миниши.
Кыдыра басып хандарды,
Калтырбай кабар ал салды.
“Бир кудайдан тилеймин,
Карды калың жаадырып,
Камалтып койуп каңгайды,
Айдап сүрүп ийейин”.
Салакалуу түгөнгүр,
Аккан суугa барды эле.
Атакеси Алмамбет,
Койдон алган кызыл чаар,
Жай ташы анын бар эле.
Санжыргалуу Гүлчоро,
Салты башка жай ташты,
Салып сууга байлады.

www.bizdin.kg

Жерди төрт бурч ойдуруп,
Көмдү ошо орого,
Талкалатып тезекти,
Ободогу булутту,
Байлап ага бекитти.
Касийдени канча окуп,
Калмакча дуба нече окуп,
Айагынан куранды,
Өйдө карай терс окуп.
Түн ортосу мезгилге,
Булутту болжоп чакырып,
Ушалаган тезекти,
Бекем көмүп жаткызып.
Салган бойдон жай ташты,
Гүлчоро кетти бастырып:
“Ушу бүгүн өтөр түн,
Чатырыңды үч күбүн.
Эки күбүп калганда,
Эңкейип чатыр жыгылат,
Карга башын тыгылат!
Экөө болсо жуурканың,
Бирөөн атка жапкының.
Чидер салып бутуна,
Чылбырын байлап казыкка,
Азыр болуп жаткының!”
Оор эл жатар мезгилде,
Ободон зыркаар жел жүрүп,
Өзөн ылдый зыркырап,
Басылып шамал кеткинче,
Жамгырлап кирди шыбырап,
Ок өтпөс олпок тон кийип,
Ээликкен Сурду ал минип.
Он төрт хандын ордодон,
Кабар алып турду эле.
Айдап келген булуттар,
Борошолоп буркурап,
Айабай жаап куйду эле.
Алдында камын кылгандар,
Чатырды эки күбүгөн,
Эрте менен тик турган,
Бир күбүгөн чатырлар,
Кар астында көмүлгөн.
Кызыл айаз дүрүлдөп,
Шамал жүрүп күрүлдөп.
Таңга жакын болгондо,
Кардын ишин басам – деп,
Кара нөшөр койдурат.
Таң саргарып атарда,
Тараза жылдыз батарда
Ойрон болгон Гүлчоро,
Отуз эки дубаны,

www.bizdin.kg

Отуруп төптөп чечти эле.
Ободогу көп булут
Оодарылып кетти эле.
Буркурап шамал айдады,
Булуттан неме калбады.
Аркырап шамал айдады,
Асманда неме калбады.
Күн көрүндү жарк этип,
Кар өлчөөсүн билем – деп,
Бастырды Гүлүс шарт этип.
Чобур эмес тулпарды,
Жоого минчү байагы,
Жылкыдан чыккан бууданды.
Карга салып бастырса,
Колоңсодон тыгылып,
Үзөңгү карга чийилип.
Үч чыйыр болуп көрүнүп,
Бура тарта бергенде.
Төрт эли жери муз болгон,
Жайдын күнү кыш болгон.
Астынан эрип жааган кар,
Ат жүрө алгыс иш болгон.
Бура тартса тулпарды,
Чөлдүн кара шорундай,
Казандай болгон ак муздар,
Каңтарылып баса албай.
Ал аңгыча болбоду,
Жердин жүзү ачыла,
Күндүн нуру чачыла,
Каңгайга кылдым деп туруп,
Байкап көрсө Гүлчоро,
Башкача шумдук баштады.
Кыйналып келген кыргызды,
Кырып койо жаздады!
Эр Коңурбай кат жазып,
Элчилерин атказып:
“Кечикпей ылдам баргын – деп,
Катка жооп алгын – деп.
Кечеңдеп кийин калганда,
Балаага башың салдың – деп!”
Алп Коңурбай камдантып,
Алты киши жиберди.
Сактап турган сакчылар,
Четте турган кароолчу,
Жетип кабар кылды эле.
Гүлүстөн чыгып эшикке,
Баштап келип элчини,
Асыл үйгө түшүрүп.
Тазалап бойун жуудуруп,
Тарантып белин буудуруп.
Алды менен элчиге,

www.bizdin.kg

Май томоруп, эт берип,
Арт жагынан чай берип.
Баштап кирди ошондо,
Абасы Бакай карыйа,
Падышалык тактада,
Элчилерге керебет,
Элден мурда келтирген,
Падышалык зыйапат,
Ал үйүнө бердирген.
Кытайча чыны жыйганда,
Жол жосунун кылганда.
Катты берип элчилер,
Калдайтып сунуп турганда.
Катты алып ошондо,
Хандан келген кат үчүн,
Кадимки калктын наркы үчүн.
Башынан алтын чачтырды,
Карып, мискин, начарлар,
Карк алтынга көмүлдү.
Калтасын жыртып каттын ал,
Калдайган мөөрдү көрдү дал.
Алп Коңурбай кат жазган,
Алда канча сөз жазган.
"Баракелде, Гүлчоро,
Шерлигиңе – деп жазган!
Мындан мурда жүргөмүн,
Жалгыздыр – деп,– Гүлчоро.
Акылдашар киши жок,
Карыгандыр хан Бакай,
Көөдөнүнө дарт толо.
Ойлогом журтум кеткиче,
Чоң Кеңколдун үстүнө,
Томуктай булут келбейт – деп,
Ойумда түк жок эле,
Сени арам бербейт – деп.
Эр Гүлчоро баатырдын,
Өнөрүнө ыраазы.
Шердигине кол койдум,
Эрдигине жол койдум.
Жалгыздыгы мына бу,
Чагы менен жаадырбай,
Кар жаадырып салышы!
Өнөрүң менден ашканда,
Жаадырсаң күндүз болбойбу?
Аткан мылтык ургаачы,
Ооз отуну суу кылып,
Калтарытсаң болбойбу?
Ойдуңда туулуп, түздө өскөн,
Аралап тоону көрбөгөн,
Ушундай биздин журтубуз,
Айдап сүрсөң болбойбу?

www.bizdin.kg

Талап кылдың сен мурун,
Кенколдун бердим тескейин.
Жибердим элчи мен бүгүн,
Кар ачылып, жер кургап,
Калк жайма жай болгуча,
Жайбаракат бололу.
Асаба жайып, туу тигип,
Анан уруш кылалы.
Уруштун ханы Нескара,
Кабар бизден бул дагы.
Башкарчу уруш ханыңды
Кабар кылгын биздерге,
Мындан башка кебим жок,
Баракелде сиздерге".
Жазган каты ал экен,
Ал кыргызды башкарган,
Аксакал Бакай кары экен.
Кабылан Бакай кеп айтты:
"Хандар, уккун – деп айтты.
Эрдик менен шердикти,
Эки киши тең көрөт.
Эл башкарган эр үчүн,
Эр Гүлчоро кызматын,
Коңурбай баатыр эп керет.
Мурун Кенкол биздин жер,
Кечээ алдык суранып.
Элчилешип конушту,
Алп Коңурбай баатырдан,
Элчи келип турушу.
Азырынча Коңурдун,
Айтканын кабыл кылалы,
Бүтөт анын жумушу",
Аксакал Бакай кат жазды,
"Уруштун ханы менмин" – деп,
Элчилерди аткарды.
"Жүржүттүн ханы Коңурбай,
Илгертен сени билемин,
Бейжинди бузган оңдурбай,
Жериме тепсеп келгидей,
Элимди бөлүп кеткидей,
Атаң жүржүт Алооке,
Сакалын анын жулдумбу?
Сен колдуу өлгөн эрлердин,
Же барып кунун куудумбу?!
Кыргызды чаап алам – деп,
Кандуу колун сунгандай,
Чай тооңду тартып алдымбы?
Чатакты бизге салгыдай,
Иркитиңди төктүмбү?
Же эне-атаңды сөктүмбү?
Бурканыңды чактымбы?

www.bizdin.kg

Буулумуңду чечтимби?
Не келесиң тийишип,
Сен, тирүүлөй жандан кечтиңби?
Артыңды ойлоп, Коңурбай,
Чыга бергин жайма-жай!
Айдап келген колуңду,
Артып келген пулуңду,
Тартып алып, кайнатам,
Тарпчы жүржүт шоруңду!
Семетей баатыр төрөнү,
Коргонго камап алгансып,
Коржоңдобо, Коңурбай,
Канчоро, Гүлүс уулум бар,
Кайнаган кыргыз журтум бар,
Кошойдон калган тукум бар,
Талкалайм сени оңдурбай.
Өзүючө чыгып кетпесең,
Соо болбойсуң, Коңурбай!
Алмамбет, Чубак шерлердин,
Музбурчак, Көкчө эрлердин,
Серек, Сыргак эрендин,
Ажыкем баштап бир канча,
Акылга дыйкан тереңдин,
Кунун бүгүн бересиң.
Бербеймин – деп, Коңурбай,
Кутулуп кантип кетесиң?!
Сен короого кирген карышкыр,
Кутулар жериң калбады,
Бергели ырас келипсиң,
Нескара баштап хандарды.
Абалтан элим макалы,
Айылдуу жоо жеңдирбес,
Угуп алгын жакшылап,
Арам жүржүт, жөн  жүрбөс!
Ойлосоң артың Коңурбай,
Тууңду эртең жык – деди,
Өжөрлүк кылсаң, Коңурбай,
Өзүң мурун чык – деди.
Каңгайдан келген канча хан,
Манжудан келген мынча хан.
Балакет баскан бул Коңур,
Каныңды суудай агызган,
Көз каранды болосуң,
Өлсөңөр боло намыстан!
Ойун эмес, чын айтам,
Ойумдагы ишти айтам.
Нескара менен Мурадил,
Коңурду ээрчип өлбөгүн,
Менден кордук көрбөгүн!
Айдалып жүрүп жүржүткө,
Алда качан эр өлдүң.

www.bizdin.kg

Жакшылык андан көрбөдүң,
Колума түшсөң кокустан,
О дүйнөнү көргөнүң,
Бул менин, силерге,
Көңүл бөлгөнүм!”
Карыйа Бакай ушинтип,
Чокудан алыс таш уруп,
Катты алып колуна,
Элчи чыкты баш уруп.
Элчилер чыгып узашып,
Бурулбастан барышты,
Бакайдын катын беришти.
Чоң Коңурбай калчанын,
Молдолору кат ачып,
Айалдабай бат ачып.
Шагырата окуду,
Айагына чыкканда,
Кептин баарын укканда,
Бузулуп өңү Коңурдун,
Казандын кара көөсүндөй,
Коңурдун айткан сөзүн көр:
“Сакалы күнгө агарган,
Карып көзүн кал баскан,
Бакайдын жазган катын көр!
Шамалдан бетер күбүрөп,
Өлүмүш болуп бүжүрөп.
Жата калып шыйпактап,
Кырчаңгыдай кыйшактап.
Алдында мага кат жазып,
Жер сурадым, бергин –деп,
Алдаган Бакай турбайбы?
Алдыңкы өткөн заманда,
Анжу, манжу, туңшага,
Атактуу Бейжин чоң шаарга,
Алпарган Бакай турбайбы?
Кар ачылсын, токто сен,
Эбиңе келген кез экен,
Сакалың бирден тербесем!
Тиши жок калган Бакайды,
Жүлмүш ээк кылбасам!
Коргонуңду талкалап,
Корголор кыргыз жери жок,
Жыпжылма, түптүз кылбасам!
Бу бадирек Бакайдын,
Коргошун куйуп оозуна,
Кыргызды такыр кулданам,
Өлгөндөрдүн доосуна!
Жамгырчы, Бакай дегенин,
Гүлчоро менен Канчоро,
Эрдемсиген немесин,
Алмамбет менен Чубактын,

www.bizdin.kg

Аркасынан жиберип,
Анан жаным тынбасам!
Мен Таластан кечпесем,
Айбан баскыс кор кылып,
Өрттөп таштап кетпесем.
Бакайдан баштап баарынын,
Уйдай мурдун тешпесем.
Жетелеп алып буларды,
Бейжинге алып кетпесем!
Гүлчоро деген неменин,
Көрүнө кардын жарбасам. .
Жүрөгүн сууруп албасам,
Ачуу чыктап, кууруп жеп,
Мен кумардан чыкпасам!
Кытайдан безген кысталак,
Атасынан баласы,
Кыргызда жүрөт кыйшаңдап.
Нескара менен Мурадил,
Уктуңарбы экөөңөр,
Мени жүржүт дегенин.
Куу сакал Бакай баштаган,
Баарысы бокту жегенин!
Ичин жарып, боор жеймин,
Уругу кыргыз дегендин!
Жеринен айдап баарысын,
Таштаймын белге карысын!
Уландарын кул кылып,
Кыз, катынын күң кылып,
Жерин өрттөп, кул кылып.
Жан бастырбай бетине,
Күнөөлөп жерин салбасам,
Чоң буйрукту бир кылып,
Кенколдун суусун бурбасам.
Кыргыздын борбор жери – деп,
Кууратып жерин тынбасам!
Жайчыдан миңди тургузам,
Күн жаадырбай үч жылы,
Кенкол менен Таласын,
Күйдүрүп күнгө шор кылам!
Куу тулум асып мойнуна,
Ай ааламдын баарысын,
Нан тилетип кыдыртам.
Өлбөй тирүү турганда,
Айтканымды бир кылам!
Манастын көрүн ачпасам,
Айрыкчасы Бакайдын,
Жилигин бирден чакпасам!
Кутурган экен куу сакал,
Кулу Гүлүс экөөнүн,
Умачтай көзүн ачпасам!
Айтканым кылып Коңурбай,

www.bizdin.kg

Анан болот көөнүм жай!"
Деп оолугуп Коңурбай.
Сакалы тал-тал бириндеп,
Зор калча жатат күрүлдөп.
Көрүп турган каңгайлык,
Этек, жеңи дирилдеп.
"Жагла, буркун, жагла" – деп,
Сийдиги агып бүркүрөп.
Баш урушуп калышты,
Жай жайына жанышты.
Алты күн өрүүн алышты,
Айланып токтоп калышты.
Күн бешимге жеткенде,
Төбөдөн ооп кеткенде.
Кыргыз эли жабылып,
Мылтык октоп чыгышты.
Айтканбыз башта жамактап,
Кенколдун жери жагдайын.
Ак чалма, көпкөк таз кум –деп,
Кар сыйрылып, суу эрип,
Кызарып кыйан акканы.
Кыргыздын кыраан балдары.
Тескейде катар турушту,
Кар көчүрмөк болушту.
Кыйкырышып чуу салып,
Куру дүрмөт урушту.
Үстүнөн күндүн ысыгы,
Астынан жердин ыдыгы,
Ала шалбырт болгон кар,
Шыпырылып сызылды.
Ойбут-ойбут ойдуңдар,
Сай, коктунун оозунан,
Сай-сайдан түшкөн кыйандан,
Кытайдын болгон зыйаны,
Кырк миңден артык жан болду.
Чатырлары калкылдап,
Агып кетти кыйанга,
Азыркысын учурап,
Алп Коңурбай зыйанга.
Кырк миң өлсө алтымыш,
Келип жатат бирок да.
Муну мындай таштайлы,
Кызыл кыргын, кан согуш,
Жомогунан баштайлы.
Жер тоборсуп бозала,
Болуп калган чагы эле.

www.bizdin.kg

# КЕҢКОЛДОГУ КЫЗЫЛ КЫРГЫН

Асаба таштап, туу тигип,
Эр сайышар чагы эле.
Алып келди ортого,
Кабылан Бакай, Нескара,
Башкарчу уруш хандары,
Катар койгон тактага,
Жумшак мамык пахтага.
Хандар келип олтурду,
Баштоочу уруш кернейди,
Бир тарапка койдурду.
Токтотчу уруш сурнайды,
Бир тарапка койдурду.
Илгертен бери хандардын,
Кыла турган жолу ушу.
Манастын кызыл желегин,
Бир азамат көтөрдү.
Кара байрак, алтын туу,
Алп Коңурбай туусу бу,
Бир азамат көтөрдү.
Мурункунун наркы экен,
Абалтан берки шарт экен.
Туу сайган мыкты жигитти,
Аңдып мерген эр чыгып,
Атып кетчү салты экен,
Муну “туу каңдамай” – дешчү экен.
Каңгайдан чыккан мергендин,
Аты экен Эртике.
Кыргыздан чыкты Гүлчоро,
Туу тутканды мээлешке.
Кылдат мерген Гүлчоро,
Жаага кыйын, колу шок.
Сарыдан кийим шымданып,
Ак калпак кийип кырданып.
Сан кыргыздын ичинен,
Баатыр чыгып ылганып,
Туусун тигип жатканда,
Мелжиген кыйын мергенин,
Белдүү кыйын эренин,
Экөөнү катар бир атып,
Жер жаздантып сулатып.
Келгенде баатыр Гүлчоро,
Оң экен – деп – ишибиз,
Алаштын болгон баласы,
Кубанды катар чуу тартып.
Как ошондон калган шарт,
Туу сайган ким – деп жыгылса,
Алдында жеке ал чыгат.
Ал Кеңколдун ичинде,
Бир көпкөк дөбө келатат.

www.bizdin.kg

Ойноп жүргөн Кеңколдун,
Учуучу тоосу жок эле.
Балакеттүү бир тоосу,
Пайда болуп калганы.
Тообу десе, дөбөдөй,
Дөбөбү – деп караса,
Каңгайдан чыккан төрөдөй.
Казактардын Бердике,
Кылгара атты кындыйтып,
Салып кирип келди эле.
Элчиге өлүм жок экен,
Жекеге чыккан баатырдан,
Айтып кабар берди эле.
Алоокенин чоң, уулу,
Атактуу баатыр чоң Коңур,
Алтымыштын кенжеси,
Жаңы баатыр Ороккыр,
Ал Ороккыр деген эр экен.
Өзү алгыр шер экен,
Он сегиз менен он тогуз,
Ортосунда неме экен.
Ат көтөрбөй, керки жок,
Пил минүүчү эр экен.
Алты кабат темир тон,
Демейде муну кийинген,
Үч жүз кез найза колунда,
Жети кабат калканы,
Мүрүсүнө илинген,
Алты кабат туулга,
Алмадай башка кийилген,
Үйдөй болгон чойунбаш,
Оң далыга асылуу.
Жаңыдан чыккан Ороккыр,
Жабдыктын жайы мына ушу
Жыйырма беш кез бойу бар,
Жер жүзүнүн баарысын,
Жутамын деген ойу бар.
Согушкан пенде соо калбай,
Соолгон жандан ажыраар,
Бердике айтып жиберди,
Эл жыйылган көпчүлүк,
Чуркурашып калышты,
Ким экенин ким билет,
Бирөөнүн айтып салышы:
“Жоо кадырын, жоо билет,
Гүлчоро менен Канчоро,
Ал экөөнөн башкадан
Буга беттеп ким кирет?”
Айтып сөзүн болгуча,
Ачкан оозун жумганча,
Корккон эмес чын ушул,

www.bizdin.kg

Коржоңдогон Канчоро
Оолугуп сүйлөп жиберип,
Алдындагы Каралат,
Ooздук тиштеп нидерип,
Ачууланса Канчоро,
Чөйчөктөй болуп көз жайнап,
Көпчүлүккө карата,
Күпүлдөп баатыр сөз баштап:
“Барыбыздын башчыбыз,
Баатырын турса коргондо.
Те, калдайдын уулу чоң, Коңур
Анжунун ханы Нескара,
Кырмыз шаанын Мурадил,
Чыгып калса кокустан,
Гүлчоро менен Канчоро,
Ал экөөнөн башка адам,
Ким беттешет ошого?
Тоо экен – деп, – жазганбай,
Чоң экен – деп, – апкаарбай,
Кыргыздан бирөөң бар – деди!
Кызыталак намыссыз,
Кылычташып кал–деди!
Жети кыраан журтуна,
Алптык аты жетелек,
Дептерге аты түшө элек.
Сүлкүлдөп бойу чоң экен,
Не тосуласың мындан –деп
Канчоро турду күүлөнүп,
Айтканга карап сүйлөнүп.
Канчоро кебин укканы,
Калгандар карап турбады.
Уларбоз атын аргытып,
Ак сакалын жаркытып.
Жүз жыйырма төрт жашы бар.
Эр Жамгырчы келгени:
“Курбалдашым, Бакай хан,
Өмүрүмдүн акыры,
Мындай уруш мага жок,
Бир беттешип көрөйүн,
Муну мага бер деди!”
“Ушунча кыргыз чогуудан,
Чыкпайт бекен бир адам?”–
Деп, хан Бакай болбоду.
Кошойдун уулу Жалгызек,
Жалманбоз минген аты бар,
Тартынбас жоодон салты бар,
Коңурбайга чыксам – деп,
Ойлонуп жүргөн дарты бар.
Жамгырчыны көргөндө,
Кантип токтоп тартынар?!
Жалманбозду чуратып,

www.bizdin.kg

Кабылан Бакай алдына,
Камчысын сүйрөп чубалтып,
Келип түшө калды эле,
Уруксат сурап барды эле,
Кабылан Бакай муну айтты,
“Койгун балам – деп айтты.
Сенин атаң эр Кошой,
Саноору алтын, жез эле,
Тун ичинде уктабас,
Ал кең пейил киши эле.
Ошондон калган тукумсуң,
Кийин барчы” – деди эле!
Ал аңгыча болбоду,
Айагынан кеп колдун,
Бозжорго минип чеп болгон,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Жаны мыкты эр эле.
Алдында атын камчылап,
Салып жетип келди эле.
Камчысын салып мойнуна,
Атакесин айланып:
“Уруксат бергин – деди эле.
Сенин балаң менмин – деп,
Алоокенин кичи уулу,
Алтымыштын кенжеси,
Ороккырга теңмин – деп.
Өз теңтушум табылды,
Уруксат мага бергин – деп,
Кыргыздан чыккан сиз да хан,
Калмактан чыккан Алооке,
Ал экөөңөр окшош хан.
Ошого чыгып алсам – деп,
Уруксат сурап мен жатам”.
Баланын жайы мамындай,
Бата берип ийе албай,
Токтолуп калды эр Бакай.
Көпчүлүк карап турабы,
Ылайык келген убагы.
“Омийин, балам, баргын – деп,
Кол көтөрүп чуулады.
Ошондо Бакай: – токто, – деп,
Чечип берди чепкенин,
Кийип чыксаң окшойт” – деп.
Өзү төөнүн жүнүнөн,
Өз үйүндө тигилген.
Жыл он эки ай күндөрдө,
Өмүр көрсө Бакай хан,
Алты айын үйдө өткөргөн.
Алты ай күнүн жан көрбөй,
Акка кулдук кылам – деп,
Атикепте өткөргөн.

www.bizdin.kg

Ошондо кийген чапанын,
Чечип берген чагы бар.
Гүлүстөн тууган Гүлчоро,
Бозжоргону мингизип,
Күрөкө менен олпокту,
Кабаттап ага кийгизип.
Ээрчитип алып бастырып,
Насыйатын тапшырып:
“Сен кыйгактуу найза ала элек,
Кыйкырып жоого тийе элек.
Жабдыктуу найза ала элек,
Качырып жоого тийе элек,
Жарактын жайын биле элек,
Сенин баруучу жагың, эңкейиш,
Анын келер жагы өр тартат.
Өзүнөн мурун камынып,
Минген пили оп тартат.
Эң алдына сен баргын,
Мурдун шылый чапкының.
Амал кылып урушсаң,
Айла кылып турушсаң,
Ажыратып ийем – деп,
Амал менен жетемин,
Анын, эсебин таап кетемин”. –
Деп, ошентип Гүлчоро,
Узатып койо берди эле.
Казак, кыргыз салты экен,
Атадан калган нарк экен.
Жүрөгү жалын от экен,
Эчтемеден жанбаган,
Кайраты бар шер экен.
Урушка мурун кире элек,
Оолукма чунак бала экен,
Каныкпаган чала экен.
Жекеге мурун чыкканга,
Көпкөлөң чалган чагы экен.
Эми эле айтса Гүлчоро,
Унутуп калып тим эле,
Алыска таштап караанды,
Тай жарышкан балдардай,
Тайы кул ук болгондор,
Жеткирбей кетип калгандай.
Улак тартчу немедей,
Жабдыгы жок колунда,
Найзасын жанга сүйрөтүп,
Жорго менен жойпутуп,
Кетип барат ченебей.
Күйгөндөн баары буркурап,
Жаш агып көздөн дыркырап.
Кайгы жеп турат баарысы,
“Найзасына капырдын,

www.bizdin.kg

Илинип калар бекен” – деп.
Ал Бакайдын уулу Байтайлак,
Өзү баатыр неме эле.
Самаркандын сыртында,
Алты жылдан бер жакка,
Атакеси Бакай хан,
Мингизип алып боз тайга,
Маш үйрөтүп жүрчү эле.
Ал кезекте эрлердин,
Салтанаты бир башка.
Эки колдо кош балта,
Найза кагар кол балта,
Башка чабар чоң балта.
Шамдагай бала эн, шылуун,
Кол балтаны имерип,
Бар келтирип уңгусун,
Найзаны кагып жиберип.
Найзага балта тийгенде,
Белинен кетти үзүлүп.
Күчтүү экен Ороккыр,
Койо бербей түк сабын,
Койбоду жерге түшүрүп.
Машы чыккан түгөнгүр,
Укуруктай найзаны,
Ондоп карман алганы.
“Табарсыктын башы –деп,
Алдында ээрдин кашы –деп.
Чарайнанын чети –деп,
Буга окшогон калмактын,
Өлөр жери ушу” – деп.
Болжоп найза имерип,
Алдындагы Бозжорго,
Оোздук тиштеп нидерип.
Акканкыга бек такап,
Ат күүсү менен койду эле.
Көргөнгө кызык дүмөктүр,
Кийинкиге жомоктур.
Тоодой болгон Ороккыр,
Жыгылып пилден сойлоптур.
Алдындагы Бозжорго,
Уруштуу күнү көп минип,
Машык болгон маш жорго.
Чылбырын ийе тарттырбай,
Тизгинин силкип кактырбай.
Ээси түшүп калгандай,
О куранып кишенеп,
Бута атым ыраак өтө албай.
Имерилип тартты эле,
Кылчайып артын караса,
Кызыталак чоң калмак,
Төрт айактап такандап,

www.bizdin.kg

Кара жерден кооп жатат.
Тулга кеткен артына,
Казандай болгон кара баш,
Сооттон чыгып жылаңач,
Орто карта боз үйдөй,
Оңолуп кетип баратат.
Байтайлак баатыр жаш экен,
Жаш да болсо Байтайлак,
Чабандес өзү маш экен.
Жазылыгы төш жары,
Жалаң болот испанды,
Кармай алып сабынан,
Сууруп алып кабынан,
Мойунга тартып жиберип,
Оң колун тартып алганда,
Сол колу жетти кулакка.
Кулагынан алды эле,
Үзөңгү боого бек басып,
Нескара менен Бакайдын,
Ортосуна алып барып:
“Мынаке, баатыр башы” – деп,
Олжону ата алгын,- деп,
Таштап кетип калды эле.
Дени калды майданда,
Тартынып бала жетпеди,
«Тартынган киши жоо албайт»,
Бир курсактан туушкан,
Тар курсакта тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен.
Асырап бала ордуна,
Баккан экен инисин.
Алп Коңурбай баатырың,
Айбаты сүрдүү капырың.
Сөзүнө турбас ант ургур,
Ач арстан кутургур.
Ким чыгат – деп, – карабай,
Караганга жарабай.
Алп Коңурбай зор калча,
Бастырды өзү жайма-жай.
Өлүп кетсе иниси,
Күйүтүнө чыдабай.
Мунун сүрүн көрүңөр,
Сакалы саадак кабындай,
Сан миң кара кыргызды,
Сапырып ийип тынгыдай.
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Муруту балта сабындай,
Көзүнөн чыккан учкуну,
Көөрүктөн чыккан жалындай.
Мурду тоонун кыр таштай,

www.bizdin.kg

Кабагы кашат чабындай.
Аркасында айдары,
Тору айгырдын жалындай.
Бели кындай, бети айдай,
Белдүү чочко Коңурбай.
Үпчүлүгү бир тогуз,
Үксөңдөгөн чоң доңуз.
Топчулугу бир тогуз,
Тоодой болгон бул доңуз.
Алгара минип койкойуп,
Көк жеке бутта чойкойуп.
Кабыландай караган,
Каары катуу жаралган,
Көргөн пенде жадаган,
Алгарасын мойундап,
Бат атарын койундап.
Ок өтпөс буулум шым кийип,
Багалеги балкылдап,
Алгара минип алкылдап.
Чок табылгы жайлаган,
Жоо дегенде шайлаган,
Чоң Кара атын байлаган.
Алдындагы Кара атты,
Найдай кылып жаратып,
Асман, көктү каратып,
Көргөн жанды жадатып.
Албарс жанда жалтылдап,
Ар кандай киши калтырап.
Найза колдо зыңгырап,
Айбалта белде кыңгырап.
Кетелек белде кеңгиреп,
Мас болгон нардай зеңгиреп.
Көргөн пенде эндиреп,
Чыдай албай күйүттөн,
Эзилип жүрөк делбиреп.
Тиктебей көзү мелтиреп,
Каарын көргөн Коңурдун,
Акылын таппай темтиреп.
Кайраттанып белсенип,
Кан ичүүгө эңсенип,
Мас болгондой теңселип.
Туулга башта чатылуу,
Чарайна белде тартылуу,
Калканы жондо артылуу.
Кытайча кызыл доолбас,
Чымын тийсе кыңгырап,
Күңгүрөнүп кылдырап.
Капаланып кыжырдап,
Тиштесе тиши кычырап.
Караса көзү чачырап,
Калмагынча балдырап.

www.bizdin.kg

Күндөн бетер күркүрөп,
Көргөн пенде тура албай,
Сийдиги агып бүркүрөп.
Асаба көктө калкылдап,
Айнектей көзү жалтылдап.
Чоң балта артып мүрүгө,
Чоң Коңур басты калкылдап.
Көрүштү баатыр караанын,
Коркпой кимдер карасын?!
Баатырлар баары карашып,
Айбатынан жадашып.
Алдына минген Алгара,
Алп Коңурбай жарашып.
Алтын ээр калмакча,
Атка чындап токунуп.
Баса минип тулпарга,
Баса элек тоодой олтуруп.
Желип чыкты бөлүнүп,
Желмогуздай көрүнүп.
Көзү көрбөй күүгүмдөп,
Көшүгөндөй күлүңдөп.
Көрбөгөндөр күбүрөп,
Өзгөчө жаман түрү – деп.
Жүрөгү тайкы адамдар,
Корголоп аттын артына,
Жөө түшүүп бүжүрөп.
Бастырганда жел чыгып,
Аркасында дүрүлдөп.
Айран калды көпчүлүк,
Айбатына дүүлдөп.
Султан Алмаң баатырдан,
Бала жолборс Гүлчоро,
Боз ала шумкар болпоңу,
Боз карчыга солтону.
Коңурбайды көргөндө,
Көшүлүп бойу чечилди,
Эбедени эзилди.
“Келиптир менин багым–деп,
Семетей тышта болгондо,
Тийбейт эле чагым” – деп.
Жан жагына карады,
Чымылдап чери тарады.
Бастырганда байкаптыр,
Баатыр жолборс баланы.
Чоң дөбөдөй көрүнүп,
Түгөнгүрдүн карааны.
Кабаттап темир соот кийип,
Суркоен сындуу ат минип.
Шаңданып найза карманып,
Шашылбай чоро камданып.
Карап турат калын, журт,

www.bizdin.kg

Гүлчорону жарданып.
Чарайна белге тартынып,
Сом темирди артынып.
Мусурканып, мурчанып,
Муздай темир курчанып.
Бүтүн темир кийинип,
Бир кудайга сыйынып.
Кылыч белде кыңгырап,
Найза колдо зыңгырап.
Ачалбарс жанда жалтылдап,
Асаба көктө калкылдап.
Ок өтпөс буулум шым кийип,
Багалеги балкылдап.
Өзүнүн бойун жыйнабай,
Ашыгып турат далпылдап.
Өрттөй көзү кызарып,
Сунса мойну узарып.
Суктанса суусун кандырып,
Бар кайратын жам кылып.
Жүржүткө кыргын салчу кул,
Кылычтын мизин кан кылып,
Кылымды жеңчү балбан кул,
Кең көкүрөк сом даалы,
Туткандын чыгар далдалы.
Туруп пенде бет албас,
Бул замандын балбаны.
Чыкмакчы болду быйактан,
Эр Гүлчоро сардары.
Коргошундай козголбос,
Уйуткан чойун салмагы,
Аркасында кайрат, күч,
Канчоро бар балбаны.
Тайманбастан түгөнгүр,
Чоң балта колго алганы.
Жамгырчы, Бакай баш болуп,
“Тура турчу, баатыр”, – деп,
Бүтүн кыргыз чур этип,
Курун салып мойнуна,
Манасты алып оозуна,
Бата берип калганы.
Коңурбай көздөй бет алып,
Өрттөй ичи тутанып.
Тиктесе көзү чачырап,
Азуулары качырап.
Айбалта салып ийнине,
А дагы басып жөнөдү,
Көргөндүн бойу дүркүрөп,
Бүркөлгөн күндөй күркүрөп.
Байга ылайык башы бар,
Жыйырмадан артык жашы бар.
Жаткан иттей кашы бар.

www.bizdin.kg

Таноосу тектир сеңирдей,
Теңдешсе жоодон эринбей.
Теңдешкен душман бар болсо,
Тентип жүрө бергиндей.
Аты да бар бир тоодой,
Аташканын куткарбай,
Анча-мынча кишинин,
Ат-тону менен жуткудай.
Өзү да бар бир тоодой,
Өчөшкөнүн куткарбай,
Өжөрлөнсө кишинин,
Өзүн бутун жуткундай.
Өкүм өткүр сөзү бар,
Өлүмдөн коркпос өзү бар.
Кызыл нурлуу жүзү бар,
Алмадан ширин сөзү бар,
Жалындан кызыл көзү бар.
Кыйыгына тийгенде,
Кысталышкан жер болсо,
Кызыл кыргын кылгыдай,
Кырып салып тынгыдай.
Как ушундай жулкушту,
Ар кандай жерде кылгыдай!
Карды салык, мойну кез,
Минген аты тайган төш.
Коңурбайдын алдынан,
Каршылашып болду кез.
Качырышты баатырлар,
Кыргыз, кытай, калмактар,
Карап турду болуп жар.
Бет алышып качырса,
Бетинде пенде тура албай.
Кабагын салып бүркөлүп,
Капаланып муңайбай.
Бет алышып күркүрөп,
Беттей албай эч бир жан,
Эси чыгып бүжүрөп.
Чоң майданда беттешип,
Ортого күлүк ат сүрүп,
Маңдайлашып баратса,
Кандай жан тиктейт аларга?!
Бала жолборс ант ургур,
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы бир канча.
Чоң экен – деп кенебей,
Тоодой Коңур баатырды,
Бучкагына теңебей.
Атасы Манас жанында,
Бирге турган немедей,
Мелтиреп көзүн ирмебей.
Кан ичмеден сүрдөбөй,

www.bizdin.kg

Алдындагы Сур атты,
Айлантып кайта имерип,
Бекемдеп кармап балтаны,
Балага кары теңби – деп,
Беттешип бала барганы.
Беттешип келген эки дөө,
Кебетесин көргөндө,
Бири бүркүт, бири шер,
Сапырылып кетерби,
Мына бу турган кара жер?
Деп, ойлошуп калың журт,
Дудуктай тили байланып,
Кускусу келип, көөнү айнып.
Туралбай башы айланып,
Жыйалбай эсин баатырлар,
Нес болушуп далдайып.
Баатырлар минтип турганда,
Жаны чыгып кетчүдөй,
Аскерлер калды шалдайып.
Балакеттүү Коңурбай,
Кандим болгон бүркүттөй,
Алгарасын камчылап,
Аркасынан чаң чыгат.
Карап турган кыргыздар,
Кара жал жолборс жеңилсе,
Каңгайга айдап кетер – деп,
Калың журт анда нетер – деп?
Түпкө такыр жетер –деп,
Боло албай шайы турганда,
Алгара минген Коңурбай,
Атынын башын бурганча,
Арстандын баласы,
Карап көрсөң ушунда,
Ана-мына дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Аркасынан чуратып,
Отуз беш койуп өткөнү,
Өтпөгөндө неткени?
Өйүздө турган тетиги,
Нескара, Уушан, Мурадил,
Опколжуп жүрөк кеткени.
Жалдуу шерди көргөндө,
Каргаларча каркылдап,
Калмагынча баркылдап.
Кылым бурут,  ушул  журт,
Канаттуу уйа сала албас,
Караңгы токой чер экен.
Токойго бөрү киргизбес,
Алмамбет уулу шер экен!
Чоросу мындай болгондо,
Буруттун, төрөсү кандай неме экен?

www.bizdin.kg

Балакеттүү Коңурбай,
Баштап келип бул жерге,
Түгөтмөкчү кеп экен!
Түгөнүп калган Гүлчоро,
Уйасын баккан шер экен.
Ушундай эрден айрылган,
Эсен хан менен Коңурбай,
Акылы жок кер экен!
Коң төрөнү көмөрүп,
Майып кылып кетерби?
Тып тыйпыл кылып Каңгайды,
Жер бетинен жоготуп,
Өчүрүп атын нетерби?!
Деп ойлонуп турганда,
Тажал Коңур куулдап,
Алдындагы Кара аты,
Ок жыландай шуулдап.
Оңтойуна келтирип,
Обу жок баатыр Гүлүстү,
Чокмор менен чака-чак,
Онду чаап жиберди.
Ошол кезде кыргыздар,
Ойунда ойлойт бул кепти.
Камоодо калган канкорун,
Калың кыргыз эстешти.
“Ушундай оор күндөрдө,
Буурул ат менен буластап,
Чыгар күнү болсочу!
Соруп кетчү жыланга,
Сордурбай койчу кыргызды,
Султан мында болсочу!” –
Деп, ойлонуп турганда,
Өөрчүп турган Гүлчоро,
“Кайратым мындан кемби – деп,
Жер менен жексен кыламын,
Таамай чапсам сени – деп.
Талкалансам мейли”–деп,
Маңдайлашып калганда,
Баатырларды карасаң,
Беттешип балта кармаган,
Кими каман, кими шер,
Киши билбей таң калган,
Бирөө кары Коңурбай,
Бирөө бала Гүлчоро.
Намыс үчүн эгешип,
Майданга чыккан жер ошо.
Баланын атын караса,
Бактысына жараша.
Ашкере күлүк Суркойон,
Кууп калса кишини,
Куткарбастан жеткиндей.

www.bizdin.kg

Куйун минип качса да,
Качып калса душмандар,
Кутулуп качып кеткиндей,
Карлыгач болуп кууса да,
Азыраак айбы бар экен,
Оозу катуу, тоң мойун,
Ошондойроок мал экен.
Көрүп Коңур бар жайын,
“Жандап өтө берсем –деп,
Алдымдагы Алгара,
Кайра айланып келгенде,
Айры шили, кара куш,
Айбалта менен нетсем –деп.
Аркасынан Манастын,
Жиберсем белем муну” –деп.
Балта жетпес кыйгачтап,
Басып өтө берерде,
Кара күчкө беттешип,
Качып өтө берерде,
Билбей бала калган жок,
Билгич жанда мындай жок.
“Мени кудай урганда,
Буурул атты минбей – деп,
Бул жолумду билбей – деп.
Өтпөйт эле Буурул ат,
Ыктайт эле буга – деп.
Алдымдагы Суркоен,
Оозу катуу, тоң мойун,
Желөпкөрөөк мал эле.
Желмогуздай Коңурбай,
Куткарбайт мени дегеле.
Бекер койо бергиче,
Кыйырынан барып тийейин,
Жалпагы менен балтанын,
Карыга чаап ийейин”.
Жандап өтө берерде,
Сол бутунда үзөңгү,
Чыгарып буттан жиберип.
Алдынкы ээрдин бек тиштеп,
Тили менен имерип.
Он жагына такандап,
Жалпагы менен балтанын,
Жандап бара жатканда,
Оң мүрүгө чапты эле.
Гүлчородой түгөнгүр,
Мына ушундай мыкты эле!
Колунда балта шылп этип,
Колу сынып шылк этип.
Жаза чаппай, таамай чаап,
Батакай чаппай, жазгай чаап.
Каржиликтен кыйратып,

www.bizdin.kg

Оң колун анын сындырды,
Жарым жан кылып тындырды.
Алдындагы Алгара ат,
Өтө берип бурулду.
Бурулган менен айла жок,
Найза сайар колу жок.
Колу сынган Коңурбай,
Кайрат кылар алы жок.
Гүлүстүн аты Суркоен,
Көпчүлүк көздөй бет алып,
Күүлөнүп кетип баратат.
Эки колдоп тизгинге,
Тартып кетип баратат.
Бура кайра ал тартып,
Кылчайып артын караса,
Камалаган капырлар,
Капырлардын калкында,
Канча түрдүү баатыр бар.
Курчалышып Коңурду,
Ортосуна алыптыр,
Камалашып калыптыр.
Бала жолборс Байтайлак,
Баш байланып барганда,
Баатыр туулган Гүлүстөн,
Куру кайта барышы,
Калкына кыйын намыстыр.
“Манастап” ураан чакырып,
Ат койуп жөнөп калыптыр.
“Манастап” ураан бат койуп,
Аламан кылып ат койуп.
Суркойонду секиртип,
Гүлчоро кирди шарт койуп.
Канча жылдан бер жакка,
Кармашаарга душман жок.
Буулугуп калган кыргыздар,
Карап булар турчубу?
Карап туруп алганда,
Буларды кудай урчубу?!
Баарысы кирди жаркылдап,
Асаба колдо калкылдап.
“Манастап” ураан чакырып,
Жамгырчы баштап баркылдап.
Аралашты эки кол,
Айтууга арман сөзү мол.
Эндегей кара аскердин,
Амалы кетип катты шор!
Күн көрүнбөй тумандап,
Күүгүм кызыл чаң чыгат.
Жерге токтоо кыла албай,
Көккө учуп топурак.
Күндүз, түнү билинбей,

www.bizdin.kg

Күүгүмдөп көзгө илинбей.
Кыргыз, кытай эрлери,
Белдүүдөн канча шерлери.
Кызыл канга бойолуп,
Кырып жүрөт эрлерди.
Кеч кирип жарык күн батса,
Жарыкты күүгүм түн басса.
Падышалык өкүмдөн,
Жаркырап чырак жагылат.
Жерге түшкөн жабдыктар,
Анда кайдан жашынат?
Болотко болот тийгенде,
Үйдөй чоктор чачырап.
Жазайыл мылтык, жаа тартып,
Уруш болуп тарсылдап.
Жаракка жарак тийгенде,
Сыныгы жерде жалтылдап.
Кылычтын баары кыйрады,
Найзанын көбү сынганы.
Калкандары быркырап,
Туулгасы жарылып,
Түк билинбейт караңгы,
Кызылала кан болуп,
Кыргыз, кытай таанылып.
Жашыл ала өнгөн чөп,
Кызыл ала кан болуп.
Топурак жок Кең-Колдон,
Күн көрүнбөс чаң болуп.
Олпоктун баары кырчылып,
Ок өтпөс тондор жыртылып.
Калкандын баары быркырап,
Аткан октор чыркырап.
Онтоп жаткан андан көп,
Колдор сынып зыркырап.
Буту сынган андан көп,
Болбой шайы буркурап.
Ээленген баатыр эрен көп,
Электеп булар эр кырат,
Кара аскерде айла жок,
Эми булар не кылат?!
Аралашкан аскерлер,
Ылайыгын караша,
Бирине бири беттешип,
Жабдыгына жараша.
Найза сайар ыктуулар,
Сайышка чыкчу мыктуулар.
Сабы менен кошулду,
Сайышып найза тартыша.
Шаркырап аккан кызыл кан,
Аккан суугa жошулду.
Кылычка маш кыйындар,

www.bizdin.kg

Кыйыгын бузбай кошулду.
Томолонуп кайран баш,
Топуракка кошулду.
Чокморчулар чогулуп,
Чойунбашты күүлөшүп,
Карсылдашып салышып,
Калбай баары дүүлдөшүп.
Балталуулар кездешип,
Баатыр эрлер кектешип.
Бет маңдайга келгенде,
Күч ортосун чектешип.
Олпоктуулар бир катар,
Уруш күнү мамыңдай.
Сооттуулар жанаша,
Бирин бири караса.
Жарагынан ылайык,
Жабылышкан жараша.
Канжарлуулар кармашып,
Карсылдашып жалмашып.
Канды суудай агызып,
Кара жерди майлашып.
Менменсиген баатырды,
Алы жетсе жайлашып.
Аралашып кеткени,
Араң алты күн болду,
Түнду кошуп санаса,
Он үч күнгө нак толду.
Нескара менен Бакай хан,
Элди байкап караган.
“Таратсакпы элди” – деп,
Кеңеш кылды эки хан.
Буйрук берсе эки жан,
Эбегейсиз көпчүлүк,
Эли кайдан бөлүнсүн?
Илгертен калган чоң шарт го,
Өкүмүнө көнүшүп,
Башында айтып угузган,
Сурнайдын үнү зыркырап,
Кыргыз менен кытайлар,
Катар тартып үн кошуп,
Бөлүндү аскер чуркурап.
Олпогун сүйрөп жүргөн көп,
Оңүрү кетип жыртылып,
Далай тону бул элдин,
Дал-дал болуп тытылып.
Жарагы жок колунда,
Калган нечен кыйындар.
Неченди көргөн мурунтан,
Тартынбай турган кыйын бар.
Падышалык өкүмү,
Сурнайдын үнү чыкканда,

www.bizdin.kg

Баары уруштан тыйылар.
Балтасы сынып жарылып,
Басып жүргөн андан көп.
Башынан канын агызып,
Шашып жүргөн мындан көп.
Жыгылып, кооп баса албай,
Жылып жүргөн сандан көп.
Ажырап калып атынан,
Азып калган андан көп.
Эми кандай кылам – деп,
Эсин таппай эндиреп,
Эстен танган мындан көп.
Колу-буттан айрылып,
Көкүрөктө жан калып,
Ат тепсеп жерге тапталып,
Антип жаткан андан көп.
Жетелеп атын жөө басып,
Мине албай жүрөк апкаарып,
Минтип жүргөн сандан көп.
Найзасы сынып белинен,
Ажырап калып деминен,
Бөлүнүп калып элинен,
Буркураган андан көп.
Өзүнүн элин табалбай,
Чуркураган андан көп.
Чылбырын сүйрөп бош кетип,
Ээсиз аттар сандан көп.
Ээн калсын шум жалган,
Элдин баары кайгы жеп,
Кими кыргыз, ким кытай,
Билерге акыл жетпеген.
Асабадан белгилеп,
Эл ортосун чектеген,
Алты күндө бөлүндү.
Ажырабай жүргөн бар,
Айрылып элден кетпеген.
Сурнайды тартып, үн койуп,
Эл бөлүнүп чыкканы,
Таамай жети күн болду.
Түнүн кошуп санаса,
Дагы он төрт күн болду.
Күндү эсепке алганда,
Он төрт күнгө нак толду.
Жарым айлык аламан,
Жаман кыргын эл болду!
Азууларын аркайтып,
Аргымак жатат ар кайда.
Туйактары чарадай,
Тобурчак жатат көп жайда.
Кара чобур жылкылар,
Калкып жүрөт кандарда.

www.bizdin.kg

Кандай адам кезиккен,
Как ушундай чаңдарга?
Уккан айран калгыдай,
Ошондогу жаңжалга.
Мынчалык кыргын болгон жок,
Бейжинге кыргыз барганда!
Чоң баатырлар жулкунуп,
Болгон экен мамыңдай.
Бир чапканда кулатып,
Кырк-элүүнү сулатып,
Нескара жүрдү кыйратып.
Калмак Уушаң баатыры,
Калктан канча кыйратты.
Кардын жарып нечендин,
Ичегисин чубалтып,
Кырмызы шаанын Мурадил,
Кызыл атын чуратып.
Каруулуудан нечени,
Кара жерге сулатып.
Эленкыр деген бир баатыр,
Болжолу жок чоң капыр.
Үйдөй чокмор колго алып,
Үйүлгөн жыйын топ болсо,
Ошону көздөй чуратып.
Жете барып чапканда,
Жетимиш, сексен адамды,
Жер жаздантып сулатып.
Келген экен алп Коңур,
Баатырларын дуулатып.
Калмактын көрдү казабын,
Манжунун тартты азабын.
Андан башка эрлердин,
Кара калмак каңгайдын,
Калкындагы шерлердин,
Кайсы бирин айтайын?
Элөөрүгөн Гүлчоро,
Элкин баатыр Канчоро,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Коркпой турган Байтайлак,
Короолуу койду бөрү айдап,
Ээн талаага баргандай,
Сай бойлотуп кыргандай,
Кытай, калмак журттарын,
Кырып салды ушундай.
Нөшөрлөп жааган жаандай,
Ителги тийген таандай,
Имерип айдап чогултуп,
Чогууларын суйултуп.
Кылычты тартып алганда,
Шорголоп канын куйултуп.
Болжолсуз баатыр Эленкыр,

www.bizdin.kg

Учурады ошондо,
Олуйа Кошой уулуна.
Күрзүсүн булгап кезгерди,
Жалгызекке ушунда.
Жалгызек кайдан айанды,
Чокморун колго кармады.
Кеңеш сөзүн салышты,
Кезектешип калышты.
Эр Эленкыр баатырың,
Кезекти мурун алышы.
Кара зоодой Эленкыр,
Чачырап көздөн от күйүп,
Жалгызекке барышы.
Үйдөй болгон күрзүнү,
Опколжуп келип салышы.
Быркырады калканы,
Туулганын чыкты талканы.
Сынып кетти ошондо,
Алдында темир саптары.
Жайнады жерге жалын чок,
Жанына барган киши жок.
Быркырап кийген туулгасы,
Жер жүзүнө жабылды.
Бир чапканда тоздурган,
Ким көргөн мындай баатырды?
Колундагы күрзүнү,
Түкүрүнүп карманып,
Келе жатат Эленкыр,
Чабууга кайра айланып.
Жалгызек анда кеп айтат:
“Абалкы кезек сеники,
Эмики кезек меники.
Эрдигиңди танбасаң.,
Туруп бериш сеники!”
Шартын булар буза албайт,
Эленкырга окшогон,
Башына кармап калканды,
Арка кылып туулганы.
Ат үстүндө калдайып,
Майданда мунун турганы.
Эр Жалгызек жаш бала,
Күчүнө жок эч дабаа.
Качырып келип салды эми,
Калкан менен туулгадан,
Кымындай неме калбады.
Түкүрүнүп колуна,
Тунжур куштай айланып,
Орой төбө как башка,
Катуу чаап түгөнгүр,
Каар менен өткөндө,
Калкандын баары быркырап,

www.bizdin.kg

Үйдөй болгон кызыл чок,
Учуп көккө чыркырап.
Кызыл буурул минген ат,
Тизеден жерге батканы.
Теминип көрсө Эленкыр,
Түгөнгүр бутун тартпады.
Козголо берип кеткиче,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Кош колдоп дагы чапканы.
Чаап чокмор тартканда,
Кара зоодой капырды,
Кара жерге жаздады.
Көрүп туруп Кыз Сайкал,
Көмүскө көздөй качканы.
Көтүнөн кууп Жалгызек,
Ал канчыкты таппады.
Кайраттанган Жалгызек,
Кандай адам беттешет?
Каарданып кылыч шилтесе,
Так сексенден баш кесет!
Кытайды сойуп кыйратып,
Калмактын калкын какшатып.
Өлтүрүп элди сулатып,
Сурнайдын үнүн укканда,
Чогуудан чыкты чуратып.
Гүлүстөн менен Канчоро,
Күжүрлүү күчтүү эр чоро.
Бет алган жакты коркутуп,
Күйгүзүп өттү жалынды.
Утуру келген буларга,
Өлүмдүн үйү табылар,
Каршы келсе маңдайга,
Мындан качып кетчү ким?
Баатырлар жүрсө моминтип,
Кытай, кыргыз эки журт,
Каны агып чубурар.
Так он төрт күн болгондо,
Бөлүнүп чыкты ушулар.
Кара байрак, алтын туу,
Айчыгы алтын кызыл туу.
Эки элге чеп болгон,
Баш ийдирген ушу туу.
Желектерин көтөрүп,
Жеринен хандар козголду.
"Туусун жыксам белем" – деп,
Жалгызек муну ойлонду.
Бөлүнүп баса бергенде,
Кара байрак, алтын туу,
Ал Нескара баатырда,
Ошону көздөй ат койду.
Жетер жетпес болгондо,

www.bizdin.kg

Пейилин көрдү капырлар.
Калмак, кытай элинде,
Белдүү канча баатырлар.
Каршы алдында кездешип,
Калмак Уушаң учурар.
Камгактай сайып Уушаңды,
Ат үстүнөн учурду.
Оңолуп кобо бергиче,
Оңдонуп атка мингиче,
Аркасында Байтайлак,
Башын кесип салганы.
Эленкыр менен Уушанды,
Болумдуу баатыр дөөлөрүн,
Куткарбай муну жайлады.
Кабылан Кошой баласы,
Жалгызек сындуу балбаны,
Ороккырды өлтүргүн,
Байтайлакты карачы!
Эрдик кылып бул жолу,
Эки хандын баласы.
Ажырашып бөлүнүп,
Арылды элдин санаасы.
Элчилешип сүйлөштү,
Тил алышып тарашып.
Өлүк жыйнап, көөмп алмак,
Беш күн болду карасы.
Капырлар жыйып өлүгүн,
Сары жон кылып үйүштү.
Сары кыр саны отуз бир,
Айтып элге угузду.
Кыргыздардын өлүгү,
Он сары кыр болуптур.
Өлгөн жандын эсебин,
Ортого булар койуптур.
Ор каздырып көөлөтүп,
Кыргыз жыйып өлүгүн,
Жоолуу күнү болгондо,
Өлүк көммөк жайы ушул.
Шейит деп атын аташты,
Жаназа намаз кепинсиз,
Жарма көргө жайлашты.
Калмак, кытай эки журт,
Угузган элге өлүктү.
Өжөрлүгүн көрүнттү,
Дары төгүп, май чачып,
Өрттөп ийди өлүктү.
Кең-Колдун дайра сууларын,
Адам эмес айбан мал,
Ичпей калды ошону.
Карга, кузгун жол бербей,
Кызыл канга чогулуп,

www.bizdin.kg

Кызык болду Кеңколго,
Ортого дары төгүштү,
Эки тарап ошондо,
Сасык туман кетсин –деп,
Карга, кузгун жоголуп,
Жер ордуна келсин – деп,
Отту койуп ийишти.
Күйүп кетти кыпкызыл,
Көгөрүп чыккан кийе жок,
Күйүп Кенкол арыды,
Кызыл күлгө айланды,
Кетирем –деп сасыкты,
Кыргыз кайдан пайда алды?
Эртеңки күнү уруш – деп,
Эл билгендин баарысы,
Эми башы айланды.
Муну мындай таштайлы,
Кыргыздардын кытайды,
Жеңгенинен баштайлы.

www.bizdin.kg

# КОҢУРБАЙДЫН АТАКТАГЫ БААТЫРЛАРЫНАН АЖЫРАП КАЙРА КАЧЫШЫ

Падыша Бакай баш болуп,
Эштектердин Жамгырчы,
Салтанатуу Гүлчоро,
Акыл, айла кошуучу,
Асыл тукум Канчоро,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Жезкемпирдин жети уулу,
Бакай хандын Байтайлак,
Баш кошуп баары чогулду.
Жагып койуп чырагын,
Жанаша булар отурду.
Жалдырап карап кеп болбой,
Канчалык кылса айарлык,
Уруштун жайы эп болбой.
Жан кыйналып жатканда,
Жанына келди асылдан
Айчүрөктөй асыл жан.
“Келгин, жеңе, келгин – деп,
Кеңешиң айтып бергин “- деп.
Келберсиген абамдын,
Кеңешин угуп келдиң,- деп.
Гүлчоро сурап калганда,
Анда Чүрөк кеп айтат,
Кеп айтканда муну айтат:
“Силер атка мингилө,
Асаба аштап туу сайып,
Басташып жоого тийгени,
Он сегиз күнгө нак толду.
Байтайлак майдан чыгарда,
Ороккырды жыгарда.
Ороккырды өлтүрүп,
Жаш бала көөнү тынарда.
Как ошонун тушунда,
Желбегей Семең отурган,
Сыр коргондун кырында.
Атадан калган коргондун,
Оорагы кыйла бар эле.
Топурагы коргондун,
Көз ооруга дары эле.
Болот салса өтчү эмес,
Бузулуп коргон кетчү эмес,
Балта чапча кесчү эмес,
Ошол коргон кырында,
Силерди карап отуруп,
Жулугунан батты абаң.
Ошол күндөн бер жакка,
Козголбостон жатты абаң.
Желбегей олпок жамынган,

www.bizdin.kg

Эки жеңи салынган.
Жанына жакын барбадым,
Жанымда жаткан эримдин,
Каарынан коркуп абыдан,
Көргөн пенде калтырайт,
Көзүнөн чыккан жалындан!
Кайгы тартып күнүндө,
Кап- деп, каңкор эстесе,
Коргондун өйүз бетине,
Каптап кетет түтүнү.
Эр болбой куруп калсамчы,
Буурул аттан айрылып,
Канатым жок калганча,
Бу көркчө өлсөмчү.
Мындай төрө болгуча
Акыретти көрсөмчү!
Арак ичпей, суу ичпей,
Тамак ичпей, чай ичпей,
Он сегиз күндөн бер жакка,
Отурду бейм ошондой.
Башкага сабыр кылчу эле,
Насбайды тартпай турчу эмес,
Эки күндөн бер жакка.
Насбай салып чакчага,
Алып келип он убак,
Олтурганда маңдайга,
Насбайга көзүн салбады,
Чакчаны колго албады.
Үшкүрүнүп муңайып,
“Атым жок” – дел зарлады.
Ачуу басты акылын,
Ушу бүгүн бешимде,
Алдына барып акырын,
“Мен абама барам – деп,
Ыраактан туруп кеп салдым.
Абакем аты чыкканда,
Угар бекен” – деп салдым.
Күңгүрөндү ошондо,
Күдүңдөп тили билинбейт:
“Абама барсаң барып кел,
Аларга кабар салып кел.
Аз сандуу кыргыз элимди,
Аламан уруш ал кылып,
Кыргын кылды канчасын.
Дагы уруш кылууга,
Таппагандыр айласын.
Эртең менен эртерээк,
Күн чыкпастан эртелеп,
Жалгызек менен Байтайлак,
Гүлчоро менен Канчоро,
Белдүү эрлер бул төртөө,

www.bizdin.kg

Алып келсе Буурулду,
Он беш асый болгуча,
Мени күйгөн Тайбуурул,
Актабай антын койбойт го!
Акканкыны токусун,
Чылбырын кармап чырмалбай,
Башын аттын бош койсун.
Канчоро менен Гүлчоро,
Аттын жүрсүн алдында.
Байтайлак менен Жалгызек,
Аттып жүрсүн артында.
Эптеп мага жеткизсин,
Тайбуурулга мингизсин.
Мендей атсыз төрөнүн,
Пайдасын элге тийгизсин.
Тил албаса ушулар,
Калганын өзү билишсин!”
Абаңдын айткан кеби бул,
Айласын таппай жаткан журт,
Абдан кеңеш экен деп,
Акылына тундурду.
Абакеси Семетей,
Алыста туруп кеп айтып,
Айтканына көндүрдү.
Айчүрөк жана кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
“Айланайын, Гүлүстөн,
Кулагың салчы – деп айтат.
Кагылайын, Канчоро, I
Канкорум укчу – деп айтат.
Камалды бузган кайраттуу,
Анткорум укчу – деп айтат.
Камап келген каңгайлык,
Катуу зыйан тартышты.
Башчысы болуп жаралуу,
Башы айланып катышты.
Ушундай иштен пайда алып,
Тийгизгиле намысты.
Кытайдан элчи келгиче,
Камынгыла эртерээк,
Аралап мындан жүрсөңөр,
Эси ооган жакырлар,
Кача берет капырлар.
Ара жолду кең кылып,
Ача берет капырлар.
Көрүнүп турган коргонго,
Күндүз сени киргизбейт,
Кызматын журтка тийгизбейт.
Жети катар сап болгон,
Темирден курчап карк толгон,
Тостуруп койгон жолу бар.

www.bizdin.kg

Ар бир саптын алдында,
Үч кабат темир тору бар.
Ар бир сапка баш болгон,
Бирден баатыр зору бар.
Жазайыл мылтык тобу бар,
Кызыталак кытайдын,
Ороп койгон тору бар.
Көптүгүнө көз жетпейт,
Уругун төккөн кору бар.
Учураган кишинин,
Маңдайыңда шору бар!
Пейлиңди салып бек байкап,
Айткан сөздү угуңар.
Күн төбөдөн кеткенде,
Бешимге чукул кездерде.
Тордогон торго жеткенде,
Жазайыл мылтык ок атат,
Жамгырдай кылып жаа тартат.
Мөндүрдөй кылып топ атат,
Дүңгүрөтүп көп атат.
Кыйкырып кулак тундуруп,
Кызыталак каңгай журт,
Кыйналтып жанды чыйралтат.
Соолгон жанды кубантат,
Ойун көрсөң, буларды,
Суудай каның чубуртат.
Суудан бетер агызып,
Кыпкызыл кылып куйултат.
Антип сени жеткизбейт,
Антип-минтип олтуруп,
Күн батып, күүгүм түн кирет.
Сааты бар сасык албарсты,
Азыр менин жолдошум.
Куйруктуу жылдыз кубултуп,
Аны асманга койом ойлорсун.
Кайсы жакка бурулса,
Атыңды бурап толгонсун.
Катын да болсом Айчүрөк,
Жардамым менин ошол болсун".
Айтып кеңеш кептерин,
Айчүрөк жеңе кетти эми.
Таң атканча уктабай,
Таңданткан журтту баатырлар,
Таңга араң жетти эми.
"Барып кирсең коргонго,
Токумун кайдан оңдойт – деп.
Оңдоп токуп койбосок,
Тайбуурулду болбойт" – деп.
Алдыңкы кашы карк алтын,
Кийинки кашы чылк күмүш.
Эки каптал эн темир,

www.bizdin.kg

Эптеп кылган Акканкы ээр,
Тайбуурулга чак Канкы ээр.
Качкан элик чокулуу,
Тайбуурулга токуду.
Көргөн пенде жараткан,
Үзөңгү куйма алтындан.
Жабдыгы көздү уйалтып,
Жаркыны көккө тартылган.
Олондору оймо алтын,
Уйуштуруп токуган,
Куйушканы куйма алтын.
Куйуштуруп токуган,
Көмөлдүрүк баары алтын.
Тумарчасы сары алтын,
Жагоолору сом алтын.
Ат жабдыгын карасаң,
Азы күмүш, көбү алтын.
Манаттан кылган көрпөчө,
Кош басмайыл тарттырып,
Бош агытып Буурулду,
Калмактарча жасанып,
Канчоро менен Гүлчоро,
Алдына кирди бастырып.
Жалгызек менен Байтайлак,
Артында атка жанашып.
Ажал менен иши жок,
Эл намысын талашып.
Өлүмдө түк бир ой жок,
Өткүр баатыр жолборс го,
Өзүнчө булар жанашып.
Ызырынып айкырып,
Канчоро менен Гүлчоро,
Ачуудан күйүп жаны ачып.
Таң эртеңден эртелеп,
Эл турбастан эртерээк.
Жөнөдү булар энтелеп.
Жеңекеси Айчүрөк,
Элинде бирге тургандай,
Эр Коңурбай баатырга,
Биригип кеңеш кылгандай.
Бардыгы ырас келди го,
Айткан экен билгендей.
Бөлүнүп чыккан беренге,
Кыргыздан чыккан эренге.
Бетине киши чыккан жок,
Беттешип буга эзелтен.
Ара жолду кең кылып,
Ача берди капырлар.
Бетине келбей бурула,
Баса берди каңгайлар.
Коргону жабык жерде эле,

www.bizdin.kg

Койгулап жүрүп тулпарды,
Жеталбай жүрөт дегеле.
Көчө кылып чубуртуп,
Кыдыртып койду элди эле.
Күн бешимге жеткенде,
Темир тор тартып сап түзгөн,
Сап аскерге келди эле.
Алдында темир үч катар,
Арсайып зымдар тартылган.
Артында чокмор карманган,
Ар сабы миңден артылган.
Жолой деген бир каңгай,
Жүргөн жерин чаң кылган.
Ошол өңдүү Жолойду,
Ушул сапка баш кылган.
Эрибеген капырдын,
Эзелтен боорун таш кылган.
Капырда мындай урган жок,
Туйунуп калып буларды,
“Бурут экен, карма”, – деп,
Үйдөй чокмор булгалап,
Ат койушуп, атты топ,
Тегеректеп келишти,
Теминишип киришти.
Ойлоп турат капырлар,
Төрт берендей баатырды,
Тебелетип ийишти.
Баатыр кирсе бакырып,
Үйдөй чокмор көтөрүп,
Калгандары качырып.
Качырып кирсе баатырлар,
Бакырып кирсе капырлар,
Карсылдап кулак тундуруп.
Сандоолун топтор атылып,
Ушундай уруш баштады,
Утур келген капырлар,
Баштаса уруш качпады.
Алдында келген Жолойду,
Гүлүстөн туулган Гүлчоро,
Күм-жам кылып таштады.
Ээ болгонун өлтүрүп,
Эшигин тордун ачканы!
Кылычтап эрди кыйратып,
Кыйрын бузбай сулатып.
Чокморлууну чогултуп,
Чогуусу менен сулатып.
Экинчи торго жетишти,
Аттарын булар чуратып.
Экинчи тордо найзалуу,
Кезгерип колдо кармалуу.
Кез келген жанда кетер жок,

www.bizdin.kg

Тирүү андан кутулуп.
Миңден-миңден жабылып,
Сундуруп найза салынып.
Күңгүрөнгөн Канчоро,
Күүлөп чокмор камынып.
Алдына кирди булардын,
Анык билди Канчоро,
Айла менен турарын.
Жалгыз жанды көздөбөй,
Булгаган чокмор кез кербей.
Ойуна келген иш кылып,
Акыл жок сараң нестердей.
Кыйырынан барып кыйратып,
Кыйыгын бузбай сулатып.
Айдаган койдой чубуртуп,
Чокмордон канын куйултуп.
Намаз дигер болгончо,
Экинчи торду суйултуп.
“Экөөнү бузуп өттүк – деп,
Бешөөнөн кантип кеттик – деп
Жалгызек алды нөөмөттү,
Үчүнчү торго жеттик” – деп.
Үчүнчү тор балтачан,
Желмогуздай түрү бар,
Жан койбостой сүрү бар.
Балтасынын курчу бар,
Бүткүл манжу журту бар.
Жабылып ат койушуп,
Жайнап чыкты ушулар.
Кошойдун уулу Жалгызек,
Кайраты толук түгөнгүр,
Буга ажалдуу пенде учурар.
Балталуунун башында,
Баары туулга кийинген.
Баатырдыгы бул элдин,
Байкал көрсө билинген.
Андай жоону көргөндө,
Ал Жалгызек сүйүнгөн.
Көптү көргөн Гүлчоро,
Көрүп туруп түңүлгөн.
Эр көкүрөк Жалгызек,
Эркин өсүп керилген,
Эрдиги артык теминген.
Кайраты жок эр беле,
Хандын уулу Жалгызек,
Качып калчу шер беле?
Качырып кирип барганда,
Калың манжу эрлери,
Каптап кетти тең эле.
Кармашты булар балтаны,
Жазгырып уруш салуучу,

www.bizdin.kg

Биз айталы балбанды.
Бала жолборс Жалгызек,
Көк түпөк кызыл найза алды.
Баатыры бар алдында,
Баш болгон бирден алар да.
Бура тарта берерде,
Көмө сайып салды эле,
Жоодон кегин алды эле.
Жабылышкан манжулар,
Балталашып калды эле.
Эрин сайып түшүрүп,
Эрдиктин ишин бүтүрүп.
Кылычты алды колуна,
Алаканга түкүрүп.
Жалындап бала күйүгүп,
Жанына жалгыз жан турбай.,
Жайнай берип түрүлүп.
Жазыла берди манжулар,
Ээлеген саптан сүрүлүп.
Үчөөнү бузуп өтүшүп,
Күч, кайраты кетишип.
Эми булар нетиптир,
Күүгүм кирип кетиптир.
Эр Гүлчоро баатырдын,
Эки көзү асманда,
Мурун андай жок эле,
Куйруктуу кызыл чоң жылдыз,
Пайда болду асманга.
Куйругу кайда бурулса,
Бура тартып тулпарын,
Ээрчип барат ушуга.
Таң аткыча урушуп,
Кайрат менен турушуп.
Таң сүрүлө атканда,
Таанылып киши жатканда,
Жок болду жылдыз байагы,
Көрүнбөй калып асманда.
Жеңендин кылган өнөрү,
Далдаланып калбастан,
Айтылып калды дастанда,
Буларда дарман калган жок,
Бузуп салып басканга.
Төртөө турат дапдайар,
Төрт сапка мылтык, ок да бар.
Бирөөндө кылыч колу бар,
Кайраттанса бул төртөө,
Ошону бузар өңү бар.
Муну бузуп өтсө да,
Бешинчи сапка жетсе да,
Очогор мылтык, топ турса,
Кайда качып кутулар?

www.bizdin.kg

Кайрат кылып кете албай,
Кылычтуу саптан өтө албай.
Намыс кылып артынан,
Кайра жанып кете албай.
Кылчайып туруп Гүлчоро,
Жаш балдарга кеп айтат:
“Иним, менин Байтайлак,
Ишенгеним, Жалгызек,
Кетенчиктеп баскыла,
Аттарды кийин тарткыла.
Канчоро өзүң бастыр- деп,
Алдыңдагы Каралат,
Баспай калса камчы ур, - деп.
Буурулду бош таштады”,-
Гүлчоро жолду баштады.
Кыйа тартып ооз менен,
Калмакча сүйлөп жазгырып,
Гүлчоро өтүп жатканы.
Кырда туруп Семетей,
Кыйалында байкады.
Атадан калган сандоолун[7] ,
Эшикке туура койду эми.
Кыл менен ичин жышыды,
Ичин майлап түзөдү,
Колу менен сүрдү эми.
Канча таар дарыны
Как оозуна куйду эми.
Коло, чойун, коргошун,
Аралаш куйуп уйуткан.
Атканда дүйнө солк этип,
Ааламды бүтүн куруткан.
Кунан уйдай жаткан ок,
Копуруктап салды эми.
Куржун башы дарыны,
Оозу оту кылды эми.
Дарбазанын ичинде,
Асмандап чыккан терекке,
Айабай мыктап таңды эми.
Дарбазаны ачтырды,
Милтеге чокту жактырды.
Шыкаалабай кароолун,
Сүмбө менен от берип,
Сандоолунда аттырды.
Ак милтеден чок жетти,
Ааламды бузчу ок кетти,
Атканда дүйнө солк этти.
Курма тамдар кулады,
Уктаган бала ыйлады.
Утур оозго келгени,
Кыйырын бузбай сулады.
Бузулбаган бек чеби,

www.bizdin.kg

Бута атым жери жок болду.
Жерде киши калган жок,
Темир тоскоол кылган жок.
Дарынын чыккан түтүнү,
Көк тумандай уйуду.
Кылчайып Гүлүс караса,
Алты жүз койдун ордундай,
Кара жерге түшкөн ок,
Кара туман куйуну,
Кыл этип кирип баратат,
Дарбаза аттап арыштап,
Тайбуурулдун куйругу!
Бура тартты, Гүлчоро,
Жанында баатыр Канчоро.
Жалгызек менен Байтайлак,
Илгери тартып баратат.
Төрт бута жери түз болгон,
Курчалып каңгай жеткиче,
Ат койуп жетти коргонго,
Көздөп келген болжолго.
Тайбуурул колго тийгенде,
Өткүр Манас тукуму,
Өөрчүгөн канкор Семетей,
Дарбазаны көрсөттү,
“Ачкыный – деп – ушуну!”
Атасы Манас кабылан,
Аккула минип алгандай,
Алмамбет, Чубак эки арстан,
Азыр келип калгандай.
Серек менен Сыргагы,
Серпишкен жоонун чыйрагы,
Тирилип келип калгандай.
Сүйүнгөндөн Семетей,
Кабаттап темир соот кийбей,
Олпокту жалаң кийинип,
Атасына сыйынып,
Белин бекем буунуп,
Бетинен тери чубуруп.
Аккелте мылтык асынып,
Ак болот темир артынып.
Сырнайза колго карманып,
Сырттан баатыр шаңданып.
Айбалта байлап белине,
Айанбай тиер пейли бар,
Ал калмактын элине.
Кылычты сууруп кынынан,
Салмакчы кыргын чынында.
Семетейдей эр жок – деп,
Айтылып калган кылымга.
Көк жеке бутта чойкойуп,
Сырнайза колдо койкойуп.

www.bizdin.kg

Ачалбарс байлап белине,
Жанбай турган мүнөзү,
Жаман келип калганы,
Карай албай эч бир жан,
Кабыландын бетине.
Каарданган канкору,
Кара кыргыз камкору.
Кабыландын баласы,
Кара мүртөз түгөнгүр,
Сомо темир, сом балта,
Бөлөкбай соккон Айбалта,
Сунуп колго кармашып,
Жоо дегенде шайланып.
Ойундагы иш кылган,
Кара көңүл кутургур,
Тайбуурул сындуу атына,
Куйма таман үзөңгү,
Теппей ыргып минди эми.
Асаба колдо калкылдап,
Ачалбарс белде жалтылдап.
Айбалта белде кыңгырап,
Сырнайза колдо зыңгырап.
Кирген нардай күркүрөп.
Көргөндүн бойу дүркүрөп.
Бастырып чыга бергенде,
Коңурбай айтат көп элге:
“Ой, Нескара, Мурадил,
Айта турган сөзүм бил,
Калган ишти өзүң бил!
Уушаң менен Ороккыр,
Жолой менен Эленкыр,
Сойулду кыргыз колунан.
Көп аракет кылдыңар,
Кол жайкашып турдуңар.
Көргөнүмдү мен айтсам,
Канкордун жайы момундай:
Кечээ чоң Бээжинге басканда,
Аралдан жылкы чапканда.
Чоң –Ингендин бойунда,
Айкын түздө жатканда,
Алгара менен алкынтып,
Мен кездешкенмин арстанга.
Аккула минип арстаны,
Айбаты менден ашканы.
Көрүнүп турат көзүмө,
Соорума найза батканы.
Капталга найза мылгытып,
Кан агызып чубуртуп.
Манас келе жатканда,
Байкабаган атты анда,
Алгараны ал алса,

www.bizdin.kg

Сойот эле мени анда.
Алгара күлүк жаныбар,
Ар кимдин сүйгөн малы бар.
Аккулага жеткирбей,
Ашыра чуркар чагы бар.
Жаралуу болгон менденби,
Же болбосо ошондо,
Жайдары Манас баатырдын,
Колдоочусу келгенби?!
Акылым кетип нес болуп,
Адашкандай эмесмин.
Көп эле жандан Манастан,
Көрдүм эле элесин.
Эми байкап карасам,
Семетей чыкса коргондон,
Кошо чыкса ээрчитип,
Колдошуучу немесин.
Кайрат кылар колум жок,
Качып жолго түшөмүн,
Ошол менин керээзим.
Көрүнбөсө сиздерге.
Билинбесе биздерге.
Амал кылып урушуп,
Айла менен турушуп.
Курчалышып көрөлү,
Алып калсак Кең-Колду,
Олжого малын бөлөлү.
Чатырдын чыгып кырына,
Байкайлы Семей, төрөнү!
Коңурдун сөзүн макулдап,
Кошулушту баатырлар.
Чатырдын чыгып кырына,
Олтурушту баатырлар.
Ошол кезде карасаң,
Эр Семетей баатырың,
Коргондон чыкты кылт этип,
Алтын така, күмүш мык,
Төрт айакта жылт этип.
Минген аты Буурулдун,
Көкүлүн көккө шүйүлтүп,
Куйругун ача түйүлтүп.
Туйагын жерге мылгытып,
Тумарын көккө ыргытып.
Кулжадай башы кылтылдап,
Арам өлгөн сойулгур,
Анын кундуздай жүзү жылтылдап.
Баладай жалы былкылдап,
Арандай оозу ачылып,
Жолум үйдөй көбүктөр,
Катуу жолдо жүргөндө,
Жол бойуна чачылып.

www.bizdin.kg

Чарадай болгон чоң туйак,
Жерди басып тартканда,
Кемегедей казылып.
Ээси эмес, аты да,
Калган окшойт ачынып.
Эшиктен чыга бергенде,
Алты жашар баладай,
Кызыл бала жыланач,
Чылбырына асылып,
Эки түгөй сур бөжөк,
Үзөңгүгө жабышып.
Кара чаар кабылан,
Ат колтукта кабышып.
Көсөө куйрук көк даңгыт,
Көт жагында жарышып.
Он бештен кулжа калдаңдап,
Эки жакта чаң салып.
Жалгыз Буурул табышы,
Алтымыштай даң салып.
Боз ала чаар чоң жылан,
Семетейдин белине,
Үч айланып курчалып.
Оң айланып, сол болуп.
Сол айланып оң болуп
Найзадай тили эки ача,
Кулагынан артылып.
Бермети жерге төгүлгөн,
Шөкүлөсү көрүнгөн.
Кара тору кызыл кыз,
Калктан ашкан узун кыз,
Анын колдоочусу ушул кыз.
Эки ийнин басып тайанып,
Арка жагын калкалап,
Ат сооруга жабышып,
Учкаша минип жанашып,
Учкашса да сулуу кыз
Семетейге жарашып.
Колдоочунун баарысы,
Кошо чыкты жанашып.
Алдындагы Буурулдун,
Көкүлүндө шам күйүп.
Төрө жолборс Семеңдин, Төбөсүндө от күйүп.
Тайбуурулду чуратып,
Коргондон чыкты чубалтып.
Жалгыз Коңур көргөн жок,
Баарысы көрүп чуулашып.
Коңурдун өңү бузулуп,
Заманасы куурулуп.
Келгенине бушман жеп,
Мында кайдан келдим – деп.
Калкына карап кеп кылды:

www.bizdin.kg

“Бээжинге жанып кеткин- деп.
Алгара минип чуу койду,
Азыр өзүм кеттим”- деп.
Анын жаралуу болгон жай бар.
Жаман сынган кар жилик,
Бүтө элек абдан чагы бар.
Коңурдун үнүн укканда,
Ачуусу келип Семетей,
Күңгүрөндү ченебей:
“Азыраак кыргыз эл – деди,
Артынан кууба сен – деди.
Ашмура башы жети бел,
Душман ашса бул белди,
Кара аскерде кебим жок,
Калк башкарган бегинин,
Башын алам мен”- деди.
Айтканга сабыр кылчубу,
Карап булар турчубу?
Качкан жоону кубалап,
Калбай эли чубурду.
Жоону алса ким алды,
Жоболоңдуу каңгайды
Сайып кыргыз эл алды,
Душманды алса ким алды,
Согушкан кыргыз эл алды.
“Семетей сайып алган” - деп,
Түпкү атагы аа калды!
Алактаган Коңурду,
Азгашып келген доңузду,
Өзүнчө келип баштаган,
Өрүштө жаткан бул элге,
Опсуз жаман согушту.
Каңкордун уулу Семетей,
Качырып жоону курутту.
Сайып алды кыргыздар,
Калмак, кытай көп журтту.
Алактап Коңур качыптыр,
Арстан төрө Семеңдин,
Арбагы андан ашыптыр.
Суусамырдан Ач-Белес,
Кубалап Семең алыптыр.
Качып барат Коңурбай,
Калганына карабай
Кууп барат Семетей ,
Аркасынан чаадалай.
Гүлчоро туруп толгонуп,
Көөнүндө акыл ойлонуп:
“Анжунун ханы Нескара,
Калды белем мага-деп?
Тирүү бойдон кетирбей,
Сойойунчу аны –деп.

www.bizdin.kg

Таарынып жүрөт Канчоро,
Тору айгырды олжо алып,
Кылайын тартуу ага" – деп.
Бура тартып жалт койуп,
Бу да түштү артынан.
Бээжинди көздөй бет албай,
Коңурбайдын дартынан.
Ооганды көздөй бет алып,
Үргөнчтү көздөй чет алып.
Кетип барат Нескара,
Колуна кылыч карманып.
Такаат кылар айла жок,
Токтолуп уруш ал салып.
Алдында минген Тору айгыр,
Учуп барат закымдап.
Адырмактуу жер келсе,
Арстан туулган Гүлчоро,
Анда жетет жакындап.
Кара жаак айбалта,
Күнгө келсе жалтылдап.
Атактуу баатыр Нескара,
Качып барат шалкылдап.
Нуркаптын суусун кылаалап,
Алдындагы Тору айгыр,
Баскан сайын жубаңдап.
Кайра тартып оролуп,
Дөбөттү көздөй толгонуп.
Киргит Түтөк бел ашып,
Каргалык көздөй бет алып.
Кара жанды калкалап,
Качып барат чаңдатып.
Кууп барат Гүлчоро,
Көргөн элди таңдантып.
Жеркендин кечки суусунан,
Куйундай болгон Суркоен,
Жете келди ушунда.
"Эми айлам кетти – деп,
Эр Гүлчоро жетти – деп.
Сайрамдын кезип сайына,
Кум куржунду жарайын.
Ажалым жетсе көрөйүн,
Азапты мындан артканча,
Жыгылып аттан өлөйүн".
Санаага бул жеткени,
Шашканы эмей неткени?
Чын акылы кеткени,
Канжарды албай колуна,
Карбаластан Нескара,
Кылычты колго алганы.
Эп келбей узун кылычы,
Куржунду жара албады.

www.bizdin.kg

Кылычты кынга салгыча,
Канжарын сууруп алгыча.
Кандуу жолборс Гүлчоро,
Каруугa кагып кеткени.
Колу сынып шалк эттип,
Эси ооп эндиреп,
“Эми өлдүм белем”- деп,
Эр чырагы эки көз,
Маңдайында алаңдап,
Эки жагын каранып,
Алактады кайран эр.
Күчү ташкан Гүлчоро,
Кара жаак балталап,
Катуу чапты жапшырып.
Аманат жанын чочконун,
Барууучу жерге тапшырып.
Тору айгырды жетелеп,
Олжого алып кетем – деп,
Жетелесе баспады,
Канжарласа жылбады,
Ат соорусу олжо – деп,
Тору айгырды сойду эми.
Шиш кебек кылып эт актап,
Айабай чороң тойду эми.
“Аттанып жолго салам- деп,
Абамды издеп табам – деп,
Суркоен оозун койду эми.
Артынан чаңын чубатып,
Марал башы тумшуктан,
Аттын изин чалам”- деп.
Өлбөй тирүү болгондо,
Абакемдин ошондон,
Бир кабарын алам”- деп.
Тумшуктан келип Гүлчоро,
Сурамжылап кеп алып,
Улуу жолду караса,
Тайбуурул менен Алгара,
Катар изи кетиптир,
Эми чороң нетиптир?
Андан-мындан жетем – деп,
Аралады аралды,
Таба албай буларды.
Башегиндин бел ашып,
Аркадан чаңын чубалтып,
Суркойонду суналтып.
Карашаар, Көрлүдөн,
Кабаттап мындай жол басып.
Уланбайдын эшиктен,
Бешбалыкка кирди эле,
Карааны жок алардын.
Изин куун жол менен,

www.bizdin.kg

Арсайган кара тоо менен.
Кумулдун Көкжар жеринде,
Калың чийдин жээгинде,
Ошондон көрдү карaанын,
Алгара менен койгулап,
Алдында барат Коңурбай.
Аркасында салпактап,
Жетпей барат Семетей.
"Өөрчүп турган Тайбуурул,
Өрү калган  Алгара,
Кандайлыктан жетпейт"- деп,
Сынчы Гүлүс чунагың,
Атты карап калды да.
Оор бойлуу түгөнгүр,
Өпкөгө катуу теминип,
Дем кысылып калыптыр.
Дем өткөрбөй Семетей,
Далпактап кууп алыптыр.
Аттын жайын көргөндө,
Атырылтып аргытып,
Гүлчоро жолго салыптыр.
Көрө элек Семетей,
Көрө салып чорону,
"Гүлчоролоп чакырды.
Чакырганга болобу,
Чаап барат түгөнгүр.
Ачуусу келип Семетей,
Түбү душман немедей,
Атадан калган Аккелте,
Жулуп колго алыптыр.
Такандашаар айла жок,
Турду чоро аргасыз.
Кара кумга жөлөнүп,
Ал Коңурбай бел ашты.
Арбак урган Семетей,
Намысына талашты.
Жете барып Гүлчоро,
Урматтуу күлүк Бууруулдун,
Чылбырынан кармады,
Чырмалып тура калганы,
Чыркырап бала ыйлады!
"Айланайын, абаке,
Нары барчу жер эмес,
Мындан нары барганда,
Тирүү келчү эл эмес!
Атам Манас кабылан,
Аман келген жер эмес,
Белди ашыш оң эмес!
Эби келсе, абаке,
Кайта жолго салалы.
Учураган калмакты,

www.bizdin.kg

Такыр айдап алалы.
Кең-Аралга барганда,
Жери малга жай экен.
Чөбү калың жер экен,
Кат токтотуп чечели,
Алманкеч болуп турушка,
Мөөр алып кетели".-
Деп, ошентип Гүлчоро,
Кармап туруп алды эле.
"Макул, бала, болот"- деп,
Булар жолго салды эле.
Учураган чоңдорун,
Эл башкарган зорлорун,
Айдап алып аралга,
Элчиликке келишти.
Эп келишип калың журт,
Ар жылына бир сапар,
Жыйырма чейрек алтынга.
Жай кат кылып беришти.
Калдайып мөөр басышты,
Катты алып жанышты.
Кайра келип Таласка,
Түлөө чырак кылышты.
Арбагына Манастын,
Кол куушуруп бата окуп,
Сыйынышты баарысы,
Үч күндөн кийин Канчоро,
Калдайып жетип барышы.
"Кайда барып келдиң"- деп,
Калгандар сурап калышты.
Канчоро анда кеп айтат:
"Кагылайын, абаке,
Барып келдим казанга,
Кырмызы шаанын Мурадил.
Салып келдим бушманга.
Катуу карап күн салып,
Өлтүрүп келдим душманды.
Өзүңүз Коңур баатырга,
Кубалап түштүк ушунда.
Гүлчоро кетти энтелеп,
Нескарага бет алып.
Мага калды дедим да,
Мурадил жалгыз чет алып.
Мурадилди беттедим,
Аталар канын кектедим.
Кууп жүрүп капырды,
Казандын жазы талаада,
Артынан араң жеткеним.
Чакчырылып ошондо,
Кырмуз шаанын Мурадил,
Колуна алды найзасын.

www.bizdin.kg

Кетиремин - деп, - ойлоп,
Жалгыз келген чоронун,
Ушул жерде айласын.
Найзалаштык бир далай,
Кармашып калдык айанбай.
Качып берди Мурадил,
Кармашка бардаш бере албай.
Жеткизбей бара жатканда,
Көк чыбыкты колго алдым,
Сүмбө уруп, ок салдым.
Ээрчип аттым шыкаалап,
Аткан мылтык жаңылды,
Жанымды тирүү койгун – деп,
Мурадил мага жалынды.
Койгунуң- деп- жанымды.
Башын кестим баатырдын,
Канын ичтим капырдын
Кайра жанып келишим,
Койгунуң- деп- жанымды.
Башын кестим баатырдын,
Канын ичтим капырдын
Кайра жанып келишим,
Бүтүрүп келген бул ишим".
Муну мындай таштайлы,
Керимбайдын чыккынчы,
Кесиринен баштайлы.

www.bizdin.kg

# КЕРИМБАЙДЫН ЧЫККЫНЧЫЛЫГЫ

Айдаркандын эр Көкчө
Чоң Бээжинде урушта,
Опсуз кыйын жулкушта,
Манжулардан өлгөндө,
Кайрылып келбес чын жайды,
Кайран киши көргөндө.
Аташканы Агеркеч,
Бойунда калып үч айлык.
Төрөй турган мезгилде,
Кун ооруболуп кыйлага,
Сөөк калып ичинде,
Он беш жыл жүрүп сөөк өсүп,
Үмүтөйдү төрөдү.
Он төрт жашар кезинде,
Казактарга хан болгон.
Кайран чечен эр Үрбү,
Казактын бийлеп көп элин,
Акыретке жөнөдү.
Алмамбет келип казакка,
Он жыл турган Алтайда,
Азмунке деген бар эле.
Эр Көкчөнүн бийи эле.
Алмамбетти жектеген,
Алтымыштын бири эле.
Азмунке өлүп жок болгон,
Азмунке уулу Керимбай,
Жашы жетип эр болгон.
Хан Үрбү өлүп калганда,
Ичтен киши топтоду.
Сүйлөсө оозго кеп жукпай,
Ок эле кыйын шок болду.
Үйүндө жатып Керимбай,
Хандыктын жолун ойлоду:
“Бакайга барып, азалап,
Бата окуп Манаска,
Семетейге сырдашып.
Хан болсом деп казакка,
Аным да болбос иш экен,
Агеркеч көзү барында,
Каныкей аны бурбайбы?
Көкчөдөн калган Үмүтөй,
Он төрт жашта баланы,
Хан көтөрүп тынбайбы?
Азырынча казактар,
Акылын таппай калышты.
Шиберди жайлап келгин – деп,
Мен айдайын казакты.
Алдап-соолап алпарып,
Казактын малын чачайын.

www.bizdin.kg

Нескара уулу Мадыкан,
Бели катуу мыкты – дейт,
Пул менен көөнүн утайын.
Улуу инген, кичи инген,
Конуш берсе каңгайлар,
Бөлүнүп кетип алаштан,
Казакты сурап жатайын.
Талдан кыркып сал байлап,
Кырк миң алтын пул жайлап.
Куйушунан Амырдын,
Тентип жүргөн жай таппай,
Жапанга кечип барайын.
Кабары катуу угулат,
Кызылуйук чоң дөөнү,
Пулга сатып алайын.
Мадыканды кошо алып,
Эби келсе Таласта,
Семетейди чабайын.
Хан Манастын өзүндөй,
Атагы алаш болгонго,
Чоң хан болуп калайын".
Бул акылды ойлонуп,
Хан болгондой эми эле
Дарбып үйдө оштонуп,
Өзүнүн бузук кыйалы,
Эми эле келип калгандай,
Эстеген сайын кош болуп.
Үчкаркыра түзүндө,
Жыйылып казак топ болуп.
Шиберди жайлап келүүгө,
Убадасын токтотуп.
Көчүп берди казактар,
Көөрүктүү жайлап жата албай,
Көкжаңгакка бата албай.
Амырдын барды бойуна,
Эки ай көчүп дем албай.
Эрте жазда көчкөн эл,
Теке айында барышты.
Айдап кара көпөлөк,
Азапка казак калышты.
Жылкы багып, мал чардап,
Ак карлуу тоодо жүрүүчү,
Байагы Карагулду табышты.
Карагул арам, капыр кул,
Каталдын уулу чочконун,
Абалтан жылкы багуучу,
Анын иши мына бул.
Керимбай менен сүйлөшүп,
Кеп-кеңешке бүтүшүп.
Тул катынга жалпы айгыр,
Соолгон көлгө бака айгыр

www.bizdin.kg

Азып барган казакка,
Карагул болду чоң айгыр.
“Керимбай сенин кылганың,
Кеңешти сонун курганың.
Бүтүн казак элинен,
Билерманды жыйнадың.
Далайлар өттү менменсип,
Кеңешти сендей кылбаган,
Кошулдум сенин кебиңе,
Кош болдум, баатыр өзүңө.
Сен да кулак салгының,
Мен Карагул сөзүнө.
Сенин тапкан кеңешиң,
Бек жарады өзүмө.
Күрпүлдөктүн куйушун,
Мен бошотуп берейин.
Алды жагы Көөрүктүү,
Көкжаңгактын кырына
Жылкыны айдап жетейин.
Оорукта калган Агеркеч,
Кокусунан  кыргызга,
Кабар салып угузса.
Киши келсе айактан,
Бир азгырып кетейин.
Сен, кечикпей Керимбай
Кызыл  уйук кыйын дөө,
Батыраак ага жөнөгүн.
Ал жапанда туруучу.
Көзүнө барып көрүнгөн.
Кайра жанып келерде,
Мадыканга учура,
Азыркы күнү Мадыкан,
Чаңбай тоонун ойунда,
Чакташып киши жеңгисиз,
Баатырдык бар колунда.
Кызылуйук дөө келсе,
Кырк миң аскер кол келсе,
Кылымда киши тең келбес,
Мадыкан экөө бирлешсе”.-
Деп, айтканда Карагул,
Кабыл алып Керимбай,
Камын жеди жаталбай.
Камынганда Керимбай,
Казактын баарын калтырбай,
Жыйнап келди айлына.
Алдыртан салды кеңешин,
Атагы бар жандарга.
Миң алтындан пул салды,
Катардагы байларга:
“Байыртан казак башынан,
Касиет калка тушунан,

www.bizdin.kg

Калмак менен биригип,
Короолош болгон эл элең.
Малың арбып, баш арбып,
Байлыгың элге таанылган.
Аралап киши өтө албай,
Жайыттагы малыңдан.
Жыргап жаткан чагыңда,
Кытайга батпай Алмамбет,
Бейжинден келип айлыңа,
Калмактарды какшатып,
Малын кошту малыңа.
Орозойдун Жакыптан,
Ойрон Манас туулуптур.
Ойу менен иш кылып,
Каңгайдан сени бөлүптүр.
Музбурчак менен Үрбүнү,
Хан көтөрүп койуптур.
Айдаркандын Көкчөсүн,
Жол тостуруп салыптыр.
Алдап барып кош кылып,
Аларды колго алыптыр.
Алданып жүрүп кыйындар,
Кечээ Бээжиндеги урушта,
Эбегейсиз жулушта,
Эрлердин баары өлүптүр.
Манастан туулуп Семетей,
Жетим калып атадан,
Барбаган жери калбады.
Кара мүртөз капырың,
Хан Жакыпты жалмады.
Абыкени аймады,
Көбөштү көргө киргизди.
Чынкожону чыңыртып,
Чын дүйнөдөн кетирди.
Батыш менен Түштүктүн,
Арасында чеп эле.
Жедигердин Толтойун,
Житирип жерге жоготту.
Коргонго барып Коңурбай,
Арбын дүйнө мал берди.
Ата наркын кубалап,
Андан бизге бербеди!
Айдатып барып урушка,
Казакты кырып жиберди,
Сыр коргондо урушта.
Казактан кошун аларда,
Катарда бар киши- деп,
Качан сага кат жазды?
Онго жашы толо элек,
Үмүтөйгө - деп жазды.
Жаш Үмүтөй төрөнү,

www.bizdin.kg

Мына минтип алдады.
Агеркеч билип бийликти,
Бердикени баш кылып,
Беш миң киши атказды.
Теңдикке албайт Семетей,
Тең болушка кандайсың?
Атаңдын жолун издеп таап,
Он алты жашар Үмүтөй,
Атагы казак журтуңа,
Ээ болушка кандайсың?
Эсиңди таппай баратсаң,
Эс табуучу мен бармын.-
Ойунда турат Керимбай,
Куру сөзгө кубантып.-
Көкчөдө алтын көп эле,
Үмүтөйдү алдайын,
Букарга кетти Агеркеч,
Төркүнүмө барам – деп,
Агаркеч кайта келгиче,
Ар шумдукка көндүрүп,
Айабай муну булгайын.
Жеңдирип ийсек кокустан,
Үмүтөйдүн иши – деп,
Үмүтөйгө шылтайын.
Оңунан келсе жумушум,
Хандыкты алып тынайын”…-
Деп, ойлонуп Керимбай,
Көөдөнсүз акмак Үмүтөй,
Көндүрүптүр момундай.
Аксакалын казактын,
Алдында эчак колго алган.
Акмактык кылып Үмүтөй,
Керимбайга алданды.
Баштан айак баарысы,
Байкоосуз торго байланды.
“Жата бериш болбойт”- деп,
Керимбай эми камданды.
Жыйырма миң сээр алтынды,
Үмүтөй берип салганы.
Ашпоздук келген колунан,
Анжу, манжу, калмакча,
Анча-мынча тил билген,
Төрт жигитти бир алды.
Манжу менен чамалаш,
Анжу менен аралаш.
Шибе, калмак короолош,
Баарынын тилин Керимбай,
Бала күндөн жат билет.
Жапандын тилин жай билет,
Араптын тилин ал билет.
Ногойдун тилин бүт билет,

www.bizdin.kg

Кытайдын тилин көп билет.
Кыргыз, казак тилдерин
Кыйын билет баарынан.
Чала билген тили көп,
Баш айагы Керимбай,
Он бештен артык тил билер.
Төрт кишини котчу алды,
Алты нарга дилде артты.
Азык арткан он төөгө,
Экиден төөгө бир киши,
Баары жогу көп киши.
Азыркысын казакка,
Керимбай болду билгичи.
Амурдун суусун бойлоду,
Күнү-түн тыным болбоду.
Күн чыккан суунун бетинен,
Күн баткан суунун четинен,
Бир жерге жетти болжолу.
Деңиздин бойу бүт киши,
Алардын баарын башкарган,
Узун бойлуу бир киши.
Күбүрөшүп Керимбай,
Күдүңдөп кепке келиши.
“Өткөзүп суудан койгун» деп,
Алты нарды бериши.
Алты нар алган ал киши:
“Кызылуйук чоң дөөгө,
Алпарамын мен – деди.
Ээрчитип келген кишиден,
Чоролдордун ичинен,
Ылгап алды төрт киши.
Он бир төөдө нан калды,
Пулу оор булумдан,
Бүтүн жибек дудундан,
Карала менен суп тондон,
Арбын калды ошондон.
Он төөнү жакшы бак – деди,
Дүйнөңөрдү асырап,
Беш киши мында жат – деди.
Бат келемин кечикпей,
Жаткыла сиздер эрикпей”.-
Деп тапшырып Керимбай,
Суучулду таап алганда,
Эми болду көөнү жай.
Камыштан байлап сал кылды,
Кылбаган шумдук ал кылды.
Суу билүүчү нар алган,
Камыштан кылган немесин,
Сууга салып айдаган.
Шайтандын колдоп арбагы,
Кургакка чыкты ар жагы.

www.bizdin.kg

Айдап жүргөн немесин,
Жээке бекем байлады,
Керимбай көөнүн жайлады.
Узун бойлуу нар алган,
Керимбайды баштады.
Кызылуйук чоң дөөгө,
Эки күндө алпарды.
Жапандын жайы мамындай,
Камыштан салган кепелер,
Тентип жүрчү немелер.
Казактар баккан жылкыдай,
Доңузду жейт ушундай.
Байкап көрсөң чоң Уйук,
Айуудай катын алыптыр,
Алтымыш кулач ажыдаар,
Эсиргенден Уйук дөө,
Аны багып жатыптыр.
“Үлпүлдөк бергин мага – деп,
Бербесең кылам сага” - деп,
Жебесин тартып асманга,
Дүмөктү салып атыптыр.
Жандан тойгон Керимбай,
Кызыл дөөнүн аралга,
Тууралап барды жазганбай.
Жолдо жүргөн жапандык,
Суучулду тааныйт баарысы.
Жибей-сибей салышты,
Кобурашып калышты.
Суучулдан угуп кабарды,
Эки неме жүгүрүп,
Өз чоңуна барышты.
Жолчунун чоңу укканда,
Салбоордо жаткан Чоң дөөгө,
Кабар айтып барышы:
“Эшикке келди алты жан,
Бирөө биздин адамдан.
Бешөө башка эл экен,
Учурашып сиз менен,
Бир көрүшүп кетем – дейт.
Беш кишинин башчысьг,
Керимбай деген бар экен.
Кабыл кылсаң тилегин,
Киргизели, Кызыл дөө,
Тилегин кабыл кылбасаң,
Кетирели жолуңа.
Куру келген киши эмес,
Куржундары жонунда.
Дүйнөсү анын мол окшойт,
Талканы бар колунда”. –
Деп, айтканда сакчысы,
Угуп туруп Кызыл дөө,

www.bizdin.kg

Ойуна алды ушунда.
Эсен хан менен Коңурбай,
Калба салды бар элге.
Бекеринен бенделер,
Келбейт эле бул жерге.
“Кылдым кабыл тилегин,
Баштап келгин”, – деди эле.
Жапаны чыгып эшикке;
“Он келди, киши, ишиң – деп,
Уруксат кылды кирсин – деп.
Өз каадамча киргизем,
Жаныма менин келгин” – деп.
Керимбайды жанына,
Чакырып сакчы алганы.
Башындагы чачынан,
Таманынан батекти,
Такыр тинтип карады,
Керимбайдын көзүнчө,
Суучулун кошуп өзүнүн,
Беш шордууну кармады.
Эки колун артына,
Керимбайды байлады.
Каскаксыз найза колго алып,
Эки жапан айдады.
Энтеңдетип жүгүртүп,
Кызылуйук  чоң дөөгө,
Керимбайды алпарды.
Эшик ачып киреrде,
Мойнуна кынжы салганы.
Урматтабай чочкону,
Убай менен айдады.
Мойнун ийип сол жакка,
Бетин кылып төр жакка,
Таазим кылып турганда,
Баш-айагы чогулуп,
Аш кайнамдай убакта.
Кызылуйук капыр дөө,
Акырайа карады.
Алайып көзү укмуштуу,
Алыстан келген Керимбай,
Эс-акылы калбады.
Эндиреп барып оңолду,
Эсине келип ошондо,
“Эки ооз кепке келтирбей,
Эбимди таап койобу?” –
Деп, элеңдеп турганда,
Карап калды Кызыл дөө,
Көз айырбай бир далай.
Аңгычакты бир талпак,
Алып келди бир малай.
Бар кийимин кийгизди,

www.bizdin.kg

Өз каадасын билгизди.
Көтөрүп келген талпакка,
Керимбайды мингизди.
Жер жемишке тойгузду,
Ар кайсы жерде көп жүрүп,
Ар жорук көргөн Керимбай.
Артында ишке карабай,
Жемишти жеди жайма-жай.
Дасторкону териден,
Тазалап алып кеткенде,
Тамылжыган Кызыл дөө,
Ошондо сөзгө келди эле:
"Кайдан келген кишисиң?
Ой, эргежээл, сен мага,
Дайынын айтчы ишиңдин!
Качкынсыңбы бир жактан?
Куугунсуңбу ыраактан?
Же элчисиңби бир хандан?
Же ченчисиңби жер чалган?
Тирүүлөй жеймин тим эле,
Сөзүңөн чыкса бир жалган!
Жалган айтсаң өлөсүң,
Караңгы жайды көрөсүң!
Буруп айтсаң өлөсүң,
Бул дүйнөдөн жөнөйсүң!
Кайдан келген жан болсоң,
Чыныңды айткын сен өзүң!"-
Деп, Кызыл дөө айтканда,
Кара күчкө Керимбай,
Көзүнүн жашын агызып,
Буурчактатып тамызып.
Тура калып ордунан,
Көк тутун чыгып оозунан.
Кайкайа түшүп бүгүлүп,
Катындарча жүгүнүп.
Аптыгып жүрөк туралбай,
Керимбай айтты момундай:
"Жерге киши жаралып,
Жер бетине таралып.
Адам атка конгону,
Алтын шаар Бейжинди,
Алган киши болбоду.
Жакыптын уулу жаш Манас,
Кыргыздын уулу жойлоду.
Бейжин эмес ал Манас,
Ooган, Маңгыт, Коконду,
Өз ордуна койбоду.
Черченден алып Ташкенди,
Темселетти баары элди.
Анжу, манжу, калмактан,
Айрып салды казакты.

www.bizdin.kg

Бейжиндеги урушта,
Казакка салды азапты!
Манас өлсө уулу бар,
Анын аты Семетей.
Бүтүн жерде бендени,
Көзүнө илбейт кенедей.
Кишинин баарын чөп ойлойт,
Бучкагына теңебей!
Кордук салды баарыга,
Кол салып киши баралбай,
Коркуп калды барууга.
Калмактан Коңур козголду,
Эл тааныган эренден,
Отуз эки алп болду,
Санаты жүз лөк кол болду.
Коркпой туруп Семетей,
Көмөрүп алды ошону.
Качып барган кытайдан,
Сорандыктын Алмамбет.
Жалгыз уулу Гүлчоро,
Бели катуу чоросу,
Беттешип кирип чорого,
Жеңген киши болбоду.
Каңгайдан алды алмаңды,
Кайгыны элге бир салды.
Ырайы жок, боору таш,
Мал, пулуна карабай,
Баарынан кесип баш алды.
Орто Асийа, Түркистан,
Кан ичме жинди атанды.
Оозуна кирет эң мурун,
Калдайдын уулу Коңурду,
Жеңгенмин – деп – айтарды!
Чыдай албай кордукка,
Чын кыйналып зордукка.
Чакырып келдим алдыңа,
Көчүрүп келдим казакты,
Амурдун агын бойуна.
Куру келбей, Кызыл дөө,
Кырк миң алтын тартуум бар.
Кыйналыптыр эл десең,
Кымбат баалуу өзүң бар.
Кызыталак кыргызды,
Кыйратып таштап баарысын,
Алдыңа келген Керимбай,
Хан көтөрүп мени сал!
Арзыбасаң алтынга,
Атагы казак журтумдун,
Төрт түлүктүү малы бар,
Болушунча айдап ал.
Кыргыз, казак бир тууган,

www.bizdin.kg

Как ошондой сыйагы,
Болойун сага бир тууган!” –
Деп, Керимбай айтканда,
Кыйа карап Кызыл дөө,
Кыйалданып ошондо:
“Кыргыз Манас баатырың,
Келгени анын Бейжинге,
Жалганы жок ыраспы?
Кылымга салса чуулган,
Кызыталак Алмамбет,
Ал кытайдан туулса,
Алмамбет, Манас биригип,
Бейжинге келип кол салса,
Аны кайдан мен туйдум,
Эсен хан кабар кылбаса?
Ал экөөнүн балдары,
Семетей менен Гүлчоро,
Калгандын баарын жалмаса.
Таласына барбасам,
Таптакыр талап албасам.
Тоо текедей тарп кылып,
Талаада ичин жарбасам!
Кызыл дөө атым курусун,
Миң батман күрзү тайагым,
Такымга кысып алайын.
Таш талканын чыгарып,
Көмө чаап салайын!”
“Эки күн жаткын, Керимбай,
Кырк миң аскер колум бар,
Чакыртып келе калайын.
Орто Асийа, Туркистан,
Бүтүн баарын чабайын.
Алтының калсын бул жерде,
Кыйратып кызыталакты,
Төрт түлүктүү малыңды,
Андан кийин алайын!” –
Деп, ошентип Кызыл дөө,
Эки күнү камынып,
Минерине пил алып,
Жыгачтан кылган желкенин,
Сан санаксыз көп алып.
Кырк миң аскер кол менен,
Күн батышка бет алып.
Деңиздеги жол менен,
Токтобой жүрүп олтуруп,
Суудан чыкты кургакка.
Амырдын суусун жээктеп,
Күрпүлдөктүн бойуна,
Үмүтөйдүн айлына,
Келип түштү Кызыл дөө.
Көргөндүн баары диркиреп,

www.bizdin.kg

Сийдиги чыгып бүркүрөп.
“Алда кандай адам –деп,
Муну менен беттешкен,
Балаага башын салар – деп.
Бул чочкону чакырып,
Үмүтөй менен Керимбай,
Пайданы кайдан табар” – деп.
Күдүңдөшүп турганда,
Коноктун камын кылдырды,
Эр Үмүтөй камына,
Семизин тандап ириктин,
Жалгыз Кызыл дөө үчүн,
Сексен койду сойдурду.
Чала-була бышыртып,
Он койдун эти бир чара,
Сегиз чара жанаша,
Аш жегени капырдын,
Албан түрдүү тамаша!
Сөөгү менен иши жок,
Ирик койдун жилиги,
Кекиртекке такалып,
Токтоп калган жери жок.
Сегиз салды оозуна,
Тойбой калды жутуна.
Сексен кара нан жеди,
Андан кийин чай эди.
Жылуу менен муздактын,
Ортосунда мелүүндөн,
Сегиз чара суу ичти.
Оңолуп чочко кырданды,
Узатып бутун суналды.
Кор-шар этсе кой үркүп,
Коңуруктап уктады.
Муну койо туралы,
Эл бүлүнтүп журт бузган,
Керимбайдан угалы.
Жыгач келген сал менен,
Суудан чыгып Керимбай,
Кызыл дөөгө кош айтып,
Кичи-Инген көздөй жол тартып,
Төрт жигитин котчу алып.
Бир укмушка жолукту,
Тоо аралап келатып.
Чыга калса капыстан,
Үстү кашат жапыздан.
Маңдайыңда жалгыз көз,
Жалпак мурун, жайдак ооз,
Жазы маңдай, жайык төш,
Мойну кыска, кортек бой,
Туурасы келет он кучак,
Алтымыш бөрү, кырк илбирс,

www.bizdin.kg

Отуз айуу, он жолборс,
Сексен кулан, беш бөкөн,
Арбайтып ача мүйүзүн,
Төрт бугуну өңөргөн,
Кебетеси, ыраңы,
Жайкы чөптөй көгөргөн.
Башында темир туулга,
Кабагына көмөргөн.
Кабат-кабат темирден,
Сегиз кабат тон кийген.
Чарайнасы көөдөңдө,
Өткөзө укмуш көрөргө.
Калканы жонго тартылган,
Жолборстугу таанылган.
Ат минбеген, уй минген,
Уйу дагы көк экен.
Маңдайыңда жалгыз көз,
Ысыккөлдөн чоң экен.
Өгүзү, өзү биригип,
Ак чамбыл таштай тоо экен.
Бутуна кийген көк жеке,
Өңгө элден эрекче.
Ал сыйактуу кишиге,
Алыстан келген Керимбай,
Учурап калды белесте.
Качып берер чара жок,
Токтолуп турар дабаа жок.
Түшө калып атынан,
Таазим кылбай айла жок.
Көргөндө түшүп Керимбай,
Калтылдап турат кеп кылба й.
Алдындагы көк бука,
Эки кулак шалактап,
Төрт айагы шарактап.
Аттан бетер жүгөндөп,
Өз белине таңыптыр,
Уйдун мурдун танаптап.
Минген ээсин, бар жүгүн,
Токумунча элебей.
Желе басса шартылдап,
Артынан кууган жел жетпей
Жанашпай шамал бөлүнүп,
Үстүндөгү жалгыз көз,
Жан алчудай көрүнүп.
Каарынан жадап көргөн жан,
Коркуп жандан түңүлүп.
Утур чыккан адамды,
Таанıбады Керимбай,
Анын өзү Мадыкан,
Бука минип келаткан.
Буканын мурдун тартканы,

www.bizdin.kg

Бул чочконун айтканы:
“Атың жадап арыктап,
Алыстан келген окшойсун.
Санатың беш кишисиң,
Мени көрүп токтолдуң.
Калтырбай айткын билгениң,
Кечикпестен бат болгун!”
Удур-будур сүйлөдү
Өтө жаман түрдөндү.
Күңгүрөнүп сүйлөсө,
Чагылган күндөй үндөндү.
Үнүн угуп Керимбай,
Ушундай бенде болобу?
Алдындагы Кызыл дөө,
Мадыкандын жанында,
Анча-мынча окшонду.
Таазымда турган Керимбай,
Какшанып сөзүн козгоду:
“Өзүм казак элимин,
Күрпүлдөктөн келемин.
Мында келиш ишим бар,
Издеп жүргөн кишим бар.
Издеген кишим дайындуу,
Нескара уулу Мадыкан.
Элимде жатып кеп уктум,
Эр Мадыкан баатырды,
Эбегейсиз – деп уктум.
Издеген кишим табылса,
Ички сырым айтамын,
Андан кийин кайтамын.
Катуу тарттым душмандын,
Калбалаңдуу зардабын”. –
Деп, Керимбай айтканда,
Көк букачан жалгыз көз,
Отурайып көп тиктеп:
“Мен Мадыкан боломун,
Сөзүңдү айткын – деп тиктеп.
Атамдын аты Нескара,
Кыргыздан өлдү – деп угам.
Кең Сайрамдын сайында,
Мен окууда жүргөн чагымда.
Коңурбай баштап баарысы,
Кеңколго барган чагында.
Кейишти салып кыргыздар,
Кыйратыптыр барганды,
Кылкандай кылып эр сайып,
Кыйла олжо алганбы?
Барайын – деп – жүрөмүн,
Кылга байлап бир жанды.
Издегениң мен болсом,
Жүр аттангын сен дагы!” –

www.bizdin.kg

Булт эттирип букасын,
Бурулуп жолго салганы.
Бука менен бултулдап,
Жүрүп берди шартылдап.
Казактан ылгап, минген ат,
Тең жүрө албай уй менен,
Опон-чычаң салпылдап.
Аңгычакты алдынан,
Көрүндү чатыр жаркылдап.
Жаркылдаган чатырга,
Чукул жетти жакындап.
Чатырдан киши көп чыкты,
Мадыкандын алдына,
Баары калбай топ чыкты.
Айуу, бөрү, илбирсин,
Бугу, бөкөн, жолборсун,
Таап барган олжосун,
Чатырга алып киришти,
Бөлүп алып элдери,
Жай-жайына илишти.
Өзү албады бирин да,
Чай-тамакты белендеп,
Алып келип алдына
Керимбай баштап беш киши,
Чакыртып алды жанына.
Керимбай кирип караса,
Жамгырчынын Шаймамбет,
Чай ташып жүрөт ушунда.
Бирок дагы бул экөө,
Тааныштык бербей турушту.
Чай тамагын ичкен соң,
Ал Мадыкан кеп айтат:
"Казактан келген мени издеп,
Атың ким сенин" – деп айтат?
Өзү минтип сураса,
Керимбай айтпай турабы.
Айтар сөзүн Керимбай,
Акылга салып курады:
"Атыңды угуп мен ашык,
Артыңдан жүрөм, Мадыкан.
Учураштык талаада,
Эми абдан таанышам.
Эрикпей кулак саларсың,
Арызымды айтып наалысам.
Кыдыртып айтып келейин,
Кыйла ишти башынан.
Калмак менен казактар,
Алооке, Шоорук тушунда,
Айыл-апа коңшу жүрүптүр.
Кыргыздан Манас туулуп,
Кылым түрктү бөлүптүр.

www.bizdin.kg

Орто Асийа, Түрктөрдөн,
Калмакты сүрүп ийиптир.
Аз келгенсип анысы,
Сорандык уулу Алмамбет,
Кыргыз менен дос болуп,
Кылым алаш козголуп,
Анжу, манжу, мангулду,
Калмак, шибе буларды,
Бейжиндин койбой шаарына,
Баарын айдап чыгарды.
Берекелүү Кон төрө,
Бели катуу чоң төрө,
Кытайдан чыгып бөлүнүп,
Кокту каттай шаар салды.
Жилин, Чаңбай жерлерин,
Анжу, манжу алганы,
Эр Жолойду баш кылып,
Кытайларды кемсинтип,
Тоого айдап салганы.
Өлүптүр Манас, Алмамбет,
Улугум баатыр Мадыкан,
Көрбөгөнмүн, укканмын,
Айта албаймын жалган кеп.
Эр Манастан Семетей,
Эрен чыкты кыргыздан.
Менден башка эр жок – деп,
Эч нерседен кенебей.
Өз, жат дебейт түгөнгүр,
Кара мүртөз ченебей.
Чоң атасы Жакыпты,
Эки уулу менен жалмады.
Өмүрүндө тынч жаткан,
Эр Толтойду өлтүрүп,
Жедигерди чаап алды.
Мен куда – деп – эр Көкчө,
Мен куда – деп – Чынкожо,
Кыйышпай жүргөн Чачыкей,
Орто жерден аны алды.
Баарын угуп Коңурбай,
Мурадил, Уушан, Нескара,
Чогулуп баары бир барды.
Өзү өлтүрбөй Семетей,
Мурадил, Уушан, Нескара,
Чоролордон жайланды.
Сенин атаң Нескара,
Башын кескен Сайрамда,
Алмамбет кулдун баласы.
Душманга кылып тарчылык,
Тууганды айап калбады.
Калың казак биздин эл,
Талаалап калдык ар кайда.

www.bizdin.kg

Көз каранды эл болдук,
Тул катын, жетим балага!
Ичиме батпай арманым,
Иле кылып сөз курап,
Көчүрүп алдап казакты,
Күрпүлдөккө алпардым.
Кыйын – деп – угуп кабарын,
Жандан тойуп, суу кечип,
Кызылуйук чоң дөөгө,
Жапандарга мен бардым.
Барбайт элем жапанга,
Укпапмын, баатыр, кабарың.
Жапандан уктум сени эр – деп,
Ал үчүн келдим мен издеп.
Кызыл дөө кетти жол менен,
Күрпүлдөктүн куйушка,
Кырк миң аскер кол менен.
Канатташ жүргөн калкыма,
Кайнаган анжу, манжуга,
Айтпасам сырым бекер деп.
Укпаган үчүн жапанга,
Өтүп кетип калыпмын.
Өзүм барсам алдына,
Күнөөмдү Мадыкан,
Күмөнү жок кечер – деп,
Сурадың баатыр Мадыкан,
Жол жүргөн жайым ушул –
Баарыдан жаман да бир кеп,
Жеңдиргенде Коң төрө,
Мурадил, Уушан,, Нескара,
Өлтүрткөндө Коңурбай,
Кат жазып мөөр басты – дейт"
Жылында алман берем – деп.
Алмамбет качып кытайдан,
Коңурбай кордук кылды – деп,
Казакка барып баталбай,
Кыргызга барып жөн жатпай.
Бейжинге кайра келгенде,
Куураган кытай Эсен хан,
Эр жөлөгү Айжаңжун,
Эки кытай элебей,
Эки кызын бергенде.
Анжу, манжу, калмакка,
Ошондо токтом кылыптыр,
Үйүндө жаткан кытайга,
Золаң даек берерге.
Анжу, манжу, калмактар,
Кытайга алман бир берсе,
Кыргызга дилде, пул берсе,
Упурак болгон элдердин,
Убалы сендей эрлерге,

www.bizdin.kg

Андан кала бергенде,
Тил билги киши мендейге!
Чайчың, экен Шаймамбет,
Канча болду келгени?
Атасын таштап карганда,
Канчоро кулдун зарынан,
Качып кетти –деди эле.
Эми келип карасам,
Энтелеп жүрөт бул жерде.
Жүрөгү өлгөн чородон,
Түз кеби жок төрөдөн.
Ошол үчүн Шайымбет,
Атасын таштап жөнөгөн.
Мен укканда мындай кеп,
Айтыптыр дейт Шаймамбет.
Жамгырчыны жүрү –деп,
Барбаймын башка жерге – деп,
Жамгырчы болбой койгон –дейт.
Айткандыр сизге Шаймамбет,
Баштан айак бар кебин.
Манастын уулу канкордун,
Кара мүртөз анткордун.
Бар кыйалын, жоругун,
Бар элге кылган зордугун.
Кайсы бирин айтамын,
Арзымды айтып кир жуудум.
Эми кайта кетемин.
Уруксат берсең, улугум,
Мен жапанга барарда,
Кара калпак калмактан,
Каталдын уулу Карагул,
Күрпүлдөктөн бойунда,
Жылкы багып жатыптыр,
Ага дагы жолуктум.
Карагул мага кеп айтты:
“Бара турган жериңе,
Такыр баргын – деп айтты.
Күрпүлдөктө сен тургун,
Көкжаңгак менен Көөрүктүү,
Мен ошого барам –деп айтты,
Кабар угуп Семетей,
Казактын эли качты – деп,
Агар алтын, ак күмүш,
Арбын дүйнө чачты – деп.
Келип калса кокустан,
Сен чогулуп болгуча,
Айла кылып, ыгын таап,
Өткөрбөймүн” – деп айтты.
Кызылуйук чоң, дөөгө,
Кылымдан ашкан Мадыкан,
Кымбат баалуу сиздейге,

www.bizdin.kg

Эркин барып келишке,
Эр жолумду ал ачты.
Дагы бар жана бир сөзүм,
Семетейди жайласаң.,
Атаңдын кунун кууп алып,
Гүлчоро башын байласаң,
Канчородой жиндини,
Шаймамбетке карматсаң,
Бакайдын ишин бүтүрсөң,
Арманым калбайт Керимбай,
Алаштын ханы болду – деп,
Калын, элге угузуп,
Андан кийин өлтүрсөң,!
Абалтан хандын уулу – деп,
Үмүтөйдү хан кылсаң.
А көрөкчө, Мадыкан,
Маа окшогон эмени,
Ушул жерде өлтүр сен!
Атаңдын кунун сен алсаң,
Алаштын элин мен алсам.
Андан кийин Мадыкан,
Ар жылына алаштан,
Куржун, куржун пул алсаң,
Ага ыраазы болбосоң,
Кыргыздын кызы эң сулуу,
Каалашынча дагы алсаң.
Армандан чыгып кетесиң,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ал Семетей катыны
Олжо кылып аны алсаң.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Жез оймоктун узу – дейт.
Үмүтөйгө алдырсаң,
Гүлчоронун катыны,
Акбаланы мен алсам,
Айткандын баары бүткөндө.
Анда бизде не арман?!
Күнүмдүк берип мал пулдан
Кызыл дөөнү узатсам!" –
Деп, ошентип Керимбай,
Кыйла-кыйла кеп айтып,
Шолоктоп ыйлап калп эле,
Көзүнөн жашын тыйа албай,
Каңырыктап бир далай.
Ал Керимбай баатырың,
Кебин айтып бүттү эле.
Атасынын өлгөнү,
Мадыкандын көөнүнө,
Ушул жерде түштү эле:
"Шаймамбет мында келгени,-
Далай жыл болду бул жерде

www.bizdin.kg

Биздин элде жүргөнү,
Азап тарткан күндөрүн,
Эмне үчүн айтып бербеди?
Шаарым менин Жилинде,
Тагым менин Жилинде,
Тамаша кылып аң уулап,
Жүрүпмүн Инген тоосунда.
Атамдын кунун аламын,
Болуп турган чагымда!
Үч жылдан бери карата,
Кыштай жатып шаарда,
Элүү күнү жол тартып,
Ушул жерге келчү элем.
Жыл келген нооруз айларда,
Кайра жанып кетчү элем.
Кыргыйек учкан маалда,
Ойнодум үч жыл аң уулап,
Тоолордо жүрдүм мен дуулап.
Илбесин алдым ар түрдүү,
Маа жамандык кылбаса,
Кылым жердин бетине,
Болуптур кыргыз каргаша.
Табалбас кыргыз эч даба,
Менин жайылдыгым кармаса!
Анжу, манжу, калмакты,
Кытай менен каңгайды,
Кайдан жыйнап жүрөйүн?
Каспанда жүз миң аскер бар,
Калтырбай айдап сүрөйүн.
Кызылуйук кошулду,
Кызыталак алашты,
Калтырбай кырып ийейин!
Кайра келип жериме,
Калың  манжу элиме.
Туңшанын минип тагына,
Карып калды – деп – угам,
Калмактардын Коңурбай,
Чакыртанын алдыма.
Анжу, манжу, кытайлар,
Шибе, чиден далайлар,
Ал Коңурбай чочконун,
Капташыптыр каарына,
Чакыртып алып келейин,
Так өзүмдүн алдыма!
Анжу, манжу, бул элден,
Кытай, чиден, шибеден,
Булардан өлгөн эрлерден,
Бейарман өлгөн көп элден,
Баарынын кунун бергин – деп,
Жазасын анын бербесем!
Каардансам каңгайды,

www.bizdin.kg

Аштык бышпас, чөп чыкпас,
Какырга айдап салбасам.
Каптап кирип кытайга,
Өмүр бойу былк этпей,
Хан болдум – деп, – жай жаткан,
Эсен ханга барбасам!
Эндиретип кытайды,
Эбин мунун таппасам!
Сен жатып тур, Керимбай,
Жилинде жаткан Каспанда,
Аскерге кабар салайын.
Болжоп койуп түз жолду,
Жолдон таап алайын! –
Деп, Мадыкан күүлөнүп, –
Кыргыз, кытай, киденди,
Шибе менен чиденди,
Каңгай, калмак буларды,
Каракалпак, түркмөндөн,
Күн чыгыштан күн батыш,
Ортосунда бар жанды,
Калтырбайын бир жанды!
Жапандан келген Кызыл дөө,
Камалып жүрөт тар жерде,
Баш кошсо мага ар жерде.
Калмактар ээлеп жаткан жер,
Баарын ага берейин.
Баш койбосо эгерде,
Талпагын ташка керейин.
Аралда жапан элдерин,
Талап алып келейин!
Төгөрөктүн төрт бурчун,
Түгөл такыр алганда,
Кыйынсыган кытайдан,
Кылым ханы Эсен хан,
Кол куушуруп алдыма,
Келбегенин көрөйүн!"–
Деп, күүлөнүп Мадыкан,
Жыйылып жаткан аскерге,
Жүз миң аскер баарысы,
"Аттансын – деп – кат жазды.
–Шаймамбетке көтөртүп, –
Чоң сууну бойлоп баарыңар,
Улуу Инген тоо менен,
Күрпүлдөк баргын" – деп жазды.
Келер күнүн болжолдоп,
Кичи Ингенден аттанды.
Кылкылдактын суу бойу,
Аскер менен табышты.
Ал Керимбай сүйүнүп,
Күрпүлдөккө барбаспы!
Жүз миң аскер Мадыкан,

www.bizdin.kg

Кырк миң аскер Кызыл дөө,
Он миң аскер казактан,
Камын жешип үч урук,
Дайарданып жатышкан.
Каталдын уулу Карагул,
А дагы хандык кылууга,
Алты сан жылкы айдатып,
Көөрүктүүнүн бойуна,
Көкжаңгактын кыйрына,
Кыйалында Карагул,
Наамды өзү аларга,
Хан болуп жатып каларга.
Түк туйгузбай Карагул,
Күлдү калмак журтуна,
Хан Коңурдай улукка,
Ойлогону мына бул:
"Кызылуйук, Мадыкан,
Кыргызды талап алат –деп,
Семетейди чыңыртып,
Гүлчорону күйгүзүп,
Канчорону каргантып,
Хан Бакайды байлатып,
Каныкейди айдатып,
Айчүрөктү зарлантып,
Жалгызекти саргартып,
Байтайлакты ыйлатып,
Баарын булар алат – деп.
Кызылуйук, Мадыкан,
Соога – деп – андан сурасам,
Казакка мени хан кылар.
Калкына кылган жамандык,
Өзүнө кылган арамдык.
Керимбай менен Үмүтөй,
Ал экөөнү нан кылар" –
Деп, Карагул өзүнчө,
Жылкыда жатып хан болду,
Кыйалы менен семирип,
Кылымдан ашкан бай болду.
Муну мындай таштайлы,
Карагулдун кара нээт,
Өлүмүнөн баштайлы.

www.bizdin.kg

# КАРАГУЛДУН ӨЛҮШҮ

Кеңкол ата Таласта,
Ак калпак кыргыз элиңдин,
Салакасы бир башка.
Эр Гүлчоро, Канчоро,
Жанына алып көп чоро,
Ташкендин үстү Боз белден,
Бугу атып, чөө атып,
Ийри мойун төө атып,
Жолборс атып токойдон,
Илбирс атып тоолордон,
Бөрү атып бөксөдөн,
Айуу атып төрлөрдөн.
Түлкү кагып коосунан,
Теке атып зоосунан.
Аркар атып, кулжа атып,
Адырдан атып кайыпты,
Элик атып бадалдан,
Марал атып аралдан.
“Боз белдин жайы бейпайан,
Ошол жерде көп деген,
Жан билбеген көп айбан.
Жандар атып алардан,
Каракулак шер уулап,
Киши кийик анда бар,
Кармап алып көрөбүз,
Тамаша кылып талаада,
Кайберендин сонунун,
Кармап алып келебиз.
Кулан кармап сазынан,
Кур семирген чаарынан” –
Деп, сүйлөшүп ал экөө,
Кырк-элүүдөй котчу алып,
Байтайлакты кошо алып,
Жүрүп кеткен аттанып.
Канчоро менен Гүлчоро,
Боз белге кеткен маалда,
Эки киши келиптир,
Семетейдин айлына.
Келгендер кыргыз уругу,
Казактын жүргөн айлында,
Конок болуп Семеңе,
Кобурашып олтуруп,
Келгендер кепке кирди эле.
Бирине бири кеп салып,
Көчүп кеткен казактар,
Баргандыр кайда – деп салып.
Эрмектешип коноктор,
Эр Семетей кырданып,
Жан алчудай сурданып.

www.bizdin.kg

Кулакка кирген сөздөрдү,
Куп санады өзүнө.
“Казакка барып аттанып,
Кабар алып келсем, бейм,
Четинен казак көчкөнбү?
Чет жакты карап өткөнбү?
Казакты кудай урганбы?
Каңгайга барып тынганбы?
Же жарма уулап жүргөн булардын,
Айткан кеби жалганбы?
Жандатып кабар айттырып,
Билдирет эле өзүмө,
Агеркеч өлүп калганбы?
Жайлоого көчүп эл кетсе,
Жаман айтып кыргыздар,
Же ушак кылып алганбы?” –
Деп, ойлонуп Семетей,
Эртең менен болгондо,
Тайбуурул минип аттанды.
Карыйа Бакай, Каныкей, .
Акундун кызы Чүрөккө,
Айтып кебин салбады.
Акылдашар жанында,
Канчоро менен Гүлчоро,
Айлында болбой калганы.
Көөдөктүк кылып, Каракөк,
Жолунда жаткан Жалгызек,
Жооптошуп албады.
Эң курбаса түгөнгүр,
Алматы, Алтай, Сарарка,
Шаар ичине барбады.
Бир үйгө түшүп конбоду.
Эрте басып, кеч жатып,
Далай күндөр өткөндө,
Көөрүктүүнүн ойунда,
Көкжаңгактын бойунда,
Көп жылкыга жолукту.
“Казактын эли бул жерде,
Жаткан экен жайлап – деп,
Ээн жерге жылкыны,
Салган экен айдап –деп.
Кечкурун барам айылга”, –
Деген кыйал ой менен,
Тайбуурулду каңтарып,
Тердик төшөп башына,
Ээрди башка жазданды.
Жөлөңкөгө чалкалап,
Көк шиберге жатканы.
Талаада уктап жатканда,
Кара мендер басканы!
Уктап калган Семетей,

www.bizdin.kg

Эч нерсени элебей.
Чоң уйкуну салганда,
Каталдын уулу Карагул,
Как ушул учур маалда,
Үстүнө келген мына бул.
Буурулду байлап кыр ташка,
Өзү жаткан ойдуңда.
Ойдуңда жаткан төрөнү,
Ал Карагул көрбөдү.
Кырчакта турган Буурул ат,
Чылбырын үзүп жөнөдү.
Оoздук менен чөп чалып,
Өрдө жүргөн Буурулду,
Ант урган чочко көргөнү.
Буурулду келип кармады,
Каталдын уулу түгөнгүр,
Буурул ат колго тийгенде,
Алдында минген кер бээден,
Ыргып атка минди эле.
Жетпеген ажал себеп бар,
Көптү көргөн Карагул,
Артын карап из чалбай,
Кыйа тартып бөксөлөп,
Кырга чыкты чуу койуп.
Элкинге чыгып олтуруп,
Эс акылын толтуруп.
“Бу, Семетейдин Тайбуурул,
Кайдан келип калгандыр?
Керимбай киши жиберип,
Уурдатып муну алгандыр.
Келе жаткан уурусу,
Мени көрүп калгандыр.
Кармаса сойуп салат – деп,
Качып жолго салгандыр.
Же болбосо Буурулду,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Минип келсе бул жерге,
Тутамынан чылбырын,
Чыгарбайт эле тегеле.
Чубактын уулу Канчоро,
Буурулду минип келгенби?
Кырчакка байлап элебей,
Адырдан көрүп бугуну,
Уулап кетип калганбы?
Азуулуу чыгып бир жерден,
Атка кастык кылганбы?
Октос берип үрккөндө,
Чылбырын үзүп алганбы?
Адырда жүрүп чөп оттоп,
Учурап мага калганбы?
Же Бакайдын уулу Байтайлак,

www.bizdin.kg

Жаш бала минип келгенби?
Коржоңдогон Буурулду,
Корк этип кетсе, жалт берип,
Чокуга чаап ийгенби?
Чыгып кетип колунан,
Кырча басып чылбырын,
Кырчак ташка тилгенби?
Жамгырчынын Шаймамбет,
Канчоро менен кас эле,
Маанайы анын бас эле.
Эки жылдын алдында,
Учурап мага кетти эле.
Алы келбей төргө,
Мындай кылсам кантет – деп,
Буурулду минип желгенби?
Кокту-Каттын шаарында,
Куу сакал болгон чагында,
Коңурбайга бергенби?
Темирден кылган кадага,
Теке кайыш шукшурма,
Бекем байлап салганда,
Чыйратып үзүп алганбы?
Чын чатакты табууга,
Бу Таласка жөнөп калганбы?
Таалайы качып Семетей,
Талабына ат жетпей,
Учурап калып талаада,
Мен, Буурулду кармап алдымбы?
Көп ойлонуп турбайын,
Кайсы жактан келди экен,
Кедерги изин кубайын” –
Деп, ойлонуп жатканда,
Эми тушту ойума,
Семетей кебин айтарга.
Семетей келип ойдуңда,
Жатканы болгон сегиз күн.
Чочуп кетип элеңдеп,
Кирпик ирмеп караса,
Тайбуурул сындуу буудан жок.
“Кайда кеткен Тайбуурул?
Мен эми эле жаттым” – деп,
Байлаган ташты карады.
Күрмөгөн жерден үзүлгөн,
Чылбырынын калганы.
“Оттоп кеткен экен –деп,
Каңтарылуу жылкыны,
Түздөн караш бекер” – деп.
Аттын изин карабай,
Анын акмактыгы мамындай.
Жоо жарагы, шайманы,
Такыр алып жөө басып,

Кырга чыгып барганы.
Кырчактын чыгып башына,
Кыйа карап олтурду,
Каңшаар кара ташына.
Алды жагын караса,
Тайбуурул менен бир жылкы,
Экөө турат кайкыда.
Эки аттын нары жагында,
Карагул калды далдаада.
Душманды Семең элебей,
Мунун көөдөктүгү ченебей.
“Гүлчоро менен Канчоро,
Экөө келип аркамдан,
Айтпай сырын кетти – деп,
Атымды алып алганбы,
Булар, тамаша кылып салганбы?”-
Ошого кетип санаасы,
Же аттын түрүн карабай,
Каңгайдын жүрүп жеринде,
Душмандан кастык санабай.
“Үнүмдү укса келет – деп,
Күдөрүн үзүп чоролор,
Кантип менден кетет – деп.
Гүлчоро – деп бакырды,
Канчоро – деп чакырды!”
Арстандын үнүн укканда,
Ач кыйкырык чыкканда.
Каталдын уулу Карагул,
Кобо албай кала жаздады,
Токтоло түшүп далбайып,
Эсин ойлоп тапканы.
Кер бээни ээн таштады,
Буурулду минип качканы.
Көрүнөө менен баспады,
Көмүскө менен качканы.
Көмүскөгө киргенде,
Керимбай менен сүйлөшкөн,
Сөздү эсине алганы.
“Келип калса Семетей,
Азгаштырып турам –деп.
Айттым эле мен мурун,
Тартып алдым талаадан,
Алдында минген Буурулун.
Каңгайды көздөй баспайын,
Жылкымды кантип таштайын?
Күн батышка бет алып,
Көз көрүнөө баспайын.
Көөдөк экен Семетей,
Жылкыга барбайт аралап.
Минүүчүдөй кейпи жок,
Жылкыдан тандап ат кармап.

www.bizdin.kg

Кер бээни минип салпаңдап,
Мени кууйт талпаңдап.
Көрүнүп койуп ар кайдан,
Көп күнгөчө алдайын.
Мылтык менен атпасын,
Көрүнөө жерге барбайын.
Керимбай кетти жапанга,
Таласты барып талашып,
Учурайын алдынан,
Ошолор кайра жанганда" –
Деп, ойлоду Карагул,
Карагул айткан немедей,
Семетей жайы мына бул.
Кер бээни кармап мингени
Кементай болуп кийгени.
Карагулду тааныбай,
Канчоро – деп билгени,
"Боз белден кайтып келгенде,
Урушта көөнү көп калган.
Гүлчоро муну жиберди,
Жолдо жүргөн калмактан,
Тартып бээни мингенби?
Душман болсо башкадан,
Талаада оттоп жаткандан,
Менден кайдан иймენди?
Бу Таласты көздөй жөнөдү,
Булардын бар көрөрү!
Артынан жүрүп барайын,
Жөөлөтүп менден ат алган,
Канчоро менен Гүлчоро,
Кошулган болсо Бакай хан,
Баарынын башын алайын!
Бойу узун, бели ичке,
Поруму башка көрүнөт.
Уккан белем Жалгызек,
Семетей Алтай кетти – деп.
Жүрү – деп, айтпай койду – деп,
Ошол келип ат алып,
Же жүрөбү ойноп, бокту жеп?" –
Мындан башка ойуна,
Семетейдин түк кирбейт.
Ойлонуп көкжал арстаны?,
"Мен кайсы жерде жүрөм" – деп.
Кер бээ менен салпылдап,
Жолго түштү темтеңдеп.
Же аттын изин карабай,
Анжудан күмөн санабай.
Буурулдун изин карабай,
Же калмактан күмөн санабай.
Бурулбай жолго салганы,
Таласты көздөй бет алып,

www.bizdin.kg

Үч күндүк жерге барганы.
Көрүнүп калды алдынан,
Буурул аттын карааны.
"Ким болсо атып салам" – деп,
Бузулуп көөнү карарды.
Аккелтесин алганы,
Андан мындан элестеп,
Көрүнүп жүргөн Карагул,
Мунун кыйалын билип калганы.
Атты таштап далдага,
Мааналап өзү бир ташка,
Бакырыкты салганы:
"Ой, абаке, Семетей,
Мен Канчоро кулуңмун.
Атаң менен тең жүргөн,
Баатыр Чубак уулумун.
Гүлчоро менен Бакай хан,
Жалгыз кетип калды – деп,
Жиберген сенин артыңдан.
Тили менен алардын,
Ажыраттым атыңдан.
Мен барбаймын алдына,
Таап алгын Таластан.
Бакай канча кеп айткан,
Тилиңди албайт Семетей,
Уурдап алып Буурулду,
Качып келгин – деп айткан.
Бузулуптур казак – деп,
Уккан экен Бакай хан.
Казактар айткан кеп экен,
Аралда жаткан жапанда,
Кызылуйук дөө деген,
Кылымдан чыккан эр экен.
Жилиндин жаткан шаарында,
Нескара уулу Мадыкан,
Бу дагы мыкты неме экен.
Казактарың аларга,
Мал, пулун берип жалдаптыр.
Карын бөлөң Үмүтөй,
Аны кудай каргаптыр.
Алдыңкы кеткен жазында,
Казакты түгөл көчүрүп,
Амурду көздөй айдаптыр.
Анжу менен жапанда,
Кылайып эркек калбаптыр.
Кырабыз кыргыз элин –деп,
Казагың белин байлаптыр.
Ошол үчүн калмактар,
Жер биздики болду – деп,
Көөрүктүүнү жайлаптыр.
Мен барбаймын атыңды,

www.bizdin.kg

Айттым уккан дартымды.
Түз Таласка баралы,
Чогулуп кыргыз калалы.
Чогулушкан дөөлөргө,
Чокчоңдошуп багалы. –
Деп, жиберген Бакай хан,
Кош эмесе” –деп койуп,
Кайра тартып жөнөдү.
Карагулдун калбады,
Көңүлүндө күмөнү.
“Бул Таласка кетет – деп,
Буурул менен койгулап,
Күрпүлдөктүн бойунда,
Керимбайга жетсем –деп.
Менден кабар укканда,
Буурулду көрүп чын анда,
Күрдөлүү кол аттанса,
Семетейге жетпейби,
Таласына жеткирбей,
Аксайдан наркы Арпада”.
Кыйалында ойлонуп,
Арамзада ал калча.
Каталдын уулу Карагул,
Айласы бар мамынча.
Кепти укканда Семетей,
“Таласка кетти чоро – деп,
Болбойт мага жоро – деп.
Бакай айткан кеп экен,
Бул айтканың ырас – деп.
Ылдам жүрүп жол басып,
Уйкуну койуп, түн катып.
Мен Таласка барайын,
Буурулду алып чородон,
Көгүчкөндөй мойнунан,
Толгоп үзүп алайын.
Айтканымды кылбасам,
Адам болбой калайын!” –
Деп, ойуна алганы,
Семетей жөнөп калганы
Азгырып ийип Карагул,
Ал итте кыйал мына бул.
“Аркасынан барайын,
Айласын мунун табайын.
Эти калдач минген бээ,
Баспай калат беш күндө.
Бээси баспай калганда,
Бир беттеше кетейин.
Эр Семең башын кесейин,
Берейин колго эсебин!
Эшектей кардын жарайын,
Семетейди Карагул,

www.bizdin.kg

Жалгыз сайып алган –деп,
Даң чыгарып салайын.
Байланып башын баатырдын,
Коңурбайга барайын.
Бер жагы Алтай тоосунан,
Асты жагы Тын-Шань,
Түштүк жагы Памырдан,
Батыш жагы Оролдон,
Түндүк жагы Муз деңиз,
Ушулардын арасы,
Орто Асийа жер тегиз.
Ойротто жок хан болуп,
Ойун ойноп жатайын.
Коросон менен Оогандын,
Жедигер менен Испандын,
Букар, Чайчуй, Шанкайдын,
Өчүрөйүн аттарын.
Кыргыздын жери – деп жазган,
Ташка ойуп таштаган,
Жок кылайын каттарын!
Семетей өлүп калганда,
Кол салар мага аз калар,
Аз турмайлык жок калар.
Ар канча кыйын болсо да,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Айбатымдан жазганар?!
Кырымдын жерин кыдырсам,
Каракалпак, түркмөндү,
Черчен, ногой элдерди,
Семетейге ар жылы,
Учурашкан эрлерди,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Белине таңуу беренди,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Бала баатыр немени,
Каныкей менен Чүрөктү,
Калкка салган дүмөктү,
Куу сакал Бакай карыны,
Чубактын уулу Канчоро,
Кан ичме жинди капырды,
Ырайым кылбай буларга,
Баарынын башын алдырсам.
Орто Асийа борбор – деп,
Кыштын күнү кар жаабас,
Кар жааса да көп жаабас.
Кочкорго шаарды салдырсам,
Хандыгымды тойлотуп,
Калайыкка даңк кылсам!
Бул акылым өзүмө,
Ок эле жакшы жарады.
Болбойт экен карасам,

www.bizdin.kg

Семетейдин артынан,
Сайа кууп барбасам.
Сараркага барганда,
Шалпылдап баспай калат бээ,
Ошондо сайып албасам!” –
Деп, ойлонуп Карагул,
Каны тарткан жинди кул.
Коңурбайга баралбай,
Конуш берген, жер берген,
Казакка кабар сала албай.
Семетейдин артынан,
Бура тартты мына бул.
Семетей кетти жол менен,
Карагул түштү токтобой,
Сайып алып Семеңди,
Баатырдык кылыш ой менен.
Кызылуйук кыйын дөө,
Жалгыз көздүү Мадыкан,
Үмүтөй менен Керимбай,
Күрпүлдөктүн куйушта,
Булар жатат кол менен.
Буларды таштап жаналы,
Боз белге кеткен аң уулап,
Гүлчоро менен Канчоро,
Алардан кабар алалы.
Боз белге барып баатырлар.
Тоо аралап, таш басып,
Ар түрдүү айбан көп атып,
Жолборстон атып сегизди,
Айуудан атып семизди,
Алтымыш айры бугудан,
Андан атты жүз бирди.
Кулжадан атты миңчелик,
Эчки-теке, аркардын,
Санатын анын билбедик.
Илбирстен атты сексенди,
Куландан кырк беш атылды,
Канча жылдан бер жакка,
Элкин жаткан айбандын,
Тилегин мунун катырды.
Ийри мойун төө атты,
Бөрү менен чөө атты.
Суусар, түлкү, сүлөөсүн,
Көп атылды булардан,
Таңдырып төөгө жүктөттү,
Бөкөндөн бешөө атылды.
Марал менен эликтен,
Б адал да шорун катырды.
Азуулуудан, айбандан,
Чөп оттогон ар жандан,
Атылып кетти далай жан.

www.bizdin.kg

Кабыландан экини,
Шерден атты жетини.
Көлдө жүргөн жандардан,
Аккуу менен каркыра,
Тоодак менен турнага,
Кыйын болду аларга.
Каз, өрдөктөн көп алды,
Жулдуруп андан жүн алды,
Мамыкка жумшак салганы.
Шамдагай кыйын жылтылдак,
Бир жерде турбас кылтылдак,
Сары арстан атышты.
Ууга барган Боз белде,
Төрт ай, он күн жатышты.
Такыр сонун териден,
Эки жүз сексен төрт төөгө,
Жүк чыгарып артышты,
Таласты көздөй кайтышты.
Алты айга толду күн саны,
Боз белде жаткан күндөрү,
Ары-бери басканы.
Баштап жүргөн аларды,
Шер Гүлчоро кытайдан.
Энеси кытай кызынан,
Атасы Чубак кыргыздан,
Канчоро жайы мына бу.
Ортодон чыккан аргын жан,
Он сегизде жоо сайган,
Ороккырдай эр сайган.
Байтайлак баатыр бала арстан”
Арбын олжо мүлк алып,
Ар түрдүү сонун үптү алып,
Таласка келип калышты.
“Мага согат, мага” – деп,
Кыргыздар дүрбөп барышты.
Карылар айуу тери алды,
Калгандар бөрү, түлкү алды.
Кубаты начар эркектер,
Бугу мүйүз көп алды.
Өрүм билген чеберлер,
Бугу, марал,  тоо теке,
Кайыш болчу тери алды.
Манат тыштап, бөрк тигип,
Жарашат бизге сонун – деп,
Кыздар алды суусарды.
Бөрү менен кашкулак,
Бир ичикке жеттим – деп,
Жаштар жүрөт кучактап.
Ичикке жака салсак деп,
Жаш балдар булгун талашат.
Орто жаштар илбирс – деп,

www.bizdin.kg

Төрттөн санап жуп алып,
Бирден ичик кийдик – деп,
Сүлөөсүн, жолборс буларды,
Кабылан тери, шер тери,
Сураганга бербеди,
Же соогат – деп – бирөө келбеди.
Алты шердин терисин,
Семетейге чыгарды.
Сегиз жолборс терисин,
Бакай менен Каныкей,
Төрттөн бөлүп алпарды.
Булгундан алды Байтайлак,
Сүлөөсүндө барынча,
Гүлчоро менен Канчоро,
Экөө бөлүп алганы.
Ак тайлактай чоң кууну,
Айчүрөккө арнады.
Белдемчиге кыйуу – деп,
Катындар кундуз, арс алды.
Ал жерге барган кыз, келин,
Пар мамыкка салсак – деп,
Бөлүп, бөлүп көтөрүп,
Каз, өрдөктүн жүндөрүн,
Калтага салып алышты.
Соогат – деп – барган көп алды,
Барбагандар албады,
Ордодогу кишиден,
Чачыкей сулуу кур калды.
Алты шердин терисин,
Чоң, аккууну көтөрүп,
Абакем чыкпай койду – деп,
Канчоро менен Гүлчоро,
Айчүрөктүн үйүнө,
Семетейге алпарды.
Айчүрөк бар үйүндө,
Семетейди таппады.
“Абакем, кайда, жеңе”, – деп,
Эр Гүлчоро сурады.
Сураганда Айчүрөк:
“Үч айдан ашты абаңар,
Аттанып үйдөн кеткели.
Сиздерге кеткен белем – деп,
Жүрүчү элем ойумда.
Келипсиздер эки шер,
Абаңды билбей мен калдым,
Кай кеткенин” – деди эле.
Айчүрөк оозун жыйганча:
“Биз кеткели айылга,
Жат кишиден келдиби?
Келгенин, жеңе, билдиңби ?» –
Деп, Гүлчоро алганы,

www.bizdin.kg

Күйүккөндөн Гүлчоро,
Оозуна даам албады.
“Биле албадым, уулдар,
Жат кишинин келгенин.
Эжекемдин үйүнө,
Барып жатты бир күнү.
Ошол бойдон аттанды,
Билсе эжем билгендир,
“Эрке жеңем, Чачыкей,
Абамды сурап көрөлү.
Кеткен болсо бир жакка,
Артынан издеп жөнөйлү!” –
Деп, сүйлөшүп эки шер,
Чачыкейге жөнөдү.
Чачыкейге барар да,
Эсине түшүп ошондо,
Бирине бири күдүңдөп:
“Соогаты бөлгөн мезгилде,
Муну унутуп калыппыз,
Эми кандай кылдык?” –деп .
Канчоро анда кеп айтат:
“Уйалып кайдан жүрөлү,
Жүр, үйүнө кирели.
Унчукпаса, унчукпай,
Соогат десе, кокустан,
Сыр алдырбай, туйгузбай,
Сүлөөсүндөн берели”.–
Деп, айтканда Канчоро,
Кайыл болду Гүлчоро.
Чачыкейдин ордого,
Баатырлар кирди ошондо.
“Амансыңбы, жеңе”, –деп,
“Аман-эсен жатамын,
Келдиңерби аман–деп?
Олжо тапкан талаадан,
Уулдар соога кана” –деп?
“Сүлөөсүндөн, жеңеке,
Ылгап бөлүп койгонбуз,
Алып келип беребиз”, –
Деп Канчоро айтты кеп.
Мостойо түшүп чырт этип,
Тиктеп калып азыраак,
Шашыла сүйлөп батыраак:
“Тайлактай кууну көтөрүп,
Айчүрөккө баргыча,
Жүгүрдүңөр алдырап.
Абаңарды таба албай,
Билдиңби, кайда кетти – деп,
Келипсиңер жалдырап.
Эртеңки берчү куйруктан,
Бүгүнкү өпкө – деп айткан.

www.bizdin.kg

Бир мааниси болбосо,
Билбесе кары не айткан?
Сүлөөсүн алып нетемин?
Сүлөөсүн ичик кийгенде,
Кай муратка жетемин?
Эки катын алган эр,
Эки күн жатпайт бир үйдө.
Казакта жүргөн кыргыздан,
Экөө келген бул үйгө.
Казанчыга аш буйруп,
Олтургам келип мен төрдө.
Кыргыздар келген ошол күн,
Абакеңер бул үйдө.
Эки конок сүйлөшүп,
Казактын кебин салышты.
Элебей кебин мен калдым,
Эртең менен Семетей,
Жоо жарагын бүт алды.
Тышынан чыңдап курчанды,
Чай ичпестен аттанды.
Барасың баатыр, кайда – деп,
Мен сурасам басарда,
Унчукпай койду сумсайып.
Айчүрөк андай сураса,
Айтат эле кеп салып.
Абаңар андай сумсайса,
Уулдар тапкан олжодон,
Эстен чыгып Чачыкей,
Эч нерсе жок кур калса”...
Чачыкей минтип жатканда,
Айчүрөк кирди аңгыча.
Тайлактай кууну көтөрүп:
“Семетейдин үйү – деп,
Жети шердин териси,
Тайлактай болгон чоң кууну,
Уулдар алып келиптир.
Жети тери маа калсын,
Жолуң улуу, эжеке,
Кууну олжого сен алгын” –
Деп, Айчүрөк киргенде,
Бузулуп өңү  кумсарып,
Ал Чачыкей сумсайып.
Буулугуп үнү токтолуп,
Кызыл өңү боз болуп.
Карап калып кыйлага,
Айчүрөктүн колунан,
Алып койду ар жакка.
Канчоро менен Гүлчоро,
Чыга берди аңгыча.
Уктабады Гүлчоро,
Таң агарып аткыча.

www.bizdin.kg

Эртең менен болгондо,
Карыйа Бакай, Канчоро,
Кайраты артык Гүлчоро,
Астыртан кылып кеңешти,
Бир кишиге айтпады,
Аттанып үчөө бир кетти.
Адыр, күдүр, ой, дөңгүл,
Ат айабай катуулап,
Желе, жорто бастырып,
Алатоо бойлоп жол алып,
Сарарка көздөй келатат.
Кетечинин кара суу,
Келип калды үч баатыр.
Эр Гүлчоро караса,
Буурулдун изи дапдайын,
Аңтарылып чым жатат,
Алмамбет уулу алдырап:
“Айланайын, абаке,
Кагылайын, Канчоро!
Көрдүңөрбү, мабуну?
Аңтарылып жаткан чым,
Буурул аттын изи бу.
Ылайлуу жерде бир баскан,
Бир жылкынын изи бар.
Кез келген, бейм, абама,
Ичи заар бир душман?
Эртең менен кеткендей,
Туйактан чыккан топурак,
Чарпындынын белгиси.
Буурул аттан, абакем,
Айрылып калган белем, дейм.
Ат алган жаман кишиби,
Аңдып жүргөн бекен, дейм?
Мингени Буурул болгондо,
Абакем, тартына турган эр беле?
Төрт айдан ашып кетиптир,
Барбайт беле эмгиче?” –
Деп, Гүлчоро айтты эле,
Эңкейип карап Канчоро:
“Ырас айтат Гүлчоро,
Бир басып кеткен ылайга,
Эркек жылкы изи эмес.
Ургаачы жылкы изи экен,
Сүйрүсү жок туйагы,
Теп тегерек турбайбы?
Жүргөнүнүн дайны жок,
Жалпак туйак турбайбы?
Муну карап тургунча,
Абакем түшсүн изине,
Тескей менен күнгөйгө,
Экөөбүз чаап чыгалы.

www.bizdin.kg

Абакем жүрсө калкайып,
Буурул менен заңкайып,
Учурашып калалы.
Ажырап калып Буурулдан,
Айласыз калса абакем,
Куткарып аны алалы!" –
Деп, Канчоро дуу койуп,
Күңгөй тоону бет алды.
Тескей бетке Гүлчоро,
Тайбуурулдун изин кууп,
Түзгө кирди Бакай хан.
Дигерге жакын мезгилде,
Көкөтөйдүн ашында,
Кайран Манас башында.
Каңгайларды камаган
Кара суунун буткулга,
Кирип келди Бакай хан
Тескейинде Гүлчоро,
Күңгөйүңдө Канчоро.
Күүгүм кирип баратат,
Кабылан Бакай караса,
Бастырбай атын жетелеп,
Семетей барат алдында.
Кыйгачынан качырып,
Бир киши чыкты аңгыча!
Качырган киши Карагул,
Каталдын уулу капыр бул.
Аңдып жүрүп канча күн,
Аты баспай Семетей,
Жөө басып эки күн.
"Шайы калбай калды – деп,
Кечке эле карап жүрөмбү,
Көмө сайып алам – деп.
Олпогун сыйрып чечем –деп,
Койдой башын кесем –деп!
Буурул атты айабай,
Таң аткыча жол жүрсөм,
Көөрүктүүгө жетем"–деп.
Бакайды калган байкабай,
Гүлчорону элебей.
Канчорону бейлебей,
Эч кимисин көрбөгөн,
Семетейди качырды,
Сундуруп найза ченебей!
Көрүп калган хан Бакай,
"Манастап" салды бакырык.
"Манастап" ураан чыкканда,
Сундурган найза күү менен,
Апкарыган Карагул,
Сайа албады качырып.
"Гүлчоросу келгенби?

www.bizdin.kg

Өлөр чагым жеткенби? –
Деп, ойлонуп Карагул,
Боз жоргону көргөндө,
Суркойон экен тиги”–деп,
Күңгөй тоону бет алды.
Бакайдын үнү чыкканда,
Угуп калып Канчоро,
Бурулушту бир жерге,
Бугуп тура калганы.
Алдыраган Карагул,
Алдына кирип барганы.
Элебей келген Карагул,
Эби келди мына бул.
Эр Канчоро бир сайды,
Буурулдан ыргып бута атым,
Ачылып оозу ырсайды.
Ачууланган Канчоро,
Кеп сурабай чочконун,
Башын алып ошондо,
Кесип аны байланды.
Канчорону көргөндө,
Сагынган ээсин Тайбуурул,
Кулундуу бээдей ыйлады,
Буурулду алып жетелеп,
Үнүн улап Бакайдын,
Ойдуңга кирип барганы.
Алдындагы Бакайдан,
Тескейдеги Гүлчоро,
Теке жоомарт арстандан,
Алардан кабар алалы.
Семетейдин жанына,
Хан Бакай барса жаркылдап,
Бакайга айткан салам жок,
Семетей турду баркылдап:
“Кыйындыгың, абаке,
Кылымга салчу дүмөктү,
Жалгызыңа не салдың?!
Он эки жаштан бер жакка,
Ойрон болгон балаңды,
Отуз эки сынадың!
Мындай сының курусун,
Обу жок жаман кыйнайсың!
Канчоро кулду жиберип,
Буурулду неге уурдаттың?
Жөө бастырып канча күн,
Уулуңду не үчүн кууратдың?!” –
Семетей муну айткыча,
Гүлчоро жетти аңгыча.
Гүлчорону көргөндө,
Көкжал төрө күүлөндү,
Көрсөтөм –деп, сүйлөндү.

www.bizdin.kg

Суу ордуна кан иччү,
Бал ордуна уу иччү,
Жан алчудай түрдөндү.
Түрүн көрүп Семеңдин,
Алмамбет уулу Гүлүстөн,
Асталап сүйлөп оолукпай,
Акыл тапкан ар иштен.
Мындай киши кем чыгат,
Жер жүзүндө билгичтен:
“Айрылып аттан, абаке,
Алдатканың Карагул.
Карагулга алдатып,
Манастын уулу Семетей,
Жөө жүрөт – деп – темтеңдеп,
Жер жүзүндө бар элге,
Такыр шылдың болгонуң.
Аркамдан келип чоролор,
Айтпай бизге кетти – деп,
Ат алды – деп – ойлойсуң.
Бул энөөлүк сенден кетпесе,
Капташып Бакай жетпесе,
Катарда жок Карагул,
Качырып найза урганда
Как ушул жерде сойлойсуң.
Көрүп туруп эми да,
Дагы кебиң койбойсуң!
Кетти –деп –угуп шашканбыз,
Алай, Арпа, Аксайдан,-
Сарарка менен Каркыра,
Бетегелүү Койташтан,
Чакыркорум, Тайгактан,
Тарагай менен Уландан,
Беш белди бир күн ашканбыз.
Кетечинин сазында,
Кемегедей казылган,
Келишкен Буурул күлүктүн,
Изин көрүп шашканбыз.
Уурдатканын атыңды,
Ошондо ойлоп тапканбыз.
Бээ экен – деп – мингени,
Изин көрүп айтканбыз.
Бет алып күнгөй адырын,
Канчоро тосту бурушту.
Тескейден киши кетирбей,
Теңдешкен жоого белдүүсүп,
Гүлчороң кылмак жумушту.
Өзөндүү түзгө салганбыз,
Абакем изди куушту.
Бүтүргөндөй көрүндү,
Канчоро баатыр урушту.
Абакем үнү чыкканда,

www.bizdin.kg

Адырга чыга чапканмын.
Ар тарапты байкадым,
Канчоро баатыр бакырган,
Калбалуу үнүн уккамын.
Кайгы жок душман өлдү – деп,
Кесип башын келди окшойт.
Каары катуу Канчоро,
Сурабай андан бир ооз кеп!"
Ар канча айтса Гүлчоро,
Кара мүртөз Семетей,
Жанычудай кейпи жок.
Жалбырактай карганып,
Кутулбай чоро эрки жок:
"Жалганы болсо кебимдин,
Саа жамандык ойлосом,
Жайнаган жарык күн урсун,
Калдайган кара түн урсун!
Олуйа азиз Манастын,
Ак күмбөзү дагы урсун!
Энеден мурун оозанткан,
Каныкейдин сүтү урсун!
Олжодон каалап алдырган,
Мага мурас калтырган,
Өзүң берген мингин – деп,
Суркойондун күчү урсун!
Атакем атып жоо алган,
Аккелтенин огу урсун!
Сайган жоосун кыйшайткан,
Качырганда сумсайткан,
Хан Манастын күчү урсун!
Тийген жери ырбаган,
Башка чапкан адамын,
Жакында өөдө кылбаган,
Атадан калган мурасын,
Айбалтаңдын мизи урсун!
Күдөрүм үзсөм сенден мен,
Көп акыл айттың мага сен,
Дасторкондо сөз урсун!
Алакөлдөн алдырган,
Артып келген туз урсун!"
Кан какшап турса карганып,
Ызырынып Семетей,
Булдурсун колго карманып.
Аңгычакты Канчоро,
Кирип келди шартылдап,
Карагул башын байланып,
Корккондон берки үчөөнүн,
Күндүзгүдөй түн жарык.
Семетейдин көзүнөн,
Кош чырактай от жанып.
Туйдурбай Бакай карыйа,

www.bizdin.kg

Буурул атты көрсөтпөй,
Аркада турат ал барып.
“Соогага, аба, алгын” – деп,
Каталдын уулу чочконун,
Кайдасындай чоң башын,
Калдаңдап турду Канчоро,
Көтөрө чуркап ал барып.
Канчорону көргөндө,
Капасы артып өзгөчө:
“Карагулдун башы – деп,
Дагы азгырып мени сен,
Бекер канын төгүпсүң.
Убал кылып бирөөгө,
Мойнуңдан байлап кынжылап,
Кишиче байлап ээрчитип,
Кыдыртайын дуйнөгө!
Ал Карагул чын болсо,
Өлтүрбөй неге келбейсиң,
Амалың турса көрүнөө?!
Семетей муну билбейт – деп,
Көөдөктүн бири сен дейсиң.!”-
Деп, канкоруң сүйлөнүп,
Кармап колго найзасын,
Жерден алды сүйрөлүп.
“Жутса жутуп ийер” – деп,
Кайран баатыр Канчоро,
Чымындай жанга күч келип:
“Ар качандан бир качан,
Арамдыгың  койбойсуң.
Канчоро менен Гүлчоро,
Кас кылат – деп – ойлойсуң!
Кайрылбаса эки кул,
Каралат менен Чынкожо,
Асманда октоп жүргөндө,
Как ошол күндө сойлойсуң!
Коңурбай келди алыстан,
Акылы артык даанышман.
Коргонго камап алыптыр,
Коркутуп сени айлыңдан.
Кутказып алды эки кул,
Ошондой күндө камалдан!
Каргантпай күндө бизди эле,
Сурасаң боло абамдан?!
Тирүүлөй кечип мен турам,
Чымындай кара бир жандан!
Ишенбесең сөзүмө,
Көрүнбөсө кызматым,
Абаке, сенин өзүңө,
Арکаңдан келип не пайда?
Карагулду сайгыча,
Каргышташып, анттащып,

www.bizdin.kg

Каңгайга кетпей не пайда?!
Ишенсең боло, Семетей,
Кулдарың кылган кызматка!
Саа жамандык кылгандын,
Жаны аман калбады.
Гүлчоро менен Канчоро,
Абама жаман кылды – деп,
Жан айабай жалмады!
Айчүрөк алды шумкарың,
Ошондо эки кулуңдан,
Абаке, көрдүң бир жагын!
Он эки жашар чакта элек,
Тоодой Толтой, Чынкожо,
Тобокел кылып, бел байлап,
Туруштук бердик ошого!
Ар дайымдан бир дайым,
Алдыңда жүргөн биздерге,
Как ушундай кыласың,
Бизди кыйсаң кыйасын.,
Бакайды кандай кыласың?!
Бакайды кыйсаң, кыйасың,
Ок тиштешкен дос экен,
Атаңды кандай кыласың?!
Карсылдайсың  бизге сен,
Карагулга алдаткан,
Катаңды кандай кыласың?!
Каныкейдин ак сүтүн.
Сен эмгенсиң алдында,
Биз эмгенбиз аркаңда.
Канынан чыккан ак көбүк,
Ак сүттү ал, абаке,
Канткенде сен кыйасың?!
Бизди кыйсаң кыйарсың,
Бөз айрышып шерттешкен,
Антты кандай кыларсың?!
Канчорону кыйарсың,
Ак боз бээни муудатып,
Карыдан колду чылашкан,
Канды кандай кыларсың?!
Гүлчоро кыйсаң кыйарсың,,
Көк чырпыгын кыркышкан,
Талды кандай кыларсың?!
Асман алыс, жер жакын,
Абалкы сөздү мен айттым.
Эми ишенгин, абаке,
Каргышымды теги айттың!
Сага кылсам жамандык,
Ойлонсом сага арамдык,
Төшү түктүү жер урсун!
Төбөсү ачык көк урсун!
Дарыйа, чалкар көл урсун!

www.bizdin.kg

Жайнаган жапан чөл урсун!
Жайылган жерде чөп урсун!
Агартып түндү жарыткан,
Асмандагы ай урсун!
Жердин бетин жашарткан,
Жамгыр менен кар урсун!
Ата ордун сактаган,
Алатоо кошуп дагы урсун!
Учса аппак калкылдап,
Көктө учкан куу урсун!
Күн чагылып жаркылдап,
Көтөргөн кызыл туу урсун!
Адамдын жанын эриткен,
Кантың урсун, бал урсун!
Чайкаган кымыз, чай урсун!
Кара элем мен жетим,
Эр кылып мени жетилттиң.
Атымды алдап алдын, – деп,
Шайымды неге кетирдиң,?!
Мындай күмөн кылгынча,
Көмө чаап чороңду,
Жайнаган жарык дүйнөдөн,
Кайрылбас жакка кетиргин!
Атабыз Манас эр өлүп,
Ак калпак кыргыз эл жүрөт.
Гүлчоро менен Канчоро,
Өлтүрүп салсаң, абаке,
Кыргыздын кылы коробойт!
Ак, караны ылгабай,
Ар качан айткан сөзүңө,
Абаке, ичим бек күйөт!
Аккелтеңдин милтесин,
Сууруп  берчи, абаке,
Мен тиштейин учунан.
Мындай тирүү жүргүчө,
Кыйамат кетсе ал жакшы,.
Кызгалдактай кырчын жан!”–
Деп, зыркырап турганда,
Аркада турган Бакай хан,
Ак сакалын жайылтып,
Сөз баштады арылтып.
Алдында эки чоронун,
Абдан көөнүн агартып:
“Акмак иттер, байатан,
Аркада турсам унчукпай,
Адам айткыс сөздү айтып,
Э, Семетей, не болдуң,
Жаш балдарды каргантып?!
Өзүңдөн көрбөй жамандык,
Карагулга алдатып,
О, капырай кандай иш,

www.bizdin.kg

Жалгыз кете берипсиң,
Койбостон бир ооз сыр айтып?!
Кайраттуу баатыр эки уул,
Эр тиреги ойлонгун!
Эси жок киши кептенип,
Сен Семетей не болдуң?
Баатырлар кетти Бозбелге,
Аңуулап ыраак бир жерге.
Кайдан айтам дедиңби,
Бакайдай кары эмеге?
Сага өпкө бүткөндө,
Башкага карын бүтпөппү.
Энеден туулуп, көз жарып,
Жарык жерге түшкөндө?!
Сен балдарга, Семетей,
Өктө кылар жолуң жок.
Өөн өзүңдө турганда,
Өкүрүп берер жөнүң жок!
Көкжал жолборс Семетей,
Өзүңдөн калдым мен Бакай,
Карыганда көөнүм сууп.
Эң эле кыйын сөдөр иш,
Элебей кете бергениң,
Элиңде Бакай мен туруп!
Душмандан калдын, Семетей,
Уулум, азыр кутулуп.
Таарынсаң боло балдарга,
Баштан айак кепти угуп!
Кетемин – деп – Таласка,
Жетемин – деп – түн катып,
Арбагы азиз Манаска!"–
Бурулду Бакай жулкунуп,
Боз жорго башын шарт буруп.
Заманасы куурулду,
Эр Семетей баатырдын,
Бакайдын кебин ал угуп.
Кайра тарта бергинче,
Кайрылып Бакай желгинче.
Кабылан камбыл Семетей,
Боз жоргону чылбырдан,
Бурултпай кармап алды эле,
Мамындай кебин салды эле:
"Таарынганың, абаке,
Жалганы жок, бары чын.
Азыраак сабыр кылгының,
Жалгыздын кебин уккунуң.
Үйдө жатсам бир күнү,
Казактын жүргөн элинде,
Эки кыргыз барышты.
Сурабадым алардан,
Казактар көчүп кетти – деп,

www.bizdin.kg

Өздөрүнчө кужурап,
Далай кепти салышты.
Казактар көчтү дегенде,
Карабапмын эч кайда,
Жарабапмын, абаке,
Жаныңа басып бараргa.
Аттанып жүрө берипмин,
Казактан кабар аларга.
Алматы, Алтай, Сарарка,
Мен кирипмин шаарга.
Көөрүктүүгө барганда,
Буурулду байлап кыр ташка,
Калыпмын уктап талаада.
Ойгонуп кетсем Буурул жок,
Жөө Семетей туруу жок.
Жакын экен арасы,
Кырга чыгып карадым,
Буурулдун көрдүм караанын.
Гүлчоро менен Канчоро,
Бизге айтпай кетти – деп,
Буурулдун изин кубалап,
Аркамдан келген белем –деп,
Тамаша кылып акмактар,
Атты алпарып кайкыга,
Байлап койгон экен –деп,
Санаама келди мындай кеп.
Кыйып чоро кетпес – деп,
Кыйкырдым, аба, кебимди ук,
Буурулду алып келгин – деп.
Менин үнүм чыкканда,
Тура калды бир киши.
Буурулду минип бурулду,
Көмүскө ылдый чуу койду,
Ойноду эми чындап – деп,
Көңүлүмдө бул болду.
Келсем таштап кетиптир,
Мына бул турган кер бээни.
Ээр, токумун көргөндө,
Калмактан алган экен – деп,
Көңүлүмө бул келди.
Түштүм кырдан талаага,
Адырда жылкы көп жүрөт,
Ойносо чоро берет – деп,
Акылымда бул жүрөт.
Карабадым жылкыга,
Акылымда бул жүрөт.
Андан мындан элестеп,
Көрүнүп койот кээ-кээде.
Акмалап жүрүп олтурдум,
Баштап мени барат – деп,
Өздөрү жаткан жерине.

www.bizdin.kg

Үч күндүн алды жагында,
Чыгып кетти карасам,
Сары-арканын белине,
Атайын - деп - ошондо,
Жамандык келди пейлиме.
Ийнимден мылтык алганда,
Кырда турган ал караан,
Кыйкырып кабар салды анда,
«Менмин, аба, Канчоро,
Жиберди Бакай, Гүлчоро.
Бакай кабар угуптур,
Казакты кудай уруптур,
Азмункенин Керимбай,
Казактын элин бузуптур.
Шиберге карай көчүптүр,
Азмункенин Керимбай,
Жапанга суудан өтүптүр.
Кызылуйук чоң дөөнү,
Кырк миң аскер кол менен,
Күрпүлдөктүн куйушка,
Алып келип таштаптыр.
Андан кийин Керимбай,
Нескара уулу Мадыкан,
Бели катуу эң балбан.
Мадыканды алды – деп,
Казактын эли кошулуп,
Жөнөмөк болуп Таласка,
Камынышып калды – деп.-
Абакем угуп мындай кеп,
Гүлчоро экөө биригип,
Жумшады мени баргын –деп.
Айтсаң абаң тил албайт,
Айла кылып Буурулду
Ала качып келгин – деп.
Чогулушуп кыргыздар,
Бир дөбөдө болсок – деп.
Ачык айтсам ушул кеп,
Мен Таласка кеттим – деп.
Мындай таамай кеп айтты.
Үч күн удаа жол жүрсөм,
Кер бээ арып баспады.
Эки күн болду, абаке,
Жетелеп бээ басканы.
Бүрүл кирер алдында,
Элебедим кишини.
Буурул менен найзачан,
Бирөө мени качырды.
Найзанын учу жеткинче,
“Манастап” катуу бакырып,
Абаке, үнүң чыкканы.
Энөөлүк кылсаң кандай – деп,

www.bizdin.kg

Келген экен, абакем,
Мага насаат кылгалы,
Деп ойума алгамын.
Качырган киши жок болду,
Капаланыш балдарга,
Как ушундай кеп болду.
Кайра кетем дегиче,
Касиеттүү, абаке,
Капка тоодой берекем,
Какбаш Жакып капырдан,
Бир өлүмдөн калтырдың.
Келгенимде уу берди,
Эми эки өлүмдөн калтырдың.
Кетер болсоң, абаке,
Эми кетем Семетей,
Манастын тандым арбагын,
Деп ошентип айткының,
Андан кийин кайткының!" –
Деп, Семетей муңайып,
Эки баатыр, Бакайга,
Энөөлүк кылып койгонго,
Эң эле жаман уйалып.
Кара мүртөз Семетей,
Хан Бакай кетем дегенде,
Кара жерден каргышты,
Гүлчоро менен Канчоро,
Ал  экөөнөн алганга.
"Туулупмун бекер – деп,
Тумшугу жок Семетей,
Ушул дүйнө жалганга".–
Бушайман кылып турганда,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Сөөгүнөн өткөрүп,
Суук сөздү кыларда,
Кыраакы Бакай карыйа,
Кыйалын билип ал чакта:
"Кызыталактар, талаада,
Кыйла жыйын кылдыңар.
Бүтө элек дагы силерде,
Алда эмине кебиң бар?
Буурулду минчи, Семетей,
Эрди сайган, Канчоро,
Башты мага байлап бер,
Бол, Гүлчоро, жол башта!
Ала жүргүн, Канчоро,
Карагер бээни таштаба.
Желе жортуп бастырып,
Батыраак жетип баралы,
Кетечинин жарына.
Карагул айткан баары чын,
Семетейге алдында.

www.bizdin.kg

Алысын кууп, суу бойлоп,
Жылкы келип калгандыр,
Кетечинин сазына!” –
Деп, Бакай хан шашыла,
Жарлык кылды жалпыга.
Аш кайнамда барышты,
Ара күндүк алыска.
Муну мындай таштайлы,
Баатырлардын алдагы,
Кеңешинен баштайлы

# БААТЫРЛАРДЫН КЕҢЕШИ, КЫЗЫЛУЙУК ДӨӨНҮН ЖЕР ЖАЗДАНЫШЫ

Кетечинин сазына,
Ай шоолалап тийген кез.
Жайылган жылкы ичинен,
Кысырдан ылгап таңдады.
Кысыр калып туу болгон,
Тултуйуп майга жык толгон,
Тору бээни жайлады.
Канчоро камбыл туу бээни,
Чай кайнамда сойду эле.
Аңгычакты Гүлчоро,
Кемегени ойду эле.
Бакай менен Семетей,
Кеңеш менен болду эле.
Көмкөрмөлүү казанын,
Кемегеге астырып,
Арчадан чапкан сузгуну,
Эт котортуп бастырып.
Калтырбастан эт чийки,
Эки демеп бышырып.
Таң агарып атканда,
Койбой туурап жеп болуп.
Жайдактаган аттарды,
Жетелешип откоруп.
Булар минтип жатканда,
Кара чаар минген аты бар,
Калды бирөө кез болуп.
Жакындан чыгып жалтаарып,
Кайра тартып качкынча,
Карап турган Канчоро,
Ыргып минип атына,
Кармап алды куткарбай,
Чаап чыгып астына.
Чаар атчан ушул жан,
Казактан келген бир адам.
Семетей, Бакай, Канчоро,
Кеп кылбай турду баарысы,
Акылга чебер даанасы,
Алмамбеттин баласы,
Гүлчоро баатыр кеп сурайт,
Кеп сураса бек сурайт:
“Сууту канган атыңдын,
Жол алып сен шашылдың,
Кайда бара жатасың?
Жашырбай ички сырыңды,
Айтчы, баатыр, чыныңды!”
Гүлчоро сурап болгуча,
Күйүгүп жаман алдырап:
“Өз атыңды билдирип,

www.bizdin.kg

Анан кылчы маа сурак!” –
Деп, ошентип чаар атчан,
Жооп бербей кеп сурап:
“Атыңды айтып билгизсең,
Мен айтып сырым билгизем,
Сен атыңды айтпасаң,
Мен сырымды айтпаймын,
Тирүүлөй жерге киргизсең!
Атыңды ачык биле албай,
Айра таанып ала албай.
Күмөндөнүп мен турам.
Атым Молдо Күдүрмүн,
Түн уйкумду бөлгөмүн.
Күрпүлдөктүн куйуштан,
Сегиз күн мурун жөнөдүм.
Аксакал хан Бакайдын,
Эр Семетей арстандын,
Жүзүн качан көрөмүн?
Хан Чубактын баласы,
Кайраттуу чоро кабылан,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Сен төртөөңсүң мен билсем.
Жиберди мени Агеркеч,
Түбүм Алтай элинен”.
Молдо Күдүр айтканда,
Камындырбай Гүлчоро:
- Таанышгандай айттың сен,
Агеркеч жазган кат кана? –
Молдо Күдүр олтура,
Өтүгүн чечип ыргытып,
Батегин чубап былгытып.
Ортосунан батектин,
Катты суурап алды эле.
Гүлчорого карабай,
Бакайга суна калды эле.
Калмакча жазган кат экен,
Кыргыздан сөзү жат экен.
- Окучу, балам Гүлүс” – деп, -
Хан Бакай айткан чак экен.
Башынан ылдый сүйрөгөн,
Жаралуу жылан изденген,
Кочкор мүйүз чиймекей,
Колуна кагаз тийгенде,
Жаттап алган немедей,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Шабырата кирди эле.
Асили кытай Гүлчоро,
Кырк эки уруу тил билген,
Тилине кошуп кат билген,
Каттын көрсө баш жагын,
Айаккысын жат билген.

www.bizdin.kg

Атайын жазган кагазы,
Алты катар кат экен.
Агеркечке "А" койгон,
Бакай деген сөзүнө,
Баш жагына "Б" койгон.
Семетейге "сын" койгон,
Гүлчорого "кеп" койгон.
Канчорого "кап" койгон.
Этегине тизмектеп,
Он алты жерге арп койгон.
Эстей түшүп Гүлчоро,
Эп келтирип окуса,
Эки жүз элүү кат болгон.
Андай жазган каттар көп,
Окушка Гүлүс маш болгон.
Айагына чыкканда,
Кептин баарын укканда,
Жымыйып Гүлүс күлдү эле.
Кабылан Бакай кеп айтат:
"Кагылайын, Гүлчоро,
Батыраак айтчы" – деп айтат.
"Окудум катты, абаке,
Күлкүм келет бир кепке.
Керимбай бузук болуптур,
Казактын элин көчүрүп,
Агеркеч Букар кеткенде.
Агеркеч кайра келгенде,
Айлынан кепти угуптур,
Жапанга жалдап бирарда,
Керимбайга ишенип,
Куржунда пулун Үмүтөй,
Килитин кыркып булуптур.
Жыйырма миң алтындан,
Сактаган пулу чачылды.
Аттангалы камынып,
Жатыптыр казак бул күндө,
Керимбай барып келиптир,
Жапан менен Жилинге.
Жапандан кыркы миң кол алып,
Кызылуйук дөөнү алып,
Жилинден жүз миң кол алып,
Мадыкан деген зорду алып.
Казактан он миң камданып,
Жүрмөкчү болуп Таласка,
Кас санамак кыйалы,
Олуйа азиз Манаска.
Кат болжолун байкасам,
Эми он күн калыптыр,
Эл аттанып басарга!
Биз ылдамдап желели,
Айлынан элди козготпой,

www.bizdin.kg

Армансыз болсун баатырлар,
Абийрин ачып келели”! –
Деп Гүлчоро айтканда,
Канчоро туруп муну айтты:
“Ырас айтат, эр Гүлүс,
Эбегейсиз, шер Гүлүс.
Эчтекеден жазганбас,
Эр уулу менен, тең Гүлүс.
Элге кайра барбайлы,
Эл жыргасын жай уктап,
Аларга бүлүк салбайлы.
Төштүктүн уулу Жоодарга,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Таласта калды Байтайлак,
Ал үчөөнө мына бу,
Күдөр бекти жумшайлы.
Эп келеби мунум” – деп, -
Эр Канчоро айтты эле.
Алдатып ийип Семетей,
Жалтангансып калган шер.
Унчукпай да кеп кылбай,
Карап турду бир далай.
Каркылдап сүйлөп ошондо,
Касиеттүү хан Бакай:
“Канчоронун кебине,
Кошулдум акыл бергенге.
Бир кишини кем айтты,
Жедигердин элинде,
Киши билбес жан эле,
Кийизбай деген бар эле.
Мылтык атып, жаа тартса,
Миң кишиче бар эле.
Айчүрөк барсын ал жерге,
Кабар айтсак – деп – турам,
Капыста жаткан билинбей,
Кан төгүчү эренге.
Таластагы кыргыздан,
Тандап беш миң алалы.
Жалгызбек менен Жоодарга,
Кокондогу Сынчыга,
Кетментөбө шаарында,
Керкөкүлдүн уулуна,
Кошунуң арбын келсин – деп,
Келтирип катты жазалы.
Ээ болуп турсун Таласка,
Карыса да Жамгырчы.
Жезкемпирдин жети уулун,
Жедигердин элинде,
Жетисуунун улугун.
Баарын кел – деп – айталы.
Букардын ханы Ысмайыл,

www.bizdin.kg

Темир хандын баласы,
Бизден салам кат барса,
Ысмайыл жатып алабы?
Чайчүй менен Шаңкайды,
Келсин дейлик аларды.
Эп келсе сага, Семетей,
Элдин санын жүз миңге,
Бир толтуруп салалы.
Кыйын айткан Алмамбет,
Жапандан келген суу кечип,
Кызылуйук балааны!
Анжунун ханы Нескара,
Кечээ сыр коргондо урушта,
Гүлчоро сойду ошону.
Жеркендин сайрам сайында,
Мурадилди Канчоро,
Өлтүрүп койду Казанда.
Калмактан чыккан Уушаңды,
Арпанын түзү жаыйкта,
Жалгызек баатыр жайлады.
Жекече чыгып майданга,
Орок кырды сойлотуп,
Бала баатыр атанып,
Байтайлакка даңк калды.
Капкачаңкы кундарын,
Уруштун чыгым пулдарын,
Алгалы бизден эсептеп,
Нескара уулу Мадыкан,
Кекетип бизге калганбы?
Канчородон токмок жеп,
Качып кеткен Шаймамбет,
Ыйламсырап барганбы?
Керимбайга кошулуп,
Ал Мадыкан баатырга,
Арызын айтып салганбы?
Анжудан арбын кол алып,
Ачууланып Мадыкан,
Аттанып жүрүп калганбы?
Кары дешип Коңурду,
Эсепке албай салганбы?
Бул сапаркы урушка,
Катышпай жүржүт калганбы?
Ачык жазып Агеркеч,
Арбын кошун келсин – деп,
Ал үчүн кабар салган, бейм?
Кыйланы айттым кыдыртып,
Баарына кабар салсак, бейм?
Баарды келди көп журттун,
Баарынын колун алсак, бейм?
Салтанаттуу кол менен,
Салышар жоого барсак, бейм?” –

www.bizdin.kg

Деп, Бакай хан бир карап,
Сакалын сылап олтурду.
Баатырдын уулу каңкоруң,
Бала Семетей анткоруң,
Кыйамына келгенде,
Кылымдан ашкан анткоруң:
“Канчоро менен хан Бакай,
Айттыңар сөздү бир далай.
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Ал олтурду унчукпай.
Силерге жакса акылым,
Менин айтар сөзүм мамындай.
Жедигер бардым башында,
Эки бала кашымда.
Кыргыздан жыйнап кол албай,
Жалгыз өзүм баргамын,
Жаныма киши албадым.
Жалтайсаңар баарыңар,
Жалгыз өзүм барайын,
Ушу жерде калыңар!
Эл-журт бизди эр дешет,
Элге салып бүлүктү,
Эрмин – деп айтыш – бейкерек?!
Калың журт бизди хан дешет,
Кан төгүлчү күн болсо,
Калкка салып калбаны,
Ханбыз – деп жүрүш не керек?!
Ала келбей мен өзүм,
Эндекей келип калыпмын,
Болсо жакшы ал эле,
Атамдан калган жоо белек.
Жолуна сайчу уруштун,
Айгычы алтын туу, желек!” –
Деп Семетей айтканда,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Кайгырып ичтен турса да,
Кара күчкө калп эле,
Каткырыгын салганы.
Каалгадай кашка тиш,
Кашкайып чыга калганы:
“Абакем айткан ырас, сөз,
Төгөрүктүн төрт бурчун,
Алты бөлүк дүйнөнү,
Айланып келиш кыйын кеп.
Биз камынып болгунча,
Кылкандай найза көк желек,
Кызылуйук дөө келет.
Эрлерге кабар салгыча,
Эр жыйылып болгунча,
Эр көкүрөк жаш каман,
Баштаган аскер жүз миң жан,

www.bizdin.kg

Эр Мадыкан ал келет.
Арып-ачып келген жоо,
Эл жыйылып болгунча,
Элиңди тепсеп ал кетет!
Атбашы, Нарын шаарыңды,
Кара кыргыз калкыңды,
Талап алып четинен,
Чыгарбайбы тарпыңды!
Кетментөбө, Жасыңды,
Чыгыш жагы Эркечтам,
Ойдуң, түздө Коконду,
Кол жыйылып болгунча,
Мыйаздай копшойт ошону.
Баарысы колдон кеткенде,
Боро албай шайың бошоочу.
Зордук менен баш ийген,
Зомбулуктан тынч жүргөн,
Жедигер караан болобу?!
Чайчүй, Букар, Шаңкайлык,
Анда келбейт айлыңа.
Келмек түгүл ошолор,
Жолобой качат жаныңа.
Мен кошулдум бул жерден,
Баралы – деп – алдына.
Абакем айткан акылга,
Арбагына сыйынып,
Атабыз Манас баатырга!
Кеткинче барып көрөлү,
Ажал жетсе өлөлү.
Элге бөлөк салдырбай,
Кызылуйук, Мадыкан
Бир беттешип көрөлү.
Кыйын да болсо Кызыл дөө
Карып калган киши окшойт.
Кырмызы шаанын Мурадил,
Как ошончо бардыр ал.
Керимбай менен Үмүтөй,
Өзүбүзгө маалым жан!
Мадыкан атын уккалы,
Сонордоку бүркүттөй,
Мен ошого кызыгам.
Бүтүлүү тоо болсо да,
Бир бүлүнтүп буздурам.
Карыйа Бакай, хан Семей,
Мен экөөңдү кош кылам.
Күүлөнгөн экен анжулар,
Торопойун тоздурам!
Ар качан арка тирегим,
Эр Канчоро сен турсаң.
Сакалы аппак кебездей,
Саадагы кырк кез хан Бакай,

www.bizdin.kg

Тууга ээлик сен кылсаң.
Алатоодой залкайып,
Адамзаттан салты артык,
Абакем Семей алп турсаң!
Агеркеч жазган катында,
Коңурбайдын аты жок.
Кордукту салчу жоо ошол,
Мунун кол катышкан наркы жок.
Каңгайдаң калмак бузулбай,
Хан Коңурбай кол жыйбай,
Калгандары канчалык?
Кызылуйук, Мадыкан,
Кылалбайт карчаш анчалык.
Хан Коңурбай кошулса,
Элчилешип сүйлөшүп,
Анан элди жыйалык.
Кошулбаса Коңурбай,
Уруштун дайны жок туруп,
Кошун курап, кол жыйнап,
Тышкарыдан кол сурап,
Журтту упурак кылбайлык.
Жок сөздү айтып жобурап,
Жоодон коркуп калгансып,
Ушул жерде турбайлы.
Карагулдун өлүгүн,
Хан Коңурга туйгузбай,
Калган жоону жайлайлы!
Күрпүлдөктүн куйушка,
Биз баралы беш күндө.
Биз көрбөгөн жер экен,
Абакем жолун билбесе.
Көөрүктүүнүн кырында,
Көкжаңгактын адырда,
Калмактардын жылкысы,
Карагул айдап баккан мал,
Байкасам бүгүн ушунда.
Калган элди аралап,
Казактан төрт, беш бала таап,
Тогуздун айы он беши,
Жылкыны Күдүр айдаса.
Алыпсың жылкым кана – деп,
Хан Коңурбай дооласа,
Жылында алман берем – деп,
Баскан мөөрү бар эле,
Айтабыз алтын кана – деп?
Жылкы колго тийгенде,
Хан Коңурбай калчага,
Жооп айтыш арзан кеп!
Чакырып баарын келгиндей,
Куйткулап күүлөп казакты,
Көчүрбөсө башка эл.

www.bizdin.kg

Ак калпак кыргыз калган журт,
Жан жыргатсын жай жатып.
Жанынан тойгон душманга,
Биз баралы кан чачып.
Салгылашып көрөлү,
Маңдайдан терди агызып.
Эл багалы жыргатып,
Өз үйүнө жаткызып.
Аттаналы, жүрү" – деп, -
Эр Гүлчоро муну айтып.
Үзөңгүгө бут артып,
Жалпы минди атына.
"Күдүр бекти калгын – деп,
Эңиш тартып батышка,
Кызылжар, Семей, баргын – деп.
Болумдуу тың баладан,
Төрт, бешти жыйнап алгын – деп.
Кабарлап туруп биз жакты,
Каңгайлыктын жылкысын,
Калтырбай айдап жангын" – деп.
Күдүр бекти таштады,
Күрпүлдөктүн куйушка,
Төрт берендин басканы,
Баратып Бакай айтканы,
Көргөмүн жолун шибердин,
Ааламга аты таралган,
Амырдын суусун үч кечтим.
Желе-жорто бастырсак,
Эрте басып, кеч жатсак,
Сегиз күндө жетебиз.
Селдей болгон аскерге,
Жер жайнаган көп элге,
Баштаймын жолун, балдар" – деп,
Абаң Бакай жөнөдү.
Таң сүзүлүп агара,
Аралашып кошо ага.
Аттарга минип камына,
Кечкурунку бүрүлдө,
Таанылбас киши күүгүмдө,
Тамак ичип жайланып,
Төрт кашка кетип баратат,
Чоң Инген тоосун айланып.
Сегизинчи күнүндө,
Күн козу түш кезинде,
Чыгып келди төрт берен,
Ача мойун ок бир белге.
Чыга калса мойнокко,
Жээрде кашка жайдак бээ.
Байлалуу турат туу белде.
"Адам бар жерге келдик" – деп, -
Жээрде бээни көргөндө,

www.bizdin.kg

Имерилип турду эле.
Аңгычакты бир бала,
Ээрчиткен тайган ити бар.
Көтөргөн мылтык, капканы,
Чыга калып жандоодон,
Төрт беренди көргөндө,
Жүрөгү чыга жаздады.
Коркконуна ал байкуш,
Үстү жаккы ак тоого,
Сары ала таш чоң зоого,
Жан соогалап качпады.
Кадам таштап, бут серпип,
Бери карай баспады.
Көрүп туруп Гүлчоро,
Колун булгап чакырды:
“Кел бери, - деп – чакырса”, -
Бечара байкуш мергенчи,
Жүгүргөнчө шашылды.
Жакын кирип келгенде,
Төрт берендин айгине,
Айдай жүзүн көргөндө,
“Абаке”,- деп чакырып,
Бакайдын аты айтылып.
Андан башка кеби жок,
Токтоп калды апкаарып.
Кыйа карап Канчоро:
- Кел, Жээнбай, келгин-деп,
Эмине кылып бул жерге,
Капкан, тузак көтөрүп,
Не жумушка келдиң-деп?
Бөрү токой, көк талаа,
Үчкаркыра адырда,
Бештен киши кемибей,
Жүрүчү эле жаныңда.
Көтөрүп тапкан жүрөсүң,
Бу жерде кандай жүрүшүң?
Келчи жакын жаныма.”-
Канчородон кеп угуп,
Алдакаткан Жээнбай,
Арстандарга жоолугуп,
Бышактап ыйлап бир далай,
Бир убакта соолугуп.
Улутунуп, үшкүрүп,
Жанына келип булардын,
Олтурду анан үңшүйүп.
Кылчайып карап хан Семей:
“Жаш кабылан Канчоро,
Бул Жээнбай кайсы элден?
Атынан айтып чакырдың
Таанысыңбы муну сен?” -
Канчоро жооп бергинче,

www.bizdin.kg

Палан-пастан дегиче,
Жээнбай сөзгө келди эле:
“Айсалкындын кызынан,
Казакта жүрүп туулган.
Алп Жамгырчы баатырдын,
Жээнинин жээни элем.
Өзүмдүн атым Жээнбай,
Эр Семетей, не болдуң,
Мен жээниңди таанычбай?
Дайынсыз киши мен эмес,
Алп Жамгырчы тайым бар.
Бирге жүргөн, бирге ойноп,
Бирге өскөн чүкө ойноп,
Жатса, копсо бир жүргөн,
Канчоро менен Гүлүстөн,
Күнөскө ууга келгенде,
Үйүмдө далай жүрүшкөн.
Кыштайым күнөс күнгөйүң,
Жайлайым Текес тескейин
Жүрүчү элем эркимче,
Өткөн жылы жазында,
Ишим кетти тескери.
Күнөскө барып кыштабай,
Түлкүсүнө кызыгып,
Каркыранын адырда,
Бүркүт салдым мен кыштай.
Түлкүгө бүркүт салганда,
Бүркүт кара карап аппак,
Түлкү кызыл өзүмө,
Сулуу кыздай көрүнүп.
Сегиз найза өңөрүп,
Баатыр бүркүт кызытып.
Күндө алдырып түлкүнү,
Наспей тартып, бөрк ыкшап,
Жүрүптүрмүн кеңгиреп.
Бүркүт учпай жаз келди
Калыпмын казак ичинде,
Жалгыз үйлүү кыргыздын,
Маанайы элден бас келди.
Чогулду казак элдери,
Каркыранын түзүнө.
Көп жыйналып эл келди,
Керимбай бөлүп бийлерди.
Сен, Жээнбай, үйүнө,
Кетип калгын турба – деп,
Кубалап мени жиберди.
Топ тарады, эл кетти,
Эки күн өтүп, үчүндө,
Көчкүнүң – деп – Жээнбай,
Алты, жети эр жетти.
Үйүмдүн  сыйрып тутуусун,

www.bizdin.kg

Эркектерге бүктөттү.
Он эки атан төөм бар,
Комдолуу атан төөлөргө,
Бар дүнүйөмдү жүктөттү.
Алдына түштүм көп көчтүн,
Көркөмүн көрдүм көп жердин.
Эки ай көчүп бир тынбай,
Амырдын агын бойуна,
Чоң Ингендин тоосуна,
Күрпүлдүктүн куйушка,
Айдап келип кондурду.
Жээнбай качып кетет – деп,
Эки үйлүү коңшум бар.
Өзүм менен үч элем,
Казактарга кайтартты,
Төрт күн жаттык былк этпей.
Бээ байлабай, мал саабай,
Кара чай менен нан жедик,
Тээ Анжыйандын сартындай!
Күн алтыга жеткенде,
Үмүтөй менен Керимбай,
Жыйнады элди жайма – жай.
Байлардан алтын дилде алды,
Мен Жээнбай шордуудан,
Сегиз атан төө алды.
Төөмдү алса жөн албай,
Ком-чомумду кошо алды.
Ком чыгышпай төөлөргө,
Үйүмдө үзүк жок калды.
Аргамжы, жибим бүт алды,
Кыштай бүркүт салуучу,
Эки атымды кошо алды.
Кол, буту жок жыландай,
Сойлотуп мени таштады.
Жээнбайың бул күндө,
Мүлжүгөн баш баштанды!
Айлам кетти меники,
Ээрчитип тайган ит алдым.
Эки бала, бир катын,
Аш таба албай саргардым!
Капкан жайдым кыймага,
Ачканын аңы жүрбөйт - деп,
Эч нерсе түшпөй кыйлага.
Асынып мылтык кийикке,
Ар күнү чыгам бийикке.
Көөнүм тартып, аң издеп,
Бүгүн келдим бул жерге.
Талабы келип оңунан,
Арылып шорум маңдайдан.
Эне төркүн арстандар,
Учурап калдың алдымдан!

www.bizdin.kg

Өткөн жылы жай жаттык,
Кыштай мында кыштадык.
Жайдын күнү үч мезгил,
Күн жаайт экен бул жерге.
Кыштын күнү беш мезгил,
Кар жаайт бул жерге.
Эки күн жарык жаркырап,
Күн тийбейт экен дэгеле!
Эки катар тон кийсе,
Токтобой киши титирейт.
Жайдын күнү кол үшүйт,
Териден мээлей кийбесе!
Быйыл жаздын алдында,
Кызылуйук дөө келди.
Кыркы миң аскер кол келди,
Коногу менен жүтөтөп,
Түгөтүп болду бул элди!
Аздык кылып Кызыл дөө,
Манжудан келди Мадыкан.
Артындагы аскери,
Кем эмес бирөө жүз миң жан.
Үмүтөй менен Керимбай,
Санатын оң миң толтуруп,
Эр жыйнады казактан.
Эми үч күндө аттанып,
Таласка бармак бул жактан!
Жолуктубу сиздерге,
Мага коңшу жүрүүчү,
Молдо Күдүр байкушту,
Агеркеч мындан атказган?
Кызыл дөө менен Мадыкан,
Үмүтөй менен Керимбай,
Шек албады айактан.
Шек алып калса кокустан,
Чаптырмак киши артынан.
Желмогуздай Кызыл дөө,
Чочконун бойу бир дөбө.
Ырайым кылар түрү жок,
Кол салышса бирөөгө.
Манжудан келген Мадыкан,
Ал капырдын мен айтсам,
Узун эмес анчалык,
Жоонойбойт киши анчалык.
Орто бойлуу, сом белдүү,
Кара мүртөз таш жүрөк.
Таамай каман түспөлдүү.
Маңдайында жалгыз көз,
Кыйанга толгон көл өңдүү.
Ыраңы башка адамдан,
Кыш кууратан чөп өңдүү.
Өзүнө окшош доңуздун,

www.bizdin.kg

Мингени шумдук Көк бука,
Как тумшуктун үстүндө,
Жалгыз мүйүз уйу бар.
Ээсинен мурун камынып,
Челий турган жайы бар.
Ээсинен бетер кан ичме,
Эби жок жаман малы бар.
Жүз элүү миң аскерге,
Жүрөгү курч эки эрге,
Келипсиңер төрт берен.
Келбес бекен алыңар,
Тил алсаңар баарыңар,
Таласка кайра жаныңар.
Арбын аскер, кол жыйнап,
Утур чыгып алдынан,
Анан салгылашып багыңар.
Болбосоңор айтканга,
Талкалап жеп койгудай,
Кызыл дөөнүн каары бар.
Өңөргөн чокмор алдында,
Көзүм көргөн бир ишти,
Күчүн чочко билгизди.
Чатырынын жанында,
Өзү чакыр таш дөбө,
Туручу эле кышында.
Кечээ көктөм маалында,
Эриккенде Кызыл дөө,
Чокморун күүлөп колго алды,
Таш дөбөнү бир салды.
Чокморун тартып алганда,
Кумдай болуп чачылып,
Дөбөнүн орду казылып,
Таштан неме жок калды.
Көзүм көрдү чочкону,
Көрмөк тургай мен мурун,
Укпагам мындай балбанды!
Бирок буга Мадыкан,
Өз ойунда арданды.
Ушу дагы ишпи – деп,
Маңдайында кырчакка,
Жалама жалтаң ак ташка,
Төрт бута келет бийиги,
Эчки чыгып жатчу эле,
Өзү эңкек зоо эле.
Басып барып жанына,
Күбүр-шыбыр дегенсип,
Көрсөтүп койду уйуна.
Өкүрүп бука жер чапчып,
Өкүрүгү мээ жарып.
Челийип көзү кызарып,
Жалгыз мүйүз башында,

www.bizdin.kg

Ченебей сүзүп түз барып,
Илип алып мүйүзгө,
Таштады зоону аңтарып.
Буканын күчүн көрсүтүп,
Мадыкан өзү өрөпкүп.
Көр күчүмдү дегенсип,
Кубангансып жымыйып,
Күлгөнү шумдук, түрү суук,
Шилекей агып ууртунан,
Тиштери кара көрүнөт.
Кабышкан иттей ырсыйып,
Букага минди шапа-шуп,
Ал балтасын алып кырсыйып.
Бир бакырса түгөнгүр,
Айылда киши аптыкты.
Өзү коркок жандардын,
Үзүлүп кетип колкосу,
Көөдөнүнөн жан чыкты.
Бооз катындан отузу,
Бала салып кутулду!
Тээ маңдайда турган арсайып,
Башын аппак муз чалып,
Кереге тарткан тоо эле,
Кыйа тартып Мадыкан,
Балтаны шилтеп жиберсе,
Сырты тийген жеринен,
Учуп кетти жон эле.
"Балта бел"-деп- ат койдук,
Күчүн көрдүм ошонун,
Каарына алса Мадыкан,
Алдынан кимиң тососуң?
Уккан жана көргөнүм,
Укмуш кулак билгеним,
Баарын такыр мен дедим,
Эми өзүңөр билгиле,
Мындан нары калганын.
Арбагы эбеп жөлөйт ко,
Биз айталык Манас оорагын.
Силерди көрдүм, баатырлар,
Мен үйүмө барайын.
Эл жатканда ээрчитип,
Эки бала, катыным,
Казан, чөмүч көтөрүп,
Алтүндө келе калайын.
Казан асып, суу койуп,
Чай кайнатып берүүгө,
Мен жээниңер жарайын"-
Деп, токтолду Жээнбай.
Анын кебин укканда,
Жергелей тартып төрт баатыр:
"Айтканың ырас Жээнбай,

www.bizdin.kg

Көп кечикпей кайта бар.
Жылдыз такта мезгилде,
Катын, балаң ээрчитип,
Алды жакકы көрүнгөн,
Талаанын үстү секиге,
Ошол  жерге келе кал.
Камсыз келбей, камдуу кел,
Алда кандай күн болот,
Өзүңө керек буйумуң,
Калтырбай баарын ала кел.
Учурашып биз менен,
Тойунтуп катын, балаңды,
Сен күнөсүңө бара бер.
Эки душман беттешсе,
Эр сайышып кектешсе.
Солкулдайт да, калкылдайт,
Токтоно албайт кара жер!
Жайытта жүрөт арбын мал,
Төөгө жүгүң артып ал.
Катының менен экөөңөр,
Тандап эки атты ал.
Бүгүн алың келе албайт,
Эртеңки түнү жолго сал.
Кааласаң баргын күнөскө,
Кааласаң баргын Таласка.
Тынчылыктуу жер десең,
Көчүп баргын Нарынга.
Жүзүң тайбай, кадыр таап,
Сен жүрөсүң, Жээнбай,
Жалгызектин алдында".
Барар болсоң каерге,
Акылыңды токтотуп,
Анан келгин алдыма.
Сен келгиче кечикпей,
Кат жазамын камына.
Бааруучу жериң чын айтсаң,
Сен бааруучу жериңдин,
Атын жазып беремин,
Актай калган жайына."
Семетей мындай айтканда,
Токтоло калып Жээнбай:
"Кагылайын, хан төрөм,
Эки ооз айтар кебим бар.
Кеткин-дедиң-мени сен,
Кыргыздын уулу дедиңби?
Турайын десем болбодуң,
Чай кайнатып бере албай,
Ачка койот дедиңби?
Жаман катын, жаш бала,
Өлүп кетсе урушта,
Каңгырап жалгыз калат-деп,

www.bizdin.kg

Менин камым жедиңби?
Урматыңда өзүңдүн,
Узап кетип калайын.
Кат жазып кагаз маа берсең,
Текести ээлеп алайын,
Ар жагы Текес, Кулжа бар,
Бер жагы Тоң, Ысыккөл,
Башкы жагы Музарттан,
Чыгыш жагың кош жылгаң,
Жапа жемиш түрдүүлөр,
Чыгат экен көп анда.
Арык казып, суу койбой,
Бышат эгин айдаса,
Өзүң берсең өтүнүп.
Мен жатайын ал жайда.
Жээнбайдын эли - деп,
Айтылып калат ар кайда"
Айтканын кабыл алыптыр,
Айабай катты жазыптыр.
Текестин айак жагында,
"Жээнбай жайлоо" деген жер,
Ушул кептен калыптыр.
Колуна жазган катты алып,
Коңшу түтүн көп болуп,
Короого кайкап, кой толуп.
Сандап жылкы саагандай,
Көңүлүндө кош болуп.
"Кош эмесе – деп – койуп", -
Жээрде кашка бээ менен,
Желип кетти оштонуп.
Эми булар нетиптир,
Жээнбайга көрсөткөн,
Талаанын үстү секиге,
Түн ичинде жетиптир.
Болжогон жерге жеткенде,
Эл уктаган кездерде,
Эр от кылып, от жагып,
Казан асып, муз салып,
Талаада салар чай кайда,
Чай ордуна туз салып.
Куурган арпа талкандан,
Курулай сууга чалдырып,
Жатмакчы болду берендер,
Олпокторун жамынып.
Анда Гүлүс кеп айтат:
"Кабылан Семей, хан абам,
Кара чаар жолборсум,
Ой, Канчоро, жоромсуң.
Гүлчоро айтат бир кепти,
Көөн койуп уккула.
Жарабаса айткан кеп,

www.bizdin.kg

Жабырап тилдеп салгыла.
Мен барайын кошунга,
Түндүн кара чапанын,
Чүмкөй жаап башыма.
Жылдыздан мончок тагайын,
Шырп алдырып, сыр бербей,
Манжу менен жапандын,
Алда кандай сыры бар,
Анык кабар алайын.
Жазбай табам мен үйүн,
Жээнбайды табайын.
Жээнбайды жиберип,
Агеркеч менен сүйлөшүп,
Акылдашып канайын.
Өлбөгөн жанга аш керек,
Эки-үч төөгө аш жүктөп,
Жетелетип жээнге,
Жетип келе калайын.
Жараса ушул акылым,
Уруксат берчи, хан Бакай,
Көп кечикпей барайын.
Таң агарып аткыча,
Дайар болуп калайын”.
Гүлчоро мындай дегенде,
Күйгүлүктүү Семетей,
Күрпүлдөп сүйлөй берди эле:
“Манжудан кабар алганың,
Анык акыл, Гүлчоро.
Жапандын сырын тартканың,
Мунуң акыл, Гүлчоро.
Анан Агеркечке жөлөнүп,
Төө жетелеп, ун жүктөп,
Ууру киши кептенип,
Бул айтканың кандай кеп?!
Кайнаган какан Бейжинден,
Алыстан келген Алмамбет,
Ал аш ойлогон жан бекен?
Атакем Манас, айкөл шер,
Ошол аш ойлогон эр бекен?
Өмүр бойу аларга,
Астында жүргөн жол баштап,
Мына бу Бакай карыйа,
Ууру кылган жан бекен?
Ачка элден барып, ун алып,
Айылга түйшүк бир салып,
Ал эркектин иши эмес,
Ушинтип эптеп, жан багыш!
Эртең өөрүн алабыз,
Кези келсе тапкан мал,
Жоонуку – деп, - айтышкан.
Кезегинде баккан мал,

www.bizdin.kg

Жуттукту – деп, - айтышкан.
Эртең менен болгондо,
Алып келип сойорбуз,
Жайылып жаткан көп малдан.
Чалгынга барсаң, барып кел,
Кызылуйук, Мадыкан,
Катышпай ага жанып кел.
Айла кылып, жан кыйып,
Уктап жаткан душманга,
Түнүндө барып урушуп,
Тынчын анын кетирбе!
Паана издеп келген казактын,
Ишенип жүргөн эрлерин,
Көк түздө сайып түшүрүп,
Көрүнөлү көзүнө.
Белгилеп уруш туу жайып,
Беттешип чыгып, эр сайып.
Бир көрүнсө казакка,
Өзүнөн өзү жаталбай,
Казактар калат азапка.
Калп эле күлүп ырсактап,
Чөмөрө кийип калпагын,
Көбү келет кыйшактап.
Кескен казы, кошкон май,
Сары кантын коншо алып,
Табактарын кучактап,
Алдуусу келет тай сойуп,
Алда нечөө кой сойуп.
Куушуруп колун келбейли,
Уурдап келип нан жесең,
Атага наалат келбейби?!
Абийирден тайып каласың,
Агеркечке канткенде,
Аштык бер – деп, - барасың?
Мадыкан, Кызыл дөөлөрдүн,
Кыйындыгын көрөйүн.
Кыйалың жаман турасың,
Былкылдабай сен жаткын!” –
Семетей айтып болгуча,
Кайраттуу шер Канчоро,
Кайраты артык эр чоро,
Кабыландай каркырап,
Ачуусу келип аркырап,
Күүлөнүп сүйлөп Гүлүскө,
Шашыла сүйлөп чачылат:
“Баарыбыздын атабыз,
Баатыр Манас арбагын,
Түн ичинде жоо алып,
Канткенде аны сатабыз?!
Абамдын качат оорагы,
Аман-эсен жаныңда,

www.bizdin.kg

Арстаның карап турбайбы?
Кечээ Сыр коргондо урушта,
Хан абам калды туйукта.
Түн ичинде жоо чендеп,
Кыйла жумуш кылдым – деп,
Жүрүптүрсүң сен ага.
Жапандан келген Кызыл дөө,
Карыйа Бакай, хан Семей,
Гүлчоро баатыр жолборсум,
Өтүнөмүн силерден,
Ушул ишти мага бер!
Канчорону кызматка,
Салып койуп урушка,
Калганыңар жана бер!”
Эки күндүн артында,
Кийин болчу урушту,
Камынып сурап турганда,
Бек ыраазы болушту,
Канчородой тууганга.
Айткан сөздөн жанбаган,
Айтканын кылбай калбаган,
Эр Гүлчоро баатырга,
Кыйын болду бул заман.
Аттардын ээрин алышты,
Акканкы койуп башына,
Чыканактап калышты,
Чырым уйку алышты.
Тулпарлардын чылбырын,
Кармай жаткан арстандар.
Таң агарып атканда,
Тараза жылдыз батканда.
Тоодо улар чакырып,
Токойдо элик бакырып.
Көзү көрдү кыйланы,
Жердин бети ачылып.
Эр Семетей көкжал шер,
Кашатка чыкты шашылып.
“Кечөө күнү, кеч келдим,
Сайышарга жер барбы?
Карап туруп кашаттан,
Белгилеп койуп келейин,
Ылайыктуу жер болсо,
Алдырып барып сайайын,
Атамдан калган желегим”, -
Дөбөгө чыгып Семетей,
Төрт тарапка көз салып.
Жайнаган казак, манжуну,
Жапандан келген кырк миң кол,
Көптүгүнө таң калып.
Ээк алдында бир талаа,
Эр сайышчу жермин – деп,

www.bizdin.kg

Чыга калды тандалып.
Канчоролоп бакырды:
“Алды жаккы кашатка,
Атадан калган белекти,
Абакем ала келген желекти,
Сайып келгин сен барып.
Желекти көрүп жапандар,
Анжу, манжу, казактар,
Эртеңкече ашыкпай,
Армансыз чыксын камданып”.
Канчорону жиберип,
Кайраттуу туулган каракөк,
Кайра келди залкайып.
Хан Бакай жатат оорукта,
Таласында жаткандай,
Эчтемеден кенебей,
Эрен кары чалкайып.
Аш-тамагын белендеп,
Турган экен Гүлчоро,
Аскалуу тоодой заңкайып.
Тууну сайып кашатка,
Күндүн мурду чыга элек,
Кайра жетип келди эле,
Канчоро баатыр калкайып.
Ошо күнү Керимбай,
Жүрөгү туйлап ыргыштап,
Таң аткыча көз жумбай,
Үйгө жарык киргенде,
Ордунан турду жаталбай.
Желбегей чапан жамынып,
Эки жеңи салынып,
Эшикте турса Керимбай,
Жээнбай калды кабылып.
Күдүңдөп жүргөн Жээнбай,
“Кетейин” – деп камынып.
“Кайда бардың, Жээнбай,
Карбаластап таң атпай?
Күдүр молдо экөөңөр,
Күдүңдөп калдың тынч жатпай.
Ийинге мылтык асынып,
Ээрчитип тайган, ит алып,
Сен кийикке барбагын,
Бүгүндөн кийин тил алып!
Кыйшаңдабай шыбырап,
Куймулчак кыпчып жатпасаң,
Кордукка башың саласың.
Кокуйлатып сабатсам,
Бир балаага каласың!
Эл кобо элек таң ата,
Сени сакчы койбосо,
Кара кабың көтөрүп,

www.bizdin.kg

Кайсы жакка барасың?”
Жөн жүргүн деп кекээрлеп,
Жөн эле жүргөн кишини,
Керимбай калды такымдап.
Жан айабай карганат,
Байкуш Жээнбай такылдап.
Каңгыра какшап, кан безеп,
Жалынып турат какылдап.
Жүрөгү турбай Керимбай,
Туйлап турат лакылдап.
Кылчайып артың караса,
Түшчүлүк алыс кыр ташта,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Көрүнө түштү көзүнө,
Күн чагылып жалтылдап.
Желекти көрүп далайып,
Бүткөн бойу шалайып.
Жээнбайга кеп кылбай,
Кайра басып салпайып.
Үйүнө кирип балпайып,
Дүрбүсүн алып далпайып.
Кыйланы кылчу немедей,
Туш келтирип желекти,
Тиктеп калды тамтайып.
Желекти байкап караса,
Кызыл желек жарашкан.
Бетине салган ай белги,
Сары алтындан кадаткан.
Бир көргөндө кызыл туу,
Титиретип жадаткан,
Желекти абдан байкады!
Баатырдын таанып желегин,
Балаа баскан Керимбай,
Титирек кирип бойуна,
Менменсиген неменин,
Коркунуч кирди ойуна.
Байкап турган Жээнбай,
Үйүнүн келип жанына.
Чуркап барды Жээнбай,
Керимбайдын алдына:
“Ээ, Керимбай, эреним,
Көп элге тийген керегиң.
Аңчы киши кептенип.
Дүрбүңдү салып, көп тиктеп,
Токтоно албай сенделдиң.
Казак, кыргыз бир тууган,
Айта салчы, баатырым,
Эминени сен көрдүң?
Көргөнүңдү мага айт,
Сен айтпасаң, Керимбай,
Жашырбастан мен айтам.

www.bizdin.kg

Кечээ күнү түш менен,
Түш кыйыган кез менен.
Багылдыр этин көтөрүп,
Келе жатсам таш менен.
Талаадан көрдүм төрт киши,
Мен көрбөгөн эл экен,
Мындан мурун бир иши,
Мени көрүп калыптыр,
Желип келди бир киши.
Келген киши кеп айтты,
Ким болосуң – деп айтты?
Ага айткан кебим бул,
Ой десе, ой – деп – кол булгап,
Тилим кекеч – деп булгап,
Жооп бербедим түз гана,
Сөзгө келсем ал жерде,
Койбостой тирүү көрүндү,
Боз ала чамбыл таш жерде.
Жөө жүгүрүп тамтаңдап,
Айылга келдим мен араң,
Эл жатып алган мезгилде.
Ордуман туруп эртелеп,
Сени көздөй энтелеп,
Бара жаткан кезимде,
Айтайын – деп – мен сизге,
Эми эле келсем жаңына,
Карабай, баатыр, алыма,
Тилдеп кирдиң жемелеп.
Айбатыңдан жазгандым,
Алдыңдан кайра баскамын.
Үйүмө барып кире албай,
Көз айырбай бек тиктеп,
Дагы айланып Керимбай,
Сурар бекен – деп тиктеп.
Жөлөнүп турсам кырчоого,
Үйгө кирдиң шашылып,
Эшикке чыктың жүгүрүп,
Дүрбүңдү алып ашыгып.
Карадың кыйла кыр ташты,
Байкап туруп ойлодум,
Катырат – деп, - баатыр не башты?
Сен тилдесең жемелеп,
Элди басат калтырак.
Айрыкчасы Жээнбай,
Эртең менен алдыңдан,
Басалбай калдым калтырап.
Менден бетер, Керимбай,
Сен калыпсың алдырап.
Коркосуң эмне мынчалык,
Бүткөн бойуң шалдырап?
Көрүнүп бүтүн калыптыр,

www.bizdin.kg

Кыр ташта желек жаркырап.
Дүрбү салдың таң менен,
Мен жүрөмүн ар күнү,
Таш аралап аң менен.
Жалтылдаган кыр ташта,
Таанышыңбы абыдан,
Эмне укмуш айтчы сен!
Бекерге мени тилдедиң,
Айткалы кеңеш алдыга,
Атайын издеп келсем мен.
Алыстан көрүп желекти,
Аптыгып үйдө сүрдөдүм.
Жаным бышык меники,
Кечээ жүзүн көрүп өлбөдүм!" –
Деп, божурап Жээнбай,
Керимбайды какшыктап,
Сыр алдырбай сөзүнөн,
Жел чыгарбай бек мыктап,
Корккон болуп, калп эле,
Өлпөң – сөлпөң жүгүрүп,
Кайра тартты кыпчыңдап.
Бара түшүп кылчайып:
"Сен сакчыңа айтып кой,
Келип калса Жээнбай,
Тоспогун – деп – кылайтып.
Адырга чыга барайын,
Абыдан кабар алайын.
Ал түндө бир мезгил,
Сага кабар салайын.
Киргизбей койсо сакчылар,
Кетет го менин амалым!"
Кетер жакты жолунун,
Кеңири ачып эшигин,
"Жерге киргир жаткын" - деп
Желип кетти Жээнбай.
Ал Керимбай тура албай,
Нашта кылып, чай ичип
Кадимкидей күлүңдөп
Ашыкпастан жай ичип.
Адатынча келтирип,
Куурдак менен май ичип.
Арагынан ууртабай,
Үйүнө кирип катынга:
"Тамак барбы мага" - деп, -
Эки жеңин жыйа албай,
Не кыларын биле албай,
Үмүтөйдүн астына,
Барып кирди Керимбай.
Эки колу төбөдө,
Жаткан экен Үмүтөй,
Ойгоно элек төшөктө,

www.bizdin.kg

Эшиктен кирген Керимбай:
“Ээ Үмүтөй, Үмүтөй,
Не жатасың кебелбей?
Келип калган окшонот,
Канкордун улуу Семетей,
Жүрөгүм туйлап жай бербей,
Кирпик ирмеп көз илбей,
Таңаткыча ойлонуп,
Уктабадым кенедей.
Эрте турдум таң менен,
Таңдын сонун шамалы,
Жүрүп жаткан мал менен,
Жээнбай келе жатыптыр,
Желе жорто аң менен.
Маектештим бир далай,
Суракка тартып ал менен.
Жаны калбай бүжүңдөп,
Кеп кыла албай күдүңдөп,
Алсырады Жээнбай.
Аңгычакты кылчайып,
Түштүк жакты карасам,
Көк талаанын кашатта ,
Асылуу желек таң  менен!
Алда кандай жумуш-деп,
Дүрбү салып карадым.
Караганда тааныдым,
Баатыр Манас байрагын.
Тиктеп калдым селейип,
Туруп калдым делейип,
Кыйла кепти маа айтты,
Жээнбай кайта ал келип.
Кечээ күнү бешимде,
Бир кишиге жолуктум.
Жолуккан киши айтты - дейт,
Менин атым Гүлчоро,
Алыскы жерден келдим-деп,
Айтыптыр экен ошондо,
Бечара байкуш Жээнбай,
Коркуп калган белем, дейм,
Мага кабар айтам - деп,
Таң аткыча уктабай,
Эшик сактап жүргөн бейм.
Көргөнүм алтын кызыл туу,
Уккан кебим мына ушу.
Уйкуңду бузуп ойготуп,
Үстүңө келген жумуш бу”.
Керимбай сөзүн угуптур,
Үмүтөй ыргып туруптур.
Үмүтөй менен Керимбай,
Мадыкандын кошуна,
Булар барды туралбай.

www.bizdin.kg

Башын салып ээрчишип,
Барып кирди уйалбай.
Керимбай кирсе эшиктен,
Келберсиген Мадыкан,
Тура элек экен төшөктөн.
Керимбайды көргөндө:
“Кел Керимбай,Үмүтөй ,
Эл турбастан келдиңер?
Ашыгыш мага бар беле,
Айта турган кебиңер?”
Мадыкан муну сурады,
Ал сураса Керимбай,
Айтпай карап турабы:
“Камындык , баатыр сиз болуп,
Чогулуп кеңеш кылганбыз,
Чогуу олтуруп биз болуп.
Бир укмушту мен көрдүм,
Мындай укмуш көрбөгөм,
Эрте туруп таң менен,
Эшикке чыктым туралбай.
Түштүк жаккы жал таштан,
Бир элести мен көрдүм.
Эч кишиге айтпадым,
Дүрбү салып байкадым.
Байкасам кызыл туу экен,
Ал Манастын алтын туу,
Сайылып ташка туруптур,
Семетей келип калган бейм,
Селдей жайнап кол курап,
Казабына алган бейм.
Түк кишини көрбөдүм,
Желегин көрүп жазгандым,
Жүрөгүм чыгып өлбөдүм.
Сиз тургуча туралбай,
Айтайын-деп-жөнөдүм.
Сизге айттым көргөнүм,
Ага да айтып койойун,
Кызыл  дөөгө жөнөйүн.
Балбанга кабар салайын,
Өзүң ойлоп иш кылгын,
Андан кийин калганын”. -
Айтып койуп Керимбай,
Кайра басып жөнөдү:
“Кызыл дөөнү бул жерге,
Кычырып кел Керимбай.
Башка киши жибергин,
Каадалантып чочкону,
Чакырып ага сен барбай!” -
Деп, Мадыкан бир тиктеп,
Бир сакчысын жүгүрттү:
“Кызыл дөөнү кычыр-деп.

www.bizdin.kg

Айтор оңой иш эмес,
Көп кечикпей келсин” - деп.
Сакчысын баатыр буйурса,
Барбай турган эркиби?
Чуркаган бойдон барыптыр,
Дөөгө кабар салыптыр.
Күңгүрөнгөн капыр дөө,
Көптү көргөн баатыр дөө,
Бойу узун адамдан,
Орто карта бир дөбө:
“Мен барбаймын ал жерге,
Керек болсом Мадыкан,
Өзү келсин бул жерге!” -
Деп, ошентип Кызыл дөө,
Орто жерге келгенде,
Олтуруп алды бир жерге.
Дөөгө барган сакчысы,
Уккан, көргөн бар кебин,
Такыр айтып келди эле.
“Барбасак кандай болот” - деп,
Мадыкан баатыр, Үмүтөй,
Баарын кылган Керимбай,
Басып барды жанына,
Булар минтип жаткынча,
Чайын ичип алгынча.
Гүлчоро менен Канчоро,
Кара көк Семей ,хан Бакай,
Кабыландай төрт арстан,
Дөбөнүн чыгып башына,
Дүрбү салып карашкан.
Кыр ташты алып чекеге,
Чендеп байкап калыптыр.
Эр Семетей көөдөгүң,
Аскер менен иши жок,
“Жери кандай экен” - деп,
Тоо-ташты тиктеп калыптыр.
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Көп акыл бар эр ошо.
“Жапан, манжу, казактын,
Жайнаган аскер көп элин,
Чендеп байкап билейин”, -
Деген кыйал ой менен,
Кыйа карап олтурду.
Хан Бакай дүрбү шыкаалап,
Уруш кылар жер чендеп,
Алдындагы талааны,
“Баатырлар чыкса жекеге,
Ылайыктуу экен”-деп,
Жерди байкап жатканда,
Баатыр туулган кабылан,
Кайраты толук чын арстан,

www.bizdin.kg

Атасы кыргыз нойгуттан,
Энеси кытай кызынан,
Чубактын уулу Канчоро,
Айылга дүрбү салыптыр.
Жергелешип төрт киши,
Кеңеш кылып алыптыр.
Туш келтирип дүрбүсүн,
Чындап тиктеп калганы.
Орто тоодой көрүндү,
Жапандан келген Кызыл дөө,
Ал чочконун карааны.
Дагы ирмерип дүрбүсүн,
Жанындагы Мадыкан,
Аны сынап карады.
Мадыканды бир карап,
"Баатыр ошол  экен" - деп,
Байкап ага таң калат.
Үмүтөй менен Керимбай,
Сары оорудай үңкүйүп,
Олтурат алар үксүйүп.
Алардын көрүп караанын,
Туралбады Канчоро,
Туташып ичтен от күйүп,
Мадыканды жактырып,
Сүйлөшүп жаткан немедей,
Тура калды чачылып.
Кыраандар турсун кыр ташта,
Кыйла кеп бар бер жакта.
Ал Мадыкан, Керимбай,
Үмүтөй үчөө барганда,
Кызыталак бадырек,
Кызыл дөө сөзүн баштады:
"Чай ичелек, ачкарын,
Эми туруп жатканда,
Бир кишиңди жумшапсың,
Э, Мадыкан, анжулук.
Аскериң бар манжулук,
Калмак сага кошулган,
Сенин элин үч урук.
Ашыктыңбы, Мадыкан,
Ичиңден элиң бузулуп?
Бузулса элиң, чыныңды айт,
Ички пикир сырыңды айт.
Ашыгып эрте чакырып,
Ашыкканын кай жумуш?" –
Деп, Кызыл дөө айтканда,
Мадыкан да мындай дейт:
"Жапандан келген Кызыл дөө,
Көөдөнүңдү көтөрбө.
Менин элим бузулса,
Жалынбайым сага тегеле!

www.bizdin.kg

Түштүк жакkы жал ташка,
Сайылып желек калыптыр.
Элден мурда Керимбай,
Аны көрүп алыптыр,
Анан мага барыптыр.
Тааныйт экен казактар,
Деги кыргыз желеги.
Ал Манастан калган – дейт,
Байыртан бери кыргыздар,
Кайда барса көтөрүп,
Белги кылып алган – дейт.
Ал үчүн сени чакырдым,
Кеңеш кылып алсак – деп,
Менден уксаң ушул кеп”.
Аны угуп Кызыл дөө,
Кылым элден узун дөө,
Кыйалданып ушул дөө:
“Убара кылбай Таласка,
Өзү келсе Семетей,
Ушалайын мен мында.
Ортокмун – деп – олжого,
Чатак кылба сен анда!
Көп кызмат кылды Керимбай,
Хан көтөрүп, так берип,
Башына тажы бак берип,
Бир жумшайын Таласка.
Казактарга хан болуп,
Үмүтөй көчсүн бул кайта,
Алматынын шаарына!
Манастан калган казына,
Такыр өзүм алайын.
Бүгүн аскер дайардап,
Эртең уруш салайын.
Кур койбойун, Мадыкан,
Кыргыздан алган олжодон,
Азыраак ырым кылайын!” –
Деп, ушундай Кызыл дөө,
Тамшанып тиктеп турду эле.
“Мен барамын мурун” – деп,
Кызыл дөө минтип айтканда,
Анжунун ханы Мадыкан,
Ант урган капыр ачынат,
Сөзүн айтып чачылат.
Ачып оозун жумганда,
Азуулары качырап:
“Эр Семетей баатырга,
Мен барамын алдында,
Менден мурда чыккыдай,
Мен турганда Кызыл дөө,
Сенин алың бар канча?!
Ойуң менен жоо алып,

www.bizdin.kg

Мана бу турган Керимбай,
Хан кылам дейсиң Таласка.
Керимбайга Кызыл дөө,
Хандык түшүп калыппы?!
Үмүттөйгө Кызыл дөө,
Шаар түшүп калыппы?!
Сен эркинче жүктөтүп,
Жапанга алып кеткидей,
Семетей жыйган дүнүйө,
Сага түшүп калыппы?!
Кектүүнүн баарын кор кылам,
Кесип башын жок кылам.
Тартып алып Таласты,
Тайак жеген Шаймамбет,
Так ошону чоң кылам!
Өлбөй турсам Мадыкан,
Жапандан келген Кызыл дөө,
Алтын, күмүш сага жок!
Үмүтөй менен Керимбай,
Бул экөөнө үй да жок!
Мурунку өткөн заманда,
Казактардын калмактар,
Бөлүп алган бир чакта,
Деп, ошентип мен угам.
Манас баатыр болгондо,
Манас атка конгондо.
Калмактан бөлүп казакты,
Калк катары санаптыр.
Музбурчак менен Көкөтөй,
Хандыкка муну каалаптыр.
Как ушундай иш кылган,
Катарда жок казакты,
Хан атантып журт кылган,
Кайран Манас уулуна,
Кастыкты булар каалаптыр.
Кызыталап казактар,
Каршы чыгып чоңуна,
Калк болуштан жадаптыр.
Жарытпаган өз элин,
Жалчытабы биздерди?
Анжу, манжу калмакка,
Үй башына кул кылып,
Таратып ийип тынайын,
Атагы казак дегенди,
Казак эмес, Кызыл дөө,
Катарга санап өзүңдү,
Такандашсаң сен мага,
Тазалаймын көзүңдү.
Жашым отуз чамасы,
Бүтүн жердин бетине,
Таанытайын өзүңдү!" –

www.bizdin.kg

Деп, күпүлдөйт, Мадыкан,
Көрүнө айтып жашырбай,
Бек күпүлдөйт, Мадыкан.
Үмүтөй менен Керимбай,
Күбүр-күбүр шыбырап,
“Тайгылдык – деп - биз бактан,
Ажырапбыз бокту жеп,
Арка болгон кыргыздан!”
Казактардын билгичи,
Алар антип тургандан,
Карланып Кызыл дөө,
Мадыканды бир тиктеп,
Жаман көзүн алайтып:
“Эртеңки күнү таң менен,
Күндөн мурун аттанып,
Семетейге барайын,
Селейте чаап алайын.
Кайра келип, Мадыкан,
Кутурупсуң манжулар,
Куп жайыңды табайын!
Кургак жердин жакшысы,
Улуу Инген, Кичи Инген,
Мал көбөйчү жер экен.
Жыгачы мунун мол экен,
Шаар салчу жер экен.
Жилиңден бери карата,
Так Амурга баргыча,
Беш чоң шаар салайын,
Аралда жүргөн камалып,
Жапанды жерге жетинтип,
Анан өлүп калайын.
Айтканымдай кылбасам,
Адам болбой калайын!” –
Деп, бабырап Кызыл дөө,
Кыргыз менен беттешпей,
Сыртынан олжо талашып,
Адабат болду бул экөө.
Мадыкан ойлойт ойунда:
“Теңдешер мага киши жок,
Бүтүн жердин борунда.
Чыккан чөптөй кылкылдап,
Жүз миң аскер колумда,
Эрдемсиген Кызыл дөө,
Барса барсын алдымда,
Эми эле өлүп жок болот,
Гүлчоро менен Канчоро,
Кимиси чыкса майданга.
Ошолордун колунда,
Андан кийин мен барам,
Алдыма келген немесин,
Бирден чаап жок кылам.

www.bizdin.kg

Семейтеге азыраак,
Эки айланып калбасам.
Үч имерип сайышка,
Маа тең келбейт ар качан.
Жалган кылбай айтканым,
Хан көтөрүп Таласка,
Шаймамбетти жумшасам.
Эгин бышкан ойуна,
Чөбү калың тоосунда.
Ар жагы Камбыл, Карашаар,
Ортосунда төрт тоонун,
Бешбалыктын шаары бар.
Алтай Иле, Текеске,
Кызылжар, Семей, Кеминге,
Нарындан берки көп жерге,
Анжу, манжу элдерин,
Айдап көчүп барайын,
Амурдан нары карата,
Такыр ээлеп алайын.
Кыргызды алып кыйратып,
Хан Коңурбай баатырды,
Калкынан аны табайын.
Анжу, манжу элинен,
Себеп болуп Коңурбай,
Мурадил менен Нескара,
Баш болуп канчоо өлдү экен,
Эсебин такыр алайын!
Кыбыратбай казакты,
Буларга салып азапты,
Жылкычы кылып алайын!
Көрчү абам, акетай,
Сазайы кылып буларга,
Менден өтүп казактар,
Кызыл дөөгө барганын!” –
Деп, ойлонуп Мадыкан,
Эки баатыр жоо болду,
Ичтеринде доо болду.
Хан болуучу Керимбай,
Кара ниет Үмүтөй,
Эми айласы не болду?
Өктө койуп Үмүтөй,
Керимбайга таарынат:
“Дайыны жок, жөн жүрбөй,
Талаага чачып мал, пулду,
Кызыл алтын, ак күмүш,
Элге берип баарыны,
Эми айлабыз табылбай,
Эндиретип салдыңбы?
Кызыл дөөнү ким жеңет?
Жеңген менен Семетей,
Мадыканга тең келбейт!

www.bizdin.kg

Теңдешип жеңсе буларды,
Семетей бизге күн бербейт.
Алмамбеттин Гүлчоро,
Көрбөдүм жүзүн бул кезге.
Ырайым кылбайт – деп – угам,
Жер бетинде эч кимге.
Канчоро кантип ийбелсин,
Бакай кайдан карасын?
Сен Керимбай бузуку,
Кетирдиң элдин айласын.
Караймын – деп, - Керимбай,
Жалгыз жандын пайдасын!” –
Деп, Үмүтөй турганда,
Семетей жеңсе баарысын,
Ойлоп алды Керимбай,
Кутулаар жак арыбын.
Үй – үйүнө барганда,
Жээнбайды Керимбай,
Чакырып алды жанына.
Өзү молдо ит чиркин,
Кат жазыптыр камына.
“Катка жазып Таласты,
Арбактуу атап Манасты.
Эл атасы хан Бакай,
Эл башкарган Семетей,
Жоого сүрдү Гүлчоро,
Беш-алтыдан кабаттап,
Беттешкенди бир сайган,
Белдүү баатыр Канчоро,
Мен Керимбай кулуңар,
Бейлеп сөзүм угуңар.
Хан Үрбү өлүп калганда,
Сыр коргонго Коңурбай,
Кошум баштап барганда.
Хан Семейге караштуу,
Элге кабар таратып,
Элдин барын жыйдыңар.
Кадырын сыйлап Көкчөнүн,
Үмүтөйгө кат жазып,
Казакка кабар кылдыңар.
Үмүтөй бала жаш анда,
Алымбайдын Бердикке,
Колду баштап барганда,
Өлтүрчү жоодон кутулуп,
Үстөмдүктү алганда.
Кат жазыптыр баатырлар,
Хан болду – деп – Үмүтөй,
Карап жүрдүк биз ага.
Жаштык кылып делбиреп.
Акылын билбей кеңгиреп.
Жайлоого көч – деп – казакты,

www.bizdin.kg

Айдап элди шиберге,
Кырк миң алтын пул менен,
Тил билесиң баргын – деп,
Жапанга мени жиберди.
Жапандан кайра жанганда,
Мадыканга бар – деди.
Колума жазып кат берди,
Хан буйругу бойунча,
Чакырып келдим бар элди.
Керимбай кылган ишби – деп,
Кылбаңыздар күмөндү.
Агеркечти жеңем жок эле,
Ал киши дагы билбеди.
Бүгүнкү күн сиздерден,
Кызыл дөө менен Мадыкан,
Жок олжону талашып,
Батышпай калды бир жери".
Мазмундуу кыска кат жазып,
Өзүн чочко ак жазып:
"Кечээ көрүп келипсиң,
Тайдан бирди сойдуруп,
Этин такыр бышырып,
Катка кошуп сен алып,
Баатырлардын алдына,
Барып кел – деп, - Жээнбайды,
Керимбай койду атказып.
Жакшы жорго ат берди,
Таарга салып, эт артып,
Бек жумшаса тартынбай,
Жээнбай байкуш шашылып,
Көп кишиге көрүнбөй,
Көмүскө менен жашынып.
Семетейдин тушуна,
Жетип барды ашыгып.
Катар келди төрөлөр,
Куржундун оозу ачылып.
Бышырган эттер алынып,
Дасторкону салынып.
Калгандарга туйгузбай,
Семетейдин колуна,
Катты берди жашырып.
Кеңеш кепте жок экен,
Айткан кеби болбоду.
"Мен кетейин эми" –
Деп, Жээнбайың козголду.
Жээнбай узап кеткенде,
Кайта айылына жеткенде.
Эңтеңдей басып шыпылдап,
Жээнбайдын үйүнө,
Керимбай бузук жетти эле:
"Жээнбай баатыр келдиңби,

www.bizdin.kg

Канкорго катты бердиңби?
Белде жаткан берендер,
Берген этти жедиби?
Жакын бекен жаткан жер,
Аш кайнамда сен келдиң?
Баатырлар айткан кеп болсо,
Жашырбай айтып, маа бергин.
Кеп айтпаса баатырлар,
Теги түрү кандайраак?
Онтолобой Жээнбай,
Айтчы кебиң батыраак!" –
Деп, Керимбай сурады,
Жээнбай сүйлөп жабырап,
Баштады кебин бажырап:
"Колума жазып кат бердиң,
Тай сойуп, этин бышырып,
Жоргого артып жибердиң.
Көрүнбөй башка кишиге,
Көмүскө менен мен желдим.
Төрт баатыр чогуу туруптур,
Жайа салып таарды,
Төгүп этти аа бердим.
Ачыккан белем баатырлар,
Таң калдым этти жегенин.
Алаксытпай калганын,
Көрсөтпөй берки үчөөнө,
Өзүң жазган катыңды,
Семетейге мен бердим.
Кеп кылбады эчкими,
Жаман эмес кептенет,
Жааса анча эмес, бир жери,
Көргөнүм ушу меники,
Баары кебим бул" – деди.
Күндө жаңы тай сойуп,
Кымызга чайкап бал кошуп,
Үмүтөйгө туйгузбай,
Жээнбай болду чабарчы.
Күнү-түнү жок Керимбай,
Семетейге жиберди,
Көөдөк, көөсөр Үмүтөй,
Керимбай сырын билбеди,
Кеп кылбай жүрө бергени.
Кеңештен кайра жаңганда,
Кошуна келип камдана,
"Аскердин баарын тургун – деп,
Барабанды ургун" – деп,
Таң аткыча уктабай,
Жердин бети ачыла,
Күндүн нуру чачыла,
Аттанып чыкты Кызыл дөө,
Бек алдырап шашыла.

www.bizdin.kg

Актан баскан көк желек,
Жер, суу койбой кызыталак,
Кетүүчүдөй тебелеп.
Күүсү катуу зары күч,
Кара мүртөз чочконун,
Каарына чыдабай,
Кар жаады жерге себелеп!
Эр Семетей баатырдын,
Эки күн мурун сайдырган,
Желегинин алдында,
Баткалаш маңдай жагына,
Бадырек желек сайдырып,
Барча тоодой түгөнгүр,
Аскериң катар сап кылып.
Ок–дарысын мол алып,
Бир канча дөөгө артырып.
Келди майдан чегине,
Барсылдашып баатырлар,
Балталашар жерине.
Барып булар турганда,
Кайран Бакай карсылдап,
Ак асаба калкылдап,
Белде жаткан төэрт баатыр,
Асаба таштап, туу сайып,
Белги кылган жерине,
Баары келип турушту,
Баштакыдан башкача,
Баштамак болуп урушту.
Манжудан келген Мадыкан,
Айдаганы жүз миң жан.
Үмүтөй менен Керимбай,
Казактар жатып ал албай,
Караан болуп он миңи,
Көк талаанын түзүүнө,
Каралашып ал келди.
Кызыл уйук жапандан,
Жүз элүү миң жан келди,
Манжунун ханы Мадыкан,
Кылымдан ашкан эр келди.
Эки каман тең келди.
Жапандардын элинде,
Жаңкойбос деген бирөө бар,
Жанашпас пенде эң жаман,
“Мен чыгам – деп, - жекеге, -
Элден мурун камынган.
Мингени төөнүн кыйыны, -
Жалгыз эле мен өзүм,
Жок кылам” – деп кыргызды.
Адам угуп көрбөгөн,
Ар сонундан кийинди.
Ала келген жеринен,

www.bizdin.kg

Андан мурун көп минген,
Сынаакы болгон төө минди.
Алдына чокмор өнөрдү,
Тумшугу үшүп көгөрдү.
Найзаны ылгап кармады,
Жанына найза байлады.
Кылычы кында салынуу,
Кыйындыгы таанылуу.
Ийнинде калкан жабылуу,
Башына туулга көмөрүп,
Бастырып элден бөлүнүп,
Баселек тоодой көрүнүп,
Бастырганда бакырып:
"Семетей, кел – деп, - чакырып"
Чокчоңдотуп колуңду,
Чоролоруң жибербе,
Мен убара болбоймун,
Барча-барат немеңе!" –
Деп, кыйкырып турганда:
"Мени каалап калыптыр,
Мен барайын ага" – деп,
Семетей атын бурганда,
Баатыр билек, таш жүрөк,
Балакеттүү Канчоро:
"Кагылайын, хан аба,
Бул айтышың кандай кеп?!
Кетечинин ойунда,
Жапандыкты маа бер – деп,
Сурадым эле башында,
Баарыңардын алдында.
Өзү чыкпай Кызыл дөө,
Малайына сен барба!
Жанкойбос – деп аталып,
Эр экен жапан калкында.
Бир беттешип көрөйүн,
Менменсиген баатырга.
Уруксат бергин мага" – деп,
Тура калды Канчоро,
Хан Бакайдын алдына,
"Баргын, баатыр, баргын – деп,
Балакеттүү жапанга,
Мурун киши барбаган,
Жүрөгү жоодон жанбаган.
Эр көрбөгөн ээн журт,
Кезектешип сактабай,
Сөөгүн жанчып, канын бүрк!" –
Деп, Бакай хан айтканда,
Карала менен калкылдап,
Камбыл тууган эр неме,
Кең багалек балкылдап.
Башына жапкан калканы,

www.bizdin.kg

Күн чагыла жаркылдап.
Чоң экен – деп, душмандан,
Ойунда жок тартынмак,
Ал Канчоро баатырда.
Жанкойбос менен Канчоро,
Аты жөнүн сурашпай,
Айалдашып туралбай,
Аттардын башын буралбай,
Найзалашып сайышып,
Барсылдашып салышып.
Найзадан жалын от чыгып,
Тирүү бирөө калтырбай,
Кетүүчүдөй көрүнүп.
Көрүп турган элдердин,
Көңүлү нечен бөлүнүп.
Жерден чыккан топого,
Баатырлар жүрөт көмүлүп.
Жанкойбос минген төөсү бар,
Андан мурун бадырек,
Сойгон экен далай жан.
Албан түрдүү урушуп,
Алалбады чорону.
Эр Канчоро бир чакта,
Балта менен ыгын таап,
Жиберди итти башка чаап.
Балтаны тартып алганда,
Сыртына мээси жабылып,
Жанкойбоско талаада,
Калды өлүм табылып.
Жанкойбос өлүп калганда,
Жалангычтай Канчоро:
“Кызылуйук дөө келгин,
Кылчаңдабай сен келгин!
Кечке чейин бул жерде,
Келгениңди жоготуп,
Элиңдин белин бошотуп,
Эдебиңди беремин.
Эки күндүк уруксат,
Төрөмдөн алып мен келдим!” –
Деп, Канчоро турганда,
Кыйамат кайым болгондой,
Кыйын болуп турганда.
Кызыкталак Кызыл дөө,
Керкин минип кержеңдеп,
Адырдан качкан аркардай,
Таноосу көөп дердеңдеп.
Талкалайын муну – деп,
Чалкалаган бадырек,
Кабаттап сегиз тон кийип,
Баарын темир ал кийип.
Учу заар, өткүр миз,

www.bizdin.kg

Карыга найза илинип.
Капка тоодой көрүнүп,
Калың элден бөлүнүп.
Каарына чыдабай,
Капкара булут сөгүлүп,
Ачып кирпик ирмесе,
Көзүнөн каны төгүлүп.
Каарын көрүп капырдын,
Эр Семетей, Гүлчоро,
Канчоро кантер экен – деп,
Кайгырып көөнү бөлүнүп,
Кебетеси капырдын,
Капыстан чыккан ажыдаар,
Как ошондой көрүнүп,
Талкалайын бурутту,
Деп ойлонуп түгөнгүр,
Туйлатып керкин ойнотуп,
Жанкойбосту жалмаган,
Менменсиген баатырын,
Койойун – деп, сойлотуп.
Оозунан түтүн бургутуп,
Желип чыкты бадырек,
Жердин чаңын ургутуп.
Майышпаган Канчоро,
“Камынбасам бекер – деп,
Каарланган бадырек,
Муну менен салышуу,
Кезектешип бекер” – деп.
“Манастап” ураан чакырып,
Мөкүбалдуу чоң найза,
Булгап баатыр качырып.
Качырганда Канчоро,
Камынгыча Кызыл дөө,
Капталга муштап өткөндө,
Чиркей чаккан немедей,
Солк этип чочко кебелбей.
Андай нечен эр сайган,
Ал Канчоро баатырды,
Бучкагына теңебей.
Бура тарта бергенде,
Бөйрөгү утур келгенде,
Узун экен найзасы,
Муштап тура бергенде,
Болумдуу баатыр Канчоро,
Ооп барып оңолуп,
Мурункудай баатырлык,
Кайраты качып жоголуп,
“Баатырлыгым качты – деп,
Эсим чыгып шаштым – деп.
Кайра барсам уйат” – деп,
Бар кайратын бүт жыйып,

www.bizdin.kg

Киши кылбас иш кылып.
Ачылып турган оозуна,
Көрүнүп тиши ырсыйып,
Келтирип күүлөп найзаны,
Оозго койуп өттү эле.
Как ошондо чочконун,
Бир тиши ыргып кетти эле.
Тищи сынып, ич күйүп,
Ичинен жалын от күйүп,
Оңдоп кармап найзаны,
Алаканга түкүрүп.
Томураңдап минген керк,
Эң эле жаман жүгүрүп.
Жазганбай тыптың качырып,
Найзаны учу жеткенде,
Эр Канчоро баатырдын,
Көөдөнүндө чарайна,
Күкүм болуп чачылып.
Канчорону шаштырды,
Баштан кайрат качырып.
Баатыр туулган Канчоро,
Кайра кирди жапырып.
Кезек менен кери жок,
Канчоро менен Кызыл дөө,
Кыйамын тапса келтирип,
Баш кеспей кетер кейпи жок!
Кыйа тартып Канчоро,
Камбыл туулган эр неме,
Кыйкырганда найзасын,
Табарсыктын башына,
Таамай муштап өттү эле.
Кызылуйук чочконун,
Сегиз кабат темир тон,
Канчоронун найзасы,
Бешөөнөн тешип өттү эле.
Калган тондун кабатын,
Тешип өтөр айла жок,
Көптү көргөн Канчоро,
Темирден сегиз тон кийген,
Мындай капыр элде жок.
Күүлөнүп алган Канчоро,
Кызыл дөөнү камынтпай,
Тартып алып найзасын,
Кайра имерип капталга,
Карс дедире муштады.
Муштаганда көкжалың,
Мөкүбалдуу көк найза,
Учун канга чыктады.
Тоздогон музду жаргандай,
Оргуп сууну жайгандай,
Найзаны тартып алганда,

www.bizdin.kg

Кан куйулду жаргандай,
Карчыттан аккан кара кан,
Үзөнгүдө шырылдап.
Как ошондой куйулса,
Каары катуу Кызыл дөө,
Кайраттанып күч чыңдап.
Көк түпөк найза ыргады,
Күжүлдөгөн чорону,
Май сооруга бир сайды.
Найзанын учу жеткенде,
Карала аттан Канчоро,
Капкайда ыргып кетти эле.
Оңолуп өөдө болгунча,
Ордунан кооп тургунча.
Оңбогон ал Кызыл дөө,
Мурду бузук түгөнгүр,
Эшик эңдүү айбалта,
Эптеп кармап колуна,
Кырданып өөдө болгунча,
Чабайын – деп, чокуга,
Чакчайып тиктеп калганда,
Чакчелекей койгулап,
Ат айабай катуу чаап,
Көкжал баатыр Семетей,
Колундагы балтасын,
Канчорого шилтетпей,
Кыйырдан келип бир сайып,
Кызыталак чочконун,
Абалы канча – деп сайып.
Көкжал сайган Сырнайза,
Ушул дөөнү сайгандай,
Сайылып калса жал ташка.
Торопойу тоз болуп,
Учуп кетмек асманга.
Ушунча урган найзага,
Ээрден көчүк кыйшайып.
Козголуп койбойт солк этип,
Семетей найза тарткыча.
Жетип келип Гүлчоро,
Канчорону коборуп.
Өлбөй чоро кутулду,
Өкүмсүгөн Кызыл дөө,
Эр Семеңе тутулду.
Жаалысы катуу Семетей,
Жалангычтай чоң дөөгө,
Жанына келип бир сайды.
Удаа эки сайганда,
Тоо да болсо Кызыл дөө,
Козголбой турган ал канча?
Казаптанып түгөнгүр,
Семетей өтө бергенде,

www.bizdin.kg

Канчорону чабуучу,
Колундагы балтанын,
Жалпагы менен канкорду,
Далыга койуп өттү эле.
Сокмоктуу балта тийгенде,
Кокжалсыган Семеңдин,
Көзүнө күүгүм кирди эле.
Колундагы Сырнайза,
Шыңгыр этип үн чыгып,
Түшчүлүккө кетти эле.
Бойу узун чунак дөө,
Эки имерип чабалбай,
Энөөлүк кылып бул доңуз,
Жандап өтүп кетти эле.
Атасы Манас анткордун,
Кан ичме Семей канкордун.
Сыр алдырбас Сырнайза,
Колдон ыргып кеткенин,
Сомо темир сом балта,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Сомдоп сокон Айбалта.
Эшик эндүү, төш жары,
Как ыргайга саптаган,
Пил терисин каптаган.
Жоолуу күнү болгондо,
Жоболоңдуу Ажыбай,
Өңөрө албай кокуйлап,
Кабылан Манас барында,
Кайран баатыр Ажыбай,
Жоболоңун көп тарткан.
Арта салып ийинге,
Аргытып минген Буурулду,
Артынан баатыр жетти эле.
Кызылуйук чоң дөөнү,
Айры шили, каракуш,
“Ооз омуртка тушу – деп,
Өлбөсө да бул доңуз,
Талуу жери ушул” – деп.
Туулганын сыртынан,
Катуу чапты капшырып,
“Манастап” ураан чакырып.
Эрдемсиген Семетей,
Өз ойунда муну ойлойт.
“Өлдүң го – деп, Кызыл дөө,
Кара жерди жастанып”.
Туулгага балта тийгенде,
Карс деп, үнү угулду.
Алда кандай шумдук – деп,
Жапандын эли чуу турду.
Тийген күнү бузулду,
Ушул чапкан балтанын,

www.bizdin.kg

Чак деген үнү көп элге,
Үч күнчүлүк жерлерге,
Үйдөкүдөй угулду.
Табына келген Тайбуурул,
Оозуна күч бербей,
Укурук мойун чоң күлүк,
Ооздук тиштеп нидерип,
Өтө берди алдына.
Бадыректин эрлигин,
Баарын байкап карачы.
Чымын конгон ысыкта,
Чыдабай эти кычышса,
Тырмагандай артынан,
Как ошончо билбеди,
Кадигине илбеди.
Илбеген менен Кызыл дөө,
Куйган чойун, колодон,
Кошмосу анын сары жез,
Беш кабат темир туулга,
Алты кабат калканы,
Кыргычтыкка жарабай,
Чыгып кетти талканы.
Эрлиги менен элебей,
Баш кийимин ченебей.
“Кызталак кыргыз сени – деп,
Кыйындыгың көрсөттүң,
Кыйратайын эми” – деп.
Колундагы балтасын,
Чагарактаган кисеге,
Чат жайына илди эле.
Такымына кыстарган,
Нак чойундап куйдурган,
Оордугу келет миң батман.
Чойунбашын колгон алып,
Жан алчуудай сурданып.
Качырып кирген кишиге,
Ач бөрүдөй кырданып.
Күүлөдү чокмор чойунду,
Бурулгунча Семетей,
Ай далынын түзүнө,
Как дал орто өзүнө,
Капташтырып бир койду.
Манастан калган чоң калкан,
Оң, тескери ийилди,
Антарылып кийилди.
Алда кандай болгонун,
Аны эми ким билди?!
Жайнап чыккан кызыл чок,
Кылымда мындай болгон жок,
Алоолонгон түтүн жок,
Жалбырттап чыккан от болуп,

www.bizdin.kg

Жер бетинде күйүп чөп,
Жердин бети жалбырап,
Жалындап от жайылат.
Бакай менен Гүлчоро,
Баатыр туулган Канчоро,
Арбагың колдой көргүн – деп,
Айкөл Манас баатырдын,
Арбагына жалынат.
Жердин бети бузулган,
Жерден учкан топурак,
Асмандагы булутка,
Аралашып кошулат.
Күркүрөп шамал жел айдап,
Арылып туман, топо-чаң,
Жердин бети көрүндү,
Сак саламат Семетей,
Тайбуурул менен болкойуп,
Так Ополдой зоңкойуп.
Сом балтасын колго алып,
Утур чыгып жолуна,
Чабуучудай камданып.
Кызыталак чоң дөөнү,
Алгыр бүркүт түрдөнүп,
Кирген экен дуулданып.
Кош колдоп кармап жакасын,
Эр караанын көргөндө,
Карыйа Бакай, чоролор,
“Манастап” ураан чуу салып.
Байкап көрсө кыйасын,
Көрүнбөй калган буу каптап,
Кызыл дөө чапкан убакта,
Кылыгын анын угасың.
Далыга чокмор тийгенде,
Кызыталак ит чочко,
Чокудай чоң чокморду,
Баатырга шилтеп ийгенде,
Энеден эмген эмчек сүт,
Как оозуна татылган.
Кайрат кылып Семетей,
Качырган менен чоң дөөнү,
Чаба алчуудай шайы жок.
Балатылап кан уйуп,
Кечир далы сөгүлүп,
Каржиликтин булчуң эт,
Талаа-талаа бөлүнүп.
Кейпин көрүп көкжалдын,
Эр Гүлчоро арстаның,
Семетейдин колунан,
Ыргып кеткен Сырнайза,
Жөлөнүп түшкөн кыр ташка.
(Бирине бири окшобой,

www.bizdin.kg

Ар кылыгы ар башка).
Найзаны колго алганы,
Суркойонго ал дагы,
Айабай камчы салганы.
Баатырдын атын чакырып,
Бар кайратын ашырып.
Көгүчкөн кууган шумкардай,
Куусу чыгып куулдап,
Жете барды toктобой.
Найзадан чыккан суук үн,
Салкын желдей шуулдап.
Бакай туруп алабы,
Бастырып кошо барганы.
Баатыр Семей канкордун,
Чылбырынан кармады.
Найзасын бере салганы.
Кыйрыма эми келди- деп,
Кыраан баатыр Семетей,
Чымылдап чери тарады.
Ичинде кири калбады,
Атадан калган найзаны,
Оңдоп колго кармады.
Оро-пара чочкону,
Туулгасы жок башында,
Кулактын түбү талуулга,
Ат күүсү менен бир койду!
Сырнайза учу жеткенде,
Күрө тамыр, суу безге,
Төш жары кирип кеткенде.
Урган найза шак – деди,
Учундагы темири,
Мойун сөөккө так – деди.
Тоодой болгон чочконун,
Эми айласы кеткени.
Кулак түпкө найза жеп,
Жер силкинип, тоо кулап,
Томорулуп кеткени.
Өзү мыкты шамдагай,
Өлөр жерин болжолдоп,
Таамай сайган эр кандай?
Бура тартып Буурулду,
Буудан Семең жетти эми.
Сак калган жакκы жаагына,
Сайып найза өттү эми.
Кийинки сайган Сырнайза,
Кичине тил алкымга,
Аралап учу кетиптир.
Кызыл өңгөч, кекиртек,
Кошулушкан бакалоор,
Түбүнөн таарып кетиптир.
Кызыл дөөнү жайлады,

www.bizdin.kg

Сырнайза үчүн майлады.
Ээн талаа, көк түздүү,
Өнгөн гүл чыккан көк чөптү,
Кызыл канга жошултуп,
Кылымдан чыккан чоң дөөнү,
Кыйаматка жөнөтүп.
Кылчайып кайра келгисиз,
Мурунку эрге кошултуп.
Баатыр жүрөк, сом билек,
Мыкты болсоң келгин деп.
Тайбуурулду ойнотуп,
Майданда турду зоңкойуп.
Гүлчоро келди кан какшап:
“Мадыканды маа бер” – деп!
“Берсең берчи баатыр” – деп, -
Жүрүп кетти хан Бакай,
Семетейди жетелеп.
“Абакем маа берди” – деп, -
Гүлчоро турат энтелеп.
Муну мындай таштайлы,
Мадыканды Гүлчоро,
Сайганынан баштайлы.

www.bizdin.kg

# ГҮЛЧОРО МЕНЕН МАДЫКАНДЫН КАРМАШУУСУ

Кызыл дөө өлсө Мадыкан,
Кылайып арман кылбаган.
"Меники кылам, болду – дейт,
Кыргызды жеңип мен алсам.
Дембелеп жүрүп чабышып,
Учөөлөп келип сайышып,
Кызыл дөөнү алышты,
Бирине бирин жеткирбей,
Түгөтөйүн кыргызды", -
Деп, ойлонуп Мадыкан,
Каары катуу эр чыкты.
Түрү суук жалгыз көз,
Жоондугу он бир кез.
Жалганда бул чочконун,
Бүтөр эмес жулкушу,
Кебетеси, кешпири,
Оңой олтоң неме эмес.
Оңойлук менен бендеген,
Оморулар бел эмес.
Оройун көрсөң чочконун,
Беттешип ага ким чыкса,
Көрүнүп көзгө тургудай,
Өлүм жактан бир элес!
Бастек бойлуу, керк беттүү,
Жай турганда мүнөзү,
Жер чапчып топо жамынган,
Топоз бука келбетүү.
Минген уйу көк бука,
Бурула берсе булт этип,
Сууда сызган балыктай,
Капкайда кетет жылт этип,
Ойкуштап бука токтобойт,
Аргымактай кылт этип.
Эки жагын каранып,
Бетинде ачык жери жок,
Сакал, мурут жүн алып.
Узун эмес орточо,
Сынбас найза карманып.
Сыздырып минген букасын,
Жетип келди жаланып.
Чыкканда элден бөлүнүп,
Бүтүн дүйнө жер бетин,
Оруп, жыйып алчудай,
Тартынар жери көрүнбөйт,
Тирүү жандан эч кандай.
Аңтарып көзүн тиктесе,
Асмандагы жарык күн,
Corkкондой болуп бүрүлдөп.
Өнүп жерге чыккан чөп,

www.bizdin.kg

Эси чыгып дирилдеп.
Жерге башка түр кирип,
Жөрмөлөп жерде жүргөн жан,
Жай-жайына киришип.
Ыраңын көргөн капырдын,
Манжудан чыккан баатырдын,
Көз жеткен жерде жан калбай,
Талаадагы кайберең,
Башын жерге салалбай,
Чөп үзүп жерден алалбай.
Бендеден бенде туулуп,
Жан чыгыптыр ар кандай!
Жаагы жардын чабындай,
Бетиндеги бырышы,
Кыйан жеген агындай.
Кызыталак түгөнгүр,
Кыйалданып ушундай.
Жетип келди майданга,
Желмогуздай жулунуп.
Тосуп чыкты алдынан,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Суркойонду суурултуп.
Ооздукка күч бербей,
Суркоен турат булкунуп.
Келген жерде Мадыкан,
Кеңешкели келгендей,
Кебелбей турат кеп уруп:
“Келген киши сен кимсиң?
Керженңдеген Сур кула,
Келиштирип минипсиң.
Атаңды айткын жашырбай,
Атыңды айткын жашынбай!
Алдымдан тосуп келипсиң,
Акыретке кетесиң,
Кайра айланып дүйнөдө,
Кала албайсың эч кандай!
Эрлик кылдың сен бүгүн,
Эми келдим мен сага,
Кара жандан түңүлгүн!
Кызыл дөөнү сойдуңар,
Кылгылыкты кылдыңар.
Кокого сайып найзалап,
Койбой жанын алдыңар.
Кеткендердин кегин куул,
Өлгөндөрдүн өчүн куул,
Бирге жүздү белгилеп,
Кек алуучу мен бармын!” –
Деп, айтканда Мадыкан,
Гүлчоро анда мындай дейт:
“Айтарын билбей тамтырап,
алактаган айбан – деп!

www.bizdin.kg

Ким экенин билбесең,
Не келесиң темтиреп?!
Өзүмдүн атым Гүлчоро,
Атамдын аты Алмамбет,
Маа жолуктуң, бадырек.
Тирүү кайта кетишиң,
Бул жалганда кыйын кеп!
Таанибасаң бизди сен,
Таанытайын сага мен.
Мингени айдай ачык боз,
Арстан Манас эр менен,
Ажырашкыс болгон дос,
Аксакалдуу Бакай хан.
Кызыл Буурул ат минген,
Салакасы келишкен.
Салты башка кишиден,
Күн чырайлуу, жылдыз көз,
Көркөм киши Семетей.
Алтымыш түрлүү кубулган,
Асемдеп кийген буруудан.
Бар кийими буулумдан,
Балдай сөзү угулган.
Барча тоодой көрүнгөн,
Айчырайлуу, ак жүздүү,
Арстандын уулу Семетей,
Ажыдаардай ышкырган,
Адамдан башка иш кылган.
Атышып келген далайды,
Кара жер менен тең кылган.
Калайыктан кем кылган,
Кара көздөн от жанган,
Кандуу беттен нур тамган,
Караган бенде таң калган.
Калба салган дөөлөргө,
Кайраты артык Семетей.
Сага окшогон немени,
Алып жүргөн абакем,
Бучкагына теңебей!
Санды көрсө шашпаган,
Сан экен - деп - качпаган.
Сапырып ийип ар качан,
Санаада ишин баштаган.
Карала ат минген калкайып,
Кайраттуу баатыр Канчоро.
Көптү көрсө шашпаган,
Көп экен - деп - качпаган.
Көөнүдө ишин бүтүрүп,
Көп эрди жерге жаздаган.
Көрүнгөн көзгө бир башка,
Көзөл Чубак баласы,
Күркүрөгөн Канчоро.

www.bizdin.kg

Күндү күнгө уласаң,
Курчалышып тура алсаң.
Кырк күндүк далай чабышта,
Талыкпаган эр ошо.
Талабы артык бендеден,
Таалайы артык шер ушу!
Ким болосуң сен өзүң?
Чычкан тешкен куржундай,
Маңдайда жалгыз бир көзүң!
Жылкы таппай, уй минип,
Эрмин дейсиң күүлөнүп!
Атаңды айт, өзүңдү айт,
Ал жайыңды такыр айт.
Эрдемсибей чокчоңдоп,
Арыз абалың бар болсо,
Абакеме барып айт!
Бекер өлүп кетесиң,
Таттуу жандан кечесиң.
Такандашсаң сен бизге,
Кайра келбес чын жайга,
Караңгыга кетесиң,!
Элиң кайсы сеники?
Жериң кайсы сеники?
Бекер келип катышып,
Кебиң кайсы сеники?!»
Деп, Гүлчоро айтканда,
Мадыкан күлүп карсылдап,
Ачылып оозу үңкүрдөй,
Кабаган иттей арсылдап.
Маңдайында жалгыз көз,
Толгон көлдөй жалтырап:
«Атамдын аты Нескара,
Калдайдын уулу Коңурбай,
Таласыңа барганда,
Талаалатып кыргыздар,
Такыр сайып алыпсың.
Алмамбет уулу сен болсоң
Жеркендин сайы Сайрамда,
Манжунун ханы Нескара,
Атамдын башын алыпсың!
Өзүмдүн атым Мадыкан,
Өчөшүп жоону кыйратам.
Кайра келбес чын жайга,
Гүлчоро сени узатам!
Бакайыңды байлайын,
Калган журтуң кыргызды,
Баш аламан айдайын.
Мактаган төрөң Семетей,
Сага барча тоо болсо,
Ал мага журтта калган тебетей.
Ошол үчүн бул жерде,

www.bizdin.kg

Мен турамын  баарыңды,
Бучкагыма теңебей!
Элим манжу уругу,
Өзүм манжу улугу.
Шаарым Жилин суу бойу,
Анык билгин сен муну!
Атамдын кунун алсам - деп,
Ар качан жүрдүм камым жеп.
Бир күнү барды алдыма,
Жамгырчынын Шаймамбет,
Беш жыл болгон баргалы,
Беш ай болгон Шаймамбет,
Мага кебин салганы.
Аңгычакты алдыма,
Керимбай барды казактан.
Чыдай албай келдим - деп,
Кыргыз салган азаптан.
Өз, жат элин билбеген,
Ит экен кыргыз - деп, - билдим.
Миң тулпарга бербеймин,
Көк буканы мен миндим.
Көп сөз айтып не пайда,
Кобураба, Гүлчоро,
Күн тийбес жайга сен кирдиң!
Жалгыз кантип жатам - деп,
Жаадыңа алба, Гүлчоро.
Эр Семетей, Канчоро,
Алачыктай кара таш,
Аңтара тартып албасам,
Бастырып ага салбасам!
Алмамбет уулу сен болсоң,
Баш сөөгүңдү каптатып,
Тепме тобум кылбасам!
Өзөгүңдү жарбасам,
Өпкө, боор, жүрөгүң,
Ич каныңды албасам.
Бөйрөк майың, карын май,
Чоң казанга сызгыртып,
Сом этиңди тууратып,
Ачуу тузга чыктатам
Арманда өтөт экемин,
Кумардан антип чыкпасам!
Жалгыз калам - деп, - коркпо,
Жилигиңди чагамын,
Кууруп жеп сени тынамын!
Акундун кызы Чүрөктү,
Ааламга аты дүмөктү,
Олжо катын кылбасам.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Үмүтөйгө бербесем.
Акбала сенин катының,

www.bizdin.kg

Шаймамбетке алдырам.
Шаймамбетти Таласка,
Семетейдей хан кылам!
Өзүм көчүп Жилинден,
Кочкорго шаар салдырам.
Кокондун шаарын бош кылам,
Түркмөнүңдү жок кылам!
Манаска салган күмбөзүң,
Жыпжылма түптүз чактырам,
Каныкейди күң кылам!
Ташкен менен Наманген,
Анжунун элин кондурам.
Чайчүй, Букар, Шаңкайды,
Сага жөлөк далайды,
Кетирем шайын аларды!
Коросон, Ооган, Испанды,
Жедигердин Жетисуу,
Уламдын бели Кыйбаны,
Амур бойу, Ургөнчтү,
Эркечтам менен Кашкарды,
Сарыкол, Чымкент аларды,
Алажууку, Үчташты,
Кетментөбө, Жазыны,
Атбашы жайлоо, Нарынды,
Тартып алам барыңды!
Көтмалды, Бишкек шаарыңды,
Жок кыламын аларды.
Билбейсиң, кыргыз бачагар,
Өзүңдүн чактап алыңды!
Алтай, Текес, Кеминге,
Айдап жылкы салдырам.
Алматынын шаарына,
Казактарды ээ кылам!
Кутубий менен Манастын,
Коргондорун чактырып,
Которуп атын алардын,
Орхундун ойун бош таштап,
Чактырамын баарысын,
Ташка ойдурган катыңды!
Барскон менен Дарканды,
Бучкагыма тедебей!
Айдыңкөл менен Нураңды,
Атайлап атын өчүрүп,
Башкача бурам буларды!
Үчкаркыра, Сарарка,
Байатан айткан жерлерге,
Жердетпейм кыргыз аларга!» -
Деп, Мадыкан айтканда,
Алмамбет уулу Гүлүстөн,
Тартынбаган эч кимден,
Так сүйлөгөн эр экен,

www.bizdin.kg

Таалайы артык шер экен.
Мадыканга Гүлчоро,
Мана мындай дээр экен
«Сен, Мадыкан эркиңче,
Баш болдуң элге көөнүңчө.
Ашыгыпсың, Мадыкан,
Ажалдан мурун өлгүнчө.
Бек шашыпсың алдырап,
Ажал сага келгинче!
Эренди сайдым элден мен,
Эр сайдым чандан жерден мен.
Эсиргенди көрбөдүм,
Эл ичинде сендей мен!
Эсирбесең неткениң,
Эртеден айткан кептериң?!
Эзелки жайың байкасам,
Корккондуңдан, Мадыкан,
Андан-мындан кеп сурап,
Жоокалаткан кептендиң.
Бар ойлогон кыйалың,
Баары бузук, ит, сенин!
Кыскасын айтсам, Мадыкан,
Талас эмес, жер эмес,
Наманген, Ташкен шаар эмес,
Көтмалды, Бишкек, Самаркан,
Сен айдасаң алардан,
Баарынан чыга берүүчү,
Кыргыз андай эл эмес!
Кетментөбө, Жазыны,
Эркечтам менен Кашкарды,
Коросон, Ooган, Испанды,
Чайчүй, Букар, Шаңкайды,
Жетисуу, Үргөнч буларды,
Барыскон менен Дарканды,
Айдыңкөл менен Нураны,
Саа бастырсам, Мадыкан,
Маа жетпейби убалы!
Бошотуп берип саа жерин,
Семетей карап турабы?!
Атбашы, Нарын, Арпага,
Алматы, Алтай, Сары арка,
Күн чыгыш жак тарабы,
Орхундун Кызыл дайрага,
Кутубий, Манас шаарларга,
Тарбагатай, Илеге,
Көктокой, Күнөс көп жерге,
Түш көрдүңбү, Мадыкан,
Бара албайсың ал жерге?!
Эки күн жарык көргөзбөй,
Жиберейин, Мадыкан,
Кире турган тар жерге,

www.bizdin.kg

Өлүгүң ачык таштабайм,
Этиңди ит жеп кутуруп,
Ээсин каап кокустан,
Калбаны элге баштабайм.
Алалбайсын Чүрөктү,
Ааламга аты дүмөктү.
Айткан ушул кебиңди,
Киши укпасын, ит уксун,
Тирүү жан койбой жалмаган,
Козголбогон жер уксун!
Жамгырчынын Шаймамбет,
Баш боло албайт алашка.
Жамгырчы тирүү турганда,
Бара албайт басып Таласка
Айабайт аны Жамгырчы,
Өз жерин саткан талакка.
Өтүп кетсе билбеймин,
Көрүнбөй качып арапка!
Ак калпак кыргыз элине,
Ээ болупсуң, Мадыкан,
Өз ойуңда жерине!
Ата болуп асырап,
Эне болуп чын сактап,
Эмин-эркин өстүргөн,
Менин жерим болсо - деп,
Көргөн киши күйүккөн.
Даңктуу аты Тыйаншан,
Алатоону кыргыздар,
Саа береби, Мадыкан?!
Токсон уруу көп алаш,
Тегеректеп курчалып,
Ала-Тоого жайлашкан.
Энем - суу, атам –тоосу
Мисирден жакшы бул бизге,
Алатоонун коосу - деп,
Ак калпак кыргыз не айткан?!
Заңкайган бийик Тыйаншан,
Ак дейилде жамынган.
Суу акпаган сүт аккан,
Күркүрөп сүтү күч аккан.
Сүтпү, суубу таанылбай,
Сай-сайында бүт аккан.
Эл Кысылган  күн болсо,
Он, он беш жыл тим эле,
Кайып менен жан баккан.
Ант кылышат кыргыздар,
Абдан кыйын иш болсо,
Алатоо урсун - деп айткан,
Алты ата, жети бабасы,
Ак калпак кыргыз алашка,
Алатоо болгон паанасы:

www.bizdin.kg

Алатоодон айрылбас,
Түптүү кыргыз журт ушу
Жүз ата болсо баласы,
Жүрөгүнүн канындай,
Алаш уулу болгонго,
Аркайып турган Ала-Тоо,
Чечекейдин карасы.
Алатоону таанытып,
Сен чочкого кеп айткан,
Алмамбет шердин баласы!
Өлүмдөн коркуп, Мадыкан,
Жоокалатпа сен мынча.
Жалынсаң да, жалбарсаң,
Койбоймун тирүү жалганда!
Деп, Гүлчоро айтканда,
Айтарына сөз таппай,
Ачууланып Мадыкан,
Өткүр темир найзаны,
Булгап колго алганы.
Шүдүңдөтүп букасын,
Бул капыр жөнөп калганы.
Сайамын деп, жоо келсе,
Гүлчоро туруп алабы?
Батарына чукулдап,
Күн кылкылдап барганы.
«Сайыштырбай бөлгүн - деп,
Жез доолбас ургун» - деп,
Канчорого хан Бакай,
Кабар айтып салганы.
Жез доолбас кагылды,
Манжулардын элинен,
Керней, сурнай чалынды.
Мадыкан менен Гулчоро,
Беттештирбей жандырды,
Мадыкан кайта келгенде,
«Жапандыктын аскери,
Кыргыздар сойду эки эрди,
Корkконунан Мадыкан,
Кол кайтарбай келгени,
Бу көрөкчө жапанга,
Бүгүн түн качып кетели»,
Деп, кеңешип жапандар,
Жапа доңуз атып жеп,
Бака, жылан, коңуз жеп,
Чөп тамырын терип жеп,
Кай кеткени белгисиз,
Бирден кетти темтиреп.
Жапандын эли жок калды,
Таптырып келмек тургайлык,
Кеткенине жапандык,
Мадыкан, казак кубанды.

www.bizdin.kg

Керимбай бузук жеткирген,
Жээнбай артып келтирген.
Жылкы этинен жакшы жеп,
Бал чайкаган кымыздан,
Көөкөрдөгү арактан,
Айабай кана ичишип,
Курчанган белин чечишип,
Төрт баатыр жатып таң, атты.
Тулпарларын токунуп,
Туйгундар түгөл камданып.
Ордунан турду берендер,
О дүйнө кеткен Манастын,
Арбагына жалбарып
Аңгычакты Мадыкан,
Уйку көрбөй таң атып,
Гүлчоронун кебине,
Күйүгүп бетбак арданып.
Өгүзүн минип дардаңдап,
Мурду бузук барбаңдап.
Эки буту салбаңдап,
Капшытын керип кампайып,
Көк буканын үстүндө,
Көпкөн суурдай дампайып.
Айгыр тепек кептенип,
Укмуштуу мурду жалпайып,
Келип калды талпайып.
Башкаларга жол бербей,
Жанында эки баатырды,
Бирөөң, баргын сен дебей,
Бастырды баатыр Семетей.
Кызыл дөөдөн кечээ ал,
Чокмор жеген ченебей.
Кары Бакай кеменгер,
Кара кулак шер этке,
Кандыра эки тойгузган.
Арак менен жуудурган,
Аруу менен буудурган.
Тарамышын аркардын,
Майда туурап кууруткан.
Сарымсак менен согонго,
Чылап туруп сугунткан.
Кырма кызыл дарыны,
Ичинен берген күчтүүлөп.
Кайнатма кара дарыны,
Тышынан чапкан эптүүлөп.
Тал-тал кетип бөлүнгөн,
Этин була жымыйткан.
Сөөгү ооруп сыздабай,
Эти чирип суу акпай,
Өз жайында Семетей.
Өрөпкүгөн эр неме,

www.bizdin.kg

Жоо жарагын бүт алып,
Тай буурулга минди эле.
Ак күбө кийип, ок өтпөс,
Кандагай кийип, чок өтпөс.
Сырнайза алып, ийилбес,
Сом балта алып, жанына,
Кылычы бар кабында.
Кылым бенде тең келбес,
Азыркы күндө Семетей,
Ачууланган чагында.
Буурулду минип күүлөнүп,
Кирип келди көкжалың
Мадыкандын жанына.
Семетейди Мадыкан,
Көз жиберип бир карап,
«Мага кантип Семетей,
Тең келе алсын» - деп санап,
Теминип минген букасын,
Жанаша тосуп капырың,
Кыргыздын кыраан баатырын.
Карс дедире бир сайды,
Мадыкандын найзасын,
Сайдырбастан Семетей,
Кагып ийди алдыртан.
Семетейдин балтасы,
Алдыртан өөдө тийгенде,
Каңгып найза сайылбай,
Белинен сынып кетти эле.
Менменсиген Мадыкан,
Балтага капыр камынган.
Аңгычакты турабы,
Манастын уулу жаш арстан,
Сырнайнзаны ыргады.
Мадыкандай анжуну,
Кара боорго бир сайды.
Манастан калган Сырнайза,
Бор сайгандай өтчү эле,
Кара ташты муштаса.
Найзанын учу жетерде,
Болжолу жок Мадыкан,
Бооруна кирип кетерде,
Баатырдын сайган найзасын,
Астыртан кагып ийди эле.
Эр Семетей тың экен,
Баатырлыгы чын экен.
Мадыкан каккан найзаны,
Чыгарбады колунан,
Сайдырбай какса боорунан.
Буурул ат менен имерип,
Кыйгактуу найза баатырың,
Кызталакты кыйрынан,

www.bizdin.kg

Сайып өтүп кетти эле.
Кырынан найза тийгенде,
Кыймылдабай, былк этпей,
Кылчалык чочко солк этпей,
Кийими темир уйуткан,
Найзадан темир курчу өтпөй,
Күүсү менен Буурулдун,
Семетей өтө бергенде,
Теңи сынып жоголгон,
Кыйгагы кеткен найзасын,
Баштагы бүтүн немедей,
Семетейдин жонуна,
Көк бука менен тап берип,
Май сооруну болжолдоп,
Күүсү менен койду эле.
Темири жок найзасы,
Сокмоктуу тийип капырдын,
Чоң ополдой Семетей,
Чок талдан качкан эликтей,
Чылбырын чойуп Буурулдун,
Чыдабай ыргып кетти эле
Канкорун, ыргып кеткенде,
Канчоро баатыр жетти эле.
Кайраттуу баатыр Канчоро,
Чолок найза Мадыкан,
Кара сандын сом этке,
Канык муштап өттү эле.
Укмуштуу уй мингени,
Канчоро атын бургуча,
Темири жок найзаны,
Бөйрөккө шилтеп ийди эле.
Сокмоктуу найза жеткенде,
Сонун көргөн сайышты,
Ойун көгрөн чабышты,
Ойрон болгон Канчоро,
Оң жагына кыйшайып,
Ооп барып түштү эле.
Буудандан артык Көк бука,
Желгенине жел жетпейт.
Жанашып шамал ушуга,
Капташып калган хан Бакай,
Так ошонун тушуна.
Чорого сайган найзаны,
Кыйгап чочко кармады.
Кыйрына келген Бакайды,
Кыйырынан бир сайды.
Ак сакалы жарк этип,
Туурдан түшкөн бүркүттөй,
Томолонду далп этип.
Арстандар өөдө болгунча,
Арбагы артык Гүлчоро,

www.bizdin.kg

Андай күндөр кез келсе,
Жалгыз эмес миң чоро.
«Манастап» ураан чакырып,
Кыйкырыгы баш жарып,
Качырып кирген баатырдын,
Кайратын көргөн таң, калып,
Бакайды сайган Мадыкан,
Оңолуп кайра болгунча,
Күүсү менен найзанын,
Көкбукадан аңтарып,
Сайып өтүп кеткенде.
Эңишке келген Суркойон,
Жел өпкөрөөк мал экен,
Камчы тийген ачынып,
Араандай оозу ачылып.
Тартса оозуна күч бербей,
Алып өтө бергенде,
Жанында турган Семетей,
Энөөлүгү курусун,
Керге келбейт бирерде!
Копбой калмак Мадыкан,
Муну чокуга тартып жиберсе!
Айбандан жаман Көк бука,
Жалгыз муйуз маңдайда.
Мадыкандын алдынан,
Мүйүзүн салып чатына,
Үстүнө аны мингизди,
Көтөрүп алып тиргизди.
Сынып калган найзасын,
Жыгылган жерге таштаптыр.
Ачууланып ал чочко,
Балтасын ала баштаптыр.
Ошонгочо Семетей,
Айылда жүргөн немедей,
Ажал-өлүм маңдайда,
Келип карап турса да,
Кебелбей турат көрдүңбү,
Тай буурулга ал минбей!
Тайтайып турган баатырды,
Жакын жеткен Мадыкан,
Балта менен чапканы.
Балтаны шилтеп ийерде,
Барып жетип ал кезде,
Баатыр Гүлүс арстаның,
Бар күчүн жыйнап колуна,
Көт жактан келип бир сайды,
Көмүлгүрдү сооруга.
Манжунун ханы бадырек,
Түк эсепке албады
Канчоро жете барганы,
«Кырк кабырга чени - деп,

www.bizdin.kg

Кый сүбөөнүн бети - деп,
Нар жагында сөөк жок,
Жука жерин ушу» - деп,
Болжоп найза ыргады,
Болжолдуу жерге урганы.
Такыр темир кийгени,
Урган найза сынганы.
Кур кол калып Канчоро,
Жарактан жаны тынганы.
Күүлөнүп келген алыстан,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Жан айабай найзалап,
Ач карышкыр шекилдүү,
Жан ачышып кайсаңдап.
Гүлчоро өтө бергенде,
Канчоро кирип, балта чаап.
Эрегишкен эки арстан,
Урушту мыктап салышты.
Ителгидей имерип,
Бири найза шилтесе,
Бири балта жиберип.
Ошондо араң, Семетей,
Тайбуурул минди залкайып.
Алатоодой даңкайып:
«Тур, Гүлүстөн, Канчоро,
Элөөсүздөн бул чочко,
Буурулдан сайды ыргыта.
Кара баштуу бендеден,
Жыгылбапмын бу чакка.
Арбагына жөлөнө,
Атам баатыр Манаска,
Эрегишин көрөйүн,
Эсирген бул тажаалга.
Качан болсо бир өлүм,
Жумуру баш адамга».
Деп, Семетей баркылдап,
Атадан калган Аккүбө,
Чагылып күнгө жаркылдап.
Уңгусу темир, учу курч,
Учуна салган кара курч.
Ташты сайса сынбаган
Сырнайзасын күү менен,
Мадыканга ыргады.
Канчоро, Бакай, Гүлчоро,
Кадыр Алла колдо деп,
Чыгып төшкө жылганы.
«Кетирбестен убактын,
Манастын уулу чунактын.
Табайын - деп, - өчөшүп»,
Мадыкан чочко убактын.
Боз мунарык жер чаңдап,

www.bizdin.kg

Топурак учуп тумандап.
Көрсөтпөй күндү чаң каптап,
Көрүнсө кээде ал экөө,
Көп мезгилде көрүнбөй,
Салгылашат карсылдап.
Жарактын үнү чака-чак,
Алмамбет уулу эр Гүлүс,
Ар жоругу бар Гүлүс.
Асмандан жамгыр жаадырып,
Жердин чаңын арылтып.
Жайнаган манжу, казактар,
Кыргыздан келген төрт арстан,
Бир-бирине таанышып.
Семетей менен Мадыкан,
Күжүлдөшкөн баатырлар,
Көк талаада сайышып.
Күчү артык немелер,
Өлүмдөн кайгы түк жебейт,
Балта менен чабышып,
Бирин бири элебей.
Эки күн өтүп кеткенде,
Музбурчактын Аккубак,
Анжунун элин азгырып,
Элүү миңин котчу алып,
Жапандарды кубалап,
Суук Шиберге барганда,
Өзү жайчы Аккубак,
Күндү жайлап дубалап.
Анжудан эиүү миң өлдү,
Өзү келди саламат.
Булар мунтип жүргөндө,
Манастын уулу Семетей,
Бир ишти калган элебей.
Эбин таап Мадыкан,
Билекке сайып ийиптир
Билекте кашка тарамыш,
Такыр кыркып кетиптир.
Ошонгочо Мадыкан,
Салгылашып жүрүптүр.
Нымыгып бойу тердебей,
Жаралуу болгон абасын,
Шалпысынан көрүптүр.
Шашыла минип атына,
Эр Канчоро жөнөптүр.
Чубактын уулу Канчоро,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Ачуусу келсе кайран эр,
Жедигердин көп колун,
Жалгыз жүрүп жүдөткөн
Карала тулпар ат минген,
Кабаттап темир кийинген.

www.bizdin.kg

Казабына келгенде,
Канчаны жерге кийирген:
«Кагылайын, хан аба,
Абамдын шайы кетиптир,
Уруксат бер уулуңа,
Мен барайын ушуга!»
Деп, Бакайдан суранып,
Жооп сурап бата алып,
Чубактан калган Акнайза,
Чындап колго карманып.
Чымырканып Канчоро,
Мадыканга бет алып,
Бастырган жерден бакырып,
Барлык үнүн айабай,
«Манастап» ураан чакырып.
Караланы камчылап,
Алчыланып баратат.
Үнүн уккан баатырдын,
Анжу, манжу, казактар,
Калтылдашып карашат.
Учунан жалын күйгүзүп,
Өңөргөнү Акнайза,
Жалтылдатып баратат.
Ыраактан көрүп карaанын,
Илебинен от жанган,
Ырайымсыз чоронун,
Ыдыгынан жадашат.
Күлчоро жете барганда,
Шайы кетип шалдайган.
Талкаланып бүткөн бой,
Тарамышы кыркылып,
Такатсыз турган Семетей,
Чорону көрүп кубанган.
Анжу, казак бул журттар,
Алдында келип Канчоро,
Мадыкандан телп эле,
Ыргып кеткен неме эле.
«Бул күчтү кайдан тапкандыр,
Эки күн жатып, эс алып,
Эми кайра келгенде?»
Деп, күркүрөп көпчүлүк,
Айыңдашып турду эле.
Канчоро жете келгенде,
Семетей атын бурду эле.
Семетей баса бергенде,
Мадыкандай эренге,
Баатыр чоро эр неме,
Бар күчүн айап ченебей,
Бар тобокел мейли - деп,
Зыңгыратып найзасын,
Карс дедире урду эле.

www.bizdin.kg

Букасы менен булкуйуп,
Бул Мадыкан бадырек,
Былк этип койбой турду эле,
Ителги тийген таандай,
Имерип жааган жаандай.
Чубактын уулу эр чоро,
Өзү мыкты шамдагай.
Чондугунан чочконун,
Тоо экен - деп, - жазганбай.
Албан түрдүү урушуп,
Ат арытып, чарчатып.
Салты жок уруш баштады,
Айанбай катуу жулкушуп.
Эки имерип Канчоро,
Удаа сайып өткөндө,
Оодарылбас кара таш,
Манжунун ханы Мадыкан,
Каардуу уруш баштады.
Ылачындай Канчоро,
Ырайымсыз ошого,
Бар кубатын бүт жыйнап,
Кулачын кыйла жазганы.
Кабуусуна келгенде,
Сом темирден уйуткан,
Балта менен чапканы.
Белсенип чапкан балтага,
Менменсиген Мадыкан,
Бели сына жаздады.
А дүйнө кетип каларга,
Араңдан зорго тас калды.
Алдыңкы сапар келгенде,
Алмадай учуп кетти эле.
Эми мага теңби - деп,
Эндирей түшүп оңолуп,
Эби келе түшкөндө,
Эр Мадыкан бадырек,
Кыйрына келген мезгилде,
Жалпагы менен балтанын,
Жаңзап өтө бергенде,
Карала аттан Канчоро,
Кайраты артык эр чоро,
Капкайда ыргып кетти эле.
Канчорого карабай,
Ажалы тарткан Мадыкан,
«Гүлчоролоп» чакырды.
Үнүн улай Гүлчоро,
Суркойон менен оргутуп,
Артынан чаңын бургутуп,
Эңишке кирген бүркүттөй,
Эки ийнин куушуруп,
Жан алгычтай түрү бар,

www.bizdin.kg

Жан алчудай сүрү бар.
Жагалданган жалкы шер,
Жан айабай качырган,
Ааламдан тапкыс асыл жан,
Кылга байлап таштады.
Кылымда мындаи болгон жок,
Кыйын уруш баштады.
Жалгыз кылга байлаган,
Жан аманат карызды,
Эрлигин баатыр Гүлчоро,
Беттеше келген жеринде,
Мадыканга таанытты.
Урган найза күркүрөп,
Тийген найза табына,
Чыдай албай Мадыкан,
Сийдиги чыгып буркуруп.
Берен Алмаң көкжалы,
Белин бекем байлады.
Көз ачтырбай чочкону,
Үстөккө-босток сайганы.
Ар канча кылып аракет,
Алдында минген букадан,
Аңтарып сайа албады!
«Найзадан айла кетти - деп,
Насибин, ушул белем - деп,
Имерип сайса бадырек,
Бу дүйнөдөн кеттим» - деп.
Сабына коло орогон,
Алыскы жоого жорогон.
Атасы баатыр Алмаңдан,
Мурас калган Айбалта,
Кыймылдатпай кесүүчү,
Кыйа тартып таш чапса,
Жанын кайдан айады?
Айбалтаны колго алды,
Комутта жазып, кур калып,
Кайра кирген кырданып,
Тап бүркүттөй сурданды.
«Эбине келсе бадырек,
Дүйнөдөн эми кетти - деп, -
Үзөнгүгө тамандап,
Алдынкы ээрдин бек тиштеп,
Ачылса жолум шар болуп,
А дүйнө кеттик - деп, - тиштеп».
Арта салып ийинге,
Кош колдоп тартып жиберет.
Балтанын үнү чак - деди,
Түшчүлүк ыраак көп элге,
Жанында турган немедей,
Тундуруп кулак шак - деди.
Шай колдогон Гүлчоро,

www.bizdin.kg

Чапкан экен жакшы эле.
Төш жары энин келтирген,
Уйутуп койгон сом темир,
Жарылып сырты кеткени!
Он сегиз миң ааламды,
Оруп-жыйып алчудай,
Опул-топул бат эле,
Бир орого салчудай.
Одурайган бадырек,
Ыргаган шамал теректей,
Элебеди бул чочко.
Кыймыл этип, солк этпей,
Кылчайып карап турганда,
Амалы кетип ушунда,
«Эми кандай кылам - деп,
Чын шайтаным кармады.
Көз ачтырбай урам» - деп,
-Кол тындырбай Гүлчоро,
Сырты кайсы, миз кайсы,
Устөккө-бостоктөбөлөп,
Салып турат дембелеп.
Манжудан келген Мадыкан,
Андай уруш көп көргөн.
Качан чарчап чаалыккан.
Колун сунуп алдыртан,
Алмамбет уулу Гүлүстү
Ач билектен кармаган.
Билекке манжа илинди,
Бул бадырек айбандын,
Баатырлыгы билинди.
Билегин толгоп кармады
Колундагы айбалта,
Жерге түшүп калганы.
Ал кармаса Гүлчоро,
Жанын айап калбады.
Сол колун сунуп имерип,
Жакасынан кармады.
Кудай өзү жаратат,
Кубаты артык жандарды.
Катуу силкип, бек тартып,
Манжунун ханы тажаалдан,
Алмамбет уулу арстан,
Оң колун сууруп алганы,
Жакадан чойуп тартышып,
Тамандаша калганы.
Тартышканда чыдабай,
Такыр темир сооттун,
Узун, туура бөлүнүп,
Чыгып кетти далдалы,
Суркойон менен Көк бука,
Айак шилтер аларда,

www.bizdin.kg

Арга, медер калбады.
Колдорун тартып алышпай,
Кан ичип кайра жанышпай,
Кармашкан бойдон көк түзгө,
Ал кезекте баатырлар,
Катары менен түштү эле.
Буттап темир курчанган,
Жан айашпай ал экөө,
Белиндеги жынжырдан,
Былкылдатпай кармашты.
Балбандарча басышты,
Бардык күчүн салышты.
Аркасына сүрүшүп,
Этегин кайра түрүшүп,
Көрүп туруп ал экөөн,
Көпчүлүк жандан түңүлүп
Жаркырап жерге күн тийбей,
Чаңга бети көмүлүп.
Кээ кезинде үндөрү,
Элге угулуп кай чакта,
Бирин бири серпишип.
Айкырышкан убакта,
Капкачандан бер жакка,
Катып калган кара жер,
Оргуштап агып, суу чыгып,
Толуп калды булакка.
Буттары тийген кара таш,
Чыдаштык бербей курган таш,
Топурактай чачырап.
Бирин бири тиктесе,
Азуулары качырап.
Кош көөрүктүн отундай,
Көзүнөн жалын чачырап.
Эки күнү, бир түнү,
Эрикпестен кармашып.
Сооттун баары жоголгон,
Сонунда мындай болбогон.
Бирин бири жеңбеди,
Жеңүүгө алы келбеди.
Ошол кезде хан Бакай,
Салып жетип келгени.
«Чарчадыңар,арстандар,
Салгылашып кеттиңер,
Күнү-түнү сеп албай.
Керней, сурнай тарттырып,
Ажыратсак ал кандай?
Тогуз, он күн дем алып,
Ылгап жарак колго алып,
Беттешсеңер бул кандай?»
Бакай минтип барганда,
«Куру кантип жанам» - деп,

www.bizdin.kg

Алмамбет уулу ач арстан,
Ичинен кайгы, бушман жеп.
«Хандык өкүм өзүндө,
Кандай кылса кылар» - деп, -
Унчукпай турду мостойуп.
Манжудан келген кызыталак,
Оозунан түтүн, буу чыгып,
Чокуга чапкан немедей,
Орго-баргы сөз кылып:
«Мен майдандан чыкпаймын,
Кыргыз атың өчүрүп,
Жоготпой сени туз кылып!
Мына бу уругу кытай Гүлчоро,
Өлтүрөмүн алдыда,
Жууруп ундай нан кылып!
Жебесем кумар чыгабы,
Семетей, Бакай ханыңы?
Бириң аттан жыгылсаң,
Бириң келип камына,
Уурулукча жоо алып,
Карабайсың буруттар,
Өзүңдүн алы жайыңа!
Койнумда алтын кудай бар,
Мен сыйынам ушуга
Жазганбастан кудайдан,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Чокуга аны чапканга,
Арданам мен артыкча!» -
Деп, Мадыкан каарданып,
Көзүнөн жалын от жанып.
Суу көрбөй жаткан канча жыл,
Шорлуу чөлдөй кумсарып.
Кара нөшөр жаачу,
Жай күнүндөй бүркөлүп.
Кабагынан каапырдын,
Тийип турган жарык кун,
Туткасы анда кептенип,
Жаркырабай түнөрүп.
Оозунан көбүк буркулдап,
Соотун оңдоп курчанып,
Бүткөн бойун топчулап,
Кара бойун упчулап.
Алайа капыр тиктесе,
Ал чочконун көзүнөн,
Алачыктай от чыгат.
Маңдайга келген тоо, таштар,
Чыдай албай таш кулап.
Карагай, кайың теректер,
Балталап кесип жаткандай,
Туруштук бербей карсылдап.
Көзүнүн чаары жеткен жер,

www.bizdin.kg

Муз жарылып тарсылдап.
Кыймыл эткен бүт жанды,
Калтырбай баарын соргон жер,
Токтоно албай калтылдап.
Күн тутулуп, карайып,
Ай чыга албай жашынып,
Каарынан коркуп чочконун,
Асманда жылдыз аз калып.
Койо берип Гүлүстү,
Букага минди камданып.
Аркага колун шилтеди,
Алып келген жүктөтүп,
Алтымыш балбан манжудан,
Жоо жарагын, кийимин,
Толуктап алып келгени.
Койнуна колун салганы,
Жакут менен көздөгөн,
Коло менен жасаган,
Колдой турган кудайын,
Колуна кармап алганы.
Калдыр-күлдур дегенсип,
Кашкайып каран күлгөнсүп,
Мойнун ийип, каш серпип,
Койнуна кайра катканы.
Көрүп туруп капырды,
Кабылан Бакай карыга,
Гүлчоронун айтканы:
«Айланайын, абаке,
Дем алдырам мени - деп,
Убара болбо, тегеле.
Кантип кайра жанайын,
Кол менен жасап кудайын,
Колдоп мени койот - деп,
Көйрөңдөнүп өкүрсө?!
Атам баатыр Манастын,
Арбагына сыйынам.
Алты күндөн ашырбай,
Арасында чочкону,
Чанданды соргон дүйнө ушул,
Таруудай сөөгүн калтырбай,
Талкалап муну тоз кылам!
Менменсиген чочконун,
Өз кайратын башына,
Өлө турган күч кылам!»
Деп, Гүлчоро Бакайга,
Кашкайып туруп кеп айтып, -
«Кайыр кош, аба, - деп айтып, -
Сайып алсам чочкону,
Манжу, жапан, казакка
Найзага илип көтөрүп,
Алып барам ушуну.

www.bizdin.kg

Башаламан барбаңдап,
Ала көөдөк Канчоро,
Манжу менен жапанга,
Аралап кирип кетпесин.
Байкабай артын дардаңдап,
Тайбуурул менен абакем,
Бастырбасын салбаңдап.
Бекер убал байкасам,
Караанга келген кошунду,
Карандай кырып, кан чачмак.
Бир сураймын, абаке,
Атамдан калган Сырнайза,
Жеткирип аны берип бак.
Ылдамырак желиң - деп,
Айланайын, абаке,
Жеткиртип аны бериң» - деп,
Айтып турду Гүлчоро**,**
Арты-артынан кан какшап.
Барган менен Бакай хан,
Баатырлар болбой койгондо,
Баш байланып барбаса,
Майданда турган жекме-жек,
Жакырлар болбой койгондо.
Айрыкчасы Мадыкан,
Карарып болбой койгондо.
Өчөшүп ага Гүлчоро,
Баатыр жан болбой койгондо.
Бозжорго менен аргытып,
Чаң уйултуп самсытып.
«Канчоролоп» чакырып,
«Канкордон калган Сырнайза
Алып чап» - деп, бакырып.
Оозунан кеп чыкканча,
Оро-пара маңдайда,
Көрүп турган Канчоро,
Найза өңөрүп чапты анда.
Алдында анын Суркойон,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Айбаттанып жоо сайган,
Адамдан артык шер чоро.
Куйушканын кыскартып,
Басмайылын бош тартып.
Боор олоңун бек тартып,
Алмамбеттин бадана,
Сары алтындан көздөгөн,
Самсыган кытай Бейжинде,
Салтка кийген тон ошо.
Үпчүлүгү үч тогуз,
Үпчүлөндү, эр чоро.
Топчулугу үч тогуз,
Топчуланды, шер чоро.

www.bizdin.kg

Куймалуу алтын үзөнгү,
Нардай болгон Сур атка,
Теплей ыргып мингени.
Тили таттуу, боору таш,
Буудай жүздүү, кара каш,
Ширин сөздүү, от көздүү,
Асталап сүйлөп кыз үндүү.
Чыбыктай бели буралган,
Жер бетинде жок эле,
Мындай сулуу жаралган.
Алагар көзү чолпондой,
Эр кулагы калкандай,
Кызылы кызыл, агы ак,
Карга тамган кан кандай?
Сыпаттап айтып болгусуз,
Тамылжып турат бети айдай.
Чачы тал-тал жибектей,
Ээрдиндеги муруту,
Найзага таккан түпөктөй.
Кара бойу келишкен,
Күмбөзгө тарткан сүрөттөй.
Сырнайза колго тийгенде,
Күлүңдөдү, сүйүндү. Мадыкандын түрпөтүн,
Көзү көргөн хан Бакай,
Гүлчородон түңүлдү.
Жоо жарагы алдында,
Дайарланган Мадыкан,
Кирген нардай чамынып,
Сокмоктуу найза колго алып
Барып тийди качырып.
Сокмоктуу найза тийгенде,
Мадыкан муштап ийгенде,
Кез төш жары найзасы,
Бадана, соотун талкалап,
Чарайнасын жок кылып,
Колтуктун көбүк этине,
Төрт карышча киргенде.
Көк букасы бултулдап,
Желип өтө бергенде,
Сом этке найза тийгенде,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Чын ачуусу келгенде.
Кыйшайа түшүп опоңуп,
Оргуштап аккан кызыл кан,
Капталынан куйулуп.
Султандын уулу чорого,
Мындай жара буйумбу?
Аз болгондо аккан кан,
Арыкта суудай куйулду.
Сырнайзаны колго алып,
Чын ачуулап умсунду.

www.bizdin.kg

Мадыкан бура тарткыча,
Чарайнанын четине,
Ай далынын бетине,
Качырып найза бир урду.
Күчтүү урган Сырнайза,
Бор сайгандай күрт этип.
Төш жары кирип, ал кетип,
Муштап өтө бергенде,
Уй мүйүзүн тайанып,
Араң өөдө болду эле.
Далыдан аккан кызыл кан,
Көк буканы жошолоп,
Соорусунан куйулган.
Ант ичкендей арданып,
Манжунун ханы түгөнгүр,
Ачууланып саргарып.
Ал төш жары кирген Сырнайза,
Мадыканга канчалык?
Качырып жетти Гүлүстү,
Жаралуу каман кептенип.
Найзасын булгап имерди,
Балакеттүү түгөнгүр,
Бөйрөккө сайып жиберди.
Бөйрөккө найза тийерин,
Баатыр Гүлүс билгени.
Бөйрөгүнө тийгизбей,
Мадыканга билгизбей,
Машы чыккан эр чоро,
Ат капталга шалк этип,
Жыгыла берди ошондо.
Каңгып сайган найзасы,
Кайпып өтүп кеткени.
Мадыкандын Көк бука,
Сууда сызган балыктай,
Бурулганда булт этип,
Бута атым жерден көрүнүп,
Төрт туйагы шырыктап,
Уйдан чыккан шум бука,
Кош кулагы шалактап,
Ача туйак шарактап.
Букасын кайра бурганда,
Кайра айланып бир сайса,
Жок болчудай көрүндү,
Эр Гүлүстөн жалганда.
Эсин жыйып жалактап,
Элөөрүгөн баатырың,
Оңолуп минип сермелип,
Алдындагы Сур атка,
Айабай камчы бир салды.
«Манастап» ураан чакырып,
Болумдуу чочко капырды,

www.bizdin.kg

Май сооруга бир сайды.
Ошол урган Сырнайза,
Томолонуп кетмекчи,
Утур келсе кыр ташка.
Таамай күчүн арнаган,
Май соорудан койгондо,
Мадыкандай чочкону,
Томолото жаздады.
Тоодой болгон бадырек,
Тоңкойуп көтү кыйшайды,
Жаралуу болгон көк жолборс,
Жолуккан бенде соо болбос.
Алмамбет уулу эр Гүлүс,
Азыркысын ага окшош.
Баатырдан тийген найзаны,
Манжунун ханы Мадыкан,
Балбандык менен көтөрдү.
Ким көргөн мурун мындай жан,
Күч келген сайын күч алган?!
Зордугун капыр көрүнттү,
Суркойон оозун бургуча,
Султандын уулу Гүлүстүн,
Соорудан канын төгүлттү.
Гүлчоро минген Суркойон,
Өмгөчөктөп жыгылды.
Үстүндөгү Гүлчоро,
Топого башы тыгылды.
Букасы мыкты капырдын,
Сайганы жазбас жакырдын.
Алдындагы Көк бука,
Өкүрөңдөп жүгүрүп,
Өтө берди төрт бута.
Машы чыккан балбан эр,
Байыртан намыс алган эр.
Төрт айактап тик туруп,
Сур атты тартты чылбырдан.
Сөөгү сак калган Суркойон,
Ыргып турду, чыйрак мал.
Эки жерден найза жеп,
Көбүк эт менен соорудан,
Гүлчоро жолборс көкжалдан,
Оргуштап агат кызыл кан.
Кошо минди эр Гүлүс,
Ат турганда ордунан.
Минген менен баатырда,
Найза сайар чама жок,
Анжудан келген чочкого.
Аккан каны төрт талаа,
Кимдер айтып, ким айтпайт,
Бендеде мындай чоң балаа!
Качырышып сайа албай,

www.bizdin.kg

Бирине бири бара албай.
Ортосу алыс төрт бута,
Экөө турду түз талаа.
Ойуна түштү Гүлүстүн,
О дүйнө кеткен эр Манас,
Ошол учур маалда.
Эки көзгө жаш алып,
Эбегейсиз кайгырып.
Түштүк жагын каранып,
Гүлүстөн турду ошондо,
Арбактарга жалынып:
«Акырет кеткен атамдын,
Арбагы келер болсочу!
Олуйа заада Кошойдун,
Оройу келер болсочу!
Оройу бузук чочкодон,
Өзү колдоп койсочу!
Кыйамат кеткен Алмамбет,
Көрбөдүм жүзүн дүйнөдө,
Эл айтат сенин атаң деп,
Кылчайып келер болсочу!
Кысылган мындай күндөрдө,
Кызыл кан аккан мезгилде,
Кыйа карап койсочу!
Кытайдан келген Алмамбет,
Кыйамат кеткен нечак - деп,
Бет алган жакка тырышкан,
Кебездей ичи аппак - деп.
Жалгыз уулу Гүлчоро,
Жан кыйналды жаман - деп,
Айланар күнү болорбу?
Армандуу кылып хан атам,
Арбагы эбеп жөлөбөй,
Манжунун ханы Мадыкан,
Агызып каным койорбу?!
Көктеке сындуу ат минген,
Көпкөк темир кийинген,
Теминишкен душманын,
Жети кат жердин алдына,
Тим эле тирүү кийирген.
Акбалтанын Чубак хан,
Кызыгышкан урушта,
Суудай кызыл кан аккан.
Султандын кулу экен - деп,
Сүйөр күнүм болорбу?!
Суркойон минип Гүлчоро,
Жүрөр күнүм болорбу?!
Шолоктоп ыйлап мен турсам,
Султан Чубак арбагы,
Сөөбөй мени койорбу?!
Кара калпак кыргагы,

www.bizdin.kg

Кабылан Манас чыйрагы,
Хан Жакыптын Сыргагы,
Телкызыл сындуу ат минген,
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган,
Жолугушкан немени,
Жонуна найза аштаган.
Учурайт экен ошого,
Топурак баскан далай жан.
Карыпка жардам болорбу,
Ошол кабылан баатыр Сыргактан?!
Эң алдында мен өлсөм,
Өчөгүшүп чочкодон,
Эр Канчоро ал өлөсө,
Караан болгон артында,
Эки чоро тең өлсө.
Арстандан калган туйактын,
Тулпардан калган чунактын,
Анда айласы не болор?
Кан жөткүрүп абакем,
Капталынан жаралуу.
Карыйа Бакай абамдын,
Ак сакалын кызартып,
Кара мүртөз Мадыкан,
Кан кылып башын аларбы?
Атпай алаш көп журттун,
Манжунун ханы бул иттен,
Амалы кетип каларбы?
Жамгырчынын Шаймамбет,
Манжуга барып сатылган,
Ал арсыз пайда табарбы?
Алп Жамгырчы карынын,
Каныкей энем баарынын,
Канжарлап кардын эшерби?
Кардап журуп чочколор,
Карыганда ошолор,
Так айласы кетерби?
Жалгызек менен Байтайлак,
Бул бадырек Мадыкан,
Башын кесип байланат.
Ак калпак кыргыз кайран журт,
Аргасын таппай сандалат.
Айчүрөк учса куу болуп,
Акун хандын шаарына,
Таап бергин -деп, - Чүрөктү,
Манжунун колу жык толуп,
Аны да жаман кыларбы?!
Түпкү төркүн ээси - деп,
Букардагы Ысмайыл,
Түпкү тирек сенсиң. - деп,
Түп көтөрө кырарбы?

www.bizdin.kg

Кылгылыкты кылабы,
Кызыталак манжулар
Кырып ийип, тыңарбы?!
Кашкардагы Жоодарды,
Маргалан, Ташкен, Коконду,
Башкарып турган Сынчыны,
Чогултуп баарын жыйарбы?
Чокко салып боорун жеп,
Чочконун жаны тынарбы?!
Ата болуп асырап,
Эне болуп алпештеп,
Эркелетип эл баккан,
Алатоо кыргыз энеси,
Ээн таштап, бул жерди
Ойунда ишин кыларбы?!
Колотунун баарынан,
Шарылдап суу куйулган.
Суу ордуна сүт аккан,
Ааламда сонун Тыйаншан
Торопойун тоздуруп,
Топурагын боз кылып,
Туугандын белин бош кылып;
Душмандын көөнүн кош кылып,
Күркүрөп капыр бارарбы?
Күзгүдөй жарык тийген күн,
Гүлдөгөн кайран биздин жер,
Чүмкөнүп кара каларбы?!
Акырет кеткен төрт берен,
Алатооңду эстесең,
Арбагың келе каларбы?
Атакемдин Ак күмбөз,
Ай ааламда даңкы бар,
Күл, талкан кылып бул чочко,
Кулатып бузуп саларбы?
Күмбөзү жок Манастын,
Оорагы өчүп каларбы?» -
Деп, буркурап Гүлчоро,
Көзүнөн аккан жашы бар,
Көп кыйналып турганда,
Алдындагы Суркойон,
Ээсинен мурун жаныбар:
«Ажыратып, Гүлүстөн,
Алатоонун чөбүнөн,
Айбандар көөнүн ачуучу,
Көк ала майдан төрүнөн,
Манжуга олжо кылгынча, Суркойонду деги сен,
Аккула ата, ала жат!
Азыз хандын Алмамбет,
Арнап минген Сарала,
Арстандан айрып калтырбай,
- Арбагың мени, ала жат!

www.bizdin.kg

Алп Чубак минген Көктеке,
Аккула менен барабар,
Атагың жүрөт эмгиче,
Сургойонду, ала жат!
Манжуга олжо бергинче,
Сырттан Сыргак баатырдын,
Сындуу малы Телкызыл,
Суркойонду тарп кылбай,
Жалынам сага, ала жат!» -
Деп, Суркойон солкулдап,
Жетим калган баладай,
Ичин тартып болкулдап,
Айбан мал ыйлап турганда,
Күрпүлдөктүн куйушта,
Таамай түш болгон убакта,
Жер силкинип, күн өлүп,
Күн өлбөсө неткени,
Күүгүм тартып кеткени!
Капкара булут чогулуп,
Чүмкөлүп катуу койулуп.
Жел күркүрөп, үн чыгып,
Түштүк батыш жагынан,
Тунарык кызыл сүр чыгып.
Каркайып турган Алатоо,
Асман менен теңдешкен,
Жаш тилекти көргөндө,
Жалпайып жылма болчудай,
Жашып башын ийишкен.
Карагай, кайың, тал, терек,
Бороон, шамал урса да,
Шоодурабай дарак, таш,
Тилден калып унчукпай,
Дымыгып кетти кара жер.
Кызталак манжу дартынан,
Кыйамат кайым болгондой.
Аңтарылып жер, асман,
Ар мүнөзүн байкасаң,
Астын-үстүн болгондой.
Таштан ташка секирген,
Назик муңдуу үндөрүн,
Аккан суулар келтирген,
Жер жайнаган чечекей,
Гүлдөрүн күбүп түшүрдү.
Күзгү коңур салкындай,
Өзүнүн өңүн өчүрдү
Өйүз-бүйүз кеп жандар,
«Алда кандай заман - деп,
Болду бүгүн жаман» - деп,
Бирин бири карабай,
Талаада жүргөн айбандар,
Эмизе берди алмашып,

www.bizdin.kg

Өз баласын тааныбай.
Муңдуу сайрайт булбулдар,
Мурункудай наалыбай.
Ак муздун баары көгөрүп,
Жер жүзүндө бар нерсе,
Калды катып дени өлүп.
Аңгычакты болбоду,
Ашкере келди бул жерге,
Арбагы Манас колдоочу!
Түштүк жактан сурданган,
Кызыл мунар арылды.
Жаркырап жерге күн тийип,
Күзгүдөй болуп жарыды.
Келе жатат төрт берен,
Көргөн жандар тааныды.
Тоонун баары оштонуп,
Томсоргон тоолор жок болуп,
Мойундарын көтөрүп,
Көргүн мени дегенсип,
Турнадай болуп койкойуп,
Гүлдүн баары чатырап,
Байчечекей жер жайнап,
Булбулдар сайрап, тил кайрап,
Муңдуунун көөнү ачылып,
Көк ала майдан жер бети,
Көргөндүн баары калды таң.
Камбар ата сылаган,
Ай соорунун түзүндө,
Минген аты Аккула,
Айбандан башка жаныбар,
Аккула минип залкайып,
Алатоодой заңкайып,
Алдыда баштап айкөл шер,
Келе жаткан чагы бар.
Уй куймулчак Сарала,
Уйулгуткан бирөө бар.
Темир көк тулпар ат минген,
Көк темирден тон кийген,
Көзөл Чубак келаткан.
Сырнайзасын зыңкыйтып,
Телкызылды кындыйтып,
Зерлүү таажы кийинген,
Өз кезинде Сыргактын,
Сексен нөкөөр кашында,
Күнү-түнү бир жүргөн.
Мындай дөөлөт ким көргөн?
Келген күкүк түрдөнгөн,
Күлө багып кашкайып,
Өңу жарык күзгүдөн,
Айкөл шерден айрылбай,
Ал үчөө катар бир жүргөн.

www.bizdin.kg

Кудай бетин нары кыл,
Күлгүн тартып жер күлүп,
Тиктенип чептер сүйүнүп
Таштын баары жалтырап,
Жер ачылып жаркырап,
Нур чачылып жыт бурап,
Жан-жаныбар кыбырап.
Сүйкүмдүү сонун көрүндү,
Жердин бети жыбырап.
«Кыргыздын колу келди - деп,
Жайнаган манжу, казактар,
Төртөө келип, жөн койбой,
Сойду эле кан кылып,
Кызылуйук дөөнү - деп,
Төртөөнө төртөө кошулду,
Эми кандай болду» - деп?
Баатырды көргөн далайы,
Эл тарабын карасаң,
Сүйүнбөгөн бир жан жок.
Жоо тарабын карасаң,
Күйүнбөгөн бир жан жок.
Бирде өөдө, бирде пас,
Ушундай экен дүйнө шок!
Жергелетип төрт баатыр,
Желе, жорто келатыр.
Сарала менен теңселип,
Кыраан Алмаң, эңсенип,
Баатыр Гүлүс жанына,
Бөлүнүп жалгыз ал келип.
Сүйүнүп жашы токтобой,
Көз айырбай жалдырап,
Гүлүстөн калды шалдырап.
Азыз хандын Алмамбет.
Гүлүстөнгө айткан кеп:
«Тирүүмдө жүзүң көрбөдүм,
Алтын чырай бетиңден
Алдейлеп, балам,сүйбөдүм.
Жай алган жерге тынч койбой,
Жалынып катуу наалыдың.
Манжудан чыккан Мадыкан,
Жан кыйналар эр эмес.
Тоо бузулуп дүркүрөп,
Сайларга келип жык толуп,
Агызып кетер сел эмес.
Келгин, балам, жаныма
Оң колунан бир кармап,
Оң, колум күчүн бердим - деп,
Сол колунан бир кармап,
Сол колум күчүн бердим - деп.
Ойронун чыгар чочконун,
Ушул чакта манжунун,

www.bizdin.kg

Кайраты сага теңби - деп? –
Аркасынан сылады, -
Адам уулу далыңды,
Тийгизбесин жерге - деп.
Көрүшөрбүз да бир күн,
Жан кыйналып күч келсе,
Жаштык кылбай чакыр - деп.
Болгун, балам, турбагын,
Бул бадырек чочкону,
Кара жерге батыр - деп.
Бул өңдөнгөн сом билек,
Ар кайсы жерде элдедир. Мадыканча болбосоң,
Тукум болбой жерге кир!
Караанга келген кошунга, Катылбагын, тийбегин!» -
Сөзүн айтып болгунча,
Өйүздөгү көп жанга,
Ирмеп көзүн Гүлүстөн
Серпип кашын караса,
Көрүнүп турган бул төртөө,
Кай кеткени билинбейт,
Карааны жок эч жайда.
Апкаарыбай, калтарбай,
Манжунун ханы Мадыкан,
Атырайып түрү суук,
Карап турат маңдайда.
Караанын көздөн чыгарып,
Калкынан эми чыккандай,
Эр Гүлүстөн чыйралып.
Сырнайзаны колго алып.
Жан алчудай сурданып.
Өлгөндү көрүп көз менен,
Күлүңдөп өңү нурланып.
Бастырып жөнөй бергенде,
Мадыкан турат муну айтып:
«Сээрчисиңби, Гүлчоро,
Сени менен сүйлөшкөн,
Айтчы атын ким ошо?
Аккула минип шаңданган,
От жанып көзү маңдайдан.
Өзгөчө түрү бир башка,
Аккүбө кийген кайсы жан?
Качырганын кайсаган,
Кагышкандан тайбаган,
Көк темирден тон кийген,
Көгала тулпар ат минген,
Көрүндү көзгө бир адам,
Көп адамдан сүрдүү экен,
Анын аты ким экен?
Сырнайза колдо зыңкыйган,
Ширгыйдай бойу шыңкыйган,
Санды көрүп шашпаган,

www.bizdin.kg

Сан экен - деп - качпаган,
Сапырылган заманда
Санаада ишин баштаган.
Караса жүзү нурланган,
Качырса жүз миң, кол алган.
Темир кызыл көк атчан,
Темингенин куткарбас,
Саңоору алтын шумкар жан,
Келгендердин ичинен,
Салакасы артылган
Зерлүү жака, алтын тон,
Салты менен жамынган,
Аныңдын айтчы аты ким?!
Эки күндүн алдында,
Хан Бакай келген жаныңа,
Дем алып кийин келгин - деп,
Канчалык айтып жалынса,
Болбой койдум мен анда.
Ойлогомун ал чакта,
Оморо сайып алам - деп,
Ойдунга каның жайам - деп.
Ойума келбей мен калдым,
Кутулуп сенден калар - деп.
Өз ойумда жүрчү элем,
Ак калпак кыргыз алашты,
Айак асты кылбаган,
Коң төрөнү чабал - деп.
Туудурган атам Нескара,
Туруштук кылбай душманга,
Аралатып кыргызды,
Алда кандай иши - деп,
Көз кайкыган анжуга,
Хандык наам алганбы,
Кырмуз шаанын Мурадил,
Кылымдан чыккан чабалбы?
Деп, жүргөмүн башында
Баарысын айтып бир бирден.
Андан кийнн Гүлүстөн,
Мага уруксат бергин сен,
Элиме барып келейин,
Эки күн жатып, дем алып,
Сегиз болдуң төрт элең.
Селдей каның агызып,
Эдебиңди берейин!
Сөз талашып калкымда,
Өлүп кеткен алдымда,
Кызыл дөөнүн дартында,
Тамак ичпей келгемин.
Тамактанып алайын,
Ак айлаңды кетирип,
Талаада каның жайайын.

www.bizdin.kg

Өлтүрдүм - деп, - кош болбой
Таласыңа барайын.
Таш талканын чыгарып,
Коргонуң талап алайын!»
Жоокалатып кеп сурап,
Жоо бөрүсү Гүлүстөн
Мунун жүрөгү канча -деп, - сынап.
Мадыкан антип турганда,
Ак сакалы чайкалып,
Бозжорго менен чайпалып, -
Жашы кыркта немедей
Досун көргөн хан Бакай,
Ажары айдай нурланып,
Келе калып кеп айтат:
«Э, кулунум, Гүлчоро,
Келип кеткен байатан,
Кербендерим муну - айтат.
Бир тойуучу ырыскы,
Тамагы бар бул иттин,
Ичпей турат бу капыр,
Ошол үчүн көөдөңдөн,
Кылча жаны кыйылып,
Чыкпай турат бу капыр.
Байкап туруп алыстан,
Байатан бери карасам,
Элиме барып келсем -деп,
Мөөнөт сурап жалынган.
Барсаң, барып, келгин -деп,
Айтсаң, боло жаш арстан!» -
Абасы айтып анчалык,
Акылына сөз салып,
Кошко карай жөнөдү,
Кайра тартып жол алып.
Мадыканга Гүлчоро,
Айтмак болду шаңданып.
Кырчактын кыраан барчыны,
Шаңшыгандай Гүлчоро.
Жерге чыккан жашыл чөп,
Абанын жамгыр суусуна,
Аңсагандай, Гүлчоро:
«Э, Мадыкан, сен уккун,
Караанын көрүп шерлердин,
Кантериңди биле албай,
Айланды таппай удуктуң!
Аккула минип шаңданган,
Айбатын көргөн жалтанган,
Атагы алаш көп журттун,
Алатоодой аркасы,
Ак калпак кыргыз журтунун,
Калдайган темир капкасы,
Көргөндө эстен тандыңбы,

www.bizdin.kg

Арбагы азыр тирүүдөй,
Атакебиз Манастын?!
Алдыңкы келген айкөл шер,
Аты Манас баатыр эр.
Жүрөгү чыгат кыпылдап,
Көрүнүп койсо карааны,
Сага окшогон немелер!
Мени менен сүйлөшкөн,
Алгыр бүркүт түрдөнгөн
Азыз хандын Алмамбет,
Кытайдан келген эр экен
Мен Гүлчоро бакырды,
Анын уулу дээр экен.
Көз көрбөй, кулак уккан кеп,
Манжу, калмак, чүржүттөр,
Чогулушуп алган - дейт.
Кылымдар бойу былк этпей,
Ажыдаар -деп - аталган,
Кытайга түйшүк салган -дейт.
Таарынып кытай ханына,
Манжу, калмак, чүржүткө
Бошотуп шаарын берген -дейт,
Ошондо кең Таласка келген-дейт.
Айкөл шердей зор баштан,
Алмамбет султан жол баштап,
Элүү төрт илек кол баштап,
Түрк уланы келген -дейт.
Анжу, манжу, калмакты,
Кытай, кыргыз бирлешип,
Бейжинден айдап чыгарып;
Түндүк жакка кууган -дейт
Көпкөк темир кийинген,
Көгала тулпар ат минген,
Көргөндүн бойу титиреп,
Көзүнөн жалын, от күйгөн,
Балта дөөнүн эр Чубак.
Беттешкенден жеңилип,
Көзү өтүп кеткиче,
Теңдигин колдон бербеген,
Түбү тектүү шер Чубак.
Сырнайзасын зыңкыйткан,
Таптаза бойун шыңкыйткан.
Тиктесе көзү сурмалуу,
Түлөк куштай кылтыйган,
Баатыр Сыргак хан ошо.
Чоң Бейжинде урушта,
Токсон уруу түрк уулу,
Алда канча санаксыз,
Анжу, манжу, калмакта,
Кармашты канча көп көрдү.
Ошол күнү тайманбай,

www.bizdin.kg

Жалгыз жумуш бүтүргөн,
Жакыптын ,Сыргактын уулу
Тегин киши дебегин,
Келген төртөөн сен муну!
Бүткөн бойун чойундан,
Эритип куйуп койсо да,
Эбиң, келди, Мадыкан!
Качалбайсың, ажалдан,
Айтканымды мен кылам.
Алдындагы Көк бука,
Сен кептенип, Мадыкан,
Уйду минип не кылам?!
Кебетеңди байкасам,
Эки бетиң толуксуң.
Соруп жатып анжуну,
Семирип, чочко, толупсуң!
Көч-көч айдап, жол тарткан,
Өлүгүң калып талаада,
Казактын ити тойунсун!
Эми имерип, бир сайсам,
Ээрден сени кыйшайтам.
Гүлчоро атым курусун,
Илип алып найзага,
Тебетейдей көтөрүп,
Манжу, жапан, казакка,
Аралап элге барбасам!
Уруксат бербей мен койсом,
Бир тойбой өлсөң, жалгандан,
Арманың калар ар качан!
Бер жагы эки күн болсун,
Нар жагы жети күн болсун.
Арманың, чыгып болгунча,
Барыңды ичип тойунгун.
Кайтып келип бул жерге,
Кара койдой сойулгун.
Болжолдуу күндөн кечикпей,
Өзүң, келгин сен -деди.
Эрте, кеч байкап жүрөсүң,
Сен кептенип, аш уулап,
Кошко барбайм мен» - деди.
Ушу болот баатырдын,
Манжунун ханы капырга,
Мөөнөттүү жооп бергени.
Суркойон оозун бош койуп,
Башынан алып жүгөндү,
Эчтемеден камы жок
Агытып атын жиберди.
Көк букачан Мадыкан,
Күңгүрөнүп бул айбан,
Кошуна барып далпайып,
Ашпоздору ашыгып,

www.bizdin.kg

Жапа тырмак камдашып,
Жалгыз жеген тамагын,
Жамактап аз айталык.
Чочкосу жок ал жерде,
(Чочкодон артык кем эмес)
Айуу менен сууру,
Арбын эле ал жерде.
Алман салып угузуп,
Анжу, манжу, казактан,
Алты жүз мерген жиберди.
Он бир айуу, беш жүз суур,
Бир күндө атып келгени.
Жылкынын этин жебеген,
Айып экен бир жери.
Уйдан сойду он үчтү,
Төөдөн сойду экини.
Койдон сойду бир жүздү,
Он бир айуу, беш жүз суур,
Он үч сыйыр, бир жүз кой,
Эки төөнү аа кошуп,
Баарын жалгыз жеп бүттү.
Кош тегирмен жүгүргөн,
Кош жаңырык үн салган,
Күрпүлдөктүн куйуштан,
Бир өзөндү бүт ичип,
Какшытып аны соолутту.
Курсагын сылап чердейип,
Кош болуп капыроштонду.
Алты киши түк тынбай,
Маңдайдан аккан терлерин,
Арытып, аарчып алалбай,
Күнү-түнү дем албай,
Бек кыйналды шордуулар,
Ташып тамак бералбай.
Кымыздан тарткан аракты,
Кылкылдатып бул чочко,
Жутуп турат, дем албай.
Арак, эттин баарысын,
Такыр жеди бадырек,
Өлбөстүктүн дарысын.
Алты батман нан жеди,
Ошондо да тойунбай,
Кана тамак маа -деди.
Беш жүз уста жыйнады,
Найза, балта, кылычын,
Мизин ууга сугарды.
Жонундагы жаранын,
Каны менен ириңин,
Тарттырып аны чыгарды.
Бүткөн бойу жеңилди,
Көк бука болду мингени.

www.bizdin.kg

Күн чекеге жеткинче,
Оозу тынбай жегенин.
Күн көзү түш болгондо,
Шашылып жолго киргени.
Караанын көрүп капырдын,
Кан ичме доңуз баатырдын,
Гүлчоро атын кармады.
Жети күн жатты майданда,
Оозуна даам албады.
Токсон күндүк салышта,
Мындай нечен сайышта,
Тотугуп өңү калбаган,
Оозуна тамак албаган.
Карды ачып талбаган,
Кабылан туулган эр немең,
Калың элдин баарынан,
Кайраты артык кабылан.
Караанын көрүп каапырдын,
Катыны эркек туугандай,
Каткырып күлүп сүйүнүп,
Суркойон белин чыңдады.
Атадан калган Сырнайза,
Мадыканга ыргады.
«Армансыз өлсүн чочко - деп,
Алдыңда сайып алсын» - деп,
Аңкаарыбай турганы.
Көк камандай күркүрөп,
Күчү артык Мадыкан,
Көргөндүн бойу дүркүрөп.
Элесин көргөн айбандар,
Эси чыгып бүркүрөп.
Жетип келди майданга,
Көөрүктөн чыккан жалындай,
Эпкини катуу күжүлдөп.
Айал кылып турбады,
 Ал Мадыкан бадырек,
Аргытып найза урганы.
Найзаны күүлөп сунганда,
Учунан жалын, от күйүп,
Жолум үйдөй чок күйүп. Алдындагы Көк бука,
Ок жетпестей жүгүрүп.
Кейпин көрүп чочконун,
Эр Семетей, хан Бакай,
Канчоро баатыр үч арстан,
Турушту андан түңүлүп. «Кыйырга эми келди» -деп, -
Гүлүстөн турат сүйүнүп.
Сокмогу менен найзанын,
Соолгон чочко муштады.
Кенебеген Гүлүстөн,
Кеңири бул жалгандан,
Кетип кала жаздады!

www.bizdin.kg

Атынын жалын кучактап,
Чарайнасы жарылып,
Быт-чыт болду нечен кат
Бул бадырек Мадыкан,
Гүлүстү урган найзада,
Улуу Инген тоосун бир сайса,
Томоруп түптөп таштамак!
Өзү сайып кош болуп,
Көк Бука менен оштонуп,
Кыйа тартып, бир сайып,
Өтө берди кош болуп.
Найзаны муштап, тартканда,
Талкаланып чарайна,
Быт-чыты чыгып жатканда,
Кол арыктай шарылдап,
Эр Гүлүстөн баатырдын,
Соорудан каны акканда.
Кездемдин учун кылайтып,
Кезгерип найза чунайтып.
Керене кулук Сур атты,
Камчы берип чуратып.
«Көтөндүн бүрөө чети - деп,
Алтын ээр калмакча,
Аркасында кашы -деп,
Качырып найза урчуу жер,
Нак капташтынңушу» - деп,
Сундурган найза тартпады,
Сегиз көчүк кошууга,
Сырнайзаны аштады.
Тоодой болгон бадырек,
Тоңкойуп жерди жазданды.
Кылбай койбойт Гүлчоро,
Оозу менен айтканды.
Алдындагы Сур аттын,
Ооздугун тартканы.
Имерилип айланды,
Эң эле жаман карарды.
Эндиреп жаткан чочкону,
Эмчектин асты көбүк эт,
Үстүртөн найза мадады.
Таамайлап келип бек сайды,
Аркасынан Сырнайза,
Учу чыгып кылтайды.
Найзаны сайып таштады,
Имере кармап балтаны,
Кан ичме минген Көк бука,
Орой төбө чокуга,
Унгусу менен бир салды.
Балтаны тартып алганда,
Катуу чапкан сом балта,
Мээсине орноп калганда,

www.bizdin.kg

Төрт айагы тыбырап,
Өкүргөн үнү көк жарып,
Көк бука өлүп калганы.
Балтаны байлап жанына,
Салып жетип келгенче,
Мадыкандын алдына,
Найзаны кармап сабынан,
Ыкшап сайын абыдан,
Так көтөрүп алганы.
Мадыкан менен Гүлчоро,
Оор келип Сур атка,
Жүрө албай калганы.
Өзү айбан Суркойон,
Алдыңкыдан бешбетер,
Аккан дайра, тоо, ташка,
Айрыкчасы Тыйаншан,
Бек жалбарып ушуга:
«Колдогун, мени дем берип,
Айланайын, Алатоо,
Суусун ичкен колот, коо!
Чөбү күрүч, суусу сүт,
Алатоо, мага бергин күч!
Салкындуу жыпар, сайын түз,
Залкарлуу тоом бергин күч!
Үстүмдөгү Гүлчоро,
Эбегейсиз шер болуп,
Жеңе албай дегеле,
Адам уулу тең болуп.
Найза илип Семетей,
Мадыканды көтөрсө,
Басалбай турсам майышып,
Шерменде айбан мен болуп.
Кандырып суусун суу берип,
Суркойонду тааныткан,
Ак карлуу ата Алатоо,
Алсызга медет кылбасаң,
Мындай тирүү болгуча,
Өлгөнүм жакшы курган жан!»
Коргошундай таш эрип,
Суркойон ыйлап теңселип.
Буркурап айбан турганда,
Алатоонун ардагы,
Арстан Манас арбагы,
Алдында минген Кула атты,
Куйундан бүткөн бул атты,
Кыз олуйа Кеңколдон,
Күрпүлдөккө узатты.
Ак калпак кыргыз элине,
Атасындай асырап,
Ак сүтүн берген Алатоо,
Жардам кылып Сур атка,

www.bizdin.kg

Созуп мойнун узартты.
Азар түмөн айбанды,
Асыраган Алатоо,
«Аккула менен баргын» - деп,
Ак кайыпка тоо айтты.
Ак кайып менен Аккула,
Кирип келди жер чаңдап.
Күрпүлдөктүн куйушка.
Аркырап үнүн чыгарып,
Кишенеди Аккула.
Чылбырын илип мүйүзгө,
Жетеледи ак кайып.
Кайнап турган калың эл,
Баарысы көрүп, таң калып,
Белин тартып, бүт серпип,
Эки дөөнү көтөрүп,
Анжу, манжу, казактын,
Жүз элүү миң, аскерден,
Ашып калган немеси,
Жүрөгү чыгып баарынын,
Баатыр шерден сүрдөдү.
Ташкындуу күчүн бергендей,
Аркайган мөңгү, ак баш зоо,
Кайрат кирип кайыптан,
Турган тулпар баспастан,
Бутун сергип, күч жыйнап,
Жорголой басып ыргыштап,
Жолго түшө калганы.
Ошондой кылып жоо сайган,
Найзага илип калдайтып,
Анжу, манжу, казакка
Көтөргөн бойдон ал барган.
Анжулук жандан түңүлүп,
Аккубак катуу сүйүнүп.
Керимбай менен Үмүтөй,
Эң эле жаман күйүгүп.
Жетелей чаап, боз бээсин,
«Садага кылам эрге -деп, -
Агеркеч келет жүгүрүп.
Кара тоодой калдайтып,
Мадыканды Гүлчоро,
Көтөрүп алып келгенде,
Аттан түшүп аламан,
Амандык сурап бары жан.
Ызы-чуу болуп чуркурап,
Баары турду зыркырап.
Хан Бакай абаң карыйа,
Эр Семетей, Канчоро,
Салып жетип келишти,
Гүлчоронун жанына.
Эсендик айтып сурашып,

www.bizdin.kg

Жай жайына түшүрдү,
Аскердин баарын чубатып.
Эртеси элди жыйдырды,
Эр Семетей кеп кылды:
«Жапан менен анжуну,
Ким барып аны чыкырды?» -
Деп, Семетей айтканда,
Эч кишиге кеп бербей,
Керимбай айтты сөзүн жай:
-Жапанга барса, мен бардым,
Манжуга дагы мен бардым,
Аларга кабар мен салдым.
Хан Үмүтөй жумшады,
Барбаймын - деп - айтпадым.
Жыйнап келдим бул элди,
Кыдырып келдим көп жерди.
Барган күнөө менде бар,
Баргызган мени Үмүтөй.
Чакырган күнөө менде бар,
Чакырткан мени Үмүтөй.
Кырк миң алтын пул берип,
Кызылуйук чоң дөөгө,
Кылкылдаган деңизге,
Кыйамат жакын бир жерге,
Барып келгин сен -деди,
Тил билесиң бар - деди.
Барып келдим аларга,
Барып абал айтканда,
Баары келди бул жайга.
Алдына миңден алтынды,
Алман салдык байларга,-
Деп, Керимбай айтканда,
Анда Семең мындай дейт:
«Калжыраба, Керимбай,
Капкайдагы бокту жеп.
Манжу, жапан элдери,
Караанга келген аскерсиң,
Бас десе басып келгенсиң,
Жай-жайыңа сен кеткин!
Атынңменен тонуңду,
Олжолоп алып нетейин?
Жөө, жылаңач калтырып,
Азапка салып нетейин?»
Аскер башы алардан,
«Баш киши мында кел десе», -
«Мен элем - деп - башчысы», -
Бир киши чыкпайт алардан.
Баш билги болгон коркушуп,
«Башыбызды алат» - деп,-
Корконунан кобо албай,
Ордунан өөдө туралбай,

www.bizdin.kg

Эси ооп турганда,
Жапанга аскан чүпүрөк,
Как ошондон белгилеп,
«Жашынсаң да белгилүү,
Тур ордуңан келгин -деп, -
Ордуңан тур» - дегенде,
Чанданып тура калалбай,
Жыгылып, кооп темтеңдеп,
Белгилүү болуп калгандар,
Жүгүнүп бели эңчеңдеп.
Буластаган далайдын,
Буту, колу бүгүлдү.
Миңге башчы болгондон,
Манжудан турду миң киши,
Жапандан турду кырк киши,
Казактан турду он киши,
Мадыкандын чатырга,
Чогултуп баарын киргизди.
Семетей менен хан Бакай,
Басып булар кирбеди.
Баарысынын үстүнө,
Баатыр Гүлүс киргени,
«Нак кан ичме келди» - деп,
Баарысы андан сүрдөдү.
Жыйылган тиги топ элге,
Гүлчоро мунтип сүйлөдү:
«Кызылуйук, Мадыкан,
Кылымды соруп турганда,
Кылган ишин сен, - деди,
Журт болбой кара жерге кир,
Катар өлсө ал экөө,
Эң курбаса куржундап,
Курчап кирип барууга,
Куурагыр, алың келбеди!
Өз жериңде ал экөө,
Орой сөздү эр беле?
Уруп-согуп көп тилдеп,
Жалкытканбы силерди?
Башчың башчы болгунуң,
Жалгыз башка ээ болуп,
Аты жогун жөө болуп,
Баштап алып аскериң,
Баарың кетип жоголгун!
Азык-түлүк, ок арткан,
Алда кандай заман -деп,
Алдын алып тон арткан,
Төөнүн баарын таштагын.
Аттууң канча, жөө канча,
Эсебиңди айткының!» -
Деп Гүлчоро айтканда,
Жапандыктар жабырап:

www.bizdin.kg

«Атыбыз жок, жөө келдик,
Үч ай болду келгели.
Ат миништи үйрөндүк,
Жылкы деген мал болбойт,
Биз жылкыны билбейбиз,
Чарбага жарды жерибиз.
Далайыбыз алдында,
Качып жолго киргенбиз.
Минген жылкы баарысы,
Керимбай менен Үмүтөй,
Өз элинен алышты.
Кызылуйук дегенге,
Согат кылып барышты.
Жаныбыз калса чоң олжо,
Биз ыраазы ошого», -
Деп, чуркурап турушту.
Жапандык айтып болгондо,
Манжудан айтты канчасы,
Анталашып мунчасы:
«Жуз миң аскер биз келдик,
Аттуу келген элүү миң,
Аты жогу элүү миң.
Казактан алдык жөө аскер,
Казактан алдык атты да,
Аттуу болдук баары аскер.
Жөө кетели барыбыз,
Көп болду казак чыгымы,
Элүү миң аттуу аскердин,
Музбурчактын Аккубак,
Качып кеткен жапанды,
Табабыз - деп, - кубалап,
Күндү жайлап дубалап,
Муздатып жолго салды эчак.
Ырайым кылсаң калганга,
Кыйылып кетчү бир жанга.
Наразы биз болбойбуз,
Элүү миң, атты алганга».
Деп, айтканда алардын,
Кабыл алып айтканын.
«Аты жогун аттуусу,
Таштап салып кетер» - деп,
Найза, мылтык, балтасын,
Баарын берди колуна.
Азык-түлүк, нан, чайын,
Алтын, күмүш акчасын,
Калтырбай берди алардын:
«Мылтыгың бердим колуңа,
Бекер элге катышып,
Калба салба жолуңа.
Кардын ачса кийик бар,
Каптал-каптал коолордо,

www.bizdin.kg

Заңкайган бийик зоолордо.
Атып жеп, жаның багып кет,
Турба, жөнө, жолуңа!
Башкарып келген аскерди,
Бийлик бердим силерге,
Төкпөй-чачпай буларды,
Алып кеткин элиңе!» -
Деп, Гүлчоро айтканда,
Күлүңдөшүп сүйүнүп,
Суурча жонун түйүшүп,
Чубап булар жөнөдү.
Семетей калыс экен - деп,
Көзү жетти айгине.
Дөөлөр айдап келбесе,
Кыргызды чаап алсак - деп,
Келбейт элек бул жерге». –
Деп, сүйлөшүп кужулдап,
Куржундары мойнунда,
Манжу менен жапандын,
Курттай болуп чубуруп,
Булар түштү жолуна.
Агеркечтин үйүнө,
Арстандар келип түштү эле,
Куруп калган Үмүтөй,
Жандан күдөр үздү эле.
Чай, тамагын ичкенде,
Казактын элин жыйдырып,
«Жаш баланы азгырып,
Кас кылгандыр бирөө - деп,
Мында жок азыр күнөө» - деп.
Акыл, насаат кеп айтып,
Үмүтөйдү жемелеп,
Сөз айагы, сокмогу
Керимбайды тебелеп.
«Эки күн малың жыйгын - деп,
Көчтүң камын кылгын» - деп,
Жаккан өтун өчүрдү,
Казакты айдап көчүрдү.
Алматы, Алтай, Сарарка,
Жай жайына коңдурду.
Жай алдырып казакты,
Кетер маалы болгону.
«Көзүң ала, ичиң заар,
Сенден чыгат далай чаар!»
Деп, Керимди кекээрлеп,
Семетей айтып койгону.
Жалпы казак элине,
Үмүтөйдү хан койду.
Бузуку кул Керимбай,
«Эми эбимди табат» - деп,
Көп акылды ойлоду.

www.bizdin.kg

Ойлогон менен ал канча,
Барар жери болбоду,
Саргарып өңү ооруду,
Асылган оору койобу?
Шайы кетип Керимбай,
Сакайар чара болбоду.
Үмүтөйдү чакырып,
Ойунда кебин салганы.
Жаш Үмүтөй баатырды,
Дагы азгырып алдады:
«Кеп айтамын мен - дед,
Кеңешимди бил -деди.
Сүрөтүңдү хан койду,
Мындан кийин Семетей,
Сени эсепке алып койобу?
Байкап жүргүн ар качан,
Өзү билип иш кылат,
Сага кеңеш салбастан.
Каныкейден кете албай,
Агеркечтен өтө албай,
Хан атады наамыңды,
Мындан кийин Семетей
Чыгарбайт сенин дайныңды.
Кеңештен качан кур калсаң,
Себеп кылып ошону,
Бул үчөө карып чал болот,
Беттешип көргүн бир жолу!
Бузуктун ушул кеңеши
Үмүтөйдүн өлүүгө ,
Буруусуз себеп болгону.
Кызыл кыйа талаада,
Коңурбай менен сүйлөшүп,
Семетей башын алганда,
Жолунда турса Үмүтөй,
Тепсеп өтүп Семетей,
Кеңешсиз кетип калганда.
Керимбай кебин ойлоочу,
Акеркеч айтса тил албай.
Болбой барып Таласка,
Ошондо өлөт болжолу.
Күдүр молдо бакырды,
«Эр Семетей жумшаган,
Коңурбайдын жылкысын,
Айдап кет - деп - акыры».
Семетейден ажырап,
Кетечиде жүргөндө,
Карагулдун өлгөнүн,
Хан Коңурбай укканда,
Арбын киши жиберип,
Айдатып кеткен жылкысын.
Кудур молдо кеп айтып,

www.bizdin.kg

Көргөн-билген немесин,
Баштан айак көп айтып.
Кудур кеби бүттү эле,
Эр Семетей Бакайга,
Канчоро, Гүлүс баатырга,
Акеркечтин үйүнөн,
Аттанар мезгил жетти эле.
«Ала кетет мени» - деп,
Өз жанынан Керимбай,
Тирүүлөй үмүт үздү эле.
Эртең кетет - деп - угуп,
Көк ташка кошуп кучала,
Майга ачытып ичти эле.
Элебей ичкен эң жаман,
Боор, бөйрөк эзилип,
Кызыл кан агып курсактан,
«Керимбай ооруп жатат» - деп.
Эр Семетей кеп уккан.
«Сак болсо ала кетейин,
Өлөр болсо зилинде,
Канын жүктөп нетейин?» -
Деген ойдо Семетей,
Барып кирсе үйүнө,
Ушул бүгүн өлчүдөй,
Узап барса күүгүмдө.
Өлүп кетти Керимбай,
Күн козү түш мезгилде.
Таластан келген төрт берен,
Аттанып жөнөп кетти эле
Атбашы менен Нарынды,
Аралап басып буларды,
Айлына аман жетти эле.
Муну мындай таштайлы,
Семетей менен жалгыз көз,
Сайышынан баштайлы.

www.bizdin.kg

# СЕМЕТЕЙДИН ЖАЛГЫЗ КӨЗДҮҮ МАДЫКӨЛДҮ САЙЫШЫ

Бетпак тоону жердеген,
Түркмөн деген эл деген.
Ал туркмөндү башкарган,
Жалгыз көз деген эр экен.
Маңдайында жалгыз көз,
Бендеден башка шумдукту.
Бир бөлөкчө жаралган,
Теңдешип бенде жеңбеген.
Өзү балбан адамдан,
Ар канча балбан болсо да,
Башка жакка барбаган.
Шукурлуунун тоосунда,
Карагайлуу коосунда,
Карманап деген бар эле,
Кара дөө деген иниси,
Ага-ини жан эле.
Карманаптын алгапы,
Эр Манастын эжеси,
Кардыгач дегеп кыз эле.
Жакып хандын тун кызы,
Манас менен киндиктеш,
Карманаптын колунда.
Далай малы бар болуп,
Коломтолуу бай болуп,
Козголбой жатчу неме эле.
Түркмөндөгү Жалгызкөз,
Үйүндө жатып ойлонуп,
Тегеренип толгонуп:
«Күчүм болсо ушундай,
Орустан киши катылбай,
Баатырлыгым ушундай.
Бараңдан киши катылбай,
Букар менен Шам шаарын,
Чаап алсам болбойбу?
Карманаптын жылкысын,
Айдап алсам болбойбу?
Жакыптын кызы Кардыгач,
Карманаптын алганы.
Айалдан сулуу сонун - дейт,
Тартып алсам болбойбу?»
Канча жылдан бер жакка,
Козголбогон түгөнгүр.
Өзүнүн аты Мадыкөл,
Кошумчасы Жалгыз көз,
Өлүм айдап, кан тартып,
Өзү үйүндө жата албай,
Карманапка жөнөдү.
Элинен тандап кол жыйнап,
Аз жыйнабай мол жыйнап,

www.bizdin.kg

Беш миң киши нак ылгап.
Аш-тамагын көп алып,
Арбын кошун кол айдап. Бетпактыдан аттанып,
Шүкүрлүү көздөй жол тартып,
Карманап көздөй оң тартып.
Келе жатат Мадыкөл,
Керней, сурнай чуулатып.
Арада нече конуптур,
Алда канча жол басып,
Шүкүрлүү жетип болуптур.
Шүкүрлүүнүн жери жай,
Карманаптын калкы бай.
Улуу, кичүү дебестен,
Элинин баары жалпы бай.
Өзү тажик мусулман,
Мунун журту илгертен,
Чачылган эмес, бузулган,
Жылкы алам - деп, - Жалгызкөз,
Кол салып келди ушундан.
Арага киши жиберип:
«Карманап мага келсин –деп,
Үзөнгүмдөн кучактап,
Таманымды өпсүн - деп,
Эли, журтун башкарып,
Кан болуп жата берсин - деп,
Каалаганым Кардыгач,
Катынын тартып кетем» - деп.
Келген киши кеп айтып,
Калтырбай кепти деги айтып.
Карманап өтө бузулуп,
Каарданып тутулуп:
«Кара дөө иним кайда - деп,
Кайрат кыл, белин байла
Дөө деген сенин атагың,
Бастырып үйдөн чыкпайсың,
Ушунуңа капамын!
Жайы, кышы тап жылбай,
Жалгыз үйдө жатасың.
Бересиңби түгөнгүр,
Жалгызкөздүн жазасын!»
«Айланайын, акебай,
Айтасың сөздү ар кандай.
Жалгыз көзү бар болсо,
Сокур эмес сак болсо,
Желмогуз болуп жүрбөсүн?
Каныбызды сорбосун?
Калтырбай сойуп койбосун?!
Адамдын этин жейт дечү,
Төкпөйт деген сорпосун.
Кара дөө атым болголу,
Ат бастырып чыкпадым

www.bizdin.kg

Же сайышып душман жыкпадым,
Кардыгачты бер десе,
Анча неге сыздадың?
Бербейсиңби катынды,
Албайсыңбы малыңды,
Хандыгың башта бар болсо,
Дагы аласың катынды!»
«Бокту жеген акмак - деп,
Болбогон кепти кылат - деп,
Катынын тартуу кылганда,
Калган эл укса уйат кеп!
Мен өзүм да баатырмын,
Жалгыз көз кандай кылат» - деп
Эл чогултуп, туу сайып,
Азыраак кошун куралып,
Астынан чыгып, жол тосуп,
Жалгыз көзгө жол кошуп,
Ак асаба желегин,
Асманды көздөй аштатып.
Атыш, чабыш кылбастан,
Сайышар жерин басташып.
Күтүп турду Карманап,
Жалгызкөздү сакташып.
Жалгызкөз жайы ушундай,
Жаандан ашкан кыйын ай.
Чын ачуусу кармаса,
Чийки жеп койот, адамды ай. Жылында киши берүүчү,
Урумдун эли чыдабай!
Орустан алман алуучу,
Кыздан салык салуучу.
Кебеп кылып адамды,
Жеп бүтүрүп жануучу.
Адамды көрсө түк койбойт,
Айбаты катуу эр ушу!
Мурунунун үстүндө,
Муштумдай болгон жалгыз көз,
Адамзатка окшобойт.
Кан куйгандай кызыл көз,
Орто бойлуу тууралжын,
Угуп турсаң, кызык сөз!
Кыздан алман алучу,
Койнуна анын жатучу.
Башканы эмес катынын,
Жеп алчу канкор капырың,
Жылбас чабдар аты бар,
Минип алган баатырың:
«Карманап деген сенби - деп,
Кардыгач кызык көрүнсө,
Кармашар болсоң келгин» - деп.
Бу да мыкты бек айбат,
Тартынган жок тайгактап.

www.bizdin.kg

Жалгыз көздү тургузбай,
Артынан өлүм айдактап.
Беттешип кире барганда,
Карманап сайып калганда,
Карманаптын найзасын,
Кармап алды жазганбай.
Кара дөө жетти артынан,
Агасын карап туралбай.
«Ага-ини келет - деп,
Намыс кылып уйалбай.
Мендей баатыр болобу,
Экөөнү каттап бир албай?!»
Кара дөөнүн найзасын,
Мадыкөл дагы кармады.
Карманап менен Кара дөө,
Тарттырып ийип найзасын,
Куру кол болуп калганы.
«Көзүң көрүп турчу - деп,
Куп кылар ишим ушу - деп, -
Өз элинин ичинен,
Кызыл тору жигитти,
Кычырды - бери келгин» - деп.
Чыкырып алып жигитти,
Ким билет мунун жумушун?
Жанындагы жигитти,
Жалдырап карап турушу.
Колунан анын кармады,
Канжарлап кардын жарганы.
Көрсөтүп туруп майданда,
Чыркыратып жалмады.
Көрүп турган капырды,
Коркпой бенде калбады
Кара дөөнү шилиден,
Сол колу менен кармады.
Карманап болсо оң колдо,
Кар кылышы болжолго,
Жакып хандын Кардыгач,
Качырып жетти ошондо.
Өзү катын карыган,
Мүчөсү эркек далыдан.
Кара дөө менен эр Манап,
Кардыгачка жалынган.
Сууруп алып найзасын,
Кетирди мунун айласын.
Кутказды кайын инисин,
Кутказды Карманабын.
Жедирбестен жырткычка,
Ажыратып экөөн тең,
Бура тартып, дуу койуп,
Издемек болду Кардыгач,
Семетей сындуу инисин.

www.bizdin.kg

Таппай калды дөөлөрдү,
Ташка чыгып аралап,
Качып кеткен жөөлөрдү.
Элин койбой көчүрдү,
Жылкысын койбой жылдырып,
Баарын айдап кетирди.
«Дагы элден калды» - деп,
Аралап жүрөт тоолорду,
Антарып жүрөт коолорду.
Тогуз күндүн ичинде,
Алты жигит, беш кызды,
Он бирин сойуп жеп болду.
Жата турсун Жалгызкөз,
Жарма ордуна кан ичип.
Ойной турсун Жалгыз көз,
Нан ордуна киши жеп.
Жан айабай Кардыгач,
Семетейге кетти издеп.
Өзү көргөн жол менен,
Кең Ташкендин ой менен.
Наманген басып аралап,
Айагы өөдө Таластын,
Күмбөзүн көрдү талаадан,
А дүйнө кеткен Манастын.
Куран окуп Манаска,
Кудайына сыйынып,
Элечек жок башында,
Эркекче кийим кийинип.
Эр Семеңдин үйүнө,
Барып түштү Кардыгач.
Тааныган жок Семетей,
«Кайдан келген киши» - деп?
Ал аңгыча болбоду,
Ак сакалы жарк этип,
Күн нурундай жалт этип,
Хан Бакай кирди эшиктен.
Карап калып кабылан,
Карындашы Кардыгач,
Көргөн жерден тааныган.
Жолун кууп Манастын,
Эже дээчү мурунтан:
«Эжеке, аман жүрдүңбү?
Эрмекке бала сүйдүңбү?
Эркекче кийим кийинип,
Кыйынчылык көрдүңбү?
Өзүң, басып келипсиң,
Кыргынчылык көрдүңбү?»
Кабылан сурап калганы,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Кардыгач кебин салгааны:
«Бетпак тоону жердеген,

www.bizdin.kg

Баары түркмөн эл деген,
Ал түркмөндү башкарган,
Жалгыз көздүү эр деген,
Адамдын этин чийки жейт.
Орустун элин жадатты,
Урумдун элин каратты.
Мени соогат берсин - деп,
Карманапка кат жазды.
Бербеймин - деп, Карманап,
Кошуун курап, кол жайкап,
Намысына талашты.
Карманап күчтүү эр эле,
Мени менен бир тууган,
Манасымдай шер эле.
Кайын иним эле Кара дөө,
А дагы кимден кем эле?
Экөө катар качырса,
Сууруп алып найзасын,
Куру кол койду жөн эле.
Намысым үчүн эркекче,
Кийинип алып мен бардым.
Ажыратып дөөлөрдү,
Ажалынан кутказдым.
Алдыңа келдим мен мында,
Өзүң билгин калганын!»
Семетей угуп туруптур,
Сөзгө көңүл буруптур.
Эженин жүзүн көрбөгөн,
Ким экенин билбеген.
Эми билди Семетей,
Чоролорду чакырбай,
Бастырып кетти жапжалгыз,
Чоң экен -деп кенебей.
Адамдын этин жей турган,
Жалгыз көздөй жырткычты,
Бучкагына теңебей.
Бастырганда Кардыгач
Баса минди атына.
Кирип алды ал ээрчип,
Семетейдин артына.
Күйүп ичи жалын чок,
Курган малдын дартында.
Айабады жалгыз - деп,
Семетейдей жакырды,
Ал өңдөнгөн капырга.
Намангенден өткөндө,
Ташкенди басып кеткенде.
Шүкүрлүүнүн тоосуна,
Ошого жакын жеткенде.
Эки жагы бийик тоо,
Орто жери терең коо.

www.bizdin.kg

Кырында кайкы белес жол,
Адам ашчу жери ошол.
Жалгыз кыйа аттанган,
Кадымтен бери бел ошол.
Семетей чыкты койгулап,
Буурул менен деги ошол.
Эжесин карап көрбөдү,
Өзү жалгыз кудайдын,
Өкүмүнө көнгөнү.
Дүрбүнү алып койнунан,
Көзүнө салып көргөнү.
Шүкүрлүү бетин караса,
Адырмак жери түз талаа,
Айдап жылкы келатат,
Желмогуздай чоң балаа.
Карап көрсөң капырды,
Адам жээчү жакырды,
Кабагы салык, өңү саз,
Узун эмес бойу пас.
Туурасы келет төрт кучак,
Булчуңу бука санындай,
Муну көргөн тирүү жан,
Калар эмес наалыбай.
Бышыгы менен кери жок,
Чийкиси менен иши жок.
Кандай нерсе жесе да,
Карды оорубай аш болот.
Колуна алган бир кыз бар,
Катуу кыйын жумуш бар,
Байкап уккун кыргыздар.
Баатыр Семең, эрлигин,
Айкөлдүн уулу жалгыздын,
Айбыкпаган шерлигин.
Ошол үчүн ал алган,
Чынкожо менен Толтойдон,
Атышып жүрүп теңдигин.
Көрө салды Семетей,
Келе жаткан немеңди.
Көрсө дагы жалгыз көз,
Кишиби деп кенебей.
Байлап алган кызы бар,
Чыктап жээчү тузу бар.
Калтадан тузду алганы,
Эңкейип кызды кармады.
Канжарды алып колуна,
Жарганы кызды калганы!
Жапаасын көрүп канкордун,
Семетей туруп албады.
«Манастап» ураан чакырып,
Качырып жетип барганы.
Жалгызкөз ачык угалбай,

www.bizdin.kg

Кара дөө окшойт - деп ойлоп,
Кычырып жатат агасын,
Кызыгып мага ал келсе,
Кетирейин чамасын.
Эч нерсе менден кери жок,
Кыздын кылып айласын,
Эр Семетей баатырдын,
Көп элдер көргөн пайдасын.
Муштаганда таш тешкен,
Белинин сынып кетпеген,
Ак болоттун кыймасын,
Төкөр уста эптеген,
Атадан калган Сырнайза,
Сундуруп алды колуна,
Жалгызкөздөй баатырдын,
Сайып өттү сооруга.
Селт этип бойу дүркүрөп,
Чочуп кетти ушунда.
Жети кабат темир тон,
Кийген экен үстүнө.
Отурайып тиктесе,
Тик бакпай бенде жүзүнө.
Кызды таштап жиберип,
Жылбастын башын имерип:
«Кайдан келдиң, бала-дейт,
Каның тартып мага» - дейт?!
Өзүң толук баласың,
Бүткүл этиң май го» - дейт?!
«Сен билбесең менмин - дейт,
Манастын уулу Семетей,
Сени издеп келдим» - дейт.
Көкжал Манас дегенде,
Күүгүмдөп көзү тунарды.
Манастын атын укканда,
Нур кетип бети кубарды.
Айбаты бар арстанын,
Айкөл Манас мамындай,
Атын уккан бенделер,
Акылынан шашканы:
«Андай болсо Семетей,
Арып-чарчып келипсиң,
Кылар ишиң баштагын,
Кийгеним темир тон - деди,
Кылыч кеспейт, ок өтпөйт,
Денем таштан бил - деди.
Мени сайып эңкейтчү,
Туула элек бир - деди!
Алдыма келген жаш бала, -
Сен кезегиң ал - деди.
Жеринен арбак колдогон,
Беттешкен бенде оңбогон.

www.bizdin.kg

Бала жолборс Семетей:
«Баштагы кезек сенден» - деп,
Башын чайкап болбогон.
«Болбосоң, бала, мейлиң - деп,
Канын, тарткан экен -деп,
Капшырайын жерге - деп.
Кызыталак Семетей,
Көрсөтөйүн көзүңө,
Эрдемсиген түгөнгүр,
Энеңдин тойун өзүңө!
Кандай чыксаң ошондой,
Чыккан жердин тешигин,
Көрсөтөйүн сага мен,
Кире турган эшигин.
Катырайын кадамың,
Жегизейин кешигиң!» -
Деп, Мадыкөл жалгыз көз,
Күүлөнүп найза алды эми.
Күркүрөтө сунду эми,
Найзаны таштап жиберип,
Он эки канат ордодой,
Оң жагыда чойун баш,
Ошону колго алды эми.
Жылбас атты чуратып,
Жылмаңдап өңүн тер басып.
Күңгүрөнгөн түгөнгүр,
Кош колдоп келип урду эми.
Калканы бар далыда,
Туулгасы бар башында,
Эр Семетей кебелбей,
Карап турат алдында.
Чойун баш келип тийгенде,
Калкандын баары калдырап,
Туулга бүтүн быркырап.
Жон сөөгү ооруп зыркырап,
Кете жазды асыл жан,
О дүйнө көздөй чыркырап.
«Эр кезеги бир - деди,
Эр Семетей баатырың,
Мен урамын тур» - деди!
Атасы Манас баатырдын,
Чойун башы жок эле.
Иштетер болсо чойун баш,
Айбалтанын сырты эле.
Мизи, сырты балтанын,
Уйуткан болот курч эле.
Качан да болсо канкоруң,
Сырты менен урчу эле.
Каары менен чапканда,
Ташты талкан кылчу эле.
Буурул атты секиртип,

www.bizdin.kg

Бурулуп чыгып желигип.
Жанаша түштү Семетей,
Алдында атын теминип.
Чаап өттү Семетей,
Орой төбө чокуга,
Карап көрсөң Жалгыз көз,
Калканы жок далыда,
Туулга жок башында.
Кийгени тери тебетей,
Кебелбей турат ушунда.
Мына ошону көргөндө,
Таң калды Семең ушуга
«Кандай кылсам экен - деп,
Кабылан Манас атамдын,
Арбагы колдор бекен» - деп?
Балталарын ташташып,
Колго найза кармашып.
Качырышып сайышып,
Карсылдашып салышып.
Бирин бири жеңе албай,
Эки күн турду тайышып.
Жаракта жалгыз бүтүн жок,
Баарысы сынган быркырап.
Жалгыз гана Сырнайза,
Колунда турат зыңгырап.
Желмогуз Жалгыз көзүңдүн,
Деги жаны аманат.
Ал Семетей баатырды,
Арбактар сакта саламат.
Семетейди карасаң,
Серпишкен жоосу аламат.
«Арбагың азыр жолдо - деп,
Атакем, мени колдо - деп,
Калганга кылбай жаманат!»
Эр Семетей баатырың,
Атасы өткөн Манастын,
Арбагына сыйынат.
Орто белден алышып,
Оодарышып калышып.
Аттын баарын чарчатып,
Аслы айла болбоду,
Жерге түшүп бул экөө,
Чечип салды тондорду.
Арбайтып сунуп колдорун,
Көрсөтмөк болду болжолу.
Өөде-төмөн сүрүшүп,
Күрөкөлөр жыртылып,
Чынжырлары кырчылып,
Жердин бети жыртылып.
Кургак жерден суу чыгып,
Чуңкур жерлер дөң болду,

www.bizdin.kg

Дөңсөө жерлер көл болду.
Кармашканы экөөнө,
Бүгүн жети күн болду.
Жалгыз көз да кошуун көп,
Семетейде жөлөк жок.
Ошондо да чунагың,
Коркуп калбайт дегеле,
Анткени баатыр жүрөк ток.
Жалгыз көз туруп кеп айтат,
«Шер экенсиң - деп айтат.
Чыныңды айтчы сен кимсиң,
Эр экенсиң мен билдим?»
Семетей анда муну айтат:
«Жашырбаймын, шерменде,
Атамдын аты алп Манас,
Өзүмдүн атым Семетей,
Жерибиз Кеңкол, чоң Талас,
Элибиз кыргыз көп алаш!»
«Андай болсо, Семетей,
Атка минип алалы,
Кезектеше калалы.
Сенин каның ичпесем,
Жалгыз көз атым курусун.
Айкөл Манас баатырдын,
Тукумун бүгүн үзбөсөм!
Белиңди байла абыдан,
Үмүтүң үзгүн жаныңдан
Издегеним сен элең,
Өзүң келип калыпсың,
Таалайыма табылган.
Өлтүрбөй мен койомбу,
Өзүң келип кабылсаң?!»
Колуна алды кылычын,
Капырдын көрчү жумушун.
Каршы маңдай жагында,
Кара сеңир тоо келди.
Кылычын кармап колуна,
Качырып тоого дап берди.
Талкан кылып тоо-ташты,
Эр Семетей баатырды,
Коркутамын -деп келди.
Кылычты тартып алганда,
Кара ташка салганда,
Каары менен чапканда,
Как жарылып кара таш,
Талкаланып туз болду.
Кайраттанып ошондо,
Жалгызкөздөй баатырдын,
Жүрөгүнө күч толду:
«Койсоңчу, бала Семетей,
Көрдүңбү деди ушуну?!»

www.bizdin.kg

«Кара ташка чапкыча,
Канкор мага чапкының.
Такандашчу Семетей,
Күчүң, болсо ачкының,
Эрдигинен жазганбай,
Семетей айтты ушундай.
«Дагы күчүм көрсүн -деп,
Жүрөгү чыгып өлсүн» - деп,
Жанаша турган боз дөбө,
Колундагы чойун баш,
Чаап тартып алганда,
Томурулуп тоодой таш,
Асманды көздөй зыркырап,
Учуп чыкты кара таш.
«Эрдемсиген, Семетей,
Өрөпкүбөй көзүңдү ач!»
Аны Семең, элебей,
Эрдик менен кенебей,
Жалгызкөздөй көкжалды,
Бучкагына теңебей.
Үстүнө келди бастырып,
Тай буурул менен тебелей.
Чийкилей адам этин жеп,
Ал Жалгыз көз кутургур,
Ууртунан кан куйултуп.
Карышкырдай ант ургур,
Семетейди карады.
Эми ойлоп санады:
«Кабыландай эр экен,
Кара кашка шер экен.
Бала да болсо Семетей,
Азыр мага тең экен.
Семетей турса залкайып,
Тай буурул менен чайпалып.
Аккула менен болкойуп,
Арстан Манас зоңкойуп.
Уй куймулчак Сарала,
Уйулгутуп Алмамбет.
Көктеке менен болкойуп,
Көзөл Чубак келатат.
Буларды көрүп Семетей,
Кайраттанды ченебей.
Жалгыз көз катуу өкүрүп,
Жаалысы менен түкүрүп.
Чойун башты колго алып,
Жылбас атты айабай,
Камчы менен бир салып.
Эр Семетей баатырды,
Чапмак болду каарданып.
Арбагы айкөл Манастын,
Арка болуп Семеңе,

www.bizdin.kg

Артында турат калкайып.
Жалгыз көздүн көп кошун,
Карманаптын калың, эл,
Карап турат жардашып.
Жалгыз көз капыр кутургур,
Жан айабай ант ургур,
Жаман чапты кырданып,
Жаачу күндөй сүрдөнүп.
Чойун баш менен урганда,
Жылбастын башын бурганда,
Жыгылды -деп Семетей,
Жылмайып карап турганда.
Чаңдан чыкты Семетей,
Камчы уруп бууданга.
Арман кылды Жалгыз көз,
Жаза чапкан экемин,
«Аттиң» деп бушманда.
«Манастап» Семең, бакырды,
Жалгыз көздү чакырды.
Семетей үнүн укканда,
Колуна балта курч алып,
Алдыдан ал да качырды.
Ажыдаардай өңдөнүп,
Түрүн көрсөң, капырды,
Маңдайга келип түз туруп.
Семетейди башка уруп.
Майдандын ичин чаң, алып,
Чаңда Семең көрүнбөй,
Жакасын элдер карманып.
Жагалданган Семетей,
Жалтанбай да, кенебей,
Камчы берип Буурулга,
Чаңдан чыкты эрендей.
Эки кезек өткөрүп,
Элди аман көз көрүп.
Башын өөдө көтөрүп,
Эр Семетей жөтөлүп,
Жагалдап Семең, чыкканда,
Жалгыз көз жана бушманды,
Бүтүлүү тоо болсо да,
Кадайын - деп бооруна,
Чоң найзаны колго алып,
Жүргөн жерге чуу салып,
Күркүрөтүп найзасын,
Күүлөп чочко күч алып.
Качырып найза муштады,
Ал кумардан чыкпады.
Найзасы сынды белинен,
Үзүлүп орто жеринен.
Күүгүмдөп көзү тунарып,
Кулагы укпай чуу алып.

www.bizdin.kg

Көзүн бардап Семетей,
Жана кайта эс алып.
Тай буурулду чууратып,
Чандан чыгып буралып:
«Жалгыз көз баатыр, кел - деди,
Кезегимди бер - деди!
Кезек менен иши жок,
Ант ургурду карасаң,
Айткан сөздө бүтүн жок.
Жан айабас жалгыз көз,
Кылычын алып колуна,
Кызталак кызып баратат.
Жылбас аты кайыктай,
Сызып кетип баратат.
Эр Семетей баатырын,
Кызып кетип баратат.
Арстандан калган Сырнайза,
Аны карман колуна,
Атасы тушуп ойуна,
Кадамак болуп бооруна.
Кыйамына келгенде,
Кыйкырып барып тийгенде.
Кыйгактуу найза, көк түпөк,
Төш жаргыча киргенде,
Найзаны сайып мылгытып,
Тезектен бетер ыргытып.
Кайра айланып сайды эле,
Өтө берип имерип.
Чарайнасы чатырап,
Чыдай албай быркырап,
Темир соottор жыртылып.
Тепчип найза өттү эле,
Арстандын уулу чунагың,
Мына ошондой күчтүү эле.
Найзага сайып көтөрүп,
Жалгыз көздүн өзүнө,
Айтты баатыр эр немең,
Далай кепти өткөрүп:
«Талоон койуп тынч элди,
Талайсыңбы, Жалгызкөз?!
Бекерче эле бирөөнүн,
Ак никелүү катынын,
Каалайсыңбы, Жалгыз көз?
Алман алып кыздардан,
Жалмайсыңбы, Жалгыз көз?!
Тирүүлөй адам этин жеп,
Кандайсыңбы, Жалгыз көз?!
Кылычтын мизин кан кылып,
Жалайсыңбы, Жалгыз көз?!
Айдап малын олжолоп,
Кордойсуңбу, Жалгыз көз?!

www.bizdin.kg

Урушка олжо алганда,
Өлүм акыр болот - деп,
Ойлойт белең, Жалгыз көз?!
Урумдан алман кыз алып,
Ойлойт белең, Жалгыз көз?!
Эми күчүңдү элге күч кылып,
Көйрөңдөнүп ташты чаап,
Көрбөйсүңбү, Жалгыз көз?!
Боз дөбөнү тоз кылып,
Болжолу жок сөз кылып,
Бөлбөйсүңбү, Жалгыз көз?!
Бараңдын элин аралап,
Башка журтту талап чаап,
Жойлойсуңбу, Жалгыз көз?!
Кайда кетти ал күчүң,
Бучкагыңа теңебей,
Койбойсуңбу, Жалгыз көз?!
Сонунду бүгүн көрдүңбү,
Сойлодуңбу, Жалгыз көз?!
Семетей мени сойот - деп,
Ойлодуңбу, Жалгыз көз?!
Жети кабат темир тон,
Кийесиңби, Жалгыз көз?!
Деги ажал болот - деп,
Билесиңби, Жалгыз көз?!
Жарлаган жерге жан койбой,
Кырасыңбы, Жалгыз көз?!
Бүтүн кылым калкына,
Турасыңбы, Жалгыз көз?!
Шыйрактанпкармап Семетей,
Урасыңбы, Жалгыз көз?!
Капташып ажал өлүмгө,
Каласыңбы, Жалгыз көз?
Тирилип кайра жериңе,
Барасыңбы, Жалгыз көз?!
Семиз болсо сойуп жеп,
Өзүң окшош адамга,
Зулум, закмат отуңду,
Жайасыңбы, Жалгыз көз?!
Калың түркмөн элиңди,
Айдайыңбы, Жалгыз көз?!
Жарадар кылып жөн койбой,
Жалмайынбы, Жалгыз көз?!
Өзүң кары менен жашмын,
Жайлайынбы, Жалгыз көз?!
Жалпы жандын көп өчүн,
Алайынбы, Жалгыз көз?!
Кара эшектей кардынды,
Жарайынбы, Жалгыз көз?!»
Жалгыз көзгө кеп айтып,
Өткөзүп ага бек айтып,

www.bizdin.kg

Как ошондо Семетей,
Найзаны оңдоп имерди,
Оро-пара тумшукка,
Ташка уруп жиберди.
Шаркырап каны чачылды,
Сөпөттөй сөөгү жанчылды.
Жалгыз көзгө Семетей,
Билбейсиң, - деп алыңды,
Кара калпак түркмөнгө,
Ажал өлүм табылды.
Көзү көрүп өлгөнүн,
Өлбөйлү туруп берип - деп,
Кол салып бала жолборско,
Кошундун баары жабылды.
Телегейи тең экен,
Баары тегиз эл экен.
Кишилери зор экен,
Бойу бийик чоң экен.
Аскердин түбү ал элден,
Адылерден дээр экен.
Кара болот зулпукор.
Кармап сууруп кынынан,
Качырып кирди Семетей,
Жабылган элдин кыйрынан.
Кылычын шилтеп тарткандай,
Мизинен каны чуурган.
Кылкандай найза, көк желек,
Кылкылдаган аскерге,
Кыйын болду бул дүбөк.
Арылган боздой турултуп,
Аткан тандай суурултуп.
Жалгыз көздүн аскерин,
Айдап Семең, үркүтүп.
Таш кыйа, татаал капчыгай
Тайгак, тарма жолу бар,
Айдап кирди аскерди,
Бала жолборс айанбай.
«Тирүү койсом болбойт - деп, -
Баатыры өлгөн кошуну,
Жабылып мага жолойт - деп. –
Тирүү калса булардан,
Жазасын элдин берет» - деп,
Күчү менен кери жок,
Куп байлады белин ал,
Кубалап кырды элди ал.
Чындап бузду пейлин ал,
Чың байлады белин ал.
Бирин койбой талкандап
Түптүз кылды элди ал.
Жалгыз киши калбады,
Жан качырбай жайлады.

www.bizdin.kg

Катылышып түркмөндүн,
Казат кылган бул элден,
Үйүнө киши жанбады.
Өчөшкөндөн Семетей,
Кара калпак түркмөнгө,
Бетпак тоого барганы.
Жалгыз көздөй зулумду,
Өлтүрүп андан өчтү алды,
Өчөшкөн калың көптү алды.
Жалгыз көздү жалманган,
«Укмуштан угуп, өлдү - деп, Урумдун эли кубанды.
Семетейди көрсөк» -деп,
Эли, журт калбай чубады
Тообо, назыр кылышып,
Урумдун эли жыйылып,
Укмуштан угуп Семеңди,
Уламалап мактады.
«Буту менен бир тепсе,
Тоолор учуп асманга,
Периштелер качкандай.
Бир үйлөсө күү менен,
Дарыйа толкуп чайпалып,
Сабасынан ташкындай.
Бир жылмайса күн күлүп,
Кабагынан ай күлүп,
Көзүнөн жылдыз чачкандай.
Жалгыз көз жырткыч өлбөсө,
Кетет элек кырылып,
Калат элек баарыбыз,
Караңгы көргө тыгылып.
Бир жылда он беш кыз алган,
Баарын койбой жеп алган,
Кемип калса кыз чыкпай,
Айдап кетип малды алган.
Он жылдан бери карата,
Ошондой кордук бул салган.
Сен өлтүрдүң капырды,
Теңдешпеген эч балбан».
Жалгыз көздөн кутулуп,
Элдин көөнү шат болду.
Элдер жана чуркурайт:
«Бул Жалгыз көз капырдын,
Кылганы бизге дарт болду,
Көкөйдөн чыккыс дат болду.
Бойкат анын катыны,
Сак туулса ал бала,
Жана салат чоң жаңжал.
Кабыл кылсаң тилекти,
Жарып аны сен салсаң».
Катынды издеп табарда,
Кардын анын жарарда.

www.bizdin.kg

Эжекеси Кардыгач,
Болбой койду так анда:
«Өзүң дагы жалгызсың,
Өчөшүп сен чочкого,
Аскерди койбой бут кырдың
Курсакта жаткан бул бала,
Чоңойуп сага не кылсын?!»
Кардыгач сөзүн алганы,
Жарылбай катын калганы.
Жалгыз көздүн катыны,
Эркек бала ал тууду.
Атын анын Сарт койду,
Акыры жүрүп ал Сарттан,
Кыргызга бүлүк чоң болду.
Бура тартып Семетей,
Таласты көздөй оролду.
Кол кармашып Семетей,
Кара дөө менен достошту.
Кетемин - деп элине,
Эжекеси Кардыгач,
Эли менен коштошту.
Урумдан келген көп элден,
Улуу, кичүү дебестен,
Акыл, насаат көп укту.
Арбын алды олжону,
Ар бир ишке жолукту.
Атасы айкөл Манастын,
Арбагына сыйынып,
Аттанып эли алашка,
Эчен күнү жол басып,
Жетип келди Таласка.
Муну мындай таштайлы
Чыгымдан коркуп Коңурбай,
Өлгөнүнөн баштайлы.

www.bizdin.kg

# КОҢУРБАЙДЫН ӨЛҮШҮ, УУСАҢГЕНДИН ДҮМӨГҮ

Семетей жатты жоо жайлап,
Теңдешпей бенде бел байлап.
Жыл он эки ай күн өттү,
Мөөрлөшкөн калмактан,
Алман алар күн жетти.
Алыскы жерге баргызбай,
Айланып кара кыш жетти.
Жамбы издеп барган жок,
Жай алып жатып, кыш өттү.
Ойлонуп куу Коңурбай:
«Мындан айла издейин,
Алдында бир кур берейин,
Андан кийин арстанга,
Элчи салып көрөйүн». –
Деп, ошентип түгөнгүр,
Айла менен пул жасап,
Жезден алтын ал жасап,
Калайдан күмүш мол жасап,
Семетейге жиберди.
Жыйырма чейрек «алтынга»,
Баскан экен ал мөөрүн.
Ар жыл сайын беришке
Жалганы пулдун чыкканча,
Жарамак болду бир ишке.
Бир жылкысын бергенде,
Кийинкисин токтотуп,
Эки жылы сүйрөшкө.
Камдануунун ал ойлоп,
Бир беттешип көрүшкө.
Амалын таппай кыйналып,
Чыдабады ал ишке.
Бул Коңурбай чоң калча,
Айла тапты бир башка.
Бейжинде жатып тактада,
Кабарчыны чаптырып,
Эсен ханды алдырып,
Далай чоңду чакыртып,
Сөзгө элди кандырып:
«Адам уулу жаралып,
Жер жүзүнө келгени,
Бейжин аты койулуп,
Шаар түрүнө келгели,
Кытай аты койулуп,
Эл түрүнө келгели,
Тепсетип ушул Бейжинди,
Эч бир адам келбеди.
Келсе дагы адамдар,
Алып шаарын жеңбеди.
Түрк уулунун Манасы,

www.bizdin.kg

Алып кетти ал - деди.
Атайлап сапар жол тартып,
Алыска бардым мен - деди.
Сойдуруп келдим ошондо,
Нескара баштап эрлерди!
Семетейге жеңдирдим,
Мен карыгандыгым билдирдим.
Жадаса хандар билбейсиң,
Душманың ким, досуң ким,
Көңүлүңө илбейсиң!
Семетейге жол бердим,
Жыйырма чейрек алтынды,
Бир жыл жүктөп мол бердим.
Нак алтын бербей ошого,
Сары жез менен калайдан,
«Сап алтын» кылып мен бердим;
Баштагысы бекер го,
Эми билгин, хандарым,
Семетейдин жеңгенин.
Ар жыл алман сен кылып,
Алтын, күмүш бергениң!
Үйдө жатсаң, улуктар,
Элиңдин пайда, зыйанын,
Эч качан да билбейсиң.
Эби келсе сиздерге,
Эр Семетей баатырга,
Элчи салсак, мен деймин.
Аларда эки жол койсок,
Ал бирөөнө жөн койсок.
Кара аскерди эсепсиз,
Дептерден жыртып таштасак,
Алптарды алып эсепке,
Ашык болсо кун берсек,
Ашып кетсе күн алсак.
Алтынды койуп, хандарым,
Ашып кетсе биздин алп,
Тамгалатып жер алсак.
Ушу менин акылым,
Ойлонгула, улуктар,
Түпкүлүгүн акырын!
Адам адам болгону,
Алтын такта Бейжиндин,
Алтын, күмүш теңгесин,
Алым салып ким алды?
Манас келип жол салды,
Эки сапар кол салды.
Албай койуп жериңди,
Кайсынысы кур калды?
Бергиле кеңеш кебиң» - деп, -
Айтып сөзүн муңкайды.
Кулак салып Эсен хан,

www.bizdin.kg

Угуп туруп далай хан,
Кеңеш кылып олтуруп:
«Билгини сага бердик - деп,
Өзүң билип кылгын - деп,
Четтен келген жоо болсо,
Эрлик кылган сенсиң» - деп.
Алп Коңурбай баатырга,
Алар берди бирлигин,
Өлүм менен тирлигин.
Колуна бийлик алганда,
Козголуп жатпай зор калча,
Эки киши жиберди,
Элчи кылып чабарга.
«Амердун улуу суусунда,
Кызыл кыйа бели бар,
Тулаңы калың жери бар,
Ушуга келсең Семетей,
Жарашсак деген кебим бар.
Сенин менде кегиң, бар,
Менин да сенде кегим бар.
Үстөмдүктүү сен алып,
Алым алган жериң бар.
Малды, пулду таштайлы,
Кара баштан баштайлы.
Кара баштуу адамдан,
Кара аскерди эч качан,
Сан эсепке албайлы,
Алптарды санайлы.
Ашык болсо кимдики,
Күн беришип тарайлы.
Артык, кемдик барк болсо,
Жер тарабын карайлы.
Же Манастын көзү барында,
Менин толук чагымда,
Же менин көзүм барында,
Сенин толук чагыңда.
Бешикте бала уктабай,
Белдерде жылкы жуушабай.
Кармашып келе жатабыз,
Көп жылдан бери тынч албай.
Элүү жылда эл жаңы,
Жүз жылда болот жер жаңы.
Өзүң ойло, Семетей,
Жаңы эрге кекти калтырып,
Калганга убай кылбайлы.
Өзүмчө акыл ойлонуп,
Туура көрдүм буларды».
Жазган каты ал экен,
Коңурбай сөзү бул экен.
Окутуп катты Семетей,
Ойлонгону бул экен.

www.bizdin.kg

«Алпты эсепке салсам -деп,
Артык чыгат биздин эл,
Күйрөктүүнүн сырт жагын,
Бери тартып алсам - деп.
Акимсинген Коңурбай,
Алдыма менин -келмекби?!
Алпым менин көп чыкса,
Айрып жерин-бермекби?!
Мындай сонун эсепти,
Таба албай мен турам.
Болжогон күнү ал келсин,
Ошого жете мен барам». -
Деп, сурданып Семетей,
Атайлап ага кат жазбай,
Элчини сыйлап атказбай,
Айтып сөзүн жиберди.
Алыска барган элчилер,
Антип, минтип жүрүшүп,
Араңдан зорго келишти.
Семетейдин сөздөрүн,
Бир бирден айтып беришти,
Келем деген кебине,
Кесирлүү бул чоң калча,
Өтө кыйын кош болду
Айласын көрчү түгөнгүр,
Ок жыландай октолду.
Алымга берип жүрүүчү,
Алтын, күмүш теңгени,
Бербей турган окшонду.
Кыш өттүү да жай келди,
Болжол кылган жерине,
Ал Коңурбай чоң келди,
Айдама кошун кол келди.
Кара тоодой хан Коңур,
Канчаны жеген оңбогур.
Эки тизгин, бир чылбыр,
Өз колуна тийгенде,
Уй түгүндөй кол менен,
Уйпалачу ой менен,
Амурду көздөй жол алды,
Айдама кошун кол алды.
Шайтандын тилин билгенден,
Жыландан камчы илгенден.
Шумдуктун кара тулпарын,
Ажалдын кара бүркүтүн,
Томогосуз көтөрүп,
Тоо омкоруп жүргөндөн.
От жалынын бүркөндөн,
Үрөйү элдин үркөндөн.
Адам тилин билбеген,
Аркан чач нечен дөөлөрдөн.

www.bizdin.kg

Жанына котчу алыптыр,
Жабыла жөнөп калыптыр.
Чыр чыгарса Семетей,
Кыймылдатып кебелтпей,
Жылдырбай байлап алам - деп,
Жөргөмүш торун жайыптыр.
Амурдун кызыл кыйага,
Айкырып жатып алыптыр.
Ошол кезде карасаң,
Арстан туулган эр Семең,
Айласы арбын эр немен,
Чоролор менен кеңешип,
Кандай күндөр болот - деп,
Айбалта, кылыч өгөшүп,
Казактардын көп колун,
Буктурма кылып салыптыр.
Калчанын күчүн көрөм - деп,
Ашыга жөнөп калыптыр.
Айта-буйта дегинче,
Тулпарларын чуратып,
Төбөдөн тозон чубалтып,
Салып кирип келиптир.
Хан каадасы болгонча,
Коңурбайдын ойунча,
Кабылан Семей, хан Коңур,
Такка чыгып олтурду.
Көп кечигип турбады,
Бүтүн кебин урганы,
Бүтүшкөн шарт бойунча,
Алпты эсепке алганы.
Каңгай жактан өлгөн алп,
Артык чыгып калганы.
«Мөөр бас» - деп Коңурбай,
Ормон окуу салганы.
«Алды менен Манаска,
Алты жүз миң калмакты,
Айыбына бересиң», -
Деп, Семетей айтканы!
«Бул эмине кылык - деп,
Бул кайдан келген кычык кеп?!»
Алп Коңурбай чоң калча,
Ачууланып калганы.
Ангычакты Гүлчоро
«Атаңдын көрү чуржут кул,
Айткан сөздү угуп тур.
Алмамбет, Чубак, Музбурчак,
Ажыбай, Көкчө, эр Сыргака.
Алп Серек калган эрлердин,
Булардын баарын жеп койдуң!
Аз келгенсип ал ишиң,
Таласка барып өрт койдуң!

www.bizdin.kg

Андан кепти ачпасак,
Күн берем - деп, - калмакка,
Абакем мөөрдү не басат?!
Алманга берчү алтынды,
Убагында бербейсиң.
Алтын - деп, - сары жезиңди,
Күмүш - деп, - калай, темирди,
Алдаган кептен сен калча,
Ал эмнеге келбейсиң?!
Күн бергин - деп, - Коңурбай
Калжырап бокту не жейсиң?!
Сен албайсың, бересиң,
Мойнуңду бурсаң, сен калча,
Азыр менден өлөсүң!»
Арстандын түрүн көргөндө,
Санаасын санга бөлгөндө.
Ашыккандан Коңурбай,
Алдыртан кирпик ирмеди.
Шайтандын тилин билгендер,
Шашылып атка минди эми.
Эки жактан калың, кол,
Ат койушуп калды эми.
Канаттуу жетпес талаада,
Кангайдан келген балаага,
Канкорлор уруш кылышты,
Канчасын аттан жыгышты.
Кызыл кыйа талаада,
Кызыл бороон жел болду.
Кыйкырып үнү басылбай,
Кыжылдаган эл толду.
Токтобой кошун толкуду,
Аккан селдей толкуну.
Алдары арбын күчтүүлөр,
Найзасы албарс учтуулар,
Ылганып алга чыгышты.
Уч кабылан буларды,
Антара сайып жыгышты.
Кылычы кызыл -курчтуулар,
Кытайдан чыккан мыктылар.
Желеги желге- жалпылдап,
Жез барабан- карсылдап.
Айбалта көккө жаркылдап,
Ат койуп катар келишти.
Өлүмдөн туура шек кылбай
Ойлорунда баарысы,
Кыргызды байлап кетишти.
Кызыл желек, Сырнайза,
Тоо томкоргон бир сайса.
Гүлчоро менен Канчоро,
Ар сонуну бар чоро.
Бучкакка камчы салганы,

www.bizdin.kg

Суркоен менен Каралат,
Булуттай сызып калганы,
Кайрып мизин салганы.
Каптап келген селдерди,
Кайнаган калмак элдерди.
Калкан жапкан элдерди,
Бооруна найза мылгытты,
Оозунан канын кулгутту.
Бадана кийген баатырдын,
Башын кесип туйлатты,
Дардайтып аттан кулатты.
Амурдун бойу чаң болду,
Талаанын баары кан болду.
Ат көтөргүс дөөлөрдүн,
Башы айланып маң болду.
Оп тартып ийчү дөөлөрү,
Ат көтөргүс жөөлөрү,
Омкорулуп жыгылды,
Орого башы тыгылды.
Эки жактын өлүгү,
Эттен бүткөн тоо болду,
Ат өлүгү зоо болду.
Өлгөндөрдүн кунун кууп,
Кайрашкан кыйын жоо болду.
Укумунан тукуму,
Унутулгус доо болду.
Түн кулпусу бекиди,
Жыйылгыла, аскер - деп,
Эки жагын жекиди.
Эр Семетей баатырың,
Кол эсебин алганы:
«Бердике тилмеч берен жок,
Илгедей менен Талдыбай,
Өчөбап, Мөнгү эрен жок.
Оодарылып кетеби,
Опасыз жалган дүйнө шок!» -
Деп, эр Семең кейиди.
Ушу кезде карасаң,
Кара жалдуу чоң калча,
Арыбы анын бир канча.
Өлбөй калган аскерин,
Топко бөлдү миң барча:
«Таң атып кетсе буруттар,
Тамтыгыңды койбойт - деп,
Талаада такыр ондойт - деп.
Жатып алыш болбойт - деп,
Тегеректеп бурутту,
Очогор менен окто - деп,
Күйүп өлсүн чокто» - деп! -
Караңгыны жамынып,
Бастырып кирип барганы,

www.bizdin.kg

Барсылдакка алганы.
Койчагыр үнү чаңырды,
Жылдыздай учуп аткан ок,
Тоо бузулуп жаңырды.
Ошол кезде үч берен,
Чукул кеңеш салышып,
Чүңкүлдөшүп алышып.
Аккелтеге ок салып,
Астынан Семең атышып.
Арстан туулган чоролор,
Аркага чыга калышып.
Эки жаккы бөйрөктөн,
«Манастап» ураан салышып.
Сапырып жөнөп алганы,
Салгылашкан кыргызда,
Буларда арман калбады.
Таңга жуук болгондо,
Айдап барып калмакты,
Музга камап алганы.
Тайгалантып калмакты,
Талпакта жундөй сабады.
Ошол кезде байкасан,
Балыктар күлүп караашты.
Кундуздар чачын тарашты,
Үч беренди жаратты.
Ал аңгыча болбоду,
Ааламдын бети ачылды,
Көк асмандын төшүнө,
Алтындан чен асылды.
Кыйар кески Коңурбай,
Олутунда тура албай,
Ойрон болуп көп колу,
Алгара тулпар миниптир,
Карысына ал чочко,
Кандуу найза илиптир.
Алкынтып өзү чыгыптыр,
Айгайлап кебин уруптур:
«Өзүм чыктым мен - деди,
Кызыталак Семетей,
Жекеге чыккын сен - деди!
Жыгылбасан корунуп,
Кунду азыр бер - деди!»
Токтоно албай Гүлүстөн:
«Жагалданган дөбөттүн,
Жандан сөзү көп өттү,
Абаке, мага бер -деди.
Калың алаш журтуңа,
Караан болгун сен» - деди.
Алышкан жоодон кайтпаган,
Айыгышкан дөөлөрдү,
Ар качан жерге жаздаган,

www.bizdin.kg

Алмамбет уулу ач арстан.
Абасы баргын дегенде,
Бетинен сары түк чыкты,
Берендин көөнүн жеп болгон,
Пейили бузук калчага,
Тартынбастан түз чыкты.
Суркойон тулпар чуратып,
Тозоңун алыс чубалтып.
Оттой жанып эки көз,
Опурулуп жетти тез.
Келе жаткан Гүлүстү,
Каңгайлар көрүп таң калды:
«Пери бекен, жин бекен?
Же бендеден чыккан пил бекен?
Азыр келе жатышы,
Айбаты суук чилде экен!
Көкө теңир колдо - деп,
Бурутту, Коңур оңдо» - деп, -
Койнунан буркан суурушту,
Кужурап калмак турушту.
Кылым кыргыз караса,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Пилден күчтүү бадырек,
Айбаты артык таш жүрөк,
Алптарды женген бадырек.
Кызталак калдай камынып,
Ок өтпөс тонун жамынып.
Алдыга чыга калганда,
Ачка калган жолборстой,
Карап көрсөң, түрүнө,
Алышкан аман болбостой.
Куйундай жерди сапырып,
Кызыл бороон жел келет.
Кыйкырыгы таш жарат,
Буга кандай киши тең келет?
«Арбагы Манас колдо» - деп,
Айтып турду дембелеп.
Ал аңгыча болбоду,
Эки ажыдаар беттешип,
Арбашып калган окшонду.
Салмагынан алардын,
Кара жер араң токтолду.
Жаракка жарак кагышып,
Жер жайнаган чок болду.
Арстандай алышты,
Арманы жок салышты.
Ары-бери сүргөндө,
Аалашып жургөндө.
Жер чайпалып басылды,
Туман тушуп ачылды.
Ал экөөнүн башынан,

www.bizdin.kg

Буркураган буу чыкты,
Бучкагынан тулпардын,
Булактап кара суу чыкты.
Бирин бири ала албай,
Жүржүт калча Коңурбай,
Элөөсүздөн чорону,
Түп этектен алганы.
Алтын ээр калмакча,
Башынан орой чалганы,
Алдыга жөнөп калганы,
Өрү калган Алгара,
Өзү карган Алгара,
Опол тоодой баатырды,
Үзүп кете албады.
Тоңкочуктап Суркойон,
Мүдүрүлө жаздады,
Ок жылаандай айланып,
Гүлүс айдардан ороп кармады.
Кайрып Гүлүс алганда,
Кайта жөнөп калганда,
«Бадырек бурун жетти - деп,
Байлап алып кетти - деп, -
Манжулардын Маңгуш алп,
Куткарып алып калам»-деп,
Куйундап ылдам жеткенде,
Капталынан качырып,
Аны Канчоро сайып кеткени.
Кажыман жетип удаалаш,
Башын кесип өткөнү.
Ал аңгыча болбоду,
Анжулардың Аңгуш алп,
Айгайлап бу да жетти эми.
Канчоро менен Кажыманды,
Катар сайып өттү эми.
Эсенбай жетип аңгыча,
Ат куйругун карматып,
Канчоро менен Кажыман,
Аман алып кеткени.
Ошол кезде байкасаң,
Коңурбайдын Алгара,
Тонкочуктап калыптыр.
Гүлүстөндүн Суркойон,
Толорсуктан алыптыр,
Албаганда неткени,
Коңурбайдын айдары,
Колдон чыгып кеткени.
Атына камчы салганы,
Артына качып калганы
Ошол кезде жаш арстан,
Куткарып ийсем бекер - деп,
Кайра качкан калчанын,

www.bizdin.kg

Этегинен эрмелеп,
Ат куйругун сермелеп,
Тик качырган бүркүтөй,
Көтүнөн кууп алганы.
Калмактардын калың кол,
Корголошуп калганы.
Оттой күйгөн эки көз,
Ошондо ого бетер кызарды.
Кындан чыккан ак шамшар,
Кырк сегиз кулач узарды.
Эңкейе түшүп Гүлүстөн,
Эбегейсиз күч менен,
Кылычты шилтеп калганда,
Туура чаппай кыйгай чаап,
Калчапын минген Кара атын,
Толорсугун кыйа чаап.
Өзүн таамай чаба албай,
Арманда Гүлүс калганы!
Күч менен кеткен Жойболот,
Карагай, кайың, чынардан,
Кыйып кетти бир колот.
Шилтеген кылыч күүсүнөн,
Тоолор тоого урунуп,
Топурак көккө бургуду.
Жердин бети көрүнбөй,
Туман тушуп уйуду.
Алты күнү ачылбай,
Ааламдын бети куруду.
Адашып калып Гүлчоро,
Амалы жаман куурулду.
Аккан терге мандайдан,
Астында жер жуурулду.
Армандуу калган Гүлүстөн,
«Манастап» катуу айкырды.
Айкырыктан апкаарып,
Көйкаптын тоосу жарылды.
Камоодо жаткан шамалдар,
Жер бетине жайылды.
Алты күндөн бер жакка,
Ааламды баскан топурак,
Шамал айдап арылды.
Таштар учуп калдырап,
Тил киргенсип тим эле,
Сүйлөп жатат балдырап
Кабышып тоолор күркүрөп,
Ааламды шамал учурду.
Астын-устун кылат - деп,
Адамдын баары диркиреп.
Албарсты, шайтан, азыткы,
Жүндөй учуп жүрүшөт.
Томорулуп кетчүдөй,

www.bizdin.kg

Тоо түбүнөн солкулдап.
Кыштын күнкү бууradaй,
Үшүгөн элдер калчылдап.
Топурак учуп чачыла,
Жердин бети ачыла,
Коңурбайды көрсөм - деп,
Гүлүстөн жүрөт шашыла.
Токсонго жашы толголу,
Тоодой болгон калчага,
Мындай кордук болбоду.
Эрдигинен ажырап,
Эмгектүү болот убайда.
Кете берген бир жакка,
Жер көрүнбөс туманда.
Эңишке келсе калчанын,
Толорсугу кыркылган,
Алгарасы очоңдоп,
Өргө тартса Кара атты,
Көчүктөн жөлөп чочоңдоп.
Чаңдан чыгып эр Гүлүс,
Чар тарабын карады.
Амерден берки жээгинде,
Көрүңдү Коңур карааны,
Аткан октой зыркырап,
Урган таштай дыркырап,
Арстан чоро барганы.
Аксак атчан Коңурбай,
Качан жанын айады?
Амерден бойу суук жер,
Жайдын күнү муз тоңуп,
Эки чети жар болуп,
Орто жери шар болуп.
Шыргалаңдап буу чыгып,
Кээ бир жерде жарыктан,
Оргуштаган суу чыгып.
Үйөр агып түрүлүп,
Үзүктөй болгон чоң муздар,
Суу үстүндө сүрүлүп.
Суу айланып кулкулдап,
Үнү угулуп чулкулдап,
Эри өлгөнсүп жулкулдап.
Салаа-салаа тешиктен,
Атырылып шуртулдап.
Орто жери ойулуп,
Тегеренип бургуйлап.
Жан айабай Коңурбай,
Сууга кирди койгулап.
Сууга Коңур киргенде,
Алты найза бойу муз,
Токтоо кылбай ойулуп,
Суу үстүндө калкылдап,

www.bizdin.kg

Салдар агып баратат.
Шыр-шыр этип үн чыгып,
Карлар агып баратат.
Жарга урулуп токтолуп,
Коңурбай башы кодоңдоп,
Бир көрүнүп жок болот.
Анда-санда найзанын,
Учу чыгат сороктоп.
Кээ бир жерде туулгасы,
Көрүнүп калат короктоп.
Акылга чебер Гүлүстөн,
Алтымыш эки уруудан,
Окшобогон буруудан,
Аралаша эштирген.
Алмамбеттнн чалмасын,
Көрөмүн - деп, - пайдасын,
Туруп кармап турганы.
Тезектей калкып Коңурбай,
Бир тешикте көрүндү.
Көргөн жерде Гүлүстөн,
Чалма салып ат кармап,
Азоо минип, жылкы айдап,
Машыгып чыккан Гүлчоро,
Чалмасын шилтеп калганы.
Салып көнгөн Гүлчоро,
Чалманы жазбай салганы.
Эки колун капшыра,
Как эмчектен түшүптүр.
Мойнуна чалма түшкөндө,
Калчанын иши бүтүптүр.
Гүлчоро чалма тартканда,
Өзү калып чалмада,
Алгара ссуга акканда,
Амалы кетип зор калча,
Бүт эле тоодой бир барча.
Кыйрынан музга ыктады,
Оңойлук менен тартканга,
Муз үстүнө чыкпады.
Үзөңгү боого Гүлүстөн,
Чапма салып басыптыр.
«Манастап» баатыр бакырып,
Бар кайратын ашырып,
Коңурбайды тартыптыр.
Күчү ашкан беренге,
Күркүрөгөн эренге,
Муз туруштук кыла албай,
Баш-айагы жүз бута,
Калыңдыгы каткан муз,
Тогуз аркан бойу бар,
Каңтарылыл кеткени.
Коңурбай болуп копурук,

www.bizdin.kg

Аңтарылып кеткени.
Короо ордунда көпкөк муз,
Асманга учту чыркырап.
Он күндүк жерге барыптыр,
Сынган муздар зыркырап.
Чыргадай сүйрөп Коңурду,
Тоодой кылып томурду,
Көрсөтүп ага сонунду.
Семетейге барам - деп,
Гүлүстөн жөнөп калганы,
Асман тиреп каркайган,
Бойун жасап заңкайган.
Зымылдаган капчыгай,
Бир кептешке келгенде,
Такашып Коңур калганы.
Күч келтирип тартканда,
Үзүлүп кетти арканы.
Күү менен келе жаткан ат,
Суркойен тулпар мүргүдү.
Кайра тартты Гүлүстөн,
Ак шамшар кармап колуна,
Эки жеңин түрүнгөн.
Чаап салат экен - деп,
Карап туруп Коңурду,
Чаптырып ийип бекер -деп,
Жер жайнаган көп калмак,
Чөп катары тирүү арбак.
Аламан койуп келе атат,
Куткарсак - деп - Коңурду,
Атып мылтык баратат.
Аккан селдей түрүлүп,
Коңурбай үчүн күйүгүп.
Как ошондой учурда,
Каары катуу эр Семең.
Кандуу кылыч, жалдуу шер.
Кайраты артык Канчоро,
Кара кытай, манжуну,
Кайнаган калмак, анжуну,
Гүлчорого жеткизбей,
Кайра тосту ошону,
Көргөнгө укмуш жумуш бу.
Гүлчорого Семетей:
«Жабыр салып тулпарга,
Тоодой болгон калчаны,
Башы керек эмеспи,
Башын чаап таштагын!
Абасынан укканда,
Ачылып көөнү Гүлчоро,
Булгап чапкан шамшардын,
Учу айга такалды,
Кесип өтүп Коңурду,

www.bizdin.kg

Жерге кирип кадалды.
Сабы колдо болбосо,
Көк өгүздүн мүйүзүн,
Кесип кете жаздады.
Ханы өлүп, туусу жыгылды,
Кара кытай, көп калмак,
Каңгайды көздөй сыйлыкты.
Азынап аттар мөңкүдү,
Айылын көздөй жөңкүдү.
Амудун улуу суусуна,
Канча калмак калкыды.
Жеңишин көрүп кыргыздын,
Күкүктөр чоор тартышты.
Акыйнек куштар айтышты,
Кутулдук деп өлүмдөн,
Суурлар анкуш салышты.
Асман кулду карсылдап,
Урмат топ атты тарсылдап.
Жер бийледи кылтылдап,
Ырдады Амур зыңкылдап.
Жанаша туруп шаңданып,
Кун менен ай кулундөп,
Айкөл шерди баш кылып,
Өлгөндүн кунун алышты,
Такымга атты салышты,
Таласка жөнөп калышты.
Таласка барып эсен сак,
Каныкей менен Бакайдан,
Амандык сурап калышты,
Анан үй-үйнө жанышты.
Түгөнүп калган хан Коңур
Түйшүктүү туулган оңбогур.
Көзү тирүү чагында,
Колунда өкүм барында,
Атагы калмак уруудан,
Ушаңдын эле иниси,
Усаңгенди баш кылган.
«Семетейди кычырдым,
Элебей келет быйакка,
Сен баргынын Таласка», -
Деп, жиберген алашка.
Жиберилген Усаңген,
Ара сырттап, жол тартып,
Айдама кошун кол тартып.
Аруулугун, сактыгын,
Алдынан чалып, жол тартып
Адамы жок жер менен,
Алатоону кылаалап,
Түк казакка туйгузбай,
Эч бир жанга билгизбей,
Барып жетти бир кезде,

www.bizdin.kg

Самаркандын сыртында,
Жайлоосу Белсаз, Кырчында,
Каныкей, Бакай, Жамгырчы,
Жаткан кезде ушунда.
Калкылдатып туу жайып,
Аскердин чыкты карааны.
«Кайдан келген адам» - деп,
Айран таң, болуп калышты.
Ойлоп калды кыргыздар,
Мындан кабар алышты.
Кошуну элге барса да,
Бир бөлүгү калмактын,
Чон коргонго барышты.
Айчүрөк кеткен Үргөнчүкө,
Акун ханды көрөм - деп.
Кошунду калың көргөндө,
Калктын баары эңдиреп,
Башкарган аны баатыр жок,
Айласын таппай сендиреп.
Атка минер киши жок,
Аны менен иши жок.
Коркутуп элди чуу кылып,
Атып мылтык, жаа тартып,
Кайрат кылып бара албай,
Жигиттер чуулап ыйлашып.
«Чоң, коргонду ачкын - деп,
Төрөңдүн барбы дүйнөсү,
Аны тезден тапкын» - деп?
Сыркоргонго түшкөнү,
Калдайа басып ордону,
Элөөсүздөн жоо алган,
Кандай десе көп болор,
Калмактан келген ушуну.
Кыра кыргыз ичинде,
Калмак эли көп эле.
Усаңгендин кошунга,
Калбай баары кошулду.
Калмактын ханы Усаңген,
Хан тактага олтурду.
Ээн жаткан жерди алды,
Эндекей жаткан элди алды.
Албаганда неткени,
Сыркоргон колдон кеткени.
Алыста жүрсө күн доолап,
Арка болчу бектери,
Талабына калмактар,
Такыр бүгүн жеткени.
Талап-булап кыйратып,
Катын, кызын ыйлагып,
Алтын, зарын жүктөтүп,
Камкасын кайра бүктөтүп,

www.bizdin.kg

Качырына жүктөтүп.
Тубарларын бүктөтүп,
Тулпарыпа жүктөтүп.
Зар койбоду шаарына,
Салган кийиз калтырбай,
Мейманкана, сарайга,
Талап алды баарын да.
Коргонго келген булардан,
Кол салып келген олжо алган.
Айылга барган сырт жактан,
Эми ошондон кабар алалы.
Жамгырчы, Бакай, Каныкей
Келген жоону карады.
Кеңколдо жаткан төрөнү,
Кум жам кылып келген, бейм?»
Деп, ошентип санады.
Ачуудан ичи ачышып,
Коркуш жок мындан жашынып.
Жаңы баатыр Байтайлак,
Минерге аты жок болуп,
Айласы кетип токтолуп. Жамгырчынын Уларбоз,
Карып калган мал эле.
Карыса да Уларбоз,
Бир жылкыча бар эле.
Уларбоз минип алкылдап,
Чарайна, сооту жаркылдап,
Баса минип үстүнө,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Баатыры жок үстүндө,
Орого бузук калмактын,
Айдама кошун колду айдап,
Алыска барчу элди алды,
Калмактан кабар сөздү алды,
Семетейдин алыска,
Элчилешип кеткени,
Ал элден билип бул калды.
«Кеткени, абам, жалганбы,
Кеткени, абам, чын болсо,
Коргонду талап алганбы?
Таланган болсо Сыркоргон,
Кыргыздын журту сандалды.
Айдап алып аскерди,
Ал Кеңколго барганбы?»
Жата албады үйүнө,
Жамгырчы, Бакай аттанды,
Көзү көрдү келишип,
Кең коргонду басканды.
Койбой талап малды алган,
Коргонго койгон такты алган.
Кара кыргыз журтунун,
Үстүндөгү бакты алган.

www.bizdin.kg

Усаңген калып коргондо,
Дүнүйөнү узаткан.
Усаңген элге муну айткан:
«Ара сырттап басканда,
Алаштар туйуп калбайбы?
Дүйнөнү тартып албайбы?
Кашкардын жолун айланып,
Каңгайга кетсек жакшыраак.
Ара сырт бизге жакын жол,
Жакын да болсо ыраак жол.
Кашкар бизге ыраак жол,
Ыраак да болсо жакын жол.
Ыраак - деп, - андан эринбей,
Таластан алган олжону,
Кутказар жагын карагын».
Бастырмак болду кубалап,
Бакайдын уулу Байтайлак
Бала жолборс чоң балбан,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Ошого киши жиберип:
«Алдынан тосуп чыккын - деп,
Ара сыртты карасын,
Карап мен да келем - деп.
Кашкар жакты карагын,
Кашкарга кирип кетпесе,
Артынан кууп жетем - деп.
Башын кесип келбесем,
Байтайлак атым бекер – деп!
Ажыратып мал, пулдун,
Баарын алып келем» - деп! –
Атасынын атынан,
Жазып катты жиберип.
Баш кишиге карабай,
Малдын кетти артынан.
Чоң жолдордон из чалып,
Бара жатат Байтайлак.
Эки жагын каранып,
Келе жатат Байтайлак.
Эркечтамды бет алып,
Калмактар келди чубалып.
Дүнүйөнү мол алып,
Кашкарды көздөй жол алып.
Кашкарга кирип кеткенде,
Кетмекчи болду калмактар,
Дүнүйөнү кутказып.
Талабына жетпеди,
Артынан кууп Байтайлак,
Бала арстан жеткени.
Байтайлак барып, жол кошуп,
Астынан чыгып, жол тосуп.
Сайышар мыкты жок экен,

www.bizdin.kg

Сапырып элин чапканы.
Кайра айдашып мал, пулун,
Кең колду көздөй баштады.
Келе жатат, Байтайлак,
Таланга кеткен малды айдап.
Кең колду көздөй жол алып,
Алтын, күмүш мол алып.
Кыргыздан жалгыз бирөө жок,
Кара калмак колду алып.
Күндүз ага кошулбай,
Кошулуп бирге олтурбай.
Түндөсү өзү күзөтүп,
Келе жатат бала арстан,
Алтын, зарды жүктөтүп.
«Өлбөй тирүү болгондо,
Кеңколго жетип барам - деп,
Кудайсыган Усаңген,
Куп жайыңды табам - деп. -
Кужуру кайнап курушуп,
Кыжыры кайнап кырданып.
Ууруча шаарды чабат - деп, -
Калмактарга сурданып.
Тирүү киши кетирбей,
Кырайын - деп - чуу салып.
Издеп келсе калмактар,
Эрдигин анын көрөйүн,
Эрегишкен калмактын,
Бейжинин талап келейин.
Адам кылар иш эмес,
Мунун жазасын колго берейин!» -
Деп, ошентип Байтайлак,
Жаш балапан, ой кыска,
Жакын келип Кең колго,
Жетип келди жол кыска.
Келе берсин аралап,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Ошондон кабар ким алат?
Бакайдан кабар барганда,
Катты колго алганда.
Жаткан экен Жалгызек,
Мазардын тоосу жайлоодо.
Семетейге таарынып,
Ачууланып чачылып:
«Кошой сандан калбаса,
Кошойдун берген желегин,
Өлгүчө Манас кармаса.
Кошойдун уулу мен болсом,
Семетей теңине албаса.
Барбай койсом белем - деп,
Талап алса мейли - деп.
Кара чоктуу калмакка,

www.bizdin.kg

Калка болгон, чоң төрө,
Кызыл чоктуу кытайга,
Кызмат кылган, чоң төрө,
Кызыталак Семетей,
Элчилешип келем - деп,
Өзү келсе жеке эле,
Барбай койсом белем - деп.
Ойуна алып эми эле,
Өчөшпөйүн арстанга,
Кайраты журтту басканга.
Ашыккан окшойт хан Бакай,
Калмак каптап жатканга.
Калмактын канын суу кылып,
Көк жаңыртып, чуу кылып.
Кыйратайын аны - деп,
Кылым кыргыз журтуна,
Кылайын кызмат дагы - деп.
Дагы эле бизге иш бар го,
Кыраан султан Семетей.
Таарынчы айтып көрсөм - деп.
Талатып койуп көп элди,
Тарттырып койуп Коргонду,
Жата берсем болбойт» - деп, -
Намысына толгонду.
«Аркамдан кыргыз кол келсин.
Аз келбесин мол келсин!
Аттанып өзүм жөнөйүн,
Арбактар мага жол берсин!» -
Деп, ошентил Жалгызек,
Жалманбозду токунуп,
Кеңколдо жаткан Уусаңген,
Үйүндө жатып коркутуп.
Сыртынан тилдеп Семеңди,
Ала көөдөк эренди.
Кошойдун уулу Жалгызек,
Койбоочудай күүлөндү,
Ат арытып,жол жүрүп,
Айабастан мол жүрүп.
Ажыбай барган беш күндө,
Ал эки күндө келгени.
Түндүк жаккы чек экен,
Ашып түштү Жалгызек,
Төө жайлоо деген бир белди.
Алды жагын караса.
Жүк жүктөгөн нары бар,
Үстүндө жүгү бир тоодой,
Олжо алган чагы бар.
Ким экенин биле албай,
Карап белде тура албай.
Кайраты толук эренин,
Өз кайратын тыйа албай.

www.bizdin.kg

Ылдый тартып далактап,
Эки этеги салактап.
Кирип келди ал элге,
Эки көзү алактап.
Жүктөгөнү зар экен,
Айдаган калмак сал экен.
Кууп жетип Байтайлак,
Кайтарып келген кези экен.
Ушул сапар келгени,
Такыр калмак эл экен.
Калмактын тилин так билген,
Жалгызек жайы ал экен.
Калмак менен сүйлөшүп,
Кажы-кужу үндөшүп.
Уларбоз менен солкулдап,
Байтайлак келди бир кезде.
Эки баатыр көрүшүп,
Колдун учун өбүшүп.
Эсен-соосун сурашыш,
Амандашып турушту.
Эл үчүн кылып намысты,
Эр жигит кылат жумушту.
Жалгызек баштап сөз сүйлөп:
«Байтайлак баатыр, -деп сүйлөп.
Абакебиз хан Бакай,
Аман бүгүн турат - деп,
Тарттырып ийсек Коргонду,
Уккан элге уйат кеп!
Семетей кылган кандай иш,
Элчилешип бир жумуш,
Элге кыйын мүшкүл иш.
Барган жокпу, абакем?
Кең колдо жаткан берендер,
Айтпадыңар биздерге,
Ошондуктан көбүрөөк,
Таарынгым келет сиздерге».
Байтайлак күлүп жарк этип,
Ителгидей барк этип.
Кужурлуу туулган балакет.
Мойну кетип шылк этип:
«Анык курбум, Жалгызек,
Кудайга душман мен болуп,
Айта албаймын жалган кеп.
Өрттөнүп өлгөн канкордун,
Өзү жалгыз кеткенин,
Гүлчоро менен Канчоро,
Ээрчитип алып экөөнү,
Желип кайда житкенин,
Айтсак такыр билбедик.
Айдама кошун кол келди,
Ошондо гана биз уктук,

www.bizdin.kg

Коңурбайга кеткен - деп,
Калмактан кабар алганбыз,
Эстүү баатыр, Жалгызек,
Таарынчы айтар кез эмес.
Ээн талаада биз айтсак,
Жер укпаса, ким угат?
Таарынчы кепти айтышчу,
Семетей мында жок турат.
Айкөл Манас баатырдын,
Арбагы учун кылалы,
Айанбастан кызматты.
Аксакал ата, хан Бакай,
Ардактуу эне Каныкей,
Урматы үчүн кылалы,
Ушул сапар кызматты.
Андан кала бергенде,
Калың кыргыз эл үчүн,
Кылалы, баатыр, кызматты.
Семетей менен беттешсек,
Айтарбыз кийин таарынчы.
Тарттырып койбой Коргонду,
Бүгүн жетип баралы.
Усаңген деген зору бар,
Падышалык тактага
Минип алган чоңу бар.
Бала Семей жолборстун,
Аркасында жөлөкбүз.
Менин кебим мына ушу,
Жалгызек курбум угуп ал!»
Акылы дайра, ойу көл,
Атасындай эр экен,
Падыша улуу Бакайдай,
Баштаган жолу эп экен.
Жалгызек анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат: «Семетейге өчөшүп
Сенделтпейли бул элди.
Талантып каран калмакка,
Таратпайлы бул элди!
Тоо тоого чилдей бул элди,
Тоздуруп ийсек болобу?
А дүйнө кеткен Манастын,
Арбагы бизди койобу?!» -
Эки баатыр кошулуп,
Булардын жүргөн жеринен,
Кан агат кийин жошулуп.
Бакайдын уулу жолборстун,
Он тогузда жашы бар.
Калмак, каңгай, кытайды,
Ойрон кылар иши бар.
Өзү бала, шер кайрат,
Өчөшкөнүн талкандайт.

www.bizdin.kg

Жаңыдан атка мингенде, Алоокенин кенжеси,
Алтымыш жайсаң инисин,
Ороккырды жалмаган.
Ал Кеңколго тургузбай,
Калмак менен каңгайды,
Аралап кирип айдаган.
Жаңыдан чыгып кыргыздан,
Таанылып келе жаткан ал.
Жалгызек өзү эң мыкты,
Сөз айтканга өтө ыктуу.
Сөзү ширин нагыздуу,
Кимге болсо жагыштуу.
Жыйырма экиде жашы бар,
Хан Кошойдун уулу ушу.
Жалгызек менен Байтайлак,
«Ал Кеңколго барам - деп,
Коргонду сактап калам» - деп,
Ал экөө келген алдынан,
Калмактын салган дартынан.
Эр Семетей, Гүлчоро,
Бели катуу Канчоро
Жете келип артыңан,
Жүктүү нарды көрүштү,
Илгери карай жүрүштү.
Шартылдата бастырып,
Жетүүгө тез күйүктү.
Жолдо бара жатканда,
Гүлчоро айтат бул ишти:
«Алыстан келген бул душман,
Коргонду басып алган, бейм,
Кордукту журтка салган, бейм.
Кор кылып элди койгон, бейм,
Жамгырчы, Бакай, Каныкей,
Катары менен сойгон, бейм.
Байтайлак өлүп калганбы?
Каш кайтарар киши жок,
Калмактар кирип алганбы?
Абаке, сенин эрдигиң,
Адамдан кыйын шердигиң,
Асли жакшы болбойт ко,
Колуңдан кетет теңдигиң!
Элдин баарын кем дедиң,
Эр кадырын билбедиң,
Кыргыз менен калмактың,
Ортосунда чоң ишти,
Жалгыз өзүң бийледиң
Карыйа Кошой абамдын,
Сыйлабадың арбагын.
Карап турса Төштүк хан,
Бучкагына албадың!
Жолдо турса Үмүтөй,

www.bizdin.kg

Карын бөлө тууганың.
Учурашып жок десе,
Тайежеңе барбадың.
Чыгарасың, абаке,
Кандай кылып кирин жууп»
Ушулардын зардабын?!»
Гүлчоронун кебинен,
Улай кармап Канчоро,
Күйүттүү кепти башынан,
Баштап калды ал чоро:
«Абакемдин башынан,
Киши менен иши жок.
Алыстагы киши эмес,
Короосунда кой баккан,
Киши менен иши жок.
Башканы койдум, кантейин,
Бала кезден бирге өскөн,
Мени менен иши жок!
Бул сапаркы жумушта,
Эл билгендин баарысын,
Ичине салды кызыл чок!
Арбагын, сенин чоң болду,
Айласыз элиң, токтолду.
Гүлчоро күйүп айткандай,
Күлдү журттун баарысы,
Тарап кетет окшонду!» -
Деп, ошентип сөз кылып,
Канчоро айтып токтолду.
Күлүмсүрөп Семетей,
Мыйыгында күлдү эле.
Кылган иши жолу жок,
Как ошондо билди эле,
«Айланайын балдар, ай
Белиме тануу жандар, ай.
Кеңеш салбай калыпмын,
Акылыман таныпмын.
Сандалып бүгүн турамын,
Эч айламды таба албай!
Кармашта барсын, Канчоро,
Кайрат кылар, эр чоро.
Таарынышса Гүлүстөн,
Ар кандай ишке жүрүшкөн.
Өзүң билип жайларсың,
Таарынттырбай хандарды,
Табарсыңар, жаш балдар,
Айбанардын айласын!
Эки бала иш кылсаң,
Эми кантип бурамын?
Калгандарды бөлүнтпөй,
Элди күтүп алгыла.
Бийликти бердим силерге,

www.bizdin.kg

Билип кылсан ишиңди,
Деги кордук болуптур,
Туйунуп эми олтурам.
Кетирбей карма, жаш балдар,
Абалтан берки кишиңди.
Катышпайын, билбейин,
Гүлчоро менен Канчоро,
Өзүң башкар ишиңди». –
Деп, ошентип Семетей,
Агынан сүйлөп турганда,
Мойун толгор айла жок,
Ишин берип турганда.
Ич күптүүсү басылып,
Жүрөктөн зардап арылып.
Таарынчысы жазылып,
Жанындагы чоролор,
Жаркылдады жалганда,
Атадан калган Коргондун,
Жанына жакын барганда.
Ак асаба, көк желек,
Алы келсе калмактар,
Жамгырчы менен Бакайды,
Эчак мууздап таштамак.
Жалгызек менен Байтайлак,
Калган элди баштаган.
Семетейге жолукту,
Төө жайлоо, Айрык башынан
Семетейди көргөндө,
Серпилбеген Жалгызек,
Зерек баатыр Байтайлак,
Кабактарын бүркөшүп,
Кабаттап тонун чүмкөшүп.
Салам айтса, кол бербей,
Бастырышты жүр дешип.
Калмактан баатыр Усаңген,
Алар менен иши жок.
Бел байлады Кожожаш,
Азыркысы көөнү ток.
Семетей менен Гүлчоро,
Кайраттуу баатыр Канчоро,
Жоо бөрүсү Жалгызек,
Жолборс баатыр эр жүрөк,
Бала баатыр Байтайлак,
Келгенин көрүп Усаңген,
Каалгасы бийик чоң Коргон,
Каалгасын бекем бекитип,
Калкалап жанын бекинип.
Карап жатты калдайып,
Коргонду берип калмакка,
Каңкоруң, турат далбайып.
Карап турар айла жок,

www.bizdin.kg

Уруш кылбай камданып.
Ошол кезде Айчүрөк,
Асман менен айланып,
Шамал менен жарышып,
Шарпылдап учуп жетти эле.
Коргонду калмак колго алган,
Койбостон түктү олжо алган.
Оодарылып токтобос,
Оруну жок бул жалган.
Кимиси баатыр, ким коркок,
Ошондойдо ылганган!
Элчи кирер эшик жок,
Кылайган шоола тешик жок.
Байрак тиктеп, туу жайса,
Серпилип калмак чыккан жок.
Чын айласы кеткенде,
Тактада калмак жатканда,
Гүлчоро турбай камданып,
Эркечтенип шаңданып.
Эрлик менен аттанып,
Эбин таап кирсем - деп,
Урма ташта жез ноого,
Бурап тартма жерине,
Чыгарып алма тээгине.
Чын эле келип ошого,
Колун салып ошондо.
Туткасынан кармады,
Тартып сууруп алганы.
Ноого түшүп зыпылдап,
Коргонго кирип алганы.
Колуна кылгыч кармады,
Коркпой кыргын салганы.
Коргондун ичин кандады,
Душман кирди дегенде,
Турбай калмак камданды.
Жай кылбайт экен бизге – деп,
Жайнап чыкты талаага.
Калың, калмак кошунун,
Айдап чыкты талаага.
Талаага чыгып Усаңген,
Сандагап калмак кол менен,
Асаба таштап, туу тигип,
Эр майданын күзөттү.
Эрлик кылып Канчоро,
Желигип чыкты майданга.
Эл үчүн кызмат кылам - деп,
Белин чындап байларга.
Калмак баатыр Усаңген,
Каруу жарак асынып,
Майданга чыкты камынып.
Эр Канчоро, Усанген,

www.bizdin.kg

Беттешип эми барганда,
Балталашып жетерде,
Башка чаап кетерде.
Зыркырап доош угулуп,
Канчоро өңү кубулуп.
Кандай шумдук болду - деп,
Аркасын карал бурулуп.
Шыпшайдер уулу Кожожаш,
Шыпшыган жааны тартыптыр.
Зыркыраган жаа огу,
Канчорого жетиптир.
Үч кабат темир калканын,
Ок өтпөгөн олпогун,
Такыр тешип кетиптир.
Учу этке жеткенде,
Кармай алды сабынан,
Канчородон башка адам,
Жаа огун кармап албаган.
Кабылан туулган түгөнгүр,
«Эми атса сойот - деп,
Кантип тирүү койот» - деп -
Калмак Саңген баатырдын,
Каршы алдына тура албай,
Кайра качып калганы.
Бура тарта бергенде,
Бурултпай найза сайганы.
Канчоро калды жыгылып,
Топого башы тыгылып.
Корконунан эңтендеп,
Жыгылып, кооп темтеңдеп,
Бура тартты Усаңген,
Башын кесип кетсем - деп.
Ашыгып калды Байтайлак,
Батыраак ага жетсем -деп.
Өлүм менен кери жок,
Өлүмдөн коркор эби жок.
Эрдигинин чени жок,
Чендешер бенде теги жок.
Алыстан келип шаар алган,
Ал калмакта кеги көп.
Качырып жетти Байтайлак,
Камандай тиши качырап.
Маңдайда көзү чачырап,
Канчорого жеткенче,
Сайып калмак Саңгенден,
Шаштырды бала найзалап.
Кооп кетти ордунан,
Эр Канчоро анталап.
Коркуп калган түгөнгүр,
Басалбай турат тамтаңдап.
Алдындагы Карала ат,

www.bizdin.kg

Эми кармап минерде,
Шыпшайдар уулу Кожожаш,
Жааны тартып ийгенде.
Теминөөргө туш келип,
Темирге огу тийгенде.
Темирди тешип кыйратып,
Каралатты сулатып.
Аттан өтүп аткан ок,
Канчоронун шакшагын,
Көзөп кетти кыйратып.
Аны көрүп Байтайлак,
Аргытып атын чуратып.
Кабылан туулган чорону,
Ат куйругун карматып.
Алып кетти чогуудан,
Армандуу болбой Канчоро,
Кутулду душман колунан.
Карап турбай Кожожаш,
Жебе тартып соңунан.
Бакайдын уулу Байтайлак,
Он мөрүгө ок тийип,
Балтасы тушту колунан.
Балта жерге тушкөндө,
Эр тиреги сом билек,
Колдун иши бүткөнө.
Калмактын ханы Усаңген,
Кайрап кылыч жетти эле.
Гулчоро чаап жеткиче,
Куйгулуктуу чунактын,
Көрүнөө башын кести эле!
Гулчоро байкуш канетсин,
Түшүрбей башты топого,
Эңип илип кетти эле.
Усаңгенди Гүлчоро,
Көмө сайып кеткени.
Калмактын калың кошуну,
Каптап селдей жеткени.
Гүлчорону жеткирбей,
Усаңген башын кестирбей,
Кутказып алый кеткени.
«Өлүгүн алып кетет - деп,
Абакем сөөгүн көрсүн - деп,
Жалгызынан айрылды,
Көңүлү сууп калсын» - деп, -
Белине бекем камынып,
Жынжырдан кемер курчанган,
Аткый кармап Гүлчоро,
Сур аттын артып жалына,
Камчы берип санына,
Калмактардан, чогуудан,
Алып чыкты Гулчоро.

www.bizdin.kg

Кайра жанды калмактар,
Мындай уруш болгондо,
Кан төгүлмөк наркта бар.
Эрегиштен эр өлөт,
Экөө жалгыз дебестен,
Эңишке кирсе бары өлөт
Өзү өктөм кудайдын,
Өкүмүнө ким көнбөйт.
Ушинтип келет Гүлчоро,
Кошуп ыйлап күңгүрөп.
Кошунга жакын барганда,
Башы башка Байтайлак,
Тулку бойу бир башка,
Гулчоро тура калганда.
Карыган Бакай абаңдын,
Көзү көрүп баласын,
Көрүнөө калмак чыгарса,
Чечекейдин карасын
Карып калган хан Бакай,
Канткенде буга чыдасын?!
Кызыл кандуу жөтөлүп
Бузулуп өңү көгөрүп:
«Семетей, төрө, болбой кал,
Кордукту мындай, кылбай кал!
Бала жолборс атанып,
Журт башкарып, жүрбөй кал!
Атактуу баатыр Коңурга,
Антта турбас донузга,
Бир кишиге туйгузбай,
Билинбей кетип ушуга.
Канчоро чалгын чалды - деп,
Гулчоро кабар алды - деп.
Жыргап жаткан кыргызда,
Кайдан болсун кайгы - деп.
Камынбай жүрөт алдынан,
Карыганда хан Бакай.
Күнүм каран калдым - деп,
Өзу берген жалгызды,
Өзү кудай алды - деп!
Тунжуруман айрылып,
Акырет кетер чагымда,
Күнүм каран калдым - деп!
Өңөргөн колдо найзамды,
Кара ташка мен уруп,
Жеп салдым жалгыз баламды
Жыласын тартып куурадым,
Жаш менен көзүм буладым!
Кылычым канга бойодум,
Кылымды далай жойлодум.
Кыргыйыман айрылып,
Кыйноого калган окшодум!

www.bizdin.kg

Мылтыгым сынды белинен,
Бузулган ишим жеринен!
Буркурап ыйлап олтурсам,
Боор ачыр бенде ким экен?!
Карыганда Бакайдын,
Көзүнүн жашы сел экен!
Тартылып түндүк, от өчүп,
Түгөнүп калган кеп экен!»
Усаңген калмак баш кесип,
Сакалы ылдый жаш кетип.
Кайгырып  Бакай кабылан,
Кайгыдан бойдон ал кетип.
Шалдырап мууну бошошуп,
Шалпыйып Бакай шай кетип.
Ыйлап турат карыйа,
Кара көздөн күйгөндөн,
Кан аралаш жаш кетип:
«Тулпарым калды минилбей,
Тунжурум калды салынбай.
Күкүгүм калды таңшыбай,
Күлүгүм калды чабылбай.
Көмүлгөн көргө калмактар,
Күйгүзүп мени наалытты, ай!»
Жамгырдай жашы төгүлүп,
Сакалы ылдый агылат.
Көрүп туруп Бакайды,
Көргөн журттун баары ыйлап.
Карыган Бакай хан ыйлап,
Калбай журту баары ыйлап.
Кайгысына Бакайдын
Караган ыйлап, тал ыйлап,
Өчпөскө бүткөн күн ыйлап,
Өсүп чыккан гул ыйлап.
Ай караңгы түн ыйлап,
Өз, жат дебей баары ыйлап.
Токтоно албай тоо ыйлап,
Топурак, таштын баары ыйлап.
Адыр ыйлап, жер ыйлап,
Адам калбай жалпы ыйлап.
Карыган Бакай тура албай,
Какшап турат жан кыйнап.
Аккан тунук суу ыйлап,
Айдыңкөлдө куу ыйлап.
Алты сан кара көп ногой,
Катын, эркек, кан ыйлап.
Салынган коргон там ыйлап,
Сайылган терек бак ыйлап.
Сакалы ылдый жаш кетип,
Сакалдуу Бакай хан ыйлап.
Элдин баары чуркурап,
Эси кетип буркурап.

www.bizdin.kg

Тура албады Семетей,
Журөгу күйүп бек туйлап.
Чыдай албай Семетей,
Чылбырын бекем курчанып:
«Калмактан көрдүм кордук - деп! -
Кабылан төрөң муңканып.
Бакайдын айткан сөздөрүн,
Мойнуна кабыл парыз алып.
Айтса айтпаса, абакем,
Айтары мага эп экен.
Гулчоро менен Канчоро,
Бузулат калкың дегени,
Ал айтканы чын экен!
Мени кудай урчубу,
Мындай кордук болчубу?
Алдын тосуп албасам,
Жалгызек мойун бурчубу?
Калкымдын баары бөлүнсө,
Карыганда Бакайдын,
Көзүнөн жашы төгүлсө
Он тогузда Байтайлак,
Бөөдө өлүп көмүлсө.
Эрдигим менин бекер - деп,
Эл бузулуп кетер - деп.
Энөөлүк кылып мен жүрсөм,,
Эли-журттан айрылып,
Эми айлам нетер -деп.
Эрдик кылып жоо сайсам,
Элим көрөт пайдасын.
Кантип элди унутам,
Кошун курап, кол жайган?!
Коңурбайга айдадым,
Кетенчиктеп тартынбай,
Зор душманга барганын.
Тайанып элдин күчүнө,
Ал душманды алгамын.
Жалгыз жүрүп жоо алып,
Жалгыз көздү сойдум -деп,
Көтөрүлүп көңүлүм,
Көйрөңдөнүп алганым,
Эл-журттан чыгып калганым,
Анык болду бүгүн эң!» -
Деп, Семетей ачынып,
Хан Бакайга карабай,
Караганга жарабай:
«Айланайын, Гулчоро,
Өзүң билгин калганды,
Баланы таза жууп кой,
Аруу менен бууп кой.
Абамды капа кылбагын,
Азыр кызмат кылайын.

www.bizdin.kg

Айтканы ката кетпеген,
Касиеттүү эр эле,
Каргап мени салбасын».
Гүлчорого тапшырып,
Жүрүп кетти Семетей.
Бастырып кете берерде,
Гүлчоро туруп муну айтат:
«Күлгүнүм, абам - деп айтат.
Жан айабас эр эмес,
Жалгыз жарым барганда,
Тирүү келчу жер эмес.
Келген окшойт Кожожаш,
Ал Шыпшайдардан кем эмес!
Аткан октон ал жазбайт,
Мылтык атып, жаа тартса,
Тиктегенин жер жаздайт!
Огу өтпөй калбайт - деп,
Олпогуң тоскоол болбойт - деп,
Койгун, аба, койгун - деп,
Айчүрөк жеңем, кайдасың,
Аккуу кебиң кийгин - деп!
Жайдын тилин билчү элең,
Күндү жайлап учкун -деп.
Байкап көрчү асмандан,
Жыйылган калмак калктардан.
Чогулушкан топ барбы?
Сейрек турган эл барбы?
Жалгыз турган жан барбы?
Кемеге казып, от жагып,
Түтүн салган хан барбы?
Байкап көргүн жеңе» - деп,
Гүлчоро айтып салганы!
«Бийликти бердим сага» - деп,
Эми эле айткан Семетей,
Бастыра албай калганы.
Бакайдын турбай жанына,
Канчорого барганы.
Ал Канчоро баатырдын,
Колу сынып кокуйлап,
Колтуктап колун олтурат.
Семетейди көргөндө,
Тетири артын ал карайт.
«Арбагым качкан белем» - деп,
Жалгызекке барды эле,
Жаалысы катуу Жалгызек,
Бура тартып кетти эле.
Шашылып калды канкоруң,
Журт жайкаган анткоруң.
«Сары абам көөнү жай бекен,
Көрбөгөлү көп болду,
Сагынып мага зар бекен?»

www.bizdin.kg

Буурул менен булкуйуп,
Сары ханга барды эле.
Салам айтса алик жок,
Сагынмак турсун Семеңе,
Сары хан көзүн салган жок.
Сары ханга кеп кылбай,
Салпыйып Семең шылпыйып.
Алдымдагы Буурулду,
Бастырганда кындыйтып,
«Хандардын баары таарынып,
Калган экен мага» - деп.
Гүлчоро сөзүн унтуптур.
«Мен кирейин, аба - деп,
Күч кылайын мында» - деп.
- Буурулдун башын буруптур,
Кылычын кындан сууруптур.
Чымындай жанын айабай,
Өлөмүн деп санабай,
Кайнаган калың калмакка,
Кара бойун уруптур.
Урганда жакшы болгон жок,
Калмактын ханы Усаңген,
Найзасын күүлөп булгалап,
Семетейди качырды.
Усаңген үнүн укканда,
Өзү бала Кожожаш,
Көрөгөн көздүү кара көз,
Жааны кармап, ок тиштеп,
Семетейди атты эле.
Жаанын огу жетти эле,
Ок өтпөс буулум Аколпок,
Дал болуп тешип өттү эле.
Учу этке жетерде,
Тепчий өтүп кетерде,
Шай колдогон түгөнгүр,
(Айткан сөзүм күмөндүр) Колдобосо неткени,
Колдоочусу баабедин,
Кызыл бала жыланач,
Шашылып буга жеткени.
Кирип жаткан окту ал,
Бойунан кармап кеткени.
Жанып жерге ок түштү,
Жаанын огу бош түштү.
Жолугушар киши эмес,
Жоонун жайы эң күчтүү!
Баабедин менен иши жок,
Коруп турган киши жок.
«Ок өтпөйт экен буга» - деп,
Кезеген огун имерип,
Тай буурулга Кожожаш,
Тайсалдап туруп атты ок.

www.bizdin.kg

Семеңдин жаны тыныптыр,
Буурулдун буту сыныптыр.
Шыйрагынан үзүлүп,
Тарамышы кыркылбай,
Тай буурул калды тим жылбай.
Кеткенин билип Гүлчоро,
«Бул кошулуп өлөт - деп,
Анан кимди көмөм -деп,
Байтайлакты элдерге,
Муну алсаңар белем» - деп. -
Кечикпей Гүлүс бат жетип,
Атадан калган сур жебе,
Ага кездеп ок салып,
Атайын деп калмакты,
Эр Гүлчоро бел байлап.
«Көрүнөр бекен Чүрөк» - деп,
Көктү тиктейт көз жайнап.
Көктү чолуп Айчүрөк,
Баарын көрүп туруптур.
Булутту сөгүп бөлүнттү,
Гүлүстөнгө караанын,
Өзү Чүрөк көрүнттү.
Элдир-селдир чогууда,
Тизилип турса сабында,
Жаман чапан бир киши,
Элдин арка жагында,
Кемегеси жанында.
Болжолдоп Чүрөк желегин,
Ошо жакка ыргады.
Семетей менен кери жок,
Эр Гүлүстөн чоронун,
Билбей турган кеби жок.
Билгени немей неткени,
Адырды көздөй бет алып,
Салып чоро кеткени.
«Канкорум кордук көрдү» - деп,
Кошойдун уулу Жалгызек,
Салган бойдон жеткени,
Туугандан кечкен кызталак,
Кандуу калпак кийсе да,
Кысылганда чын карайт.
Асили кыргыз уругу,
Ал карабай ким карайт?
Калмак Саңген капырды,
Кан ичме жинди чакырды.
Кайра тарта бергинче,
Семетейге келгинче,
Сайып өтө берди эле,
Бура тартып алгыча,
Бурулуп найза салгыча,
Усаңгендин Жалгызек,

www.bizdin.kg

Башын кесип алгыча,
Жаанын огу жеткени.
Оң карыга ок тийип,
Сооту жок жерге нак тийип.
Күүлөнгөн огу шак тийип,
Колу сынып жок болду,
Качырып жоого сак кирип.
Ошо кезде Гүлчоро,
Көрүп калды караанды.
Бер жагында уч саптан,
Кезеген жаадан ок тартты.
Пар келтирип тушуна,
Баатыр Гүлүс шок тартты.
Бура тарта бергинче,
Кожожаштай мергенди,
Тоңкойтуп жерге кулатты.
Бир атпады үч атты,
Айагында күч атты.
Калмактын мерген беренин,
Кара жерге сулатты.
Калка болгон калмакка,
Кожожашты кулатты.
Күчү тоодой күркүрөп,
Күрдөлүү туулган түгөнгүр,
Кара бойун чыйратты.
Алдындагы Сур атты,
Камчы берип кырдантты.
Гүлүстөндүн камчысы,
Күүсү менен тийгенде,
Учуп кетти Суркойон.
Учпаганда неткени,
Ортодо турган Жалгызек,
Жөө калганы Семетей,
Жаралуу болгон эрлерге,
Көз ачкынча жеткени.
Жалгызек колу сынганда,
Буурулдун буту сынганда,
Жалгызек менен Семетей,
Өлүмдү алып мойнуна,.
Жалынып акка турганда.
«Экөөнүн башын тең кесип,
Алып кетсем белем» - деп,
Баатыр калча Усаңген,
Атынын башын бурганда.
Учкан куштан Гүлчоро,
Утур келди ушуга.
Найза карма чыңдаган,
Сайганын жыкпай калбаган.
Кылыч кармап кырдаган,
Балта кармап кезгерген,
Кеткен эмес илгертен,

www.bizdin.kg

Кез келгеп адам тук эсен.
Куйгултуктуу Гулустон,
Кулугун мыктап жугурткон.
Кокулун кокко шуйулткон,
Куйругун бекем туйулткон.
Тилин олчоп соз алган,
Асманда жургон кунурттоп,
Мокубалдуу найзасын,
Булгап колго алганы.
Бура тарта бергиче,
«Чарайнанын чети - деп,
Алтын ээр кашы - деп,
Табарсыктын башы - деп,
Кулдун, олор жери ушу»
Как бооруна муштады.
Муштаганда откону,
Аркасынан коройуп,
Найза чыга тушкону.
Куулуу найза жетиптир,
Эки кабат темир тон,
Талкалап отуп кетиптир.
Кужурлуу туулган Гулчоро,
Куусу менен куркуроп,
Коргондун бойу дуркуроп,
Сийдиги агып буркуроп,
Калмактар качып сыйлыкты,
Бир четинен дуркуроп.
Астына салып калмакты,
Айдап кетип баратат.
Курзу кылып Саңгенди,
Жайлап кетип баратат.
Эр чырагы эки коз,
Мандайында жалтылдап,
Жайнап кетип баратат.
Усаңген онтоп жалынып,
Сайрап кетип баратат.
Буурулу аксак жетелеп,
Семетей басып энтелеп.
Колу сынып Жалгызек,
Мине албай атка сендиреп.
Жаралуу болгон Канчоро,
Карап турат эндиреп.
Катып турат хан Бакай,
«Жалгыз уулум олду - деп
Ажыдаардай бул душман,
Элге кайдан келди» - деп.
Сурдуго эли бергенде,
Буурулдуи буту сынганын,
Анда Бакай корду дейт.
«Аттын буту сыныптыр,
Арстандын жаны тыныптыр

www.bizdin.kg

Өлсө өлгөндүр Байтайлак,
Арстандын алы кандай» - деп? –
Байтайлакты унутуп,
Семетейге кайгы жеп.
«Караан болбой калкында,
Канчоро жатып алды - деп,
Жалманбоз турат майданда
Жалгызек кайда кеткен» - деп. –
Белине таңуу бектерди,
Эми Бакай хан эстеп.
Ырысына жараткан,
Илгеркинин карысын.
Намыс учун жараткан,
Жаш уландын баарысын.
Байтайлакка карабай,
Майдандагы чорого,
Салып Бакай бaратат.
Бозжорго менен алкылдап,
Семетейге хан Бакай,
Кирип келди жакындап.
Ачуусу келген Бакай хан,
Кандуу найза салат, бейм.
Өлтүрбөсө да бул абам,
Өзүмдү жара кылат, бейм?
Семетей турат муну ойлоп,
Жалгызек дагы аны ойлоп.
Бирок жетти Бакай хан,
Жаңыдан акыл кеп ойлоп: «Канкорум, шайык нетти -деп,
Тай буурул аксак көрүнөт,
Не калба болуп кетти - деп?
Арстаным, шайың нетти - деп,
Атың аксак көрүнөт,
Азап күн кайдан жетти - деп? -
Жалгызекти имерип,
Каңкорго айткан сөздөрүн,
Талаага таштап жиберип.
- Кулак сал, бала, сөзүмө,
Не калба болду өзүнө?
Шалпайыңкы көрүнүп,
Калыптырсың, көзүмө.
Өлсө жалгыз, ким өлдү,
Кабылан арстан Жалгызек,
Ким көргөн мындай күндөрдү?
Каптап калмак кетпесин,
Куткаргыла көп элди!
Калың элден айрылсак,
Калганга кыйын иш болот!
Жалгызынан айрылган,
Карып калган Бакайга,
Калдайган кара кыш болот!
Эркин өткөн жыргалда,

www.bizdin.kg

Элдин баары кор болот.
Башканын көзүн карашып,
Балдардын баары зар болот.
Басарга жолу тар болот,
Байланып колу шал болот!
Таарынчыны койуңар,
Таарынбаймын мен Бакай!
Бузук кыйал болбосун,
Күнүмдүгүн карабай,
Түбөлүгөн ойлосун!
Айдалып кетсе байкуш эл,
Көзүнөн агып кандуу сел,
Оодарылып жата албас,
Айкөл Манас баатыр шер!
Манастан тукум бар туруп,
Карыган Бакай мен туруп,
Алп Жамгырчы хан туруп,
Жалгызек баатыр, сен туруп,
Эки чоро шер туруп,
Элди эстебей балам -деп,
Бышактап ыйлап мен туруп.
Чаптырып ийсек Таласты,
Айдатып ийсек алашты.
Кара кыргыз уругу,
Кабылан Кошой ханымдын,
Алмамбет, Чубак залымдын,
Ажыбай, Сыргак баатырдын,
Арбагына чет болуп,
Кантип бетин көрөбүз?
Мындай наам алгыча,
Салышып жатып өлөбүз!
Көргүлүктү көрөлүк,
Урушуп жатып өлөлүк.
Өлсө өлгөндүр Байтайлак,
Эл тынчытып көмөлүк!
Сырдаган Коргон кур калса,
Зыркырап эмчек сыздаса,
Чыркырап бала ыйласа,
Мөкчөйүп чалдар муңканса,
Туулбай туна чөккүн - деп,
Тукум болбой өлгүн - деп,
Арстандын калып артында,
Мындай кордук көрдүк - деп.
Ак чачтуу кемпир каргаса,
Ак калпак кыргыз элим - деп,
Ак шумкар шаңшып үн салса.
Алашым кайда кеттиң - деп,
Кош жаңырык үн салса.
Ала-Тоо какшап муңканса,
Сабалаган эркиндеп,
Залкайган кыргыз элим - деп,

www.bizdin.kg

Асманда булут сумсайса.
Караңгыда нур чачкан,
Баскан кыргыз жол тапкан.
Кайран журт кайда кеткен -деп,
Каалгып ай чыкпаса.
Кубат берген баарыга,
Кубанткан жанды жарыкка.
Курдашым Манас баатырдын,
Кураган эли кайда - деп,
Орноткон тагы кана - деп,
Күн көшөгө тартынса.
Куу инген кетсе букулдап,
Көлдөкү куулар кукулдап.
Куу тайган кетсе кыңшылап,
Тулпарым кетсе азынап,
Ушулардын убалы,
Канткенде бизди соо кылмак?!
Эл ичинен эр туулат,
Элин сактайт туу кармап.
Эли үчүн эр өлөт,
Эбегейсиз шер өлөт.
Эр өлбөсө, эл өлөт,
Эри өлсө, эл көмөт,
Эл болбосо ким кемет?!
Кайраты толук азамат,
Ушундайда көрүнөт.
Чырпыгы сынса, чынардын,
Жаз менен жана көгөрөт.
Буурулдун бутун таңгыла,
Калмакты сайып кыйратып,
Калганды сактап калгыла!» -
Жалгызынан айрылып,
Кан түтөп ичтен кайгырып.
Хан Бакай турса муну айтып,
Жалгызек ойлоп муңайып:
«Кагылайын, абаке,
Карагын менин өзүмө.
Калмак Саңген баатырды,
Көмө сайар кезимде,
Учурадым кесирге.
Калмактап мерген жеткенби,
Аткан огу туш келип,
Каруумду үзүп кеткенби?
Унутпаймын, абаке,
Сенин карылык сөзүң эстелди!»
Каары кайнап кулбөгөн,
Өрттөнгөн токой түрдөнгөн,
Канкордун уулу түгөнгүр,
Күнгүрөнө сүйлөнгөн:
«Айланайын, абаке,
Буурул атка ок тийди.

www.bizdin.kg

Болбоду шайым тим эле,
Аттан мурун маа тийди.
Аколпок тешип өтпөдү,
Тешүүгө күчү жетпеди.
Жаанын огу жарылып,
Жерге түштү кептенди».
Канкордун кебин укканда:
«Катыгүн, балам, не дейсиң,
Тепчип кеткен ок жанып,
Билбей калган белемсиң?!
Ачуулуу келип, мас болуп,
Жаралуу калган кезиңде,
Акылыңа, Жалгызек,
Илбей калган белемсиң?!
Кайсы жерге тийди эле,
Ок тийген жерди көрөйүн?!» -
Олпокту барып караса,
Ок өтүптүр ушунда..
Темир соот күрөкө,
Так өтүптүр ушуга.
Бакайга даана көрүнүп,
Олуйа келди алдына,
Жылаңач бала дубана.
«Арстан эрге кайгы жеп,
Аткан ок тепчип жетерде,
Ашыгып араң жеттим - деи,
Тасмасынан чың, кармап,
Тартып салып кеттим» - деп.
Кобурап бала суйлөдү,
Семетей менен Жалгызек,
Үнүн укту баланын,
Көрө албады караанын.
Сергек туулган Жалгызек:
«Абаке, жакшы билгин - деп,
Кужурлуу туулган Гүлчоро,
Куткарып калды бизди - деп.
Усаңгендей баатырды,
Кан ичме жинди капырды,
Найзага илип кетти - деп.
Көтөрүп алып капырды,
Чокмор кылып жакырды.
Калмактын калың кошунун,
Аралап кирип кетти - деп.
Бизге тийген жебени,
Ага да атты бекен - деп?
Эми айласы нетти - деп,
Колу сынып Канчоро,
Жарадар болуп кеткен - деп.
Арстанга жардам кыларга,
Калган эмес бектен» - деп.
Анда айтат хан Бакай:

www.bizdin.kg

«Баарыбызды кыйраткан,
Бел коргондо Шыпшайдар,
Калмакча аты Шыпшайдар.
Эл койгон аты Жойкара,
Ошонун уулу Кожожаш,
Келгени, бейм, ант ургур.
Эреӊдерди кыйратып,
Сойгону, бейм, мант ургур.
Эми билдим баатырлар,
Башын кесип кетуучу,
Баатыр эмес Усаӊген.
Аткан экен Кожожаш,
Азапты салып бул башка.
Гүлүстөн кетсе алыска,
Гүлүстөндөн айрылсак,
Ким жарайт эми намыска?
Жарар бекен Айчурөк,
Аркасынан барышка?»
Бакай абаӊ муну айтып,
Эки эренге жай айтып.
Берендерди ээрчитип,
Коргонго барып кирди эми.
Өзү Бакай табыпкер,
Жалгызек менен Канчоро,
Шыпа кылып колуна,
Салгын деп кудай оӊуна.
Тай буурулдун шыйрагын,
Буулум менен чырмады.
«Чиритпей өзү сактайт» - деп,
Алтындан шакшак кылганы.
Каде менен оротуп,
Хан Бакайдын таӊганы.
Алдырып келди талаадан,
Арстан Тайлак баланы.
Айчүрөк учуп асмандап,
Гүлчоро кеткен кол айдап,
Андан кабар ким алат?
Бararга киши жок болуп,
Баралбай кыргыз токтолуп.
Жүз отузда бул кезде,
Баруuга турду камданып,
Эр Жамгырчы козголуп.
Ал Жамгырчы баатырдын,
Минген аты Уларбоз,
Салынганы байандоз.
Саадагын алып байланбай,
Колуна кармап найза албай.
Кайда терек, тал болсо,
Жулуп алчу тайманбай.
Ошону менен жоо алган,
Илгертен берки адаты.

www.bizdin.kg

Карылык менен кери жок,
Ойуна түшүп санаты.
Уларбоз менен аргытып,
Алчактап кетип баратты.
Муну мындай таштайлы,
Жубатай менен Гүлчоро,
Жоругунан баштайлы.

www.bizdin.kg

# ГҮЛЧОРО МЕНЕН ЖУБАТАЙДЫН КАРМАШУУСУ

Калмактын иши тез болгон,
Алп жамгырчы баатырга,
Бир бала жолдо кез болгон.
“Өзүң чоочун баласың,
Кайсы жакка барасың?
Кабыландай жаш бала,
Кабарың айта саларсың”. –
Анда бала кеп айтат:
“Өзүң кары аксакал,
Жүрдүң кайда – деп айтат?” –
“Мени койуп сен бала,
Өзүңдүн айтчы кабарын,
Чыныңды айтпай сен койсоң,
Көмө чаап саламын!”
Бурулбай бала бастырып,
Бура тарта берерде,
Эр жамгырчы баатырың,
Шамдагай эле эң эле,
Бура тарта бергинче,
Этегинен кармады.
Карыса да эрлик чоң,
Камгактац эңип алганы.
Корkконунан чыдабай,
Колго түшкөн байкуш жан,
Бала сөзүн баштады,
Бар сырын айтып таштады:
“Алдыга Саңген кеткен – деп,
Алып кегин кабар – деп, -
Жубатай мени жумшады.
Айдама кошун кол келет,
Ар жагында бул кырдын,
Калмактын колу мол келет.
Келип калса кыргыздан,
Кимиси ага тең келет?!” –
Жашырбай баарын чын айтып,
Жаш бала тилин безенет.
Баланы кармап ныктады,
Кулагын кесип алганы,
Жаагын канган чыктады.
“Колуңа, бала, алгын – деп,
Алп Жамгырчы кылды – деп,
Жубатайдай баатырга,
Жашырбай айтып баргын” – деп, -
Кулагын берип колуна,
Баланы салып жолуна.
Алласына сыйынып,
Баштагын кудай оңуна,
“Мурун мындай жок эле,
Жаңы чыккан эр окшойт,

www.bizdin.kg

Жабуу болгон Жубатай,
Кадайын найза бооруна”.
Эки жагын каранып,
Эр Жамгырчы карыйа,
Ээрди-башын жаланып.
Түптүү турган чынарды,
Түбү менен бут бойдон,
Суурул колго аны алып.
Нуру кетип бетинен,
Кубат кетип белинен.
Кайрат кылып чыкса да,
Карылыгы билинген.
Кайкалаган кайран эр,
Кабыргадай ийилген.
Оозунда жалгыз тиши жок,
Алдыңкы ээрди келпийип.
Эрликти бербей колунан,
Эр Жамгырчы диңкийип.
“Бала алдыга кетти – деп,
Кабарды айтып жетти” – деп.
Өзүнө берип кайратты,
Келип калган окшонот,
Кайрат кылар убакты.
Такоол кылган Буурулдун,
Талкалап бутун кыйратты.
Ээн талаага таштады,
Семетейдей чыйракты.
Карып калган Бакайдын,
Башын кесип уулунун,
Кайгыга салып ыйлатты.
Усаңгендей баатырды,
Гүлчоро сайып кулатты.
Кожожаштай мергенди,
Жебелеп жерге сулатты!
Баарын алып ойуна,
Карысаң да Жамгырчы,
Эми кылгын кайратты!
“Гүлчоро келер бекен – деп,
Элди көрөр бекен – деп?
Келип калса Коргонго,
Изимди кууп келер – деп.
Өлбөй калса Кожожаш,
Гүлчородой чунактын,
Табар бекен убактын.
Гүлүстөн жерди тайанса,
Тагдыр ошол, кудурет,
Баарыбызды кууратгың!” –
Деп, ошентип Жамгырчы,
Түптүү чынар өнөрүп,
Эрлигин бербей колунан,
Карыса да күркүрөп,

www.bizdin.kg

Өргө келсе күрс этип,
Демик алып жөтөлүп.
Жөтөлгөндө күч келип,
Карылык эмей неткени,
Токтоло калып, дем чыгып,
Антип-минтип Жамгырчы,
Белге келди тер чыгып.
Үч-Кошойдун алкым таш,
Алды бөксө, жери саз,
Жаткан экен калың кол,
Жайбаракат каз канат.
Кайкыдан чыгып караса.
Байакы бала баратат.
Барып бала буркурап,
Жубатайга зыркырап:
“Буйрунуңа тез болдум,
Наркы каптал бөксөдө,
Карыган чалга кез болдум,,
Жолуккан чал кеп сурайт,
Барасың кайда, - кеп сурайт.
Түз жообумду бербедим,
Салам айтып койбодум.
Карып калган абышка,
Канчалык – деп – ойлодум.
Көзүмө илбей ал чалды,
Кордук көрүп сойлодум!
Бура тарта бергинче.
Өзүмдү алып өңөрүп,
Такымына басканы,
Ээрге башым жаздады.
Кордукту салып башыма,
Кулагым кесип таштады.
Кулакты берип колума,
Баргын – деп, - бала жолунда,
Жашырбай, бала, айтып бар,
Жубатай деген чоңуна.
Деп, чунак чал кутурган,
Койо берди жолума.
Таап келген кебим бул,
Кулагыман айрылып,
Алдыңа келген ишиң бул.
Карыдан келип бел жакка,
Көз жиберсем ал жакка.
Кудай урган ал чалдын,
Кылбаган иши калбады,
Өнүп турган чынарды,
Кармап туруп белинен,
Түбүнөн жулуп алганы.
Өңөрүп алып чынарды,
Атын жолго салганы.
Келе жатат артыман,

www.bizdin.kg

Салам-деп - биз калбаны!"
Жоонун жайын укканда,
Жубатай турбайт кубанбай,
Анын жайы момундай,
Алп туулган Жубатай,
Кытай менен калмактын,
Кошулушкан жеринде,
Койбой баарын жыкчу эле,
Күрөш кылган кезинде,
Балбанды жыгып, байге алган,
Эрди сайып даңк алган.
Коңурбай менен Эсен хан,
Жеңилип андан таң калган.
Ошол эрдигине ишенип
Жоо дегенде кубанган,
Жамгырчы жайын укканда,
Камынбай буу да турбаган:
"Кошуну жок бир чалдын,
Өпкө, боорун тешейин,
Көрсөтүп туруп өзүнө,
Бөйрөк майын эзейин,
Чоң кесеге толтуруп,
Жүрөк канын ичейин,
Айтканымды кылбасам,
Жубатай болбой кетейин,
Усаңгендей баатырдан,
Анан кабар албасам.
Жебе тартса жазбаган,
Кожошаш баатыр бар болсо,
Усангең менен Жубатай,
Биригип экөө баш кошсо.
Томкорулат Семетей,
Болсо да аскар, бийик тоо!"
- Деп Жубатай күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп.
Доолбасы кагылып,
Калмактар атка жабылып.
Жебе, жасын асынып,
Дүрдүгүшүп калышты,
Орчун колу камынып.
Ал аңгыча жакындап,
Карыса да Жамгырчы,
Жетип барды чамынып.
Жамгырчынын көргөнү,
Көк чынарды өнөргөн,
Эрдик артык көгөргөн.
Элден башка дөө экен,
Байкап көрсө Жамгырчы,
Киши эмес дөө экен,
Келе жатса ыраактан,
Аты жок өзү жөө экен.

www.bizdin.kg

(Өңүрүп алган чынары,
Көрсөтпөй атын далдалап,
Жөө сыйактуу көрүндү).
Каранын аны көргөндө,
Жубатай көөнү бөлүндү.
Талдужал деген аты бар,
Өөрчүп турган Жубатай,
Жаш баладай салты бар.
Бастырып чыкса түгөнгүр,
Найза колдо жалтырар,
Карыса да Жамгырчы,
Кайдан мындан тартынар?
Маңдайлашып жатканда,
Кылычтап кырып калмакты,
Айдап койдой кырдыртып,
Алып башын сыдыртып,
Гүлчоро келген чагы бар.
Ошол жерде Гүлчоро,
Учурашкан жайы бар.
Усаанкеңдин колунан,
Эр көкүрөк зорунан,
Тирүү койбой сойуптур,
Кишинин жеп ич майын,
Ал Гүлүстөн тойуптур,
Калган журттун бөлүптүр,
Атпай уулу кыргызга,
Малай кылып бериптир.
Ошондой кылып таратып,
Кенколду көздөй бет алып,
Кайра жаанып бериптир,
Аз күн болгон кеткени,
Арада өргүп күн өтпөй,
Ал кошунга жетиптир.
Калмактын элин таныбай,
Кайсы экенин биле албай,
Карап турдуп мамындай,
Кыйа тартып өткөндө,
Жамгырчыны тааныды,
Муну ойлоп налыды.
“Усангең сайдым эр бүктөп,
Кожошаш өлдү жер жыттап,
Колун айдап кыргынга,
Калган колун калмактын,
Кыргызга бөлүп тыңгынча.
Дагы артынан калың кол,
Келген экен кыргызга.
Алп Жамгырчы келиптир,
Караса да ал мында,
Эр Семетей Жалгыз эк,
Кайраттуу баатыр Канчоро,
Карыйа Бакай абакем,

www.bizdin.kg

Өлгөн белем чынында?!
Калган элем ал элде,
Алп Жамгырчы карыйа,
Жалгыз өзү ырымга?"
- Деп, ойлонуп Гүлүстөн,
Уруш десе күч алып,
Күүсү жанбайт бир иштен.
Тамак ичсе ичпесе,
Тамай отуз күн жүрсө,
Карды ачканын билбеген.
Кара суу келип оозунан,
Өзөгү ооруп жүрбөгөн.
Өткүр туулган чунагың,
Өрчүй берет дембеден,
Жоону көрсө Гүлчоро,
Кара бойун чыйраткан,
Пендеде мындай берең жок,
Кайраты чыйрактан,
Канжыгага калдайтып,
Усаңген башын байланган.
Беттешип келген пендени,
Бекер койбой жайлаган,
Чынкожонун сойгон кул,
Чын кан кумар болгон кул.
Толтойдун ичин жарган кул,
Боорунан өтүн алган кул.
Усангендей калчанын,
Башын кесип келген кул,
Кожожашты жайлаган,
Атып көзгө кандаган,
Калың колун калмактын,
Жуушатып койдой жалмаган,
Катылышкан ушуга,
Тирүү пенде калбаган,
Кайраты  артык эң чыйрак,
Карылуу баатыр, бир балбан.
Жамгырчыны көргөндө,
Жаны чыгып абыдан,
Ачууланып айкырып,
"Абакелеп" бакырган,
Укпаганда абышка,
"Жамгырчы – деп чакырган,
Алдындагы Сур атка,
Эңкейишти камчы уруп.
Жакын жетип барганда,
Жалт этип карап Жамгырчы,
Гүлүстү көрө салганда
Жиберди күлүп борсулдап:
"Айланайын Гүлүс, ай,
Билесиң кыйын жумуш, ай.
Буурулудун буту сыныптыр,

www.bizdin.kg

Семетей жаны тыныптыр,
Хан Кошойдун жалгыз эк,
Колу сынып карыдан,
Тынды жаны абыдан!
Карала атка ок тийди,
Канчоронун колуну,
Шакшагынан сындырып,
Жаанын огу бек тийди!
Өзүң барсың ал кезде,
Байтайлак баатыр өлгөндө.
Өзүң кирип ортого,
Өткөрүп найза бооруңа,
Күрзү кылып Усанген,
Аралап калмак кеткенде,
Артыңан издеп келе атсам,
Алды жаккы бөксөдө,
Алдыман чыкты бир пенде.
Атымдын башын бурадым
Анын дайнын сурадым.
Карыган чал дегенсип,
Мага жооп кылбады,
Кармап алып колума,
Аны басып боорума.
Кесип алып кулагын,
Карматып койуп колуна,
Анан сөзүн сурадым.
Корконунан чын айтты,
Усангендин артынан,
Келатам деп сыр айтты.
Келе жатат кошун – дейт,
Жубатай менин чоңум дейт.
Баркына пенде чак келбес,
Баарынан ашкан зорум – дейт.
Койо берип баланы,
Колума алдым чынарды,
Арбак оңдоп ишимди,
Жолуман сени чыгарды.
Кагылайын, Гүлүстөн,
Кабагың ачык пендеден,
Белиңди салып, бекем ук,
Айткан абаң кебин сен.
Кой – деп, мени торгобо,
Алп Жамгырчы, тирүү деп,
Тегеле, балам, ойлобо!
Үйдө жатып өлгөндө,
Катындар олжо бөлгөндө.
Жамгырчы жакшы болобу?
Жаратсандын өкүмү,
Жашырган менен болобу?
Үч ай мурун түшкөрдүм,
Түшүмдө жаман иш көрдүм.

www.bizdin.kg

Айдама кошум кол көрдүм,
Алп чынар өңөрдүм.
Элди козгоп сүргөмүн,
Айдап колун жүргөнмүн,
Как ошентип жүргөндө,
Көөдөнгө найза аралап,
Көкүрөктөн кызыл кан,
Көп куйулган салалап,
Ал аңгыча көп дөбөт,
Туш тушуман камалап.
Актан кийдим кийимди,
Акырет жакын болуптур,
Анык билдим өлүмдү,
Эштектер элим болголу,
Жамгырчы атка конголу,
Тоодой кылдым талапты,
Колума албай жаракты,
Капыр менен мусулман,
Кошул жерди жаратты,
Кечээ кең Бейжинге барганда,
Карымдан кытай жадашып,
Калганга атым дайындуу.
Беш сапар сайдым калмакты,
Элге кылдым санатты,
Бүгүн кылып турамын,
Акыреттик талапты,
Үйдө жатып өлбөйүн,
Кордукту балам, койбойун.
Өмүрүмдүн акыры,
Шейит болуп өлөйүн!" –
Деп, ошентип Жамгырчы,
Атынын башын бурбастан,
Айал кылып турбастан,
Бастырып түз чыккан,
Камынган калмак турбады,
Кара бойун чыңдады:
"Калың калмак эл өлбөй,
Карагай найза өңөрбөй,
Же, карыган чал, сен өлбөй,
Же кан жүткүрүп мен өлбөй..." –
Деп, ошентип Жубатай,
Кайрат менен жөнөдү,
Көп найза алыптыр,
Күркүрөгөн Жубатай,
Күүлөнүп жөөнөп калыптыр.
Ал аңгыча алдынан,
Гүлчоро жете барыптыр:
"Койгунуң, аба, койгунуң,
Сабырды азыр кылгының!
Алдыңдагы чорого,
Бата берип тургунуң,

www.bizdin.kg

Атыңдын башын бургунуң!
Ушул жерде сен өлсөң,
Таштай албай сөөгүңдү,
Айланып сага өкүрсөм,
Жаштан өлсө Байтайлак,
Карыдан, аба, сен өлсөң,
Кандай болот алыбыз,
Кары жашнн тең өлсөң?!
Жаздыктанып жай жатып,
Жакшы болот өлгөнүң.
Кудай ажал бербесе,
Күн жарыгың көргүнүң!"
А а Жамгырчы болбоду,
Жолун тосуп торгоду.
Жоокер кары болбоду:
"Менден бата алганда,
Беш болобу бир жаның?!
Он болобу бир башың,
Өмүрүң узун болсун – деп,
Эми да бата берейин.
Өлсөм да арбагым,
Жөлөк болуп жүрөрмүн,
Кыйын болсо Жубатай,
Кыйындыгың көрөйүн,
Ажал келсе кудайдан,
Акыретке жөнөйүн,
Кой, балам тоспо жолумду,
Шейит болуп өлөйүн!
Болбой койду Жамгырчы,
Күүлөп найза өңүрөп,
Күркүрөгөн Жубатай,
Көз жиберсе Гүлчоро,
Мурун жоону көп көргөн,
Сүрдүү экен Жубатай,
Адамдан башка айбаты,
Түрдүү экен Жубатай.
Кийгени темир үч кабат,
Ал тышынан кийгени,
Адамдан башка жети кат,
Ошонун баарын көтөргөн,
Күчтүү экен Жубатай.
Атасы чыккан эр эле,
Ал Коңурбай баатырга,
Арка болгон бел эле,
Качан буга тең эле?
Ажал жетип күн бүтсө,
Азыркы өлүм жакында,
Көрүнүп турат дегеле,
Кудай өзүң колдой көр,
Баргын, аба, деди эле.
Караанын калмактын,

www.bizdin.kg

Эр Гүлүстөн ошондо:
«Кадыр алла кудурет,
Качан түрдүү жан кылдың,
Кээ бирөөнү хан кылдың,
Кээ бирөөнү зар кылдың,
Кай бирөөнү чоң кылдың,
Кай бирөөнү кор кылдың,
Бирөөнүн ишин оң кылдың,
Бирөөнүн ишин сол кылдың.
Өкүмүң ушул, жараткан,
Бул өңдөнгөн калмакка,
Менден бакыр кулуңду,
Өзүң айдап туш кылдың!
Жай ордуна кыш кылдың,
Жаз ордуна күз кылдың,
Жазында жерден өндүрүп,
Күзүндө эгин бышырдың,
Калмактардын элинен,
Качан муну чыкырдың?
Көрбөдүм, уктум укмуштан,
Хан атамдын тушунда,
Макил дөөнү чоң кылдың,
Алмамбет менен Чубакка,
Ээн талаада кор кылдың.
Эркиң менен иш кылдың,
Буга окшогон калмакты,
Карыбыңа туш кылдың,
Каары катуу күч кылдың,
Аскалуу тоону түз кылдың,
Элким жүргөн кулуңа,
Келе сооңду туш кылдың!»
Деп ошентип Гүлчоро,
Жаратканга жалынып,
Үстүнө олпок жабынып,
Суркойон минип болкойуп,
Сыр найзаны колго алып:
«Абакем болсо жаралуу,
Жалгызэк менен Канчоро -
Буларда жатса жаралуу,
Бакайдын ичи от болуп,
Жүрөгү болсо жаралуу,
Эр Жамгырчы абамдын,
Керээз кеби бу болсо,
Кеңгирип келе жатканда,
Мындай жанга туш болсо».
Деп ошентип Гүлчоро,
Көңүлү жашып турганда,
Жоону көздөй бет алып,
Жамгырчы атын бурганда,
Эси кетип көз жайнап,
Эми чоро турганда,

www.bizdin.kg

Өзүңчө туруп чоронун,
Эт жүрөгү элжиреп,
Бүткөн бойу делбиреп,
Уйкусу келип жаткансып,
Кетип барат мемиреп.
Как ошондо жанына,
Сары ала атчан бир киши,
Салып жетип келди дейт,
Келген киши кеп айтат:
- Тааныдыңбы? - деп айтып,
Таанныбайсың мени сен,
Тирүүмдө мени көрбөдүң,,
Күрпүлдүктө бир көрдүң.,
Мен Алмамбет – деп айтып,
Колунан кармап Гүлүстөн,
Колумдун күчүн бердим дейт.
Башынан сылап Гүлүстүн,
Барлык күчүн бердим дейт,
 Белдүү болгун, улуум -дейт
Кубаттуу болсун мунуң – дейт –
Ошону айтып жарк этип,
Кубулу кетти жалк этип,
Көз ачылып чороңдун,
Күчкө толуп карк этип.
Эр Гүлчоро караса,
Алп Жамгырчы жетелек,
Ойунда Гүлүс сүйүнүп,
“Атакем колдоп кетти – деп,
Менменсинген Жубатай,
Жерге башы жетти – деп,
Жетпегенде нетти” – деп?
Белин байлап бекемдеп,
Жан жагын карап элеңдеп.
Жаш Гүлүс турду ошондо,
Кубанып жаны эреркеп,
Оолугуп алган карт баатыр,
Олпогун оңдоп кийди эми,
Тоодой болгон күлүккө,
Токто кылып турбастан,
Томукка камчы урду эми.
Астындан атын мойнудап,
Аксакалың койундап,
Айкайлап алга кетти эми,
Ана-мына дегиче,
Калмакты кууп жетти эми.
Алдынан утур ошондо,
Бир калмак чыга келгени,
Алиги келген чоң калмак,
Кокусунан ошондо:
“Мен Шаймамбет дегени” –
Шаймамбет атын укканда,

www.bizdin.kg

Кыжыры кармап Жамгырчы:
“Жүзү кара чыккынчы,
Жүзүмдү жерге караттың,
Баштап келип калмакты,
Өз журттуңду талаттың,!
Жериңди сатып калмакка,
Тууганыңды жеридиң.
Ай аламдын алдында,
Абийримди кетирдиң.
Эл саткан сендей бузукту,
Балам деген оңобу?!
Сага боору оруткан,
Киши жакшы болобу?!
Элден безген баласы,
Жамгырчы өзү өлтүргөн,
Деген журтка ат калсын,
Айкөл Манас баатырдын
Арбагынын астында
Абийрим менен акталсын!” –
Деп, ошентип Жамгырчы,
Чынарды булгап алганы,
Шаймабетти ошондо,
Жыгаа чаап салганы.
Ак болотто дат калды,
“Алп Жамгырчы баласын,
Өз колу менен сойгон” – деп –
Кылым журтка ат калды.
Баламды көргө тыктым деп –
Бадырек калмак чыккын” деп!
Тобуна кире барганы,
Токмоктоп жүрүп далайын,
Чогууга чаап салганы.
Чынары тийген калмактын,
Чыкпаган жаны калбады.
Токто кылбай топ бузуп,
Абаңдын Жубатайга барганы.
Жубатайга баргычы,
Жоонунан чыккан калмактын,
Канын суудай агызып,
Колундагы чынардан,
Чорголоп кан тамызып,
Карасы да Жамгырчы,
Калктан чыккан бузук – деп,
Жалгыз уулунун нан кылды.
Чыккынчыга момундай,
Кең дүйнөнү тар кылды.
Боор орутпай уулуна,
Чыккынчы жаман экенин,
Элине баатыр таанытты,
“Эми өлсөм арман жок,
Өз колум менен Саткынды,

www.bizdin.kg

Өлтөрдүм -деп – кош болуп,
Азиз султан Манастын,
Ата-журтун Таластын,
Алдында бетим агарды,
Кийинки калган урпактар,
Унутпастан нуска алсын!”
- Деп Жамгырчы жаңданды,
Кан ичме жинди кыргыз” – деп,
Калмактар коркуп таңкалды,
Алп Жамгырчы, Жубатай,
Маңдайлашып барышты,
Кезектешкен уруш жок,
Белсен ишпей туруш жок,
Жаш Жукбатай түгөнгүр,
Качырып найза сайышы,
Карыса да Жамгырчы,
Кагып ийип найзасын,
Чынар менен чабышып.
Чаптырбастан Жубатай,
Кармап алып чынарды,
Тартып алып колунан,
Айландырып имерди,
Алп жамгырчы баатырды,
Чокуга тартып жиберди.
Ачуусу келген Жубатай,
Чынар менен урганда,
Жерге барып чабылып,
Чынарга каны чачылып,
Алп Жамгырчы ошондо,
Аты менен жок болду,
Боз топурагы окшонду!
Көрүп турган Гүлүстөн,
Эми кайдан токтолду?!
Сур койонго камчы уруп,
“Манастап” деп ураан чакырып,
Сыр найзаны сундуруп.
Күүлөп Гүлүс жөнөдү,
Жубатайды качырып.
Гүлчоро жетип муштарда,
Өлүмгө жанын кыстарда,
Гүлчоронун найзасын,
Кармай калып ушунда,
Найзаны тартып алышка,
Катуу тийип намыска.
Силкип тартат Жубатай,
Койо бербей колунан,
Бекемдеп кармап соңунан,
Бери тартат Гүлчоро.
Эки баатыр тартышса,
Эми кантип чыдасын?
Ачуусу келип чыдабай,

www.bizdin.kg

Сабыр кылып тура албай,
Найзаны алар ташташып,
Балтаны колго алды эми,
Былчылдашып башка уруп,
Балталашып жатканы.
Бирин-бири чаптырбай,
Калкаңдашып жатканы,
Мизинен сынып балталар,
Талкаланып жатканы.
Уңгусу менен урушуп,
Утурмандай турушуп,
Жаш баладай бул экөө,
Мүдөтү жок урушуп.
Кылычты сууруп кынынан,
Мыктап карман сабынан,
От  чагылып жаркылдайт,
Болоттон чыккан жалындан
Качан булар бир-бирин,
Жарак менен чаптырган?
Бири чапса бир уруп,
Кылычка кылыч урулуп.
Жалпагынан жарылып,
Кылычтын баары чагылып.
Үйдөй болгон чойун баш,
Опколжуп келип урганда,
Токто кылбай үйдө таш,
Үстүртөн ылдый чапканда,
Астыртан өөдө какканда,
Карсылдаган үн чыгып,
Көгөргөн түтүн буу чыгып,
Жарактан айла болбоду,
Жалаң бойдон колдору,
Куралдан айла болбоду,
Кургак калды колдору.
Жамгырчынын чынарын,
Алсам бы деп Жубатай,
Санасын да ойлонду.
Аңгычакты камынтпай,
Гүлчоро ала койгону.
Узун чынар солкулдап,
Ачуудан булар толкундап.
Чынар менен чабышып,
Тийгизбей кармап алышып,
Экөө тең окшош шамдагай,
Пар келишип сайышпайт,
Эч качан да эр мындай!
Үстүнө кийген олпоктор,
Колтугунан жарылып.
Ызырынып кыйкырып,
Ажыдардай ышкырып.
Ачуусу келип Гүлүстөн,

www.bizdin.kg

Айкөлдүн атын чакырып:
“Арбагы азыр жолдо деп,
Атакем Манас колдо – деп,
Акыретик жан досуң,
Алмамбет, Чубак колдосун.
Силерден жардам болбосо,
Ант урган чочко калмактын,
Айласын кандай кылам” дейт? –
Гүлчоро баатыр карданып,
Балтанын алып уңгусун,
Бала жолборс түгөнгүр,
Мунун маңдайына ким турсун?!
Алмамбет улуу Гүлчоро,
Үнү күндөй күркүрөп,
К өрүктүн чыккан отундай,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Кыжырланып ошентип,
Азуулары кычырап,
Эттерине сары түк,
Соотту тешип саксайып,
Токойдон чыккан шер өңдүү,
Сакал, мурут сапсайып,
Ачып көзүн караса,
Ай тийгендей чакчайып.
Каарланып ал чапса,
Калуучудай өңдөндүү,
Жубатай жер жазданып,
Ал Жубатай кыйын жоо,
Алдырып ага калган жок,
Азыркысын дени соо.
Атың ким – деп – сеники, -
Сөзгө келди так ошол.
Жубатай антип ат сурап, -
Дайның ким” – деп так сурап.
Имерилип толгонсо,
Суу жыландай бурулат,
Өңүнөн чыгып сарысы,
Өткөзө кең далысы,
От күйгөндөй жалыны,
Көзүнөн чыгып аласы,
Сойучудай өңдөндү,
Соо койбостон чамасы.
Гүлчоро ага кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
“Айкөл Манас атам – дейт,
Сөзүмдө жок катам дейт.
Семетейдин иниси,
Аныктап муну бил – деди!,
Өзүңдүн атың ким – деди?
Эр экенсиң сен өзүң,
Шер экенсиң баатыр, ай,

www.bizdin.kg

Бул кайратка чыдаган,
Тоо экенсиң баатыр, ай,
Көкүрөктө дениң сак,
Соо экенсиң, баатыр ай.
Сага окшогон баатырды,
Көрбөгөнүм, капыр, ай!
Кучүм дайра чалкар көл,
Кең экенсиң, баатыр, ай.
Эрмектешип алышсак,
Тең экенсиң баатыр, ай.
Жашырбай айтчы, билейин,
Ким экенсиң, баатыр ай!" –
Гүлчоро айтып калганда:
"Кара калмак элимин,
Ургу деген жеринен,
Кытай менен аралаш,
Келдим анын чегинен.
Мурун кыргыз өлтүргөн,
Улуу агамдын кегинен.
Агамдын аты Ушаң – дейт,
Ушул кең кол жериндей,
Урушта өлүм туткан – дейт.
Алдымда кеткен Усанген,
Ортончу  бул зал экен.
Өзүмдүн аты Жубатай,
Бүгүн келди мында мен.
Атамдын аты Уушанда.
Менин атым казакча,
Эжемди казак алганда,
Бакка экен ушунда,
Мен да сага таң болдум,
Күчүңдү көрүп маң болдум,
Ийилбеген чырпыктай,
Жаш экенсиң, Гүлүстөн.
Арстандай согушка,
Маш экенсин Гүлүстөн,
Бүткүл денең уйуган,
Таш экенсиң Гүлүстөн.
Аскары бийик залкайган,
Тоо экенсиң Гүлүстөн,
Адамдын көзү жетпеген,
Ай талаадай кыйрысыз,
Кең экенсиң, Гүлүстөн,
Тулку бойу туура күч,
Кара бойуң катуу күч,
Эр экенсиң Гүлүстөн,
Черден чыккан Кабылан,
Шер экенсиң Гүлүстөн,
Уйутуп койгон коргошум,
Коло менен чойунда,
Бек экенсиң Гүлүстөн.

www.bizdin.kg

Теңдешсе жеңип, жоо алган,
Тел экенсиң, Гүлүстөн.
Серпишерге маа өзүң,
Тең экенсиң, Гүлүстөн.
Жалгыз келип кайактан,
Кандайча мага жолуктуң,
Кабар айтып койорсуң,
Бул сапаркы жүрүштөн!"
Гүлүстөн анда шаңк этип,
Ачылып кабак жарк этип,
Башын силкип көтөрсө,
Айнектей көзү жалт этип:
"Жубатай уккун кебиңди,
Айттың ата тегиңди.
Теги, жайың билбеймин,
Агаңды айтып берейин,
Хан Коңурбай келгенде,
Как ошондой мезгилде.
Улуу агаң Уушанды,
Сойгон колум, мына ушул.
Суу ордуна кан төгүп,
Койгон колум, мына ушу.
"Гүлүстөн" – деп атанып,
Толгон күнүм, мына ушу!
Ортончу агаң Усаңген,
Уруш кылып барганда,
Сыр Коргонду алганда,
Кыргынга элим калганда,
Ичим оттой жанганда,
Калкымды кайгы басканда,
Каарым катуу ташканда,
Баатырларды кыйраткан,
Бакайдын жалгыз баласын,
Башын кесип йлаткан,
Кожожашты мээледим,
Усаңгенди жерледим,
Найзага илип көтөрүп,
Боорунан тепчий өткөрүп,
Кара бойун күч кылдым,
Колу, бутун түз кылдым.
Калың калмак кошунун,
Кан уруп койгулап,
Күрзү ордуна иштеттим,
Кара жерди тиштеттим!
Тараттым калмак калкыңды,
Тартып алдым зарымды.
Айдап алдым малымды,
Алдым канга канымды.
Элге бөлүп колуңду,
Энчилеп бердим баарыңды.
Келе жатсам ошондон,

www.bizdin.kg

Кез болуп сен табылдың,
Жамгырчыдай карымды,
Жалмап жутуп кан кылдың!
Мен алдырып койчу эр эмес,
Жеңилер сендей шер эмес,
Калмак менен кыргыздар,
Кан агызган көп эгеш.
Эрдигимиди ашырган,
Душманымды качырган,
Өзүн жуткан, касы кылган,
Өчөшкөндү пас кылган!" –
Деп, Гүлүстөн айтканда,
Козголуп аттын үстүнөн,
Комдонуп шердей Жубатай,
Бузулуп өңү сурданып:
"Айтчы анык, Гүлүстөн,
Коңурбай качан өлдү – дейт?
Гүлүстөн анда: - Коңурбай,
Өлгөнү үч ай болду – дейт.
Кара нээт Коңурбай,
Кас болду бизге башынан.
Таласка сырттан жиберип,
Усаңгенди астыртан,
Сыр Коргон алмак болгонун,
Ачык билип ошондо,
Алптардын санын ашырып,
Жер алмак бизден болгондо,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Тилмеч болмок болгондо.
Мени көрүп Коңурбай,
Акылдан шашып корккондо.
Эр Гүлчоро колунан,
Кутулуп качмак болгондо.
Гүлүстөн кууп артынан,
Кармап суунун шарынан.
Алып башын Коңурдун,
Канын суудай агызган.
Хан Коңурбай өлгөндө,
Калмактар болду таш талкан!"
Гүлүстөн мындай дегенде,
Сел болуп жашы Жубатай,
Кылычын сууруп кабынан,
Гүлчоро менен айанбай,
Кылычташты Жубатай.
Өкүргөндөн бакрып,
Агалары өлгөнгө,
Арданып чыдап тура албай:
"Усангеңди сойдум – деп,
талкалап сөөгүн, койдум – деп,
Талкалап сөөгүн койдум – деп.
Кожожашты аттым – деп,

www.bizdin.kg

Жаа тартышка машмын – деп.
Мактанасың, Гүлчоро.
Каарым кайнап баратат,
Кара жерди сен өзүң,
Жазданасың, Гүлчоро!
Жан калкалап качпасаң,
Кезектүү уруш баштайлы.
Баш аламан урушту,
Баатыр болсоң таштайлы.
Кезекке келсең Гүлчоро,
Алдыңкы кезек сеники,
Кийинки кезек меники.
Бир болбой кезек үч болсун,
Кайсы баатыр, кайсы кор,
Айагында күч болсун!” –
Деп, жубатай айтканда,
Кабыла алып Гүлчоро:
“Андай болсо макул – деп,
Алыстан келдиң жол тартып,
Алдыңкы кезек сеники,
Болсун” – деди Гүлүстөн.
Ачуудан ичи өрттөнгөн,
Тууганы өлүп өксөгөн.
Акылы качып ачуудан,
Агалары жер тиштеп,
Азалуу болуп кайгырган.
Кезек колго тийгенден,
Калмактардын Жубатай,
Өрттөнгөн арча баштанып,
Баштады уруш укмуштай.
Илгеркинин алптары,
Кезектешип урушчу.
Кезекти берген баатырлар,
Майданга кирип туручу.
Кезек алган баатыр ал,
Ат менен келип айкырып,
Жактырганы кай жарак,
Ошону менен уручу.
Кыймыл этпей, кыңк этпей,
Беркиси карап туручу.
Кезек алган Жубатай,
Кезек берген Гүлчоро,
Калдайып турду калт этпей,
Жубатайды элебей,
Бучкагына теңебей.
Калканын кармап калдайып,
Туулга кийип далдайып.
Күмбөздөй болуп дүмпүйүп,
Майданга Гүлүс турганда,
Жубатайга Гүлүстөн,
Көз жиберип калганы.

www.bizdin.kg

Байкап аны караса,
Бар өнөрү бар экен,
Эрдигине жараша.
Алеңгир жаа, сур жебе,
Аны алып мойнунан,
Колумсага кол салып,
Огун алып койнунан,
Камынып жаткан турбайбы?
Илгеркинин шарты экен,
Чабендес болсо эрлериң,
Жаанын огун тийгизбей,
Жаздырып кетчү салт экен.
Аленгир жаа сур жебе,
Алып колго Жубатай,
Айанбастан тартты эле.
Жаа темири кырсылдап,
Сынучудай тырсылдап.
Тартып бара жатканда,
Дары салган мылтыктай ,
Аркасынан үн чыгат,
Күүсү кыйын дүң чыгат.
Ал өңдөнгөн жебеге,
Тайманбай карап ким турат?!
Тартканда жебе карс этти,
Сүрү катуу сур жебе,
Гүлүстөнгө тез жетти.
Байкап көрсө келген ок,
Бет маңдайга болжолдоп,
Адис болгон Гүлүстөн,
Ат сооруга жыгылды.
Жаанын огун жаздырган,
Ким көргөн мындай кыйынды?
Экинчи жебе зырылдап,
А дагы жетти чырылдап.
Карап көрсө Гүлүстөн,
Как бооруна удулдайт.
Ок жетерде Гүлүстөн,
Оң жагына атынын,
Ооп түшө берди эле.
Ээрдин кашын кыйратып,
Сур жебе өтө берди эле.
Камынып турган Жубатай,
Таппай жаасын туралбай,
Баары күчүн жыйнактап,
Тартты мыктап мамындай.
Тартканда жаа кыйрады.
Как белинен сынганы.
Зыркырап келе жаткан ок,
Үнү кулак чыңдады.
Карап турса Гүлүстөн,
Туура сандын бети-деп,

www.bizdin.kg

Аткан экен мелжеп бек.
Адис болгон Гүлүстөн,
Жаанын огу жетсин – деп,
Жаанын огу жетерде,
Учу кирип кетерде,
Саласы менен кармады,
Калмактын огу олжо – деп,
Колумсага салганы.
Көрүп турган Жубатай,
Күңгүрөнү пмуңайды.
Жеңер пенде, болбос - деп
Жекелешкен буларды.
Карап турбай Жубатай,
Колуна балта дагы алды.
Балтасынын мизи жок,
Сырты калың болоттон,
Күркүрөгөн Жубатай,
Келе жатат күүлөнүп.
Ааламды бүткүл сооручу,
Ажыдардай түрдөнүп.
Калганды кармап колуна,
Туулгасын кийип башына.
Туруп берди Гүлүстөн,
Жубатайдын алдына.
Бет маңдайга барганда,
Беренсиген Гүлүстөн,
Белсенип балта салганда,
Аңтарылып калканы,
Оң тескери болду анда.
Жерден туман чаң чыкты,
Калың калмак журтунан,
“Кайдасың” деген чу чыкты.
Кулагы тунуп кеңгиреп,
Калган экен Гүлүстөн.
Чуркуратып укканда,
Чуратып чаңдан бул чыкты.
Турган экен Жубатай,
Балтасын оңдоп карманып.
“Талкан болуп калды” деп,
Гүлүстөндү карашып.
Аман чыкты Гүлүстөн,
Сур койон менен жарашып,
Гүлүстөндү көргөндө,
Эси чыгып Жубатай,
Серпилип катуу зарланып,
Көзү кызыл чок өңдүү,
Көңүлүң кайгы, чер алып,
Чокморун алып колуна,
Чабайын – деп чокуга.
Салайын – деп жолуна,
Ийинге арта салды эми,

www.bizdin.kg

Тулпарын минген секиртип,
Качырып жетти маңдайга,
Үзөнгүгө тамандап,
Кабаттап ээрдин тиштеди,
Калбай тирүү өлсүн – деп,
Акыр эт жайын көрсүн деп,
Үйдөй чойун баш менен,
Опколжуп келип урду дейт,
Гүлүстөндөй арстандын,
Көзүнөн чаар закымдап,
Чокморду тартып алганда,
Бүткөн бойу калтылдап.
Энесинен эмген сүт,
Эми оозуна татылат,
Эки киши кабышып,
Ээрге көчүк чабышып,
Удаа чыкты Гүлүстөн,
Жубатай менен жарышып,
Салмактуу чапкан чочконун,
Чокмору саптан үзүлгөн,
Кармай албай Жубатай,
Башын жерге түшүргөн,
Үч катар бирдей чабуучу,
Кезектин ишин бүтүргөн.
“Кезек келди мага, деп,
Турууга калмак күтүнгөн,
Жубатай доңуз ант ургур,
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы бир башка,
Жумуру баштан кутургур,
Эр Гүлүстөн баатырың,
Эреңдигин көрөбүз,
Атадан калган сур жебе,
Жулуп алды мойнунан,
Учу кырдуу өткүр миз,
Оогун алды койнунан,
Колтугун керип жиберип,
Жааны кармап имерип,
Жубатайдын бооруна,
Окту болжоп жиберип,
Сур жебеси дүркүрөп,
Аткан октон үн чыгып,
Булуттан бетер күркүрөп,
Аркасынан түтүндөп,
Мыкты болсо Жубатай,
Эрлигин мыктап күтүнөт.
Адырайган чоң доңуз,
Адамдан башка  чочкоңуз.
Жаанын огу жеткенде,
Кыйрынан жерге сулады
Сур жебе огу өткөндө,

www.bizdin.kg

Жан кишиге туйгузбай,
Ат үстүндө турбайбы!
Жаздырып окту тийгизбей,
Жаралган пенде турбайбы,
Айтпай койбойт жашырып,
Өнөр артык мындайбы.
Экинчи жаны бат тартып,
Эми өлдүң го – деп тартып.
Эр Гүлүстөн баатырың,
Бар күчү менен бек тартып.
Атасы баатыр Алмамбет,
Ошондон калган сур жебе,
Илгертен бери бар жебе.
Күүлөп Гүлүс тартканда,
Чыдай албай сынды эле,
Сур жебе огу чыркырап
Тундуруп кулак зыркырап.
Калмактын ханы Жубатай,
Карап турат кылтырап.
Жаанын огу жеткенде,
Жарып огу кетерде,
Бул экөөндөй жан болбойт,
Жаралган адис бул элде.
Келе жаткан жебени,
Кармап алды тим эле.
Жаасы сынып атыш жок,
Айткан сөздү кайтыш жок,
Мизи жок уңгу балтасын,
Алмамбет улуу эр Гүлүс,
Арта салып ийнине,
Майданды көздөй тартканы,
Көрүп туруп Жубатай,
Жазганбаган эр мындай.
Калганды кармап бетине,
Туулга кийип башына,
Соот кийип үстүнө,
Ат үстүндө турду эле.
Тунжур төрө баатыр,
Туш келтирип калганга,
Балта менен урду эле.
Чапканда калкан жарылды,
Жайнап оту чачылды,
Жалындай түшүп жаткан чөп,
От туташып басылды.
Ошондо да солк этпейт,
Ким көргөн мындай баатырды?!
Күчтү чапкан балтадан,
Жерден чопо чачылды,
Көрүнбөй чаңдын ичинде,
Жубатай баатыр жашынды.
“О, баатыр, кайда кеттиң” – деп, -

www.bizdin.kg

Калың калмак бакырды?!
Элдин үнүн укканда,
Элеңдеп көзү ачылды,
Ат ойнотуп ойкуштап,
Бастырып чыгып айкырды.
Жубатайды көргөндө,
Эр Гүлүстөн баатырың,
Карарып кары артылды.
Ирмелбей көзү чачырап,
Чын ачуусу келгенде,
Оозунда тиши качырап,
Чоң балтасы колунада,
Жубатайды чакырат.
Маңдайына барганда,
Батакай турган балбанга,
Эки үзөңгү теңейте,
Тамандап тура калганда,
Астынкы эрдин бет тиштеп,
Бар күчү менен салганда.
Калканы кетип быркырап,
Туулгасы сынып чыркырап.
Алдында минген тулпары,
Багалчеги майышып,
Үстүндөгү Жубатай,
Балта тартып алганда,
Жумаланды жер жакка,
Этек жеңи жайылып.
Балтага жуккан каны жок,
Жубатай жатат жаны жок.
Менменсиген чочкону,
Акыретке салды түз.
Элден башка бериптир,
Эр Семеңе мындай күч.
Калкандын дайны калбаган,
Туулгасы болгон ташталган,
Куткарбады Гүлчоро,
Кужуру менен чапканда,
Күркүрөгөн Гүлүстөн,
Кара жерди жазданткан.
Камыр болуп жуурулуп,
Кан ичине куйулуп.
Башы чыкпай соотунан,
Күрөккө жыйылып.
Күркүрөгөн калмактын,
Ошентип жаны тынды эле.
Аркасында аскери,
Кул кушуруп турду эле,
Кара аскерге тийген жок,
Ал аскерге зыйан жок,
Кубанып жүрөт эчени,
Коркуп жүрөт нечени.

www.bizdin.kg

Ичинен  күйүп кан түтөп,
Кайгы тартат нечени.
Сүйлөшүп баатыр Гүлүстөн,
Калмакты калың таратты.
Семетейге кеңешпей,
Мына мындай кат жазды:
Тиан-Шандын Ала-Тоо,
Ашпагын калмак” - деп жазды,
Ошол чактан ушул чак,
Кабыл болду жазган кат.
Орто кылым болгунча,
Калмактан киши ашкан жок,
Какандын журту баскан жок.
Сур койон менен болгойуп,
Жамгырчынын өлөгүн,
Эптеп жыйнап алыптыр,
Табытка салып өңүрүп,
Таласына барыптыр,
Семетейдин Тай буурул,
Сакайып буту калыптыр.
Жалгыз эк кетти элине,
Ат башы сындуу жерине,
Жамгырчы менен бай тайлак,
Көмүлдү туулган жерине.
Муну мындай таштайлы,
Семетей менен Үмүтөй,
Серпишкенин баштайлы.

www.bizdin.kg

# ҮМҮТӨЙДҮН ӨЗҮНЧӨ КЕЛИП ӨЛҮШҮ,

# СЕМЕТЕЙДИН ТАЙБУУРУЛДУ БЕРИШИ

Казак калың журт экен,
Кадимден бери калмакка,
Аралаша турчу экен.
Көкөтөй элге хан экен,
Айдаркан чыгаан бай экен
Айдаркандын Көкчөсү,
Белге таңуу эр эле.
Ал Көкчөнүн баласын,
Үмүтөй төрө дээр эле.
Үрбү менен Музбурчак,
Өлүп кеткен кези эле.
Башында казак үч төрө,
Азыр баары чогулуп,
Болуп калган бир төрө.
Көкчөнүн уулу Үмүтөй,
Баарысына хан төрө.
Кымыз ичип олтуруп,
Кыйал мас болгон кезинде,
Шылтоо кылып токтомду.
Кылыгын ойлоп Семеңдин,
Керимбайдын кептери,
Кете элек али эсинде.
Алтымыш уруу алашка,
Хан болууну ойлочу,
Эртең менен кечинде.
“Кызыталак канкордун,
Бул эмине кылышы?
Кабар кылып,сөз айтпай
Элчилешип кытайга,
Өзү токтом кылышты.
Коңурбайды сойгонун,
Мага айтпай койгону,
Мунусу кандай жумушу?!
Атасы жүрдү ашында,
Бүткүл элди башкарып.
Ээрчитип барып Бейжинге,
Кыйла элди өлтүрдү.
Кырк чоро-деп,-ат койуп,
Кырк баатырды кутуртту.
Кылым казак, кыргызга,
Кылып жүрдү зордукту.
Аз келгенсип ансы,
Анын уулу Семетей,
Мунун кандай кордугу?
Бүтүн каңгай журтуна,
Элчилешип келгенде,

www.bizdin.kg

Айтпай бир ооз койушу.
Кошулбады кебиме,
Мени илбеди көзүнө.
Алдап жүрүп ээрчитип,
Атасы Манас ант ургур,
Атамдын жетти түбүнө!
Калмакка кармап бердиби,
Каңгайдан кордук көрдүбү?
Көзүн көрбөй шүк болдук,
Атамдын кунун алайын,
Бербеймин десе Семетей,
Талкан кылып коргонун,
Талаа кылып ордосун,
Такыр кылып чабайын!
Семетей менден эр бекен,
Кайратым андан кем бекен?!
Эли элимен көп бекен,
Семетейге баш ийип,
Унчукпай койчу мен бекем?!
Кызыталак канкордон,
Кылымды бузган анткордон.
Атамдын кунун албасам,
Адам болбой калайын,
А көрөктү өлөйүн,
Акыретти көрөйүн!"
Намыстанып Үмүтөй,
Эл эстүүсүн чыкырды,
Төрт, беш бээни сойдуруп,
Этти тартып койдуруп.
Дасторконун жыйганда,
Үйгө кирип олтуруп.
Үмүтөй төрө кеп сүйлөп,
Көйрөңдөнүп бек сүйлөп.
Кебинен шумдук чуу чыгып,
Таноосунан буу чыгып.
Кара жаак чечен кул,
Ууртунан суу чыгып:
"Эй, ушул турган агалар,
Бала төрө Үмөтөй,
Кыла турган кебим бар,
Айткан кепке жараңар,
Барың мени караңар!
Силерге айтпай агалар,
Кимге айтам зарымды?
Ойун күлкү сөз болсо,
Келтирет экен арымды.
Эсепке албай калдым мен,
Алтын, күмүш, зарңды!
Ущул кезде Үмүтөй,
Намыс үчүн күч жыйбай,
Айдама кошун кол жыйбай,

www.bizdin.kg

Коркуп бирөө сөз кылбай,
Жатып калар чагымбы?
Ойлонсом кыйын ачынтат,
Өткөн иштер жанымды!
Ошол үчүн чакырдым,
Жашы менен карыңды.
Айкөл Манас башында,
Кармап жүрдү бул элди.
Кайда барса кой өңдүү ,
Айдап жүрдү бул элди.
Кайраты толук шер экен,
Калмактан алып кегиңди,
Жерлүү кылды бул элди.
Орустан  барып олжо алды,
Ортого аны бир салды.
Кызыл кыйа бел ашты,
Кытайды барып бир  чапты.
Кызыталак канкоруң,
Ортого салган тапканды,
Жалгыз ооз кеп болсо,
Жашырбай элге айтканда,
Жабылып ээрчип жүрчү экен,
Кайда барса басканда.
Эч кимдин көөнү оорубайт,
Как ошондой арстанга.
Манастан андай кылганы,
Ортого салып тапканды,
Элди алдаш кыйалы.
Алданып мал, пул, сөзүнө,
Өлөрүн эч ким туйбайды,
Эч болбосо Семетей,
Атасындай кылбады!
Кишини албай теңдикке,
Кишиден-киши жазганса,
Артына салып ээрчитип,
Атамды алып басканда.
Кызыталак канкоруң,
Кытайды барып чапканда.
Көзөл Көкчө хан атам,
Өлүп кетти ошондо.
Атамдын көзүн көрбөдүм,
Колум менен көмбөдүм.
Урмат кылып ыйлабай,
Арбагын анын сыйлабай,
Токтоно албай калдым мен.
Семетейден кун албай!
Арага элчи салбаймын,
Аскерди жыйып айдаймын.

www.bizdin.kg

Семетей кылса итчилик,
Мен, атамдын кунун албай тынбаймын!
Мал албаймын мен кунга,
Зар албаймын мен кунга.
Кан ордуна кан алам,
Алданбаймын мал, пулга!
Хан атам Көкчө өлүптүр,
Жан ордуна жан алам.
Семетейден баш алам,
Кардын жарып өт алам,
Адам сынган камкордун,
Атам үчүн өч алам!
Эркек бала тууганда,
Намыс үчүн – дейт, - экен.
Аксакалдуу кишини,
Калыс үчүн – дейт – экен.
Карыйалар турасың,
Мурункунун наркы экен.
Арканча кылсак жакшылык,
Кан ичме жинди Семетей,
Аны билбес киши экен.
Ойлоңорчу, көпчүлүк,
Өзү барды Кытайга,
Ушунусу эп бекен?!
Кеңештен куру калганда,
Үйдө жатып алганда,
Ошол кыйын кеп бекен!
Кангайга бирге баралбас,
Кайратсыз казак эл бекен?!
Хан Көкчөнүн Үмөтөй,
Семетейден кем бекен?!
Атасы салган бушманга,
Чыгарбай Көкчө атагын.
Жолдошу болуп бир жүргөн,
Алмамбетти бузганда.
Кийин көөнүн жайлаган,
Анткен менен айкөл эр,
Менин атам Көкчөнү,
Хан көтөрүп шайлаган.
Хандык колго тийгенде,
Көөнүндө кир калбаган.
Алдап жүрүп акыры,
Бейжинди көздөй айдаган.
Ошол Бейжин жеринде,
Каптаган какан элинде,
Хан атам өлдү бейарман!
Канбады менин кумарым,
Хан атам кунун албадым.
Чыкпайт ичтен зардабым,

www.bizdin.kg

Семетейди чаппасам.
Теңсинбеген төрөнүн,
Деги эдебин таппасам!”
Деп, ошентип Үмү төй,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп,
Ач арстандай түрлөнүп.
Атайы беш миң кол жыйып,
Ар сабында миң кылып.
Найза сайар ыктуудан,
Жазбай атар мыктыдан,
Кылыч чабар кыйындан,
Жигиттерден ылгаган.
Балта кармар баатырдан,
Байкасаң журтта калбаган.
Беш миңге санын толтуруп,
Үмүтөй кошун камдаган.
Кара бойу катуу күч,
Карылуу кошун дайындап,
Семетейге арнаган.
Семетей сени дегенде,
“Кап” – деп оозун кармаган,
Ачууланып, арданып,
Атасын ойлоп Үмүтөй,
Ант ичкендей саргарып.
Бастырмак болду түгөнгүр,
Кең Колду көздөй кол алып.
Жоо жарагы бүткөндө,
Аттанар болгон күндөрдө,
Агеркеч туруп кеп айтат:
“Ээ, кулунум, Үмүтөй,
Акылым уккун - деп айтат.
Кабылан Манас сал эле,
Каардуу туулган жан эле.
Ал Манасты колдогон,
Кыргыз, казак эл эле,
Жердеген жерим Манастын,
Ырысына жараша,
Кең кол, Талас дээ эле.
Жер, элине кол берген,
Элдин баары жол берген,
Кылган иши оң келген,
Аны менен басташкан,
Ар качан адам кор деген.
Айкөлдүн калган тукуму,
Семетей сенин тууганың.
Тууган эмей неткениң,
Карын бөлөң эмесби?!
Каныкей мага бир тууган,
Семетейди ал тууган.
Сени, балам, мен туугам,

www.bizdin.kg

Ал экөөңөр бир тууган,
Түп атаңар тең тууган!
Орус менен баранга,
Оорагы кеткен далайга,
Эсиң болсо Үмүтөй,
Эрегишип Семеңе,
Жолу жок калба сен салба.
Кангай менен калмакка,
Кадыры өткөн далайга,
Көрсөткөн каарын аларга.
Сары арканы калмактар,
Атаңдан тартып аларда,
Атаңды Манас колдогон,
Бажасы менен муңдашып,
Ошондо атаң хан болгон.
Ал Манастын тобуна,
Кас санаган оңбогон!
Тим болгунуң Үмүтөй,
Тилимди албай сен койсоң,
Каныкей менен бир тууган,
Тууган энең мен болсом,
Эсим болсо Үмүтөй,
Аа, теңелбейт тим болсоң!
Чабам – деп, - аны ойлоңсуң,
Барып калсаң ал жерге,
Эзелде жакшы болбойсуң.
Кыйыгына сен тийсең,
Бейажал өлүп сойлойсуң.
Келген киши кетпеген,
Үйүнө аман жетпеген.
Өлгөн сайын өрчүгөн,
Өткүр Манас уулу ал.
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү Манас тукуму ал,
Кулагың салам Үмүтөй,
Байкап уккун ушуну!
Акыл айтам, Үмүтөй,
Абайлап жакшы ойлосоң,
А көрөктү, Үмүтөй,
Тарынчы айтып, жүйө айтып,
Алдына киши жиберсең.
Оңдой берет олутту,
Орундуу берет конушту.
Узартат сенин колуңду,
Кыскартат басар жолуңду.
Өлгүнчөктө бек кармайт,
Жанындай көрүп колуңду.
Жайылдык кылсаң тил албай,
Сойуп койот өзүңдү.
Каргаларга чокутуп,
Ойуп койот көзүңдү.

www.bizdin.kg

Сөөгүңдү мында жибербей,
Койуп койот өзүңдү!
Семетей менен жарашсаң,
Сага киши кол салбайт,
Беттеп пенде келе албайт.
Келсе дагы жеңе албайт,
Семетей өзү ажыдаар,
Кол салып адам бара албайт,
Орустан сага жан келбейт,
Оолугуп сага жан келсе,
Ошондой күндө Семетей,
Урушар киши менмин – дейт.
Уктатпай элди тынч алган,
Кайдан келген душман – дейт.
Каның тартып келипсиң,
Катылып көрчү, сен ким – дейт,
Калмак, кангай жолобойт,
Семетей экөөң бирлешсең.
Этегиңдин алдына,
Элдин баары корголойт.
Бузукунун сөзүнө,
Тегеле кулак салба – дейт.
Бузулушуп бөлөңө,
Кошун курап барба" – дейт. –
Агеркеч туруп аны айтты,
Анда туруп Үмүтөй,
Агеркечке кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
"Койгун, эне, кебиңди,
Албаймын сенин тилиңди.
Бузуп айткан киши жок,
Бузугу менен уулуңдун,
Бузулушар иши жок.
Семетейдин кыйалы,
Ичиме салды кызыл чок!
Менин атам хан Көкчө,
Бардашы журттан бөлөкчө.
Алдап жүрүп атамды,
Атасы сойуп жоготту.
Атам кылган экен – деп,
Баласы качан сооротту?!
Семетей бербейт конушту,
Оңдоп бербейт олутту.
Мени менен кеңешпей,
Өзү барып калмакка,
Коңурбайды сойушу,
Кылган иши жолбу ушу?!
Кайратым андан кем эмес,
Семетей менден эр эмес.
Калың казак журтум бар,
Калкым андан кем эмес.

www.bizdin.kg

Атамдын кунун кубалап,
Албай койчу мен эмес!
Бөлөлүктө жалган жок,
Коңурбайга барганда,
Бирге жүрүү – деп – айтса,
Барбай койсом өзүмө,
Мен жетимде арман жок!
Кандуу душман Коңурдан,
Сойуп кегин аларда,
Куру калдым ушундан.
Ошондон бери козголтуп,
Жаткызбайт мени зор бушман!
Койгун дейсиң, энеке,
Эми казактан ылгап кол жыйсам,
Барбай койсом канкорго,
Намыска кантип чыдаймын?
Атаңдын кунун ала албай,
Тамтаңдаган төрө - деп,
Тамашалап эл айтса,
Ага кантип чыдаймын?
Аманат жанды сактасын,
Алла-таала кудайым.
Жарашсам да жоолашсам,
Жанбай барып көрөйүн,
Жамандашып калганда,
Кантип тирүү койойун,
Куруу оорак камкорду,
Аман койбой сойойун!”
Энесинин айтканын,
Эп көрбөдү Үмүтөй.
Айдаркандын элинде,
Алтынкан деген бар эле.
Өзү узак жашаган,
Ак сакалдуу кары эле.
Калыс сөзүн Алтынкан,
Али айтты эп эле:
“Койгун, балам, желдебе,
Кармашам – деп – дегдебе!
Энеңдин тили албасаң,
Элиңди жыйып алдасаң,
Узакка сапар жол тартып,
Ушундан жүрүп сен барсаң.
Алып келсең жолуңдур,
Алдырып койсоң шоруңдур.
Албай койбойт ойлосом,
Арстандын уулу ант ургур.
Беттешкенин соо койбойт,
Белдүү Семең кутургур.
Эрсынесиң үйүңдө
Теңебейсиң түгүңө.
Үстүмдө темир кийимим,

www.bizdin.kg

Эрмин дейсиң ойуңда!
Эрди, балам көрбөдүң,
Эрегишип эр сайып,
Эр согушун көрбөдүң,
Кармашып кандап, жоо сайып,
Кармашы чоң көрбөдүң,
Элөөрүп барсаң тил албай,
Эми эле кордук көрөсүң.
Эрегишсе Семетей,
Эсен келбей өлөсүң.
Канчоро сенден кем эмес,
Ойлонуп көрчү Үмүтөй
Сен Гүлчородон эр эмес,
Ырасын айтсам укканың,
Сен Семетейге тең эмес!
Кыйыгына тийгенде,
Сойбой койчу неме эмес.
Тынч жатпай барып темтеңдеп,
Теңдешчү душман ал эмес!
Чын кожо, Толтой кол салды,
Качан алар соо калды?
Жети суу толгон жедигер,
Кырылышып аз калды.
Кытайдан Коңур козголду,
Кектешип жүрүп акыры,
Семетей колдуу жок болду.
Коңурбайды өлтүрсө,
Сенин бөлөң өлтүрдү,
Атаңдын куну бүткөндүр?
Койгун, балам желденбе,
Куру намыс кылбасаң,
Колуңдан келбейт дегеле,
Арданткан сени кеп эмес,
Адамзат бендеси,
Арстандын уулу Семеңе,
Азыркысы тең эмес.
Калмактан барды калың көл,
Тартып алды коргонду,
Журт башкарган, жакшысы,
Жумуру баш кесилди,
Кул кылып алды каратып,
Кудайсып келген кечилди.
Беттеше келген душманды,
Качан аман кетирди?
Кара кыргыз,казакты,
Башында Манас жеткирди.
Эмкисин баш бьолуп,
Семетей суудан кечирди,
Дөөлөтүңө мас болуп,
Кылбагын,балам,кесирди.
Айткан тилди алсаңчы,

www.bizdin.kg

Ырайыңан жансаңчы.
Эмики дөөлөт аз эмес,
Хандык кылып жатсаңчы!» -
Деп, карылык кептерин,
Алтынкан канча айтса да,
Ынабады Үмүтөй.
Ого бетер чыйралып,
Кара боюн бекитип,
Чыңап алды, үмүтөй.
«Казактын колу жөнө» - деп,
чубап алды, Үмүтөй.
белсенип алган үмүтөй,
Бекемдеп белин байлады.
Беш миң кошун айдады.
Арада нечен бел алып,
Агыны катуу суу кечип,
Араңдан зорго кыдырып,
Ал Кеңколго барганы.
Кеңколдун алкым ташынан,
Үч-кошойдун  сазынан,
Бөксөнүн аяк куюштан,
Кол көрөндү ушундан.
Сары хан абаң кеп айтат:
«Кандай шумдук болду бу,
Кол  көрүндү – деп айтат?
Кайсы экени билинбейт
Ким экенин билсекчи,
Беттешип келген жоо болсо,
Белсенишип көрсөчү.
Бирдеше келген кол болсо,
Бир сүйлөшүп көрсөкчү»-
Деп, айтканда Сары хан,
Макул көрдү Бакай хан
Анда баатыр Гүлчоро,
«Өзүм кабар алам,»- деп-
Суркоен башын чулгутуп,
Туяктан чаңын бургутуп,
Колго кар жөнүндү,
Элестетип дөбөнү.
Атактуу баатыр Гүлчоро,
Айылда жүрсө бир чоро,
Аттанып чыкса миң чоро,
Айгалышкан жоо болсо,
Айбат кылар шер чоро.
Кайда катуу жер болсо,
Аша албаган бел болсо,
Аа аттанган Гүлчоро,
Атына минип дуу коюп,
Караган элге чуу болуп,
Тулпары тердеп суу болуп,
Колтуктан чыккан буу болуп.

www.bizdin.kg

Көк жал чоро Гүлүстөн,
Жете барып алдына,
Келген бойдон кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Жолдон азган кол болсоң,
конок кылам кандайсың?
Доолашып келген доо болсоң,
Урушарга жоо болсоң,
Урунарга тоо болсоң,
Ушаласам кандайсың?
Таанибай турам элиңди,
Таппай турам пейлиңди.
Кайкалаган калың кол,
Баарың окшош турасың,
Биле албай турамын,
Кайсы экенин бегиңди?
Байкап сөзгө кулак сал,
Өрттөгөн арча өңдөнгөн,
Өңү суук, сен кимсиң?
Өкүрүүчү баштанган,
Түрү суук, сен кимсиң?
Айдама кошуун кол жыйган.
Жолу суук сен кимсиң?
Суудай толкуп шарданган,
Топ-топ тулпар байлаган,
Тоодой баатыр сен кимсиң?
Шер өңдөнүп көрүнгөн.
Жүзүңөн нуруң төгүлгөн,
Көмүрдөй кара көзү бар,
Көркүң шердей сен кимсиң?
Көпкөк темир кийинген,
Көптү көрсө сүйүнгөн,
Коркпогон качып өлүмдөн,
Кордукту көрсө элинден,
Коржоңдогон сен кимсиң?
Такыр жибек кийгениң,
Такыр жорго мингениң.
Таанибаймын, билбеймин,
Башыңда суусар бөркүң бар,
Падышадай, сен кимсиң?
Сундуруп найза тартпаган,
Сумсайып жоодон качпаган,
Найзага темир аштаган,
Айдама кошун баштаган,
Баатырсынган сен кимсиң?
Качырганды кармаган,
Качпай туруп жалмаган,
Көргөн киши зарлаган,
Кем эмес түрү камандан,
Алышканды аймаган,
Албай жолго салбаган,

www.bizdin.kg

Алп мүчөлүү, сен кимсиң?
Жолоочу болсоң, жолго сал,
Жоо келчү жолду самаган.
Жолоочу эмес кыясың,
Жоолашчудай турасың,
Жообуңду азыр айта сал!» -
Деп, ошентип Гүлчоро,
Сөз сурады эр чоро.
Кундуз ичик суусар бөрк,
Кубулжуган бир манап,
Салты башка адамдан.
Караганды уялтат,
Кепти баштап ал айтат:
«Атаңдын көрү, ит Чоро,
адам болбой, кет чоро,
акылы жок, нес чоро,
Жолоочу биздей болобу?!
Сендей чоро оңобу?!
Жолоочу -деп – ойлобо,
Жоолочу киши биз эмес.
Мен жүрөмүн жоону издеп,
Урушарга душман жок,
Урунарга тоо издеп!
Атамдын аты Хан Көкчө,
Өзүмдн атым Үмүтөй,
Атамды манас өлтүрдү,
Ошого келдим кун издеп!
Өзүңдүн жолуң билбесең,
Айткан сөздү абайлап,
Кулагыңа илбесең.
Сапырып ийем шаарыңды,
Тартып алам малыңды,
Алдыңа минген тагыңды,
Башыңда таажы багыңды,
Кокуйлатам карыңды,
Койбой кырам баарыңды,.
Куп сынаймын алыңды,
Ардактаган абаңа,
Айтып баргын жайымды!
Семетей келсин алдыма,
Керек эмес малыда,
Чөк түшүп ыйлап отурсун,
Кол байлап менин алдыма,
Кабыл кылса кылармын,
Карыя Бакай наалыса,
Кечсем өтүп калармын,
Каныкей эжем таарынса,
Деп ошентип айтты эле,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Бели катуу бек чоро,
Белдсенишкен душманга,

www.bizdin.kg

Жалгыз эмес сан чоро,
Сайраганда кеби шар,
Каарданса жолу тар,
Кармашчу жоону көргөндө,
Ач арстандай түрү бар,
Гүлчорону көргөндө,
Көргөн бенде туюнар,
Гүлчоро туруп кеп айтат,
Үмүтөй койгун деп айтат,
Эми уктум атыңды,
Баян кылган арзыңды,
Байкап билдим дартыңды,
Көкчөгө Манас бажа экен,
Биринен-бири кете албас,
Курбалдаш өскөн жан экен,
Ал кезекте эрлердин,
Өзүнчө сыры ар экен,
Арстан эрге шер Көкчө,
Ар качан келип турчу дейт,
Айкөл менен кеңешип,
Ар кандай ишти кылчу дейт,
Кайда барса кабылан,
Калбай ээрчип барчу дейт,
Талаадан талап олжо алса,
Так ортого салчу дейт,
Көзүнө көркөм мал болсо,
Көмүркөйдө зар болсо,
Мурун Көкчө алчу экен.
Көкчөдөн калган мал-пулду,
Анан хандар алчу экен,
Канкор Манас тушунда,
Хан Көкчө жайы бул экен,
Эр Көкчө жүрсө эркинче,
Жер жайнаган каңгайга,
Манас кармап бербесе,
Көпчүлүктүн ичинде,
Жетип ажал ал өлсө,
Сен алуучу кун бекен.
Айкөлдөн уулу Семетей,
Сен теңдешчү эр бекен,
Темир хандын шаарына,
Тентип барып келгени,
Сендей тентек көп чыкты,
Шылтоо кылп ар кайдан.
Кек алабыз деп чыкты.
Жекеге баатыр эр чыкты,
Нечен сендей шер чыкты,
Чын-чынына келгенде,
Чекесинен тер чыкты,
Чын ачуусу келгенде,
Кыйгына тийгенде,

www.bizdin.kg

Кызарып каны коюлду.
Катылдык кайдан бекер,
Как ошондо туйунду,
Айтканыңды ит уксун,
Үмүтөй, койгун мунуңду,
Семетей экөөң бөлөсүң,
Арстанды Үмүтөй,
Башкалардай көрөсүң,
Ачуусуна сен тийсең,
Күн көрө албай өлөсүң,
Азыр башың жаш экен,
Бузук сөздү койгунуң,
Буруп айтып барбаймын,
Алдын өзүм тосойун,
Арчы кишиң болойун,
Бакайга кылып кеңешти,
Каныкейге угузуп,
Сары ханга туйгузуп,
Семетейди сен үчүн,
Алып келсем болобу,
Экөөң карын бөлөсүң,
Туугандык кылса Семетей,
Урматын анын көрөсүң,
Абама бара калайын,
Айтып кабар салайын,
Туугандык кылса Семетей,
Алып келе калайын,
Душмандык кылса тил албай,
Анда кабар кылайын,
Деп айтканда гүлчоро,
Ач бөрүдөй умтулуп,
Чапанын тетир кымтынып,
Хан Көкчөнү эске алып,
Төрө Үмүтөй үшкүрүп,
Ачууланып бакырып,
Алдындагы чорого,
Абыдан сүйлөп бакырып,
Айбан, кул, азыр жөнөгүн,
Жөнөбөй койсоң тил алып,
Кордукту менден көрөсүң,
Жамандык менден калбасын,
Семетейге  барып кел,
Айтып кабар салып кел,
Жарашам десе семетей,
Жөө ыйлатып алып кел,
Ылдамыраак барып кел,
Зарыктырбай бачым кел,
Деп үмүтөй айкырып,
Каарданып бакырып,
Кабыландай капшырып,
Гүлчорону жапырып,

www.bizdin.kg

Калба салган жери ошол,
Кабыл алып Гүлчоро,
Кайра тарткан жери ошол,
Алдындагы тулпарга,
Аябай камчы урду эле,
Учкан куш менен жарышып,
Семетейдин алдына,
Барып чоро турду эле,
Кепти мындай урду эле,
Келгениң арзан жоо эмес,
Адам болжоор доо эмес,
Карандай эмес кун экен,
Келген киши Үмүтөй,
Хан Көкчөнүн уулу экен,
Тосуп жолун муунадым,
Торгоп жолун сурадым,
Ар канча кылсам далалат,
Болбой койду тууганың,
Баштан аяк кеп салдым,
Карын бөлөң Семетей,
Тартышпагын деп салдым,
Өзү билип узатат,
Тайышпагын деп салдым,
Бүгүн конуп жаткын деп.
Кегиң болсо Үмүтөй,
Кеңеш кепке болбосоң,
Аскериң эртең бөлгүн деп,
Ошондон бери мен айттым,
Ар канча акыл кеп айттым,
Үмүтөй өзү бек экен,
Айткан сөздөн жанбаган,
Дегенин кылбай калбаган,
Көк темирдей эр экен,
Көгүрөөк туулган неме экен
Эби келсе абаке,
Тууганыңа теңелбе,
Душман киши ал эмес,
Тууганыңа өчөшүп,
Душмандашып калганың,
Семетей сага жол эмес,
Аттанып алып баралы,
Астына жакын калганда,
Аттан түшө калалы.
Саламдашып салалы,
Алып келип кондуруп,
Аш-тамакка тойдуруп,
Кеңеш кепке кандырып,
Жолжобосун кылалы.
Ошентип көөнүн алалы,
Тууганды сактап калалы.
Салам айтып койгонго,

www.bizdin.kg

Салтың кетпейт, абаке.
Аттан түшө калганга,
Арстандыктан тайбайсың,
Алдын тосуп коелу,
Ал өңдөнгөн айбандын» -
Деп, Гулчоро айтты эле,
Семетей анда кеп айтат:
«Эр Гулчоро, инимсин,
Иним эмей кимимсиң?
Үстүңө соот кийгиниц,
Астыңа тулпар мингиниң.
Семетей кайсы, сен кайсы,
Алдына барып келгиниң.
Айтпадымбы өткөндө,
Бердим сага бийлик - деп.
Эр кадырын, эр билет,
Сен билбесең ким билет?
Үмүтөйдүн алдында,
Семетей аттан тушту - деп,
Дос, душман укса эл күлөт».
Деп, айтканда Семетей,
«Койчу, абаке, кебиңди,
Жарабаган пейлиңди!
Кандай дээр экен - деп,
Кылып турган кебиңди?
Буурулду минип өзүң бар,
Балдан ширин сөзүң бар.
Күлсө күлсүн душмандар,
Ага жакын барганда,
Буурулуңан түшө кал!
Олуттуу сөздү өзүң сал,
Тууган менен кектешип,
Душмандан бетер жектешип,
Кекенишип жүрбөйлү,
Казак, кыргыз бир тууган,
Чекелешип жүрбөйлү.
Эр сайышчу немедей,
Жекелешип жүрбөйлү.
Жүргүн, аба, жүргүн - деп,
Гүлчоро ага болбоду!» -
Гүлчоро канча кылса да,
Семетей болбой койгону:
«Айланайын, Гүлчоро,
Аттанып чыксаң акжолтой,
Артымда жүрсөң сан колдой.
Кун дегени шылтоосу,
Үмүтөйдүн сыры бул,
Көз көрүнөө турбайбы?
Койгун, чором, барып кел,
Айтканыңа тил алса,
Ээрчитип аны алып кел

www.bizdin.kg

Эрдик кылып көгөрсө,
Башын кесип кайтып кел.
Бастыргын, чором, бастыр» - деп, -
Башын чайкап турду эле.
Алдындагы Суркоен,
Башын чороң бурду эле.
Ак маралдай аргытып,
Артынан чаңын бургутуп.
Суркоенду суурултуп,
Көөдөндөн терин жуурултуп.
Сактап туруп калды - деп,
Сабап жүрүп олтуруп,
Жетип чороң барды - дейт.
Чорону көрүп Үмүтөй,
Ач арстандай күңгүрөп,
Мас болгон нардай кеңгиреп,
Айласын таппай зеңгиреп.
Эзилип барат эт жүрөк,
Эси оогондай делбиреп:
«Коркконуңан сен чоро,
Кошуун жыйнап жүрдүңбү?
Кара кыргыз журтуңду,
Карбаластап сүрдүңбү?
Айкөлдүн уулу Семетей,
Айтканыма көндүбү?
Кучактоого тиземди,
Алдыма менин келдиби?
Кетип кайра келипсиң,
Арачы киши сенсиңби?
Мал, пулунду албаймын,
Семетей келип тиземди, Кучактабай жанбаймын!» -
Деп, Үмүтөй айтканда,
Анда чоро кеп айтат:
«Ой, Үмүтөй - деп айтат.
Пейлиңден жангын, баатыр сен,
Абакеме бардым мен.
Семетей жаман кылбады,
Үмүтөйдү алып кел,
Өзүм жолго салам - дейт,
Мен жарашып калам - дейт.
Кээ бирөөлөр артынан,
Ушак-айьң кылышып,
Семетейди сараң. - дейт.
Андай эмес абакем,
Кеңчилиги кармаса,
Ырайым шапкат анда бар.
Көңүлү жумшак мунайым,
Көп жашаган карыдай,
Тарчылыгы кармаса,
Тартынып ал калбаган.
Чын ачуусу келгенде,

www.bizdin.kg

Эч нерседен жанбаган.
Чоӊ атасы Жакыпты,
Жоодон бетер жайлаган.
Эби келсе баралы,
Жарашып биз калалы». -
Деп, айтканда Гүлчоро,
Ага Үмүтөй болбоду,
Болбой мойнун толгоду.
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргарып.
Өткүр болот Сырнайза,
Имере кармап колго алып,
Күчүн күүлөп күркүрөп,
Көргөндүн бойу дүркүрөп.
Көк дөбөдөй Үмүтөй,
Күӊгүрөнүп айтты дейт:
«Жуукурланган жойпу кул,
Көрүчү ишиӊ мына бул!
Өзүӊ чоро кул болсон,
Мени менен теӊ болсоӊ,
Туруп берчи эр болсоӊ.
Мурунку кезек меники,
Кийинки кезек сеники.
Майданга чык сен - деди,
Өлбөй калсаӊ кутургур,
Кезегиӊди аларсыӊ,
Өлүп калсаӊ жойпу кул,
Куурап көрдө жатарсыӊ.
Калбайсыӊ өлбөй тирүү сен,
Өлтүрбөй койбойм сени мен!»
Деп, айтканда Үмүтөй,
Кабыл алып Гүлчоро,
«Менден күчтүү эр эмес,
Көмө сайчу неме эмес.
Күркүрөгөн Үмүтөй,
Ар качан мага теӊ эмес».
Чамасын ойлоп Гүлчоро,
Турду карап чакчайып,
Күжүлдөгөн Үмүтөй,
Күүлөп найза колго алып.
Алдындагы тулпарга,
Айабай камчы бир салып.
Качырып жетти чорону,
Үмүтөйдүн ойунда,
Эми тируу болобу?
Күркүрөтүп найзасын,
Уруп өттү чорого.
Бүтүлүү тоодой былк этпей,
Туруп калды Гүлчоро.
Үмүтөй өтө бергенде:
«Кезегиӊди алдыӊбы,

Армансыз болуп калдыңбы?!
Эмики кезек меники,
Өкүмсүнгөн Үмүтөй,
Кезекке келер жансыңбы?!»
Үмүтөй ойлоп сабылып,
Ажалга калды кабылып.
Эрлик кылып күркүрөп,
Туруп берди ал барып,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Алдындагы тулпарын,
Айабай чаап жүгүрткөн.
Жетип найза салды эле,
Күчтүү найза жеткенде,
Күркүрөгөн Үмүтөй,
Учуп кетип калды эле.
Аттан түшүп жыгылып,
Топого башы тыгылып.
Калың казак көп журту,
Гүлчорого сыйынып:
«Жамандык жок биздерде,
Жайсыз ушул сиздерге.
Казат кылып келбедик,
Айдалып келдик бул жерге...»
Эли мындай деди эле,
Эми кандай кылам деп,
Гүлчоро карап турду эле?
Сары хан, Бакай, Каныкей,
Чатактын болуп жатканын,
Найзага кол артканын,
Кабар таап укту эле.
Эки тууган кишини,
Эрегишке калтырбай,
Айрыйлы - деп - калышты,
Кеңеш кебин салышты.
Аттанышып жарышып,
Аскер жаткан алкымга,
Салып жетип барышты.
Бара жатса чоң, жолдо,
Үмүтөйдү дардайтып,
Жарып салган турбайбы?
Кужуру күчтүү Гүлчоро,
Сайып салган турбайбы?
Келгени бекер болушту,
Кудай муну эчакта,
Уруп салган турбайбы?
Хан Бакай келип кеп айтып:
«Келипсиз бекер - деп айтып.
Кыргыз, казак эки журт,
Кекенишер бекен - деп, -
Кеңешти абдан кылышты,
Кечиришер бекен» -деп?

www.bizdin.kg

«Семетейге баралы,
Үмүтөйдү жакшы көөмп,
Калың казак элине,
Тартуу тартмак кылалы.
Жараштырып эки элди,
Жайлап көөнүн тыналы». –
Үмүтөй сөөгүн жүктөтүп,
Казактын элин чубуртуп,
Кардынын канын куйултуп,
Үмүтөйдү алпарды,
Эл жыйылган Коргонго.
Хан Бакай келип кеп айтат:
«Э, кокуй, балам Семетей,
Эмне болдуң - деп айтат?!
Кужуру катуу Гүлчоро,
Сайып салган турбайбы?
Кара боорун кан кылып,
Сайып аттан түшүрбөй,
Жарып салган турбайбы?
Жай болуп эчак Үмүтөй,
Жаны чыккан турбайбы?
Өпкө, жүрөк толтодон,
Каны чыккан турбайбы?!» -
Гүлчоро анда кеп айтат:
«Абаке, уккун -деп айтат.
Абамдын кебин алгамын,
Айтып кеңеш салгамын.
Айтканын алып абамдын,
Анан кийин баргамын.
Жанбай койду нээтинен,
Кезектешип калгамын.
Алды менен ал сайып,
Артынан мен сайгамын.
Кайдан билдим, абаке,
Күүлүү найза жарганын.
Калбады деймин ойумда,
Үмүтөйдүн арманы.
Ал анткени катышып,
Өзү салды калбаны.
Абакем баатыр Семетей,
Алдына айтсам барбады.
Алып кел - деп алдыма,
Мени жолго салганы.
Айтканга анык тил албай,
Жайылдык кылса Үмүтөй,
Сайып кел - деп айтканы.
Ошол үчүн сайдым мен,
Өпкө, боорун жардым мен». -
Каныкей келип кайгырып,
Кошуп ыйлап бакырып.
Семетейге муну айтат,

www.bizdin.kg

Жашын төгүп чакырып:
«Ой, Семетей, чунагым,
Үмүтөй сенин тууганың,
Бул эмине кылганың?!
Эжемдин көзү барында,
Эмгекти салдың аларга.
Армандуу эжем Агеркеч,
Эми калды кайгыга.
Үмүтөйдү өлтүрүп,
Найзаңдын үчүн кан кылдың.
Карыганда эжемди,
Казактарга кар кылдың!»
Каныкейди ээрчишип,
Чуркурап баары ыйлашып,
Көшөгө тартып бетине,
Өлгөндүн жолун кылышты.
Өкүрүп ыйлап зыйнаттап,
Өлүгүн жакшы көмүштү,
Кектүү кылбай бул элди,
Узаталы дегенге,
Баары тегиз көнүштү,
Айдап калың мал жыйды,
Алтын, кумуш зар жыйды.
Тартуу тартмак кун малый,
Так келтирип, жам кылды.
Семетей өзү башкарып,
Ар бир эрдин колуна,
Бирден тулпар ат берди.
Арттырып алтын, кумушту,
Айры өркөч нар берди.
Канчоро анда кеп айтат:
«Кагылайын, абаке,
Кебимди уккун - деп айтат.
Абаке, бугун не болдун,
Акылың кайда жоголдун?
Жамандык күнү бир жургөн,
Жакшылык күнү жай билген,
Жанаша казак эл болсо,
Хандык жолу, эрлиги,
Сени мен ей тең болсо.
Энекең  сенин Каныкей,
Акеркеч менен бир тууган.
Арстандык кылып, абаке,
Көңүлдөн кирин жуубасаң.
Катын да болсо Акеркеч?
Кабы толбой калбайбы?
Берсең боло тартууга,
Тай буурулдай бууданды!» -
Деп, айтканда Канчоро,
Кийинкисин ойлобой:
«Ырас айтат Канчоро,

www.bizdin.kg

Агеркеч көөнү агарсын,
Тай буурулду берейин,
Капасы ичтен тарасын.
Талаштырбай чорону,
Суркойонду минейин,
Айгайлаган жоо болсо,
Жан айабай тийейин».-
Деп, ойлонуп Семетей,
Тай буурулду берди - дейт.
Калың, казак кош болуп,
Кайра жанып кетти - дейт.
Айрылып аттан Семетей,
Акылдан жаман танды дейт.
«Тай буурулдун кеткени,
Арстандын уулу Семеңдин,
Ажалынын жеткени», -
Деп, элде макал калды - дейт.
Арамзада Канчоро,
Ар жоругу бар чоро,
Абасын айрып Буурулдан,
Анын да көөнү тынды - дейт.
Муну мындай таштайлы,
Кайран баатыр Семетей,
Казаасынан баштайлы.

www.bizdin.kg

## КАНЧОРОНУН КАСТЫГЫ,

## СЕМЕТЕЙДИН КАЙЫП БОЛУШУ

Семетейдин катыны,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Эрке катын атанып,
Жүргөндө жанды элебей,
Айчүрөк келип пас болду,
Семетейге кас болду.
Суйук айак шерменде,
Сур жыландай сойлоду.
Канчорону кара нээт,
Кашына тартып ойноду.
Шыңкылдап күлүп, наз кылып,
Айлантып башын, мас кылып,
Канчорону туз урган,
Кастыкка аны маш кылып.
Бир кишиге билгизбей,
Шыбырашып кеңешип,
Хандыкты тартып алууга,
Кайрап азуу эгешип.
Семетейди өлтүрүп,
Айчурөктү күн, кылып,
Канчоро менен Чачыкей,
Хан, ханышай болууга,
Атак, даңкын дүң кылып.
Арамдык менен астыртан,
Айла, амал, чара издеп,
Кайда болсо жамандык,
Калтырбастан кана издеп.
Жибермек болуп Кыйазга,
Жылмасынан жана издеп.
Чачыкейге Канчоро,
«Толтойдун уулу хан Кыйаз,
Толкундаган эр - деген.
Тобокел кылса бел байлап,
Тоону бузар шер -деген.
Биз жедигерди алганда,
Жезкемпирдин жети уулун,
Хан көтөрүп жанганда,
Угуп көрсөм укмуштан,
Жети ханга ээ кылбай,
Тизгинди Кыйаз алыптыр.
Жедигерлик Кыйазды,
Хан көтөрүп салыптыр.
Кат жазайын, жеңеке,
Хан Кыйаздын өзүнө.
Атасынын күнү үчүн,
Намысы болсо кирер, дейм,

www.bizdin.kg

Менин айткан сөзүмө.
Жедигердин жети уулун,
Жалматайын ал жерде,
Калың колун каптатып,
Айдатайын бул жерге.
Алдынан тосуп барайын,
Болжол кылган күнүндө.
Айла кылып азгырып,
Семетейди Буурулдан,
Айрылттым мен бул күндө.
Кызыталак кан ичме,
Калды кыйын оор күндө.
Семетейди жайласам,
Гүлчорону кармасам,
Арманым жок дүйнөдө!» -
Деп, ошентип Канчоро,
Чачыкей менен сүйлөшүп,
Өзүнө жакын кишиден,
Элөөсүз жүргөн кишини,
Хан Кыйазга атказды,
Мына мындай кат жазды:
«Уч атаңдан бер жакка,
Хандыгың, киши албаган,
Карлыкка сени салбаган.
Дүйнөнү бузган зор Манас»
Зардабы сага тийбеген.
Кан ичме жинди Семетей,
Хан кадырын билбеген.
Атаңды сенин өлтүрүп,
Кутурган кулу чорого,
Армандуу элиң. жердеген!
Койгун десем ошондо,
Тилимди менин алган жок,
Кичинесиң сен анда,
Каруу кылар дарман жок.
Жезкемпирдин жети уулун,
Хан көтөрдү элиңе.
Кар кылды сени Семетей,
Ээ кылбастан жериңе.
Эр Толтой үчүн өч алыш,
Барбы, Кыйаз, нээтиңде?
Аккан каны атаңдын,
Сактадыңбы эсиңде?
Эрдин уулу сен болсоң,
Кулак салгын кебиме.
Мен жактырам, хан Кыйаз,
Эрлигиңди пейлимде.
Жезкемпирдин жети уулун,
Эбин тапкын жериңде.
Кат жазып киши жибердим,
Хандыкты алгын колуңа.

www.bizdin.kg

Канкордун жакын жолдошун,
Баарын салгын жолуна.
Ажыраттым азгырып,
Тайбурул жок колунда.
Тартынбагын, сен Кыйаз,
Намысың болсо ойунда!
Бүгүнкү билсең билги иш,
Баары менин колумда.
Кор болдуң, бала чагыңда,
Хан атаңдын жогунда.
Эл жайлоодон кайтканда,
Айак оона айында,
Болорсуң менин жолумда.
Ошондо сага кездешем,
Тирүү болсом, өлбөсөм,
Ташкен менен Наманген,
Ортосунда ойдуңда.
Айтканымда жалган жок,
Сен керекке жарасаң,
Канчородо арман жок!
Жалганы болсо сөзүмдүн,
Көрбөйүн калган өмүрүм,
Аккелтенин огу урсун!
Ак милтенин чогу урсун!
Атаң Толтой баатырдын,
Арбагы мени дагы урсун!
Айткан сөзгө көнбөсөң
Асилим Кыйаз сени урсун!
Төбөсү ачык көк урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Олуйа заада пир урсун!
Машайык мазар дагы урсун!
Кайнаган кара шор урсун!
Көктө тийген күн урсун!
Ай караңгы түн урсун!
Караңгыны жарыткан,
Асмандагы ай урсун!» -
Деп, ошентип кат жазып,
Ишентип шексиз бат жазып,
Ичине кепти көп жазып.
Жолоочуга төп айтып,
Токтотпостон атказып:
«Хан Кыйазга барарсың,
Катты бере саларсың.
Канчалык тартсаң машакат,
Кийин жыргал табарсың,
Кызмат акың аларсың,
Берип келсең катымды,
Айтып келсең дартымды,
Өчүрбөймүн өлгүнчө,
Өзүңдүн, баатыр, атыңды!

www.bizdin.kg

Баргының, баатыр, жол болсун,
Жол болгондо мол болсун.
Кас санаган кишиңиз,
Таманыңда кор болсун!
Арбагың өрчүп чоң болуп,
Оорагың журттан зор болуп.
Бачымыраак барып кел,
Ар кайда жүрбөй чор болуп.
Көп кечикпей, кайтып кел,
Кат жазса Кыйаз, алып кел.
Көрсөтпөй жанга, катып кел,
Күндүз келбей, түндө кел.
Көрүнбөй башка кишиге,
Билесиң, үйүм, мага кел!
Жоболоң салбай темтеңдеп,
Жолдоку элден, сурап кел.
Канчоро барбы үйдө - деп,
Канык кабар, угуп кел!
Сырыңды жанга айтпагын,
Барбай жолдон кайтпагын.
Билесиң го, баатыр, ай,
Айткандан кайра тартпагын», -
Деп, ошентип Канчоро,
Жансызды жолго атказды.
Жансыз катты алды, дейт,
Хан Кыйазга барды, дейт.
Канчоронун каттарын,
Жайып, ачып салды, дейт.
Хан Кыйаз түркөй киши экен,
Кат билбеген эр экен.
Катты окуучу молдосун,
Жанындагы жолдошун,
Ээрчитип чыгып ээнге,
Бекинип барып олтуруп,
Улам-улам окутуп,
Абдан катка канганда,
Канчоро кебин укканда,
Кат жаздырып молдого,
Кат алпарган жансызды,
Кайта салды тез жолго.
«А, баракелде, Канчоро,
Кайраты толук,эр чоро.
Айткандын баарын сен кылсан.,
Мен ыраазы ошондо!
Айткан сөзүн, алтындай,
Айак оона айында,
Болжогон жерге барамын,
Кошун алып тартынбай.
Он беш күнү күтөмүн,
Он беш күндө келбесең,
Кайра жанып келемин.

www.bizdin.kg

Кылсаң, кызмат биз үчүн,
Кылча мойнум сиз үчүн
Эсирген канкор төрөдөн,
Эми алам өчүмдү.
Ишенген кишим сен болсоң,
Кунун алам атамдын,
Жарпын жазам капамдын!
Алдына салды кат жазып.
Хан Кыйаз канча ант жазып.
Анттарынын түрү көп,
Айткан сөздүн сүрү көп. -
«Сен ишенгин, Канчоро,
Мен дайармын, сөзүм төп!
Болжогон күнү барбасам,
Жетисуунун жери урсун!
Жел жетпеген пери урсун!
Жедигердин эли урсун!
Аккан суунун сели урсун!
Коргошундун кени урсун!
Чойун баштын деми урсун!
Ак болоттун мизи урсун!
Агар алтын, зар урсун!
Ак кагаздын каты урсун!
Ат башындай ак куран,
Айабастан дагы урсун!
Хан атам Толтой каны урсун!
Суугa буткөн сал урсун!
Кез жетпеген чөл урсун!
Куу жетпеген көл урсун!
Кайберендин пири урсун!
Олуйа деп атанган,
Чоң Ополдо чал урсун!
Сайып өнгөн бак урсун!
Салып чыккан там урсун!
Курт-кумурска, бөй-чайан,
Жан-жаныбар баары урсун!
Көрбөй туруп достошкон,
Ортого койгон ант урсун!
Калың, кара көп журттун,
Каары менен каны урсун!
Көрүстөндө көп арбак,
Оройлору дагы урсун!
Улуу жолдун чаңы урсун!
Унутсам сенин сөзүңдү,
Улуу атаңдын даңы урсун!
Берген антым ушундай,
Айткан жерде тосорсуң,!» -
Деп, ошентип хан Кыйаз,
Антын берип кат жазып,
Калган экен үйүндө.
Кебин уккан чоронун,

www.bizdin.kg

Алыска барган кабарчы,
Айлына келди түнүндө.
Карбаластап Канчоро,
Катты алып ашыгып,
Окуганча шашылып.
Айагына чыкканда,
Таң аткынча уктабай,
Жүрөгү толкуп атылып.
Сүрүп чыкты таң анда,
Эртең менен болгондо,
Элдин баары турганда,
Баса минип бууданын,
Хан Гүлчоро айлына,
Канчоро барып кеп айтат:
«Ой, Гүлчоро - деп айтат.
Чырпык бүрдөп, бүр байлап,
Жер чымырап, көк чайлап.
Үн алышып боз торгой,
Көкөлөп учуп, көп сайрап.
Кызыл-тазыл гүл ачып,
Чыгып келет, чөп жайнап.
Жаканын жалаң бойуна,
Жанашып айыл, бээ байлап.
Элдин баары ойдогу,
Жай мезгили болгон го?
Үйдө жатып нетебиз,
Не мураска жетебиз?
Аттангын, баатыр, Гүлчоро,
Киши алалы жумушкер,
Жайлоого барып, жер чалып,
Тоолордон кулжа, теке атып,
Тамаша кылып келели.
Арбын атсак текени,
Карылардын алдына,
Шыралга - деп - берели!»
Канчоро келип кеп айтты,
Гүлчоро - «макул» -деп айтты.
Тулпарын алып токунуп,
Азыгын жанга байланып,
Ок, дарысын мол алып,
Алты киши котчу алып,
Айылдан чыкты аттанып.
Кеңкөл өөдө жүрдү, дейт,
Кеңкөдун төркү башына,
Адырмак аска ташына,
Алар чыгып келди, дейт.
Тулаңы өнүп буралып,
Чырпыгы жерде чубалып.
Чөптүн баары чыгыптыр,
Жыпардай жыты жыттанып.
Жерди көрүп макташып,

www.bizdin.kg

Тоосунан кулжа, теке атып.
Жер күлгүндөй көрүнүп,
Көк ала жашыл саймадай,
Чөптүн гүлү бөлүнүп.
Сайма сайып койгондой,
Сай бойунда чечекей,
Азыркысын Кеңколго,
Чыккан экен ченебей.
Суусамырды сапташып,
Ат кулугун тапташып,
Тоонун баарын сакташып.
Тегеренип айланып,
Он күнү жүрүп жер чалып.
Өнгөн жери кайсы экен,
Өнбөгөн жери кайсы экен?
Көрөлү баарын - деп чалып,
Кара кылкан буудай баш,
Жел тийсе кылкып ыргалып.
Бетеге менен туланы,
Белден чыгып буралып.
Өтөктүн чөбү калкылдап,
Көк ала сайма түрүндөй.
Шамал тийсе жалтылдап.
Жайкалып ыраң чөп чыгып,
Калбай баары көп чыгып.
Жылгадан суулар жыбылжып,
Күлгөндөй гүлү жыбырап,
Кеңколдун өйүз-бүйүзү,
Караса көзгө жымылдап.
Чымын, чиркей туланда,
Көрүнбөй көзгө кымылдап.
Көпөлөк учуп, гүл жайнап,
Булбул сайрап, тил безеп,
Жан-жаныбар кыбырап.
Жашарып жайлоо толуптур,
Эл келер кези болуптур.
«Көчүрөлүк элди» - деп,
Кара нээт Канчоро,
Ортого кеңеш койуптур.
Кайра тартып калкылдап,
Күлүктөрү алкылдап.
Бар шайманы күмүштөн,
Кун чагылып жалтылдап.
Кеңколдо жаткан көп элге,
Салып кирип келди, дейт.
Эл, журтуна кеп айтып,
«Жайлоого көчкүн - деп - айтып»,
Көчүрүп элди чубатып.
Элдин баары жайлоодо,
Күлүктүн баары байлоодо.
Бээни байлап салышып,

www.bizdin.kg

Кысырак тандап сойушуп.
Шернени баштап койушуп,
Кыз, келинди чогултуп,
Комузчу, ырчы кубулжуп,
Кызыкка булар толушуп.
Күндө тандап тай сойуп,
Ага кошуп кой сойуп.
Жыргалдуу эли кыргыздын,
Ар кайсы жерде той болуп.
Балдары майга карабай,
Келиндер каймак жалабай.
Кийгени кызыл шайыдай,
Кыңгыранган уулдар,
Каз, өрдөктөй катарлаш,
Керилген келин, сулуу кыз,
Салтанат сайран курушуп,
Шапар тээп тунушуп.
Абышка, кемпир бөлүнүп,
Айылдын чыгып четине,
Сакалдарын жайкашып,
Кымызга балды чайкашып.
Жыргалга баткан кыргыздар,
Айылчылап сыйлашып.
Жайында чыккан жайлоого,
Жай өтүп, жакын күз жетип
Кызыл-тазыл гүл бүткөн,
Кыйартып өңүн өзгөртүп.
Мал семирип, нык болуп,
Эл семирип, бук болуп.
Аш, той берчү чак болуп,
Канчоронун көөнүнө,
Хан Кыйаз кеби жат болуп.
Болжол кылган күндөрү,
Жетип келген чак болуп.
Эр Гүлчоро үйүнө,
Канчоро келип бир күнү:
«Кагылайын, Гүлүстөн,
Кабарың, барбы бир иштен?
Ат семирип, бук болду
Эр семирип, нык болду
Аш, той берер чак болду,
Көптөн бери карата,
Барбай койдук эч жакка.
Суркойон берчи минейин,
Буулумуң берчи кийейин,
Бул жолумду билейин.
Буркуратып олтуруп,
Ташкендин үстү улуу тоо,
Самаркандын чеги ошо,
Салган бойдон барайын,
Дүрбү салып карайын,

www.bizdin.kg

Айактан кабар алайын.
Ал жактын жолу аруудур,
Эзелде бизге калган жок,
Атышам - деп,- белин буур.
Айакта киши жок болсо,
Ал учун көөнүм ток болсо.
Намангендин астына,
Кең Кокондун үстүнө,
Таш чокунун башына,
Жана айланып барайын,
Дүрбү салып карайын.
Испан менен Ирандан,
Кокон менен Кашкардан,
Келбесин кокус кас душман.
Аруулап жолун чалайын,
Адырда жүргөн эл болсо,
Айттырып сөзгө канайын.
Алыстан келген жоо болсо,
Айгайлап найза салайын.
Атабыз Манас болгон соң,
Айанып кантип калайын?
Жол аманын билейин,
Жообун айтып келейин!” –
Деп, ошентип Канчоро,
Гүлчорого айтты кеп.
Аны угуп Гүлчоро,
Канчорого «бали» - деп,
Баары болду кош убак.
Камданып чоро аттанып,
Суркойондой атты алып.
Жанына азык байланып,
Жагалмайдай зыпылдап,
Ташкенди көздөй айланып.
Самаркандын чегинен,
Ташкендин үстү белинен,
Ошондо барды жол чалып.
Дүрбүсүн колго алыптыр,
Туш-тушка көзүн салыптыр.
Көрүнгөн жок эч караан,
«Келбей калган окшойт» - деп,
Кыйазга айран калыптыр.
Мындан айла болбоду,
Маң, болуп башы ойлонду.
Суркойонду аргытып,
Наманген менен Коконго,
Барайын - деп, - толгонду.
Суркойонду чуу койуп,
Тер агып, тулпар суу болуп.
Канчоро келет ичинде,
Семетейге жуу болуп.
Намангендин астында,

www.bizdin.kg

Кең Кокондун үстүндө,
Чокунун чыгып башына,
Көчүгүн койуп олтуруп,
Көмүрдөй кара ташына.
Дүрбүнү алды колуна,
Салгын - деп, - кудай оңуна.
Дүрбү салып карады,
Туш-туштан келчү жолуна.
Көрүнбөдү эч нерсе,
Капаланды Канчоро,
Хан Кыйаздын жогуна.
«Келбей калган экен» - деп, -
Эми алып ойуна.
«Кетсемби» - деп олтурса,
Капаланып ордунда.
Мылтыктын үнү тарс этип,
Аңгыча зоонун боорунда.
Жаңырып катуу угулду,
Чоронун өңү кубулду.
Суркойон менен койгулап,
Ойдунду көздөй чумулду.
Барып түштү адырга,
Адамдын саны өтө көп,
Баштаган калың, колунда.
Тоодой болгон түгөнгүр,
Хан Кыйаз турат тобунда.
Келген экен жол алып,
«Канчоро келип калат» - деп,
Мылтык атып, үн салып.
Жүргөн экен хан Кыйаз,
Аң уулаган баштанып,
Канчорону көргөндө,
Хан Кыйаз кетти кубанып.
Алдына келип ат алып,
Канчоро менен көрүшүп,
Сагынышкан немедей,
Кучакташып өбүшүп.
Дасторконун жайышып,
Тамактанып алышып.
Муңдуу кебин салышып,
Муңдашып булар канышып.
Ортого антын койушуп,
Кудайлык дос болушуп.
«Семетейди сойсок - деп,
Эркибизче болсок» - деп, -
Ээн талаада сүйлөшүп,
Өздөрүнчө күүлдөшүп.
Сийгели эшикке чыкса да,
Бирин бири жүр - дешип.
Калган журт турат булардын,
Айбатынан сүрдөшүп.

www.bizdin.kg

«Жансыз киши жиберип,
Хан Кыйаз, сени бел кылдым.
Жазган катың барыптыр,
Көргөндө аны дем кылдым.
Болжолдуу күндөн калбайт - деп,
Жолуңду тосуп мен келдим.
Жолдон кабар алам-деп,
Жоодон чалгын чалам - деп,
Тулпарын сурап, мен алдым,
Туралбай жолго мен салдым.
Ачылган экен чоң багым,
Сага окшогон туйгунду,
Жолдон таап, мен алдым.
Жолборс Кыйаз аман бол,
Жоого бүлүк салгын - деп,
Абайлап туруп анык ук,
Ажырап сенден кетпеске,
Сага берген антым - деп.
Карабасаң сен мага,
Арамдык кылсам, мен сага,
Алла таалам өзү урсун!
Ак курандын сөзү урсун!
Айрышалык, бөз урсун!
Жерден чыккан чөп урсун!
Алышып койгон кол урсун!
Айтып койгон сөз урсун!
Ажалдуу дажаал огу урсун!
Ак милтенин чогу урсун!
Айанбагын, хан Кыйаз,
Көрдүм сени көөнүм ток,
Мындан башка кебим жок.
Кайта жолго салайын,
Жайлоодо жаткан көп элге,
Жол аруу - деп, - барайын.
Семетейди сездирбей,
Гүлчорону туйгузбай,
Айла кылып аздырып,
Атасынын көрүнө,
Алып келе калайын.
Айга он беш күн болсун,
Болжолубуз бул болсун!
Алып келем аздырып,
Как ошол күнү, хан Кыйаз,
Сен Таласта болорсуң!
Болгун аман, сен - деди,
Бастырайын мен» - деди. –
Кубанып айткан кебине,
Таңуу болгон белине,
Таарынган элде бегине,
Анда Кыйаз муну айтат:
«Кагылайын, Канчоро,

www.bizdin.kg

Кайратың артык, эр чоро.
Кабыландай, сен чоро,
Семетейди сездирбей,
Алып келсең, болжолго,
Мен дайармын ошондо.
Үч күнү сени күтөмүн,
Үч күнгөчө келбесең,
Үйүмө жанып кетермин.
Кол салар менде айла жок,
Өз айлыма жетермин.
Ойлонсом, ичим болот чок,
Семетей мага салган от.
Чынкожону жалмады,
Хан Толтойду кайсады.
Калган журтту арбады,
Хан башымды кар кылды.
Жезкемпирдин жети уулун,
Жедигерге хан кылды!
Аз келгенсип анысы,
Алым, салык көп алды.
Жыл сайын айдап, мал алды,
Ар качан салып түйшүктү!
Хан атам Толтой эр экен,
Кара кулак шер экен.
Эрдик аты болбосо,
Акылы анын кем экен.
Мингени болсо Суркоен,
Чынкожо болсо жолдошу,
Учуп жүрүп асманда,
Алдырып ийип өлүптүр,
Жерде жүргөн арстанга.
Артыкча ичим бек ооруйт,
Гүлчоро башын алганга!
Минген атың ушубу?!» -
Суркойонду көргөндө,
Кыйаздын көөнү бузулду.
Көзүнөн анын кандуу жаш,
Дайра болуп куйулду.
Суркойондой күлүктүн,
Соорусунан сылады,
Көзүнүн жашын тыйбады,
Как какшап жана ыйлады.
«Кагылайын, Суркойон,
Минерге күнүм болорбу?
Семетейден кутулуп,
Жүрөр күнүн, болорбу?
Жедигердин жети хан,
Билер күнүм, болорбу?
Гүлчорону өлтүрүп,
Күлөр күнүм, болорбу?
Тууруна атамдын,

www.bizdin.kg

Конор күнүм, болорбу?» -
Күңгүрөнүп хан Кыйаз,
Көңүлү жашып турганда,
Канчоро анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кабылан Кыйаз, эр десем,
Карапайым, сен белең?
Канкордон сени куткарбай,
Кантип мында мен келем.
Төрө Кыйаз, сен десем,
Төбөңдөн урган, сен белең?
Төрөдөн сени куткарбай,
Түгөнгөн мен не келем?!
Тартып берем атыңды,
Алып берем дартыңды.
Тийгиземин багыңды,
Мингиземин тагыңды!
Бекем байла белиңди,
Бышык кылгын кебиңди.
Болжолдуу күнү барбасаң,
Бузуп, чабам элиңди!
Кош, аман бол»-деп айтты; -
Суркойон минип аттанды.
Хан Кыйаз менен бирлешип,
Канчоро көөнү шаттанды.
Күнү-түнү дем албай,
Күндөп, түндөп жол журуп,
Сууп калган тулпарды,
Айабастан жол жүрүп,
Түк кишиге көрүнбөй,
Жан адамга билинбей,
Түн ичинде келди эми.
Атын байлап алыска,
Ары жок туулган түгөнгүр,
Жарагансып намыска,
Чачыкейдин үйүнө,
Басып келди бул эми.
Жанына барып, жай алып,
Анда жатып жайланып,
Барып келген жолунан,
Баштан айак кеп салып:
«Он беши күнү бул айдын,
Падышаң сенин Семеңди,
Кең Таласка күмбөзгө,
Алып барамын - деп - салып.
Унутуп калбай Чачыкей,
Жүргүнүң сен камданып.
Катыгүн, болуп калбайлы,
Катындык кылып, кеп салып!" –
Таңга жакын болгондо,
Чыгып кетти, Канчоро.

www.bizdin.kg

Айылына жолобой,
Жүрүп кетти, Канчоро.
Күн козу түш болгондо,
Суркойон менен шалкылдап,
Кирип келди, Канчоро.
Кара күчкө каткырып,
Күлүп келди, Канчоро.
Арамдыкты көөнүнө,
Түйүп келди, Канчоро.
Ак жери жок кылайган,
Арамзада, ал чоро.
Карыган Бакай, Сары хан,
«Жакшы кызмат кылды» - деп –
Ыраазы болду ошого.
Бара калып кеп салып:
«Бардым чекке жол чалып.
Самаркандын чегинен,
Кең Ташкендин белинен,
Дүрбү салып жол чалдым.
Адам эмес айбан жок,
Жериң ээн калыптыр,
Ошол ишке таң калдым.
Намангендин астында,
Кең Кокондун үстүндө,
Таш чокуга мен бардым,
Кашкар жаккы белдерге,
Калмак, кытай элдерге,
Дүрбү салып карасам,
Каргасы учуп келбеген,
Калбаган экен бизге дейм,
Каш кайтарар бендеден.
Каркып жайлоо толуптур,
Камданып журтуң, болуптур.
Той берүчү, аш берчү,
Маалы элдин болуптур.
Саргарып эгин бышыптыр,
Алманын шагы ийилип,
Кыргыек учар табы экен.
Шашылып калат күн өтсө,
Эл камыңар чагы экен.
Эп келсе, аба, өзүнө,
Кулак сал менин сөзүмө.
Жаз жаркырап келгели,
Күзгө жакын болголу,
Тайыбадык күмбөздү.
Он беши жакын болуптур,
Ортосу айдын толуптур.
Сайрап жатып, так чарчап,
Күкүктөрү солуптур.
Күмбөздү тайыр мезгили,
Байкасам анык болуптур.

www.bizdin.kg

Ак боз бээни алалы,
Атакемдин ак үйгө,
Биздер жетип баралы.
Ай тамактап чалалы,
Куран окуп жаналы.
Эки, үч күндө барбасак,
Капташабыз аш, тойго.
Мийзам учуп, кыш түшүп,
Окубай куран калабыз,
Эл кыштоого конгончо».
Деп, ошентип Канчоро,
Семетейге айтты эле,
Канчоро кебин укту, дейт,
Кубаттап аны тутту, дейт.
«Ак боз бээни тапкын - деп,
Ырас экен ушул кеп.
Элебепмин мурун» - деп,
Камынып Семең барарда,
Каныкей кабар алды эми.
Семетейдин айлына,
Серпилип басып келди эми.
Семетейге карата,
Каныкейдин дегени:
«Койгун, балам, тил алгын,
Сөзгө кулак сен салгын.
Жайлоонун көрүп ыраатын,
Күзгөчө балам тынч алгын!
Түшүмдө көрдүм шумдукту,
Үйүңдөн чыкчу күн эмес,
Талаада калды токумуң.
Суркойон атың токулбай,
Ак кураның, үйүңдө,
Ачылбай калды окулбай.
Аккелте ичи дат болду,
Сырнайзаң сынып бүктөлдү.
Ак күбө тонуң чечилди,
Айбалтаң мизи кетилди.
Алыстан келип көп душман»
Кармап алды түшүмдө,
Сага окшогон жетимди!
Күмбөзгө барар кез эмес,
Көргөнүм төгүн түш эмес.
Кой, кулунум, барба - деп,
Каныкей турду кан какшап!»
Кандуу жаш көздөн чубуруп,
Өңүрү ылдый куйулуп.
Ал аңгыча Айчүрөк,
Басып чыкты эшикке:
«Кулак сал, деп кекешке.
Энекем тилин алгының
Бул пейлиңен жангының

www.bizdin.kg

Он, он беш күндө эл көчөт,
Эл күздөөгө түшкөндө,
Элге кабар салгының
Түлөө чырак өткөзүп,
Көпчүлүк менен баргының.
Баарыбыз тегиз баралы,
Атакемдин арбагын,
Баарыбыз сыйлап жаналы».
Деп, ошентип айтты эле,
Барбас болуп күмбөзгө,
Семетей көөнү кайтты эле.
Канчоро анда кеп айтат,
Кеп айтканда бек айтат:
«Кагылайын, абаке,
Аттанып кайра жанганың.
Айынкуштап калганың,
Башынан бери калбады,
Эркектин кылган ишине,
Айчүрөк кирип алганың.
Айагансып тосоттоп,
Абакемдин бир малын.
Өзүң билип эл бийлеп,
Аз эмес сенин жыргалың.
Жүрү, абаке, бастыргын,
Катынга карап калбагын!» -
Деп, ошентип Канчоро,
Атын сайга салды эле,
Бура тартып алды эле.
Атка минген Семетей,
Кайра түшүп калалбай,
Бастырмак болуп калды эле.
Каныкей туруп кеп айтат:
«Кулунум, уккун - деп айтат.
Катындын тилин албадың,
Кайрылып кайра жанбадың,
Эми энеңдин сөзүн танбагын!
Оолуккан чунак баласың,
Көп кечикпей жакында,
Кеңколго көчүп барасың,
Эмне мынча шашасың?!
Ак боз бээни баш кылып,
Көбүрөөк кылсаң түлөөнү,
Кечирет кудай күнөөнү.
Алдында айттым өзүңө,
Ишенбедиң түшүмө.
Үйдөн чыкчу жакшы эмес,
Алсаң, балам, тилимди.
Бүгүн жылдыз каршы экен,
Сенин атаң Манастан,
Калган, балам, шарт экен.
Ай менен күндү эсептеп,

www.bizdin.kg

Жылдызга каршы күндөрдө,
Серпилип атка минчү эмес,
Үйдөн карыш жылчу эмес.
Ата кылбас иш кылса,
Бала жакшы болчу эмес!
Аттанар болсо бир жакка,
Төлгө ташка барчу эле.
Аккула менен далбайып,
Арыштап чуркап калчу эле.
Көнөктөй кара төлгө таш,
Көтөрүп көрчү ошону.
Алмадай алып ыргытса,
Айылга келбей кетүүчү,
Ала салбай таш койсо,
Аста келип жатуучу.
Атаңдан калган иш ушул,
Эч болбосо чунагым,
Төлгө ташка баргының!
Төлгө ташты алып көр,
Төлгөңдү жакшы салып көр.
Төлгө таштан сыр көрсөң,
Кайта үйүңө жана көр!
Ажал жакын адамга,
Каш, кабактын арасы,
Алды-артына карачы!»
Канчоро анда күүлөнүп,
Каныкейге сүйлөнүп:
«Карыганча какжаңдап,
Калбады сенин дүмөгүң!
Ажал келип турганын,
Ачык аны көрдүңбү?
Жебирейип келгенин,
Же көрдүңбү, билдиңби?
Гүлчоро турса жанында,
Канчоро турса артында.
Кадамы катат эмеспи,
Кандай адам катылса?
Бастырбай тосуп алдыңар,
Бүгүн абам аттанса!
Карып калган окшойсуң,
Кайсоолойсуң көп сүйлөп.
Карылыгың эмеспи,
Ажал турат - деп сүйлөп.
Эми, энеке, ылгагын,
Сүтүңдү берип сен баксан,
Күчүн берген, абакем.
Жакшы, жаман күн болсо,
Жан айабай кошулуп,
Ээрчиген чоро биз элек.
Күмөн албас кеп кылып,
Абакемди тостуңар.

www.bizdin.kg

Каныкей менен Айчүрөк,
Бул кебиңди ит уксун!
Ит укпаса ким уксуң?!
Козголбостон көтөргөн,
Тепсеген кара жер уксун!
Жүрү, абаке, бастырчы,
Буларды карап ким турсун!»
- Деп, айтканда Канчоро,
Каныкей айтат ошондо:
«Айланайын, балам, - деп,
Айтайын сөзүм саган - деп,
Кан чыккан эмчек, сүт чыкпай,
Саа салганда, балам,- деп.
Ошондо бойум чыйрыккан,
Кастык кылат белем - деп.
Бастыргын - деп,- шаштырып,
Тынч жаткалы койбодуң,
Бул эмине кастыгың?
Бир жакты көздөй бастырсаң,
Тил албоочу шаштыгың,!» -
Каныкей андай дегенде,
Ачуусу келип Канчоро,
Тең, сүйлөшүп, бирге өскөн,
Бели катуу эр чоро:
«Буурул атты минбедим,
Буулум тоңду кийбедим,
Ар качандан бир качан,
Абам менен Каныкей,
Гулчорочо көрбөдүң!
Тайуучу арбак сеники,
Арбак тайып келгенге,
Эмне мынча тергедиң?!
Ачасы чыгып кебиңдин,
Гүлчорочо болбодум,
Өмүрүмчө теги мен!
Ойума түштү атакем,
Барбасаңар мейлиңер,
Өзүм барып келемин!"
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргарып.
Катуу сүйлөп бакырып,
Капаланып чачылып.
Канчоро жөңөй бергенде,
Арча тору буурулга,
Семетей турбай камчы уруп,
Баатыр Гүлүс көкжалың,
Артынан ээрчип бастырып.
Карап калды Каныкей,
Ээрчип карап баласын,
Эки көзүн жаш кылып!
Ээрчитип чыкты айылдан,

www.bizdin.kg

Эр Семетей баатырды,
Ант урган чоро аздырып!
«Каныкей тилин албадык,
Бастырып чыктык айылдан,
Төлгө ташка баралык». –
Деп, ойлонуп Семетей,
Төлгө таштын астына,
Жетип келди бастырып,
Ушу жаккы белеске,
Салып чыгып келди дейт.
Арча тору буудандай,
Секирип түшүп Семетей,
Эрлиги артык түгөнгүр,
Кара ташты көнөктөй,
Көзүнө илбей кенедей,
Аткый карман батмандап,
Кара ташты көтөрдү,
Көтөрүлбөй кара таш,
Күч келгенде жөтөлдү!
Намыс кылды чорого,
Күчүм жетпей ошого,
Деп, артына кайтарга,
Чапанын чечип ыргытып,
Кайрат кылып ошондо.
Дагы ташты кармады,
Көтөрө албай калганы.
Үзүлө турган өңдөнүп,
Козголбой жерде таш калды
Бар кайратын күч кылган,
Күч кылбаса не кылган?
Бөлөк-бөлөк кызыл кан,
Мурдунан жерге тамганы.
Артык туулган Гүлчоро,
Муну көрө калганы:
«Мен көтөрөм, аба», - деп,
Атынан түшүп чурады.
Кыймылдап кылча былк этпей,
Гүлчоро туруп калганы.
Кайта-кайта күч алып,
Кара ташка кол салып.
Ар канча кайрат кылса да,
Жерден үзө албады!
«Болбодуңар, силер» -деп,
Канчоро басып барганы!
Эки колун тең салбай,
Бир колу менен кармады.
Алмадай болуп, кара таш,
Ыраакка учуп барганы...
«Төлгө, аба, келди - деп,
Ээрчиген кишиң менмин-деп,
Сен албасаң мен алдым,

www.bizdin.kg

Мага болгон жакшылык,
Меники эмес сеники.
Өзүмө келген жакшылык,
Мага эле эмес Гүлүскө,
Жүргүлө, баатырлар,
Жетели эрте күмбөзгө!» -
Деп, ошентип Канчоро,
Буйдалбай атка минди эле.
«Барбаймын»-деп айта албай,
Баланын көөнүн кайтарбай,
Бастырып кетти Семетей:
«Ылдамыраак желели,
Атага арнап, мал мууздап,
Эртерээк кайта келели». -
Деп, ошентип Семетей,
Атка камчы басты, дейт,
Алдыңдагы белестен,
Эңишти карай ашты, дейт.
Буудандын баарын чуратып,
Артынан чанын чубалтып.
Күмбөзгө барды шамалдай,
Арнап алган малы бар,
Ак боз бээси дагы бар.
«Турбагыла,чоролор,
Ылдамыраак чалыңар!
Күн кеч кирип баратат,
Үйгө эрте барыңар.
Талаага жатпай келгин - деп,
Каныкей айткан кеби бар». -
Деп, ошентип балдарга,
Ашыктырды Семетей.
Ак боз бээсин алышып,
Айтамактап чалышып.
Атасынын күмбөзгө,
Куран окуп калышып.
Кемегесин каздырып,
Көмкөрмөлүү казанын,
Алып келип астырып.
Арам өлгөн Канчоро,
Алдап жүрүп, кас кылып.
Отту чындап жактырып,
Отту чындап жакканда,
Ошондо казан кайнады,
Бала жолборс Семетей,
Кайнаганын байкады.
Капкара болуп келбети,
Тешиги жок түбүндө,
Ал чүпүрөк калтадай,
Аңтарылып кеткени.
Анда Семең кеп айтат:
«Аскан мобу казанга,

www.bizdin.kg

Байкаганым айтамын.
Капкара болуп кайнады,
Аңтарылып бу казан,
Ичинде неме калбады.
Мындай түлөө курусун,
Жүргүлө, балдар, кайталы!»
Кобо албай Семең эндиреп,
Опкоолжуп жүрөк делбиреп.
Атасынын күмбөзгө,
Куран окуп дембелеп.
Канчоро турат туйгузбай,
От жаккан болуп энтелеп.
«Кудай урган, куу Кыйаз,
Келбей калган белем» - деп?
Ал аңгыча болбоду,
Асмандан мунар буу чыкты,
Үч-Кошойдун бөксөдөн,
Көк жаңырган чуу чыкты.
Айдама кошун, калың кол,
Жабалактап дуу чыкты.
Ал кошунду көргөндө,
Күнгүрөнүп Семетей,
«Каныкей айткан сөз келди,
Ажал,өлүм тез келди,
Көрдүңөрбү» - деди эле? –
Кайгырган болуп Канчоро,
Кастыгы бар, ит чоро.
«Булкунтуп тулпар минели,
Урушпай жүргөн жоо беле,
Сапырып, кырып иели?
Жолоочубу, болбосо,
Жообун алып билели!»
«Жакын экен болжолу,
Таанымал турат колдору.
Жедигердин эли -деп,
Хан Кыйаз мында келди» - деп,
Гүлүстөн айтып жиберди.
«Атты алгыла, балдар, - деп,
Бачымыраак болгула,
Атыңарга мингиле!
Алдынан тосуп баргыла,
Айанбай уруш салгыла!» -
Гүлчоро шашып жүгүрүп,
Суркойонду кармады.
Кармаса да Гүлчоро,
Үмүт үзүп жанынан,
Өзү чочуп калганы.
Аңгычакты Канчоро,
Камынтпай айта салганы:
«Канчалык айтты Каныкей,
Карынын кебин албадык.

www.bizdin.kg

Келип калды кошун - деп,
Кейип неге зарладык?
Төлгө ташка биз бардык,
Ажыдаардай абакем,
Гүлүстөн төрө Гүлчоро,
Көтөрө албай калдыңар
Төлгө ташты көтөрсөм,
Өзүңөр карап калдыңар.
Кылбагыла күмөндү,
Мен саламын дүмөктү.
Мындан мурун көп жүрдүк,
Дабан аштык, суу кечтик,
Суу ордуна кан ичтик.
Кошун кырдык, кол кырдык,
Ок аткан жоо болбосо,
Койбой баарын биз кырдык.
Бүгүн беш күн боло элек,
Мен чалгынга баргалы.
Бул башкача бир шумдук!
Мындан мурун, абаке,
Буурул атты бербедиң,
Булкунтуп бир күн минбедим.
Мингизбей жүрүп атыңды,
Үмүтөйдүн кунуна,
Тайежеңе бергенин!
Буурул аттын барында.
Мен буулантып жоого кирбедим.
Каралат өлдү, ок тийип,
Ошондон бери жөө жүрөм,
Гүлчорочо көрбөдүң.
Гүлчоро атын көп минди,
Буулумуңду бул кийди.
Буруштуу нечен душманга,
Муңдуу күн салып бул тийди.
Бүгүн кезек келген, бейм,
Багым менин билдиңби?
Төлгө ташты мен алдым,
Көтөрө албай сен калдың.
Байкабай жүрдүң, абаке,
Бир кишиче балбанмын!
Суркойонду бергиниң,
Суурултуп жоого тийейин.
Сырнайзаңды бергиниң,
Сундурун колго илейин.
Аккелтеңди бере кой,
Асынып аны көрөйүн,
Ак албарсын байланып,
Алышуучу жоо болсо,
Айдап койдой бөлөйүн!
Ишим ондой тургансыйт,
Кырбай кантип тынайын?

www.bizdin.kg

Көрүп тургун, абаке,
Бүгүн кайрат кылайын!
Жоону сайсам мен сайсам,
Оорагы калат өзүңө,
Кулак сал менин сөзүмө.
Бала кезден бер жакка,
Алпештеп жүрүп сен бактын,
Кыйындык кылып ар жайда,
Кызматы менен Гүлчоро,
Кыйалы менен бул жакты.
Жакшыраак кызмат кылалбай
Жабыгып келем бул кезге.
Жайы болду ушундай,
Бүгүн берчи кезекти,
Мен кылайын кызматты!» -
Деп, ошентип Канчоро,
Абасына муну айтты.
«Минсең, чором, ат мына,
Арман кылба, сен анча.
Бүгүн ишиң оң турат,
Алсаң мына Сырнайза.
Айбалтанды чың карма,
Сен да өзүнчө баатырсың,
Айалуу жаның капырсың.
Ат, тонуң баары тел болду,
Асты айанып тартынба!»
Семетей кезек бергенде,
Кезек колго тийгенде,
Суркойонго мингенде,
Сырнайзаны илгенде,
Чоң балтаны колго алып,
Ак албарсты байланып,
«Кош! Эмесе, аба» - деп, -
Бура тарта бергенде,
Бурула тартып кеп айтат,
Анык ички сырды айтат:
«Эми жеттим, Семетей,
Суркойон сындуу бууданга.
Кошулуп кетем, Семетей,
Эми хан Кыйаздай тууганга!
Жансыз киши жиберип,
Жайынан муну чакырдым.
Жайлоодон кайра жанарда,
Чалгынчы болуп мен бардым.
Как ошондо достошуп,
Кучакташып жангамын.
Күмбөздөн кармап берем - деп,
Коп убада кылгамын.
Антымды эми актадым,
Аркалап жүрүп Семетей,
Сенин эч айыңды таппадым.

www.bizdin.kg

Кабыл кылбай сен койдун,
Каныкейдин айтканын.
Ажалың сенин жеттиби,
Эми амалың кеттиби?!
Азыркы нөөмөт меники,
Арка кылган Гүлчоро,
Болгонуң каруу көрөйүн,
Көрүнөө башын кесейин,
Мурадыма жетейин.
Хандык такка минейин,
Алтын таажы кийейин.
Калың кара кыргызды.
Хан болуп мен билейин!
Чачыкейди албасам,
Бооз катының Айчүрөк,
Канжарлап кардын жарбасам.
Сары ханды жайласам,
Бакайды малчы кылбасам.
Каныкейди куң кылып,
Канчоро болбой калайын,
Куйутту минтип салбасам!» -
Деп, ошентип Канчоро,
Бастырып жөнөй берди ошо!
«Ант урган, чоро, мейлиң - деп,
Айтканыңды кылгын -деп!
Каралыгың сеники,
Кадимтен бери бардыр - деп!
Буруп, бузук кеп кылып,
Буурул аттан айырдын.
Суркойонду дагы алдың,
Жоо жарагым дагы алдың.
Жайсыз жерде жайладын,
Капарда жок алдадың,
Жазылбай калды арманым!
Кызыталак ант ургур,
Каныкейдин сүтү ургур!
Калың ногой тузу ургур!
Кандай кастык кыласьң,
Кара нээт Канчоро,
Эмчектешкен эгизиң,
Тууганың турса Гулчоро?!
Чачыкей албай куруп кал,
Кара жүз сени көрбөйүн,
Кара жолдо улуп кал!» -
Деп, ошентип эңдекей,
Туруп калды Семетей.
Желип кетти Канчоро,
Суркойон алда шалкылдап,
Сырнайза колдо жаркылдап,
Аккелте жондо жалтылдап.
Ашпай турат жедигер,

www.bizdin.kg

Ач кайкыдан жол чубап.
Хан Кыйаздын алдынан,
Канчоро желип дал чыгат:
«Кабылан Кыйаз, барсыңбы,
Калк башкарган хансыңбы?
Кулак салып угуп тур,
Өзүңө кылган арзымды.
Өгүнгү кылган убада,
Ошол сөздө барсыңбы?
Айтканымды мен кылдым,
Азелде кайрат сен кылдың.
Мен ыраазы, хан Кыйаз,
Белиме туура бел кылдым,
Ажыратып ат, тондон,
Семетей менен чоросун,
Баары жактан кем кылдым!
Семетей калды эндекей,
Олпоктон башка кийни жок,
Ок атарга келте жок.
Оңдоп чабар балта жок,
Сундуруп кирер найза жок.
Суудай каны төгүлүп,
Акпай турган айла жок.
Аты менен жарагын,
Алдап алдым каруу жок!»
Канчоро айтса мындай кеп,
Канчоро айтса мындай кеп,
Хан Кыйаз анда мындай дейт:
“Эр Канчоро, жолборсум,
Ишиңди кудай оңдосун.
Кыйыгына тийбейли,
Кыраан Семең жолборстун.
Беттешип теги кирбейли,
Белсенишип жүрбөйлү,
Атасы айкөл Манастын
Арбагына калбайлы,
Тил алсаң баатыр барбайлы
Биз астына баралы,
Жайа салып, кеп айтып,
Жарашып алып, жаналы!
Атасы Манас шер эле,
Ага кишикатылса,
Жакшы болбойт - деди эле
Жиберип киши кат жаздың,
Сенин сөзүң кыйалбай,
Айдап кошун, мен тарттым
Убара болсом мен болдум,
Кой Канчоро жолборсум!
Өзү өткүр неме эле,
Кашкайа туулган эр эле
Кара кыргыз, казакка,

www.bizdin.kg

Кайда болсо бел эле
Калың элге катышпай,
Семетейден корккондон,
Калмактар жүрчү кеп эле.
Аркасында Семеңдин,
Жыргап жаткан эл эле!
Туулган адам өлбөйбү,
Акыретти көрбөйбү?
Ар кандай  ажал жазылса,
Как ошондой өлбөйбү?
Атам Толтой үйдө өлбөй,
Арстангакатышып,
Өлсө, чоро өлгөндүр.
Бешэнеде бүткөнүн,
Өз кезинде көргөндүр
Барбайлы, баатыр, тил алсаң,
Жакшы сыйлап, сөз кылып,
Жарашалы кеп уксаң.
Биз тууган болуп Семеңе,
Баатыр туулган немеңе.
Жанышалы тил алсаң,
Мен барбаймын дегеле,
Мейлиң, баатыр, сен барсаң!
Кылычты кармап чаппаймын,
Кыраан баатыр Семетей,
Атасы айкел Манастын,
Арбагынан жазгандым!
Бакай абам карыбыз,
Ал кишиге балабыз,
Ушу турган баарыбыз!
Сары хан сардар карыйа,
Калыстык кылды баарыга.
Ал абалды айталы,
Жашырбастан аларга.
Же болбосо Канчоро,
Сунуп барган мойунду,
Сууруган кылыч кесчү эмес.
Өзүбүз түшүп баралы,
Өткүр эрдин алдына!»
Кыйаздын кебин укканда,
Жедигер эли чуркурап:
«Баракелди, баатырга,
Бек куралган акылга.
Бели катуу эр эле,
Бизге тийген капырга.
Чын айтасың, хан Кыйаз,
Семетейге катылба!
Көпчүлүк болуп баралы,
Көөнүн анын алалы!
Канчоро ката кылды - деп,
Хан Семетей баатырдан,

www.bizdin.kg

Канын сурап алалы!
Баракелди, хан Кыйаз,
Баатыр, кебин жарады.
Барбайлы», - деп баарысы, -
Бата кылып ийишке,
Кол көтөрүп калышты.
Каарданып Канчоро,
Ошондо кетип намысы:
«Атаңдын көрү, ит Кыйаз,
Адам болбой, кет Кыйаз!
Бул кебиңди, ит уксун,
Ит укпаса, ким уксун?!
Карарган кара түн уксун,
Кайнаган кек, ант урсун.
Семетейди көргөндө,
Айбатынан коркупсуң!
Мындай келбейт кыйамы,
Башынан тартып Семетей,
Баарыга салган зыйанды!
Тартынбастан баралы,
Кылычтап башын алалы!
Канына анын агылган,
Кара жерди жуурултуп,
Канып кумар жаналы!
Өлүп калган Манастын,
Арбагынан коркосуң.
Азыр турган жаныңда,
Менден кандай коркпойсуң?!
Хан Кыйаз, сени баш кылып,
Жедигерди кырбасын.
Жетисуу толгон элиңди,
Кырып салып тынбасын.
Өзүң алгын антыңды,
Ок өбүшкөн шартыңды!» -
Деп, ошентип Канчоро,
Ачууланып айкырып,
Ызырынып, шашылып.
Ирмеп көзү ачылып,
Ичи куйуп ачынып.
Кылычын кармап жалаңдап,
Кырмакчы болду качырып:
«Кырып ийип, баарыңды,
Суудай төгүп каныңды.
Мойнуңдан байлап барбасам.
Ойногон экен мени -деп,
Ойлонтуп аны салбасам,
Адам болбой кетейин,
Айтканыма жетейин!
А көрөкту, хан Кыйаз,
Айдап колуң баштагын.
Абданыраак акыл го,

www.bizdin.kg

Семетейди жастагын!
Кайратың качып не болдуң
Намысың кайда жоготтуң?!
Хан болдуң араң бир жылы,
Касиет конуп оңолдуң!”-
Деп, ошентип күркүрөп,
Канчорону көргөндө,
Жедигер эли дүркүрөп.
Кылычтап баарьн айдады,
Хан Кыйаз болуп жардамчы.
Белестен ашып алганы,
Берен туулган Семеңдин,
Үстүнө басып барганы.
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргарып.
Ичи ачынып Семетей,
Арча тору бууданга,
Ыргып минип албайып.
Камчысы бар колунда,
Жарагы жок бойунда.
Жараксыз өзү турса да,
Жалтаныш жок ойунда.
Качырып барып Канчоро,
Капталга найза салганы.
Канкоруң кармап калаарда
Кайра тартып алганы.
Жандап өтө берерде,
Этегинен кармарда.
Колу жетпей калганы,
Арча тору бууданы,
Баспай туруп алганы.
Кыйа тартып өтөрдө,
Камчы менен бир салды.
Кара нээт Канчоро,
Суркойондон жыгылып,
Түшүп кала тас калды.
Ал аңгыча эр Кыйаз,
Айбалтаны бек кармап,
Качырып барып Семеңди
Каңк эттире бир салды.
Илгери карай теминсе,
Баспай турат бууданы.
Аттын жайын көргөндө,
Семетей арман кылганы:
«Аргымак жыйдым, ат жыйдым,
Арча тору, сендейди,
Анык тулпар - деп - жыйдым,
Тай буурулча болбодуң.
Азамат жыйдым, эр жыйдым,
Ар кайдан жигит, мен жыйдым,
Гулчорочо болбодуң!

www.bizdin.kg

Башка ажал жеткенби,
Сыймыгым камып кеткенби?
Ээн талаада өлүгүм,
Кала турган кептенди!
Кар болбогон кайран баш,
Канчорого тепселдим.
Канчоронун айынан,
Тай буурулду мен бердим.
Суркойонду алдагы,
Түшүп бүгүн нээ бердим?!
Сурады - деп,- саткынга,
Калтырбай жарак бут бердим.
Кем-керчи жок бут кылып,
Канчорого куч бердим.
Куп болду бул иш мага - деп,
Өз башыма мейли эле,
Мени-деп,- жүрүп бул өлсө,
Гүлчорого убал» -деп. –
Өзүн койуп Семетей,
Гүлүстөнгө кайгы жеп.
Күңгүрөнүп турганда,
Күүлөнүп алган Канчоро,
Күжүлдөп дагы ал келет.
Эси оогандай эндиреп,
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Сөзүн таппай темтиреп:
«Э, кагылайын, Канчоро,
Кайраты толук, эр чоро,
Экөөбүз бирге тууштук,
Жылкыны бирге кууштук.
Жакшы, жаман ар иште,
Белди бекем бууштук.
Чалгынды чалсак, бир чалдык,
Чалышкан жоого бир бардык.
Адалды жесек, бир жедик,
Арамды жесек, тек жедик.
Семетейдин артынан,
Бала кезден сенделдик.
Семетей багып, алпештеп,
Сен экөөбүз эр жеттик.
Жакшылык менен жамандык,
Баарысына тең жеттик.
Куру калган жериң жок,
Катардан калып Канчоро,
Хан болуп элге тең келдик!» -
Гүлчоро турат кеп сүйлөп,
Башаламан кеп сүйлөп.
Айтарын билбей темтиреп,
«Баарыбызда тең, жазык,
Мен байкушта не жазык?
Биз, тууган элек бирге өскөн

www.bizdin.kg

Жетимдикте тең өскөн.
Сен экөөбүз өңдөнүп,
Жерде барбы бир өскөн?!
Өзүңдү өзүң зордобо,
Өз сөөгүңдү кордобо.
Семетейге теңелтип,
Койбогун мени сенделтип.
Жат душманга теделтип,
Таштап мени тепселтип.
Кар кылбагын, Канчоро,
Калган элге эңкейтип!»
- Деп, ошентип Гүлчоро,
Сөөнүп сөзүн айтканда,
Ачуусу келип Канчоро:
«Укпаймын, Гүлүс, сөзүңдү,
Көрбөймүн сенин жүзүңдү.
Сойомун сенин өзүңдү,
Сойомун сенин көзүңдү!
Кандай кылсам эрким бар,
Бүгүн бийлик өзүмкү!»
- Бура тарта бергенде,
«Ант ургур айтсам болбодуң,
Жарагым жок, атым жок,
Капилет өлүп сойлодум!
Качантан бери туйгузбай,
Кар кылууну болжодуң?!
Асили сени, тугөнгүр,
Аман тирүү койбоймун!
Кадыр алла кудайдын,
Жазганына көнөрмүн.
Жаным тирүү болгондо,
Жазаңды сенин берермин!
Талашып эмдик башында,
Каныкейдин эмчегин.
Качантан бери күтүнүп,
Кан ичүүгө эңседиңн,?!
Өлбөй тирүү болгондо,
Жазанды сенин берермин.
Семетейдей беренди,
Гүлүстөндөй эренди,
Сойо алсаң мөрөйүң!
Кайра айланса кезегиң,
Капталган сенин шорундур.
Тушуп берип ат, тонду,
Таап алган шорум бул!
Кандай кылсаң, андай кыл,
Өлгүчө сени колдогон,
Хан Кыйаз болсо жөлөгүң!»
- Деп, ошентип Гүлчоро,
Күүгүмдөп козу тунарып,
Каарланып Канчоро,

www.bizdin.kg

Күчү күчкө уланып.
Найзасын алып колуна,
Жамандык жайлап бойуна.
Кылар ишин болжолдоп,
Ал Манастын тобуна,
Качырып кайра жетерде,
Хан Семетей баатырды,
Капталга койуп кетерде,
Кайгырбай да камыкпай,
Карап турат Семетей,
Калт этип коркуп элебей,
Көкжал туулган түгөнгүр,
Көрүнөө келген ажалды,
Бучкагына теңебей!
Качырып кирип келгенде:
«Кандай кылсаң, мейлиң - деп,
Канчоро, сенин жүзүңдү,
Мен көрбөйүн эми» - деп, -
Бура каран турду эле.
Уруп найза муштады,
Найзага канды чыктады.
Кайран баатыр Семеңдин,
Өпкө, боорун аралап,
Өтүп найза чыкпады.
Найзасын тартып алгыча,
Толтойдун уулу чоң Кыйаз,
Токтотпой бойун күүлөдү,
Уңгусу менен балтанын,
Айкөлдүн уулу Семеңди,
Чыкыйга тартып жиберди.
Кара оозунан кан кетип,
Кабылан кайран Семетей,
Кара жерге жалп этти!
Кара мүртөз Канчоро,
Айланып кайра жетерде,
Ач албарсты колго алып,
Арстандын башын кесерде,
Хан Кыйаз келип кармады:
«Койгун башын кеспегин.
Өлтурдук акыр канкорду,
Денинен башын айрыбай,
Башы менин койолу.
Бузбайлы мунун көркүн - деп,
Албайлы бойдун бөркүн» - деп,
Хан Кыйаз айтып болгунча,
Көйкөлө түшүп Семетей,
Коргошундай жылт этип,
Кайып болуп жоголду.
Караса көзгө көрүнбөй
Өлгөндүгү билинбей.
Семетейдин өлүгү,

www.bizdin.kg

Кай кеткенин биле албай,
Казып көргө көмө албай,
Кан ичме жинди утургур,
Канчоро калды туралбай.
Кылычын кармап колуна,
Гүлчорого жүгүрдү,
«Өлтүрөм» - деп уйалбай!
Тоодой болгон хан Кыйаз,
Чылбырынан кармады
«Койгун, баатыр, болду - деп, -
Эр Кыйаз айтып калганы. -
Семетей өлдү бейажал,
Теңдешкени жок кылдың,
Эми сенде не арман?!
Гүлчородо жазык жок,
Өлтүрүп муну нетебиз?
Жөн койбой канкор арбагы,
Өзүбүз өлүп кетебиз.
Мен сурадым бергин – деп,
Ошол үчүн алдыңдан,
Өзүм тосуп келдим» - деп,
Хан Кыйаз айтып ийди эле.
«Болбогон, Кыйаз, ишиңди,
Укпаймын сенин кебиңди.
Калкалайсын канат жаап,
Каныңды төкчү кишиңди!
Кабылан өзү сойбогон,
Хан Толтойду баш кылып,
Эрибес боорун таш кылып,
Өз колу менен Гүлчоро,
Ошонун баарын оңдогон.
Муну тирүү койгондо,
Оң, болбойсуң түбүндө.
Тойгузат сени акыры,
Тирүүлүктө бул күнгө!
Сойбой болбойт муну»-дөө,
Сундуруп найза жулкунуп
Өлтүрөм деп булкунуп.
Өрттөнгөн арча өңдөнүп,
Кара мүртөз Канчоро,
Карарып өңү бузулуп.
Шайы кетип Гүлчоро,
Кара тер бойдон сызылып.
Хан Кыйаз анда кеп айтат:
«Ой, Канчоро, - деп айтат!
Сураганым бир киши,
Айтканын, кылдым ар күнү.
Албай койсоң тилимди,
Көңүлүм ооруйт бир күнү!
Гүлчорону сойгуча,
Мени сойсоң болбойбу?

www.bizdin.kg

Теги жайын терип ук,
Келечегин ойлойлу.
Сурасам бербей койгонуң
Кошулуп сага нетемин,
Бербегениң, бир киши,
Кош, эмесе кетемин!
Тирүү киши бендеси,
Колу барар киши эмес.
Караса көзү жадырап,
Нур куйулуп өңүнөн
Ажары анын албырат.
Мунун көргөн ыраңын,
Суктанбастан тура албайт,
Бербей койсоң мага сен,
Кылдың анда чоң уйат!
Өлтүргүчө буга биз,
Көрүнө кордук салалы
Кечирин кесип алалы,
Куу далы кылып салалы,
Деп, ошентип хан Кыйаз,
Туруп алды, айла жок,
Гүлчоронун Канчоро,
Башын кесер чама жок.
Жедигердин көп эли,
Тегеректеп келишти.
Тебелешип калышты,
Гүлчоронун күч менен,
Колун байлап алышты.
Акыл кетип, эс кетип,
Кара бойдон шай кетип,
Оозу менен мурдунан,
Бөлөк-бөлөк кан кетип.
Кыймылдарга чама жок,
Тирүү, өлүүсү билинбей,
Түлкү бойдон жан кетип.
Кыймыл этпей, солк этпей,
Гүлчоро жатты былк этпей.
«Кокуй», - деп, айтып койгон жок,
Кылымда мындай болгон жок,
Терисин тилип сойушту,
Далысын алар ойушту.
Көнөктөй этин кескилеп,
Карга, кузгун тойушту.
Далысынын кечирин,
Таарып кесип алыптыр.
Шайы кетип шалдырап,
Гулчоро жатып калыптыр.
Гүлүстөндү караса,
Далысынын үстүндө,
Казандай кара калы бар.
Аркасында укмуштуу,

www.bizdin.kg

Айдар кара жалы бар.
Соорусунда карасаң,
Сонун иши дагы бар.
Теңдешип бенде чыкпайт - деп,
Тирүү арбак, машайык,
Колдоочусу Алмамбет,
Белги кылып сылаган,
Беш колунун тагы бар.
Бала жолборс Гүлүстөн,
Билсең, жайы мамындай.
Кечири кемик кесилип,
Жонунан аккан каны бар.
Көөдөндөн чыгып, кеткен жок,
Мыдырап кирпик жаны бар.
Хан Кыйазы баш болуп,
Канчоронун ант урган,
Эрибей боору таш болуп.
Тузу урат ко бир күнү,
Тууганына кас болуп.
Алмамбет уулу Гүлчоро,
Калды белем ушунда,
Канчородон пас болуп!
Жедигер эли камынып,
Атына минип жабылып.
Хан Кыйаз анда кеп айтат:
«Эй, Канчоро - деп айтат!
Айкөл Манас тукумун,
Канын ичип тойдук - деп.
Киши кылбас иш кылып,
Семетейдин кайратын,
Өз башына күч кылып,
Теңдик менен сойбодук.
Алдап алдык ат, тойун,
Амал менен оңдодук.
Козголбой турбайт, эт жүрөк,
Түбү жакшы болбодук!
Өлүгүн жерден ала албай,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Өкүрүп ыйлап, кеме албай,
Табалбай аны биз койдук.
Өлгөн жерге баралы,
Өлүгүн издеп табалы.
Табылып калса өлүгү,
Ногойду такыр жыйалы.
Көрүн терең каздырып,
Сый зыйнатын кылалы.
Өлүгүн мунун кектебей,
Ошентип көөмп тыналы!»
- Деп, ошентип хан Кыйаз,
Баштап алып барганы
Баарысы барып караса,

www.bizdin.kg

Канчоро, Кыйаз жанаша,
Өлүк тургай каны жок,
Басып кеткен изи жок.
Кайда анын кеткенин,
Билип калган киши жок.
Тирилип басып жүргөнүн,
Көрүп турган киши жок!
Акылы айран турушту,
Аттын башын бурушту.
Алдына тартып, чуу койуп
Белести ашып, дуу койуп,
Бастырып жөнөй берерде,
Гүлчоро башын көтөрдү.
Бүткөн бойдо дарман жок,
Кыймыл этер айла жок.
Тура калды айактап,
Шилтесе колу ирмелбей,
Эки колу шалактап.
«Тирүү койбой сойбой» - деп.
Канчоро турат далактап.
Күңгүрөнүп Гүлчоро,
Канчорого кеп айтат:
«Ант урган, чоро кордодуң,
Кордобой эмне койгонуң.
Семетей абам өлгөн жок,
Өлгөнүн бенде көргөн жок.
Кайыберен, кырк чилтен,
Алып кетти окшонот,
Ичкен тузга кас кылдың,
Как ушул мендей болорсуң,
Өлбөй жаным болгондо,
Акыры бир күн оңдормун.
Сен өңдүү мен иш кылбаймын,
Бастыргын ары, түгөнгүр,
Артты кудай оңдосун!»
- Деп, ошентип айтканда,
Ачуусу келип Канчоро,
Алы жок турган немени,
Жалпагы менен балтанын,
Далыдан ары чапканда,
Үстөмөндөп жыгылып,
Мурдуна топо тыгылып,
Оозунан каны куйулуп.
Коргонду көздөп, кол тартып,
Жедигер эли чубуруп.
Жазгы келген келгиндей,
Коргонду көздөй күйүлүп
Канчоро менен хан Кыйаз,
Кара шаар калаасын,
Калдайтып басып өттү эле.
Эл чогулган коргонун,

www.bizdin.kg

Кара кыргыз борборун,
Жалпайта басып өттү эле.
Сары хан көрүп шашты эле,
Акылды кайгы басты эле.
Атаңдын көрү дүйнө бок,
Куп турган колум жок.
Жайлоодо калды калың журт,
Жыйнап алар жолум жок!
Алыскы жерде эл калды,
Армандуу биздей эл барбы?!
Кужүрмөн туулган Гүлчоро,
Көрүнөө жаздым болгон, бейим?
Ант урган капыр Канчоро,
Канын ичип тойгон, бейим?
Арстандан калган жалгызды,
Ай баткандай кылган, бейим?
Ант урган ит Канчоро,
Аны жайлап тынган, бейим?
Эркине койбой айдактап,
Нээтинде ишин кылган, бейим?!
Не кыларын биле албай,
Казып жерге кире албай,
Басып элге бара албай,
Же чапкылап элин жыйа албай,
Кайрат кылып Сары хан,
Качырып кирди тура албай.
«Атаңдын көрү, Канчоро,
Адам болбой, кет, чоро,
Алдыңкы жерге, жет, чоро!
Чымын элең, дөө болдуң,
Чын дөөлөрдү өлтүрүп,
Хан Кыйазга бел болдуң!
Өзөктөн чыккан өрт болдуң,
Өздөн чыккан жат болдуң,
Канчоро бүгүн хан болдуң,
Кан ичип жолуң шар болдуң.!
Карансыз дүйнө шум жалган,
Башым жерге киргенче,
Тизем жерге тийгенче,
Тим эле кантип берем - деп,
Канкор Манас баатырдын,
Катын, бала бүлөөсүн,
Кармап турсам керээз - деп!» -
Сырнайзасын колго алып,
Сызып келет, Сары хан.
Кыйрын бузбай сулатып,
Кызып келет, Сары хан.
Антип-минтип турушуп,
Мылтык атып, чабышып,
Удаа он күн урушуп,
Өрүшүнө Коңдурбай,

www.bizdin.kg

Өрүүн берип Коңдурбай,
Далай салды кыргынды,
Беттешкенин соо кылбай.
Чыркыраган чоронун,
Чын айласы кетти эле.
Чапкан бойдон Канчоро,
Эр Кыйазга кетерде,
Сары хан туруп кеп айтат:
«Шашпагын, салбар - деп айтат.
Баатыр болсоң, Канчоро,
Бастырып чыккын жекеге.
Карыганда абаңды,
Семетейдин артынан,
Узатып ийгин Мекеге!
Кыйын болсоң, Канчоро,
Бөлүнүп чыккын жекеге,
Чогуудан чыккын чекеге.
Адамсынган ант ургур,
Татыймын өзүм жеке эле!»
- Деп, ошентип Сары хан,
Жан тура албай каарынан.
Качырып барып жетти эле,
Найзанын учу жетерде,
Капталга койуп кетерде,
Кыйын экен Суркойон,
Кыйа тартып жалт берип,
Коктудагы койондой,
Аркасынан кылт берип,
Уйалбастан Канчоро,
Өкүргөндөн бакырып,
Хан Кыйаздап чакырып,
Кыйазга жетип барды эле:
«Катыгүн, Кыйаз, болбоду,
Сары хан, элди оңдоду.
Сабын бузбай кыйратып,
Санаты жок сулатып,
Сойо жазды өзүмдү,
Сайа жазды кулатып.
Араң жеттим мен сага,
Алдымда атым чуратып!
Суркойон күлүк болбосо,
Сойуп койо жаздады.
Беттешкен менен соо койбойт,
Башкача уруш баштайлы.
Келе турган жолуна,
Ор каздырып таштайлы.
Ошол ордун ичине,
Өзүм кирип жатсам, бейим?
Атактуу мылтык Аккелте,
Как башына атсам, бейим
Сары дөөнү өлтүрүп,

www.bizdin.kg

Зардаптуу жүрөк бассам, бейим?!»
Ары жок чоро ант ургур,
Каныкейдин сүтү ургур,
Намысы жок кутургур.
Майданга орду каздырып.
Сарпоштоп устун жаптырып.
Аккелтеге ок салып,
Жолду тосуп жатты, бейим!
Ачуусу келип Сары дөө,
Каарланган бой менен,
Калтылдап кара жол менен.
«Канчоро менен Кыйазды,
Калың колдун ичинен,
Карман альт чыксам - деп,
Кардын жарып кылычтап,
Канжарлап башын алсам»
Бек ачуусу келиптир,
Бетинде орду көрбөстөн,
Салып кирип келиптир.
Сары хан келди жакындап,
Салып уруп закымдап.
Каздырган орду Канчоро,
Жаңыдан ойлоп акыл таап.
Билгизбей койгон Канчоро,
Антип-минтип устун жаап.
Аккелтеге ок салып,
Мелжеп карап жатыптыр.
Карыган Сары абаңды,
Как башына атыптыр!
Айактай бол гон коргошун,
Айабай башка мылк этип,
Жыгылды жерге Сары хан,
Минген аттан жалп этип.
Башынан агып кан кетип,
Боло албай өөдө шай кетип,
Бүдөөгө келбей жан кетип.
Сары ханды жайлады,
Антип-минтип ант ургур,
Айла менен алганы!
Сары абаң сапар кеткенде,
Салтанаттуу бул элдин,
Түбүнө чоро жеткенде.
Кабар кылар киши жок,
Тоодо жаткан элдерге.
Ордо баккан эрлерди,
Оорукта жаткан элдерди.
Хан Кыйаз менен Канчоро,
Бастырбай тосуп салыптыр,
Тушалып буту калыптыр.
Кайгынын кара булуту,
Канаттуу тулпар миниптир,

www.bizdin.kg

Кара нээт Канчоро,
Канжарлап элди кириптир.
Үч берен майып болгонун
Калган журт эми билиптир.
Кайгыга салып калганды,
Тишин чагып чанданды.
Көзүн ойуп таштаашты,
Күнөөсүз нечен жандарды!
Кирип алды Коргонго,
Ээ болду алтын ордого.
«Каран тун башка тушту - деп,
Кара кыргыз калкынан,
Таалайдын кушу учту – деп
Бул арам өлгөн Канчоро,
Арстандан калган бууданды,
Эмчектеш болгон тууганды,
Салылуу коргон дубалды,
Залкар тоодой буларды,
Салбар чоро кулатты!
Салтантаттуу эрендер,
Сарасы эле адамдын,
Сардары эле балбандын.
Сакасы эле чүкөнүн,
Аркар тил эле бүлөөнүн.
Өткүрү эле экөөнүн,
Оорутпас көөнүн бирөөнүн
Көркөмү эле тулпардын,
Кумпайы эле шумкардын
Бушманы эле душмандын,
Медери эле тууганды.
Азуулуу жолборс эр эле,
Куткарбаган кууганын!
Алп кара куш каары бар,
Беттешкен жоого ажыдаар
Бели катуу эрлерди,
Кайда алпарып сойгондур?
Канчоро капыр ант ургур,
Каныкейдин сүтү ургур,
Ата кыргыз тузу ургур!
Ач албарс жанга идиптир,
Сырнайза колго алыптыр.
Жедигердин Кыйазын,
Баштап келип капкайдан,
Сыр коргонго киргизди,
Арамдыгын билгизди!
Семетейден айрылдык,
Учарга чалгын бизде жок,
Канат сынып кайрылдык.
Мына минтип кайран журт,
Каадасыз итке зарылдык!
Бүрдөгөн терек эл элек,

www.bizdin.kg

Шагыбыз бүгүн кубарды.
Ырысты жедик кыргыздар,
Тамыр түптөн кыркылды!
Арстандардан ажырап,
Калама арык кулады,
Суу акпай какшып куурады!
Көпүрөө сынып бүктөлдү,
Чымын жанга күч келди.
Кеттиңби, Талас, өрттөнүп,
Арстан Семей баатырдан,
Айрылдык арман шум жалган
Касиеттүү хан Бакай,
Адамдын эле асылы,
Жок жерден тапкан акылды.
Канкордун эле ардагы,
Артык эле арбагы,
Кыргыздын эле чарбагы.
Арам өлгөн бул доңуз,
Арбактуу эрге катышпай,
Аман койо турарбы?
Өлбөй турса хан Бакай,
Бир арга элге кыларбы?
Каракан кызы Каныкей,
Катындан чыккан уз эле,
Камка тондун тышы эле,
Ак калпак элге эне эле,
Ак олпок тонго жең эле,
Түркүктөй элге бел эле,
Акылдын чыккан кени эле,
Сүт урган көркоо Канчоро,
Эмчегин эмген дээр эле,
Кадырын суттун кыларбы?
Канышты койое турарбы?!
Асманда учса куу эле,
Адамдан чыккан сулуу эле,
Ак шумкардын тууру эле,
Алп Семетей жубу эле,
Адамзаттын нуру эле.
Кудайдын сүйгөн бендеси,
Акун хандын эркеси,
Аламын деп айта албас,
Ал Канчоро эмес теңдеши.
Көрүп жүрсөң эрте-кеч,
Көркү эле кыргыздын,
Чүрөктү койо турарбы?
Же айланып учуп Айчүрөк,
Бир айла элге кыларбы?
Же тууган балам болбосо,
Карап жүрөм кимге - деп,
Калган кыргыз мейли - деп,
Акун хандын шаарына,

www.bizdin.kg

Учуп кетип тынарбы?!
Бул түгөнгөн Канчоро,
Каары катуу зор Кыйаз,
Хан Бакайдай карыга,
Кастарлуу Гүлүс эренге,
Каныкейдей энеге,
Кадырлуу Чүрөк жеңеге,
Короолош коңшу болгонду,
Кырып салып тынарбы?
Ак калпак кыргыз бул элди,
Мындай кудай урарбы?!
Ээси жок калып чоң Талас,
Томсоруп топо турарбы?!
Ушунчалык көп элдин,
Төбөңдөн тийген чорого,
Бир куну жетер убалы!»
орукта калган элдердин,
Ушул болду убайы.
Өңүндө кызыл каны жок,
Оорубай туруп мунайды
Кең Таласын ошондо,
Кейпи кетип кубарды!
Сары абамдын байбиче,
Уулбийке энеге,
Өлүп калды журтунда,
Көрө салып Канчоро,
Жарып салды журтуна!
Кестирип кечир кокустан,
Майып болгон окустан,
Арманда калган Гүлчоро,
Далыдан ысык каны акты.
Карды тойбой кара жер,
Шимирип соруп бул жатты.
Кансырап кайран кабылан,
Көөдөндөн чыкпай жан жатты.
Заркырап улуп тоо жели,
Саткынды каргап каар чачты.
Коңур күз болбой жалбырак,
Сабалып түшүп жер жапты!
Гүлчоро башын көтөрдү,
Курс дедире жөтөлдү.
Жаралуу болгон жолборсту,
Кара жер араң көтөрдү.
Коргонго көзүн салса да,
Козголор шайы жетпеди.
Муңканып карап турганда,
Канчоронун иттери,
Капыстан чыга келгени,
Байлап алып кеткени.
Эт жүрөктү эзгени,
Түпкө такыр жеткени

www.bizdin.kg

Муну мындай таштайлы,
Семетейдин тукуму,
Сейтектен кепти баштайлы.

**Басмага даярдаган :**
**М.ЭРГИ**